26.8(2-Кы)/Кыр
К 97

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ



УДК 911
ББК 26.8
К 97

К 97 КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ: Окуу китеби /Башкы ред. Ү. Асанов; Ред. кеңеш Ө. Бараталиев (төрага) ж. б. - Б.: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору. – 2010. - 320 б.

ISBN 978-9967-14-080-6

“Кыргызстандын географиясы” окуу китебинде республиканын табияты, кен байлыктары, геоэкологиялык абалы, рекреациялык ресурстары, коргоого алынган аймактары, калкы, экономикасы, облустары, райондору камтылган.

К 1805010000-10
ISBN 978-9967-14-080-6

УДК 911
ББК 26.8

© Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2010

# МАЗМУНУ


**БАШ СӨЗ** . . . 6
**КЫРГЫЗСТАН ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ** . 7
**ТАБИЯТЫ** . . . 9
**Географиялык изилдөөлөр** . . . 9
**Орографиясы жана рельефи** . . . 17
**Геологиялык түзүлүшү жана кен байлыктары** . . . 25
**Климаты** . . . 30
**Суулары** . . . 33
**Топурагы** . . . 41
**Өсүмдүктөрү** . . . 49
**Жаныбарлары** . . . 57
**Ландшафттары** . . . 60
**Физикалык-географиялык райондоштуруу** . . . 68
**Геоэкологиялык абалы** . . . 78
**Айлана-чөйрөнүн абалы жана аларды коргоо** . . . 81
**Рекреациялык ресурстары** . . . 83
**КАЛКЫ** . . . 88
**ЭКОНОМИКАСЫ** . . . 95
**Жалпы маалымат** . . . 95
**Өнөр жайы** . . . 97
**Айыл чарбасы** . . . 112
**Аары чарбасы** . . . 125
**Балык чарбасы** . . . 126
**Суу чарбасы** . . . 127
**Токой чарбасы** . . . 129
**Туризм** . . . 131
**Курулуш** . . . 135
**Транспорту жана байланышы** . . . 136
**Соода, коомдук тамактануу** . . . 143
**Турмуш-тиричилик жактан тейлөө** . . . 144
**Турак жай жана коммуналык чарбасы** . . . 147
**Финансы жана кредит чөйрөсү** . . . 149
**Тышкы экономикалык байланышы** . . . 158
**Эркин экономикалык аймактар (ЭЭА)** . . . 163
**Социалдык саясаты** . . . 164
**БОРБОР, ОБЛУСТАР ЖАНА РАЙОНДОР**
**Бишкек – Кыргызстандын борбору** . . . 170
**Баткен облусу** . . . 177
**Баткен району** . . . 185
**Кадамжай району** . . . 187
**Лейлек району** . . . 190
**Жалал-Абад облусу** . . . 193
**Аксы району** . . . 200
**Ала-Бука району** . . . 202
**Базар-Коргон району** . . . 205
**Ноокен району** . . . 209
**Сузак району** . . . 212
**Тогуз-Торо району** . . . 216
**Токтогул району** . . . 218
**Чаткал району** . . . 220
**Нарын облусу** . . . 223
**Ак-Талаа району** . . . 227
**Ат-Башы району** . . . 228
**Жумгал району** . . . 230
**Кочкор району** . . . 232
**Нарын району** . . . 234
**Ош облусу** . . . 237
**Алай району** . . . 242
**Араван району** . . . 245
**Кара-Кулжа району** . . . 247
**Кара-Суу району** . . . 249
**Ноокат району** . . . 252
**Өзгөн району** . . . 255
**Чоң Алай району** . . . 258
**Талас облусу** . . . 261
**Бакай-Ата району** . . . 266
**Кара-Буура району** . . . 267
**Манас району** . . . 269
**Талас району** . . . 271
**Чүй облусу** . . . 273
**Аламүдүн району** . . . 278
**Жайыл району** . . . 280
**Кант району** . . . 282
**Кемин району** . . . 283
**Москва району** . . . 285
**Панфилов району** . . . 287
**Сокулук району** . . . 288
**Чүй району** . . . 291
**Ысык-Ата району** . . . 293
**Ысык-Көл облусу** . . . 296
**Ак-Суу району** . . . 302
**Жети-Өгүз району** . . . 304
**Тоң району** . . . 307
**Түп району** . . . 309
**Ысык-Көл району** . . . 311
**Кыргызстан жөнүндө эң негизги маалыматтар** . . . 314

# БАШ СӨЗ

Бул китеп 2004-жылы жарык көргөн "Кыргызстандын географиясы" энциклопедиялык окуу китебинин кыскартылган экинчи басылышы. Бул эмгектин негизги өзгөчөлүгү жалпы окурмандарга кол китеп, ал эми студент, окутуучу, мугалимдер үчүн окуу китеп боло алгандыгында. Анткени андагы макалалар маалыматты көп камтып, жөнөкөй тил менен кыска, так жазылып, окуу китебинин негизги принциби – тема боюнча мүнөздөө ыкмасы пайдаланылган.

Китеп негизинен 5 бөлүктөн турат: табияты, экономикасы, рекреациялык ресурстары, геоэкологиялык абалы (а. и. коргоого алынган аймактары), экономикасы.

Биринчи бөлүгүндө республиканын табияты физикалык-географиялык компоненттер боюнча мүнөздөлдү. Табияты Кыргызстандын аймагын географиялык изилдөө тарыхынан башталат. Анда эң байыркы замандан ушул күнгө чейинки изилдөөлөр, республиканын географиясынын өнүгүү жолу камтылган. Кыргызстан жеринин түзүлүшү, геологиялык өнүгүү тарыхы, кен байлыктары, климаттык өзгөчөлүктөрү, агын суу, көл, мөңгүлөрү, топурак-өсүмдүктөрү кеңири мүнөздөлгөн.

Мында республиканын экономикасына кеңири орун берилген. Анда Кыргызстандын өнөр жай, айыл чарба, финансы тармактары, сырткы жана ички соодасы, транспорту ж. б. жаңы маалыматтар менен кеңири мүнөздөлгөн. Республиканын экономикасын сан менен чагылдырган макала ичиндеги көптөгөн таблицалар китептин маалымдуулугун дагы арттырат.

Административдик-аймактын бөлүнүшүндө Кыргызстандын облустарына комплекстүү (табиятына, чарбасына, социалдык абалына) мүнөздөмө берилет. Облустар жөнүндөгү макалалардан кийин, аларга караган ар бир административдик район мүнөздөлөт. Ал эми Кыргызстандын бардык айыл-кыштактары райондор жөнүндөгү макалалардын ичинде таблица түрүндө камтылып, анда кыштактар жөнүндөгү негизги маалыматтар – ар бир кыштактын административдик баш ийүүсү, негизделген жылдары (аныкталгандары), калкынын саны, райондун борборунан ж-а темир жол бекетинен алыстыктары көрсөтүлгөн.

Кыргызстандын геоэкологиялык абалын жана анын рекреациялык ресурстары кеңири чагылдырды.

Мында тематикалык бөлүмдөрдү коштогон алфабиттик тартиптеги энциклопедиялык макалалар алынып салынды; мисалы, рельефти коштогон тоо, өрөөн, чоку, ашуулар, геологиялык түзүлүштүн кен байлыктары, суулардын агын суу, көл, мөңгүлөрү, облус, райондордун шаар, шаарчалары өз алдынча макала катары берилген жок. Көлөмдүн чамасына жараша рекреациялык, экологиялык обьектилер, жергиликтүү географиялык терминдер ж.б. маалыматтар берилген жок.

Китептин маалымдуулугун арттыруу үчүн ар бир административдик райондун, ошондой эле ири тоолор менен өрөөндөрдүн карта–схемалары, макала ичиндеги көптөгөн таблицалар берилди.

"Кыргызстандын географиясын" даярдоодо негизинен "Кыргыз жергеси" (1990), ошондой эле "Кыргыз ССРи" (1983), "Кыргызстан" (2001), "Манас" (1995) энциклопедияларынын, "География" түшүндүрмө сөздүгүнүн (2003) материалдары, башка илимий эмгектер, республиканын статистикалык агенттигинен, жер-жерлерден ж. б. мекемеуюмдардан алынган маалыматтар пайдаланылды.

# КЫРГЫЗСТАН ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргызстан – өз алдынча эгемендүү мамлекет (1991-жылдын 31-августунан). Көз карандысыз Республиканын конституциясы 1993-ж. 5-майда кабыл алынган. Кыргызстан Борбордук Азиянын ортоңку бөлүгүнөн орун алып, негизинен Теңиртоонун аймагында жайгашкан.Түндүк чети түн. кеңдиктин 43°16, түштүгү 39°14',батыш чети чыгыш узундуктун 69°15', чыгышы 80°18'сында жатат.Түндүгүнөн ж-а түн.-чыгышынан Казакстан, чыгышынан ж-а түн.-чыгышынан Кытай, түштүгүнөн ж-а түш.-батышынан Тажикстан, батышынан Өзбекстан м-н чектешет. Аймагы батыштан чыгышка 925 *км*ге, түндүктөн түштүккө 454 *км*ге созулат; чегарасынын жалпы узундугу 4508 *км*.

Кыргызстан бийик тоолуу өлкө; негизинен Теңиртоо системасынын батыш бөлүгүн, о. эле Памир — Алайдын түн.тармактарын ээлейт. Жеринин бетин кеңдик багытта бирибирине жарыш созулуп жаткан бийик кырка тоолор ж-а аларды бөлүп турган ойдуң, өрөөндөр ээлейт.Республиканын аймагынын 94,2 %и дениз деңгээлинен 1000 *м*ден бийик жатат. Деңиз деңгээлинен орт. бийиктиги 2750 *м*, эң бийик 7439 *м* (Жеңиш чокусу, Какшаал тоо тизмегинде), эң жапыз жери 401 *м* (Лейлек р-нун аймагында). Жалпысынан чыгыштан (4500–5000 *м*ден) батышты карай (3500–4000 *м* бийиктикке чейин) жапыздайт. Климаты негизинен континенттик; бийиктик алкактуулукка жараша өзгөрөт. Басымдуу бөлүгү мелүүн, түштүгү субтропиктик алкактарда жатат. Абанын жылдык орт. температурасы өрөөндөрдө 10–13°Сден бийик тоолордо – 7°... – 8°Сге чейин. Эң ысык жери Чүй өрөөнүнүн түн. чет-жакасы, анда абанын температурасы 44°Сге чейин көтөрүлөт, эң суук жери Ак-Сай өрөөнү, –54°Сге чейин суук болот. Жаан-чачын эң мол жааган жери – Фергана тоо-тиз-мегинин түш.-батыш капталы, жылына 1500–2000 *мм*ге чейин, эң аз жааган жери Ысык-Көл өрөөнүнүн батыш чети (Балыкчы) – 140–150 *мм*. Кыргызстандын аймагында өлчөмү 0,1 *км²*ден ашкан 6516 мөңгү бар; алардын жалпы аянты 8047,8 *км²*. Ири мөңгүлөрү: Түш. Эңилчек (Кан-Теңири тоо тоомунда; уз. 58,9 *км*; аянты 613,2 *км²*),Түн. Эңилчек (34,8 *км*; 202,9 *км²*), Кайыңды (25,8 *км*, 107,5 *км²*) ж.б. Ири дарыялары: Нарын, Кара-Дарыя, Сары-Жаз, Чаткал. Чүй ж.б. Көлдөрү негизинен тектоникалык кыймылдан, о.эле бөгөттөн пайда болгон; ирилери: Ысык-Көл (бетинин аянты 6236 *км²*), Соңкөл (270 *км²*), Чатыркөл (153,5 *км²*), Сары-Челек (4,9 *км²*) ж.б. Ландшафты бийиктик зоналуулук б-ча өзгөрөт; жалпысынан 7 бийиктик зонага бөлүнөт: тоо этеги-түздүктүү чөл, түздүк-тоо этегиндеги жарым чөл, тоо этеги-жапыз тоолуу кургак талаа ж-а талаа, орто бийиктиктеги тоо-токой-шалбаалуу талаа, бийик тоолуу шалбаа ж-а шалбаалуу талаа, бийик тоолуу сырт, гляциалдык-нивалдык.

Кыргызстандын аянты 199,9 миң *км²*. Калкы 5107,7 миң (2010-ж.), анын ичинде түпкү калкы – кыргыздар 3804,4 миң (2009). Кыргызстандын бардык калкынын ичинен шаар тургундары 1802,9 мин (же 35,3% и), элет калкы 3330,8 миң (64,7%и).

Кыргызстан көп улуттуу унитардык мамлекет. Админ.-аймактык жактан Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас, Чүй, Ысык-Көл облустарына бөлүнөт. Ар бир облус өз ичинен райондорго ажырайт; жалпысынан республикада 40 айылдык админ. район, 25 шаар, 1834 кыштагы бар. Ал эми райондор өз кезегинде 440 айыл округуна бөлүнөт (к. таблицаны). Кыргыз Республикасынын борбору–Бишкек шаары. Ал Кыргыз Ала-Тоосунун түн. этегинде, Чүй өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө деңиз деңгээлинен 700–900 *м* бийиктикте жайгашкан. Бишкек – Борбордук Азиядагы ири шаарлардын бири ж-а Кыргызстандын эң чоң шаары. Аянты 15,7 миң *га*. Калкы 865,1 миң (2009-ж.). Шаар 4 админ.-аймактык бирдикке (районго) бөлүнөт. Бишкек 1825-ж. чеп катары негизделип, 1878-ж. Бишкек уездинин борбор шаары укугун алган. 1924-ж. Кыргыз автономия облусунун саясий-адмн.

борборуна айланган. 1926-жылдан Фрунзе шаары аталып, 1991-ж. ага тарыхый өз аты кайтарылып берилген.

Кыргыз Республикасы дүйнөдөгү өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн катарына кирген агрардык-индустриялуу өлкө. Кыргызстандын экономикасынын башкы тармагы – айыл чарбанын структурасынын 55%ин дыйканчылык түзөт. Табигый-климаттык шартка жараша түрдүү айыл чарба өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Айыл чарба продукциясынын 44%ин мал чарбасы берет. Кыргызстандын өнөр жайында ички дүң продукциянын 23%тен ашыгы даярдалат; анда маанилүү орунду түстүү металлургия ж-а тоо-кен өнөр жайы ээлейт. сы, ал ички дүң продукциянын $^{1}/_{3}$ бөлүгүнөн ашыгын берет. Айыл чарба дүң продукциясы-

**Кыргызстандын административдик-аймактык бөлүнүшү (2009-жылга карата)**

| Административдик-аймактык бирдиктери | Аянты, миң км² | Калкынын саны, миң: жалпы | Анын ичинен: шаардыктар | Анын ичинен: айылдыктар | Админ. райондору | Айыл округу | Шаарлары | Шаарчалары | Айыл-кыштактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 199,9 | 5107,7 | 1802,9 | 3304,8 | 40 | 440 | 25 | 28 | 1834 |
| Облустары: | | | | | | | | | |
| Баткен | 17,0 | 380,3 | 92,8 | 287,5 | 3 | 29 | 4 | 5 | 287,5 |
| Жалал-Абад | 33,7 | 938,6 | 211,7 | 726,9 | 8 | 66 | 7 | 7 | 420 |
| Нарын | 45,2 | 245,3 | 37,5 | 207,8 | 5 | 61 | 1 | 2 | 134 |
| Ош | 29,2 | 1000 | 82,8 | 917,2 | 7 | 86 | 3 | 2 | 474 |
| Талас | 11,4 | 219,6 | 33,5 | 186,1 | 4 | 36 | 1 | 1 | 90 |
| Чүй | 20,2 | 790,5 | 143,0 | 647,5 | 8 | 104 | 4 | 5 | 331 |
| Ысык-Көл | 43,1 | 425,1 | 119,6 | 305,5 | 5 | 58 | 3 | 5 | 175 |
| Бишкек шаары | | 865,1 | 861,5 | 3,6 | — | — | 1 | 1 | 1 |
| Ош шаары | | 243,2 | 220,5 | 22,7 | — | — | 1 | 1 | 11 |

Электр-энергия, түстүү металлургия, машина куруу, жеңил ж-а тамак-аш өнөр жайлары, транспорт комплекси, о.эле туризм республиканын алдыңкы тармактарынан болуп саналат.

К. —КМШнын (1991-жылдан), Коллективдүү коопсуздук келишими уюмунун (ОДКБнын, 1992-жылдан), БУУнун (1992), Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ОБСЕнин; 1992), Экономикалык шериктештик уюмунун (1992), Ислам конференция уюмунун (1992), Эл аралык валюта фондусунун (1992), Эл аралык реконструкция жана өнүгүү банкынын (1992), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1998), Шанхай кызматташтык уюмунун (ШОС, 2001), Евразия экономикалык жамааттыгынын (2001) мүчөсү.

*Ө. Бараталиев*

# ТАБИЯТЫ

## ГЕОГРАФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР

Кыргызстандын табияты м-н таанышуу, аймагын өздөштүрүү эң байыркы убактан алгачкы жамаат коомунан эле башталган. Төмөнкү палеолиттен берки эмгек куралдарынын, үңкүрлөр м-н эзелки тургун жайлардын, петроглифтердин табылышы адамзаттын Теңир-Тоону байыртадан эле мекендегенинин далили. Өлкөнүн акыркы 300 миң жылдан берки тарыхы биздин түпкү бабаларыбыз жер бетинин топографиясын, климатын, табигый чөйрөнүн көп өзгөчөлүктөрүн билгендигин, түздүктөр ж-а жапыз өрөөндөр гана эмес, бийик тоолуу аймактарды да (Ак-Чуңкур, Ак-Сай, Арпа, Саймалы-Таш ж. б.) пайдалангандыгын айгинелейт. Археологиялык маалыматтар мустье мезгилинен берки палеогеографиялык көрүнүштөрдү кандайдыр бир өлчөмдө көз алдыга элестетүүгө мүмкүндүк берет.

Батыш м-н Чыгыштын байыркы элдеринин жазуу эстеликтеринен Кырг-ндын аймагына тиешелүү геогр. түшүнүктөрдүн өнүгүү тарыхын баамдоого болот. Орто Азияга, анын ичинде Памир м-н Теңир-Тоого тиешелүү эң эзелки маалыматтар зороастра дининин «ыйык китеби» – «Авестада» кездешет. Орто Азия, Жакынкы Чыгыш, Жер Ортолук деңиз жээги, Кытай, Индия элдеринин ортосунда б. з. ч. 1-миң жылдыкта болгон соода-сатык, согуштар ж. б. окуялар саясий ж-а экон. байланыштарды түзүүгө, аймактык ж-а геогр. түшүнүктөрдүн кеңейишине алып келген. Грек (Геродот), рим (Страбон, Птолемей ж. б.), кытай (Чжан Цянь ж. б.) авторлорунун чыгармаларында Орто Азиянын чыгыш бөлүгүнө, Кыргызстандын аймагына тийиштүү айрым маалыматтар кездешет: өлкөнүн рельефи тоолуу, башкы суу обьектилери–Окс (Аму-Дарыя), Яксарт (Сыр-Дарыя), Чалкар-Көл (Ысык-Көл) экендиги айтылат, элдери (сактар, усундар ж. б.), алардын социалдык ж-а саясий түзүлүшү ж. б. жөнүндө кыскача жалпы түшүнүктөр берилет.

Орто кылымдарда (6–17-к.) Теңир-Тоо, Фергана ж-а ага чектеш жерлер саясий ири окуялардын, түрдүү ордолордун, адегенде түрк, кийинчерээк монгол-түрк мамлекеттик бирикмелеринин негизги аймагы болгондугу белгилүү. Түрк хандарынын тушунда Кыргызстандын аймагындагы ири шаарлар–Суяб, Баласагын, Өзгөн саясий ж-а экон. жактан чоң мааниге ээ болгон. Буларга түрдүү өлкөлөрдүн элчилери, соодагерлер, саякатчылар ж. б. каттап турган. Илим м-н маданият өнүккөн. Ал мезгилде жазылган эмгектер (Сюань-Цзан, 7-к.; Ибн Хордадбек, 9-к.–10-к-дын башы; Гардизи, 11-к.; М. Кашкари, 11-к. ж. б.) Кыргызстандын табияты, калкы, чарбасы ж. б. жөнүндө бир катар так маалымат берет. Алар айрыкча Ысык-Көлгө, шаарларга ж. б. айыл-кыштактарга, алардын ортосундагы аралыктарга ж. б-га тиешелүү.

Монгол жортуулдары, кийин могол, жунгар өкүмдарларынын ичара чатактары Моголстанда (Кыргызстандын аймагы ал кезде Моголстандын маанилүү бөлүгү болгон), ага танапташ өлкөлөрдө экономиканын бүлүнүшүнө, саясий абалдын тез-тез өзгөрүшүнө алып келген. Мындай шартта илим үзгүлтүккө учурап, билим кеңири тарай алган эмес. Геогр. түшүнүктөрдө жеткиликтүү прогресс болбогон. Ошол мезгилдеги Даос кечили Чан Чундун (13-к.), Орто Азиялык тарыхчылар Закириддин Бабур м-н Мухаммед Хайдардын (16-к.) маалыматтары гана кызыгууларды туудурат. Чан Чунь Түн. Теңир-Тоодогу ландшафттын өзгөрүшүн, тоолорду, Бабур Ферганаы, Хайдар Жети-Суу м-н Ысык-Көлдү баяндап жазган.

Кыйла мезгилден кийин, 18-к-дан баштап капитализмдин өнүгүшүнө байланыштуу Орто Азия, Кыргызстан аймагы өндүрүш, сооданын жаңы аренасына айланат. Бул мезгилдеги изилдөөчүлөрдөн орус саякатчылары И. С. Унковскийди (1723), Ф. Ефремовду

(1780-ж. чамасы), француз иезуит-астроному А. Халлерштейнди (1760) атоого болот. Унковский Калмак хандыгынын (Кырг-ндын аймагын кошо) картасын түзүп, Халлерштейн Ысык-Көлдөгү Ак-Теректин чатынын, Ош шаарынын ж. б-дын координаталарын аныктаган. 19-к-дын 1-жарымында Теңир-Тоону бир катар саякатчылар (индиялык Мир-Иззет-Улла, 1812; орустар А. Л. Бубенов, 1813, 1827; Ф. К. Зибберштейн, 1825 ж. б.) басып өткөн.

Кыргызстанды изилдөө тарыхы миңдеген жылдарга созулса да, 19-к-дын ортосуна чейин анын табияты, экономикасы, калкы, маданияты, тарыхы жөнүндө кеңири ж-а так түшүнүктөр болгон эмес. Ошол кездеги көз караштардын деңгээлин европалык ири окумуштуулар–немецтер А. Гумбольдт (1843) ж-а К. Риттер (1832), орус саякатчылары Т. Ф. Нифантьев м-н Воронипдин (1851) эмгектеринен байкоого болот.

Теңир-Тоону илимий изилдөөнүн жаңы этабы 19-к-дын 50–60-жылдарынан–Кыргызстан Орусияга кошулгандан башталды. Ошондон тартып революцияга чейинки Кыргызстанды изилдөөлөрдүн тарыхы (Теңир-Тоо, Орто ж-а Борб. Азияны изилдөө сымал эле) орус саякатчылары м-н окумуштууларынын ысымдарына байланыштуу. 1850-ж. Батыш Сибирдин администрациясы уюштурган 1-орус экспедициясы Ысык-Көлдүн чыгыш тарабында топограверстафиялык тартууну (2 чакырымдык масштабда; 1 чакырым 1,07 *км*ге барабар), Ысык-Көлдө батиметриялык ж-а ихтиологиялык байкоолорду жүргүзүшүп, мындагы кыргыздардын социалдык экон. абалын, турмуш тиричилигин ж. б. изилдеген. Экспедицияга катышкан Ч. Валиханов тарыхый-этнографиялык материалдарды, элдик оозеки чыгармаларды чогултхан, «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн жазып алган. Ал өзүнүн 1858–59-ж. Кашкар саякатынын мезгилинде Теңир-Тоону 2 жолу кесип өтүп, 1864-ж. Чүй өрөөнүндө болгон. Ысык-Көлдүн чыгышы, Ички Теңир-Тоонун сырттары жөнүндө геогр. очерк жазган. «Сырт–кыйла абс. бийиктиктеги, узата кеткен өрөөндүү, токойсуз, талаа өсүмдүктөрү м-н капталган, дыйканчылыкка жараксыз кенен тайпак тоо»,–дейт Валиханов. Бул пикир сырт жөнүндөгү азыркы түшүнүктөргө жакын.

Орус география коомунун анык мүчөсү П. П. Семёнов (кийин Семёнов-Тян-Шанский) 1856-ж. Теңир-Тоого биринчи саякатын жасап, Ысык-Көлдүн чыгыш ж-а батыш жээктерине келген. 1857-ж. ал Теңир-Тоону изилдөөнү улантып, Нарын м-н Сарыжаздын башына чейин барган. Ар тараптуу изилдөөлөрдүн натыйжасында окумуштуу Түн. ж-а Борб. Теңир-Тоонун айрым жерлеринин геол. түзүлүшүн аныктап, андагы вулканизм жөнүндөгү А. Гумбольдттун жоромолун төгүнгө чыгарат, тоолордо (3500 *м*ден жогору) дайыма кар жатарын белгилейт; Сарыжаздын башындагы өрөөн мөңгүлөрүн сүрөттөп жазып, тоо ландшафттарынын бийиктик б-ча өзгөрүшүн көрсөткөн. Ал Теңир-Тоодогу өзү басып өткөн кырка тоолордун (ашуулардын), тоо өрөөндөрүнүн чыныгы гипсометриялык абалын биринчи жолу аныктаган, Ысык-Көлдүн жээгиндеги тектирлерди изилдеп, алардын пайда болушун Көл суусунун тартылуу процесси м-н байланыштырган. Бул палеогеографиялык табышмак ушул күнгө чейин чечиле элек. Семёновдун Теңир-Тоодогу изилдөөлөрү Ички Азиянын бул бөлүгү жөнүндөгү илимий көз караштарга төңкөрүш жасап, Орто ж-а Борб. Азияны геогр. жактан изилдөөнүн жаңы доорун ачты. Теңир-Тоонун табиятын изилдөөдөгү ж-а кыргыз эли м-н орус элинин ортосундагы мамилени чыңдоодогу зор салымы үчүн 1982-ж. 15-августта П. П. Семенов-Тян-Шанскийге Ысык-Көл өрөөнүнүн батышына (Балыкчы ш-на) эстелик тургузулду. Валиханов м-н Семеновго удаа эле Кыргызстандын ар кайсы райондоруна орус ж-а чет элдик илимий коомдордун ж-а мекемелердин экспедициялары келген. Мында өлкөнү ар тараптан изилдөөдөгү башкы салым Орус геогр. коомуна (ОГК) таандык болгон. Ал революцияга чейинки мезгилде гана өз алдынча, о. эле башка мекемелер м-н бирге 70тен ашык экспедицияны ж-а айрым изилдөөчүлөрдү Теңир-Тоо м-н Памир-Алайга жиберген. 19-к-дын 2-жарымында Кыргызстандын табиятын изилдөөдө Н. А. Северцов, А. В. Каульбарс, А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, Г. Д. Романовский, А. Н. Краснов ж. б. көрүнүктүү орунду ээлейт. Северцов өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнүн натыйжасында Теңир-Тоонун, Алай-Түркстан тоо системасынын, Чыгыш Памирдин көп аймактарынын орографиясын, геол. түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, алардын байыркы муз каптоого дуушар болгонун биринчи жолу аныктап, тоо ландшафттарынын бийиктик алкактуулугун тактаган. Чогултулган кеңири материалдардын негизинде Орто Азия м-н Жети-Суунун омурткалуу жаныбарларынын түрдүк курамын, алардын геогр. таралышын, региондук айырмачылыгын изилдеп, Түркстандын зоогеографиясына негиз салган.

А. П. Федченко Алай-Ысар тоо системасы м-н Фергана айланасынан омурткасыз жаныбарлардын кеңири коллекциясын чогулткан. Барган жерлеринин, анын ичинде бийик тоолуу Алай өрөөнүнүн да табиятын баяндап жазып, мурунку Кокон хандыгынын биринчи картасын түзгөн. Федченко жыйнаган материалдар кийин 22 томдуу эмгек болуп жарык көргөн.

Орто Азиянын геологиясына негиз салган И. В. Мушкетов (1874–80, 1887) м-н Г. Д. Романовский (1874–79) Теңир-Тоо, Памир Алай тоолорунун калыптануу тарыхын, алардын тектон. өнүгүүсү м-н кендер пайда болгон негизги этаптарын көрсөтүп, аймактын минерал ресурстары жөнүндө жазышкан. ОГКнын Кантеңир экспедициясына (1886) катышкан ботаник ж-а географ А. Н. Краснов өзүнүн баалуу чоң монографиясында (1888) Теңир-Тоонун өсүмдүктөрүнүн геогр. таралышын, бийиктик зоналуулугун ж-а системалык бөлүнүшүн биринчи жолу аныктап, анын флорасынын тарыхый өнүгүшү м-н эволюциясын талдаган. Ал Теңир-Тоонун ж-а бүткүл Орто Азиянын флорасын палеоген-неоген флорасынын өтө өзгөрүүсүнүн (геогр. чөйрөнүн узак убакыт бою өзгөрүү таасиринен) натыйжасы катары караган.

Кыргызстандын аймагында топографиялык картага тартуу ж-а астрономия-геодезиялык иштер калган изилдөөлөр м-н мезгилдеш же көпчүлүк учурларда алардан мурун жүргүзүлгөн. Аймакты изилдөөдө ж-а чарбалык жактан өздөштүрүүдө бул иштердин мааниси чоң болгон. Аймактын геогр. абалын так аныктоо биринчи жолу Ысык-Көлдө А. Ф. Голубев (1859), Чүй өрөөнүндө К. В. Струве (1865) тарабынан жүргүзүлгөн. Кийинчерээк бул иштер Теңир-Тоонун ички аймактарында (К. В. Шарнгорст, 1872; Ю. А. Шмидт, 1892–98), Ферганanын айланасы м-н Алайда (А. Р. Бонсдорф, 1876; П. К. Залесский, 1879, 1909 ж. б.) ишке ашырылган. Аянтты 2 чакырымдык топографиялык тартуу (1856-жылдан баштап), 5 чакырымдык рекогносцировка, чарбалык тартуу ж. б. ири масштабдуу иштер Кыргызстандын өрөөндүү гана райондорун эмес, көптөгөн тоолуу аймактарын да камтыган. Булардын негизинде алгачкы геогр. карталар түзүлүп, рельефи м-н суу тармактарынын өзгөчөлүгү, алардын бийиктик ж-а мейкиндик б-ча бөлүнүшү аныкталган. Падышачылыктын ири социалдык тапшырмасын аткаруу максатында 20-к-дын башында Кыргызстанда, Орто Азиянын башка райондорунда адистештирилген ж-а комплекстүү бир катар экспедициялар (геол., топурак-ботаникалык, статистика-экон., гидротехникалык ж. б.) иштеген. Алар кен байлыктарды, суу ресурстарын, жерди сугаруунун ж-а өздөштүрүүнүн жолдору м-н ыкмаларын изилдешкен.

Алардын ичинде Келгиндер башкармасынын топурак-ботаникалык экспедициялары (1908–14) айрыкча мааниге ээ болгон. Ботаниктер Б. А. Федченко, В. В. Сапожников, топурак таануучулар С. С. Неуструев, Л. И. Прасолов, А. И. Безсонов, агроном-зоолог В. Н. Шнитников жетектеген отряддар Кыргызстандын бардык негизги райондорун изилдеген. Алар Теңир-Тоонун топурагы м-н өсүмдүктөрүнүн негизги типтерин (а. и. С. С. Неуструев биринчи бөлгөн боз топурак да бар), геогр. жайгашышын аныктап, топурак-геогр. ж-а өсүмдүктөр картасын түзгөн.

Бул мезгилде Чүй өрөөнүндө (инженер В. А. Васильевдин партиясы, 1910–17), Фергана айланасында (инженер Н. Н. Епанчиндин партиясы, 1913–15), Орто Нарында, Чаткал м-н Көкөмерендин алабында (инженер И. Г. Александровдун партиясы, 1913–16) комплекстүү мүнөздөгү атайын ири изилдөөлөр жүргүзүлүп, аталган райондордун жер, суу ресурстарын пайдалануу проблемасын иштеп чыгуу башталган. Чыгыш Фергана (Д. И. Мушкетовдун партиясы, 1909–16), Түш. Фергана (В. П. Вебердин партиясы, 1909–15) ж-а Ысык-Көлдүн аймагындагы (В. П. Половниковдун партиясы, 1914–15) геол. карталарды тартуулар жалпы геогр., айрыкча изилденген райондордогу тоолордун байыркы ж-а азыркы муз каптоолору жөнүндө баалуу маалыматтарды берген.

19-кылымдын 80-жылдарынан баштап, өзгөчө 1910-жылдан стационардык гидрометеорологиялык изилдөөлөр өнүккөн. 1910–15-ж-да Кыргызстандын аймагында 12 метеорологиялык, 6 гидрометриялык станция, 66 гидропост ж-а 17 жаан-чачын өлчөгүч болгон. Буга чейин эле булардын айрымдары — Ош ж-а Каракол (1881-жылдан), Нарын (1885-жылдан) метеорология станциялары 30 жылдан ашык үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүп келген. Мына ушул байкоолордун материалдары 1912–18-ж. басылып чыккан маанилүү гидрометеорологиялык эмгектердин (В. Г. Глушков, Э. М. Ольдекоп ж. б.) негизин түзгөн.

Кыргызстандын табиятын изилдөөгө чет өлкөлүк изилдөөчүлөр — француз Г. Капю (1881, 1887), швед С. Гедин (1890, 1893), немецтер Г. Мерцбахер (1892, 1902–03), М. Фридрихсен (1902), америкалыктар В. Девис, Э. Хантингтон (1903), венгрлер Д. Алмаши (1900), Д. Принц (1906–1909), австриялык Ф. Махачек (1911, 1914) ж. б. да өз салымдарын кошуп, Теңир-Тоо м-н Памир-Алайдын геоморфологиясы, палеогеографиясы, гляциологиясы жөнүндө жаңы маалыматтарды берген.

Негизги изилдөөлөр Петербург, Москва, Омск, Ташкен ж. б. шаарлардын илимий мекемелери, коомдору ж-а ведомстволору тарабынан жүргүзүлсө да, өлкөнү геогр. жактан изилдөөгө жергиликтүү кыргыз, казак, өзбек, тажик элдери ж-а келгин орустардын өкүлдөрү маанилүү салым кошкон. Экспедицияларга өлкөнүн табиятын, жол катнашын билген жергиликтүү дилгир адамдар катышкан; о. эле алар отряддарга унаа, азык түлүк, керектүү буюм д. у. с-ларды беришип, көмөк көрсөтүшкөн. Жергиликтүү элдин жардамысыз, колдоосусуз Орто Азияда бир да илимий экспедиция ишке ашкан эмес. Өлкөнүн табияты, калкы, руханий ж-а материалдык маданияты жөнүндө жергиликтүү элден чогултулган ар түрдүү маалыматтар жарыяланган илимий эмгектердин кыйла бөлүгүн түзгөн.

Кыргыздар Теңир-Тоо м-н Памирдин топографиясын, гидрографиясын, климаттык шарттарын, өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүн жакшы билишкен, өлкөнүн табигый ресурстарын чарбачылыкта, турмуш тиричиликте кеңири пайдаланышкан. Элдик даанышмандыкты өздөштүргөн эсепчи, кыбачы, уламачылар эмпириялык табигый-тарыхый билимге, космогониялык ж. б. абстракция-философиялык түшүнүктөргө даээгедер болушкан. Ал түшүнүктөр жергиликтүү топонимия м-н элдик оозеки чыгармаларда да чагылдырылган. Мекенди ар тараптан үйрөнүүдө жергиликтүү изилдөөчүлөрдөн пишпектик А. М. Фетисов м-н Ф. В. Поярковдун, караколдук С. Абдыбеков, Я. И. Корольков ж-а А. А. Куценконун, нарындык О. Е. Неживовдун, оштук Ф. Касымбековдун ж. б. салымы чоң.

Негизинен революцияга чейинки изилдөөлөр Кыргызстандын табиятынын жалпы мүнөзүн, өлкөнүн ж-а анын айрым бөлүктөрүнүн географиясы м-н чарбасынын, табигый кубулуштардын айрым өзгөчөлүктөрүн аныктаган. Табиятты үйрөнүүдө көп ийгиликтер болгону м-н, Кыргызстанды геогр. жактан изилдөөлөр негизинен ыраатсыз түрдө жүрүп, толгон илимий проблемалар чечилбей кала берген.

Октябрь революцясынан кийин илимий изилдөөлөр сан жагынан да, сапат жагынан да түп тамырынан өзгөрдү. Системалуу ж-а пландуу, кеңири масштабдагы комплекстүү илимий изилдөөлөр граждандык согуш аяктап, Кыргыз АССРи түзүлгөндөн, б. а. 20-жылдардын ортосунан жүргүзүлө баштаган. Алгачкы жылдарда изилдөөлөр негизинен борб. ж-а орто азиялык илимий өндүрүштүк мекемелер тарабынан ишке ашырылган. Ал кезде жаш республиканын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө өзүнүн адистери жок болучу. Советтик мезгилде Теңир-Тоо м-н Алайды алгачкылардан болуп Орто Азия мамл. университети (азыркы ТашМУ) м-н Геол. комитеттин кызматчылары изилдешкен. Алар өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн ар тараптан изилдөөнү 20-жылдардан баштаган. Кыргызстанды изилдөөдө СССР ИАнын Академиялык экспедициялары 1924-жылдан тартып республиканын бардык негизги райондорунда болуп, ондогон кен байлыктарын ж. б. табигый ресурстарды ачкан. Айрыкча СССР ИАнын адистештирилген (ар биринде 100–150дөй илимий кызматкер болгон) 12 отряддан турган (геол., геоморфологиялык, айыл чарба ж. б.) «Кыргызстан комплекстүү экспедициясынын» (1932–33) мааниси зор. Анын изилдөөлөрү минералдуу суу, гидроэнергия, топурак, тоют ж. б. табигый ресурстар жөнүндөгү маалыматтарды, респ-канын чарбасын адистештирүү ж-а экономиканы кайра куруу б-ча сунуштарды берген.

Кийинки академиялык изилдөөлөр [Чүй айыл чарба экспедициясы (1934–37), өндүргүч күчтөрдү изилдөө б-ча советтин (ӨКИС) Түш. Кыргызстан экспедициясы (1943–44), География институтунун Түн. Кыргызстан экспедициясы (1945–53), Геофизика институтунун Түн. Теңир-Тоо экспедициясы (1949–52), Көл таануу институтунун Теңир-Тоо экспедициясы (1971–1980) ж. б.] Теңир-Тоо м-н Алай-Түркстан тоо системасынын табияты жөнүндө соңку көз караштардын негизин түзгөн, геол. өнүгүү тарыхы, азыркы ландшафттын түзүлүшү, табигый процесстердин динамикасы ж-а мүнөзү жөнүндөгү көп маселелерди жаңыча кароого, табигый ресурстарды баалоо ж-а чарбачылыкка пайдалануу жолдорун табууга мүмкүндүк берген. Академиялык мекемелер м-н катар илимий изилдөөлөрдү борб. ведомстволук, илимий өндүрүштүк ж-а долбоорлоо меке-

мелери – Борб. илим изилдөө геол. чалгындоо институту (кайин ал –Бүткүл союздук илим изилдөө геология институту), Борб. жол транспорт башкармасы ж. б. жогорку окуу жайлары (Ленинград, Москва, Орто Азия мамл. университети), о. эле Украинанын илимий мекемелери да жүргүзүшкөн. Респ-нын өндүргүч күчтөрүн изилдөөдө 30-жылдардын ортосунан жергиликтүү илимий ж-а өндүрүштүк мекемелеринин (Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария ил. из. институту, 1931-ж. уюшулган; Кыргызстан Гидрометеорология башкармасы, 1933-ж.; Кыргыз ССР геология башкармасы, 1938-ж., ж. б.), жогорку окуу жайлардын салымы арта баштаган. Жерг. илимий күчтөрдүн ишмердиги 1943-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалы (1954-жылдан Кыргыз ССР ИА) м-н Кыргыз мамл. университети (1951) уюшулгандан тартып айрыкча күчөгөн.

1980-жылдарда табигый шарттарды ж-а ресурстарды, өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү маселелерин изилдөөнү республикада Кыргыз ССР ИА башында турган ондогон илим изилдөө мекемелери, жогорку окуу жайлары, бир катар долбоорлоо институттары, өндүрүштүк мекемелер м-н ведомстволор жүргүзгөн. Булардын ичинде атайын геогр. багытта иштеген бир катар структуралык мекемелер ж-а ячейкалар (Гидрометеорология ж-а айлана-чөйрөнү көзөмөлдөө б-ча Кыргыз респ. башкармасы, Кыргыз ССР ИАнын Тяньшань физикалык география станциясы, М. М. Адышев атн. Геология институтунун География бөлүмү, Кыргыз мамл. университетинин география факультети ж. б.) бар. Алардын илимий багытын Кыргыз География коому (1947-ж. түзүлгөн) координациялайт. Кийинки 30–40 жылда республикада география илимдеринин түрдүү тармактары б-ча атайын тематикалык изилдөөлөр аткарылды. Эл аралык геофизикалык жыл (1957–59), Эл аралык гидрологиялык он жылдык (1964–74), мөңгүлөрдү каталогдоштуруу б-ча программаларда ж. б. маанилүү изилдөөлөрдүн ийгиликтүү ишке ашышы Теңир-Тоо м-н Алайдын табигый ресурстарын толук эсепке алууга ж-а так баалоого мүмкүнчүлүк берди. Өндүргүч күчтөрдү изилдөө-географтар илимдин түрдүү тармактарынын адистери м-н бирге системалуу, пландуу, кеңири масштабда, алдыңкы так методдорду ж-а илимий аппаратураларды колдонуу м-н жүргүзүлдү. Алардын негизинде ири монографиялар жазылып, атайын карталар түзүлүп, эл чарбасы үчүн маанилүү кеңештер, сунуштар берилди. Кыргындын чегинде жүргүзүлгөн палеогеографиялык иликтөөлөрдүн негизинде Түн. Теңир-Тоонун голоцен катмарынын өсүмдүктөр дүйнөсүнүн эволюциясы ж-а бийиктик алкактарынын чек араларынын динамикасы аныкталды (А. П. Мельникова).

Геоморфологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында тоолуу рельефтин туруксуз типчелери, криогендик формалары, таш глетчеринин пайда болуу механизми, түзүлүш мүнөзү ж-а өнүгүүсү тууралуу бай материал топтолуп, анализге алынды (Ж. Сыдыков, А. Г. Тараканов Ш. Качаганов, Ш. Токомбаев, С. М. Ахмедов, М. Кошоев, З. Алиев, Ю. В. Бевза, Т. Рахманов, Т. С. Бобушев, Ю. В. Герасимов, Л. М. Смирнова, У. Атаканов). Респ-нын аймагында боло калчу жагымсыз табигый кубулуштарды изилдөөгө көңүл бурулуп келүүдө. Адамдын чарбалык таасиринен улам келип чыгуучу мындай экзогендик кубулуштар Фергана өрөөнүн курчаган тоолордо көбүрөөк байкалууда. Белгиленген процесстердин изилдөө ишине С. К. Аламановдун жетекчилиги астында түзүлгөн адистердин атайын тобу үзүрлүү эмгектеништи.

Бийик тоолуу көлдөрдүн жээк процесстеринин динамикасын изилдеген лабораториянын аткарган иштери лимнологиялык, геоморфологиялык, климатологиялык ж-а гидрометеорологиялык изилдөөлөр м-н бир катарда турат. Ысык-Көлдүн жээк тилкесинде жайгашкан 3 стационардык участокто жээктин кайра түзүлүүсүнө суу деңгээлинин ж-а шамал-толкун режимдеринин тийгизип жаткан таасири иликтенүүдө (О. А. Поморцев, В. В. Романовский, Л. М. Смирнова, М. Н. Хейфец, Э. Н. Султаналиев).

Гидрологиялык изилдөөлөр, негизинен, суу ресурстарынын куралышын, суу агымы м-н катуу агымдын режимдерин изилдөө, агымды прогноздоо методдорун иштеп чыгуу м-н байланышкан. Көп жылдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы б-ча (М. А. Музакеев, А. А. Эргешов) Кырг-ндын бардык дарыяларынын алаптарынын суу балансы аныкталды. Т. М. Чодураевдин изилдөөлөрү б-ча маанилүү жыйынтык алынып, алар катуу агымдын пайда болуу мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ж-а ага тийгизген чарбалык таасирге арналган (айрым дарыяларда суу шилендилери 300–380%ке өсөрү көрсөтүлгөн). Кийинки жылдарда вегетациялык ж-а минималдык агымды изилдөө иштерине айрыкча көңүл бурулуп, аларды прогноздоо ж-а эсеп-

теп чыгуунун методдору иштелип чыгууда (С. К. Аламанов, Т. М. Богачинов, Ж. Ж. Карамолдоев). Суу ресурстарын коргоо ж-а аларды сарамжалдуу пайдалануу маселерин изилдөө ишин К.О. Молдошев ийгиликтүү улантып келе жатат.

Суу ресурстарынын зор чарбалык маанисин эске алуу м-н алардын катарында мөңгүлөрдүн да ролу басымдуу экендиги белгиленип, гляциологдор А. Осмонов, Ж. Сыдыков, А. Н. Диких, Е. К. Баков, У. А. Атаканов, Р. А. Усубалиев бул багытта иликтөө жүргүзүүдө. Мында баалуу жыйынтык болуп жалпы аймак б-ча жаратылыш ресурстарын комплекстүү инвентаризациялоо жагы эсептелинет.

Климаттын жылый башташына байланыштуу мөңгүлөрдүн аянтын, көлөмүн, өлчөмүнүн өзгөрүшүн эске алуу максатында аткарылып жаткан изилдөөлөр актуалдуу маселелерден болуп калды. Алдын ала эсептөөлөргө караганда 2050-ж. чейин максималдык бийиктиги 4800–5200 *м* болгон тоо кыркаларында мөңгүлөрдүн толук эрип кетиши, бул жагдайдын дарыя агымдарына тийгизе турган таасири чоң болору күтүлөт. Мурдагы СССРдин «Природа» («Жаратылыш») мамл. борборунун Өзбекстандык бөлүмү м-н бирдикте «Азыркы мезгилдеги мөңгүлөнүү» (1:500 000) деген карта түзүлүп, жарыкка чыккан. Ошондой эле гляциологдор «Дүйнөнүн кар-мөңгү ресурстары атласына» ондогон карталарды түзгөн. Кыргызстан үчүн түзүлгөн карта Борб. Теңир-Тоонун Ак-Шыйрак кырка тоосундагы мөңгүлөрдүн массивине арналып, ал аэрокосмостук сүрөттүн негизинде аткарылды (В. А. Кузмиченок).

Географтар практикалык география илимине ири салым кошту. Колдонмо (прикладдык) эмгектердин ичинен көзгө көрүнүктүүсү болуп «Мөңгүлөрдүн каталогу» болуп эсептелет. Ал 17 бөлүктөн туруп, «СССРдин жер үстүндөгү сууларынын ресурстары» деген кадастр астында жарыкка чыккан. Ошондой эле 10 карта «Дүйнөнүн кар-мөңгү ресурстарынын атласына» кирген. Аталган каталог ж-а карталар физ.-геогр. станциянын ж-а гидрометеорологиялык станциянын кызматкерлери тарабынан түзүлгөн. Өзгөчө илимий ж-а практикалык мааниге ээ болгон гляциологиялык изилдөөлөр Сарыжаз д-нын ж-а Ысык-Көлдүн алаптарында, Тескей Алатоонун борб. бөлүгүндөгү тажрыйба жүргүзүүгө ылайыкталган Карабаткак мөңгүсүндө жүргүзүлүп, мөңгүлөнүү динамикасынын тенденциясын аңдап билүүгө мүмкүнчүлүк берди. Гляциология лабораториясы бийик тоолуу чөлкөмдөрдө атмосферанын тунуктугуна байкоолорду жүргүзүп, Теңир-Тоонун ар кайсы аймактары үчүн абанын температурасынын өзгөрүү багыты тактоо иштерин жүргүзүп жатат.

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү инвентаризациялоо б-ча 1:500 000 масштабдагы «Жаратылышты коргоо» (Э. К. Азыкова, Д. Шакирбеков), «Геоморфология» (Ш. Качаганов ж. б.) карталары түзүлдү.

Биогеографиялык изилдөөлөр да кеңири планда жүргүзүлүп, биринчи жолу Кырг-ндын табигый ландшафттары үчүн негизги карагай типтериндеги (шренк карагайы) биогеоценоздун радиациялык ж-а жылуулук балансларынын динамикасы ар тараптан иликтенди. Ошондой эле алардын деңиз деңгээлине карата жайгашуусу, таралган тоо капталдарынын экспозициясы, түрдүүлүктөрдүн кеңдик ж-а бийиктик б-ча таралашынын структурасынын мүнөзү изилденди (С.Ф. Линкевич). Ценопопуляциялык ыкманын негизинде Теңир-Тоодо негизги токой түзүүчү дарак – шренк карагайынын биогеографиялык өзгөчөлүгү ар тараптан ж-а терендетилип изилденди. Түрдүн жашап кетүү мүмкүнчүлүгүнүн морфологиясы, биологиясы, экологиясы ж-а биогеоценоздук ролу кеңири сүрөттөлдү. Жогоркуларга кошумча катары заттардын биологиялык айланышы, карагай популяциясынын туруктуулук даражасы ж-а калыбына келүү мүнөзү да иликтөөгө алынды (Н. Д. Кожевникова, С. Байдавлетова).

Сүт эмүүчүлөрдүн бир топ түрүнүн (илбирс, карышкыр, ак тырмактуу аюу, суусар, боз суур, коён ж. б.) мейкиндик б-ча таралышы, саны, популяциялык структурасы, биогеоценоздук байланышы ж-а жүрүм-туруму изилденди (В. А. Воропаев, Е. П. Кошкарев, А. Э. Выговский).

С. Байдавлетова тарабынан шренк карагайынын ийне жалбырагынын ткандык структурасынын экология-геогр. өзгөчөлүктөрү изилденсе, Л. Г. Кошкарева м-н Л.А. Кравчуктун изилдөөлөрү карагай биогеоценозунун фитоценоздук ж-а экологиялык өзгөчөлүктөрүнө арналды.

Тармактык изилдөөлөр м-н бирдикте Кырг-ндын геогр-нда да интеграциялык багыттагы изилдөөлөр жанданып, алар биринчи кезекте ландшафт таанууну камтыды. Кырг-нда ландшафттык ж-а комплекстүү физ.-геогр. ургаалдуу изилдөөлөр 50-жылдардын аягында

жүргүзүлдү. Эл аралык геофизикалык жылды өткөрүү учурунда Нарын д-нын жогорку агымында Москва мамл. ун-тинин (ММУ) профессору Н. А. Гвоздецкийдин жетекчилиги м-н уюштурулган комплекстүү экспедиция Кыргыз ССР ИАнын География бөлүмү, Теңир-Тоо бийик тоолуу физ.-геогр. станциясы ж-а ММУнун География факультети типологиялык негизде ландшафттык картага тартуу үчүн ири масштабдагы методиканы иштеп чыгып, анын негизинде 1:100 000 масштабдагы Кум-Төр, Сары-Чат, Ара-Бел сырттарынын картасы түзүлдү (Н. А. Гвоздецкий, С. Б. Байгуттиев, И. П. Чалая, Э. К. Азыкова). Ушундай эле карталар 60–70-ж. Фергана, Чаткал, Алай, Чүй ж.б. өрөөндөрү үчүн түзүлдү (М. Кадыркулов, М. Койчиев, О. Д. Сахарова, Ж. Мусаева, Т. Н. Кулматов, Д. Шакирбеков, К. Матикеев). Илимдер академиясынын география бөлүмү тарабынан жүргүзүлгөн ландшафттык ж-а физ.-геогр. изилдөөлөр аймактардын тоолуу геосистемасынын азыркы абалын комплекстүү иликтөөгө багытталып, алар Алай кырка тоосунда (1973–1975-ж.) ж-а Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында (1976–1980-ж.) жүзөгө ашырылды.

Теңир-Тоонун аймагы үчүн кичи масштабда (1:1500 000) түзүлгөн ландшафттык карта бул багыт б-ча белгилүү салымдын бири болуп калды. Ал Кырг-ндын комплекстүү илимий-маалыматтама атласы үчүн түзүлүп, мындан мурдагы бардык жетишкендиктердин топтому болду.

Соңку мезгилдерде ландшафттык изилдөөлөр, негизинен, Ысык-Көл өрөөнүнө багытталып, алар колдонмо мүнөзгө ээ болууда. Мис., аэрокосмостук информацияны пайдалануу м-н түзүлгөн ири масштабдагы карталардын негизинде рекреациялык ж-а жаратылышты коргоо карталары иштелип чыкты. Муну м-н бирге ландшафттардын антропогендик модификациясынын карталары түзүлдү.

Респ-да топонимикалык изилдөөлөр географтар тарабынан да жүргүзүлүп келинүүдө. Алар тарабынан акыркы 15 жылда ондогон макала ж-а тезистер жазылып, мыйзам чыгаруу ж-а аткаруу бийликтерине ондогон тиешелүү каттар жөнөтүлдү. Бул багыттагы өтө маанилүү жаңылык «Кыргыз ССРинин атласындагы» (1-том, 1987) «Топонимия» бөлүмү болуп саналат, аталган бөлүм майда масштабдагы бир нече картадан, атайын тексттен ж-а кыскача топонимикалык сөздүктөн турат. 1988-ж. «Кыргыз ССРинин географиялык аталыштарынын сөздүгү» (С. Өмүрзаков, Т. Эшенкулов ж.б.) жарыкка чыкты, анда 5000 ашуун жер-суу, айыл-кыштак, шаар аталыштары киргизилип, алардын жазылышы кыргыз ж-а орус тилдеринде берилген.

Географиялык терминология боюнча проблемалуу маселелерди чагылдырган бир катар макалалар жарыяланды (С. Өмүрзаков, Ш. Токомбаев, К. Конкобаев, Ө. Бараталиев ж. б.). 2003-ж. жарык көргөн көлөмдүү (19 басма табак) «География» терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүнө (Ө. Бараталиев, А. Осмонов) 800дөн ашык жергиликтүү географиялык терминдер өзүнчө макала болуп кирген.

География коомунун грифи астында эки илимий жыйнак чыгарылды: Орто Азиянын ономастикасы. 2-чыгарылышы, Фрунзе, 1980; Кырг-ндын ономастикасы. 1-чыгарылышы, Фрунзе, 1985; булардын жалпы көлөмү 30 басма табактан ашык.

Кырг-ндын географтарынын изилдөөлөрү 60тан ашык монографияларда, тематикалык жыйнактарда, брошюраларда, ондогон аркыл масштабдагы карталарда ж-а жүздөгөн макалалар м-н тезистерде чагылдырылып, алар эл аралык, бүткүл союздук ж-а респ. басылмаларда жарык көрдү. «Кыргызстандын жаратылышы» (1962), «Нарын дарыясынын алабы» (1960), «Кыргыз ССРинин климаты» (1965), «Кыргызстан. Советтер Союзу сериясы»(1970), «Кыргызстандагы география илимдеринин өнүгүшү» (1980), «Кыргызстандын азыркы мезгилдеги географиясынын проблемалары» ж. б. «Кыргыз жергеси» (1989) ж-а «География» (1990) деп аталган энциклопедиялык маалыматнаама м-н сөздүктүн жарыкка чыгышы география илимдерине кошулган маанилүү салым болду. Акыркы 20 жылдын ичинде географтар окуулуктардын ж-а илимий-популярдуу адабияттардын үстүндө активдүү иштешти. Алардын көбү кыргыз тилинде жазылды.

Азыркы учурда география илим тармагынын окумуштуулары мөңгүлөрдүн пайда болуусу ж-а динамикасы (А. Н. Диких, А. О. Осмонов, Е. К. Баков, Р. А. Усубалиев), суу ресурстары ж-а аларды сарамжалдуу пайдалануу (С. К. Аламанов, А. А. Эргешов, К. О. Молдошев), суу шилендилеринин агымы (А. Ш. Жумаев, Т. М. Чодураев), дарыя агымын көп жылдык мөөнөткө прогноздоо (Д. М. Маматканов, С. К. Аламанов, Ж. Ж. Карамолдоев), тоолуу ж-а түздүктүү аймактардын ландшафттары (Э. К. Азыкова, Р. Р. Криницкая, С. Б. Байгуттиев,

Т. Н. Кулматов, М. Кадыркулов, К. Матикеев, Б. Орозгожоев, Д. Шакирбеков, Ж. Жамгырчиев, С. Э. Эргашев, Ө. Бараталиев), табиятты коргоо ж-а табигый ресурстарды сарамжалдуу комплекстүү пайдалануу (С. Өмүрзаков, С. К. Аламанов, Э. К. Азыкова, Ө. Бараталиев), геоэкология ж-а туризм географиясы (А. Осмонов, К. Атышев, Т. Р. Абдыкадыров, К. Жумашев, М. Д. Чогулдуров, Н. Алымкулова, А. Низамиев), тоолуу өлкөлөрдүн ж-а дарыя өрөөндүрүнүн геоморфологиясы (Ш. Качаганов, Ю. В. Бевза, Ш. Токомбаев, В. В. Романовский, Т. Рахманов, З. Алиев, Ж. Сыдыков, Т. С. Бобушев, Э. Н. Султаналиев, В. Хетагурова, М. Кошоев), тематикалык картография (С. Өмүрзаков, Т. Эшенкулов, А. Кешикбаев, М. Кошоев, Л.И. Махрина, В. А. Кузмиченок), рекреациялык ресурстар (С. Өмүрзаков, Э. К. Азыкова, К. Жумашев, К. Атышев, А. А. Кешикбаев, Т. Р. Абдыкадыров, М. Д. Чогулдуров ж. б.), Кырг-ндын чек ара маселелери (С. Өмүрзаков, С.К. Аламанов, Е. К. Баков), табигый кырсыктар (С. К. Аламанов, К. Сакиев, А. Ж. Байбориев, М. К. Кошоев), биогеографиялык өзгөчөлүктөр (Р. Р. Криницкая, Н. Д. Кожевникова, А. Кендирбаева. С. Байдавлетова), климаттык өзгөчөлүктөр (О. Н. Токоев, К. Бакиров, М.Н. Хейфец), топурак таануу (М. Кадыркулов, М. Жумагулов, И. А. Асанбеков), изилдөө тарыхы ж-а топонимика (С. Өмүрзаков, Т. Эшенкулов) б-ча изилдөөлөрүн улантып окуу китептерин ж-а программаларын иштеп чыгууда (А. Исаев, Н. Бакиров, А. Осмонов, Ш. Токомбаев, Б. Орозгожоев, Т.Н. Кулматов, К.Матикеев, И. Оморов, В. М. Сергеев.).

Кыргызстан саясий жактан эгемендүүлүк алгандан тартып картографиялык продукциялар м-н камсыз кылуу кыйынчылыкка тушукту. Ушундан улам респ-дагы аэрогеодезиялык агентство бул өксүктү толтуруу б-ча ар кандай масштабдагы туристтик, альпинисттик маанайдагы карталары ж-а респ-нын саясий-адм. картасы (1:1000000) жарык көрдү.

Жалпылоочу илимий эмгектердин ичинен бөтөнчө орун «Кыргыз ССРинин атласына» таандык (1-тому 1987-ж. жарык көргөн). Бул көлөмдүү ж-а фундаменталдуу, илимий маалымат берүүчү эмгек ар кыл масштабдагы 199 картадан турат да, атайын тексттер м-н кошумчаланып, респ-нын жаратылыш шарттарынын өзгөчөлүктөрүн, анын ресурстарын ж-а табигый ар түрдүүлүгүн чагылдырат. Атласты түзүүгө 43 илимий, өндүрүштүк мекемелердин ж-а жогорку окуу жайларынын өкүлдөрү тартылган. Атлас б-ча илимий уюштуруучулук ж-а координациялоо иштери Кыргыз Респ-нын УИА Геология институтунун география бөлүмүндө С. Ө. Өмүрзаков тарабынан жүргүзүлгөн.

Кыргызстандын социалдык ж-а экон. географиясы б-ча бир катар олуттуу иштер аткарылды. Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу ж-а коргоо өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү ж-а аларды жайгаштыруу (К. Оторбаев, В. Павленко, С. Рязанцев, Т. Койчуев, Т. Молдустанов, Н. Бакиров, К. Атышев, О. Турманбетов, К. Рахманов, А. Абылгазиев), өнөр жайдын географиясы (Б. Чормонов), айыл чрабасынын географиясы (А. Исаев, Г. Гужин, М. Картавов, С. Орозалиев, А. Кешикбаев, С. Жумалиев, Н. Бакиров, И. Оморов, И. Максутов, А. А. Кешикбаев, А. Н. Гареева, В. Гречко, Т. Ниязов, И. Егембердиев), калктын ж-а тейлөөнүн географиясы (В. Гречко, Ч. Сейтпаев, А. Актанова), транспорттун географиясы (Т. Молдустанов, Р. Самаков) маселелери изилденди.

1990-жылдардан баштап азыркы мезгилде геогр. изилдөөлөр табигый кубулуштар м-н аймактык комплекстердин структура, динамика ж-а генезисин үйрөнүүгө, климаттын глобалдык өзгөрүүсүнүн шартында табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга, айлана-чөйрөнү коргоого ж-а аймактарды туруктуу экологиялык, экон. өнүктүрүүгө байланыштуу маселелерди иштеп чыгууга багытталган.

Геогр., геоэкологиялык изилдөө иштерин Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы баштаган ондогон илимий изилдөө мекемелери, жогорку окуу жайлары, эл аралык уюмдар ж-а 200дөн ашык өкмөттүк эмес уюмдар жүргүзүшүүдө. Бул иштердин негизги жыйынтыктары болуп Кыргыз Республикасынын айлана чөйрөнү коргоо б-ча улуттук планы, Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясы, «Ысык-Көл» биосфералык аймагын түзүү, «Батыш Теңир-Тоодогу транс-чегаралык аймактын биол. ар түрдүүлүгүн сактоо» ж. б. көптөгөн долбоорлор саналат. Алар география ж-а ага тектеш илимдердин жакындашына, жаңы илимдердин тармактарынын пайда болушуна алып келүүдө.

*С. Өмүрзаков, Т. Чодураев, С. Аламанов, Т. Эшенкулов*

# ОРОГРАФИЯСЫ ЖАНА РЕЛЬЕФИ

Кыргызстан Теңир-Тоо системасынын батыш бөлүгүн ж-а Памирдин түн.-чыгышындагы бир аз аймакты ээлейт. Жеринин бети өтө татаал ж-а бийиктик абалы кескин өзгөрүлмө (400 *м*ден 7000 *м*ге чейин). Орографиясы кеңдик багытында катар-катар созулган бийик тоо кыркалар м-н аларды бөлүп турган тоо аралык өрөөндөрдөн турат. Аймагынын деңиз деңг. орт. бийиктиги 2750 *м*. Эң бийик жери Борб. Теңир-Тоодо, Кытай м-н Кырг-ндын чегарасы болгон Какшаал-Тоонун чыгыш уландысы Боз-Кырдын кырындагы Жеңиш чокусу (7439 *м*). Эң жапыз жери (401 *м*) Баткен облусундагы Лейлек району м-н Тажикстандын чегарасына жакын жайгашкан Кулунду кыштагы тушта. Кырг-ндын аймагынын 94%тен ашыгы деңиз деңг. 1000 *м*ден, 71%тен ашык аянты 2000 *м*ден жогору жайгашкан; абс. бийиктиги чыгыштан батышка карай жапыздайт (5500–5000 *м*ден 3500–4000 *м*ге чейин). Кырка тоолор 60–65% аянтын ээлейт.

Борб. Теңир-Тоодогу бир нече кырка тоолор чыгышты карай бири-бирине улам жакындап, Кырг-ндын Кытай ж-а Казакстан м-н чегараларына жакын ири Кан-Теңир тоо тоомун (түйүнүн) түзөт. Бул жер Кырг-ндын (жалпы эле Теңир-Тоонун дагы) эң бийик бөлүгү (Кан-Тоо чокусу–6995 *м*, Жеңиш чокусу –7439 *м*). Кырка тоолор батышты карай бири-биринен обочолонуп, ортолору барган сайын кеңейип, ал эми бийиктиги акырындык м-н жапыздап отурат. Тоолор негизинен кеңдик же ага жакыныраак багытта жатат; Борбордук Теңир-Тоодогу Меридиан кырка тоосу ж-а Ички Теңир-Тоону Фергана өрөөнүнөн бөлүп турган Фергана тоо тизмеги гана багыттары б-ча өзгөчөлөнөт. Кырка тоолордун абс. бийиктиктеринин түштүктөн түндүктү карай да жапыздоосу байкалат.

Меридиан кырка тоосу зор тоо тоомунун—Кан-Теңирдин, о. эле бүткүл Теңир-Тоо системасынын орографиялык борбору болуп саналат. Бул региондо Кан-Тоо м-н Жеңиш чокусунан башка бийиктиги 6000 *м*ден ашкан 50гө жакын чоку бар. Негизги тоо кыркаларынын созулган багытына перпендикуляр багытында жайгашкан Меридиан кырка тоосу Теңир-Тоо системасынын бийиктик уюлу гана эмес симметриялык огу да болуп эсептелет. Анын суу бөлгүчү аркылуу Кыргызстан м-н Кытайдын мамлекеттик чегарасы өтөт; ал Чыгыш Теңир-Тоо (Кытай) м-н Батыш Теңир-Тоонун (Кыргызстан) ортосу; Меридиан кырка тоосунан чыгышты ж-а батышты карай кырка тоолор желпүүр сымал бири-биринен акырындап обочолонуп таралат. Бул жерде бүткүл Теңир-Тоонун эң кууш жери жайгашкан. Мис., Текес өрөөнүнөн Тарим түздүгүнө чейин 100 *км* келсе, ал эми Чүй өрөөнүнөн Чыгыш Кызылсуу өрөөнүнө чейин 400 *км*ден ашык.

Меридиан кырка тоосунан батышты карай тик бурч м-н үч кырка тоо жарыш созулат: түндүгүндө салыштырмалуу анча бийик эмес (5000–5500 *м*) Сары-Жаз кырка тоосу, кийин айрыктарга ажырап, Тескей Ала-Тоо, Адыр-Төр, Көөлү-Тоо, Эшек-Арт ж. б. өзүнчө тоо кыркаларын пайда кылат. Алардын ичинен Тескей Ала-Тоо батышты карай Кочкор өрөөнүнө чейин созулат. Калган кырка тоолор Ак-Шыйрак массивине келип такалат. Сары-Жаздан кийинки Теңир-Тоо кыркасы эң бийик ж-а кыска, 38 *км* аралыкка созулуп барып кескин бүтөт. Анын бийик жери Кан-Тоо (6995 *м*) Кырг-ндагы эң ири мөңгүлөр — Түн. ж-а Түш. Эңилчектин аралыгындагы суу бөлгүч. Үчүнчү кырка тоо — Боз-Кыр, Какшаал-Тоонун эң бийик чыгыш уландысы. Жеңиш чокусу ошол Боз-Кырдын эң бийик жери. Какшаал тоосунун түш. капталы Тарим ойдуңун карай кескин түшөт. Ал кырка тоо Кытай м-н Кырг-ндын чегарасы аркылуу батышты карай 600 *км*ге жакын созулат. Какшаал-Тоодон Эңилчек-Тоо, Кайыңды, Теректи, Май-Баш, Борколдой кырка тоолору ажырайт.

Аталган кырка тоолор, батышында Борб. Азиянын ири дарыя системалары болгон Сырдарыя м-н Таримдин алаптарын бөлүп турган суу бөлгүчү — Ак-Шыйрак массивине такалат. Бул тоо түйүнүнүн эң бийик чокулары 5000 *м*ден ашык, бири-бирине жарыш чыгыш-түн.-чыгыштан батыш-түш.-батышты карай созулган кыска тоо кыркалардан турат. Алардын арасындагы өрөөн сымал оёндор кар м-н мөңгүлөргө толгон. Генезистик негизи жагынан Ак-Шыйрактын тоолору Кан-Теңир тоо тоомунун уландысы.

Меридиан кырка тоосунан Ак-Шыйрак массивине ж-а түндүгүнөн Тескей Ала-Тоо м-н түштүгүндө Какшаал-Тоого чейинки мейкиндикти **Борбордук Теңир-Тоо** деп атоо кабыл алынган. Чындыгында бул регион Чыгыш Теңир-Тоо (Кытай тарапта) м-н Батыш Теңир-Тоодо (негизинен Кырг-нда) борбордук абалды ээлеп турат.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА

Борб. Теңир-Тоонун аймагы толугу м-н деңиз деңг. 2500–3000 *м* бийиктикте жайгашкан. Сары-Жаз дарыясы Кырг-ндын чегинен чыга беришиндеги капчыгайдын суу жаткан таманынын бийиктиги 1680 *м*. Сары-Жаз тоо аралык өрөөнүнүн капталдары эрозиялык тилмеленүүгө аз учураган, чыгыштан батышка карай кеткен синклиналдык оёнчо. Уз. 90 *км*ге жакын, эң жазы жери 25 *км*, таманы 6-ча 5 *км*. Таманынын абс. бийиктиги 2700–3690 *м*. Азыркы учурдагы эрозиялык тилмеленүү батыш жагында гана байкалат, чыгыш жагында байыркы түздөлгөн денудациялык рельеф сакталып калган. Калган өрөөндөрү (Эңилчек, Кайыңды, Көөлү, Үч-Көл, Ак-Шыйрак) мөңгүнүн аракетинен калган издер тараган тепши сымал терең өрөөндөр.

Ак-Шыйрак массивинен батышта орографиялык түзүлүшү көбүнчө кеңдик б-ча кеткен, же ошого жакын созулган бир нече кырка тоолордон турат. Кырка тоолорду көбүнчө туурасынан кескен дарыя өрөөндөрү бөлүп турат. Алар батышты карай арасы кеңири тектон. синклиналдар м-н бөлүнгөн. Тектон. оёнчолордо кээде көлдөр кездешет. Мис., Соңкөл, Чатыр-Көл. Узатасынан кеткен оёнчолор эреже катары дагы бири-биринен анча бийик эмес жалчалар же билинер-билинбес суу бөлгүчтөр м-н бир катар бөлүктөргө ажырайт. Мис. Арпанын алабын Чатыр-Көлдөн, Үзөңгү-Кууштун алабын Аксайдын алабынан, Нарын дарыясынын башталышын Сары-Чаттын алабынан бөлүнүшү ж. б.

Жогоруда белгилегендей, кырка тоолордун, о. эле өрөөн тамандарынын абс. бийиктиктери батышты карай улам жапыздайт. Мис., Ички Теңир-Тоонун эң жапыз жайгашкан өрөөнү Кетмен-Төбөдөгү Узун-Акмат суусунун Нарынга куйган жердеги өрөөндүн таманынын абс. бийиктиги 750–900 *м*. Өрөөндөрдүн көпчүлүк бөлүгүнүн тамандары 1500–2500 *м* бийиктикте. Ал эми эң бийик жайгашкан өрөөндөр: Соңкөлдүн, Чатыр-Көлдүн чанактары, Ак-Сай, Тарагай, Үзөңгү-Кууш ж. б. 3000–3500 *м* бийиктиктеги кеңири жайылган түздүктүү сырт тибиндеги өрөөндөр. Алардын таманынан кырка тоолордун бийиктик айырмачылыктары 500–1000 *м*ден ашпайт.

Ички Теңир-Тоодо, кийинки альп орогендик кыймылдын натыйжасында бийик көтөрүлгөн байыркы денудациялык түздүктөрдүн калдыктары да кеңири тараган. «Сырт» деп аталып калган рельефтин мындай формалары Тескей Ала-Тоонун түштүгүндө, Ара-Бел, Кум-Төр, Сары-Чат өрөөндөрүндө, Сары-Жаздын алабында, Жетим кырка тоосунун кырында, Соңкөлдүн чыгыш жагында таралган «Сырт» түзөңдөрү 3000–3500 *м* бийиктикте жайгашкан. Алардан бийик абалдагы сырттардын бетинде өзгөчө формадагы «жалпак чокулардын мөңгүлөрү» жайгашкан.

Бул региондун морфологиялык мүнөздүү белгилеринин бири кырка тоолорду туурасынан кескен «антецеденттик» деп аталган тар капчыгайлар. Мындай капчыгайларды Сары-Жаз дарыясы, Сары-Жаз, Эңилчек, Кайыңды, Көйкап, Какшаал-Тоо кыркаларын кесип өткөндө, Аксай ж-а Үзөңгү-Кууш суулары ошол эле Какшаал-Тоону кесип өткөндө, Ат-Башы суусу Нарынтоону, Алабуга суусу Жамантоону, Кичи Нарын суусу Жетим м-н Нуранын тоолорунун арасынан өткөндө пайда кылат. Ал капчыгайлар тектон. жагынан бирдиктүү тоо тизмектерин бир нече бөлүккө ажыратып, өзүнчө кырка тоолорду пайда кылат.

Түндүгүнөн Талас Ала-Toосунун чыгыш жагы Кыргыз ж-а Тескей Ала-Тоолору м-н, түш.-батышынан Фергана тоо тизмеги, түштүгүнөн Какшаал-Тоо м-н чектелген, чыгышында

1-таблица

**Борбордук Теңиртоонун кырка тоолорунун морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Кырка тоолордун аттары | Эң бийик жери, *м* м-н | Орт. бийиктиги, *м* м-н | Узундугу, *км* м-н | Эң жазы жери, *км* м-н |
|---|---|---|---|---|
| Адыр-Төр | 4550 | 4400 | 34 | 8 |
| Ак-Шыйрак | 5125 | 4700 | 60 | 28 |
| Ашуу-Төр | — | 5000 | 32 | 15 |
| Боз-Кыр (Как-Шаалтоонун чыгышы) | 7439 | 6100 | 38 | 7 |
| Как-Шаалтоо (Жеңиш чокусу)* | 7439 | 4600 | 582* | 52 |
| Кайыңды | 5784 | 4900 | 79 | 14 |
| Теңир-Тоо (Кан-Тоо)* | 6995 | 6000 | 38 | 9 |
| Көйкап | 5100 | 4000 | 18 | 7 |
| Көөлү | 5281 | 4500 | 52 | 21 |
| Май-Баш | 5361 | 4900 | 22 | 16 |
| Меридиан (Аскер топографтары)* | 6814 | 6100 | 22* | 20 |
| Сары-Жаз (Семенов)* | 5816 | 4700 | 93* | 16 |
| Теректи | 4930 | 4400 | 48 | 11 |
| Эңилчек (Шокальский)* | 5722 | 5100 | 60 | 12 |
| Эшек-Арт | 4384 | 4200 | 50 | 12 |

* Тоолордун Кырг-ндын аймагындагы узундугу.
* Кашаанын ичинде бийик чокулардын аттары.

2-таблица

**Ички Теңир-Тоонун кырка тоолорунун морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Кырка тоолордун аттары | Эң бийик жери, *м* м-н | Орточо бийиктиги, *м* м-н | Узундугу, *км* м-н | Эң жазы жери, *км* м-н |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Ак-Шыйрак (Батыш) | 4037 | 3400 | 40 | 10 |
| Ат-Башы | 4788 | 4300 | 140 | 30 |
| Ача-Таш | 3975 | 3600 | 36 | 13 |
| Байбиче | 4337 | 3900 | 140 | 13 |
| Байдулу | 4146 | 3800 | 46 | 11 |
| Борколдой | 5170 | 4500 | 90 | 34 |
| Жамантоо | 4737 | 4000 | 70 | 16 |
| Жаңы-Жер | 4844 | 4000 | 104 | 17 |
| Жетим-Бел | 4627 | 4200 | 102 | 12 |
| Жетим | 4896 | 4300 | 120 | 24 |
| Жумгал-Тоо | 4121 | 3800 | 54 | 15 |
| Кабак-Тоо | 4144 | 3400 | 40 | 16 |
| Капка-Таш | 4146 | 3500 | 40 | 10 |
| Кара-Жорго | 3944 | 3600 | 66 | 12 |
| Кара-Каман | — | 3900 | 56 | 14 |
| Кара-Коо-Жунай | — | 2700 | 10 | 7 |
| Кара-Кыр | — | 4100 | 22 | 4 |
| Кара-Күнгөй | — | 3800 | 22 | 7 |
| Кара-Мойнок | 4281 | 3800 | 64 | 16 |
| Кара-Тоо | 4066 | 3500 | 26 | 6 |
| Карача-Тоо | — | 3100 | 20 | 5 |
| Көгирим-Тоо | 4351 | 3800 | 60 | 38 |
| Көккыя | 4960 | 4500 | 20 | 14 |
| Көрпө-Тоо | 4552 | 4200 | 36 | 18 |
| Кызарт | 4400 | 3800 | 30 | 16 |
| Молдо-Тоо | 4185 | 3600 | 110 | 26 |
| Нарын-Тоо | 4499 | 4200 | 120 | 18 |
| Нура | 4460 | 3900 | 45 | 24 |
| Ойкайың | 4273 | 3800 | 36 | 20 |
| Сандык | 3947 | 3600 | 50 | 12 |
| Сары-Камыш | 4042 | 3800 | 39 | 17 |
| Соңкөл-Тоо | 3990 | 3600 | 82 | 9 |
| Суусамыр-Тоо | 4048 | 3500 | 126 | 31 |
| Такталык | 3908 | 2900 | 54 | 6 |
| Тастарата | 3847 | 3200 | 24 | 4 |
| Тегерек | 3000 | 2800 | 20 | 5 |
| Тескей Ала-Тоо | 5216 | 4300 | 354 | 40 |
| Торугарт-Тоо | 5108 | 4500 | 64 | 20 |
| Үкөк | 4356 | 4000 | 30 | 20 |
| Улан | 4542 | 4100 | 56 | 7 |
| Үч-Эмчек | — | 3900 | 54 | 18 |
| Чаар-Таш | — | 3300 | 20 | 6 |
| Чакыр-Корум | 4558 | 4300 | 30 | 8 |

Ак-Шыйрак массивине чейинки кеңири мейкиндик **Ички Теңир-Тоо** деп аталат.

Ички Теңир-Тоо Кырг-ндын аймагындагы эң чоң физ.-геогр. регион. Бул жерде кырка тоолордун ж-а аларды ажыратып турган өрөөндөрдүн саны жагынан да, алардын ички түзүлүштөрү жагынан дагы башка региондорго салыштыргыс. Кырка тоолор арасындагы өрөөндөрдөгү негизги суу тармактары көбүнчө чыгыштан батышка карай агат, айрым бийик жаткан оёңчолордо көлдөр (Соңкөл, Чатыр-Көл) жайгашкан.

**Түндүк Теңир-Тоо** Күнгөй Ала-Тоону, Иле Ала-Тоосун, Кыргыз Ала-Тоосун ж-а Талас Ала-Тоосун камтып, Кырг-ндын түн. жагын ээлеген аймак. Түндүгүнөн Иле, Чүй ж-а Талас өрөөндөрү, түштүгүнөн Текес, Ысык-Көл, Кочкор ж-а Суусамыр өрөөндөрү м-н чектелет. Кырг-ндын аймагына Иле Ала-Тоосунун түш. капталынын бир бөлүгү Талгар тоо тоомунан Кичи Кеминдин оң тарабына чейинки аралыгы караштуу. Күнгөй Ала-Тоосунун чыгыштан Талгар тоо тоомуна чейинки түш. капталы,

3-таблица

**Ички Теңиртоонун өрөөндөрүнүн ж-а ойдуңдарынын морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Өрөөндөрдүн ж-а ойдуңдардын аттары | Төмөнкү тамынын абс. бийиктиги | Жогорку тамынын абс. бийиктиги | Тамалы боюнча узундугу, *км* м-н | Тамалынын эң жазы жери, *км* м-н |
|---|---|---|---|---|
| Кетмен-Төбө | 800 | 1200 | 50 | 22 |
| Көкөмерен-Нарын | 900 | 1600 | 40 | 6 |
| Жумгал | 1500 | 2600 | 80 | 25 |
| Каракол | 1600 | 3000 | 97 | 7 |
| Кочкор | 1800 | 2500 | 80 | 20 |
| Мин-Куш | 1500 | 3100 | 30 | 2 |
| Ортоңку Нарын | 1500 | 2600 | 170 | 54 |
| Тогуз-Торо | 1200 | 2000 | 66 | 30 |
| Толук-Саргата | 1500 | 2000 | 40 | 6 |
| Ак-Сай | 3000 | 3800 | 81 | 28 |
| Мүдүрүм | 3000 | 3800 | 80 | 18 |
| Ара-Бел—Кум-Төр | 3400 | 3800 | 52 | 14 |
| Арпа | 2600 | 3600 | 60 | 32 |
| Ат-Башы—Кара-Коюн | 2000 | 3200 | 150 | 20 |
| Балгарт | 2700 | 3400 | 54 | 7 |
| Боз-Жалпак | 3400 | 3800 | 21 | 4 |
| Жогорку Нарын (Тарагай) | 2600 | 3600 | 130 | 20 |
| Кара-Кужур | 2500 | 3200 | 70 | 6 |
| Кара-Саз | 2800 | 3100 | 32 | 7 |
| Солтонсары | 2800 | 3000 | 24 | 6 |
| Соңкөл | 3000 | 3400 | 50 | 25 |
| Суусамыр | 2000 | 3200 | 150 | 24 |
| Төлөк | 2400 | 3000 | 35 | 5 |
| Үзөңгү-Кууш | 2600 | 3800 | 80 | 4 |
| Үч-Эмчек | 3000 | 3600 | 42 | 3 |
| Эңилчек | 2400 | 3000 | 63 | 3 |

4-таблица

**Түндүк Теңиртоонун кырка тоолорунун морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Кырка тоолордун аттары | Эң бийик жери, *м* м-н | Орточо бийиктиги, *м* м-н | Узундугу, *км* м-н | Эң кенен жери, *км* м-н |
|---|---|---|---|---|
| Иле Ала-Тоосу | 4973 | 3700 | 120* | 30 |
| Кара-Жылга | 2463 | 2100 | 28 | 7 |
| Каштек | 2782 | 2700 | 32* | 10 |
| Кемин | 3884 | 3100 | 36 | 10 |
| Кыргыз Ала-Тоосу | 4895 | 3700 | 454 | 40 |
| Кошой-Тоо | 3921 | 3100 | 36 | 8 |
| Күмүштак | 4251 | 3100 | 36 | 18 |
| Күнгөй Ала-Тоо (Чоктал)* | 4770 | 4200 | 285 | 32 |
| Окторкой | 3125 | 3000 | 30 | 7 |
| Орток-Тоо (Шумкар)* | 2501 | 2300 | 35 | 8 |
| Сары-Жон | 3230 | 2500 | 30 | 9 |
| Талас Ала-Тоосу (Манас) | 4482 | 3900 | 260 | 40 |
| Эчкили-Тоо | 2160 | 1700 | 42 | 9 |

* Кырка тоолордун Кырг-ндын чегиндеги узундугу.
* Кашаанын ичинде чокуларынын аттары.

Кыргыз Ала-Тоосунун Аспаранын алабына чейинки түн. капталы, Талас Ала-Тоосунун көп бөлүгү карайт.

Күнгөй Ала-Тоо батышындагы Боом капчыгайынын чыгышындагы Каркыра өрөөнүнө чейин 285 *км*ге созулат. Эң бийик жери кырка тоонун орто ченинде, Чоктал чокусунда (4771 *м*). Кырка тоо Ысыккөлдүн түн. жагын курчап, көлгө Кессеңир деген жерден эң жакын өтөт. Кыргыз Ала-Тоосу Күнгөй Ала-Тоонун орографиялык уландысы. Антецеденттик типтеги Боом капчыгайы бирдиктүү антиклиналдык түзүлүштү эки жакка бөлүп турат. Кыргыз Ала-Тоосу Боом капчыгайынан батышка карай Тараз ш-на (мурдагы Жамбыл) чейин 454 *км*ге созулат. Эң бийик чокусу Аламүдүн суусу м-н Ала-Арча суусунун алаптарын бөлүп турган айрыктагы Батыш Аламүдүн чокусу (4895 *м*). Аспара суусунан Шамшы суусунун алабына чейинки кырка тоонун бөлүгү абс. бийиктиги м-н айырмаланат. Бул бөлүгүндө мөңгүлөрдүн негизги аянттары таралган. Өтмөк ашуусунун жанынан Кыргыз Ала-Тоосунан Талас Ала-Тоосу бөлүнүп чыгып, түш.-батышка багытталып барып, Атойнок ж-а Чаткал кырка тоолору м-н тутумдашып, андан багытын түн.-батышка өзгөртүп, акырындап жапыздап отуруп Арыс суусунун алабында, Кыргызстандын чегинен тышкары жоголуп кетет.

Түндүк Теңир-Тоо чыгышында Борб. ж-а Ички Теңир-Тоодон Ысыккөл ойдуңу м-н бөлүнүп турат. Ысыккөл ойдуңу — Теңир-Тоонун эң кеңири тектон. депрессиясы. Кочкор өрөөнүнөн Кызыломпол тоолору м-н бөлүнүп турат. Түш. жагынан Тескей Ала-Тоо м-н курчалып турат, түн. жагынан Күнгөй Ала-Тоо чектейт. Чүйдүн суусу ойдуңдун батыш жагына чыккандан кийин батышка карай кескин бурулуп Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнү тарапка чыгып кетет. Анча бийик эмес Санташ (2029 *м*) ашуусу чыгыш жагында. Чыгыш жагында узатасынан кеткен эки өрөөн — Түп ж-а Жыргалаң жайгашкан. Аларды Тасманын жону бөлүп турат. Ойдуңдун борб. бөлүгүндө Ысыккөл жатат.

Тоо этегин бойлогон жантайыңкы түздүктөрдүн жазылыгы кээ жерлеринде 15–20 *км*ге жетет, айрым жеринде такыр жок, тоо капталдары туура эле көл жээгине такалат. Ойдуңдун батыштан чыгышка карай уз. 275 *км*, туурасы тоо кырлары б-ча 118 *км*, көлдүн бети б-ча 60 *км*. Көл бетинин деңиз деңг. бийиктиги 1608 *м*.

Түндүк Теңир-Тоону түштүгүнөн чектеп турган тектон. депрессиялардын Ысыккөл ойдуңунан кийинки батыш уландысы Кочкор өрөөнү. Кочкор өрөөнү батыштан чыгышка карай 60 *км*ге созулган, туурасы 20 *км*ден ашуун кенен тоо арасындагы таманы түз келген ойдуң. Түндүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталы, түштүгүнөн Кызарт, Карагатты, Үкөк тоолору м-н чектелип, батышынан Жумгалтоонун айрыгы м-н тосулат. Таманынын абс. бийиктиги 1700–2200 *км*. Өрөөн аркылуу өткөн агын суулар Чүй суусунун башаттары.

**Чүй өрөөнү** негизинен Чүй д-нын сол куймаларынын алаптарын Боом капчыгайынын меридианынан тартып батышта Аспара суусуна чейин камтыйт. Бул узатасынан батыштан чыгышка карай 200 *км*ге созулган жантайыңкы түздүк. Эң жазы жери 70 *км*ге жакын. Эң жапыз жери түн.-батышында, Чүй суусунун жайылмасына жакын, деңиз деңг. 500 *м* бийиктикте. Чыгышында өрөөндүн таманы Жел-Арык кыштагынын жанында 1280 *м* бийиктикте. Ошентип, чыгыштан батышка карай да өрөөн жантайыңкы.

Геол. жагынан Чүй өрөөнү палеозой заманында фундаменти төмөн ийилип, үстү мезозой-кайнозойдун чөкмөлөрүнө толгон синклиналдык ойдуң. Бишкек шаарынын тушунда ал чөкмөлөрдүн калыңдыгы 1 *км*ден ашык.

Түштүктү карай Чүй өрөөнүнүн түздүгү акырындап Кыргыз Ала-Тоосунун этектериндеги

дөңсөөлөргө өтөт. Кыргыз Ала-Тоосунун капталдары м-н Чүй өрөөнүнүн түздүктөрүнүн ортосунда дөңсөөлөр, бөксө тоолор жайгашкан. Бишкек ш-нын түш. жагында дөңсөөлөр кырка тоо капталынан ага жарыш жаткан ойдуңдар м-н ажырап өзүнчө тизмек сымал батыштан чыгышка созулат. Тоодон түшкөн агын суулар ал дөңсөөлөрдү бөлүп, 1300–1700 *м* бийиктиктеги ар бирин өзүнчө массивдерге айландырат. Ал дөңсөөлөрдүн түш. жагы м-н Ала-Арча суусунан Ысыката суусуна чейин узатасынан өрөөн кетет. Анын туурасы кээде 3–4 *км*ге жетип, тамандарынын абс. бийиктиги 1000–1400 *м*.

Т а л а с  ө р ө ө н ү түштүгүнөн Талас Ала-Тоосу, түндүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосу м-н чектелген тоо аралык өрөөн. Каракол суусу м-н Чоң Чычкан суусунун кошулган жеринен башталып, батыш-түндүк-батыш тарапта Казакстандын чегине чейин созулат. Ошол тарапка эңкейиштеп ж-а акырындан кеңейе баштайт. Батышында 30–35 *км*ге чейин кеңейип, чыгышында 3–4 *км*ге чейин тарыйт. Өрөөн континенттик шартта пайда болгон кайнозойдун чөкмөлөрүнө толгон. Өрөөндүн уз. 140 *км*, орт. жазылыгы 26 *км*. Каракол м-н Чоң Чычкан суусунун кошулган жеринин абс. бийиктиги 1540 *м*, батышында Казакстандын чегиндеги бийиктиги 800 *м*.

**Түш.-Батыш Теңир-Тоо.** Талас Ала-Тоосу м-н Чаткал кырка тоосунун тутумдашкан жеринен баштап, анын чеги Атойнок кырка тоосунун, андан ары Фергана тоо тизмегинин кырлары м-н Алайкуу кырка тоосуна такалган жерге чейин барат. Фергана тоо тизмеги түзүлүшү жарым горст сымал; негизги бөлүгүнүн бийиктиги 3200–3400 *м*ден ашпайт. Негизги орографиялык түзүлүшү Талас – Фергана тектон. жаракасына байланышып, Фергана тоо тизмеги толугу м-н, Талас Ала-Тоосунун батыш тарабы ошол жараканы бойлоп жатат. Талас Ала-Тоосунун түш. тарабынан ага тик бурчтук абалында бир нече кырка тоо түш.-батыш тарапка бөлүнүп чыгат. Алардын эң ириси Чаткал кырка тоосу. Ага жарыш Сандалаш (Чандалаш), Пскем кырка тоолору жайгашкан.

Чаткал кырка тоосу Талас Ала-Тоосундагы Терек-Бел суусунун батышынан башталып түш.-чыгышты карай 225 *км*ге созулат, анын ичинен 165 *км*и Кырг-ндын чегинде. Чаткал кырка тоосунун уландысы Курама кырка тоосу Өзбекстандын аймагында. Чаткалдын бийик чокусу «Авлетин» тоосу (4503 *м*). Сандалаш кырка тоосу Сандалаш суусун Чаткал суусунан бөлүп турат ж-а Чаткал кырка тоосуна жарыш жатат. Анын уз. 72 *км*, эң бийик жери 4114 *м*. Пскем кырка тоосу ошондой аттуу суунун өрөөнүн, Сандалаштын өрөөнүнөн бөлүп мурунку кырка тоолордой эле түш.-батышты карай 141 *км*ге созулат. Кырка тоонун кыры аркылуу Кыргызстан м-н Өзбекстандын мамл. чегарасы өтөт. Эң бийик чокусу–Бештөр тоосу (4396 *м*).

**Алай-Түркстан** орографиялык району Фергана өрөөнүн түш. жагынан курчап, Тар суусунун алабынан батышка карай Ак-Суунун алабына чейин созулат (Лейлек району).

Алай кырка тоосу чыгышта Академик Адышев кырка тоосунан башталып, батышты карай 350 *км*ге созулат. Алай кырка тоосунун негизги огу батышка карай бир нече айрыктарга тарап, чакан өзүнчө кырка тоолорду жаратат. Алардын абс. бийиктиги улам батышка барган сайын артат. Алай кырка тоосу Сохтун алабында бүтөт. Туурасынан кесилишин караганда кырка тоо кескин асимметриялык мүнөздүү: анын түш. капталы кыска ж-а тик, түндүгү болсо узун, жантайыңкы, 60–70 *км*ге созулат. Орографиялык түзүлүшү эң татаал.

5-таблица

**Т ү ш т ү к - Б а т ы ш  Т е ң и р - Т о о н у н  к ы р к а  т о о л о р у н у н  м о р ф о м е т р и я л ы к  м ү н ө з д ө м ө л ө р ү:**

| Кырка тоолордун аттары | Эң бийик жери, *м* м-н | Орт. бийиктиги, *м* м-н | Узундугу, *км* м-н | Эң жазы жери, *км* м-н |
|---|---|---|---|---|
| Ат-Ойнок | 3896 | 3300 | 70 | 16 |
| Бабаш-Ата (Бабаш-Ата)* | 4427 | 3500 | 54 | 8 |
| Бозбу-Тоо | 2875 | 2500 | 30 | 14 |
| Доңуз-Тоо | 2354 | 1200 | 28 | 6 |
| Исфан-Жайлоо | 3701 | 3000 | 34 | 6 |
| Кара-Кыр (Кашка-Суу)* | 4634 | 3900 | 36 | 12 |
| Карды-Тоо | 4129 | 3400 | 31 | 7 |
| Качура | 4497 | 3900 | 34 | 10 |
| Кеңкол | — | 3400 | 26 | 5 |
| Көк-Суу (Чамгыр-Дөбө)* | 3828 | 3200 | 60 | 15 |
| Кулун | — | 3900 | 30 | 16 |
| Курама | 3769 | 2700 | 30* | 25 |
| Өзгөн | 4381 | 3500 | 56 | 26 |
| Пскем | 4395 | 3900 | 70* | 20 |
| Сандалаш | 4114 | 3500 | 72 | 10 |
| Серүүн-Дөбө | 2469 | 2200 | 30 | 12 |
| Терс | 3890 | 3300 | 30 | 16 |
| Узун-Акмат | 4165 | 3100 | 40 | 14 |
| Фергана | 4893 | 3600 | 206 | 62 |
| Чаткал | 4503 | 3800 | 165 | 30 |
| Чоң-Боор-Тоо | 3907 | 3200 | 42 | 10 |

* Кырка тоолордун Кырг-ндын чегиндеги узундугу.
* Кашаанын ичинде чокуларынын аттары.

6-таблица

**Алай–Түркстан регионунун кырка тоолорунун морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Кырка тоолордун аттары | Эң бийик жери, *м* м-н | Орт. бийиктиги, *м* м-н | Узундугу, *км* м-н | Эң кенен жери, *км* м-н |
|---|---|---|---|---|
| Адыгине | 3852 | 3200 | 30 | 6 |
| Академик Адышев атындагы | 4745 | 3300 | 110 | 50 |
| Ак-Төр | 4501 | 3800 | 50 | 11 |
| Акчангыл | 4074 | 3500 | 32 | 10 |
| Алайкуу | — | 4200 | 100 | 15 |
| Алай (Тамдыкул) | 5539 | 4500 | 350 | 20 |
| Бели-Сынык | 1571 | 1200 | 26 | 11 |
| Катыраң-Тоо | 3375 | 3000 | 44 | 8 |
| Кулдук-Тоо | 5016 | 4200 | 31 | 7 |
| Кичи-Алай | 4933 | 4600 | 78 | 20 |
| Коллектор | 5259 | 4400 | 55 | 15 |
| Курук-Сай | 5147 | 4100 | 31 | 5 |
| Кырк-Каракчы | 2272 | 1900 | 22 | 5 |
| Миңтеке | 4432 | 3500 | 28 | 8 |
| Олокон-Теке | 4629 | 4000 | 34 | 10 |
| Текелик (Айдарбек)* | 5127 | 4400 | 27 | 12 |
| Терек-Тоо | — | 4000 | 60 | 13 |
| Тескей | — | 3400 | 27 | 9 |
| Токтобуз | 2650 | 2500 | 28 | 5 |
| Түркстан (Аскалуу)* | 5621 | 4400 | 300 | 30 |
| Туюк-Суу | 4549 | 4000 | 32 | 16 |
| Улуу-Тоо | 1635 | 1300 | 30 | 9 |
| Чил-Устун | 1459 | 1300 | 20 | 5 |

* Кашаанын ичинде эң бийик жеринин аты.

Эң бийик чокусу Тамдыкул (5539 *км*) батышта, Сохтун алабында жайгашкан.

**Түркстан кырка тоосу** Матча ашуусунан башталып, батышка карай кеңдик б-ча Жызак шаарынын меридианына чейин созулат. Жалпы уз. 300 *км*, а. и. теңи (150 *км*) Кырг-ндын аймагына карайт. Түш. капталы толугу м-н Тажикстанга тиешелүү. Орточо бийиктиги 4300–4400 *м*. Эң бийик чокусу Аскалуу тоосу (5621 *м*). Бул чоку да Сох суусунун алабында. Түркстан кырка тоосу Алай кырка тоосунун уландысы, түш. капталы кыска ж-а тик, түндүк капталынын жазылыгы 50–60 *км*ге жетет, акырындап эңкейиштеп барып Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүнө такалат.

**Алай өрөөнү** Алай кырка тоосу м-н Памирдин түндүктөгү четки кырка тоосу болгон Чоң Алайдын ортосундагы тоо аралык өрөөн. Геол. түзүлүшү ж-а калыптануу тарыхы б-ча Алай өрөөнү Памир м-н Теңир-Тоонун табигый чеги болуп эсептелет. Өрөөн чыгыштан батышка карай Кытайдын чегарасынан Тажикстан м-н Кырг-ндын чегиндеги Карамык кыштагына чейин 174 *км* созулуп жатат. Түш. жагынан эң бийик кырка тоолордун бири Чоң Алай чектеп турат. Анын эң бийик жери Ленин атн. чоку Кырг-ндагы бийиктиги б-ча экинчи орунда турган чоку. Өрөөндүн басымдуу бөлүгү Вахш д-н түзүүчү Кызыл-Суунун, азыраак аянты карама-каршы багытты беттеген Чыгыш Кызыл-Суунун алабына таандык. Эки сууну бөлүп турган суу бөлгүчтү Алай өрөөнүнүн таманы 3536 *м* бийиктикте, Карамык кыштагынын тегерегиндеги абс. бийиктик – 2400 *м*. Өрөөндүн таманынын орточо бийиктиги 3000 *м*ге жакын. Чоң Алай кырка тоосунун республиканын чегиндеги узундугу 250 *км*, анын көпчүлүк бөлүгү Кырг-н м-н Тажикстандын, чыгыштагы бир аз бөлүгү Кытай м-н Кырг-ндын мамл. чегарасы.

Жалпысынан азыркы кездеги рельеф неоген мезгилинин аягында ж-а төртүнчүлүк мезгилдин башында Теңир-Тоонун байыркы эпигерциндик структураларында – кырка тоолор м-н өрөөндөрдүн ортосундагы карама-каршы багытта жүргөн ургаал тектон. кыймылдын натыйжасында калыптанган. Мындай тектон. соңку кыймылдар татаал дифференциялуулугу м-н айырмаланып, азыркы тоолуу рельефтин пайда болушун шарттаган. Ошентип, тектон. соңку кыймылдын убагында Теңир-Тоонун аймагында кырка тоолордун көтөрүлүүсү, рельефтин тилмеленүүсүнүн тереңдеши ж-а тоо аралык өрөөңдөрдүн таманына талкаланган тоо тектердин толуусу күчөгөн. Ошол эле убакта тоо аралык өрөөндөрдүн таманында төмөн ийилүү жүргөн. Чүй өрөөнүнүн таманынын жылдык орт. чөгүү ылдамдыгы 0,3–0,4 *мм*ди, Фергана өрөөнүнүн түш.-чыгыш бөлүгүнүкү 0,05–0,4 *мм*ди түзгөн. Кийинчерээк, төртүнчүлүк мезгилдеги жалпы түндүк жарым шардагы климаттык кескин өзгөрүүлөр (муздоо, муз каптоо, кургакчылык м-н нымдуулуктун алмашышы ж. б.) Теңир-Тоонун аймагында климаттын бийиктик алкактуулугун, дарыя тармактарынын калыптанышын шарттаган. Натыйжада бийик көтөрүлгөн тоо кыркаларында мөңгү пайда болуп, алардан агып чыккан суу-дарыялар тоо капталдарынын мурункудан да жыш тилмеленүүсүнө алып келип, рельефте эрозиялык процесстерди өрчүткөн. Бара-бара Теңир-Тоонун бийик тоолуу бөлүгүндөгү мөңгүлөрдүн жылышынан рельефтин формалары (төр, цирк, кой маңдай таштар, корумдар ж. б.) калыптанган. Ал эми агын суулардын тоо текти жемиришинин натыйжасында орто бийиктиктеги тоо капталдарында капчыгай, тик беттер, кашаттар ж. б. пайда болгон. Жапыз тоолордо, о. эле аларга танапташ жаткан өрөөндүрдү аккумуляциялык процесстердин жүрүшүнөн кашат, жал,

оёң-чуңкурлар сымал рельефтин формалары калыптанган. Мөңгү каптаган Теңир-Тоонун чыгыш бөлүгүндөгү бийик тоо кыркалары м-н чокуларында мөңгүнүн кыймылынан пайда болгон рельефтин формалары, ал эми мөңгү аз же дээрлик жок Теңир-Тоонун ортоңку ж-а батыш бөлүктөрүндөгү өрөөндөр м-н тоо капталдарында эрозиялык процесстердин натыйжасында пайда болгон рельефтин формалары (суу кашаттары, шиленди жалдар ж. б.) мүнөздүү.

Жалпысынан Теңир-Тоонун аймагында тектон. кыймылдар м-н кийинчерээк жүргөн эрозиялык ж-а денудациялык процесстердин натыйжасында рельефтин: тектоникалык-денудациялык, тектоникалык-денудациялык-аккумуляциялык ж-а тектоникалык-аккумуляциялык типтери калыптанган.

Тектоникалык-денудациялык типтеги рельеф негизинен бийик ж-а орто бийиктиктеги тоолорго мүнөздүү. Бул жерлерде тектон. көтөрүлүү тоо капталдарындагы денудациялык талкалануулар м-н бирге жүргөн. Тоо капталдарындагы тилмеленүүнүн (капчыгайлардын) орточо тереңдиги 1000–2000 *мди* түзөт. Мындай типтеги рельеф негизинен палеозой ж-а ага чейинки замандардын катуу тектеринен туруп, эрозиялык процесстерге салыштырмалуу туруктуу болгон. Рельефинде аска зоолор, тик беттүү чокулар, корум-таштар, төрлөр ж. б. басымдуу. Фергана кырка тоосунун түш.-чыгыш жагын ж-а Чоң Алай кырка тоолорундагы тектоникалык-денудациялык рельефти мезозой м-н палеогендин чөкмө тектердин калың катмары жаап жатат.

Тектоникалык-денудациялык-аккумуляциялык типтеги рельеф негизинен мезозой заманында, палеоген-неоген мезгилинде пайда болгон моласса түзүлүшүндөгү чөкмөлөрдөн калыптанган. Мындай рельеф Фергана өрөөнүн курчаган тоолордун, Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолорунун этектеринде, Суусамыр, Ортоңку Нарын өрөөндүрүндө кеңири тараган. Бул типтеги рельефте тилмеленүүнүн орточо тереңдиги 100–250 *м*, ал эми айрым жерлерде 350–450 *мге* чейин жетет.

Тектоникалык-аккумуляциялык рельеф негизинен тоо аралык өрөөндөрдүн тамандарында кеңири таралган. Мындай рельеф соңку тектон. кыймылдарда ийилген ж-а төмөн чөккөн өрөөндөрдүн таманына эрозиялык процесстердин натыйжасында агып ж-а шиленип келген борпоң шилендилердин топтолушунан пайда болот. Тектоникалык-аккумуляциялык рельеф Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ысыккөлдүн жээктеринде кездешет.

Теңир-Тоонун аймагындагы сырт зонасы рельефтин өзгөчө тибине кирет. Алар бийик көтөрүлүп калган байыркы түздүктөр түрүндө Кырг-ндын түш.-чыгыш бөлүгүндө (Аксай, Сары-Жаз, Балгарт, Кара-Саз, Ара-Бел, Мүдүрүм, Чоң Үзөңгү-Кууш, Арпа, Чатыр-Көл ж. б.) кеңири аймактарда сакталып калган. Бул Байыркы түздүктөр (Сырт) соңку тектон. кыймылда үзүк-үзүк болуп көтөрүлбөй, текши ж-а жалпы көтөрүлүүгө дуушарланган. Азыркы мезгилдин Сырттагы өрөөндөрдүн тамандары Теңир-Тоодогу бийик тоолордун гипсометриялык деңгээлине чейин көтөрүлүп жатат. Себеби, соңку тектон. кыймылдын натыйжасында текши көтөрүлгөн байыркы түздүктөрдү денудациялык бир аз талкалануулар гана болуп, активдүү эрозиялык ж-а аккумуляциялык процесстер дээрлик жүргөн эмес. Аны өрөөндөрдүн таманындагы чөкмөлөрдүн жука катмары же дээрлик жоктугу айгинелеп турат.

Теңир-Тоонун аймагында мөңгүнүн, кардын, түбөлүк тоңдун аракетинен ж-а сейсмдик-гравитациялык процесстердин таасиринен калыптанган рельефтин формалары дагы бар. Алсак, мөңгүнүн жылышынан пайда болгон төрлөр ж-а корумдар төртүнчүлүк мезгилдин калыптанып, бийик тоолордогу өрөөндөрдүн баш жактарында сакталып калган. Рельефтин мындай формалары Сары-Жаз, Ара-Бел, Тарагай, Карасай, Тосор, Чаткал, Чоң Кемин, Чилек ж. б. өрөөндөрдүн жогорку бийик тоолуу бөлүгүндө басымдуу. Мис., Борб. Теңир-Тоодогу Энилчек, Кайыңды, Сары-Жаз өрөөндөрүнүн башындагы төрлөрдүн уз. 100 *кмден* ашык.

Теңир-Тоонун аймагындагы түбөлүк тоң неоген-антропогендеги климаттын муздоосунан пайда болгон. Кийинчерээк анын таасиринен рельефтин тоң дөбөчөлөрү, тоңдун эрүүсүнөн пайда болгон оёңдор, ызгаардан пайда болгон кыртыш жаракалары, шилендилер м-н көмүлгөн муз калдыктары бар аянттардагы чуңкурлар ж-а үңкүрлөр сымал формалары Теңир-Тоонун 3000 *м* бийиктиктен жогору бөлүгүндө таралган. Мындай рельефтин формаларынын туташ ж-а кеңири тараган аймагы Борб. Ички Теңир-Тоодогу Сары-Жаз, Ара-Бел, Кум-Төр, Жогорку Нарын, Ак-Шыйрак, Аксай, Чатыр-Көл, Арпа, Соңкөл, Алай сымал бийик тоолуу өрөөндөрдүн таманында ж-а аларга танапташ жаткан тоо капталдарында кездешет.

760339

Сейсмдик-гравитациялык негизде пайда болгон рельефтин формалары Теңир-Тоодо көпчүлүк учурда ири тектон. жаракалар зонасына ж-а алар тутумдашкан аймактарга мүнөздүү. Жалпысынан рельефтин мындай формалары жер титирөөлөрдөн келип чыккан жер кыртышындагы жылышуулар м-н кысылуулардан пайда болгон. Алар негизинен катуу тоо тектердин урап түшүүсү, жер көчкү ж. б. Көбүнчө Түндүк Теңир-Тоого, ал эми жер көчкүлөр Батыш ж-а Түш. Теңир-Тоонун аймагына мүнөздүү.

Теңир-Тоонун рельефи гипсометриялык жагдайына, геол. өсүп-өнүгүү тарыхына ж-а түрдүү геоморфологиялык процесстердин жүрүшүнө жараша негизинен үч комплекске бөлүнөт: тоо этегиндеги түздүктөр ж-а өрөөндөр; бөксө тоолор м-н адырлар; бийик тоолор.

**Тоо этегиндеги түздүктөр м-н өрөөндөр** комплекси негизинен кенен ойдуңдар ж-а тоо аралык өрөөндөргө мүнөздүү. Ага Чүй, Фергана, Талас, Ысыккөл ж. б. өрөөндөр кирет.

Бул өрөөндөрдө соңку тектон. кыймылдын башталышынан бери азыр да жүрүп жаткан ийилүү процесси орун алып, натыйжада ал өрөөндөрдө тоо капталдарынан агып ж-а шиленип келген чөкмөлөр топтолгон. Алардын калыңдыгы 300–500 *мге* чейин жетет. Бул чөкмөлөрдүн астында байыркы палеозой м-н мезозой замандарындагы тоо тектердин калың катмары жатат. Бул комплекс тоо капталдарынан агып чыккан суулардын шилендилеринен турган этек (шлейф, тилмеленүүсү 5–10 *мге* жетет); анча эңкейиш эмес, майда кум м-н чопо аралаш жаткан түздүктөр (тилмеленүүсү орточо 2–5 *м*, толкун сымалдуу майда өңгүл-дөңгүлдүү түздүктөр лёсс ж-а ага окшош үбөлөнгөн тоо тектерден турат; дарыя-суу өрөөндөрүндөгү суу нугунан бир нече тектир болуп көтөрүлүп жайгашкан тектир сымал рельефтин типтери тараган. Фергана, Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү дарыя-суулардын тектирлеринин жалпы саны 6га чейин жетип, алардын ар бири Теңир-Тоодогу төртүнчүлүк мезгилдеги мөңгү каптоо ж-а тартылуу, климаттын кургакчыл ж-а нымдуу болуу этаптары м-н тыгыз байланыштуу.

**Бөксө тоолор ж-а адырлар** комплекси негизинен кырка тоолор м-н аккумуляциялык түздүктөрдүн аралыгында жайгашкан. Алардын ири аймактары Фергана өрөөнүн курчаган адырлар м-н бөксөлөр. Тескей, Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолорунун түн. капталдарында бөксөлөр түрүндө кездешет. Бөксөлөр м-н адырлардын рельефи татаал келип, дөңсөөлөр, жалдар, кырлар, тар капчыгайлуу өрөөндөр, суу тектирлердин калдыктары ж. б. мүнөздүү. Бул комплекстин рельефи мезозой м-н кайнозой замандарындагы борпоң тоо тектер м-н чөкмөлөрдөн куралып, адырлар м-н бөксөлөрдөгү эрозиялык тилмеленүүлөрдүн терендиги 200–500 *мге* жетет. Бөксөлөр м-н адырларга шайкеш рельефтин чап (бедленд), суу өрөөндөрүн карай жантайган жал сымал түрлөрү тоо этектеринде кеңири кездешет. Алардын жакшы сакталган аймактары Алабуга, Кочкор, Ортоңку Нарын өрөөндөрүн курчаган тоолордун капталдарында бар.

**Бийик тоолор** комплекси Кырг-ндын аймагынын басымдуу бөлүгүн (60%тейин) ээлейт. Негизинен палеозой ж-а андан байыркы замандардын чулу кристаллдык тоо тектеринен турат. Бул комплекстин рельефи соңку тектон. кыймылдардын натыйжасында тоолордун жогору көтөрүлүүсүнөн калыптанып, негизинен тектоникалык-денудациялык типтер басымдуу. Тектон. кыймылдын түрдүү ылдамдыгына, денудациялык талкалануунун ургаалдуулугуна ж-а эрозиялык тилмеленүүлөрдүн терендигине жараша ар кандай гипсометриялык бийиктиктеги ж-а формадагы тоолуу рельеф пайда болгон.

Бийик тоолор комплексинде о. эле сырт, төр, тепши сымал өрөөн, жалама аска-зоо, тар капчыгай, корум-шагылдуу тоо капталы сыятуу рельефтин типтери м-н формалары кеңири кездешет. Тоо капталдарындагы эрозиялык тилмеленүүнүн терендиги 2000 *мге* чейин жетет. Алар айрыкча орто бийиктеги тоолордун ярусуна мүнөздүү. Айрым бийик ж-а орто бийиктиктеги тоолордун капталдарында (Күнгөй Ала-Тоонун түштүгүндө, Иле Ала-Тоосунун батышында, Какшаал-Тоонун ж-а Чаткалдын түн. капталдарында ж. б.) анчалык чоң эмес аянттарда байыркы түздүктөр сакталып калган. Бийик тоолуу комплекс литологиялык курамы б-ча өз ара эки типке бөлүнөт. Биринчиси – палеозой ж-а андан байыркы замандарда пайда болгон тоо тектерден куралган бийик тоолор. Алардын басымдуу бөлүгү Борб., Ички, Батыш Теңир-Тоонун аймагында. Экинчиси негизинен мезозой доорунда пайда болгон тоо тектеринен куралган орто бийиктиктеги ж-а бийик тоолор. Мындай тоолорго Фергана өрөөнүнөн түштүгүндө жайгашкан Алай, Түркстан ж-а Чоң Алай тоо кыркалары кирет.

*А. Осмонов*

# ГЕОЛОГИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ Ж-А КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Кырг-ндын геол. түзүлүшү татаал. Ал палеозойдун Урал-Монгол-Охота ж-а мезозой-кайнозойдун Жер Ортолук деңиздик геосинклиналдык кырчоолордун тирешкен жеринен (Чоң Алай терең жаракасынын эки капталынан) орун алган. Палеозойдук кырчоо түштүккө, ал эми мезозой-кайнозойдук кырчоо түндүккө багытталган доголор аркылуу сүзүшүп турат. Көптөгөн катуу жер титирөөлөрдүн очоктору ушул кырчоолордун тирешкен жеринде жайгашкан. Бул жерден түштүгүрөөктө байыркы (палеозойго чейинки) Корей-Кытай платформасынын блоктору орун алган (Тарим массиви ж. б.). Теңир-Тоонун дагы бир өзгөчөлүгү – кайра жаралган (академик В.А.Обручев) же эпиплатформалык (орогендерге) тоолорго (А.Л. Яншин, В.Е. Хаин ж. б.) киргендигинде.

Деңиз деңг. 401 *мден* 7439 *мге* чейинки бийиктиктерде (тепкичтерде) жаткан Кыргыз жергесинде бардык геол. замандардын катмарлары кездешет. Алардын геохронологиялык жашы байыркы организимдердин палеонтологиялык калдыктары аркылуу аныкталган. Ошондуктан Теңир-Тоонун геол. түзүлүшү Евразиянын 600 млн жылдан берки тарыхын чечмелегенге эталон катары каралат.

Кырг-н кеңдик багытта созулган 4 геол. аймакка (тилкеге) бөлүнөт: Түндүк, Ортоңку, Түш. Теңир-Тоо ж-а Түн. Памир. Түн. ж-а Ортоңку Теңир-Тоону Теңир-Тоонун негизги жаракасы бөлүп турат. Ортоңку ж-а Түш. Теңир-Тоону Чаткал-Нарын-Кара-Суу, Атбашы-Эңилчек, Түш.Фергана жаракалары ажыратат. Айрым изилдөөчүлөр (А.В. Пейве, 1945) мындай структуралар мантияга дейре жетип, жүздөгөн млн жылдар бою кыймыл-аракетте болуп келген терең тик жаракалар деп эсептешкен. Талас – Фергана жаракасын терең горизонталдык багыттагы чоң жылыштын (сдвигдин) даана мисалы катары караган. Азыркы күндө Ортоңку ж-а Түш. Теңир-Тоо түн.-батышка созулган Талас–Фергана жылышуусу м-н батыш ж-а чыгыш секторлоруна ажырап турат. Батыш сектору чыгыш секторунан түн.-батышты карай 200 *км* аралыкка жылып кеткен. Көпчүлүк геологдордун пикири б-ча бул жылыш 230 млн жылдан бери болуп келүүдө. Конседиментациялык структуралардын мүнөзү мындан мурда эле горизонталдык жылыш болуп келгенин көрсөтүп турат (К. С. Сагындыков ж. б., 1972, 2002). Талас Фергана жаракасынын түш.-батышында горизонталдык багыттагы татаал айлануу кыймылы болуп жаткандыгы да далилденет (А. Б. Бакиров ж. б., 1996; Л. П. Зоненшайн ж. б., 1990). Фергана горизонталдык бүктөлүүсүн (флексурасын) баяндаган Д.И. Мушкетовдун пикирин Талас – Фергана горизонталдык жылышын ачкан В. Н. Огнев андан ары улады.

Кырг-ндын геол. түзүлүшү, жашы, курамы ж-а калыптануу шарты б-ча кескин айырмаланган төрт мегакомплекске (чоң кабатка) бөлүнөт (А.Б. Бакиров ж. б.): архей-астынкы протерозой; протерозой; үстүнкү протерозой-палеозой; мезозой-кайнозой. Биринчи, үчүнчү мегакомплекстер континенттик ж-а океандык геодинамикалык абалдарда, экинчи ж-а 4-мегакомплекстер жалаң эле континенттик абалда жаралган тоотектерден түзүлгөн. Биринчи мегакомплекстин океандык кыртыштары ультра-базиттерден, амфиболиттешкен базиттерден ж-а силициттерден турат. Экинчи протерозой мегакомплексиндеги тоотектер континенттик шарттарда, континенттин ичиндеги рифтерде пайда болгон. Биринчи ж-а 2-мегакомплекстердин тоотектери Түн. ж-а Ортоңку Теңир-Тоодо жолугат. Жогорку протерозой-палеозой мегакомплексинин тоотектери Кырг-ндын көптөгөн геол. тилкелеринен кезигет. Континенттик, о. эле океандык абалда пайда болгон геол. түзүлүштөр да бар. Океандык бассейндин жабылуу убактысы б-ча астынкы палеозойлук (каледондук) ж-а үстүнкү палеозойлук (герциндик) болуп эки комплекске бөлүнөт. Океандык шарты Түн. ж-а Түш. Теңир-Тоонун офиолиттеринен баамдалат. Ортоңку ж-а үстүнкү палеозойдо Түн. ж-а Ортоңку Теңир-Тоо түндүктөгү аймактар м-н биригип, Кыргыз-Казак микроконтинентин (эпигеосинклиналдык тоолор м-н ойдуңдарды) түзөт. Океандык абал Түш. Теңир-Тоонун аймагында сакталган (силур-астыңкы карбон). Жогорку палеозойдо Түш. Теңир-Тоодо да континенттик кыртыш түзүлөт. Алар орто кычкылдуу, кычкылдуу ж-а щелочтуу магма тоо тектеринен континенттик шарттарда пайда болгон.

Түн. Памирде Тетис деңиз бассейнине тиешелүү мезозой-кайнозойдун тоотектери сакталып калган. Теңир-Тоонун мезозой-кайнозой мегакомплекси эки комплекстен ту-

рат. Мезозой-астынкы кайнозой платформалык комплекси негизинен юранын таш көмүрлүү катмарларынан, бор-ортоңку палеогендин чопо, акиташ тектеринен турат. Бор-палеогенде пайда болгон базальттар да учурайт. Үстүнкү кайнозой орогендик комплекси бүт бойдон олигоцен-голоцендеги ойдуңдарда жолугат. Континенттик тоотектер кызыл түстүү, арасында туздуу катмарлар жолугат. Жаш платформалык комплекс Талас – Фергана жаракасынан түш.-батышта жатат. Аларда мунайдын ж-а табыйгый газдын кендери пайда болгон. Талас–Фергана жаракасынын түн.-чыгыш капталында мунай, газдуу катмарлар белгисиз. Бул жерде жаш тоолор (оргендер) басымдуу болгон.

Кайнозойдун аягында жаш тоолор Кыргызстандын бардык жеринен орун алат. Айрыкча антропоген мезгилинде тоолор өтө бийик көтөрүлгөн. Муну жогорку палеоген-антропоген тоотектеринин ойдуңдардагы калыңдыгы (4–6 *км*) же ошого барабар келген тоолордун бийиктиги айгинелеп турат. Геофизикалык маалыматтар б-ча Кырг-ндын түндүгүндө жер кыртышынын калыңдыгы 50 *км*, ал эми түштүгүндө 75 *км*ге жетет. Мезозой–алгачкы кайнозойго караганда антропогенде жер кыртышы 15–35 *км*ге калыңдап калгандай. Демек, ал Теңир-Тоо тынымсыз кыймылда экендигин далилдейт. Анткени түндүктөн Евразия, түштүктөн Индия-Австралия литосфералык плиталары бирибирине карай жылып тирешүүдө. Муну жогорку палеоген-антропогендеги (35 млн жылдагы) 4–6 *км*ге жеткен тик ылдый-өйдө жылышуудан көрөбүз. Ошол эле учурда, Теңир-Тоо орогенинин туурасы жылына орто эсеп м-н 20 *мм*ге кууштап баратат деген маалымат бар. Буга Талас–Фергана түз багыттагы жылышы да мисал боло алат.

Жер титирөөлөр (сейсмдүүлүк). Кырг-нда жылына 1500гө чейин жер титирөө болот. Мындай жогорку сейсмдүүлүктү геодинамикалык процесстердин активдүүлүгү ж-а геол.-тектон. түзүлүштүн татаалдыгы шарттайт. Теңир-Тоо аймагында байыркы мезгилдерде болуп өткөн катуу жер титирөөлөрдү сейсмогравитациялык көрүнүштөрдөн (уроо, үзүлүү, жеркөчкү, бөгөт көлдөр) билүүгө болот. 1887-ж. Алматы ш-нын жанында өтө катуу жер титирөө болуп, ал Кырг-ндын аймагында да сезилген. 1885-жылкы Аксуу (9–10 балл) жер титирөөсүнөн Аксуу, Карабалта кыштактары кыйраган, Кыргыз Ала-Тоосунун капталдарында уроолор, жер көчкүлөр, тоо этегинде уз. 20 *км*ге, эни 2 *м*ге жеткен жарака пайда болгон. Бишкек, Сокулук, Чалдыбарда күчү 7–8 баллга жеткен жер титирөө болуп, начар үйлөр ураган. 1811-ж. Түн. Теңир-Тоодо сейсмдик зор катастрофа – күчү 10–11 баллга жеткен Кемин жер титирөөсү болгон. Чоң Кемин өрөөнүндөгү ж-а Ысык-Көлдүн күнгөйүндөгү кыштактар дээрлик кыйрап, 1500дөн ашуун адам набыт болгон. Жер бетиндеги ири бузулуулар (жарака, жер көчкү, уроо) зонасынын уз. 250 *км*ге жеткен. 1938-ж. июнда очогунда (Чүй өрөөнүн чыгыш жак четиндеги Желарык бекетине жакын жер) 8 баллга жеткен жер титирөө болуп өткөн. 1946-ж. болгон 9–10 баллдык Чаткал жер титирөөсү кеңири аймакты кучагына алган. Ош, Жалал-Абад, Анжиян, Ташкен сыяктуу ш-дагы көптөгөн курулмалар, имараттар зыян тарткан. Титирөөнүн борб. зонасында (уз. 100 *км*ге чейин, туурасы 15–20 *км*) жайгашкан калктуу жайлар талкаланган, өрөөндөр м-н тоо этектеринде ири көчкүлөр, уроолор, жер кыртышында чоң жаракалар пайда болгон, Сарычелек көлүнүн бир бөлүгү көмүлүп калган. Чаткал жер титирөөсү көпкө басылбай кайталанып турган; башкы силкүүдөн кийинки бир ай ичинде 230дан ашуун титирөө болуп өткөн. Сарычелек аймагындагы көлдөр да мындан көп жылдар мурда болгон жер титирөөдөн жаралган. 1970-ж. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө 8–9 баллдык Сарыкамыш жер титирөөсү болду. Очогунун өлчөмү ж-а бөлүп чыгарган энергиясы б-ча Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы эң ири жер титирөө болуп саналат. Катуу титиреген зона бир нече айылды камтып, көптөгөн үйлөр кыйрап же жарым-жартылай бузулган. Тоодо уроолор, жер көчкүлөр көп болгон. 1978-ж. Ысык-Көлдүн чыгышында Түп жер титирөөсү болуп, анын күчү очогунда 8–9 баллга жеткен. 1977-ж. Баткен р-нунун аймагында күчү 8–9 балл болгон жер титирөө Кырг-н, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстандын көптөгөн райондорун да силкип өттү. Анын эң күчтүү титирөөсү Сох м-н Исфана сууларынын аралыгына туура келип, мындагы айыл-кыштактар (8ден ашык) абдан жабыр тарткан. 1992-ж. майда Кырг-ндын түштүгүндө Кочкор-Ата жер титирөөсү болуп, анын күчү 7–8 баллга жеткен. Эпицентр аймагынын уз. 40 *км*, туурасы 5–7 *км*ди түзгөн. Кочкор-Ата ш. ж-а ага жакын жайгашкан айылдар кыйроого учурап, жер көчкүлөр жүргөн.

1992-ж-дын августунда эң катуу титиреген зона Суусамыр кырка тоосунун түш. ж-а түн. капталдарын, Суусамыр, Арамза, Кетментөбө ж-а Талас өрөөндөрүн камтыган. Ал зонанын аймагындагы айыл-кыштактардын 60–80% кыйраган. Бишкек–Ош автомобиль жолунун кыйла бөлүгү катуу бүлүнгөн. Адепки күчтүү силкинүүдөн кийинки 3 сутка ичинде 266га чейин майда титирөө байкалып, андан кийин жарым жыл бою билинер-билинбес титирөөлөр болуп турган. 1997-жылдын январында дагы бир сейсмдик алаамат Акталаа р-нун элдерин жабыркаткан.

Кырг-ндын аймагы к е н  б а й л ы к т а р г а бай. Алар негизинен күйүүчү заттар, металлдар, металл эместер ж-а жер астындагы суулар м-н дары баткактардын кендери болуп бөлүнөт. К ү й ү ү ч ү  з а т т а р д а н көмүр, күйүүчү сланец, чымкөң, газ ж-а мунайдын кендери табылган. Көмүрдүн геол. запасы б-ча Кырг-н Орто Азияда алдыңкы орунду ээлейт. Көмүр кендери негизинен мезозой заманынын башталышында пайда болуп, бардыгы 30дан ашуун кен табылган. Алардын көбү Өзгөн таш көмүр бассейни м-н Кабак күрөң көмүр бассейнинде ж-а Түштүк Ысык-Көл көмүрлүү аймагында топтолгон. Алар таш көмүр ж-а күрөң көмүр болуп эки түргө бөлүнөт. Таш көмүрдүн запасы көбүрөөк. Азыркы учурда Түш. Кырг-нда Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Абшыр, Алмалык, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр (Нарын) ж. б., Түн. Кырг-нда Каракече, Жыргалаң, Сөгөттү, Миң-куш кендеринде көмүр казып алынып, Кырг-нды, о. эле Орто Азиянын айрым өлкөлөрүн көмүр м-н камсыз кылууда. Кырг-ндагы көмүрдүн геол. жалпы запасы 28 317 млн т. О. эле к. Түштүк Фергана көмүрлүү аймагы, Алай көмүрлүү аймагы, Өзгөн таш көмүр бассейни, Түндүк Фергана таш көмүр бассейни, Кабак күрөң көмүр бассейни, Алабуга-Чатыркөл көмүрлүү аймагы, Түштүк Ысык-Көл көмүрлүү аймагы макалаларын. Мунай ж-а газ кендери респ-нын түштүгүндө жайгашып, Фергана мунай-газ аймагына кирет. Алар мезозой-кайнозойдун чөкмө-тектеринде топтолгон. Мындагы Майлы-Суу, Чыгыш Избаскен, Чаңгырташ, Каражыгач мунай кендери, Кызыл-Алма, Сузак, Сары-камыш, Сарыташ газ кендери пайдаланууга берилген. Ошондой эле Избаскен, Майлы-Суу III, Майлы-Суу IV, Түн. Риштан мунай-газ кендери бар. Күйүүчү сланецтердин запасы бир гана Өзгөн таш көмүр бассейниндеги Каргаша кенинде белгилүү. Анын жалпы запасы 65 млн т, бирок азырынча казылбайт. Чымкөң жаткан жерлер Кырг-ндын аймагынын 0,02%ин ээлейт. Алар негизинен Нарын, Чүй, Талас, Жыргалаң суулары ж-а алардын куймаларынын жайылмаларындагы саздарга туура келет. Кендери майда; запасы 5 млн $м^3$ге жеткен чымкөң жаткан жер Чүй өрөөнүндө (Токмок кени), 3 млн $м^3$ге чейинкиси Ысык-Көл ойдуңунда (Коңурөлөң кени) жайгашкан. М е т а л л д а р д а н Кырг-ндын аймагында негизинен темир, жез, коргошун, цинк, молибден, боксит, висмут, сымап, сурьма, алтын ж-а калайдын кендери бар. Алардын ичинен полиметалл, сейрек металлдардын, о. эле сымап, сурьма, калай ж-а баалуу металлдардын кендери ө. ж-лык мааниге ээ. Нарын д-нын баш жагындагы Жетим кырка тоосунда темир кенинин эң чоң кору жайгашкан (Жетим темир кени). Жез рудалары респ-нын аймагында скарн, гидротерм ж-а стратиформ жолдору м-н пайда болгон миңдей майда кендерде кезигет. Алар аймактын дээрлик бардык жеринде учурайт. Айрыкча, Ортоңку Теңир-Тоонун Чаткал–Курама бүктөлүү аймагында (Боз-Эмчек ж. б.) ж-а Чаткал зонасына (Куру-Тегерек, Суулутегерек ж. б.) топтолгон. Коргошун-цинк рудалары Кырг-ндын дээрлик бардык жеринде ж-а ар кандай тоо тектерде кезигет. Алар генезистик жактан гидротерм ж-а стратиформ болуп эки түргө бөлүнөт. Гидротерм тарам түрүндөгү коргошун-цинк кендери өзгөчө Түн. Кырг-нда кеңири таралган (Коргон, Борду, Чолок-Терек, Темиртор-Булак, Ак-Көл, Арсы ж. б.). Статиформ тобундагыларына Чаткал кырка тоосундагы Сумсар, Кара-Үңкүр, Ак-Башат ж. б., Ысык-Көлдүн чыгышындагы Экичат, Чаар-Кудук, Каркыра ж. б. кендери кирет. Алар негизинен карбонат тоо тектеринде кездешет. Молибден-ванадий рудалары Теңир-Тоонун ортоңку ж-а түн. зоналарында таралган. Алар негизинен кембрий-ордовик мезгилдеринде пайда болгон көмүрлүү ж-а көмүрлүү-чопо-кремнийлүү сланецтердин катмарларында топтолгон. Бардыгы 200дөй майда кен белгилүү (Бүркүт, Сары-Жаз ж. б.). Бокситтин майда кенчелери Түш. Ферганадан (Акшагыл, Катыраң-Башы, Зарделек, Айдаркен, Чабай ж. б.), Майлы-Суу, Кызыл-Кыя ж-а Таш-Көмүр кендеринин аймагынан табылган. Висмут рудалары Кастек тоосунда, Талас Ала-Тоосунда жез-висмут формациялар түрүндө кездешет (Миронов, Чырганак ж. б.).

Сымап рудалары негизинен Түш. Кырг-ндын аймагында таралган. Алардын ичинен карбонат тоо тектеринде топтолгон гидротерм тобундагы кендер негизги ө. ж-лык мааниге ээ (Айдаркен, Чоңкой, Чабай ж. б.). Сурьма рудаларынын ө. ж-лык маанидеги кендери Түш. Кырг-нда жайгашкан (Кадамжай, Терек-Сай ж. б.). Алар негизинен карбондун сланец ж-а карбонат тектеринин кошулган жерлериндеги брекчия зоналарында кезигет. Кыргызстан КМШ өлкөлөрүндө сурьма казып алуу б-ча негизги аймактардын бири. Анын кендеринен бөлүп алынган сурьма сапаты б-ча дүйнөлүк эталон катары эсептелет.

Алтын кендери негизинен скарн ж-а гидротерм жолдору м-н пайда болуп, магма тоотектери м-н байланыштуу. Кыргызстандын аймагында алтын кендери байыркы мезгилден бери белгилүү болгон. Байыркы мезгилдеги казуу иштеринин издери Боз-Эмчек, Кичи Сандык, Куру-Тегерек, Ак-Таш, Кум-Бел, Куран-Жайлоо сыяктуу чулу кендерден ж-а Касан, Чаткал, Чандалаш, Кум-Бел, Нарын д-нын жээктериндеги чачынды кендерден байкалат. Кийинки иликтөөлөрдүн негизинде Кырг-ндын кен байлыктарынын ичинен алтын алдыңкы орунда экени айкын болду. Ири кендери: Кум-Төр, Макмал, Жерүй, Солтонсары, Талдыбулак, Куран-Жайлоо, Терек-Кан, Терек, Куру-Тегерек ж. б. Күмүш респ-дагы дээрлик бардык алтын ж-а полиметалл кендеринин курамында кездешет. Күмүштүн накта кени–Күмүштак. Калай рудалары Кырг-ндын аймагында да кеңири тараган. Калайдын түрдүү генезистик типтеги (скарн, грейзен, гидротерм ж. б.) майда көптөгөн (100дөн ашуун) кени Кыргыз Ала-Тоосунун батыш, Күнгөй Ала-Тоонун ортоңку бөлүктөрүндө, Чаткал–Курама тоолорунда кездешет. Өнөр жайлык маанидеги кендер негизинен Сары-Жаз ж-а Акшыйрак кырка тоолорунда бар (Таш-Короо, Атжайлоо, Үчкошкон, Сары-Булак ж. б.). Респ-нын аймагында, о. эле марганец, хром, титан, ванадий, вольфрам, мышьяк, кобальт, тантал, ниобий, стронций, германий ж. б-дын майда кенчелери да белгилүү.

Кырг-нда уран кендери, эндогендик ж-а экзодиагендик болуп эки типке бөлүнөт. Эндогендик кендер өз ичинен–пегматиттер, нагыз уран кендери, уранторий кендери болуп 3 типке бөлүнөт. Пегматиттеги уран кендери негизинен Талас Ала-Тоосунда, Жумгалтоодо, Үтүрөң массивинде кездешет. Нагыз уран кендерине Көкмойнок, Үтөртуюк, Капчыгай, уранторий кендерине–Котуртөбө кендери кирет. Урандын диагенездик кендерине көмүрлүү, карбонаттуу чөкмөлөрдөгү, терриген чөкмөлөрүндөгү инфильтрациялык, көмүртек-кремнийлүү сланецтердеги, аллювий чөкмөлөрүндөгү кендер кирет. Республикадагы уран кендеринин ичинен уран-көмүр тибиндегиси маанилүү (Тууракабак кендеринин тобу, Кажысайдагы Жел кени казылып алынган). Карбонат катмарындагы Майлы-Суу, Шакафтар ж. б. кендери да казылган. Терриген чөкмөлөрүндөгү инфильтрациялык уран кендерине Чүй облусундагы Серафимовка кенчелер тобу (Желди-Суу, Норус, Сары-Жыгач ж. б.) кирет.

Кырг-ндын аймагы м е т а л л  э м е с  к е н д е р г е да өтө бай. Аларга кооздук таштар–акиташ теги, мрамор, гранит, сиенит, гипс ж-а табигый курулуш материалдар–чопо, кум, шагыл, о. эле туз, слюда, барит, тальк, күкүрттүү колчедан ж. б. кирет. Кырг-нда таш туздун Кочкор (Чоң-Туз), Желди-Суу, Шамшыкал, Тунук-Туз сыяктуу бир нече кени бар. Алардын баланстык запасы 6315,0 миң т. Слюданын (мусковиттин) 2 кенине–Кара-Суу–Каравшин ж-а Кырк-Булак кендерине геол. чалгындоо жүргүзүлгөн. Бариттин 43 кени м-н кенчеси белгилүү. Алардын көбү барит-флюорит ж-а барит-кварц тарамдары түрүндө кезигет. Запасы б-ча ирилери: Молдо-Тоодогу Табылгыты кени (запасы 394,2 миң т), Алай кырка тоосундагы Белөрүк кени (11,6 миң т). Күкүрттүү колчедан Талас Ала-Тоосундагы Ачыкташта (баланстык запасы 4477 миң т), о. эле Фергана өрөөнүнүн түш. четиндеги палеогендин чөкмө тектеринен табылган. Чаңгырташ кенинин ө. ж-лык мааниси бар. Ал нукура күкүрттөн турат. Кырг-ндын аймагынан, о. эле асбестин (Үкөк, Ала-Баш ж. б.), тальктын (Шамал-Тал, Талказы, Туктукыр-Булак ж. б.), графиттин (Кызыл-Булак, Топон, Тепши ж. б.) көптөгөн майда кенчелери табылган. Имараттарды ж. б. курулуштарды кооздоп каптоо үчүн кеңири колдонулуучу кооз таштар –акиташ теги, мрамор, доломит, үлүлдүү акиташ теги, гранит, сиенит ж. б. тоотектер Кырг-ндын бардык жеринде кезигет. Алардын ири кендери: Кыртабылгы гранит кени (запасы 4,7 млн $м^3$), Ак-Өлөң кени (1,4 млн $м^3$), Сарыташ кени (17 млн $м^3$), Кайынды кени

(9,0 млн $м^3$), Арым кени (1,3 млн $м^3$) ж. б. Ошондой эле Кырг-ндын аймагында майда кооз буюмдарды, эстеликтерди даярдоого жарактуу өтө кооз таштардын (мрамор ониксы, озокерит, флюорит, тоо хрусталы, исланд шпаты, амазонит, яшма, роговик, родонит, нефрит, лиственнит, агальматолит, глиеж ж. б.) көптөгөн кендери белгилүү. Чопо м-н кум топурактын геол. чалгындалган 30дан ашуун кени бар. Алардын баланстагы жалпы запасы 104 млн $м^3$ ден ашат. Эң ирилери Орок, Ленинполь, Покровка, Мырзаке, Ош, Нарын, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад ж. б. кендери. Кырг-ндын аймагында кеңири таралган кумшагылдын 20дан ашуун кенинде геол. чалгындоо жүргүзүлүп, жалпы запасы (117,2 млн $м^3$) аныкталган. Ири кендери: Балыкчы, Ысык-Ата, Беш-Таш, Кожояр, Ак-Терек ж. б. Респ-да, о. эле кумдун 10дон ашуун кени бар. Алардын ичинде Ивановка кум кенинен жылына 209 миң $м^3$ кум казып алынат. Керамзит ж-а аглопорит сырьёлору катары колдонулуучу чополуу сланецтин 2, кум-топурактын 3 кени казылып, керамзит м-н аглопорит өндүрүшүндө пайдаланылууда. Алардын жалпы запасы 15 млн $м^3$. Жылуулук өткөрбөөчү материал катары ж-а минералдык таш буласын алууда керектелүүчү базальттын респ-дагы жалпы запасы 5,5 млн $м^3$ (Суулутерек ж. б.). Гипстин баланстык жалпы запасы 7 млн $м^3$ болгон 6 кенинде (Бак-Терек, Жыргалаң, Ордошах, Ноокат ж. б.) геол. чалгындоо жүргүзүлгөн. Цемент сырьёсунун (акиташ теги, чопо) жалпы запасы 260 млн. *т* болгон 4 кени казып алынууда. Ак-Сай, Агала-Таш, Күрмөнтү, Исфайрам кендеринин запасы мол. Цемент сырьёсу Кант, Кубасай, Күрмөнтү цемент з-ддорунда пайдаланылат. Имараттарды акилөөчү акиташ алынган акиташ тегинин ири кендери (Ленинполь, Карагайлыбулак, Чаңгырташ ж. б.) казылып, ө. ж-да пайдаланылууда.

Кырг-н жер астындагы тузсуз таза сууга бай. Ал чарбада кеңири пайдаланууда. Ошондой эле дээрлик бардык типтеги минералдуу суулардын түрлөрү бар, дары баткак чыккан жерлер да көп. Кырг-н аймагында 50дөн ашуун минералдуу жылуу ж-а ысык суу чыккан жер белгилүү. Алардын арасында иод-бромдуу (Избаскен, Кочкор-Ата ж. б.), радондуу (Жети-Өгүз, Кереге-Таш ж. б.), аз минералдашкан кремнийлүү (Ысык-Ата, Ак-Суу ж. б.) жылуу суулар да бар. Респ-дагы жылуу суулардын табигый ресурсу 200 *л/сек*. Андагы 10 жылуу суу булактарынын базасында курорттор м-н бальнеологиялык дарылоо мекемелери (Ысык-Ата, Жалал-Абад, Жети-Өгүз, Ак-Суу, Жыргалаң ж. б.) иштейт. Респ-нын аймагында көмүркычкыл суу чыккан 25тен ашык булак белгилүү. Алар негизинен Фергана тоо тизмеги м-н Борб. Теңир-Тоодо. Суу ресурсунун дебити 100 *л/сек*га жетет. Суусун катары ичилүүчү Ак-Суу, Чатыркөл, Бешбелчир-Арашан суулары, дарылануууга ж-а суусунга керектелүүчү Карашоро, Жалал-Абад суулары геол. жактан чалгындалып, кеңири пайдаланылууда. Сульфиддүү суулар респ-нын түштүгүндө, негизинен мунай-газ кендерине жакын жерден чыгат (10дон ашуун булагы бар). Дары баткактар негизинен Ысык-Көл аймагында (Кара-Ой, Жыргалаң ж. б.), Чүй өрөөнүндө (Камышановка ж. б.), о. эле Фергана өрөөнүндө (Жалал-Абад ж. б.) бар. Алардын жалпы запасы 5 млн $м^3$ ден ашуун. Респ-нын бальнеол. мекемелеринде кеңири пайдаланылат.

*К. Сагындыков*

# КЛИМАТЫ

Кырг-ндын аймагынын климаты анын геогр. абалы м-н аныкталып, климатты түзүүчү факторлордун–күн радиациясынын, атмосфералык циркуляциянын ж-а жер бетинин өзгөчөлүгүнүн таасиринен түзүлөт. Кырг-н Евразия материгинин ички бөлүгүндө ж-а океандардан алыс жайгашып, чөлдөр м-н чектешип турушу анын климатынын кургак, континенттик болушуна шарт түзөт. Бирок, тоолуу рельеф климаттын континенттүүлүгүн басаңдатып, чектеш жайгашкан түздүктүү аймактарга караганда жылдык температуралык амплитуданын төмөндөшүнө, булуттуулук м-н жаан-чачындын өлчөмүнүн өсүшүнө алып келет.

Кырг-ндын басымдуу бөлүгү мелүүн, түштүгү субтропиктик климаттык алкактарда жайгашкан.

К ү н р а д и а ц и я с ы – климатты түзүүчү негизги факторлордун бири. Күндүн горизонттон бийик жайгашышы декабрда 23–25°, июнда 69–70°ту түзүп, күн нурунун жердин бетине келип түшүү өлчөмүнө таасирин тийгизет. Күн тийип турган убакыттын узактыгына булуттуулук ж-а горизонттун ачыктыгы да таасир этет; анын жылдык орт. көрсөткүчү кууш өрөөндөрдө (Чоң Кызыл-Суу, Жети-Өгүз ж.б.) 1700–1800, ал эми жазы, ачык өрөөндөрдө 2500–2900 саат. Күн тийип турган убакыттын узактыгы жыл сезондоруна жараша өзгөрөт: Кырг-ндын түн.-чыгышындагы кууш өрөөндөрдө июлда 180 сааттан ашык, Фергана, Чаткал жазы өрөөндөрүндө 365 саатка чейин; декабрда 85 сааттан 200 саатка чейин. Суммардык күн радиациясынын көрсөткүчү бийиктеген сайын жогорулап, Чүй өрөөнүндө 5547 *МДж/м²* (Бишкек метеостанциясы, деңиз деңг. 756 *м* бийиктикте), сырт зонасында 6660 *МДж/м²* (Теңир-Тоо метеостанциясы 3610 *м*). Мындай көрүнүш айрыкча жылдын жылуу мезгилинде даана байкалат.

Климаттын түзүлүшүнө а т м о с ф е р а л ы к ц и р к у л я ц и я н ы н тийгизген таасири зор. Жылдын суук мезгилинде Кырг-ндын басымдуу бөлүгү Сибирь антициклонунун таасири астына болуп, ачык, суук аба ырайы басымдуулук кылып, темп-ралык инверция байкалат. Кышкы жаан-чачынды суук атмосфералык фронттор, батыш, түн.-батыш ж-а түндүктөн келген аба массалар, Түш.-Батыш Кырг-нга түштүктөн соккон циклондор алып келет. Жылдын жылуу мезгилинде термиялык депрессия түзүлүп, батыштан, түн.-батыштан ж-а түндүктөн келген аба массалары өрөөндөрдө бир аз гана ысыкты басаңдатса, тоо капталдарында жаан жаап, чагылган жүрөт.

Климаттын түзүлүшүнө ж е р б е т и н и н тийгизген таасири да зор. Республиканын рельефи тоолуу болгондуктан климаттын бийиктик алкактуулугу байкалат. Тоолуу аймактарда бийиктик б-ча аба басымынын, темп-ранын (орто эсеп м-н 0,6°С/100 *м*), о. эле жылдык ж-а суткалык амплитуданын көрсөткүчүнүн төмөндөшү, жаан-чачындын өлчөмүнүн белгилүү бийиктикке чейин жогорулашы байкалат. Ысык-Көл өрөөнүнүн таманында ири көлдүн жайгашышына байланыштуу, анда континенттиктен деңиздикке чейинки климаттын бүт типтери байкалат. Жапыз тоолуу өрөөндөрдө атмосфералык басым 950 *гПа*дан (Чүй өрөөнүнүн түндүгү, деңиз деңг. 596 *м* бийиктикте), бийик тоолуу аймактарда 650 *гПа*га чейин (Кум-Төр, 3614 *м*). Басымдын минималдык көрсөткүчү өрөөндөрдө июлда, максимуму ноябрда, бийик тоолордо мартта ж-а август-октябрда байкалат.

Респ-нын аймагынын басымдуу бөлүгүндө тоо-өрөөн шамалдары мүнөздүү. Түн ичинде тоо капталдарынан өрөөндү, күндүз өрөөндөн тоо капталдарын көздөй согот. Жыл ичинде негизинен тоодон соккон шамал басымдуулук кылып, өрөөн шамалы кыш мезгилинде чак түштө гана байкалат. Суук аба массалары келген учурда батыштан соккон шамал басымдуулук кылат. Ысык-Көл өрөөнүнө бриз шамалы мүнөздүү. Шамалдын орт. жылдык ылдамдыгы 1–3 *м/сек*. Өтө катуу шамалдын болушуна тоо кыркалар тоскоолдук кылат. Бирок, кээде суук аба массалар киргенде батыштан катуу шамалдар согот. Ал эми түштүктөн келген циклондор чыгыш ж-а түш.-чыгыш багытындагы фён шамалдарынын пайда болушуна шарт түзөт. Жылына республикада 2–4 күндөн 15–20 күнгө чейин катуу шамалдар (>15 *м/сек*) байкалат. Ысык-Көл ойдуңунда катуу шамалдардын кайталанышы борб. ж-а чыгыш бөлүктөрүндө 20–50 күн, батышында 70 күндөн ашык, айрым жылдарда 120 күнгө чейин жетет. Батышта көбүнчө «Улан», чыгышта «Санташ» шамалдары согуп, бир учурда соккондо сейши толкуну пайда болот. Абанын

салыштырмалуу нымдуулугу кышында өрөөндөрдө 80%тен тоонун кырына жакын 50%ке чейин, жайында Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарында 35–40%тен, муздуу зонанын этегинде 70%ке чейин өзгөрөт. Салыштырмалуу нымдуулуктун амплитудасы өрөөндөрдө 35–40%, тоо капталдарында 6–10%, Ысык-Көлдө 10–12%тен ашпайт.

А б а н ы н т е м п е р а т у р а с ы бийиктик б-ча өзгөрүп, анын көрсөткүчүнө рельефтин тийгизген таасири чоң. Абанын жылдык орт. темп-расы өрөөндөрдө 5–6°Сден 10–13°Сге чейин, бийик тоолуу зонада –7...–8°С. Акыркы 30 жыл ичинде абанын орт. темп-расы респ-да 0,6–0,7°С жогорулаган (1961–1990 ж.). Абс. бийиктиктин абанын темп-расына тийгизген таасири айрыкча жылдын жылуу мезгилинде байкалат. Эң жогорку темп-ра жай мезгилинде Чүй өрөөнүнүн түндүгүндө, Фергана өрөөнүндө байкалат. Фергана өрөөнүндө июлдун орт. темп-расы 25–27°С, бийик тоолуу аймакта 4°С (Кум-Төр, 3610 *м*).

Кышында абанын темп-расынын өзгөрүшүнө рельефтин формасынын тийгизген таасири зор. Тоо капталдарына караганда туюк өрөөндөрдө ж-а ой жерлерде кышкы абанын темп-расы төмөн болуп, эң төмөнкү кышкы темп-ра туюк өрөөндөрдө (Суусамыр, Ак-Сай өрөөндөрүндө) байкалат. Айлык орт. темп-ранын эң төмөнкү көрсөткүчү кышында Суусамыр өрөөнүндө (2600 *м* бийиктикте) – 21,5°, Кум-Төрдө (3610 *м*) – 21,9°С байкалат. Кышкы эң жогорку темп-ра Фергана тоо тизмегинин ж-а Кыргыз Ала-Тоосунун этектеринде, Ысык-Көл ойдуңунда – 2...–4°Сди түзөт.

Ош, Жалал-Абад облустарынын түздүктүү аймактарында кыш кыска, декабрдын 2–3-декадасында башталып, февралдын 2-декадасында аяктайт. Түш. Кырг-ндын тоо этегиндеги аймактарында, Чүй, Талас, Ысык-Көлдө кыш ноябрдын 2–3-декадаларында башталып марттын 1–2-декадасына чейин жетет. Нарын облусунун зоналарында ноябрдын башында башталып, марттын аягына чейин жетет. Бийик тоолуу аймактарда кыш узакка созулуп, Суусамыр өрөөнүндө кыш октябрдын 2-жарымында башталып, апрелдин 2-декадасына, Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүндө октябрдын 1-декадасынан апрелдин 3-декадасына, Кум-Төрдө сентябрдын ортосунан майдын аягына чейин созулат.

Абанын суткалык орт. темп-расы 15°С ж-а андан жогору болгон убакыт жайдын эң жылуу мезгили. Мындай убакыттын узактыгы Түш.-Батыш Кырг-нда 150–175, Чүйдө 144–145, Таласта 110–120, Ысык-Көлдө 65–70 күн, Нарын облусунун дыйканчылык өрөөнүндө 40–70 күн; 2500 *м*ден жогору жайгашкан аймактарда мындай темп-ралык көрсөткүч байкалбайт.

Дыйканчылык зоналарга кеч жазгы ж-а эрте күзгү ү ш ү к т ө р коркунуч туудурат. Ош ж-а Жалал-Абад облустарынын пахтачылык зоналарында кеч жазгы үшүк апрелдин 2-декадасында, бул аймактын тоо этек бөлүктөрүндө, Чүй, Талас өрөөндөрүндө майдын үчүнчү, Ысык-Көлдө июндун биринчи, Нарын облусунда июндун 2-декадаларына чейин байкалат.

Респ-нын аймагы тоолуу болгондуктан, анда негизинен төмөнкү, кээде ортоңку ярустардын булуттары, о. эле вертикалдык булуттар мүнөздүү. Жогорку ярустун булуттарына жердин бетинин таасири анча тийбейт. Булуттуулук ж-а булуттардын формалары суук ж-а жылуу мезгилдерде бири биринен айырмаланылат. Жылдын суук мезгилинде булуттуулук 8–10 баллды түзөт. Жылуу мезгилде күн радиациясынын көп түшүшүнүн натыйжасында аба кургак болуп, булуттуулук азаят. Ушул мезгилде негизинен түрмөктөлгөн жаанчыл булуттар пайда болот.

Борб. Азиянын жалпы кургак аймактарына салыштырмалуу Кырг-ндын аймагына жаан-чачын көбүрөөк түшөт. Ным алып келүүчү аба агымдарына айдарым жаткан тоо капталдарына, айрыкча Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш (1100 *мм*ге чейин), Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталдарына, о. эле Кыргыз Ала-Тоосунун кыр зонасына жаан-чачын арбын (1500–2000 *мм*) жаайт. Ным алып келүүчү аба массаларга ыктоо жайгашкан тоо кыркаларда, туюк өрөөндөрдө жаан-чачын аз түшөт. Ысык-Көл ойдуңунун батыш бөлүгүндө жылдык жаан-чачындын орт. өлчөмү 115–140 *мм*ден ашпайт. Жаан-чачындын басымдуу бөлүгү Түн., Чыгыш, Ички Кырг-нда жылдын жылуу мезгилине, Түш.-Батыш Кырг-нда кыш ж-а жаз, Түн. Кырг-нда жаз мезгилине туура келет. Август-сентябрь айларында жаан-чачын эң аз жаайт.

Жаан-чачындын жыл ичинде таралышы Кырг-ндагы атмосфералык циркуляция-

нын өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Ошол себептен, жаан-чачындын жыл ичиндеги таралышы эске алынып, Кырг-ндын аймагы 4 климаттык аймакка бөлүнөт (З. А. Рязанцева, 1965):

1. Түн. ж-а Түн.-Батыш Кырг-н аймагы Чүй, Талас, Кемин өрөөндөрүн ж-а аларды курчап турган тоо кыркаларын камтыйт. Климаты мелүүн жылуу, жаан-чачындын басымдуу бөлүгү жаз ж-а жайдын башына туура келип, кышында аз түшөт. Анткени ага негизинен Сибирь антициклону таасир тийгизет. Жайдын 2-жарымы кургакчыл.

2. Түш.-Батыш Кырг-н климаттык аймагына Фергана, Алай, Чаткал өрөөндөрү ж-а аларды курчап турган тоо кыркалары кирет. Кырг-ндын эң жылуу ж-а нымдуу аймагы. Жаан-чачындын негизги бөлүгү кыш ж-а жаз мезгилдеринде түшөт. Калган учурда жаан-чачындын таралышы 1-климаттык аймакка окшош: жаан-чачындын эң көбү төмөнкү зонада жазга,бийик тоолуу зонада жайдын башталышына туура келет. Жайдын 2–жарымында жаан-чачын азыраак түшүп, август, сентябрь айларында кургакчылык башталат.

3. Түн.-Чыгыш Кырг-н климаттык аймагына Ысык-Көл ойдуңу ж-а аны курчап турган тоо кыркалар кирет. Жаан-чачындын негизги бөлүгү жай, бир аз бөлүгү гана кыш мезгилине туура келет. Анткени кышында аба массалары бийик тоо кыркаларын ашып өтө албайт. Ойдуңдун таманында жайгашкан ири көлдүн таасиринен климаты деңиздикке окшоп кетет. Ошол себептен кышы жумшак, жайы салкын.

4. Ички Кырг-нда климаты салыштырмалуу суук ж-а кургак. Төмөнкү темп-ранын натыйжасында буулануу аз. Бийик тоолуу аймактарда мөңгүлөр ж-а көп жылдык карлар жатат. Жаан-чачындын жылдык таралышы 3-климаттык аймакка окшош, анын максималдык өлчөмү май, июнь, июль айларына туура келет.

Түш.–Батыш Кырг-нда туруктуу к а р к а т м а р ы ноябрдын аягы декабрдын башында түзүлүп, март айынын орто ченине чейин сакталат. Анын калыңдыгы 5тен 25 *см*ге чейин. Фергана тоо тизмегинде кар катмарынын калыңдыгы 40–60 *см*ге жетип, ноябрдын ортосунан апрелдин ортосуна чейин жатат. Чаткал өрөөнү кар эң калың түшкөн аймактардын бири, анын калыңдыгы 60–100 *см*ге жетип, 4–5 айга чейин жатат.

Рельефтин татаал түзүлүшү Кырг-нда метеорологиялык кубулуштардын ар кандай таралышына да таасирин тийгизет. Т у м а н негизинен туюк өрөөн ж-а ойдуңдарга мүнөздүү. Кетментөбөдө, Талас өрөөнүнүн чыгышында, о. эле Ала-Арча капчыгайында тумандуу күндөрдүн саны орто эсеп м-н жылына 40–45 күн болсо, Чүй өрөөнүндө анын көрсөткүчү 15–30 күндү түзөт. Ысык-Көл, Нарын облустарында туман сейрек байкалып, 1–3 күндү гана түзөт. Абс. бийиктиктин жогорулашы м-н тумандуу күндөрдүн саны көбөйөт. Тумандын 75%тен 100%ке чейинки көрсөткүчү октябрдан март айына чейин байкалат.

Эң узак ж-а катуу б о р о о н тоо капталдарына ж-а ашууларга мүнөздүү. Кыргыз Ала-Тоосунун кыр бөлүгүндө жылына 30–60 күн, Талас Ала-Тоосунда 25–30, Долон ашуусу м-н Кум-Төр капчыгайында 20–25 күн бороон болот. Бороон октябрдан апрель айына чейин, 3500 *м* бийиктиктен жогору жыл бою байкалат; деңиз деңг. 2500 *м*ден төмөн жайгашкан аймактарда бороон декабрь-февралга, андан жогору бурганак март айына туура келет.

Добул негизинен абанын төмөндөн жогору жылышынын натыйжасында пайда болгон түрмөктөлгөн жаанчыл булуттарда, муздак фронттор өткөн учурда, атмосфералык басымы төмөн аймактарда жерг. орографиялык түзүлүштүн таасири астында пайда болот. Добулдун 7%и атмосфералык фронтторго, 29%и аба массаларына туура келет. Чүй, Талас, Фергана өрөөндөрүндө добул марттан башталып, апрель-майда бүт аймакты камтыйт да, сентябрда басаңдайт. Кээ бир учурда добул кышында да болот. Жапыз тоолуу аймакта орто эсеп м-н жылына 15–30 күн добул болот. Ысык-Көл ойдуңунда ж-а тоолордо добулдун кайталанышы жылына 35–40 күндү түзөт. Мындай добулдуу күндөрдүн көп кайталанышы абада суу буусунун көбөйүшүнө ж-а турбуленттүүлүктүн күчөшүнө байланыштуу.

М ө н д ү р д ү н пайда болушу добулду пайда кылуучу процесстер м-н тыгыз байланыштуу. Жылына 1–3 күнгө чейин мөндүр түшөт. Тоо капталдарында мөндүрлүү күндөрдүн саны 4–6, Чоң Кызыл-Сууда 10, Долон ашуусунда 20 күндү түзөт.

*И. Маяцкая, Р. Токторова*

# СУУЛАРЫ

**Нарын дарыясынын ж-а анын куймаларынын гидрологиялык мүнөздөмөлөрү**

| Дарыялар ж-а алардын куймалары | Алабынын аянты, $км^2$ | Алабынын орт. бийиктиги, $м$ | Жылдык орт.чыгымы, $м^3/сек$ | Агымдын модулу, $л/сек{\cdot}км^2$ |
|---|---|---|---|---|
| Нарын ........ | 53742 | 2960 | 429 | 7,38 |
| Чоң Нарын ..... | 5710 | 3720 | 47,2 | 8,27 |
| Кичи Нарын .... | 3870 | 3500 | 48,8 | 11,20 |
| Ат-Башы ....... | 5540 | 3060 | 33,1 | 5,98 |
| Алабуга ....... | 5880 | 3290 | 31,0 | 8,35 |
| Көкөмерен...... | 10400 | 2800 | 102,0 | 9,8 |
| Көгирим ....... | 1720 | 2410 | 21,8 | 12,6 |
| Чычкан ....... | 1150 | 2740 | 23,0 | 20,0 |
| Узун-Акмат .... | 1790 | 2360 | 28,9 | 16,1 |
| Кара-Суу (оң) .... | 2740 | 1930 | 39,6 | 14,5 |

Суу тармактарынын пайда болушуна респ-нын аймагынын орографиялык түзүлүшүнүн, климаттык шартынын ж-а мөңгүлөрдүн мааниси зор. Кыргызстандын батыш, түн.-батыш ж-а түндүгүндөгү тоолор нымдуу аба массасынын таралышына тоскоолдук кылгандыктан, алардын батыш, түн.-батыш ж-а түн. капталдары чыгыш, түш.-чыгыш ж-а түш. капталдарына караганда нымдуу келет. Атмосфералык жаан-чачындын ж-а суулардын аймак б-ча таралышы нымдуу аба массаларынын ал аймактын айрым бөлүктөрүнө жетишине ж-а бийиктик алкактуулук закон ченемине байланыштуу. Агын суулардын көбү Арал деңизинин алабына кирип, Борбордук Азиядагы ири дарыялардын (Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя) гидрографиялык системасына тийиштүү. Ал эми Чүй, Талас дарыяларынын ж-а Ысык-Көлдүн алаптары республиканын түндүгүндөгү туюк гидрографиялык системаларды түзөт. Республиканын түш.-чыгышындагы суулар Таримдин, чыгыштагы Каркыра суусу болсо Балкаш көлүнүн алабына кирет. Суу балансынын багытына ж-а агын суулардын генезисине жараша республиканын аймагын гидрологиялык 2 облуска — агын суулардын куралуу ж-а таралуу облустарына бөлүүгө болот. Куралуу облусуна суунун оң балансы мүнөздүү; мындай аймактарга антропогендик факторлор анча таасир этпеген тоолор ж-а тоо капталдары кирет. Бул аймакта топтолгон суу массасы бууланып кеткен суудан көп болгондуктан, агын суулардын пайда болушуна шарт түзүлөт. Суу агымынын таралуу облусу куралуу облусунан төмөн жайгашып, тоо этектерин, шлейфтерди ж-а түздүктөрдү ээлейт. Мында жаан-чачын азыраак жаап, буулануу көбүрөөк болгондуктан агын суулар пайда болбойт. Ал эми тоодон агып түшкөн суулардын кыйласы бул аймактагы шиленди конустарга сиңип кетет, же болбосо сугатка пайдаланылат.Тоо этектеринде жайгашкан түздүктөрдөгү жер астындагы суулардын «жер бетине сарыгып чыгуу» зонасында грунт суулары жер бетине жакындайт. Натыйжада бул зонада дарыялар кыртыш суулары м-н толукталат. Мындай жерлерде көбүнчө «кара суулар», б.а. кыртыш суу-ларынан куралган өзөндөр пайда болот (мис., Чүй өрөөнүндөгү Кызыл-Суу).

Кыргыз Респ-нын аймагында дарыялардын куралуу облусу жайгашкан тоолуу аймак 171,8 миң $км^2$, же болбосо Кырг-ндын аймагынын 87%ин, таралуу облусу 26,7 миң $км^2$ди же республиканын аймагынын 13%ин ээлейт. Бирок, ири дарыялардын таралуу аймагынын негизги бөлүгү Кыргызстандын чегинен тышкары жайгашкан. Тоолуу аймактардагы дарыялардын агымы кубаттуу, энергияга бай, көптөгөн шилендилерди агызып келет. Жогорку агымында дарыялардын эңкейиштиги 100–200‰ (промилле), ал бара-бара азайып тоодон чыкканда 20–30‰ге чейин азаят. Кыргызстандын аймагында уз. 10 *км*ден ашкан, жалпы уз. 35 миң *км* келген 2044 агын суу бар. Агын суулар негизинен кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Алардын үлүшү 80%ке чейин. Тоо этектеринде ж-а түздүктөрдө пайда болгон суулар жер астындагы суулардан да куралат. Кыргызстанда жаан-чачын сууларынан куралган агын суу аз. Алардын саны Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталында ж-а Чаткал кырка тоосунун түн.-батыш капталында бир аз көбөйөт.

Кырг-ндагы суулардын ташкындап кириши кардын тез эриши ж-а нөшөрлөгөн жаанга байланыштуу. Көгарт, Кара-Кулжа ж-а Чаткалдын куймаларында жаан-чачын сууларынан ташкындап кириши мүмкүн. Жайында кар м-н мөңгүнүн тез эрип кетишинен, бийик тоо көлдөрүнүн байламтасын жырып агышынан, жазындагы нөшөрлөгөн жаандан кийин максимум агым белгиленет. Максимум агымдын модулу 300–400 $л/сек{\cdot}км^2$. Мындан көп болсо селдин жүрүшү күтүлөт. Сел коркунучу Фергана өрөөндөрүндөгү майда сууларга ж-а Ысык-Көлдүн батышына мүнөздүү.

Суулардын ылайлуулугу респ-нын аймагында 10 $г/м^3$дан 2000 $г/м^3$ге чейин жетет. Эң ылайлуу суулар Фергана өрөөнүн айланасында, өзгөчө Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталында.

**Агын суулары.** Кырг-ндагы эң ири суу – Н а р ы н дарыясы. Арал деңизинин алабына кирет, Сырдарыянын оң түзүүчүсү. Республиканын чегиндеги уз. 535 *км,* алабынын аянты 58370 *км*$^2$. Чоң ж-а Кичи Нарын суулары кошулган жерден баштап (Нарын шаарынан 44 *км* чыгышта) Нарын дарыясы деп аталат. Башаты – Кум-Төр суусу. Кум-Төр Арабел суусу м-н кошулуп, Тарагайды (Жаак-Таш), ал эми Тарагай м-н Кара-Сай кошулуп, Чоң Нарынды түзөт. Кичи Нарындын башаты – Буркан суусу. Ал Тескей Ала-Тоонун түш. тармагындагы Чымчык тоосундагы мөңгүлөрдөн башталат да кууш өрөөн аркылуу батышты карай агып, Арчалы суусу м-н кошулуп, Балгартты, Балгарт Жылаңач суусу м-н кошулуп, Кичи Нарынды түзүп, Чоң Нарынга куят. Нарын дарыясы Орто Нарын, Тогуз-Торо ж-а Кетмен-Төбө өрөөндөрүн, Фергана кырка тоосун кесип өтүп, Фергана ойдуңуна чыккандан кийин Кара-Дарыя м-н кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт. Нарындын ири куймалары: Он-Арча, Кажырты, Көкөмерен, Ат-Башы, Чычкан, Узун-Акмат, Кара-Суу, Алабуга, Көгирим ж.б. Нарын ж-а анын куймалары негизинен кар ж-а мөңгү сууларынан куралат, жай айларында кирип, кышкысын тартылат.

К а р а -Д а р ы я Тар ж-а Кара-Кулжа сууларынын кошулушунан башталат. Уз. (Тар м-н кошо) 177 *км,* алабынын аянты 12,4 миң *км*$^2$ (республиканын аймагында). Ири куймалары: Жазы, Көгарт, Кара-Үңкүр (Тентексай), Куршаб, Ак-Буура, Араван-Сай ж.б. Нарын дарыясы м-н кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт. Сырдарыянын алабына Фергана өрөөнүн курчаган кырка тоолордон агып түшкөн көп суулар кирет. Сугат ишине пайдаланылгандыктан алардын көбү негизги өзөнгө жетпей соолуп калат. Ал суулардын ирилери Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунан башталган Исфайрамсай, Сох, Исфара, Кожо-Бакырган, Ак-Суу (Сардала); Чаткал кырка тоосунун түш. капталынан башталган Гава-Сай, Пачата, Касан-Сай ж.б. Чаткал суусу Чаткал кырка тоосунун түн.-батыш капталынан башталып, Чырчык суусуна куят (Чырчыктын негизги түзүүчүсү).

Фергана өрөөнүндөгү суулар кар-жаан ж-а кар-мөңгү суусунан куралып, жаз-жай айларында кирет. Суу чогултуу аянттары анча бийик эмес, бирок агымдын модулу бир кыйла жогору, 14–23 *л/сек·км*$^2$. Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунан агып түшкөн сууларга жазгы-жайкы ташкын мүнөздүү. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгышынан агып түшкөн суулар кардын эрүүсүнөн куралгандыктан, май айында кирип, июндун аягында тартылат, кээ бир майда суулар соолуп калат. Алаптарынын суу топтоо мүмкүнчүлүгү 5–6 *л/сек·км*$^2$. Фергана өрөөнүндөгү бөксө тоолор м-н адырларда мезгил-мезгили м-н пайда болуучу агын суулардын нуктары бар. Алар жаз айларында гана сууга толот, катуу жамгырдан улам сел жүрүп турат.

**Фергана өрөөнүндөгү ири суулардын гидрологиялык мүнөздөмөлөрү**

| Ири суулар ж-а алардын куймалары | Алабынын аянты, *км*$^2$ | Алабынын орт. бийиктиги, *м* | Жылдык орт. чыгымы, *м*$^3$*/сек* | Агымдын модулу, *л/сек·км*$^2$ |
|---|---|---|---|---|
| Кара-Дарыя | 12400 | — | 121,0 | 9,7 |
| Тар | 4420 | 2010 | 45,4 | 11,9 |
| Кара-Кулжа | 1300 | 3250 | 21,3 | 23,4 |
| Жазы | 2620 | 2150 | 34,8 | 13,3 |
| Көгарт | 1370 | 2110 | 18,1 | 17,9 |
| Кара-Үңкүр (Тентек-Сай) | 4130 | 2190 | 29,6 | 22,9 |
| Куршаб | 3750 | 2700 | 26,2 | 8,09 |
| Ак-Буура | 2540 | 3110 | 21,4 | 9,12 |
| Араван-Сай | 1960 | 2290 | 10,9 | 6,20 |
| Исфайрам-Сай | 2220 | 3140 | 21,1 | 9,90 |
| Касан-Сай | 1780 | 2330 | 10,8 | 6,07 |
| Сох | 3500 | 3480 | 42,1 | 17,00 |
| Исфара | 3240 | 2500 | 14,7 | 9,42 |
| Кожо-Бакырган | 2150 | 2420 | 11,0 | 6,32 |
| Чаткал | 5520 | 2610 | 122,0 | 17,2 |

Алай өрөөнүндөгү суулар Амударыянын алабына кирет. Ириси — Кызыл-Суу Вахш дарыясынын бир курамы, Кыргызстандын аймагындагы уз. 222 *км*, алабынын аянты 7680 *км*$^2$. Айлама ж-а Кара-Суу деген эки суунун кошулушунан башталат. Негизги куймалары: Кызыл-Агын, Алтын-Дара, Ачык-Таш, Каман-Суу, Көк-Суу. Мөңгү м-н кар сууларынан куралып, жылдын жылуу мезгилинде кирет. Республиканын аймагынан чыга беришиндеги жылдык орт. чыгымы 56,5 *м*$^3$*/сек.*

Түн. Кырг-ндагы чарбалык жактан өтө маанилүү суулардын бири — Чүй дарыясынын жалпы уз. 1030 *км* (республиканын аймагындагысы 260 *км*), алабынын аянты 67,5 миң *км*$^2$ (республиканын аймагындагысы 22 миң *км*$^2$). Чоң Кемин кошулгандан кийинки Чүй дарыясынын чыгымы 53 *м*$^3$*/сек*га, ал эми республиканын аймагынан чыга

**Чүй дарыясынын алабындагы ири суулардын гидрологиялык мүнөздөмөлөрү**

| Суулар | Алабынын аянты, $км^2$ | Алабынын орт. бийиктиги, *м* | Жылдык орт. чыгымы, $м^3/сек$ | Агымдын модулу, $л/сек{\cdot}км^2$ |
|---|---|---|---|---|
| Кочкор | 2590 | 2800 | 12,3 | 4,75 |
| Жоон-Арык | 2240 | 3100 | 11,4 | 5,09 |
| Чоң Кемин | 1890 | 3100 | 21,7 | 11,5 |
| Шамшы | 475 | 2910 | 5,62 | 11,8 |
| Аламүдүн | 317 | 3260 | 6,33 | 20,0 |
| Ысык-Ата | 546 | 3030 | 7,05 | 12,9 |
| Ала-Арча | 233 | 3260 | 4,17 | 17,9 |
| Ак-Суу | 426 | 3060 | 4,67 | 11,0 |
| Кара-Балта | 577 | 2910 | 5,28 | 9,15 |

**Таримдин алабындагы суулардын гидрологиялык мүнөздөмөлөрү**

| Суулар ж-а алардын куймалары | Алабынын аянты, $км^2$ | Алабынын орт. бийиктиги, *м* | Жылдык орт. чыгымы, $м^3/сек$ | Агымдын модулу, $л/сек{\cdot}км^2$ |
|---|---|---|---|---|
| Сары-Жаз | 12900 | 3940 | 140,00 | 10,9 |
| Көөлү | 817 | 3850 | 9,20 | 11,3 |
| Эңилчек | 1730 | 4380 | 30,00 | 17,1 |
| Ак-Шыйрак | 2290 | 3800 | 16,00 | 6,99 |
| Какшаал | 7854 | 3655 | 32,00 | 4,10 |
| Ак-Сай | 5010 | 3590 | 12,00 | 2,40 |
| Мүдүрүм | 1804 | 3720 | 17,5 | 10,2 |
| Үзөңгү-Кууш | 2880 | 3790 | 25,9 | 9,0 |
| Кызыл-Суу (Чыгыш) | 1671 | — | ≈28,70* | 9,0 |

* Чыгымы, эсептөө жолу м-н аныкталган.

берилте 71 $м^3/сек$. Кочкор өрөөнүндөгү Жоон-Арык ж-а Кара-Кужур сууларынын кошулушунан башталып, Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнүнө өтөт. Республиканын аймагынан чыгып, Моюнкум чөлүнө сиңип кетет. Чүй өрөөнүндөгү ири куймалары: Кичи Кемин, Кызыл-Суу, Шамшы, Кегети, Ысык-Ата, Аламүдүн, Ала-Арча, Ак-Суу, Кара-Балта ж.б.

Чүйдүн алабындагы суулардын суу режими бирдей эмес. Орто-Токойго чейинки суулар Чүй өрөөнүндөгү сууларга караганда башкача климаттык шартта калыптанат. Алардын суу топтоо жөндөмдүүлүгү анча чоң эмес (4–5 $л/сек{\cdot}км^2$). Ал эми Чоң Кемин м-н Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан башталган суулардын модулу 11–20 $л/сек{\cdot}км^2$. Агымынын модулу б-ча Аламүдүн суусунун алабы 1-орунда (20 $л/сек{\cdot}км^2$). Кыргыз Ала-Тоосунан агып түшкөн суулар м-н Чоң Кемин суусу мөңгү ж-а кар сууларынан куралып, жайкысын кирет. Алардын суу чогултуу аянтты 3000–4000 *м* бийиктикте жатат.

Т а л а с суусунун алабы аты уйкаш өрөөндү ээлейт. Талас суусу Каракол м-н Үчкошой сууларынын кошулушунан башталып, Кара-Буура айлына чейин кенен түздүк аркылуу (15 *км*ге чейин) агып, сол жагынан Калба, Беш-Таш, Үрмарал, Күмүштак, Кара-Буура, оң жагынан Кеңкол, Нылды суулары куят. Республиканын аймагындагы уз. 102 *км*, алабынын аянты 52700 $км^2$. Талас суусунун сол куймалары кар ж-а мөңгү, оң куймалары жалаң гана кар сууларынан куралат. Жай айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы жогорку агымында 15 $м^3/сек$. Төмөнкү агымында сугат үчүн тарап, калганы Моюн-Кум чөлүндө кумга сиңип кетет.

Таримдин алабына Кырг-ндын түш.-чыгышындагы бийик тоолордон башталып, Кытай тарапка аккан Сары-Жаз, Үзөңгү-Кууш ж-а Чыгыш Кызыл-Суу, Ак-Сай (Какшаал) суулары кирет. Аталган бардык суулардын суу чогултуучу алабынын аянттары 3500 *м*ден жогору бийиктикте жайгашкан. Таримдин алабындагы эң ири суу — С а р ы -Ж а з. Кашка-Төр деген ат м-н Кашка-Төр (Семёнов) мөңгүсүнөн башталат. Кытай аймагына өткөндөн тартып, Ак-Суу деп аталат. Республиканын аймагындагы уз. 167 *км* (жалпы уз. 282 *км*), алабынын аянты 12 900 $км^2$, көп жылдык орт. чыгымы 140 $м^3/сек$. Ири куймалары: Эңилчек, Кайыңды, Көйкап, Жаман-Суу, Көөлү, Үч-Көл, Ак-Шыйрак ж.б. Суу чогултуу аянты б-ча Таримдин алабындагы суулардан 2-орунда К а к ш а а л суусу Ак-Сай ж-а Мүдүрүм сууларынын кошулушунан башталат. Какшаалдын Кыргндагы алабынын аянты 7854 $км^2$, көп жылдык орт. чыгымы 32,0 $м^3/сек$.

Сары-Жаз м-н Какшаал сууларынын аралыгынан Ү з ө ң г ү - К у у ш т у н алабы орун алган. Республиканын аймагынан чыккандан кийин Какшаалга куят. Чегарага чейинки уз. 83 *км*, алабынын аянты 2880 $км^2$. Котур ж-а Сарычат сууларынын кошулушунан башталат. Ири куймалары: Кичи Үзөңгү-Кууш, Чоң-Терек, Кичи-Терек ж.б. Кашкар суусунун бир башаты К ы з ы л - С у у (Чыгыш) Чоң Алай кырка тоосунун чыгыш жагындагы мөңгүлөрдөн башталып, Алайкуу кырка тоосунун түш. капталынан чыккан соң сол куймасы м-н кошулуп, андан ары республиканын аймагынан чыгып кетет. Чегарага чейинки уз. 33 *км*. Жылдык орт. чыгымы чегарага чыга бергенде 28—30 $м^3/сек$. Мөңгүкар сууларынан куралат.

**Ысык-Көлдүн алабындагы суулардын гидрологиялык мүнөздөмөлөрү**

| Суулар | Алабынын аянты, $км^2$ | Алабынын орт. бийиктиги, *м* | Жылдык орт. чыгымы, $м^3/сек$ | Агымдын модулу, $л/сек \cdot км^2$ |
|---|---|---|---|---|
| Түп . . . . . . . . | 1120 | 1960 | 10,6 | 9,38 |
| Жыргалаң . . . . | 2060 | 2840 | 22,5 | 10,5 |
| Каракол . . . . . | 325 | 3570 | 6,6 | 20,3 |
| Жети-Өгүз . . . . | 263 | 3340 | 5,26 | 20,0 |
| Жууку . . . . . . . | 516 | 3260 | 6,28 | 12,2 |

Таримдин алабындагы суулар мөңгү ж-а кар сууларынан куралып, жайында кирет. Айрымдары, мис. Эңилчек, Кайыңды жалаң мөңгүдөн куралат. Алардын суу чогултуу аянттары 3500 *м*ден жогору бийиктикте жайгашкан. Агымдарынын модулу кыйла жогору (9–17 $л/сек \cdot км^2$). Мөңгүлөр аз аянтты ээлеген алаптарда агымдын модулу (2–3 $л/сек \cdot км^2$) төмөн.

Ысык-Көлгө чоң-кичинеси болуп 118 суу куят. Алардын эң ирилери – Т ү п ж-а Ж ы р г а л а ң суулары; Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш жагында. Эки суу тең Тескей Ала-Тоосунун түн. капталынан башталат. Түптүн куймалары: Кең-Суу, Чоң-Таш, Талды-Суу. Жыргалаңдын куймалары: Түргөн Ак-Суу, Ак-Суу. Анча чоң эмес, бирок кеңири белгилүү суулар: Каракол, Жети-Өгүз, Чоң Кызыл-Суу, Жууку, Барскон ж. б. Ысык-Көл өрөөнүндөгү суулар кар ж-а мөңгү сууларынан куралып, жайында кирет.

Кырг-ндын аймагынан Балкаштын алабына кирүүчү К а р к ы р а суусу башталат. Уз. 69 *км*, алабынын аянты 1790 $км^2$, жылдык орт. чыгымы 15,0 $м^3/сек.$, агымынын модулу 8,5 $л/сек \cdot км^2$.

Чоң Кызыл-Суунун алабындагы изилдөөлөр, о. эле Кырг-ндын башка аймактарындагы суулардын гидрографтарына жүргүзүлгөн анализдер агымдын калыптанышына деңиз деңг. 3200–3300 *м*ден ашык бийиктикте жаткан бийик тоо зоналарынын таасири чоң экендигин көрсөтөт. Бул зоналарда жаан-чачындын өлчөмүнө жараша кар мөңгүлөр да бул бийиктикке жакын топтолгон. Изилдөөчүлөр (М. Большаков) бул зонаны суу куралуу облусунун активдүү зонасы деп аташат. Бул зонадан андан төмөнкү бийиктиктеги зоналарга өткөндө «суу берүү» азая баштайт да тоо-этек түздүктөрүнө келгенде эң аз болуп калат. Мис. Чоң Кызыл-Суунун куралуу облусунда активдүү зона суу жыйноочу аянттын 30%ин түзүп, орт. жылдык агымдын 80%ин берет.

Чоң Кызыл-Суунун алабындагы агымдын бийиктик алакактуулук б-ча таралуу мыйзам ченемдүүлүгү адистердин пикири б-ча Кырг-ндын мөңгү-кар сууларынан куралган дарыяларына мүнөздүү.

Кырг-ндын дарыялары В.Л. Шульцтун классификациясы б-ча төрт типке бөлүнөт: мөңгү кар, кар-мөңгү, кар ж-а кар-жаан-чачындан куралган суулар. Көбү кар-мөңгү сууларынан куралат. Мындай сууларга жайында узакка созулган суунун кириши суук мезгилде болсо межень мүнөздүү. Кар ж-а кар-жаан-чачын сууларынан куралган дарыялар жазында кирип, жайында межень байкалат.

**Көлдөрү ж-а суу сактагычтары.** Кыргызстандын аймагында эсепке алынган 750 көл, суу сактагыч ж-а майда көлмөлөр бар. Алардын жалпы аянты 6836 $км^2$, б. а. жалпы аймактын 3,4%ин суу ээлейт. 16 көл м-н 11 суу сактагычтын ар биринин аянты 1 $км^2$ден ашык. Көлдөрдүн көпчүлүгү майда (аянты 0,02—0,2 $км^2$), мөңгүлөрдүн этегинде, бийик өрөөндөрдүн таманында жайгашкан. Кырг-ндагы көлдөрдүн эң чоңу Ы с ы к - К ө л. Дүйнөдөгү тоо көлдөрүнүн ирилеринин бири. Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолорунун ортосундагы тектон. чуңкурдукта жайгашкан. Суу деңгээлинин абс. бийиктиги 1607 *м*, суу бетинин аянты 6236 $км^2$, эң терең жери 668 *м*, орт. тереңдиги 278,4 *м*, уз. 178 *км*, эң жазы жери 60 *км*, орт. жазылыгы 35 *км*, суусунун көлөмү 1738 $км^3$, жээк сызыгынын уз. 688 *км*. 19-к-дын ортосунан 20-к-дын аягына чейин (1856—2000) көлдүн деңгээли 8,5 *м*ге төмөндөп кеткен. 80-жылдардын аягында суу деңгээли бир аз (3 *см*ден 13 *см*ге чейин) көтөрүлүшү байкалган. Көл тоңбойт. Температуранын жылдык өзгөрүүсүнүн амплитудасы 20°Сден 4°Сге чейин өзгөрөт. Жылуулугу б-ча Ысык-Көл субтропиктик типтеги көлдөрдүн катарына кирет. Суусунун минералдуулугу 5,97 *г/л*. Азыр көлгө жыл бою 30дай суу такай куят. Көл суусунун толукталуу балансын жаан-чачын, агын суулар, жер асты м-н кошулган агым, чыгашасын бууланууу түзөт. Балыктын 22 түрү бар. Анын 12си көлдүн өзүнүкү, калганы башка жактан алынып келинген. Суучул куштардын көп түрү кыштайт.

Кырг-нда аянты б-ча 2-орунду С о ң к ө л ээлейт. Молдо-Тоо, Соңкөл ж-а Боор-Албас кырка тоолорунун аралыгындагы бийик аймактагы тектон. чуңкурдан орун алган. Деңиз деңг. 3016 *м* бийикте жайгашкан. Суу бетинин аянты 270 *км²*, эң терең жери 22 *м*, орт. теренд. 9,2 *м*, уз. 29 *км*, эң жазы жери 18 *км*, орт. жазылыгы 9,6 *км*, суусунун көлөмү 2,64 *км³*, жээк сызыгынын уз. 96 *км*. Соңкөл — Кыргызстандагы таза суулуу көлдөрдүн эң чоңу. Ага 18 майда агын суу куюп, Кажырты суусу агып чыгат. Суусунун деңгээли туруктуу, минералдуулугу 0,3—0,4 *г/л*. Октябрдын аягында — ноябрдын башында тоңуп, апрелдин аягында музу эрий баштайт. Температуранын жылдык өзгөрүүсүнүн амплитудасы 12°Сге жетет (0°Сден 12°Сге чейин). Жылуулугу б-ча Соңкөл мээлүүн алкактагы көл тибине кирет. Канаттуулардын 66 түрү мекендейт, алардын көбү келгин куштар. Соңкөл — маңка каздын тукумдай турган жайы. Өзүнүн балыгы жок, 1959-ж. пелядь, сиг, көкчаар ж.б. балыктар байырлаштырылган.

**Кыргызстандын ири көлдөрүнүн морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Көлдөр | Алабы ж-а жайгашкан жери | Көл бетинин деңиз деңг. бийиктиги, *м* | Көл бетинин аянты, *км²* | Суунун көлөмү, *км³* | Эң терең жери, *м* |
|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл . . | Ысык-Көл ойдуңу | 1607 | 6236 | 1738 | 668 |
| Соңкөл . . . | Нарын | 3016 | 278 | 2,64 | 22 |
| Чатыр-Көл . . | Чатыркөл көлү | 3520 | 170,6 | 0,85 | 19 |
| Сары-Челек . . | Кара-Суу (оң) | 1878 | 7,92 | 0,483 | 234 |
| Кара-Суу . . | Кара-Суу (сол) | 2022 | 4,2 | 0,223 | 150 |
| Кулун . . . . | Тар | 856 | 3,25 | 0,118 | 91 |
| Көл-Үкөк . . . | Кочкор | 1970 | 1,22 | 0,14 | 17 |
| Көл-Суу . . . | Какшаал | 3514 | 4,5 | 0,338 | — |
| Мерцбахер . | Сары-Жаз | 3304 | 4,5 | 0,129 | 60 |

Аянты б-ча 3-орунда Ч а т ы р - К ө л турат. Ак-Сай өрөөнүнүн батыш жагында. Ат-Башы кырка тоосу м-н Торугарт тоосунун аралыгынан орун алган. Деңиз деңг. 3500 *м* бийикте, суу бетинин аянты 161,1 *км²*, эң терең жери 19 *м*, уз. 22,8 *км*, эң жазы жери 10,5 *км*, орт. жазылыгы 7,4 *км*, суусунун көлөмү 0,85 *км³*, жээк сызыгынын уз. 58,5 *км*, алабынын аянты 1050 *км²*. Көлгө 24 майда суу куят. Алардын ириси — Көк-Айгыр. Көлдөн суу агып чыкпайт, минералдуулугу 2 *г/л*ге жакын. Кийинки 100 жылдын ичинде суусу болжол м-н 4 *м*ге төмөндөгөн. Октябрдан апрелге чейин тоңот, музунун калыңдыгы 1,5 *м*ге жетет. Балык жок. Жайкысын келгин куштар мекендешет.

С а р ы - Ч е л е к — көлдөрдүн ичинен эң көрктүүсү. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталында, Кожата суусунун алабында, деңиз деңг. 1878 *м* бийиктикте. Аянты 4,29 *км²*, уз. 7,5 *км*, орт. жазылыгы 650 *м* (эң жазы жери 2280 *м*), орт. тереңдиги 98 *м* (эң терең жери 234 *м*). Окумуштуулардын маалыматы б-ча көл болжол м-н 10 миң жыл илгери тоо урап, өрөөндү бөгөп калышынан пайда болгон. Жээктери тик, булуң-буйткалуу. Жээк сызыгынын уз. 12 *км*, Сары-Челек суусу куят. Тоскоол суусу агып чыгат. Суусу эң жогорку деңгээлге май айында жетип, декабрда эң төмөнкү деңгээлге түшөт. Айырмасы 40—50 *см*ге жетет. Декабрдын аягында тоңуп, апрелде эрийт. Жайкы температурасы 19,8°Сге жетет, кышкысы 0°Сдин тегерегинде. Суусунун минералдуулугу 200—500 *мг/л*. Көлдөгү балыктар: сазан, каңылтыр ж-а жилингир. Сарычелек көлүнүн айланасындагы жердин кооздугун, табигый шартынын ар түрдүүлүгүн, байлыгын, дүйнөнүн башка жеринде болбогон өсүмдүктөрдүн, айбанаттардын, алардын чарбалык ж-а илимий жактан баалуулугун эске алып, бул аймактын табиятын мындан ары сактоо үчүн 1959-ж. *Сарычелек биосфера коругу* уюшулган. Туризм өнүккөн.

Түндүк Эңилчек мөңгүсүнүн этегинен орун алып, Түш. Эңилчектин музу м-н тосулган М е р ц б а х е р көлү (Кептештин көлү) суу балансынын режими ж-а суу деңгээлинин өзгөчөлүгү м-н айырмаланат. Суусу жыл сайын мөңгүдөн пайда болгон

**Кыргызстандагы ири суу сактагычтардын морфометриялык мүнөздөмөлөрү**

| Суу сактагычтар | Суу (дарыя) алабы | Долбоор б-ча суу көлөмү млн *м³* | Деңгээлинин нормалдуу кезиндеги аянты, *км²* | Байламтанын бийиктиги, *м* |
|---|---|---|---|---|
| Токтогул . . . . . . | Нарын | 195000 | 284,3 | 215,0 |
| Кара-Буура . . . . . | Талас | 550 | 26,5 | 83,0 |
| Орто-Токой . . . . . | Чүй | 470 | 26,0 | 52,0 |
| Күрп-Сай . . . . . . | Нарын | 270 | 12,2 | 110,0 |
| Папан . . . . . . . . | Ак-Буура | 260 | 7,1 | 120,0 |
| Төрткүл . . . . . . . | Исфара | 90 | 6,6 | 34,0 |
| Үч-Коргон . . . . . | Нарын | 52,5 | 4,0 | 31,0 |
| Найман . . . . . . . | Абшыр-Сай | 40 | 3,2 | 40,5 |
| Ала-Арча . . . . . . | Аларча | 39 | 5,21 | 32,0 |
| Базар-Коргон . . . | Тентек-Сай | 30 | 2,8 | 25,0 |

жаракалар аркылуу агып чыгып, көл соолуп калат, бирок ал кайра жыйналып, экинчи жылдын жай айларына чейин мурунку деңгээлине кайра жетет. Суу 5—8 күндө соолот, ал август айына, кээде сентябрга туура келет. Көлдүн суу деңгээли 3304 *м*, уз. 4 *км*, туурасы 1 *км*, суу бетинин аянты 4,5 *км*². Бул өлчөмдөр туруктуу эмес, анткени муз эригенде жээктери өзгөрүп турат.

Суу ресурстарын пайдалануу ар кандай көлөмдөгү суу сактагычтарды куруу м-н байланышкан. Республикада 200дөн ашык жасалма көлмөлөр м-н суу сактагычтар бар. Алар ар кандай максатта пайдаланылат. Көбүнүн суусунун көлөмү 1 млн *м*³ден 10 млн *м*³ге чейин суу сыйган суу сактагычтар 7, ал эми 10 млн *м*³ден ашык суу сыйгандары 12. Суу сактагычтардын эң чоңу — Т о к т о г у л  с у у  с а к т а г ы ч ы (1974-жылы курулган). Деңгээлинин нормалдуу кезиндеги аянты 284,3 *км*², суусунун көлөмү 19,5 млрд *м*³, уз. 65 *км*, эң жазы жери 12 *км*, байламтасынын жанындагы тереңдиги 215 *м*, байламтасынын уз. 292 *м*, калыңдыгы 43 *м*, бийиктиги 215 *м*. Электр энергиясын алуу ж-а сугатка пайдалануу үчүн курулган.

Жалаң гана сугатка пайдалануу үчүн курулган суу сактагычтар: Орто-Токой, Төрткүл, Папан, Кара-Буура ж. б.

*А. Осмонов*

**Мөңгүлөрү.** Кырг-н тоо мөңгүлөрү б-ча жер шарындагы өзгөчө аймак болуп саналат. Республиканын аймагындагы тоолордун дээрлик бардыгында кар, мөңгү жатат. Табигый байлыктардын ичинен мөңгүдөгү таза суу маанилүү орунду ээлейт. Анын запасы 650 млрд *м*³. Бул көрсөткүч б-ча КМШнын өлкөлөрүнүн ичинен Тажикстандагы Тоолуу Бадакшан Автономия облусу гана теңдеше алат. Мөңгү суулары кайрадан калыбына келип туруучу байлыктардын түрүнө кирет. Жайында эрип, агып кеткен мөңгү суусунун ордун жыл бою жааган кар толуктап турат.

Кырг-ндын аймагында аянты 0,1 *км*²ден ашык 6516 мөңгү катталган. Алардын жалпы аянты 8047,8 *км*², б. а. республиканын жалпы аянтынын 4 %ин түзөт. Эгерде аянты 0,1 *км*²ден кичине мөңгүлөр да эсепке алынса анда алардын саны 7633 болуп, аянты 81077 *км*²ге жетет. Муз каптоонун аянты ж-а мөңгүлөр м-н мөңгүлүү аймактардын мейкиндик б-ча жайгашышы табигый факторлордун жыйындысы м-н аныкталат. Анын ичинен маанилүүсү кырка тоолордун абс. бийиктиги, нымдуу аба массасынын салыштырмалуу багыттары ж-а кышкы жаан-чачындын суммасы. Мис., Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталында жаан-чачын 1000 *мм*ден (кар түрүндө дагы) жаайт, бирок, ошого карабастан мөңгүлөр аз, ошол эле убакта Ак-Шыйрак массивинде атмосфералык жаан-чачындын 4 эсе аз түшкөнүнө карабастан мөңгүлөр арбын. Айрыкча 4500–5000 *м* бийиктикте жаткан тоо тоомдорунда арбын кездешет. Сары-Жаз дарыясынын башындагы, Жеңиш ж-а Кантоо чокуларынын аймагындагы мөңгүлөрдүн зор массиви дүйнөлүк маанидеги табият объектилерине жатат. Мында азыркы учурда жалпы аянты 1581,0 *км*²ге жеткен өзүнчө 340 мөңгү бар. Алардын ичинде дүйнөдөгү ири тоо мөңгүлөрүнө кирген — Эңилчек (Түш. Эңилчек) мөңгүсү бар. Анын аянты 613,2 *км*², уз. 58,9 *км*, этеги («тили») деңиз деңгээлинен 2880 *м*ге чейин түшөт. Түн. Эңилчектин аянты 216,2 *км*², уз. 32,8 *км*, «тили» 3400 *м* бийиктикке чейин түшүп, Мерцбахер көлү м-н бүтөт. Мындан сырткары бул аймакта уз. 20 *км*ден ашкан мөңгүлөр бар. Алар Семенов (Кашка-Төр), Мушкетов, Кайыңды ж.б.

Азыркы мөңгүлөрдүн аянты б-ча экинчи район — Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталы. Абс. бийиктиги борбордук бөлүгүндө 7139 *м*ге (Ленин атн. чоку) жетет, орт. бийиктиги (Кырг-ндын аймагында) 6000 *м*дей. Анын түн. капталы бүт бойдон кар ж-а фирн м-н капталган. Бул болсо көптөгөн суулардын куралуу облусу болуп эсептелет. Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдүн аянты 1329,3 *км*², анын ичинен 697,5 *км*² Кыргызстандын аймагында.

Ак-Шыйрак тоо массивинин чакан аянтын кар, мөңгү текши каптап жатат; алар Сары-Жаз, Нарын д-нын алаптарына таандык. Өлчөмү 30—40 *км* келген аянтта 435 *км*² мөңгү жатат, же ал аянттын 44%ин түзөт. Мөңгүлөрдүн жалпы саны 154, эң чоңу Петров мөңгүсү, андан Кум-Төр суусу башталат. Уз. 14 *км*, аянты 70,6 *км*².

Кырг-ндагы мөңгүлүү ири региондордун бири — Какшаал кырка тоосунун түн. кап-

талы. Чыгышында Сары-Жаз капчыгайынан батышка карай Какшаал суусунун капчыгайына чейинки кырка тоонун бөлүгүндө жалпы аянты 907,6 *км²*ге жеткен 600дөн ашык мөңгү бар. Мүдүрүм ж-а Чоң Үзөңгүкууш сууларынын алабындагы мөңгүлөр өтө чоң. Мында Данков чокусу (5982 *м*) көтөрүлүп турат. Анын тегерегинде аянты 443 *км²* келген ири мөңгүлөр (Ак-Сай, Ай-Талаа, Оттоташ) бар. Бул районду кээде Ак-Сай муз тоому деп аташат. Какшаалтоонун түн. капталында, Сары-Жаз капчыгайынын батышындагы Жаңгарттын алабында чоңдугу жагынан экинчи муз тоому жайгашкан. Мында аянты 393,5 *км²* келген 400дөй мөңгү бар.

Ысык-Көлдүн алабына Күнгөй Ала-Тоонун түш., Тескей Ала-Тоонун түн. капталдарында жайгашкан мөңгүлөр кирет. Күнгөй Ала-Тоодо жалпы аянты 140,3 *км²* келген 159 мөңгү бар. Өрөөндөрдүн башында жайгашкан мөңгүлөр анча чоң эмес (1 *км²*ге чейин), бири-биринен обочолонуп жатат. Мөңгүлөрдүн көбү Чоң Ак-Суунун алабында (аянты 65,6 *км²* болгон 53 мөңгү). Аты окшош эң чоң мөңгүнүн аянты 8,1 *км²*, уз. 6,1 *км*. Тескей Ала-Тоонун түн. капталында аянты 510,1 *км²* болгон 675 мөңгү жайгашкан. Мындагы мөңгүлөрдүн 14үнүн аянты 5 *км²*, 70%тен ашыгы майда. Алардын аянттары 0,1ден 0,5 *км²*ге чейин. Эң чоң мөңгү — Коңур-Өлөң (уз. 5,8 *км*, аянты 11 *км²*), Ак-Терек суусунун алабында жайгашкан. Кара-Баткак мөңгүсү (уз. 3,5 *км*, аянты 4,5 *км²*) эң изилденген мөңгү, 50 жылдан бери Кыргыз УИАнын «Тяньшань» физ. география станциясы такай байкоо жүргүзөт.

Талас Ала-Тоосунун түн. капталында аянты 120,7 *км²* келген 202, түш. капталында (Кырг-ндын аймагында) аянты 10,8 *км²* келген 62 мөңгү бар. Мөңгүлөр текши таралган эмес, ири түйүндөрү жок. Төр ж-а төр-асылма мөңгүлөрү басымдуу. Эң чоң мөңгүсү Үрмаралдын алабындагы Вокруг Света (уз. 3,6 *км*, аянты 6,8 *км²*) мөңгүсү.

Чет жактагы кырка тоолордун ичинен Кыргыз Ала-Тоосунда мөңгүлөр кыйла арбын таралган. Анын борбордук бөлүгүн Бишкек шаарынын меридианында тоонун кырларын дээрлик муз ж-а кар каптап жатат. Ысык-Атанын алабынын чыгышыраагындагы, Сокулуктун алабынын батышыраагындагы мөңгүлөр бири-биринен бөлүнүп жайгашкан. Ушул эле багыттар б-ча мөңгүлөрдүн аянты кичирейе берет. Кыргыз Ала-Тоосунда бардыгы болуп 607 мөңгү (аянты 530,4 *км²*) бар, а. и. саны б-ча 88%, аянты б-ча 90% кырка тоонун түн. капталында топтошкон. Сокулук, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата сууларынын алаптарында мөңгүлөрдүн көбү жайгашкан. Ушул эле аймактарда ири мөңгүлөр (5 *км²*ден ашык) бар. Эң чоң мөңгүсү — Голубин (уз. 5,5 *км*, аянты 9,4 *км²*), Ала-Арча суусунун алабында.

Ички Теңир-Тоодогу бир канча тоолордун кырларында мөңгү аянттары кездешет. Бул тоолор Борколдой (250,3 *км²*), Ат-Башы (106,2 *км²*), Жаңы-Жер (59 *км²*), Жетим-Бел (71,5 *км²*), Жетим (136,6 *км²*), Нура (25,8 *км²*), Нарын-Тоо (69,4 *км²*).

Фергана өрөөнүн курчаган кырка тоолордун эң мөңгүлүүсү — Алай кырка тоосу. Анда жалпы аянты 956,3 *км²* келген, 1360тан ашык мөңгү жатат. Кыргызстанга тиешелүү мөңгүлөрдүн саны —1088, жалпы аянты 816,2 *км²*. Жалпы мөңгүлөрдүн ичинен 37%инин аянты 0,1 *км²*ден 1 *км²*ге чейин; 40% 5 *км²*ге чейин. Мөңгүлөрдүн ичинен төртөө 10 *км²*дан ашык. Эң чоң мөңгүсү — Абрамов (уз. 9 *км*, аянты 25,2 *км²*) кырка тоонун тармагынын түш. капталында, Көк-Суунун (Батыш Кызыл-Суунун куймасы) алабында жайгашкан.

Алай кырка тоосунун батыш уландысы Түркстан кырка тоосунун түн. капталында жалпы аянты 899,1 *км²* келген 306 мөңгү бар. Алардын ичинен жарымынан көбү 1 *км²*ден кичине, чоң мөңгүлөр Сох ж-а Исфара сууларынын алаптарында топтолгон. Мында 4 мөңгүнүн аянты 10 *км²*ден (Теминген, Шуровский ж. б.) ашык.

Фергана кырка тоосунун орто бийиктиги батыш бөлүгүндө 3300–3500 *м*, чыгышты карай өсүп, Алай кырка тоосу м-н тутумдашкан жеринде 4500–4800 *м*ге жетет. Батыш капталына жаан-чачын арбын түшкөнү м-н (айрым жерлерде 2000 *мм*ден ашык) мөңгү жок. Мөңгүлөр чыгыш капталында топтолгон. Мында аянты 195,8 *км²* келген 385 гана мөңгү бар. Мөңгүлөр чоң эмес, 83%и 0,5 *км²*ден кичине. Мөңгүлөрдүн көп аянттары Тар (Кара-Дарыянын башаты) м-н Алабуганын (Нарындын сол куймасы) алаптарында жайгашкан. Көбү асылма ж-а төр тибиндеги мөңгүлөр. Эң чоң мөңгүсүнүн уз. 5,4 *км*, аянты 7,4 *км²*.

Теңир-Тоонун аймагында мөңгүлөрдүн бардык формалары – өрөөн, төр, асылма, төр-өрөөн, татаал-өрөөн (бир нече өрөөн, төр ж-а асылма мөңгүлөрдөн турган), о. эле башка тоо системаларда сейрек кездешчү жалпак чоку мөңгүлөрү бар. Мөңгүлүү аймактарда муздун негизги массасы бийиктикке тоо аралык өрөөндөрдүн, капчыгайлардын таманында жатат. Андагы мөңгүлөр жааган кардан, о. эле тоо боорунан бороон учуруп келген кардан ж-а кар көчкүдөн да толукталат. Мөңгүнүн башкы көрсөткүчү болуп куралуу аймагынын чеги (кар чеги) саналат. Кар чеги кышында кар көп жааган кырка тоолордогу мөңгүлөрдө төмөн (3200–3400 *м* бийикте) жатат. Ички кырка тоолордо кар чеги 4400–4600 *м* бийикке чейин жогорулайт. Кырг-ндын тоолорунда кар чегинин түн.-батыштан түш.-чыгышты карай жалпы жогорулоо закон ченеми байкалат. Бирок гидротерм шарттарынын өзгөрүүсүнө жараша ар башка жылда ар түрдүү болушу мүмкүн.

Мөңгүлөрдүн көлөмүнө, куралуу режимине, алган ордунун жантайыңкылыгына ж.б. өзгөчөлүктөрүнө жараша муздун ордунан жылышуу ылдамдыгы кескин өзгөрүп турат. Өрөөн мөңгүлөрүнүн суткалык кыймылынын ылдамдыгы төмөнкү зонасында 2 *см*ден — фирн сызыгына жакын 3–3,5 *см*ге, жылдык ылдамдыгы төмөнкү бөлүгүндө 5–7 *м*ден жогорку бөлүгүндө 11–12 *м*ге чейин жетет.

Кырг-ндын аймагындагы мөңгүлөргө 20-к-дын 20-жылдарынан бери жалпысынан чегинүү мүнөздүү. Алардын айрымдары кылымдын башталышына салыштырганда 800–1000 *м*ге чейин чегинген. Узак убакыт бою байкоо жүргүзүлгөн Карбаткак, Абрамов, Ак-Сай ж.б. мөңгүлөрү кийинки жылдардын ичинде чегинген. Бир катар мөңгүлөрдүн көлөмү өзгөргөн эмес, ага Теңир-Тоодогу эң ири мөңгү Түш. Эңилчек мисал боло алат. Айрым мөңгүлөр Мушкетов, Кайыңы ж. б. ылдыйлап, чоңоюуда. 1956–57-ж. Сары-Жаз д-нын башталышындагы Мушкетов мөңгүсү 2,5 *км*ге төмөн жылып, 70-жылдарда кайра чегине баштаган. Кескин жылышуу Кайыңды, Түн. Кара-Сай, Борду, Чомой, Ак-Суу, Абрамов ж. б. мөңгүлөргө мүнөздүү. Жалпысынан Теңир-Тоо аймагына азыркы мезгилде мөңгүлөрдү деградацияга алып келүүчү заттардын терс балансы мүнөздүү.

Мөңгүдөн эриген суу айрым дарыялардын жылдык агымынын 30–35%ин түзөт. Мөңгүлөр ж-а кар суулары жай айларында тоолуу аймактардагы дарыя сууларынын негизги бөлүгүн (60–80%ин) түзүп, сугатчылыкта мааниси чоң.

*А. Осмонов*

# ТОПУРАГЫ

Кырг-ндын тоолуу аймагы Туран, Борб. Казакстан ж-а Борб. Азия климат-топурактык фацияларынын ортосунан орун алган. Жеринин басымдуу бөлүгү жогорку абс. бийиктикте (500–5000 *м*) жаткандыктан анын топурактарынын өөрчүү процесси тоодогу татаал физ.-геогр. шарттардын ж-а ландшафттардын геол. өнүгүү тарыхына байланыштуу. Респ-нын аймагындагы топурактар жер бетинин геоморфологиялык шарттарына ылайык бири биринен айырмаланган төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт. Т о о а р а л ы к ө р ө ө н д ө р д ү н т а м а н д а р ы н д а г ы т ү з д ү к т ө р д ү н т о п у р а к т а р ы (деңиз деңг. 500–3000 *м* бийиктикте өөрчүйт) таралышы б-ча өз ичинен айырмаланат. Тоо аралык жапыз өрөөндөрдөгү түздүктөрдүн топурагы (туран боз топурагы, аз карбонаттуу боз топурак, шалбаа боз топурагы); орто бийиктиктеги тоо аралык өрөөндөрдөгү түздүктөрдүн топурагы (бозомтук-күрөң, ачык-күрөң, карбанаттуу ачык-коңур, коңур, кара-коңур, шалбаа коңур топурагы, аз чириндилүү кара топурак); тоо аралык бийик өрөөндөрдүн топурагы (бетегелүү талаанын коңур топурагы). Т о о к а п т а л д а р ы н ы н т о п у р а г ы (1000–4500 *м* бийиктикте) төмөндөгү бийиктик алкактары б-ча таралган: тоонун талаа топурагы (1000–2500 *м*) – тоонун боз, күрөң, ачык күрөң, коңур, кара коңур; тоонун шалбаалуу талаа ж-а токой топурагы (2000–2800 *м*) – кара топурак, жаңгактуу мөмө-жемиш токоюнун кара күрөң ж-а арча токоюнун күңүрт топурагы, карагай токоюнун каралжын күрөң топурагы; субальп тоо топурагы (2800–3500 *м* бийиктикте) – шалбаалуу талаа, каралжын-шалбаа; альп алкагынын бийик тоо топурагы (3500–5000 *м*) – шалбаалуу талаа, шалбаа, доңуз сырты өскөн чала чымдуу топурактар ж. б. С ы р т т о п у р а г ы н а (3000–4000 *м* бийиктикте) такыр сымал чөлдүн, талаанын коңур топурактары кирет. З о н а и ч и н д е г и т о п у р а к т а р г а жердин нымдуулугуна ж-а шордуулугуна жараша шалбаа, саз, аллювий, шалбаалуу саз, чым көңдүү саздак, шор ж-а шортоң топурактар кирет.

Топурактардын таралышынын негизги мыйзам ченемдүүлүгү тоо аралык өрөөн тамандарынын ж-а аларды курчап турган кырка тоо капталдарынын алкактуулугуна байланыштуу. Өрөөн тамандарынын алкактуулугу анын абс. бийиктигине ж-а гидротермиялык шарттарга жараша өзгөрөт. Мис., Ысыккөл ойдуңунда батыштан чыгышты карай бозомтук күрөң топурак ачык конур, кара коңур ж-а кара топурактар м-н алмашат. Чүй ж.б. өрөөндүү аймактарда да топурактардын ушундай өзгөрүү мыйзам ченемдүүлүгү байкалат.

Өрөөндөрдүн бийиктик деңгээлине жараша топурактардын ар түрдүү типтери калыптанат. Өрөөн канчалык бийик болсо, андагы топурак алкактуулугу жөнөкөй ж-а алкактары аз болот.

Кырг-ндын кырка тоолорунун капталдарында нымдуулук м-н жылуулук бирдей таралбагандыктан, топурактын бийиктик алкактуулугунун структурасы кырка тоолордун ээлеген ордуна, абс. бийиктигине, аба массасына, геогр. абалына ж-а капталдардын экспозицияларына байланыштуу.

Борб. Теңир-Тоонун сырттарында топурак өзгөчө шартта пайда болгон. Аба темп-расы жыл бою терс градиентте болгондуктан, топурактын тоңу калың болуп, криогендик процесстердин пайда болушуна шарт түзүлөт. Натыйжада такыр сымал чөл-талаа топурагы ж-а полигоналдык тундра топурагына окшош кыртыш пайда болот. Көп жылдык тоңдун шарттарында андагы органикалык заттар анаэробдуу (кычкылтексиз) шартта бузулат, ным болсо төмөндөн өйдө карай жылат. Карбонаттар ж.б. тез эрүүчү туздар топурактын үстүнкү катмарына топтолот. Өтө суук болгондуктан, тоо тектеринин аяздан үбөлөнүүсү хим. ж-а биол. үбөлөнүүгө караганда басымдуулук кылып, топурак жегичтүү реакциясы м-н айырмаланат, шор топурактар да кеңири тараган. Андай топуракта өсүмдүктөр м-н курт-кумурскалар аз болот.

Түш. Кырг-н Туран фациясынын бир бөлүгүн түзүп, деңиз деңг. 500–5000 *м* бийиктикте жайгашкан. Бул аймактын топурак пайда кылуучу түпкү тектери негизинен акиташтуу (карбонаттуу) келип, түз өрөөндөрү төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон лёсс,

кумай топурактар м-н шагылдуу конгломерат чөгүндүлөрүнөн турат. Тоонун жантайма беттеринде болсо палеозой заманына таандык элювий, делювий, акиташ тектери, сланецтер, кум-таштуу тоотектери басымдуулук кылат.

Түш. Кырг-ндын шартында Фергана өрөөнүнөн тоо тарапты карай өрдөй башталганда эле, анчалык жазы эмес аралыкта ачык боз топурактуу какыраган чөлдөн кармөңгүлүү чокуларга чейинки ландшафттык алкактарды кезиктирүүгө болот. Анткени, бул аймактын климаттык шарты субтропиктин континенттик климатына окшошураак келип, жаан-чачын көбүнчө жаз, кыш ж-а күз мезгилдеринде жаайт. Жай мезгили болсо кургакчыл ж-а өтө ысык келет.

Пахта өстүрүүчү төмөнкү зоналарда аба ырайынын жылдык орт. темп-расы 12–13°, жаңгак-жемиш токойлорунда 9°C, ал эми тоолуу аймактарда андан төмөн келет. Январдын орт. темп-расы, негизги дыйканчылык зонасында –3...–7°C, июлдуку 23–24°Cди түзүп, кээ бир учурларда 40°Cге чейин көтөрүлөт. Жаан-чачындын өлчөмү төмөнкү түзөң бөлүгүндө 200 *мм*ден жаңгак мөмө-жемиш токойлорунда 900–1000 *мм*ге чейин жетет. Мына ушул себептүү, мында шыбактуу-эфемер өсүмдүктөрүнүн астында лёссымал кумай чөгүндүлөрдөн пайда болгон боз топурактар көбүрөөк таралган. Бул жерде кеңири таралган тоонун бозомук күрөң топурактары бадалдуу кургак талаага, тоонун күрөң топурактары шалбаалуу талаага, ал эми өтө чириндилүү кара күрөң топурактар жаңгактуу мөмө-жемиш токоюна мүнөздүү.

Түн. Кырг-нда Күнгөй, Талас ж-а Кыргыз Ала-Тоолору сыяктуу тоо кыркалары ж-а аларга жамаатташ жаткан тоо аралык кенен өрөөндөр орун алган. Респ-нын бул аймагы түн.-батыштан ж-а батыштан келүүчү анча суук эмес нымдуу аба м-н желаргы шамалдарына ачык жатат. Анын бир тарабы субтропиктик кургак климатка жакындашса, ал эми экинчи тарабы Борб. Казакстанга мүнөздүү өзгөчө континенттүү суббореалдык климаты м-н өзгөчөлөнөт. Жыйынтыктап айтканда, Түн. Кырг-ндын жалпы климаты мелүүн континенттүү келип, жаан-чачындардын басымдуу бөлүгү жаз ж-а күз мезгилдерине туура келет. Ошондуктан өсүмдүктөр м-н топурактардын өөрчүшү эки фазага – жаз ж-а күз айларына туура келет. Бул аймакта кеңири таралган боз топурак бореалдык климат шарттарында өөрчүп, составында акиташ, туз бирикмелери ж-а кошулмалары аз өлчөмдө кездешүүсү м-н өзгөчөлөнөт.

Тоо капталдарынын топурактары бийиктик алкактуулуктун закон ченемине ылайык таралган. Чүй өрөөнүнүн тоо этектеринде ачык коңур ж-а кара коңур, ал эми бөксө тоо беттеринде кара топурактар кеңири таралган. Орто бийик тоолуу бадал аралаш карагай токойлорунда күңүрт каралжын түстөгү топурактар өөрчүгөн, андан жогорку бийик тоо беттеринде казтаман, шимүүр, теңгечөп, бетеге, тулаң аралашкан өсүмдүктөрдүн астында тоонун шалбаалуу талаа, шалбаалуу субальп ж-а альп топурактары кеңири таралып, алар негизинен жайкы жайыт катарында пайдаланылат. Бул жерлердин айрым участоктору чөп чабынды катарында да пайдаланылат. Жалпысынан айтканда, Түн. Теңир-Тоонун топурактары сугат тармактары өтө ургалдуу өнүккөн дыйканчылык зонасында жайгашып, кант кызылчасын, жүгөрү, мөмө-жемиш бактарын, дан эгиндерин, көп жылдык чөптөрдү, тамыры тоют ж.б. түрдүү бакча, жашылча өсүмдүктөрүн өстүрүүчү эң негизги аймак болуп саналат. Топурактардын чарбада ургалдуу пайдаланылышы көп учурда, алардын эрозияга дуушарланышына, кайталап шордолушуна ж-а өндүрүмдүүлүгүнүн начарланышына алып келет.

Ысык-Көл м-н Нарын облустарынын тоо аралык өрөөндөрү ж-а аларды курчап турган тоо кыркаларынын топурактары катаал табигый шарттарда өөрчүйт. Өрөөндөр м-н ойдуңдардын орт. бийикт. 1600–2800 *м*ди түзөт. Айрымдары 2600 *м*ден жогорураак бийиктикте жайгашкан. Табияты ж-а топурак пайда кылуучу шарттары б-ча Алай өрөөнү да Ички Теңир-Тоого окшошуп кетет. Климаттык шарттары кескин континенттүү, жайы мелүүн, кышы кургак ж-а суук, кар аз жаайт. Мына ушундай шартта сейрек ж-а жапыз өскөн чөп өсүмдүктөрү басымдуулук кылат. Органикалык заттардын топтолушу начар, микроорганизмдердин өнүгүшүнө да ыңгайсыз шарттар түзүлөт.

Т о о   а р а л ы к   ө р ө ө н д ө р д ү н   т а м а н д а р ы н д а г ы   т ү з д у к т ө р д ү н

т о п у р а г ы. Тоо аралык өрөөндөр өзүнүн гипсометриялык абалы б-ча жапыз, орто бийик ж-а бийик жайгашкан өрөөндөр болуп үч топко бөлүнөт.

Жапыз жайгашкан өрөөндөр тобуна Чүй, Талас ж-а Фергана өрөөндөрү кирет. Өрөөндөрдө негизинен боз, ал эми айрым жерлеринде коңур топурактар тараган. Фергана өрөөнү үчүн туран боз топурагы мүнөздүү. Туран боз топурагы субтропик климат сымал, нымдуулугу өтө ар түрдүү, кургак ж-а континенттик климаттык шартта ыраң, жылгын, эфемердүү жарым чөл өсүмдүктөрү өсүүчү карбонат тектүү үбөлөндү кыртышта жетилет. Гидротермиялык шарттардын мезгилдик өзгөчөлүгүнө жараша топурак эки фазада өнүгүшү байкалат. Жаан-чачындуу жаз ж-а күз мезгилдеринде үбөлөнүүгө дуушарланган топурак заттары анын профили б-ча төмөн жуулса, жайында жогору көтөрүлөт. Топуракка жогорку карбонаттуулук ж-а чопо сымал профиль мүнөздүү. Фергана өрөөнүндө көбүнчө кадимки боз топурак басымдуулук кылат, ал эми төмөнкү зонада гипстүүлүгү, кыртыштын жукалыгы ж-а аз скелеттүүлүгү м-н айырмаланган ачык боз топурак учурайт.

Туран боз топурагы өз ичинен ачык түстөгү, кадимки ж-а күңүрт болуп үч типчеге бөлүнөт. Ачык боз топурак Түркстан, Алай, Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун этектериндеги түздүктөрдө кеңири тараган. Ал нымы жетишсиз, абанын темп-расынын жылдык орт. өлчөмү 12–13°Сден жогору болгон шартта, эфемердүү жарым чөл өсүмдүктөрү өскөн жерлерде өөрчүйт. Бул топуракты пайда кылуучу түпкү тектерди үстү майда үбөлөндү м-н капталган таш-шагылдуу чөкмөлөр түзөт. Мех. составы б-ча чаңдуу жеңил ж-а орто чополуу топурак. Үстүнкү катмарындагы чириндинин өлчөмү 1–1,5%, топурак профили дээрлик карбонаттуу, эң үстүндө $CO_2$ карбонаты 5–7%, анын өлчөмү тереңдеген сайын көбөйө баштайт. Топурак реакциясы жегичтүү; кычкылдуулугу (pH) 7,7– 8,7ге барабар. Составында азот м-н фосфор аз болгонуктан, кошумча минералдык ж-а органикалык жер семирткичтерди себүүнү талап кылат.

Кадимки боз топурак адырлар м-н жапыз тоо капталдарында тараган. Бул зонада тоо этектерине караганда жаан-чачын арбыныраак (300-350 *мм*) жаайт. Жылдык орт. темп-расы 10–11°. Топурак пайда кылуучу түпкү тектерин неогендин ж-а төртүнчүлүк мезгилдин чөкмөлөрү, лёсс сымал чополор түзөт. Мех. составы б-ча жеңил ж-а орто чополуу топурак. Топурактын үстүнкү бөлүгүнөн тереңине чейин карбонаттуу; реакциясы жегичтүү, pH=8–8,5. Чириндиси 1,8–2,5%ти түзөт; азот м-н фосфор жетишсиз болгондуктан топурактын өндүрүмдүүлүгү начар.

Кадимки боз топурактардын зонасынан жогору 1200–1500 *м* бийиктикте күңүрт боз топурактар кездешет. Бул жерде ар түркүн талаа өсүмдүктөрү өсөт. Мех. составында оор чополор басымдуулук кылат. Өсүмдүктөрдүн калдыктары көп топтолуп, чирүү процесси толук жүргөндүктөн чириндинин өлчөмү 4,5%ке жетет; азот м-н фосфордун өлчөмү дагы салыштырмалуу жогору. Топурак реакциясы жегичтүү, $CO_2$ карбонаттары топурактын төмөнкү катмарында көп топтолгон.

Түн. боз топурагы туран боз топурагынан айырмаланып, негизинен Түн. Кыргындын тоо этегиндеги түздүктөрүндө тараган. Анын ачык ж-а күңүрт типчелери кеңири кездешет. Ачык боз топурак лёсс сымал чополуу тектердин үстүндө пайда болот. Кыртыш суулары 5–10 *м* тереңдикте жатат. Сугат жерлерде анын деңгээли ж-а туздуулугу жогорулайт. Мех. составы оор чополуу, жеңил чополуу ж-а кумдак чополуу. Чириндиси 1,7%ке чейин. Топурак профили дээрлик карбонаттуу. Ачык боз топурак азык заттарга жарды келет.

Күңүрт боз топурак таштак-кумдак чополордун үстүндө өөрчүп, анын төмөн жагында шагылдуу таштардын катмарына өтөт. Мына ушуга байланыштуу мех. составы скелеттүү кумдуу, оор чополуу келет. Топурактын чириндиси 1,5–2,5%ти түзөт. Топурак шорсуз, аз карбонаттуу. Бул жерде таралган топурактардын дагы бир өзгөчөлүгү Чүй ж-а Талас өрөөндөрүндө жер алдындагы суулардын тайыз жайгашышына байланыштуу саздуу тилкелер кездешет. Анда саздуу-шалбаа, шалбаалуу-саздак, шалбаалуу боз ж-а саздак чым көңдүү шор, шакар топурактары кеңири таралган. Бул топурактар респда кант кызылчасын өстүрүүдөгү негизги жер аянттары болуп эсептелет. Андан сырткары жашылча-жемиш, дан эгиндерин, көп жылдык чөптөрдү, дары-дармек ж. б. өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн да кеңири пайдаланылат.

Орто бийиктиктеги тоо аралык өрөөндөрдө негизинен коңур, бозомук күрөң ж-а кара топурактар кездешет. Коңур топурактар негизинен Чүй м-н Таластын өндүрлөрүндө, Ысык-Көл м-н Ички Теңир-Тоонун өрөөндөрүндө кеңири таралган. Алар ачык ж-а кара коңур болуп эки типчеге бөлүнөт. Ачык коңур топурак Түн. Кыргн-да 1200–1500 *м,* ал эми Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал, Суусамыр, Нарын ж-а Ат-Башы–Кара-Коюн өрөөндөрүндө 1600–2600 *м* бийиктиктерде таралган. Ал өрөөндөрдүн климаты мелүүн келип, 300–400 *мм*ге жакын жаан-чачын жаайт. Топурак шагылдуу тектерде ж-а лёсс сымал чоподо өөрчүйт. Мех. составы б-ча орто ж-а оор чополуу топурак. Профилинде $CO_2$ карбонаттары, айрыкча иллювий горизонтунда арбын кездешет. Тез эрүүчү туздар кездешпейт. Реакциясы жегичтүү (pH=7,2–8,6). Чириндиси 2–3%тей. Азык заттары аз. Көбүнчө дыйканчылыкта пайдаланылат.

Кара коңур топурак да ачык коңур топурак тараган өрөөндөрдө 1300 *м*ден 2700 *м*ге чейинки бийиктиктерде кездешет. Бул зонада 400–450 *мм*ге жакын жаан-чачын жаайт. Кургак талаанын аккылкан-шыбак-бетегелүү ар түрдүү чөп өсүмдүктөрү өсөт.

Топурактын бул типчеси ачык коңур топуракка караганда өңү күңүрт каралжын келип, калың; карбонаттар топурактын төмөнкү иллювий катмарына топтолгон. Мех. составы б-ча орто ж-а оор чополуу топурак. Чириндиси 6,2%ке чейин. Азот м-н фосфордун өлчөмү да бир аз жогору.

Ысык-Көлдүн батышы м-н Кочкор өрөөнүндө чөлдүн таштак бозомук-күрөң топурагы тараган. Бул аймакта жаан-чачын өтө аз жаайт (100–120 *мм*), кышы карсыз, жылдын көпчүлүк мезгилдеринде ылдамдыгы 15–20 *м/сек*га жеткен катуу шамал согуп турат. Өсүмдүктөрү сейрек. Мына ушуга байланыштуу топурактын шамал эрозиясы катуу жүрүп, топурак начар өөрчүгөн, кыртышы өтө жука. Нымдалуусу начар болгондуктан топурак пайда кылуучу процесстер жай жүрөт. Органикалык заттарга жарды, чириндиси 0,5–1,5%ке гана жетет. Азык заттары жокко эсе.

Ички Теңир-Тоонун тоо аралык бийик өрөөндөрүндө бозомук күрөң топурак кеңири таралган. Климаты кескин континенттүү келип, кышы өтө суук, жайы салкын. Топурак астында шагыл төшөлгөн карбонаттуу пролювий ж-а делювийден түзүлгөн чопо тектери жатат. Мех. составы б-ча жеңил ж-а оор чополуу топурак. Айрым жерлери таштак келет. Чириндиси 1–2%тен ашпайт; составында фульвокислота басымдуулук кылат. Бозомук күрөң топурактын арасында туздуу, неоген чөкмөлөрүндө пайда болгон шор, шортоң топурактар да кездешет.

Дыйканчылыкта пайдаланылган аянттарында топурактардын абалынын бир аз жакшыргандыгы байкалат. Анткени аларды сугарып, кошумча азыктандырганда чириндүүлүгү оңолуп, туздары жуулуп кеткендиктен микроорганизмдердин көбүрөөк топтолушуна шарт түзүлөт.

Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы түздүктөрдө ж-а Ат-Башы өрөөнүнүн айрым жеринде кара топурак тараган. Кара топурактын болушу климаттык шарттарга тыгыз байланыштуу. Анткени анда жаан-чачын арбын түшкөндүктөн талаа өсүмдүктөрү басымдуулук кылат. Топурак пайда кылуучу тектерин шагыл үстүндө калыптанган лёсс сымал чопо түзөт. Ошондуктан топурактын мех. составы орто ж-а оор чоподон турат. Карбонат туздары топурак профилинин иллювий катмарында гана топтолгон; реакциясы нейтралдуу (pH=7,3). Чириндисинин өлчөмү орто эсеп м-н 7,3%, ал эми айрым жерлеринде 10%ке чейин жетет. Топурак курамында азот м-н фосфор бир аз жогору, ал эми калий өтө көп кездешет.

Кара топурактарын кайрак жер катарында пайдаланып, сугатсыз эле картошка, дан эгиндери ж-а көп жылдык чөп өсүмдүктөрү өстүрүлөт.

Тоо капталдарынын топурактары. Тоолордун ж-а алардын капталдарынын геогр. абалдарына, рельефтик ж-а биоклиматтык шарттарына байланыштуу өтө ар түрдүү.

Түш. Кырг-ндын адырлары м-н бөксө тоолорунун беттеринде, негизинен кызылот-буудайыктуу ж-а аюучач, чайыр чөп өскөн тоо-талаа өсүмдүктөрүнүн астында тоонун күрөң боз, ачык куба күрөң, коңур күрөң топурактары кеңири таралган. Профилдеринин морфологиялык түзүлүшү б-ча жогоруда аталган топурактар үстү күңүрт боз ж-а

күрөң түстө болуп, ал төмөндөгөн сайын агыш бозомук болуп кетет. Катталган жалпак, кесек ж-а жаңгак сымал борпоң структурада. Карбонаттар 70–110 *см* терендиктеги горизонтто топтолгон, чополонушу начар. Мех. составында чаңдуу орто ж-а оор чополор басымдуулук кылат. Чириндинин өлчөмү тоонун күрөң боз топурагында 3–4%ти, күрөң топуракта 4–8%ти түзөт. Күрөң топурактардын кыртышы күрөң боз топурактарга салыштырганда калың келет. Топурак реакциясы жегичтүү (pH=8,0–8,7). Бул топурактарда негизинен кайрак дан эгиндери өстүрүлөт. Айрым жерлери мөмө-жемиш бактарын өстүрүүгө ж-а жүзүмчүлүккө ыңгайлуу.

Түн. Кыргызстан м-н Ысыккөл, Ички Теңир-Тоонун өрөөндөрүнүн түздүктөрүндө коңур топурактар таралса, ал эми Кыргыз, Талас, Жумгал, Ат-Башы, Нарын, Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолорунун түрдүү бийиктеринде (1700–2200 *мден* 2400–2900 *мге* чейин) тоонун коңур топурактары өөрчүгөн. Түздүктөрдүкүнө караганда тоонун коңур топурактарынын профили жука, таштак, эрозияга көбүрөөк дуушарланат, составында эригич туздар кездешет. Топурак пайда кылуучу түпкү тектерин таш-шагылдуу чопо ж-а урчуктуу ири таштар түзөт. Анда негизинен талаа өсүмдүктөрү басымдуу. Чириндинин өлчөмү ачык коңур топуракта 2,5–3,5%ке, ал эми күңүрт коңур топуракта 4,5–6,5%ке жетет. Карбонаттар топурак профилинин бардык бөлүгүндө кездешет. Коңур топурактар көбүнчө күзгү-жазгы ж-а кышкы жайыт катары пайдаланылат.

Коңур топурактар зонасынан жогорку шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өскөн тоо капталдарында тоонун кара топурактары тараган. Жаан-чачын жетишээрлик жааган-дыктан анда бийик өскөн чөп өсүмдүктөрү м-н ар түрдүү бадалдар өсүп, алардын калдыктары көп топтолуп, жакшы чирийт. Ошондуктан чириндинин өлчөмү айрым жерлеринде 10–15%ке жетет; орточосу 6,5–9,5%. Топурак пролювий-делювий чополуу чөкмөлөрдө ж-а лёсс сымал чоподо пайда болот. Чиринди катмарынын калыңдыгы 40–70 *смге* жетет. мех. составы б-ча оор ж-а орто чополуу топурак, структурасы өтө жакшы; карбонаттар топурактын иллювий горизонтторунда бир аз кездешет. Тоонун кара топурагы таралган жерлер чөп чабынды, жайыт катары пайдаланылат, түзөң аянттарында кайрак эгин, чөп ж-а картошка өстүрүлөт.

Тоолордун орто бийиктиктериндеги капталдарында токой топурактарынын өзүнчө тилкечелери орун алган. Бул топурактардын жалпы аянты А. Мамытовдун (1960) маалыматы б-ча 1 миллион гектарга жетип, токойлордун таралышына ж-а курамына жараша бир нече типке бөлүнөт.

Фергана м-н Чаткал кырка тоолорунун орто бийиктиктеги нымдуу капталдарынын кокту-колотторундагы жаңгактуу мөмө-жемиш токойлорунда калың чиринди кара күрөң топурак пайда болгон. Топурак пайда кылуучу түпкү тектерин элювий ж-а делювий шагыл-таштары м-н лёсс сымал чопо түзөт. Ошондуктан топурактын мех. составында оор чопо басымдуулук кылат. Өсүмдүктөрдүн калдыктары мол топтолуп, микроорганизмдер үчүн жакшы шарт түзүлгөндүктөн чирүү процесси толук жүрүп, чириндилүү катмары калың болот. Чириндиси орто эсеп м-н 10–15%, ал эми айрым жерлеринде 20%ке жетет. Топурак реакциясы нейтралдуу, анын составында жетиштүү өлчөмдө азот, фосфор ж-а калий сыяктуу азык заттар бар. Составында сууга туруктуу агрегаттар басымдуулук кылат; физ., физ.-хим., суу, аба ж-а жылуулук касиеттери жакшы.

Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун түн. капталдарынын деңиз деңг. 2200–3000 *мге* чейинки бийиктиктеринде тоонун куба күрөң топурагы тараган. Арча токойлору м-н аралаш өскөн бадалдардын ж-а чөп өсүмдүктөрдүн астында калыптанган бул топурактын өңү-түсү ачык күрөң, майда бүртүкчөлүү структурага ээ. Топуракты пайда кылуучу түпкү тектерин сланец, акиташ, гранит ж.б. үбөлөндүлөрү түзөт. Мех. составы оор чополуу. Чиринди катмары өтө калың эмес, ал эми анын астындагы иллювий горизонтунун калыңдыгы 60–80 *смге*, айрым жерлерде 1 *мге* жетет. Чириндиге бай (12–15%), жаан-чачын жетиштүү жаагандыктан карбонаттар анын үстүнкү катмарынан жуулуп, төмөнкү катмарларына топтолгон.

Тоонун карагай токоюнун каралжын топурагы Күнгөй, Тескей, Кыргыз Ала-Тоолорунун ж-а Нарын кырка тоосунун нымдуу капталдарында таралган. Карагай токойлорунун арасында бийик бадалдар м-н шалбаа чөптөрү да өсөт. Топурак кристаллдык тектердин үбөлөндүсүнүн үстүндө калыптанган. Анын профили 5 *см* калыңдыктагы ийне

жалбырактардын чала чириген жука катмарчасынан, ачык, күрөң түстөгү майда бүртүкчөлөрдөн турган чиринди ж-а ачык күрөң түстүү иллювий горизонттордон турат. Топурактын жалпы калыңдыгы 50–60 *см,* ал эми чиринди катмарыныкы 30–35 *смди* түзөт. Топурактын үстүнкү бөлүгүндөгү чириндинин өлчөмү 6–17%, бир аз эле төмөндөгөндө ал кескин кыскарып, 60–70 *см* тереңдикте 0,6–1,0%ти араң түзөт. Чириндинин көп топтолушуна жараша азоттун жалпы өлчөмү да жогору (0,4–1,3%). Карбонаттар топурактын үстүнкү катмарынан жуулуп, төмөнкү горизонтторуна топтолгон.

Кырг-ндын бийик тоо кыркаларынын 2500–3500 *м* бийиктигинде субальп шалбаалуу талаа, шалбаа ж-а каралжын топурактары тараган. Топурак түрдүү тектердин үбөлөндүлөрүнөн пайда болгон делювий ж-а элювий чөкмөлөрүнүн үстүндө калыптанган. Субальп шалбаалуу талаа топурагы тоонун күнгөй беттеринде кезигет, профилинин кыртышы чымдак, структурасы жакшы, скелеттүү келип, топурак катмарлары даана бөлүнүп турат. Чириндисининин составында гумин кислотасы басымдуулук кылат. Чым ж-а анын астында жаткан чымдак горизонт карбонаттардан тез-тез жуулуп турат. Субальп тоо-шалбаа топурагы тескейлерден орун алып, чириндилүү келет; анын составында гумин кислотасы көбүрөөк. Карбонаттардын кыйла бөлүгү жуулуп кетет, эриндилердин реакциясы нейтралдуу. Чириндинин өлчөмү шалбаалуу талаа топурагында 6–10%, ал эми субальп, шалбаа топурактарында 8–15%. Субальп топурактары негизинен жайыт катары пайдаланылат, анда мал көбөйүп кеткендиктен тепселип эрозияга тезирээк дуушарланат да, өөрчүүсүнө тоскоолдук болот.

Тоо капталдарынын 3200 *мден* жогору жайгашкан бөлүктөрүндө татаал биоклиматтык шарттарга ылайыкташып жапыз өскөн чөп өсүмдүктөрүнүн астында альп шалбаалуу талаа ж-а тоо-шалбаа топурактары калыптанган. Альп шалбаалуу талаа топурагы субальп топурагына салыштырганда чириндиге бай келип, составында фульвокислотасы басымдуулук кылат. Карбонаттуу; топурак эриндилеринде жегичтүү реакция жүрөт. Тескерисинче, альп шалбаа топурагында жуулуу режими басымдуулук кылгандыктан ал карбонаттардан улам арылып турат. Жылуулуктун жетишсиздигинен ж-а көп жылдык тоңдун болушунан топуракка топтолгон өсүмдүктөрдүн калдыктары ж-а өлүү тамырлары жай бузулуп, чала чиринди түрүндө топтолот. Ошондуктан альп бийик тоо топурагынын үстүнкү горизонту көбүнчө чымдак келет. Топурактардын үстүнкү жука чиринди катмарында чириндинин өлчөмү 10–15%ке чейин; азот, фосфор ж-а калий азык заттары да арбын. Жылуулук жетишпей, жаан-чачын арбын жаагандыктан топурактын үстүнкү катмарындагы заттар дайыма жуулуп, профиль б-ча төмөнкү горизонтторго топтолот. Ушуга байланыштуу топурактын реакциясы кычкылыраак келет.

С ы р т т о п у р а к т а р ы. Теңир-Тоонун сырттары өтө бийик жайгашкандыктан климаты өтө катаал, кескин континенттүү. Жайы мелүүн, кышы каардуу суук. Кар аз жаайт. Жаан-чачындын өлчөмү 200–250 *ммден* ашпайт. Өсүмдүктөрдүн басымдуу бөлүгүн шыбак, бетеге ж-а майда чөп аралаш шалбаалуу талаа, ал эми өтө бийик жерлеринде доңуз сырттуу шалбаалар, айгыр жыгар, жапыз өскөн эңилчек, жер жаздык өсүмдүктөрү түзөт. Мына ушундай биоклиматтык татаал шарттарда бийик тоолуу жарым чөл ж-а чөл, талаа ж-а чымдуу доңуз сырттуу топурактары калыптанган.

Айгыр жыгар, доңуз сырты м-н тоо сулусу өскөн жердин топурагынын профили скелеттүү, карбонаттуу болот. Чириндисинде болжол м-н бирдей өлчөмдө гумин ж-а фульвокислотасы болот да, чириндисинин составы гуматтуу-фульваттуу келет. Бул топурактарга майда бүртүкчөлүү структура, чиринди катмарынын жукалыгы ж-а анын үстүнкү бетинин чымдуулугу, скелеттүүлүгү, карбонаттуулугу мүнөздүү. Топурак реакциясы жегичтүү (pH=7,7–8,2). Бийик тоолуу жарым чөл ж-а чөл топурактарында чириндинин өлчөмү 2,5–3,5%, ал эми талаа топурактарында 3–6%ке жакын.

Бийик тоонун доңуз сырты ээлеген чала чым көңдүү топурагы узакка нымдалуудан пайда болот. Топурактын чиринди, өтмө ж-а карбонаттуу катмарлары даана бөлүнүп турат. Тундра сымал чым көңдүү, полигоналдык топурактар аз карбонаттуу, топурак эриндилеринин реакциясы начар жегичтүү же жегичтүү болот. Каксоо тоо беттеринин топурак профили бүдөмүк келет. Алар сырт ж-а ойдуңдун каксоо топурагына салыштырганда кыйла скелеттүүлүгү, жуулушу ж-а үстүнкү горизонттун мех. составынын жеңилдиги м-н айырмаланат. Тоо бетиндеги топурактын чиринди составында

фульвокислотасы басымдуулук кылат. Эриндилерде нейтралдуу ж-а жегичтүү реакция болот. Топурактарынын бардыгы суу режими б-ча жуулма ж-а мезгилдүү жуулма типтерине кирип, сарыктырмалуу келет.

Тоңдун таасиринен пайда болуучу полигонал тундра сымал чым көңдүү топурактар Какшаал тоолорунун айрым жерлери м-н Ара-Бел ж-а Кум-Төр сырттарында кездешет. Бул топурактардын пайда болушу жер кыртышынын үстүнкү бетинин анча терең эмес бөлүгүндөгү түзүлгөн көп жылдык тоң м-н тыгыз байланыштуу. Өсүмдүктөрү сейрек, өтө кыска вегетациялык мөөнөткө ж-а суук климаттык шартка ылайыкташкан. Топ-топ болуп өскөн эңилчек, жаздык сымал өсүмдүктөрү кездешет. Алардын арасында таштак такыр аянтчалар көп учурайт. Бул топурактар көп учурда морена чөкмөлөрүнүн үбөлөндүлөрүндө калыптанган. Ошондуктан жер бетинде ири жылмаланган таштар кездешет.

Топурак өтө суук климаттык шартта ж-а нымдуулукта өөрчүгөндүктөн, анын чириндилери толук жетилген эмес; чириндинин өлчөмү 4–7%, составында фульвокислотасы басымдуулук кылат. Карбонаттуулугу аз, реакциясы жегичтүү ж-а начар жегичтүү (pH=7,7–8,0). Бул топурактар сырттардан башка аймактарда сейрек учурайт.

Жыйынтыктап айтканда бийиктик алкактуулуктун структурасынын өзгөчөлүгү Кырг-ндын топурактарынын геогр. таралышынын негизги закон ченеми болуп, провинция б-ча обочолонушун аныктайт. Респ-нын аймагы Түн. Кыргызстан, Түш. Кыргызстан ж-а Алай–Борб. Теңир-Тоо болуп 3 топурак провинциясына бөлүнөт. Алардын ар бирине топурак пайда болуу процесстери өзгөчө шартта жүрөт.

**Кыргызстандын негизги топурактарынын кыргызча-орусча аталыштары ж-а алардын бийиктик зоналар б-ча таралуусу**

| Топурактын негизги типтери ж-а типчелери | | Бийиктик зоналары, абс. бийиктери *м* м-н |
|---|---|---|
| **Өрөөндөрдүн түздүктөрү м-н тоо этегинин топурактары** | | |
| Турандын ачык боз топурагы | Сероземы туранские светлые | Түздүктүү чөл зонасы, 600 – 800 *м* |
| Турандын кадимки боз топурагы | Сероземы туранские типичные | Түздүктүү-адырлуу жарым чөл зонасы, 700 – 1300 *м* |
| Турандын күңүрт боз топурагы | Сероземы туранские темные | Түздүктүү адырлуу талаа зонасы, 1200 – 1500 *м* |
| Түндүктүн ачык боз топурагы | Сероземы северные светлые | Түздүктүү жапыз тоолуу жарым чөл зонасы, 500 – 600 *м* |
| Түндүктүн күңүрт боз (аз карбонаттуу) топурагы | Сероземы северные (малокарбонатные) темные | Эңкейиш түздүктүү жарым чөл зонасы, 600 – 1000 *м* |
| Шалбаанын боз топурагы | Сероземы луговые | Түздүктүү жарым чөл зонасы, 700 – 1000 *м* |
| Шалбаа-саз шор-шортоң боз топурагы | Сероземые заболоченные солончаковато солонцеватые | Түздүктүү жарым чөл зонасы, 700 – 1000 *м* |
| Куба күрөң топурак | Серо-бурые почвы | Тоолуу, эңкейиш түздүктүү жарым чөл зонасы, 1300 – 1600 *м* |
| Чөлдүн куба күрөң таштак топурагы | Светло-бурые пустынно-степные каменистые почвы | Тоо-өрөөндүү чөл зонасы, 1620 – 1820 *м* |
| Куба күрөң топурак | Светло-бурые почвы | Тоо-өрөөндүү кургак талаа зонасы, 1300 – 2500 *м* |
| Ачык коңур топурак | Светло-каштановые почвы | Тоо-өрөөндүү кургак талаа зонасы, 1000 – 1500 *м* |
| Кара коңур топурак | Темно-каштановые почвы | Тоо-өрөөндүү талаа зонасы, 1300 – 2000 *м* |
| Кара топурак | Черноземы | Тоо-өрөөндүү шалбаалуу талаа зонасы, 1800 – 2700 *м* |
| **Тоо капталдарынын топурактары** | | |
| Тоонун бозомук күрөң топурагы | Горные серо-коричневые почвы | Жапыз тоонун кургак талаа зонасы, 1000–1500 *м* |
| Тоонун күрөң топурагы | Горные коричневые почвы | Тоонун саванна сымал бадалдуу талаа зонасы, 1500 – 2200 *м* |
| Тоонун ачык коңур топурагы | Горные светло-каштановые почвы | Тоонун кургак талаа зонасы, 1700 – 2200 *м* |
| Тоонун кара коңур топурагы | Горные темно-каштановые почвы | Тоонун талаа зонасы, 2200 – 2900 *м* |
| Тоонун кара топурагы | Горные черноземы | Тоонун шалбаалуу талаа зонасы, 2500–2900 *м* |

*Уландысы*

| | | |
|---|---|---|
| Жаңгак токоюнун кара күрөң топурагы | Горно-лесные черно-коричневые почвы | Тоонун жаңгак мөмө-жемиш токоюнун зонасы, 1500 – 2500 *м* |
| Карагай токоюнун каралжын топурагы | Горнолесные темноцветные (бурые) почвы | Карагай токоюнун зонасы, 1800 –2200 *м* |
| Арча токоюнун куба күрөң топурагы | Коричнево-бурые почвы арчевников | Арча токоюнун зонасы, 2200–3000 *м* |
| Тоонун шалбаалуу талаа субальп топурагы | Горные лугово-степные субальпийские почвы | Субальп шалбаалуу талаа зонасы, 2500 – 3500 *м* |
| Тоонун шалбаалуу субальп топурагы | Горно-луговые субальпийские почвы | Шалбаалуу субальп зонасы, 2500 – 3500 *м* |
| Тоонун шалбаалуу субальп каралжын топурагы | Горно-луговые субальпийские черноземовидные почвы | Шалбаалуу субальп зонасы, 2500 – 3500 *м* |
| Тоонун шалбаалуу талаа альп топурагы | Горные лугово-степные альпийские почвы | Альп шалбаалуу талаа зонасы, 3200 – 3800 *м* |
| Бийик тоонун скелеттүү топурагы | Высокогорные скелетные карбонатные почвы | Бийик тоонун таштак чөлдүү зонасы, 3200 – 3000 *м* |
| Бийик тоонун чымдак талаа топурагы | Высокогорные дерновые степные почвы | Бийик тоонун чымдуу чөлдүү талаа зонасы, 3500 – 3700 *м* |
| Бийик тоонун чала чымдак коңур топурагы | Высокогорные полуторфянистые каштановые почвы | Бийик тоонун шалбаалуу талаа зонасы, 3500 – 3800 *м* |
| Бийик тоонун тундра сымал топурагы | Высокогорные полигональные тундра-видные почвы | Бийик тоо сырттарынын шалбаалуу талаа зонасы, 3500 – 4000 *м* |
| | **Сырт топурактары** | |
| Бийик тоо өрөөнүнүн коңур сымал топурагы | Каштановидные почвы высоких межгорных впадин | Бийик тоо сырттарынын шалбаалуу талаа зонасы, 2800 – 3100 *м* |
| Бийик тоо өрөөнүнүн такыр сымал чөл топурагы | Высокогорные такыровидные пустынные почвы | Бийик тоо сырт өрөөндөрүнүн чөл зонасы, 3200 – 3600 *м* |
| Бийик тоо өрөөнүнүн куба-күрөң чөл-талаа топурагы | Высокогорные бурые пустынно-степные почвы | Бийик тоо сырт өрөөнүнүн жарым чөл зонасы, 3100 – 3400 *м* |
| Бийик тоо өрөөнүнүн коңур топурагы | Высокогорные степные каштановые почвы | Бийик тоо өрөөнүнүн кургак талаа зонасы, 2800 – 3100 *м* |

*М. Кадыркулов*

## ӨСҮМДҮКТӨРҮ

Кыргызстандын өсүмдүктөрүнүн таралышында бийиктик алкактуулук закон ченемдүүлүгү даана байкалат. Төмөнкү алкактарды ч ө л д ө р м-н ж а р ы м ч ө л д ө р ээлейт. Алар четки түздүктөрдө ж-а тоо этектеринде деңиз деңг. 500–1300 *м* таралган. Ал эми бийик жайгашкан ички өрөөндөрдө муздак чөлдөр 3400 *м*ден жогору кездешет. Чөлдөрдө өсүмдүктөрдүн басымдуу бөлүгүн ксерофиттер түзөт. Тоо этегиндеги чөлдөрдө ным салыштырмалуу жетиштүү болгондуктан мезофиттер-эфемерлер ж-а эфемероиддер дүркүрөп өсөт. Шор топурактуу жайларда галофиттер гана өсө алат. Чөл өсүмдүктөрүнүн флорасында 70–80ге жакын өсүмдүктөрдүн түрү бар. Мында бир жылдык ж-а көп жылдык чөп өсүмдүктөрү м-н кошо бадалдар ж-а бадалчалар кездешет. Таштак топурактуу жайларда петрофиттер ж-а суккуленттер таралган. Чүй, Талас өрөөндөрүндө Кыргыз, Талас Ала-Тоолорунун, Чаткал, Фергана, Алай кырка тоолорунун этектеринде негизинен шыбактуу чөлдөр о. эле баялыштуу, андан кийин чекенделүү чөлдөр кеңири таралган. Жаз мезгилинде бул чөлдөрдөгү өсүмдүктөрдүн топурак кыртышын текши каптаган шы, о. эле жакшы гүлдөп, кооздугу м-н өзгөчөлөнөт. Өзгөчө жыш гүлдөгөн кызгалдактар, жоогазындар чөлгө көрк берет. Эфемерлер м-н эфемероиддердин вегетациясы аяктагандан кийин боз топурактуу чөлдөрдө шыбактар (ичке бөлүкчөлүү, фергана, ийри, күзгү, тыкыз, Теңир-Тоо, Ысык-Көл шыбактары), шорлуу жерлерде баялыштар, таштагыраак жерлерде чекенделер үстөмдүк кылат.

Фергана өрөөнүндөгү шыбактуу чөлдөрдө эфемерлер көбүрөөк өсөт. Тоо этектериндеги жарым чөлдөрдө эрте жазда чөл ыраңы, карабаш жылган жапырт гүлдөп, чөлгө окшобой жашылданат. Бул өсүмдүктөрдүн жайкы ж-а кышкы тыныгуу мезгилдеринде суйдаң өскөн шыбактын түрлөрү, гогенакер, кавказ аккылкандары, терскендер гана калат. Өсүмдүктөрдүн жер бетин каптоосу 25 %ти түзөт.

Ысык-Көлдүн көкүрөгүндөгү, Ички Теңир-Тоонун өрөөндөрүндөгү таралган чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү Фергана өрөөнүндөгү чөлдөрдөн эфемерлер, эфемероиддердин аздыгы же жоктугу м-н айырмаланат. Бул аймактарга да шыбактуу, баялыштуу ж-а чекенделүү чөлдөр мүнөздүү; бирок жарды, болгону 60ка жакын өсүмдүк түрү бар. Бул көрсөткүч чөлгө мүнөздүү эмес чөлдүү талаанын (чыгыш казтаманынын, шыбактай коён томуктун ж. б.) ж-а отоо чөптөрдүн эсебинен жогорулашы мүмкүн. Басымдуулук кылган өсүмдүктөрү: жапыз ксерофилдер, баялыш бадалдары ж-а бадалчалары. Дүңгөлүү өсүмдүктөрдүн 3 түрүн – кавказ ж-а таштак аккылкандарын, о. эле чийди жолуктурууга болот. Чий жер алдындагы суулар жер бетине жакын жайгашкан жерлерде үстөмдүк кылат. Ичке жалбырактуу ыраң, вешняков пиязы сыяктуу жаз ж-а эрте жай мезгилдеринде вегетациясын өткөргөн өсүмдүктөр кездешет. Көбүрөөк кездешүүчү бадалдарга – кыргыз төөкуйругу, ак кабыктуу төөкуйрук, кырк муундай чекенде ж-а ортого чекенде кирет. Ысык-Көлдүн чөлдөрүндө Борбордук Азиянын чөлдөрүнө мүнөздүү өсүмдүктөр – регель симпегмасы ж-а жунгар реомериясы кездешет. Нарын өрөөнүндө, Чаткал ж-а Алай кырка тоолорунун этектериндеги чөлдөрдө галофиттердин түрлөрү – баялыштар (ийрикей, туташ жалбырактуу), барсагай мөмөлүү сведа, кашкар реомериясы ж. б. өсөт. Баялыштуу ж-а чекенделүү чөлдөрдөгү өсүмдүк түрлөрүнүн саны шыбактуу чөлдөргө салыштырмалуу аз. Өсүмдүктөрдүн жер бетин каптоосу 5–10 %ке гана жетет.

Чөлдөрдүн өзгөчө тибин бийик жайгашкан өрөөндөрдүн таманын ээлеген муздак чөлдөр түзөт. Мында жылуулуктун аздыгы, катуу шамалдын болушу, өсүмдүктөрдүн өсүшүнө терс таасирин тийгизет; мала гүлдүү, леман ж-а кнорринг шыбактары үстөмдүк кылат. Мындай чөлдөр Ара-Бел, Кум-Төр, Сары-Жаз өрөөндөрүндө, Ак-Сайда, Арпада ж-а Алайда кездешет. Флорасынын составы өтө жарды. Ошондой эле федченко чекендесин, чуңкурдуу кекекти, танаптуу юринеяны, төөтаман, гаккель бескильницасын жолуктурууга болот.

Тоо этектериндеги чөлдөрдүн өсүмдүктөрү адам баласынын чарбачылык таасиринен кыйла өзгөрүүгө учураган. Алардын бир бөлүгү айдоо аянттарына айландырылса, ал эми калган бөлүгү жазгы, күзгү ж-а кышкы жайыт катары кеңири пайдаланылууда. Ыксыз мал жаюудан чөл өсүмдүктөрү жабыр тартууда.

Тоо ксерофиттерине төө тамандар кирет. Төө тамандар жерге төшөлө өскөн, узун бутактуу бадалчалар. Жалбырактары ичке, тасмадай, тикенектүү келишет. Кырг-нда

төө тамандардын 25 түрү кургак таштак жерлерде өсөт. Жаш өркүндөрүн төө жейт. Тоо ксерофиттерине о. эле трагаканттай чырмоок (тикенектүү, жер жаздыктуу бадалча) да кирет.

Чөл өсүмдүктүү тилкеден жогору ж а р ы м ч ө л ө с ү м д ү к т ө р ү таралган. Мында чөл өсүмдүктөрүнөн шыбактарды, ал эми талаа өсүмдүктөрүнөн дүңгөлүү кылканактууларды жолуктурууга болот.

Жарым чөлдөн жогору т а л а а ө с ү м д ү к т ө р ү таралган. Мында көп жылдык микротермдүү ксерофиль (суукка ж-а кургакчылыкка чыдамдуу) чөп өсүмдүктөрү, өзгөчө дүңгөлүү кылканактуулар үстөмдүк кылат. Флорасынын составында 400гө жакын өсүмдүк түрү кездешет. Анын 20 %и дүңгөлүү кылканактуулар, 5 %и пияз түптүү клубендүү өсүмдүктөр (Е. П. Коровин, 1962). Дүйүм чөптөрдөн өзөк тамырлуулар көп кездешет.

Кырг-ндын аймагында талаа флорасы составы, түзүлүшү ж-а өнүгүү ритмдери б-ча 2 топко бөлүнөт: дүңгөлүү ж-а саванна сымал (субтропиктик) талаалар. Дүңгөлүү талаалар негизинен Түн. Кырг-нга, ал эми саванна сымал талаалар Фергана өндүрүнө мүнөздүү.

Дүңгөлүү талаалар Ички ж-а Борб. Теңир-Тоодо, Ысык-Көл ойдуңунда, Кыргыз Ала-Тоосунун капталдарында, Чоң ж-а Кичи Кеминде, Талас ж-а Алай өрөөндөрүндө деңиз деңг. 700–1500 *м*ге чейинки бийиктиктерде таралган. Басымдуулук кылган өсүмдүктөрү: бетегелер (бороздуу, крылов, Теңир-Тоо бетегелери), аккылкандар (кавказ, кылкандуу, крылов, кыргыз аккылкандары). Бийиктик абалына жараша кылканактуу өсүмдүктөр ар түрдүү фитоценоздорду түзөт. Чөл алкагына жакын бетеге-шыбактуу, шыбак-аккылкандуу ж. б., ал эми орто бийиктиктеги тоо капталдарынын жогорку чегинде бетеге, аккылкан, чымдак тоо сулусу үстөмдүк кылат.

Алай, Түркстан, Чаткал кырка тоолорунун ж-а Борб. Теңир-Тоонун кургак күнгөй беттеринде дүңгөлүү талаалар деңиз деңг. 2700–3400 *м*ге чейин таралган. Мындай бийик тоолуу талаааларда крылов, кыргыз, чыгыш аккылкандары: крылов, Теңир-Тоо бетегелери, гүл сапсыз, моңгол, кочкул кызыл птилагростистери, гаккель бескильницасы ж-а айгыр жыгаар үстөмдүк кылат.

Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде талаа өсүмдүктөрү өзгөчө шартта өсүп-өнүгөт. Алар саванналарга окшоп жаз мезгилинде, жай айларынын башында дүркүрөп өсүп, жайдын толугунда куурап калат. Үстөмдүк кылуучу өсүмдүктөрү: түктүү буудайык, кызылот, чоң карындыз, чыраш, пияз түптүү арпа, тоют аюучачы, чайырдын түрлөрү ж. б. Чарбачылыкта талаалар жайыт, о. эле айдоо катары пайдаланылат. Жайыт катары дагы ыксыз пайдаланылгандыктан дүңгө-кылканактуу өсүмдүктөрдүн үлүшү азайып, алардын ордун шыбактар, эбелек ж. б. эфемерлер, о. эле төшөлгөн сабактуу кымыздык сымал өсүмдүктөр басып, жайыт деградациясы күч алууда.

Талаа өсүмдүктөрү бийиктеген сайын ш а л б а а ө с ү м д ү к т ө р ү н ө өтөт. Тоо капталдарындагы бийик чөптүү шалбаалар негизинен (1600–2400 *м* бийиктикте таралган) токой тилкесиндеги бадалдуу жайыктарды ээлейт. Флорасы түргө бай. Басымдуулук кылган өсүмдүктөрү: аксокто, кылкансыз түбүбош, ашаткыч кымыздык, токой брахиподиуму, марал кулак, шалбаа түлкү куйругу, шалбаа казтаманы, жука жалбырактуу жербуурчак, бөлүктүү балдыркан, тоо элик балдырканы, кадимки көкчайчөп, ири жалбырактуу кой жалбырагы, томсон кой жалбырагы, ичке жалбырактуу жылган, шалбаа шимүүрү, тоо тыйынчагы, паульсен аткулагы, бийик уу коргошуну ж. б. Өзөндүн жээктериндеги шалбааларда кургакчыл сүйсен, жуңгар ыраңы, каракыяк, таргыл ж-а шалбаа жылганы үстөмдүк кылат.

Бийик чөптүү шалбаалар көбүнчө чабынды, алыскы шалбаалуу жерлер жайыт катары пайдаланылат. Бийик чөптүү шалбааларды пайдалануу мөөнөтү чечүүчү ролду ойнойт. Аларды убагынан эрте пайдаланган учурда кийинки жылы эки үлүштүүлөрдүн саны кескин азайып, кылканактуулар үстөмдүк кылат. Ал эми чөп өсүмдүктөрү өтө бышып жетилген кезде чабынды катары пайдалануу кыйла түйшүктү талап кылып, шалбаада катуу өзөктүү, эки үлүштүү өсүмдүктөр көбөйүп кетет.

Орто бийиктиктеги тоо капталдарында бийик чөптүү шалбаалар м-н кошо и й н е ж-а ж а з ы ж а л б ы р а к т у у т о к о й тилкеси жатат. Ал токойлордун кыртышты,

нымды сактоодо, тоо капталдарындагы ар кандай гравитациялык процесстерге туруштук берүүдө ж-а рекреацияларда мааниси өтө зор.

Ийне жалбырактуу токойлордон карагай, көккарагай, мырза, өрүк ж-а кара арчалар үстөмдүк кылат. Ал эми жазы ж-а майда жалбырактуу токойлордо акчечек, кадимки жаңгак, алма, кызыл жалбырактуу алма, коржинский ж-а регель алмуруттары, түркстан долоносу, алтай ийри ж-а алай кайыңдары, лавр жалбырактуу терек, учтуу ж-а жунгар талдары үстөмдүк кылат. Жогоруда аталган дарак тукумдарынын ичинен эң зор аянтты арчалуу токойлор, андан кийин карагайлуу токойлор, өзгөчө орунду уникалдуу жаңгак-мөмө-жемиш токойлору ээлейт.

Карагай токойлору Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүктөрүндө, Борб. ж-а Ички Теңир-Тоодо, Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүндө, Чоң Кеминде, Чаткал ж-а Фергана кырка тоолорунун түн. капталдарында деңиз деңг. 1500–3000 *м* бийиктиктерде жайгашкан. Шренка карагайы өтө жыш өскөн түнт токойлордо көлөкөдө өсүүчү чөп өсүмдүктөрүнүн түрлөрү кездешет. Алардын ичинде бореалдык – кичинекей пирола, сыңар капталдуу рамшия, үч тарамыштуу мерингия сыяктуу өсүмдүктөр, о. эле тоо элик балдырканы, кочкул көгүлтүр цицербита ж-а гмелин шалбаа буурчагы өсөт. Суйдаң карагай токоюнун ортоңку алкагында бийик чөптүү шалбаа, ал эми токойдун жогорку чегинде орто бийиктиктеги субальп шалбаа өсүмдүктөрү үстөмдүк кылат. Шренка карагайынан кийинки ярусту Теңир-Тоо четини ээлейт. Токойдун арасында шилби, итмурун, ыргай, карагат, бөрүкарагаттар кездешет. Ал эми карагай токойлорунун жогорку чегинде жапалак арчалар, жалдай төө куйруктар өсөт.

Кырг-ндын эндемиги семёнов к ө к к а р а г а й ы н а н турган түнт токойлор Талас Ала-Тоосунда, Узунакматта, Чаткалда деңиз деңг. 1700–2700 *м* бийиктикте жайгашкан. Ийне жалбырактуу токойдун бул түрү бир жагынан адамдын чарбачылык иштеринен жабыр тартып, аянты күндөн-күнгө азаюуда. Көккарагай м-н бирге шренка карагайы, кадимки жаңгак, кара алма, кайың ж-а талдар өсөт. Токойдун бул түрүндөгү чөп өсүмдүктөр ярусу карагай токойлоруна окшош келет.

А р ч а л у у т о к о й л о р д у н басымдуу бөлүгү Түш. Кырг-нда – Алай, Түркстан, Фергана, Чаткал кырка тоолорунун капталдарында деңиз деңг. 1900–3400 *м* бийиктиктеринде таралган. Ал эми Түн. Кырг-нда Кыргыз Ала-Тоосунун батыш бөлүгүндө, Талас Ала-Тоосунда ж-а Ички Теңир-Тоодо кездешет. Токойду мырза, кара ж-а өрүк арчалары түзөт. Арчалуу токойдун төмөнкү алкагында кара арча (1900–2700 *м*), ортоңку бөлүгүндө мырза арча (2000–3400 *м*), ал эми жогорку чегинде өрүк арча (2100–3400 *м*) үстөмдүк кылат. Кырг-ндагы ийне жалбырактуу токой дарактарынын ичинен арча кургакчылыкка өтө чыдамдуу келет. Ушуга байланыштуу арчалуу токойлордун чөп өсүмдүктөр ярусунда шалбаа өсүмдүктөрү м-н бирге шалбаалуу талаа ж-а талаа өсүмдүктөрү да үстөмдүк кылат. Арчадан кийинки ярусту Теңир-Тоо четини, итмурун, карамарт, ыргай, табылгалар ээлейт. Өрүк арча Түн. Кырг-нда жерге төшөлүп өсөт.

Кырг-нда жер шарындагы ж а ң г а к - м ө м ө - ж е м и ш токоюнун эң зор аянты жайгашкан. Жаңгактуу токой Фергана ж-а Чаткал тоо кыркаларында деңиз деңг. 800–2300 *м* бийиктиктерде өсөт. Бул токойлордо дарак м-н бадалдын 183 түрү, а.и. 34 түрү Борб. Азияда, ал эми 16 түрү Түш. Кырг-нда гана кездешет. Мында кадимки жаңгактан башка кара алма, кызыл жалбырактуу алма, мисте, бадам, жапайы алчанын түрлөрү, алмурут, долоно, акчечек, асамуса, карамарт, шилби, табылгы, катын жаңгак, итмурун ж.б. көптөгөн дарактардын, бадалдардын түрлөрү өсөт. Чөп өсүмдүктөр ярусунда майда гүлдүү кына, токой брахиподиуму, түз казтаман, токой жылганы, элик балдыркан ж. б. кездешет.

Жаңгак токоюнун табигый түрдө уругунан дээрлик көбөйбөй калгандыгына байланыштуу токойдун аянты кыйла кичирейип кеткен. Андан тышкары баш аламандык, жаңгак ж. б. дарактарды кыюу, токой өсүп турган жерлерди чабындыга, айдоо аянттарына айландыруу, мал жаюу токойдун өсүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Токой зыянкечтеринен дарактардын жабыр тартышы да байкалат. Ушуга окшогон көптөгөн себептердин натыйжасында жаңгак мөмө-жемиш токойлорунун төмөнкү чектери жогорулап, ал эми жогорку чектери төмөндөөдө.

Өзөн жээктериндеги токойлордо учтуу жуңгар талдары, лавр жалбырактуу терек,

түркстан, ийри ж-а алай кайыңдары, чычырканак үстөмдүк кылат. Бадалдардан жылгын, шилби, итмурун жолугат.

Токой алкагынан жогору орто бийик чөптүү с у б а л ь п  ш а л б а а с ы (2500–3000 *м* бийиктикте) тараган. Мында тоо шимүүрү, кыска түтүкчөлүү чекилдек, мекери кымыздык, көпкөлөң түлкү куйрук, кайрылган тыктүү тогузтөбөл, аска казтаманы үстөмдүк кылат. Флорасы түргө бай. Бул алкакка жапалак бадалдар: түркстан арчасы, жалдай төө куйруктар, жалбырак чөйчөкчөлүү досифора, шилбинин түрлөрү да кездешет.

Кыска чөптүү  а л ь п  ш а л б а а с ы  3000 *м* бийиктиктен жогору кездешет. Мында түктүү тогуз төбөл, көбүргөн, бийик тоо койжалбырагы, альп жылганы, жөргөмүш кымыздыгы, семёнов пиязы, агыш-сары эдельвейс, доңуз сырттар, ичке мөмөлүү ыраң үстөмдүк кылат.

Д о ң у з  с ы р т т у у  ш а л б а а л а р  Борб. Теңир-Тоого, Алайга, Ысык-Көлдүн сырттарына, Кыргыз Ала-Тоосуна, Чоң ж-а Кичи Кеминдин бийик тоолуу алкактарына мүнөздүү. Жалган түктүү, жапыз, Памир – Алай доңузсырттарынан турган шалбаалар өзгөчө Теңир-Тоонун сырттарына, перс доңуз сырты үстөмдүк кылган шалбаалар Алайдын батышында кеңири таралган. Субальп ж-а альп шалбаалары жайлоо катары пайдаланылат. Жайытты туура эмес пайдалануудан уулуу өсүмдүктөрүнүн көбөйүшү, ал эми баалуу тоют, о. эле фитоценоздогу өсүмдүктөрдүн азайышы мүмкүн.

С а з д а р  респ-да нымы ашыкча жерлерде, көбүнчө өзөн бойлорунда, суулардын жээктеринде, жер алдындагы суулар жакын жайгашкан жерлерде чакан аянттарды ээлейт. Саздар бардык бийиктиктерде тоо этегинен баштап мөңгүлөргө чейин кездешет. Саздар тоо өзөн саздары ж-а бийик тоо саздары болуп бөлүнөт. Тоо-өрөөн саздары суулардын, булактардын боюнда 800–2000 *м* бийиктикте пайда болуп, анда ыраң, кемирчек, камыш, о. эле түлкү куйрук, арпакан, саз ботокөзү, перс кой жалбырагы өсөт. Бийик тоолуу саздарда (2700–3000 *м* бийиктикте) кара гүлдүү ыраң, үлпүлдөктөр үстөмдүк кылып, о. эле жөргөмүш кымыздыгы, альп жылганы, доңуз сырт ж. б. өсүмдүктөрдү кездештирүүгө болот.

Альп шалбаалары бийиктеген сайын  к р и о ф и л д и к  ж а з д ы к  с ы м а л  ө с ү м д ү к т ө р г ө  өтөт; айрыкча ашууларда, мөңгү, аска ж-а эшилме жерлерге жакын (деңиз деңг. 3200–4200 *м*) бийиктикте кездешет. Мында төрт аталыктуу жер жаздык, кекектердин түрлөрү, альп соссюреясы ж. б. жаздык сымал өсүмдүктөр көп. Флорасы жарды келип, петрофилдик катардагы бийиктикте өсүмдүктөр арбын кезигет. Криофилдик жаздык сымал өсүмдүктөрдөн өйдө, айрыкча Ички Теңир-Тоонун кар-мөңгүлүү чыгыш бөлүгүндө  т о о  т у н д р а л а р ы  кезигет. Тоо тундрасында өсүмдүктөр текши өспөйт, мамык чөптүү ж-а эңилчектүү бийик тоо өсүмдүктөрү жайдак такырлар м-н айкалышып жатат. Өсүмдүктөрү бийик тоонун катаал шартына ыңгайлашып, топтошуп, узата ж-а тегерете өсөт. Зоналык тундрага мүнөздүү өсүмдүктөрдүн  250 түрүнүн Кырг-ндын тоолуу тундраларында 201 түрү жолугат (а. и. эңилчектер, мамык чөптөр, криофит өсүмдүктөрү, ыраңдар ж-а ар түрдүү чөптөр). Жалаң эңилчек м-н мамык чөп каптаган аянттар да кезигет. Кырка тоолордун жонуна жакындаган сайын өсүмдүктөрдүн саны да кескин азайып, анда-санда суукка чыдамдуу өсүмдүктөр (чөйчөкчөлүү чайыр гүл, рихтерия, таранчы чөптөй серастиум ж. б.) гана өсөт.

Өсүмдүктөрдүн аймактык жайгашуусу 6 геоботаникалык провинцияга, 17 округга ж-а 50 районго бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет (А. Г. Головкова, 1982). Ар бир провинция өзүнчө өсүмдүктүүлүк, флоралык ар түрдүүлүк, алкактуулуктун тиби ж-а геогр. чөйрө м-н мүнөздөлөт.

Түн. Теңир-Тоо  п р о в и н ц и я с ы  Чүй өрөөнүн, Кыргыз Ала-Тоонун, Чоң Кемин ж-а Кичи Кемин өрөөндөрүн камтыйт. Анда күзгү ж-а ийри шыбак-эфемерлүү чөлдөр; валезия бетегеси, чымдак тоо сулусу, тырсы туланы ж. б. өскөн талаа; топтолушкан аскокто, ири жалбырактуу лигулярия, шалбаа шимүүрү ж-а жылгандары бар бийик чөптүү шалбаа; шренк карагайы, Теңир-Тоо талы ж-а ар түрдүү ийне жалбырактуу бадалдар өскөн карагайлуу токой; тоо шимүүрү, алтай троллиустуу субальп шалбаасы, альп жылганы, доңуз сырты ж. б. өсүүчү альп шалбаалары көп жолугат. Провинцияда евросибирь ж-а туран флорасынын элементтери басымдуулук кылат.

Ы с ы к - К ө л  п р о в и н ц и я с ы н а  Ысык-Көл ойдуңу кирет. Бул провинциянын

батышында чекенделүү, терскендүү, баялыштуу, шыбактуу чөл; төө куйруктуу (алтыгана), бетеге ж-а тулаңдуу талаа басымдуулук кылса, чыгыш жагына шренк карагайлуу ж-а түрдүү бадалдуу (бөрүкарагат, табылгы, шилби) токой мүнөздүү. Бийик чөптүү шалбааларда топтолушкан аксокто, лобель марал кулагы, шалбаа жылганы ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Провинциянын флорасында бореалдык, алдыңкы азиялык ж-а евразиялык флора элементтери басымдуулук кылат.

Борб. Теңир-Тоо провинциясына респ-нын бийик тоолуу чыгыш бөлүгү (Сары-Жаз суусунун алабы) кирип, аскалар, эшилмелер ж-а өсүмдүк топтору мүнөздүү; флорасында борб. азиялык (моңгол ж-а тибет) флора элементтери басымдуулук кылат. Провинцияда птилагростистүү, айгыржыгарлуу талаа, мала гүлдүү шыбак чөлдөрү, эңилчек ж-а мамык чөптүү тоо тундралары көп жолугат. Бадал өсүмдүктөрүнөн Ала-Тоо талы, кашкар бөрү карагаты, тангут жебелгеси өсөт.

Ички Теңир-Тоо провинциясы негизинен Ички Теңир-Тоо сырттарын камтыйт. Ал жерлерде шыбактуу, симпегмалуу, күдүрөктүү, сведалуу ж. б. чөлдөр, о. эле дүңгөлүү, бетегелүү, тулаңдуу ж-а тоо сулусу, төө тамандар каптаган талаа көп кездешет; тоолордун түн. капталдарында карагайлуу токой ж-а түрдүү бадалдар, бийик чөптүү ж-а субальп шалбааларында жылган, суукка чыдамдуу шимүүр, доңуз сырты ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Провинцияда бореалдуу, туран, алдыңкы азия ж-а евразия флорасынын элементтери басымдуулук кылат.

Түштүк-Батыш Теңир-Тоо провинциясына Батыш Теңир-Тоо кирип, фергана ж-а ичке тилкелүү шыбактуу ж-а баялыштуу чөлдөр, о. эле жаздык сымал тикендүү өсүмдүктөр бара-бара тоют аюучачы, фергана чайыры, кан токтоткуч кызылот, буудайык, кулунчак, карындыз ж. б. өсүүчү талааларга өтөт. Провинцияда жаңгак, жапайы алма, алмурут, карагат, чие, кайналы, аса-муса, карамарт аралаш өскөн жаңгак токою, о. эле акчечектүү ж-а көк карагайлуу токой да кеңири таралган. Провинцияда аксоктолуу, жылгандуу, брахиподиумдуу ж. б. бийик чөптүү шалбаа, казтамандуу субальп, Памир-Алай доңуз сырттуу альп шалбаалары көп жолугат. Алдыңкы ж-а борб. азиялык флора элементтери басымдуулук кылат.

Түркстан-Алай провинциясына Алай кырка тоолору кирип, ага шыбактуу, баялыштуу чөл, буудайыктуу талаа, түрдүү арчалуу токой, шимүүрлүү субальп ж-а доңуз сырттуу, тогуз төбөлдүү альп шалбаалары мүнөздүү. Провинцияда алдыңкы азиялык, туран, жерортолук деңиздик флора элементтери кездешет.

*А. Ж. Кендирбаева*

## Кыргызстандын өсүмдүктөрүнүн кыргызча-орусча аталышы

| Өсүмдүктөрдүн аталышы | | | |
|---|---|---|---|
| Кыргызча | Орусча | Кыргызча | Орусча |
| -А- | | арча | можжевельник |
| адырашман | грамала, рута | - карагай арча | - можжевельник полушаровидный |
| ажырык | свинорой | - кара арча | - можжевельник зеравшанский |
| айвансары | боярышник | - өрүк арча | - можжевельник туркестанский |
| айгыр жыгар | беломятник | асамуса | абелия |
| ак барсылдак | ярутка | атконок | тимофеевка |
| акжүгөрү | сорго | аткулак | щавель конский |
| аккамгак | гипсолюбка, качим | атыргүл | роза |
| аккөдөөл, уу коргошун | аконит | ача гүлдүү саган | гиргенсония супротивноцветковая |
| аккылкан | ковыль | ачырга | хрен |
| аксокто | ежа сборная | ашаткыч кымыздык | таран, горец дубильный |
| аксойгок, буудайык | пырей | ашкабак | тыква |
| акчечек | клён | ашкөк | петрушка |
| акшыралжын | майник | аюукарагат | бересклет |
| алабата | лебеда | аюукулак | коровяк |
| алагүл | фиалка | аюусогон | черемша |
| алма | яблоня | аюучач | прангос |
| алмурут | груша | | |
| алтыгана, төөкуйрук | караган | | |
| алча | слива | | |
| аркарот | змееголовник | | |
| арпа | ячмень | | |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| **-Б-** | | жералмурут | земляная груша, топинамбур |
| бадалдар | кустарники | жербуурчак | вика |
| бадалчалар | кустарнички | жержаздык | дриадацвет |
| бадам | миндаль | жержаздыктар, жаздык сымал өсүмдүктөр | подушечники |
| бадам мыя | дрок | жержаңгак | арахис |
| байтерек | осина | жер-жемиш өсүмдүктөрү | ягодные культуры |
| байчечекей | лютик, подснежник | жийде | лох |
| байырлануу | адаптация | жөкөдарак | липа |
| бакажалбырак | подорожник | жүгөрү | кукуруза |
| балгын | гребенщик, тамарикс | жүзүм | виноград |
| балтыркан | борщевик | жыгач мисте | фисташка |
| барсылдак | крыжовник | жылаанчөп | змеевка |
| баялыш | солянка | жылган | мятлик |
| беде | эспарцет | жылгын | мирикария |
| бетеге | овсяница, типчак | жылкытекей | козлобородник |
| бийалма | айва | жылтыркан | кохия |
| богок | бутон | жылуучул өсүмдүктөр | теплолюбивые растения |
| бозкараган, итсийгек | курчавка | **-З-** | |
| бозкоңчорок | селтрянка | зире | тмин |
| бозунач | цмин, бессмертник | зыгыр | лён |
| ботокөз | незабудка, водосбор | **-И-** | |
| бөрүгүл | барвинок | изирик, бөрүкарагат | барбарис |
| бөрүкарагат, изирик | барбарис | ийне жалбырактуулар | хвойные |
| булакча | поручейник | итконок, чирче | щетинник |
| буудай | пшеница | итсийгек, бозкараган | курчавка |
| буудайык | пырей | итуйгак | череда |
| - түктүү буудайык | - пырей волосоносный | **-К-** | |
| - сойломо буудайык | - пырей ползучий | каакым | одуванчик |
| буурчак, нокот | горох | казанак | багульник |
| бүлдүркөн | ежевика | казтаман | герань, лапчатка |
| бүргөн | полынь однолетняя | казтаңдай | тысячалистник |
| бүргүн | водосбор | кайналы | слива |
| бүчүр | почка | кайың | береза |
| **-Г-** | | калемче | черенки |
| гилас | черешня | камгак | перекати поле |
| гозо, пахта | хлопчатник | камыш | тростник |
| гүлдөө | цветение | карагай | ель |
| гүлкайыр | шток роза | карагат | смородина |
| **-Д-** | | каражыгач | вяз, берест |
| дан өсүмдүктөрү, кылкандуу өсүмдүктөр | злаки | каракарагай | лиственница |
| дан эгиндери | зерновые культуры | каракуурай | конопля |
| дарак | дерево | каракүрүч | гречиха |
| долоно | боярышник | каракыз | липучка |
| доңузсырт | кобрезия | карамарт | экзохорда |
| дүңгөлүү тоо сулусу | овсец дернистый | каракыяк, кыяк | волосонец |
| **-Ж-** | | карамоюл | крушина |
| жалбыз | мята | карамык | куколь |
| жаздык өсүмдүктөр | яровые культуры | карасойлок, карасулу | овсюг |
| жаздык сымал өсүмдүктөр, жер жаздык | подушечники | карындыз | девясил, инула |
| жазы жалбырактуулар | широколиственные | катынжаңгак | афлатуния вязолистная |
| жалбырагын түшүрүүчү өсүмдүктөр | листопадные растения | катраңгы | каркас, железное дерево |
| жантак | верблюжая колючка | кашкабеде | люцерна |
| жаңгак | орех | кекек | остролодочник |
| жарыкчыл өсүмдүктөр | светолюбивые растения | кекире | горчак |
| жебелге | ломонос | кемирчек | бодяк |
| жекен | рогоз | кемпир муштум, бөлтүрүк | анабазис |
| жемиш | ягода | кереч | дягиль |
| | | кийикот | тимьян, чебрец |
| | | кожогат | земляника |

| 1 | 2 |
|---|---|
| коёнтомук | перовския |
| козо, гозо, пахта | хлопчатник |
| козукарын | гриб |
| козукулак | щавель |
| койжалбырак | бузульник |
| койтекей | козолец |
| кокотикен | бодяк |
| кокуйтикен | кузиния |
| коңгуроогүл | колокольчик |
| коңгуроодой кызыл гүл | прострел колокольчатый |
| коңгуроодой сасык гүл | кондонопсис вонючий, колокольчик вонючий |
| коңурбаш | каперсы |
| коон | дыня |
| көбүргөн | дикий лук, лук пурпурный |
| көдөө, аккылкан | ковыль |
| көк карагай | пихта |
| көкөмерен | зизифора |
| көктерек | осина |
| көкчайчөп | душица |
| көкшимүүр | шалфей |
| көп жылдык өсүмдүктөр | многолетние растения |
| кулунчак, чырыш | эремурс |
| кумдакчы | песчанка |
| күрмөк | ежовник |
| күдүрөк | поташник |
| кыжымыгүл | плющ |
| кызыл бүлдүркөн | костяника |
| кызылмыя | солодка, лакричник |
| кызылот | бородач |
| кызылөрүк | абрикос |
| кызылча | свекла |
| кылкан | ковыль |
| кылкансыз түбүбош | костер бозостый |
| кымыздык | горец |
| кыркмуун | хвощ |
| кычы, ындоо | сурепка |
| кыяк | волоснец |
| **-М-** | |
| мамры | эдельвейс |
| мамыкчөп | мох |
| мандалак | тюльпан |
| маралкулак | чемерица |
| машак | колос |
| машбуурчак | фасоль, бобы |
| меңдубана | белена |
| мисте, жыгач мисте | фисташка |
| моюл | черёмуха |
| мөмө | плод |
| мөмө-жемиш өсүмдүктөрү | плодовые растения |
| мышык тамыр | валериана, маун |
| мээрчөп | женьшень |
| **-О-** | |
| оролмо өсүмдүктөр | вьющиеся растения |
| осмо | вайда |
| отоо чөп | сорняк |
| **-Ө-** | |
| өгөй эне – өз эне | мать и мачеха |
| өркүн | побег |
| өсүмдүк | растение |
| өсүмдүк жамаатташтыгы, өсүмдүк жалпылыгы | растительное сообщество, фитоценоз |

| 3 | 4 |
|---|---|
| **-П-** | |
| пахта, гозо, козо | хлопчатник |
| пияз | лук |
| пиязтүп | луковица |
| **-Р-** | |
| райкан | базилик |
| **-С-** | |
| сабак | стебель |
| сарыкычы | сурепка |
| сарымсак | чеснок |
| сарымыя | термопсис |
| сарычай чөп | зверобой |
| сейдене | чернушка |
| согон | лук голубой |
| сулу | овёс |
| сулуу гүл | красивоцветник |
| сүттикен | латук |
| **-Т-** | |
| табылгы | спирея |
| тал | ива |
| талаа өсүмдүктөрү | степное растительность |
| тармалчөп | василистник |
| таракбаш | житняк |
| тармалган сасык | василистник вонючий |
| койтекей | козолец |
| жылкытекей | козлобородник |
| тенгегүл | календула |
| терек | тополь |
| терскен | терескен |
| тогузтөбөөл | манжетка |
| токой | лес |
| тоо пиязы | лук однобратственный |
| тоо сулусу | овсец дернистый |
| топчубаш | пижма, мальва |
| тоют өсүмдүктөрү | кормовые культуры |
| төөбуурчак | фасоль |
| төөкуйрук, алтыгана | караган |
| төөтаман | акантолимон |
| төшөлмө өсүмдүктөр | стелющиеся растения |
| түбүбош | костёр |
| - кылкансыз түбүбош | - костёр бозостый |
| - арпакан түбүбош | - костёр кровельный |
| түктүү буудайык | пырей волосоносный |
| түлкүкуйрук | лисохвост |
| түлкүмашак | астрагал |
| түр | вид |
| түрп | редка |
| тыйынчанак | копеечник |
| **-У-** | |
| уйбеде, кызылбеде | клевер |
| уйгак | лопух |
| урук | семя |
| уруктануу | оплодотворения |
| уруу | род |
| уубалтыркан | вех, цикута |
| уукоргошун | аконит, горец |

| 1 | 2 |
|---|---|
| **-Ч-** | |
| чайыргүл | смолёвка |
| чайырчөп, шашыр | ферула высокоргорная |
| чалкан | крапива |
| чамгыр | репа |
| чанактуулар | бобовые |
| чаңдашуу | опыление |
| чатраш | цикорий |
| чатыргүл | зонтик |
| чатыргүлдүүлөр | зонтичные |
| чегегүл | гвоздика |
| чекенде | эфедра |
| чекилдек | касатик, ирис |
| четин | рябина |
| чигит | семя хлопчатника |
| чие | вишня |
| чирче, итконок | щетинник |
| чогойно | серпуха |
| чүкүрү | кислица |
| чынар | платан |
| чынгыз | калина |
| чырмоок | вьюнок |
| чырыш, кулунчак | эремурс |
| чычырканак | облепиха |
| **-Ш-** | |
| шабдалы | персик |
| шакардуулар | маревые |

| 3 | 4 |
|---|---|
| шакарчөп | марь |
| шалбаа | луг |
| шалгам | редис |
| шалы, күрүч | рис |
| шашыр, чайырчөп | ферула высокогорные |
| шибит | укроп |
| шилби | жимолость |
| шимүүр, тоо шимүүрү | зопник горный |
| шумдарак | ясень |
| шыбак | полынь |
| шыраалжын | полынь эстрагон |
| **-Ы-** | |
| ыргай | кизильник |
| ыраң | осока |
| ышкын | ревень |
| **-Э-** | |
| эбелек | рогач |
| эгилме өсүмдүктөр | культурные растения |
| элик балтыркан | сныть |
| эмен | дуб |
| эндик | вайда |
| энелик | пестик |
| энелик гүл | женский цветок |
| эңилчек | лишайник |
| эрин гүлдүүлөр | губоцветные |
| эрмен | полынь горькая |

*Ө. Бараталиев, А. Кендирбаева*

## ЖАНЫБАРЛАРЫ

Кырг-ндын жаныбарлар дүйнөсү өтө ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Геогр. чөйрөнүн татаалдыгы ж-а зоогеографиялык региондордун кошулган жерлеринде жайгашкан абалы Кырг-ндын фаунасынын калыптанышында негизги фактор болгон. Респнын фаунасына омурткалуулардын 500дөн ашуун түрү кирет. Анын ичинде балыктын 75, жерде-сууда жашоочулардын 4, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 28, канаттуулардын 368, сүт эмүүчүлөрдүн 86 түрү бар. Омурткасыз жаныбарлардын фаунасы азырынча жетиштүү деңгээлде изилдене элек; акыркы маалыматтар б-ча респ-да курт-кумурска м-н кенелердин гана 4 миңдей түрү кезигет.

К у р т - к у м у р с к а л а р Кырг-ндын энтомофаунасына ийнеликтердин 60тан ашык, канталанын 100, кыпчуурлардын 6, дырылдак коңуздардын 250, өсүмдүк биттеринин 140, трипстердин 120, кумурскалардын 86дан ашык, эбелек муруттуулардын 163, кычы коңуздардын 27, сасык коңуздардын 178, чыртылдак коңуздардын 75, булгаары жегичтердин 15, жалбырак жегичтердин 350, дан жегичтердин 40, шиш тумшуктардын 73, майда коңуздардын 31, чаңча жегичтердин 20, таарыгычтардын 160, аары сымалдардын 33, чырылдак чымындардын 200дөн ашык, шайтан көпөлөктөрдүн 27, коксинелиддердин 40, копопиддердин 140, төрт буттуу кенелердин 56 түрү бар. Муунак буттууларды өзүнчө бөлүп көрсөтүүгө туура келет, анткени алардын көпчүлүгү кан соргучтар, о. эле оору (малга ылаң) жугузат. Аларга кенелердин 28, аргастардын 7, гамаз сымал кенелердин 180, котур таратуучулардын 3, тромбикулиддердин 19, биттердин 12, кыпчуурлардын 155, тыбытчалардын 115, бүргөлөрдүн 110, чиркейлердин 28, желимчелердин 12, кара чиркейлердин 21, эшек курттардын 25, чымындардын 56, көгөндөрдүн 28, сайгактардын 11, канталалардын 1, кан соргуч чымындардын 5 түрү кирет.

Айыл чарба өсүмдүктөрү, бак-дарак ж-а токой зыянкечтеринин биологиясы м-н экологиясын изилдөөнүн натыйжасында респ-нын энтомологдору хим. дары-дармектерди колдонууну кыскартып агротехникалык ж-а биол. иш-чараларды жогору баалоо м-н аларга каршы күрөшүүнүн интеграцияланган системасын иштеп чыгууда.

Б а л ы к т а р. Байырлаштырылгандарын кошкондо Кыргызстанда балыктын 75дей түрү бар. Алардын ичинен каңылтыр сымалдуулар көп. Чабак, көкчаар, жылтыр ж-а сазан промыселдик балыктар. Бирок акыркы жылдары мындай балыктар аз кармалууда. Балыкты көп кармоо ж-а зыяндуу балыктардын (пескарь, гольян, голец) санын азайтуу максатында Ысык-Көлгө севан жилингири, таман балык, кубулма балык, көк серке, каңылтыр, судак ж.б. коё беришкен. Алардын ичинен севан жилингири м-н судак жакшы ыңгайлашып, промыселдик мааниге ээ болгон, бирок алардын көбөйүшү м-н көлдүн өзүнүн абориген балыктарынын саны кескин азайган. Промыселдик баалуу балыктардын санын көбөйтүү максатында (жилингир, көкчаар) Тоң (1964) ж-а Каракол (1969) балык көбөйтүү заводдору курулган. Балыктын кармала турган баалуу түрлөрү Ысык-Көлгө гана эмес, Соңкөлгө, Ортотокой, Токтогул, Киров суу сактагычтарына да коё берилген. Тоюту көп. Соңкөлгө коё берилген балыктардын ичинен момун балык жакшы байырлашкан. Өзгөчө алгачкы жылдары балыктын бул түрү көп уруктап, тез өскөн, чоң да болгон, биомассасы 3 *кг*га жетип, семиз болгон. Бирок гидробионттордун динамикасын эске албай туруп, көлдө балыкты өстүрүү, алардын өтө көбөйүшү суудa жашоочу майда омурткасыздардын санынын динамикасын начарлатып жиберген. Натыйжада балыктын саны азайып, арыктап, салмагы кескин төмөндөгөн. Тоютунун жетишсиздигинен жырткыч эмес момун балык канибалистке айланган, б. а. өз уруктарын өздөрү жей баштаган. Балык өстүрүүчүлүк респ-нын түндүгүндө Чүй, Талас өрөөндөрүндө өнүккөн. Майда көлмөлөрдө, өзөндөрдө, агын сууларда сазан, кызыл канат түрпү, чортон, жылтыр, жаян, муруттуу балык, көкчаар ж.б. балыктар бар. Алар м-н кошо азык болуучу майда балыктар да жашайт.

Кырг-нда жерг. балыктар м-н башка жактан алынып келинип байырлаштырылган балыктардан тышкары кокусунан пайда болгон балыктар да бар. Мис., амур чабагы, элеотрис. Амур чабагынын мекени – Казакстан, элеотристики – Ыраакы Чыгыш.

Ж е р д е с у у д а ж а ш о о ч у л а р (а м ф и б и я л а р). Кырг-ндын аймагында

жерде-суусда жашоочулардын 4 түрү кезигет: жөнөкөй курбака, данатин курбакасы, борб. азия ж-а көл бакалары. Жөнөкөй курбака түздүктөрдө жашайт (Чүй өрөөнүндө). 22 хромосомдуу данатин курбакасы болсо тоолуу жерлерди (Ысык-Көл өрөөнү, Ички Теңир-Тоо) мекендейт. Анын хромосомасы 2 эсеге көп. 3500 *м* бийиктикке чейинки сырттарда кездешет. Борб. Азия ж-а көл бакалары аз санда болсо да респ-нын түн. ж-а түш. аймактарында таралган. Борб. Азия бакасы деңиз деңг. 3500 *м* бийиктиктеги аймактарда да кезигет. Амфибиялар Теңир-Тоонун шартында ар кандай бийиктиктерде жашайт, улам бийиктеген сайын биомассасы мыйзам ченемдүү азая баштайт. Бул алардын генетикасына байланыштуу. Алардын бийик жерлерге топтолушу булак сууларга байланыштуу. Алар кыштаган булактар толук тоңбойт. Ошондуктан тоолуу жерлерде курбакалар чоң колонияларга топтолушуп, булактарда кышташат. Түздүктөрдө жашаган кадимки курбакалар урук таштарында гана сууга киришет, башка учурда кургакта жашап, кемирүүчүлөрдүн ийиндеринде, үйлөрдүн жертөлөлөрүндө, жер астында кышташат.

Жерде-суусда жашоочулардын практикалык чоң мааниси бар. Алар мөмө-жемиш м-н дан эгиндеринин көптөгөн зыянкечтерин, о. эле адамга оору (малга ылаң) таратуучуларды (чиркей, желимче, көгөн д.у.с.) жок кылышат. Бакалар ж-а алардын көнөк баштары балыктарга, суу ж-а саз канаттууларына азык болот, о. эле медицинада тажрыйба жасоодо колдонулат.

С о й л о о ч у л а р (р е п т и я л а р). Респ-нын аймагында 28 түрү жашайт. Алар ар кандай биоценоздордо кездешет. Талаа кара чаар жыланы чөлдүү ж-а жарым чөлдүү биоценоздордо, талаа калкан тумшугу ар кандай биоценоздордо, о. эле деңиз деңг. 3000–3200 *м* бийиктикте да жашайт. Жумуру баш жылан 500 *м*ге чейинки аймактарда гана кездешет. Анча бийик эмес, бирок ысык чөл м-н жарым чөлдөрдө жашаган сойлоочулар: талаа ташбакасы, талаа агамасы, такыр жумуру башы, чыгыш оролмо жыланы, кызыл ж-а чаар сойлоктор, боз эчкемээр. Калкан тумшук палластар, суу жылан, чаар сойлок, күлүк кескек, ок жылан, талаа карачаар жыланы, сур геккон, сары боор алакескек, алай жайдак көзү түздүктөрдөн (500 *м*) баштап бийик тоолуу сырттарга (3500 *м*) чейин кездешет. Сойлоочулардын өтө бийикте (1000–3200 *м*) жашай турган түрлөрүнө никольский кескеги, гималай агамасы, күлүк кескелдирик, чаар сойлок ж.б. кирет. Сойлоочулардын уусу медицина ө. ж-нда пайдаланылат. Кийинки 15–20 ж. ичинде алардын саны кескин азайып кетти. Ошондуктан алардын бардык түрү Кызыл китепке катталган.

К а н а т т у у л а р д ы н Кырг-нда 368 түрү бар. Бул КМШ өлкөлөрүндөгү канаттуулардын бардык түрлөрүнүн дээрлик жарымын түзөт. Алар (айрыкча таранчы сымалдардын 144 түрү) а. ч. зыянкечтерин ж-а оору таратуучу көптөгөн кемирүүчүлөрдү жок кылышат. Үкү, күйкө ж. б. жырткыч канаттуулар а. ч. өсүмдүктөрүнө зыян келтирип, адамга оору (малга ылаң) жуктуруучуларды жок кылышат. Жорулар м-н кузгундар болсо тарп жеп, санитардык милдетти аткарат. Кырг-нда өтө сейрек учуроочу канаттуулардын бири – каракур. Ал Ысык-Көл, Кемин өрөөндөрүндөгү карагайлуу токойлордо гана жашайт. Респ-нын башка аймагына таралбагандыгынын себеби аныктала элек. Тоодак, безбелдек, булдурук, карабоор, токой чили жарым чөл ж-а чөл аймактарын мекендейт. Булардын саны барган сайын азаюуда. Ысык-Көл, Соңкөл, Чатыр-Көлдө жылдын бардык мезгилинде өрдөк, кайырма-соно, чүрөк, кыл куйрук боз каз ж. б. жашайт. Алар промыселдик мааниге ээ. Ысык-Көлдө уникалдуу куштар – мала ж-а тармал бир казандар, тармал кышылдак куу, куркулдак куу, боз каз өңдүү сейрек учуроочу канаттуулар кыштайт.

Алгыр куштардан бүркүт, карчыга, шумкар, ителги, кыргый ж.б. бар. Кыргыздар эзелтен аларды таптап, көп айбанаттар м-н канаттууларга (түлкү, коён, кыргоол, өрдөк, кекилик ж.б.) салып келишкен. Бирок азыр бүркүт, шумкар ж.б. алгыр куштардын саны бир кыйла азайып кетти. Алардын санын сактап калуу ж-а көбөйтүү максатында 1979-ж. Ысык-Көлдө алгыр куштардын питомниги (Орто Азияда биринчи) уюшулган. Промыселдик маанидеги канаттуулар – улар, бөдөнө, кекилик, чил, өрдөк. Канаттуулардан айрыкча улар, тоодак, безбелдек азайып кетти. Тоодак м-н безбелдек таптакыр жоголуу чегине жетип калды.

С ү т  э м ү ү ч ү л ө р д ү н 86 түрү жашайт, а.и. курт-кумурска жечүлөрдүн 5, кош канаттуулардын 11, коён сымалдуулардын 4, кемирүүчүлөрдүн 33, жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн 22, ача-туяктуулардын 6 түрү бар. Кырг-нда сейрек учуроочу жаныбарларга марал, аркар, сүлөөсүн, илбирс ж-а күрөң аюу кирет. Алар Теңир-Тоонун карагайлуу токойлорун ж-а бийик тоолуу Арпа, Ак-Сай, Суусамыр өрөөндөрүн мекендейт. Бул жаныбарлар ыксыз аңчылык кылуунун негизинде көп аймактарда жоголуп кеткен, ошондуктан алар Кызыл китепке катталган.

Кырг-ндын үңкүрлөрүндө жашоочу жарганаттар көбүнчө респ-нын мөмө-жемишке бай түш. аймактарында жашайт. Мындан бир нече жыл мурун эле жарганаттын көп түрү болгон, азыр анын айрым түрлөрү таптакыр жок болуп кеткен. Кан соргучтар м-н азыктанышып, алардын санын жөнгө салып турат. Кырг-ндын табигый байлыктарынын бири–кызыл, боз ж-а мензбир суурлары. Респ-нын түндүгүндө көбүнчө боз, түштүгүндө кызыл суур таралган. Чаткал кырка тоосунан кездешкен мензбир сууру Теңир-Тоонун реликти болуп эсептелет. Карышкыр, түлкү, кашкулак, арыс – кеңири таралган жырткыч айбанаттар. Алар респ-нын бардык өрөөндөрү м-н тоолорунда кездешет. Качандыр бир убакта балык жашаган суулардын баарында кездешкен кундуз азыркы күндө дээрлик жоголуп кеткен. Аң терисин даярдоодо негизги орунду суур, түлкү, сары чычкан, ондатра (жылан куйрук), суусар ээлейт. Териси баалуу илбирс м-н сүлөөсүн да жолугат. Булардын баары Кызыл китепке катталган. Аң уулоочу айбанаттардын ичинен тоо эчки, доңуз, элик сан жагынан бир кыйла көп. Жаңы жерлерди өздөштүрүү суур м-н сары чычкандын таралуу аймагын тарытып жиберди, ошол эле себептен аң уулоочу жырткыч айбанаттар (төлкө, күзөн ж. б.) үчүн азык болгон кемирүүчүлөрдүн саны да азайды; көлмөлөрдүн жээктериндеги чөп чабуу, мал жаюу ондатранын тоют базасын кескин түрдө начарлатты.

Республикада аң терилерин даярдоо 6-ча айбанаттарды байырлаштыруу иштери жүргүзүлүүдө. Башка аймактардан айбанаттардын 10 түрү (ак коён, ондатра, тыйын чычкан, жанат сымал ит, америка суукүсөнү, зубр ж.б.) алынып келинген. Алардын ичинен ондатра жакшы байырлашкан. Тыйын чычкан м-н суу күсөндүн да жакшы байырланышы күтүлүүдө. Териси баалуу айбанаттарды капаста багуу өтө пайдалуу. Суу күсөн, ак, көгүлтүр ж-а кара түлкүлөрдү капаста багуудан алынган киреше аң терилерин даярдоодон алынган кирешеден алда канча жогору.

Өрөөндөрдү өздөштүрүү, айыл-кыштак, шаарлардын көбөйүшү, өнөр жайдын кеңири кулач жайышы көп айбанаттардын азайып кетишине алып келди. Ушунун натыйжасында айрым айбанаттардын түрлөрүнүн популяциялары микропопуляцияларга бөлүнүшүп, кээ бир жерлерде жок болуп кетишүүдө. Ошол эле убакта айрым түрлөр мол азыктын эсебинен ыгы жок көбөйүп келүүдө. Жерди өздөштүрүү м-н малдын санын арбытуунун уруксатсыз аңчылык кылуунун натыйжасында жаныбарларды аёосуз жок кылуу кошумчаланган. Мис., жейрен (кыргыз жейрени, каракуйрук) мурда респ-нын көп аймактарында жашачу. Кийин алар Ысык-Көлдүн батышында, Чүй, Кочкор өрөөндөрүндө гана калган. Бирок, азыр алардын калган бир азы Казакстандын аймагына оопп кетти.

*А. Токтосунов*

# ЛАНДШАФТТАРЫ

Кырг-ндын аймагынын ландшафттары жеринин бетинин түзүлүшүнүн татаалдыгына, климаттык өзгөчөлүктөргө байланыштуу ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Ландшафт – геол. түзүлүшү, рельефинин түрү, климаттык шарты бирдей болгон жаратылыш комплекси, б.а. жаратылышынын негизги өзгөчөлүктөрү бирдей аймак. Тоолуу аймактарда ландшафттардын таралышындагы негизги мыйзам ченемдүүлүк – бийиктик алкактуулук. Ландшафттардын калыптануусуна ж-а өнүгүүсүнө бардык жаратылыш компоненттери катышса да, Кырг-ндын ландшафттарынын айырмачылыктарынын эң негизги себеби татаал түзүлүштөгү тоолуу рельеф ж-а анын ар кандай климаттык өзгөчөлүктөрдү пайда кылышы болот. Кырг-ндын аймагында ар түрдүү бийиктиктеги (жапыз, орто бийик, бийик) тоолор кездешет, алардын капталдары күн нуруна ж-а басымдуулук кылган аба агымдарына карата ар башка багытта (экспозицияда) болот. Тоо аралык ойдуң өрөөндөр да деңиз деңг. 500дөн 4000 *мге* чейинки бийиктикте жатат. Айрым тоо кыркаларынын этек бөлүктөрүндө адырлар тилкеси өзгөчөлөнүп жатат. Кырка тоолор, өрөөндөр ж-а адырлар геол. түзүлүштөрү б-ча да айырмаланат. Тоолор негизинен байыркы чулу тектерден түзүлсө, өрөөндөр борпоң шиленди чөкмөлөрдүн калың катмары м-н капталган, адырлар неогендин начар камдашкан, оңой үбөлөнүпэшилүүчү тектеринен турат. Анын үстүнө, Кырг-ндын өсүмдүктөрү үч тараптан кошулган өсүмдүк түрлөрүнүн айкалышынан түзүлгөн. Түш.-батыш Кырг-нда алдыңкы азиялык түрлөр кеңири таралса, Түн. Кырг-нда европалык-сибирдик, Борб. ж-а Ички Теңир-Тоодо борб. азиялык түрлөр басымдуулук кылат.

Кырг-ндын ландшафттарын рельефтик, климаттык өзгөчөлүктөрү б-ча ар түрдүү топторго бириктирүүгө болот. Бир жагынан рельефтин айырмачылыктары б-ча тоо арасындагы өрөөндүү түздүктөрдүн ж-а тоо капталдарынын (адырларды кошо) ландшафттары деп эки чоң топко бириктирилип, андан кийин аларды жапыз, орто бийик ж-а бийик тоолуу деп бөлөт. Ошол эле ландшафттар экинчи жагынан климаттык айырмачылыктары б-ча чөл, талаа, шалбаа, токой, нивалдык (жылаңач суук чөл) сыяктуу башкча топторго да бириктирилет. Мис., кеңири таралган талаа ландшафттарынын бир бөлүгүн рельефи б-ча чөл, шалбаа, токой, нивалдык комплекстер м-н бирге тоо капталдарынын ландшафттары деп чоң топко бириктирилсе, ошол эле убакта алар түздүктөрдөгү, адырлардагы түрдүү бийиктиктеги талаалар м-н кургакчыл климаты б-ча талаа ландшафттар тобуна бириктирилет. Ландшафттардын бийиктик б-ча таралышындагы өзгөчөлүктөрдү эске алып, жапыз, орто бийик, бийик тоолуу сыяктуу топторго да бириктирилет, анткени климаттын, рельефтин негизги өзгөчөлүктөрү (жылуулук м-н нымдуулук, экзогендик процесстердин мүнөзү ж-а ургаалдуулугу) бийиктик абалга жараша болот. Кырг-ндын ландшафттарынын ар түрдүүлүгүнүн түпкү себеби – тектон. кыймылдардын мүнөзү ж-а ургалдуулугу эске алынып, төмөндө ландшафттар ярустук жайгашуусу (жапыз, орто бийик, бийик) б-ча каралмакчы.

1. Жапыз тоолуу-өрөөндүү яруска кирген (деңиз деңг. 500–1500 *м* бийиктиктерде) ири өрөөндөрдөгү түздүктөрдө (Фергана, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө) ж-а аларга чектеш жаткан тоо этектеринде, адырларда чөл, жарым чөл ж-а талаа ландшафттары таралган. Өрөөндөрдө тектон.-аккумуляциялык, тоо этектериндеги бөксөлөрдө тектон.-эрозиялык-аккумуляциялык рельефтин комплекстери мүнөздүү; аларда борпоң шилендилерден түзүлгөн жантайыңкы же тектирлүү өрөөн тибиндеги түздүктөр, өрөөндөрдөн салыштырмалуу азыраак (300–400 *мге* чейин) көтөрүлгөн адырлар, калдык тоолор кездешет. Түздүктүү өрөөндөр, алардын чет-жакаларындагы бөксөлөр тилкеси палеоген-неоген мезгилдеринде тектон. төмөн чөгүү ж-а чөкмөлөрдүн калың катмарлары калыптанган зона болгон. Ортоңку ж-а жогорку төртүнчүлүк мезгилинде гана бөксөлөр көтөрүлүүгө ж-а тилмеленүүгө дуушар болушкан. Калдык тоолор түпкү катуу тоо тектеринен түзүлүп, аскалуу, кургак сай-колоттуу горсттор болушса, адырлар палеоген-неогендик начар камдашкан конгломерат, кумдук чополордун катмарларынын антиклиналдык бүктөлүп көтөрүлгөн түзүлүштөрү. Антиклиналдык адырлар асимметриялык түзүлүштө – кырлары жайыгыраак жон сымал, тоолорду караган канаты бир аз жантайыңкы, өрөөндөрдү караган беттери тик келип жарлуу же өтө тилмеленген чаптуу («бедленд»). Жапыз тоо-

өрөөндүү ярустун климаты аларга чектеш жаткан Туран ойдуңунун, Түш. Казакстандын таасиринде болгондуктан жалпысынан кургакчыл жайы ысык ж-а узак, кышы мелүүн суук болот. Жаан-чачын жазында арбын түшөт. Бул ярус негизинен агын суунун сарпталуу зонасында жатып, жер астындагы суулардын запасы мол болот; алар ойдундуу жерлерде жер бетине сарыгып чыгат. Топурак-өсүмдүктөрү, жаныбарлар дүйнөсү да чектеш жаткан чөлдүү аймактарга кыйла окшош. Топурак кыртышында бозомтук ж-а коңур топурактар, өсүмдүктөрүндө шыбак м-н эфемерлер басымдуу.

Жапыз тоо-өрөөндүү яруста ч ө л ж-а ж а р ы м ч ө л л а н д ш а ф т т а р ы кеңири таралган. Чөлдөр Фергана өрөөнүндө мамлекеттин чегарасын бойлой туташ тилке түрүндө Лейлек, Баткен, Охна өрөөндөрүнүн тамандарында, адырлардын жыланач чаптуу беттеринде ж-а айрым өтө жапыз калдык тоолордо обочолонгон аймактар түрүндө деңиз деңг. 700–800 *м* бийиктикке чейин таралган. Борпоң (аллювий-пролювий) шилендилердин үстү сары чопо сымал (лёсс) кумай топурактардын катмары м-н жабылган. Климаты өтө ысык (июлдун орт. темп-расы 25–27°С), кургакчыл, жылдык жаан-чачыны 200–250 *мм*ге чейин, көбүнчө жазында түшөт. Мындай климаттык шарттарда карбонаттуу ж-а оор кумайлуу ачык боз туран тибиндеги топуракта эфемер-шыбактуу чөлдөр калыптанган. Топурактарда кара чиринди аз, оңой эриген туздар көп болот. Өсүмдүктөрү субтропиктик мүнөздө (эфемерлер басымдуу), башка шордуу топуракка чыдамдуу шыбак, баялыш, терскен сыяктуу майда бадалчалар, бир аз кылканактуулар өсөт. Саздагыраак келген оёң жерлерде гидроморфтуу бозомтук топурактарда камыш, боз коңорчок, баялыш ж.б. өсүмдүктөр кездешет.

Жарым чөл ландшафттары деңиз деңг. 1000–1100 *м*ге чейинки Чүй, Талас, Фергана өрөөндөрүнүн түздүктүү бөлүктөрүндө, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо, Ноокат өрөөндөрүндөгү обочолонгон аймактарда, жапыз адырларда, калдык тоолордо таралган. Алардын геоморфологиялык өзгөчөлүктөрү, климаты чөлдөрдүкүнө окшош, жайы гана анча ысык эмес (июлдун орт. темп-расы 22–25°С), жаан-чачын көбүрөөк (300–370 *мм*ге чейин) жаайт. Түн. бозомтук ж-а ачык күрөң кумайлуу топурактар (кара чиринди 2–2,5%, шордуулугу чөл топурактарынан төмөнүрөөк) мүнөздүү. Шыбак-эфемерлүү өсүмдүктөрүндө эфемерлердин үлүшү бир аз азыраак, ал эми шыбактын, майда бадалчалардын (чие, алтыгана, чекенди, терскен, коёнтомук ж.б.), кылканактуулардын (бетеге, аккылкан, түбүбош ж.б.) үлүшү көбүрөөк болот. Саздак жерлер Чүй өрөөнүнүн борб. түздүктөрүн, Чүй суусунун өрөөнүн дээрлик ээлейт. Жаныбарлар дүйнөсүндө чөлдөрдөгүдөй эле курт-кумурскалар, сойлоп жүрүүчүлөр (кескелдирик, жылан), ташбака, майда кемирүүчүлөр м-н канаттуулар басымдуу.

Азыркы мезгилде чөл ж-а жарым чөл ландшафттарынын аймагы дээрлик өздөштүрүлүп, аларда тамеки, пахта, кызылча, жашылча-жемиш, бакча өсүмдүктөрү (коон, дарбыз) өстүрүлөт, жүзүм, мөмө-жемиш бактары олтургузулуп, калктуу пункттар, ар кандай ө. ж. ишканалары, жолдор, ирригациялык каналдар м-н суу сактагычтар жайгашкан. Табигый ландшафттар таштагыраак, суу жетпеген чакан аянттарда, адырлар м-н чаптарда, аска-таштуу жапыз тоолордо гана сакталып калган.

Т а л а а ландшафттары Фергана, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө, Чаткал өрөөндөрүнүн бийигирээк (1000–1500 *м*) жаткан түздүктүү жерлеринде адырлардын, тоолордун төмөнкү жапыз бөлүктөрүндө таралган. Көп жерлерде алар туташ тилкелерди түзүп (Чүйдүн, Таластын жогорку бөлүгү, Ферганада), айрым учурда обочолонгон аймактарда кездешет. Геол.-геоморфологиялык, климаттын генетикалык өзгөчөлүктөрү б-ча алар чектеш жаткан жарым чөл ландшафттарына кыйла окшош, бирок абс. бийиктигине жараша тилмеленүүсү катуураак жүрүп, жайы жылуу же мелүүн ысык (июлдун орт. темп-расы 18–22°С ), кышы суугурак (январдыкы – 6°…–8°С) келип, жаан-чачын көбүрөөк (350–450 *мм*) жаайт. Ачык ж-а каралжын коңур, Ферганага, Кетмен-Төбөгө бозомтук-күрөң топурактар мүнөздүү. Алар күрдүүрөк келип, кара чиринди коңур топурактарда 3–5%, тоолуу күрөң топурактарда 6–7 %ке чейин жетет. Чиринди катмарынын калыңдыгы 40–50 *см*ге чейин, шордуулугу, саздактыгы кыйла төмөн. Мех. составы жеңил ж-а орто кумайлуу, скелеттүүлүгү (майда таш кесектүүлүгү) жогору.

Талаа ландшафттарынын өсүмдүктөрү ар түрдүү. Фергана өрөөнүндө ж-а ага чектеш өрөөндөрдө буудайык, түптүү арпакан, кызылот, аюучач, шашыр, кулунчак ба-

сымдуулук кылган бийик чөптүү, бирин-серин бадал аралаш (мисте, бадам) «саванна» сымал талаалар басымдуулук кылса, Чүй, Талас өрөөндөрүндө бетеге, аккылкан, шыбак көп өскөн «дүңгөлүү» (майда түп-түп чымдуу) талаалар басымдуулук кылат. Бул ландшафттарда чөп өсүмдүктөрү жарым чөлдөргө караганда кыйла коюу, эфемерлердин үлүшү азыраак, майда бадалдар (алтыгана, чие, итмурун) көбүрөөк кездешет. Талаа ландшафттарында кылканак-шыбактуу кургак талаа ж-а кылканак-дүйүм чөптүү талаа сымал түрлөрү да кеңири таралган. Талаа ландшафттарынын айдоого ыңгайлуу түзөң же бир аз жантайыңкы жерлери өздөштүрүлүп, аларда дан эгиндери, тоют ж-а тех. өсүмдүктөр өстүрүлөт, бакчачылыкта, жүзүмчүлүктө пайдаланылат, калктуу пункттар бар. Айдоого жараксыз жерлер жазгы, күзгү ж-а кышкы жайыт, айрым аянттары табигый чабынды катары пайдаланылат.

2. Орто бийиктиктеги тоо-өрөөндүү ярустагы тоо капталдарында ж-а аларга жанаша жаткан ойдуңдуу өрөөндөрдүн тамандарында деңиз деңг. 1500–1700 *м* бийиктиктен 2500–2800 *м*ге чейин чөл, жарым чөл, талаа, шалбаалуу талаа, шалбаа, шалбаалуу токой ж-а шалбаа талаалуу сейрек токой ландшафттары калыптанган. Тектон. жактан алганда орто бийиктиктеги тоолор бийик тоолорго салыштырганда көтөрүлүү процесстерине кечирээк (неогендин аягында) дуушарланган, ошондуктан көтөрүлүү бийикт. 2500–3000 *м*ден ашпайт. Бул ярустагы тоолуу рельефке жапыз тоолорго салыштырганда тоо капталдарынын тигирээк болушу, V сымал капчыгайлар, капчыгай аралык ж-а айрым тоо массивдердин кырларында тегизирээк жон сымал байыркы түздүктөрдүн калдыктары мүнөздүү. Байыркы мөңгүлөнүүнүн аракеттери бул ярустун эң жогорку чектеринде гана чанда кездешет. Тоолуу рельефтин негизги формалары эрозиялык тилмеленүү, үбөлөнүү ж-а денудациялык жууп-жылмалоо процесстеринин натыйжасында калыптанган. Ойдуңдуу өрөөндөрдүн тамандарында борпоң чөкмөлөрдүн калың катмары жатат. Алардын рельефи тектон. ийилип-чөгүүнүн натыйжасында борпоң тектердин топтолушунан пайда болуп, дарыя өрөөндөрүндө тектирлүү, ал эми ойдуңдардын четжакаларында жантайыңкы шиленди түздүктөр мүнөзүндө болот. Көпчүлүк тоолордун этектеринде палеоген-неогендин кызгылт же боз чөкмө катмарларынан түзүлгөн «бедленд» чаптуу адырлардын тилкелери түздүктөрдөн да, тоо капталдарынан да айырмаланып турат. Бул ярустагы ландшафттардын климаты тоо капталдарынын басымдуу аба агымдарына караган беттеринде атмосфералык фронттук процесстердин күчөшүнүн таасири астында, ал эми ички ойдуңдарда, шамалдан ыктоо тоо капталдарында нымдуу аба агымдарынан далдоодо калган шарттарда калыптанат. Абс. бийиктигине жараша абанын темп-расы жапыз тоолорго салыштырганда кыйла төмөн, жайы жылуу (июлдун орт. темп-расы 14 °С – 18°С ), кышы суук (январдыкы – 8°...–12°С), күнгөйлүү тоо капталдары каксоо келет. Ландшафттардын негизги айырмачылыктары жалпысынан жаан-чачындын өлчөмүнө ж-а жааган мезгилине жараша болот. Ярустун аймагынын бир аз бөлүгү агын суулардын куралуу, басымдуу бөлүгү сарпталуу облустарына кирет.

Ч ө л ж-а ж а р ы м ч ө л ландшафттарынын ири аянттары Ысык-Көл ж-а Кочкор ойдуңдарынын чектеш жаткан ж-а ортоңку бөлүктөрүндө, Орто Нарын ойдуңунун батышында, Кара-Сай м-н Ак-Шыйрак өрөөндөрүнүн тамандарында ж-а аларды курчаган тоолордун төмөнкү бөлүктөрүндө, чаптуу адырларында кездешет. Бул ландшафттардын субстраты негизинен таштак келип, шагыл-кесек таштардын, майда кесектердин (хрящ) кум-чопо м-н аралашмасынан турат. Жайы ысык, каксоо мүнөздө болуп, жаан-чачындын жылдык өлчөмү 200 ммден ашпайт (Балыкчы ш-нда 110 *мм*), басымдуу бөлүгү жаздын аягында ж-а жайдын 1-жарымында жаайт. Июль–сентябрь айлары кургакчыл. Сейрек өсүмдүктөрдүн астында таштак (скелеттүү) ж-а жука ачык же бозомтук күрүрт топурактар өөрчүйт, анын үстүнкү катмары карбонаттуу, төмөнкү бөлүктөрү аздыркөптүр шорлуу, айрым учурларда гипстүү. Кара чиринди өтө аз (0,5–1,0 %) ж-а жука. Сугарылып айдалган жерлерин кайра шор басып суу эрозиясына дуушар болот. Ал эми көтөрүңкү жерлерде майда топурагын учуруп кеткен шамал эрозиясы кеңири таралган.

Чөл ж-а жарым чөл ландшафттарына көп жылдык ксерофиттик өсүмдүктөр (шыбак, баялыш, аккылкан, бетеге, чекенде, терскен, адырашман, коёнтомук ж.б.) мүнөздүү. Өсүмдүктөрү түргө жарды, эфемерлер жокко эсе. Кокту м-н сайлардын тамандарында

алтыгананын бадалдачалары (таштак жерлерде), топ-топ өскөн чий (топурактуу жерлерде) кездешет. Жер астындагы суулар жакын жаткан жерлерде, өзгөчө жапыз тектирлерде мурда чий жыш өскөн. Басымдуулук кылган өсүмдүктөрү б-ча поташник-симпегмалуу ж-а шыбактуу-кылканактуу, майда бадалчалуу, алтыганалуу, чий-шыбак-кылканактуу формацияларга ал эми геол.-геоморфологиялык өзгөчөлүктөрү б-ча чөл, жарым чөл, түздүктүү, чап-адырлуу, каксоо аска-таштуу түрлөргө бөлүнөт. Орто бийиктиктеги чөл м-н жарым чөлдүн түздүктүү, кумай топурактуу аянттары сугат айдоо жер, калган бөлүктөрү негизинен кышкы-жазгы жайыт.

О р т о б и й и к т и к т е г и т а л а а ж-а ш а л б а а л у у т а л а а л а н д ш а ф т т а р ы Ысык-Көлдүн чыгышында, Кочкор, Ортоңку Нарын, Чаткал өрөөндөрүнүн жогорку бийигирээк түздүктөрүндө, Суусамыр, Жумгал, Ат-Башы түздүктөрүндө, Алай өрөөнүнүн төмөнкү бөлүгүндө, аларды курчаган тоолордун капталдарында, Фергана, Чаткал, Алай, Түркстан, Көгирим, Молдотоо, Күнгөй, Тескей, Талас, Кыргыз Ала-Тоолорунда бири биринен обочолонгон аймактарда кеңири таралган. Ойдуңдарда, дарыя өрөөндөрүнүн бийик тектирлеринде ж-а жантайыңкы шиленди түздүктөрдө талаа ландшафттары борпоң таштак-кумайлуу субстраттарда, бийик адырлардын (Фергана, Чүй, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо) жон сымал бөлүктөрүндө сары чопо сымал нык топурактын калың катмарында, ал эми чулу тектерден турган тоо капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүндө, өзгөчө күнгөй каксоо беттерде таштак элювий м-н делювийдин жука катмарларында калыптанат. Климаты орто бийиктиктеги чөл ж-а жарым чөлдөрдөн жаан-чачындын өлчөмүнүн көбүрөөк болушу (300–500 *мм*) м-н гана айырмаланат. Жаан-чачындын басымдуу бөлүгү жазында ж-а жайдын 1-бөлүгүндө түшөт. Бул ландшафттар таралган аймактар негизинен агын суунун сарпталган зонасына кирет. Топурагында ачык ж-а каралжын түстөгү кыртыштар басымдуу, жаан-чачыны көбүрөөк түшкөн сырткы тоонун кыркаларынын капталдарында тоонун кара топурактары, Фергана өрөөнүн түштүктөн курчаган тоолордун капталдарында бозомтук күрөң топурак кыртышы өөрчүгөн. Топурак кыртышы тоо капталдарында жука, таштак келип, өрөөндөрдө бир аз калыңыраак, адырлардын жондорунда кыйла калың. Топурактары карбонаттуу, кара чириндиси 3–4 %тен кара топурактуу жерлерде 6–7 %ке жетет.

Талаа ландшафттары жарым чөлдөргө салыштырганда өсүмдүктөргө бай. Өсүмдүктөрдүн негизин кылканактуулар – бетеге, аккылкан, буудайык, коңурбаш түзөт. Шыбактардын үлүшү азыраак. Түркүн чөптөр – төө буурчак, топчубаш, таракбаш, көкөмерен кыйла көп кездешет. Нымдуулугуна, басымдуулук кылган өсүмдүктөрүнө жараша ландшафттар ачык коңур топурактуу, кылканак-шыбактуу (бетегелүү-шыбактуу, аккылкан-бетегелүү шыбактуу ж.б.) кургак талаа, каралжын коңур топурактуу, кылканак түркүн чөптүү дүңгөлүү талаа (бетеге-аккылкандуу, бетеге-түркүн чөптүү ж.б.), кылканактуу бийик чөптүү талаа (буудайык, кызылот-түркүн чөптүү) ж-а кара топурактуу түркүн чөп-кылканактуу шалбаалуу талаа болуп бөлүнөт. Шалбаалуу талааларда талаа өсүмдүктөрүнөн тышкары шалбаага мүнөздүү өсүмдүктөр (жылгам, сүйсөң, карындыз ж.б.) көп кездешет. Өсүмдүк каптоосу кургак талааларда 50–55 %ти түзсө, шалбаа өсүмдүктөрү аралашкан талааларда 70–80%ке чейин жетет. Кокту-колоттуу, жар-кемерлүү жерлерде майда бадалдар –алтыгана, итмурун, табылгы, бөрүкарагат кездешет. Мал көп жайылып тепселген жерлерде шыралжын жыш таралган.

Түздүктүү талаалар, айдөшүрөөк келген жондордогу шалбаалуу талаалар дыйканчылыкта өздөштүрүлүп, аларда дан эгиндери, картошка, жемиш бактары, тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Адырлар, тоо капталдарындагы талаа ландшафттары табигый чабынды, жазгы-күзгү жайыт катары пайдаланылат. Бул ландшафттар малды ыксыз жаюудан катуу жабыр тарткан: кылканактуулардын ж. б. от чөптөрүнүн үлүшү азайып, шыралжын, тикендүү майда бадалчалар, уйгак көбөйүүдө, айылга жакын жерлер такыр каксоо аянттарга айланууда.

О р т о б и й и к т о о л у у ш а л б а а ж-а ш а л б а а л у у т о к о й л а н д ш а ф т т а р ы тоо капталдарында, айрым жерлерде (Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы) бийик адырларда гана таралган. Бул ландшафттар Кыргыз, Күнгөй Ала-Тоолорунун түн. капталдарында, Тескей Ала-Тоонун түн. капталынын ортоңку ж-а чыгыш бөлүктөрүндө, Талас Ала-Тоосунун түн. капталынын ортоңку, Күнгөй Ала-

Тоонун түш. капталынын чыгыш бөлүгүндө, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында, Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталында салыштырмалуу туташ тилкени түзүп, ал эми Түркстан, Алай, Академик Адышев, Суусамыр, Көгирим, Кабак-Тоо, Молдо-Тоо, Нарын-Тоо, Ат-Башы тоолорунун капталдарынын нымдуурак бөлүктөрүндө, Узунакмат, Кичи Кемин өрөөндөрүндө аралча массивдер түрүндө таралган. Геол. түзүлүшү, рельефи талаа ландшафттарыныкындай, бирок гипсометриялык абалы бийигирээк болгондуктан (2000–2800 *м*) тоо капталдарынын жогорку бөлүктөрүндө байыркы мөңгүлөрдүн аракеттеринен пайда болгон – мореналык жалчалар, тепши сымал өрөөндөр көп кездешет. Рельефи тик капталдуу, терең капчыгайлуу келет, байыркы түздүктөрдүн калдыктары аз кездешет. Бул ландшафттар таралган тилке орографиялык жаан-чачындын эң көп түшкөн бөлүгү болгондуктан, жаан-чачындын орт. өлчөмү 600–700 *мм*, айрым жерлерде (Фергана, Чаткал тоолорунда) 1000 *мм*ден ашык. Бирок, тик капталдар басымдуу болгондуктан нымдын кыртышка сиңүүсү кыйла төмөн. Жайы салкын болгондуктан бууланууу анча эмес, анын үстүнө кыш мезгилинде салыштырмалуу калың кар катмары туруктуу жатат. Тоо токой ж-а шалбаа ландшафттарынын аймагы суу агымынын пайда болуу зонасына кирет.

Тоо токойлуу шалбаа ландшафттары шренка карагайынан ж-а семёнов көккарагайынан туруп, токойлор негизинен түн., түн.-батыш, түн.-чыгыш экспозициялардагы беттерде, капчыгайлардын тамандарында тараган. Айрыкча жыш өскөн ж-а жакшы сакталган карагай токойлор Ысык-Көл ойдуңундагы Ак-Суу, Каракол, Түп, Жыргалаң, Түргөн-Ак-Суу, Жети-Өгүз, Чоң Ак-Суу капчыгайларында, Кыргыз Ала-Тоосундагы Шамшы, Кегети, Туюк капчыгайларында, Күнгөй Ала-Тоонун түн. капталдарында гана кездешет. Көккарагайлуу токойлор Талас Ала-Тоосундагы Беш-Таш, Калбаа капчыгайларында гана сакталган. Токойлордун көбүндө карагайлар бири биринен алыс өсүп, арасында четин, тал, кайың, долоно, шилби, итмурун, ыргай, табылгы ж-а шалбаа чөптөрү өсөт. Чөп өсүмдүктөрү салыштырмалуу бийик өсүп, түркүн өсүмдүктөрдөн (казтаман, балтыркан, аконит-уу коргошун ж.б.), кылканактуулардан (аксокто, жылгам ж.б.), чанактуулардан (уйбеде ж.б.) турат. Карагай токойлор текши тилкени түзбөй, көлөкөлүү беттерде гана топ-топ болуп өсөт. Токойлору жок ачык жерлерде бадалдуу шалбаалар, ал эми күнөстүүрөөк келген беттерде сейрек арча өскөн бадалдуу шалбаалуу талаалар таралган. Карагайлуу токойлордун алдында тоо токоюнун каралжын ж-а таштуу жука топурагы, ал эми шалбаалуу жерлерде карбонаттары жуулган кара топурак кыртышы калыптанган. Кара чириндинин өлчөмү 9–10 %, катмарынын калыңдыгы 40–60 *см*ге чейин болот. Тик капталдарда топурак катмары жука, таштак келет.

Фергана, Ат-Ойнок, Чаткал тоолорунун Фергана өрөөнүн караган капталдарында, негизинен деңиз деңг. 1400–2200 *м* бийиктикте байыркы мезгилдерден бери сакталып калган (реликт) жаңгак мөмө-жемиштүү токойлор таралган. Бул токойлор ээлеген аймактын климаты субтропиктик мүнөздө, жайы ысык, кургакчыл, кышы мелүүн суук ж-а нымдуу. Кар арбын түшкөндүктөн кышы жумшак болот. Анын үстүнө түндүктөн, чыгыштан далдалап турган бийик тоо кыркалары бул токойлорго арктиканын, сибирдин аяздуу суук абасын өткөрбөйт. Жаңгак-жемиш токойлору дагы текши тилкени түзбөй, обочолонгон массивдер б-ча тарайт. Жаңгак – мөмө-жемиш токоюнун ири массивдери Кара-Үңкүр, Кара-Алма, Арстанбап сууларынын өрөөндөрүндө, Сары-Челек аймагында кездешет. Токойлор жаңгак, кыргыз алмасы, алмурут, кайналы, алча, акчечек дарактарынан, аларга аралаш өскөн катын жаңгак, шилби, итмурун, асамуса, карагат сыяктуу бадалдардан турат. Алардын арасында бийик чөптүү (таран, карындыз, балтыркан, аюучач, жылгам, казтаман, сасык куурай ж. б.) шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Мындай токойлордун алдында кара-күрөң тоо токой топурагы өөрчүгөн. Алар карбонаттуулугу, кара чиринди катмарынын калыңдыгы (60–100 *см*), чириндинин көбүрөөк болушу м-н карагай токойлорунун топурактарынан айырмаланат.

Арча токойлуу шалбаалуу ж-а шалбаалуу талаа ландшафттары салыштырмалуу кургагыраак, нымдуулугу карагай токою үчүн жетишсизирээк климаттык шартта калыптанат. Шалбаалуу талаа, шалбаанын жалпы фонунда бадалдуу сейрек арча токою Кырг-ндын тоолорунун түн. капталдарынын көп жеринде кездешет, бирок салыштырмалуу жыш өскөн туташ ареалдарды Алай, Түркстан кырка тоолорунун түн. капталдарын-

да пайда кылат. Арча токойлору жапалак арча (өрүк арча), карагай арча, кызыл арча деген түрлөрдөн, анча бийик эмес дарактардан турат. Алар м-н кошо четин, тал, шилби, итмурун, ыргай, бөрү карагат ж. б. бадалдар аралаш шалбаалар, кургакчыл же таштак тик беттерде бетеге, кыйгак, шыралжын, шалбаа өсүмдүктөрүнө аралаш өскөн шалбаалуу талаалар таралган. Нымдуурак капталдарда (түн., түн.-батыш), капчыгайлардын төмөнкү бөлүктөрүндө арча токойлору жышыраак, кыр бөлүктөрүнө жакын сейрегирээк өсөт. Бул токойлордун алдында каралжын күнүрт тоо токой топурагы калыптанган, ал кыртышынын жукалыгы, таштактыгы, карбонаттарынын толук жуулбагандыгы м-н айырмалнат.

Токой-шалбаалуу ландшафттар тоо капталдарына нымды жакшы сиңирип топтойт ж-а эрозиялык процесстерди басаңдатат. Бул ландшафттар тоо капталдарына ажайып көрк берип, рекреациялык мааниге да ээ. Ошол себептүү бул ландшафттардын кыйла бөлүгүнө улуттук парк, корук статустары берилип, коргоого алынган. Токой чарбачылыгындагы массивдерди аяр мамиледе пайдалануу талап кылынат.

Бийик тоолуу ярустагы ландшафттарга деңиз деңг. 2500– 2800 *м* бийиктиктен жогору жайгашкан кырка тоолордун бийик кыр бөлүктөрүндөгү, ага жанаша капталдардагы ж-а өтө бийикте орун алган айрым тоо аралык өрөөндөр м-н ойдуңдардагы (Ак-Сай, Арпа, Соңкөл ж. б.) субальп, альп, суук чөл (субнивалдык) ж-а нивалдык-мөңгүлүк тилкелердеги ландшафттар кирет. Бул ярустагы ландшафттардын фундаменттери палеозойдун катуу тектеринен түзүлүп, соңку тектон. кыймылдын узак ж-а ургалдуу жүрүшүнүн натыйжасында өтө бийик көтөрүлүү ж-а терең тилмеленүү шартында калыптанган. Тилмеленүү процессинде агын суу эмес, байыркы ж-а азыркы мөңгүлөрдүн аракети, тоо тектердин бузулушунда сууктан талкалануу басымдуулук кылган. Бийик тоолуу ярустун климатына жанаша жаткан ойдуң аймактардын таасири аз болуп, ал бийиктикте батыштан чыгышка эркин оошкон аба массаларынын таасиринде болот да, жаан-чачындардын эң көп түшкөн тилкеси бул ярустун эң төмөнкү бөлүгүндө жайгашат. Ошол себептүү ярустун жогорку тилкелеринде жаан-чачындын өлчөмү бир аз азаят. Бирок, абанын темп-расы кескин төмөндөгөндүктөн (июль айынын орт. темп-расы 10–12°Сден төмөн) буулануу начар болуп, жаан-чачын андан ашыктык кылат. Натыйжада бул ярус дээрлик суу агымы калыптанган облуска кирип, тоо дарыяларынын көпчүлүгү ушул яруста куралат. Рельефинде тепши сымал, таманында морена дөбөчөлөрү бар төрлөр ээлеген терең капчыгайлар, тик капталдуу аска-корумдуу беттер басымдуулук кылып, байыркы денудациялык түздүктөрдүн калдыктары салыштырмалуу аз кездешет. Алардын аздыр-көптүр ири аянттары Борб. Теңир-Тоодо, Ак-Сай, Арпа, Соңкөл сыяктуу бийик жайгашкан өрөөндөрдө гана кездешет. Анткени агын суу эрозиясынын таасири ал аймактарга анча тие элек. Кышы катуу суук, жайы өтө салкын болгондуктан бул ярустун көп бөлүгүндө көп жылдык тоң пайда болуп, анын таасири ландшафттардын өзгөчөлүктөрүнөн даана байкалат. Бийик тоолуу яруста солифлюкциялык жылмышуулар, тоңгон жерлердин көөп дөбөчө болушу, тоң жерлердин эрип чуңкурчага айланышы, суукта талкалануудан пайда болгон корум таштар, шагыл-кесектердин басымдуулук кылып, үбөлөнүшү майда топурактары өтө аз болуп, жуулуп кетип турушу топурак кыртышынын начар калыптанышына ж-а өтө жука болушуна себеп болот. Өсүмдүк-топурактары туташ тилке болбой көп учурда аска зоолор, корум-таштар, жер көчкүлөр м-н бөлүнүп турат. Бийик тоолуу ландшафттардын калыптанышы салыштырмалуу жаш болгондуктан, алардын сырткы, ири алды адамдын чарбачылык таасирлерине туруктуулугу кыйла начар келет.

С у б а л ь п ш а л б а а л у у т а л а а, т а л а а ж-а ш а л б а а ландшафттары бийик тоо кыркаларынын капталдарында бийик тоолуу ярустун төмөнкү бөлүгүндө, деңиз деңг. 2600–2700 *м*ден 3300–3400 *м*ге чейинки тилкеде таралган. Тоо кыркаларынын күнгөй ж-а шамалдан ыктоо чыгыш (Фергана тоо тизмегинин) беттеринде шалбаалуу талаа, айрым жерлерде талаа (Күнгөй Ала-Тоонун түш. батышында, Кыргыз Ала-Тоосунун түш.-чыгышында) ландшафттары, ал эми тоолордун тескей ж-а шамалдуу батыш капталдарында субальп шалбаа ландшафттары басымдуулук кылат. Рельефинде байыркы мөңгүлөрдүн аракеттери даана байкалган м-н алар азыркы эрозиялык-денудациялык процесстерден өзгөрө баштагандыгы да байкалат (тепши сымал капчыгайлар-

дын таманы суу эрозиясы м-н тилмелене баштаган, мореналык жалдар, тепши сымал капчыгайлардын кыр бөлүктөрү жемирилген ж. б.). Субальп ландшафттарына орто бийиктиктеги ярустан бийик тоолуу яруска өтмө климат мүнөздүү. Июлдун орт. темп-расы 8–12°С, январдыкы – 14...–18°С. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 500–600 *мм*, айрым ыктоо капталдарда 400 *мм*ге чейин азайса, айдарым капталдарда (Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталы) 800–900 *мм*ге чейин жетет. Кыш айларында бул ландшафттарда кар калың түшөт.

Субальп ландшафттарынын топурак-өсүмдүк тилкесин көп жерлерде аскалар, корумдар, жарлар бөлүп турат. Топурак кыртышынын ж-а өсүмдүктөрүнүн өзгөчөлүктөрү тоо капталдарынын нымдалышына ж-а эңкейиштигине жараша болот. Тоо капталдарынын нымдуу түн., түн.-чыгыш ж-а батыш экспозицияларында орт. бийиктиги 50–60 *см* болгон, бирок жыш өскөн, бирин-серин бадал (жапалак арча, ыргай, жапыз өскөн четин ж.б.) аралаш шалбаа басымдуулук кылат. Өсүмдүктөрдүн курамы бай, кылканактуулар (альп жылганы, ж. б.); өлөң, дүйүм чөптөр өсөт. Шимүүрлүү, казтамандуу, тогузтөбөлдүү шалбаалар басымдуу. Шалбаа өсүмдүктөрүнүн алдында кара чиринди-ге бай, бирок, жука катмарлуу таштак келген субальп шалбаа топурактары өөрчүйт. Ал эми нымы азыраак түш.-чыгыш, түш.-батыш ж-а күнөстүү түш. экспозицияларда дүйүм чөптөргө аралаш альп бетегеси басымдуу өскөн субальп шалбаалуу талаалар, ал эми айрым жерлерде бетеге жыш өскөн талаалар таралган. Алардын алдында кара чиринди-си салыштырмалуу азыраак, жука ж-а өтө таштак шалбаалуу талаа топурактары калыптанган. Таштак жерлерде көбүнчө жапалак арча топ-топ болуп өсөт. Субальп ландшафттары негизинен жайкы жайыт (эрте жайлоо) катары пайдаланылат.

Альп шалбаасы, шалбаалуу талаа ландшафттары бийик тоо кыркаларынын кыр бөлүктөрүнө жакын үзүк-үзүк кууш тилке түрүндө Алай, Ак-Сай, Арпа, Соңкөл, Чатыр-Көл, Каракужур, Балгарт, Карасаз, Солтон-Сары, Тарагай, Сары-Жаз өрөөндөрүнүн тамандарында ж-а аларга жанаша жаткан айдөөш тоо капталдарында туташ тилке түрүндө деңиз деңг. 3000–3100 *м*ден 3700–3800 *м*ге чейинки бийиктиктерде таралган. Альп ландшафттары таралган тилкеде, өзгөчө тоолордун тик капталдарында аскалар, корумдар зор аянттарды ээлейт. Альп ландшафттарынын климаттык шарты катаал: жайы кыска (2,5–3 ай), өтө салкын (июлдун орт. темп-расы 4–8°С), кышы узак (7–8 ай), өтө суук (январдыкы – 20... – 25°С). Кар сентябрдан майдын аягына чейин жатат, орт. калыңдыгы 90–100 *см*. Бул ландшафттар таралган тилкенин басымдуу бөлүгүндө бир нече метрден ондогон метрге чейинки калыңдыкта көп жылдык тоң таралган.

Альп ландшафттарындагы топурак-өсүмдүктөрүнүн типтери негизинен тоо капталдарынын экспозициясына, тик же жантайыңкылыгына, рельефтин формаларына жараша таралат. Өсүмдүк-топурак кыртышы негизинен өрөөндөрдүн тамандарында, айдөш капталдарда аздыр-көптүр туташ тилкени түзүп, тик капталдуу тоо беттерин, алардын төмөнкү бөлүгүн коктуу колоттордун, төрлөрдүн тамандарын ээлейт. Айрым чуңкурчактарда суу бойлорунда саздак кыртыштар кездешет. Жапыз өскөн чөптүү (20–25 *см*) альп шалбаалары нымдуу тескей капталдарда, батыш, түн.-батыш, түн.-чыгыш экспозицияларда кеңири таралган. Өсүмдүктөрдүн курамында дүйүм чөптөр (тогузтөбөл, казтаман, алагүл ж.б.), доңузсырт басымдуулук кылып, аларга аралаш альп өлөңү, альп жылганы, ыраң көп кездешет. Жыш өскөн шалбаа өсүмдүктөрүнүн алдында өтө жука ж-а бекем чымдуу, чала чымкөң мүнөздөгү кара чириндилүү топурактар калыптанган. Алар каралжын түстө болуп, чала чириген өсүмдүктөрдүн калдыктарына бай; бирок кара чиринди катмарынын калыңдыгы 20–30 *см*ден ашпайт.

Тоо капталдарынын күнөстүү (түш., түш.-чыгыш, түш.-батыш), нымы азыраак беттеринде альп шалбаалуу талаа ландшафттары өнүккөн. Өсүмдүктөрүнүн курамында альп ж-а крылов бетегеси, жылган басымдуулук кылат. Дүйүм чөптөр, өлөң чөп да кыйла арбын, өсүмдүктөрдүн жыштыгы шалбааларга салыштырмалуу төмөн (70–80%ке чейин). Алардын алдында чымдуулугу шалбаа топурагына салыштырмалуу начарыраак, чым көңдүүлүгү жокко эсе жука катмарлуу, таштак альп шалбаалуу талаа топурагы өөрчүгөн. Альп ландшафттуу тилкесиндеги таштак, корумдулуу, өтө тик капталдарда бирин-серин бетеге, мамыры чөп ж.б. кездешет. Альп шалбаа, өзгөчө шалбаа-

луу талаа ландшафттары кыска мөөнөттөгү (июль-август айлары) жайкы жайыт катары пайдаланылат.

С у б н и в а л д ы к (с у у к ч ө л) ж-а н и в а л д ы к - г л я ц и а л д ы к л а н д ш а ф т т а р бийик тоолордун 3600–3800 *м*ден жогору жаткан кыр бөлүктөрүндө таралган. Бул ландшафттар Борб. Теңир-Тоодо ж-а өтө бийик четки тоо кыркаларында (Какшаал, Күнгөй, Кыргыз Ала-Тоолору ж. б.) алар кеңири аймактагы туташ тилкени түзсө, Ички Теңир-Тоонун кыскараак тоо кыркаларында чакан аянттагы үзүк-үзүк тилкелер түрүндө кездешет. Рельефине шуштугуй тик чокулуу кырлар, аска-корумдуу тик капталдар, айрым жерлерде жалама зоолор, суулардын башаттарында циркгер, төрлөр, тепши сымал капчыгайлар мүнөздүү болуп, алар дээрлик эрибеген кар, мөңгүлөр м-н капталган. Климаты өтө катаал, радиациялык баланс жыл бою терс мааниде. Төмөнүрөөк бөлүгүндөгү субнивалдык ландшафттарда гана 1–2 ай абанын орт. темп-расы 0°Cден бир аз (2–3°Cге чейин) жогору болот. Ошондой шартта жер жаздыкча, эңилчек, мамык чөп, айрым ыктоо жерлерде бирин-серин чөп өсүмдүктөрү өсөт. Топурагы таштак, майда шагылдуу ылай, чириндиси жокко эсе. Кыртышы жука (5–6 *см*). Нивалдык-гляциалдык ландшафттарда топурак-өсүмдүк кыртышы жок, таш бетине жабышкан эңилчек гана кездешет. Бул ландшафттар тоо дарыялары башталган таза суунун зор запасын сактаган аймак катары мааниси зор.

*Т. Н. Кулматов*

## ФИЗИКАЛЫК-ГЕОГРАФИЯЛЫК РАЙОНДОШТУРУУ

Кырг-ндын аймагын райондоштуруунун бир нече схемасы бар. Ал схемалардын ичинен эң негизгиси «Кыргыз ССРинин атласында» берилген (1987, С. Өмүрзаков). Кырг-ндын аймагы башка респ-лардын аймактары м-н бирдикте үч физ.-геогр. өлкөгө (Түздүктүү Орто Азия, Тоолуу Орто Азия ж-а Борб. Азия), ал өлкөлөр өз ичинен 6 физ.-геогр. облуска, 10 провинцияга, 28 округга ж-а 28 районго бөлүнгөн. Мындай бөлүштүрүү мурдагы бирдиктүү СССРдин аймагын райондоштурууда туура болгон. Кырг-н өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондугуна байланыштуу анын аймагын толугу м-н бирдиктүү аймактык-жаратылыш комплекси (АЖК) деп алуу талапка ылайык. Ал жаратылыш-комплексинин рангасын өлкө деп шарттуу кабыл алынды. Аймактын өнүгүү тарыхы, геол. түзүлүшү б-ча бул өлкө эки физ.-геогр. облуска–Теңир-Тоо ж-а Памир–Алай тоолуу облустарына бөлүндү. Чүй, Талас ж-а Фергана өрөөндөрүнүн түздүктөрү геол. түзүлүшү, калыптануу тарыхы, климаттык шарты, гидрографиясы ж. б. ландшафттык компоненттери б-ча жанаша жайгашкан тоо капталдары м-н бирдикте аймактык-жаратылыш комплекси катары каралды.

Бул схемага ылайык Теңир-Тоо тоолуу облусу – Түн. Теңир-Тоо, Ички Теңир-Тоо, Борб. Теңир-Тоо, Түш.-Батыш Теңир-Тоо, Ысык-Көл ойдуңу болуп беш провинцияга, Памир–Алай тоолуу облусу – Алай–Түркстан ж-а Алай өрөөнү болуп эки провинцияга, ар бир провинция өз ичинен округдарга ж-а райондорго бөлүндү.

**Алай провинциясы** — Кырг-ндын түштүгүндө кеңдик багытында созулуп жаткан бийик тоо өрөөнү. Түндүгүнөн Алай, түштүгүнөн Чоң Алай кырка тоолору, чыгышынан Көк-Суу, батышынан Алай кырка тоосунун тармактары м-н чектешет. Аянты 8,4 миң *км²*. Уз. 174 *км*, туурасы чыгыш бөлүгүндө 27 *км*, батышында 3–7 *км*, ортоңку бөлүгүндө 40 *км*. Деңиз деңг. орт. бийикт. 3000 *м*, эң бийик жери чыгышында 3536 *м* (Төө-Мурун ашуусу), эң жапыз жери батышында 2440 *м* (к. Карамык). өрөөндүн рельефинин азыркы турпаты неотектоникалык кыймылдардан ж-а тышкы күчтөрдөн (төртүнчүлүк мезгилдеги муз каптоо, эрозия, үбөлөнүү ж. б.) пайда болгон. Жалпысынан Алай батышты карай акырындап жантайган түздүк; ага тектирлүү жайылмалуу өрөөн, тоо этегиндеги шилеңди түздүктөр, мореналык дөбө-дөңсөөлөр, («төө карындар») чуңкурчактар мүнөздүү. Өрөөндү караган Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталынын жазылыгы 25 *км*, жантаюусу 23–25°; орт. бийикт. 6000 *м*, эң бийик жери 7134 *м* (Ленин атн. чоку). Капталдарында терең, тепши сымал мөңгүлүү өрөөндөр көп. Ал эми өрөөндү түндүгүнөн чектеген Алай кырка тоосу Чоң Алайга караганда 1500–2000 *м*ге жапыз; өрөөндүн таманынан салыштырмалуу бийикт. 1200–2000 *м*; өрөөндү караган түш. капталы кыска (4–15 *км*) ж-а тик. Өрөөн калыңдыгы 700–800 *м*ге жеткен байыркы ж-а азыркы аллювий-пролювий ж-а гляциалдык тектерге толгон. Өрөөндүн түш. капталдары

мезозой м-н кайназой тектеринин калың катмарынан, айрым жерлери бор ж-а неогендин кызыл, кызгылт-күрөң түстөгү кум-шагылдуу конгломераттарынан, дарыя өрөөндөрү палеоген (кум, мергель, чополуу сланец) м-н неогендин (кызыл түстүү кумдук, конгломерат) тектеринен турат. Өрөөндүн түн. капталдары палеозойдогу бүктөлүүгө дуушарланган деңиз чөкмөлөрүнөн, силурдун, кумдук, сланец, девондун акиташ теги, сланец, кумдук, карбондун конгломерат тектеринен түзүлгөн. Кен байлыктары: көмүр, күйүүчү сланец, таштуз, курулуш материалдары ж. б. Климаты Орто Азия аба массасынын циркуляциясы м-н тыгыз байланышта. Өрөөндү курчаган бийик тоолор аба массаларынын эркин өтүшүнө тоскоол болуп тургандыктан түн., түн.-батыштан соккон муздак аба массасы жаз, жай айларында Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталдарына, түштүктөн сейрек соккон жылуу аба кышында Алай кырка тоосунун түш.-батыш капталдарына арбын жаан-чачын алып келет. Өрөөндүн этек бөлүктөрү кургакчыл. Жалпысынан А. ө-нүн климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы өрөөндүн чыгышында –17,5°С, батышында –14,4°С, июлдуку чыгышында 9,2°С, батышында 15,3°С. Жаан-чачыны чыгышында 346 *мм*, батышында 271 *мм*. Өрөөн аркылуу чыгыштан батышка Кызыл-Суу д. агып өтөт. Ал Алай кырка тоосунан башталган Айлама, Чоң Алайдан башталган Кара-Суу сууларынын кошулушунан түзүлөт. Байыркы мореналардын арасындагы чуңкурларда майда көлдөр көп (Орточукур, Бокачукур, Корумдучукур). Өрөөн жер астындагы сууларга да бай. Агыш күрөң, коңур каралжын, тоо шалбаа, чымдак, аллювий топурагы басымдуу. Физикалык географиялык шартына жараша (түш. тарабынан тоолор м-н курчалып, деңиз деңг. бийик абалы, Памир м-н Теңир-Тоонун чегинде жатышы) Алайдын өсүмдүктөрү да айланасындагы аймактардан өзгөчөлөнүп турат. Өрөөндүн таманынын батышындагы чөл өсүмдүктөрү чыгышты карай талаа, шалбаалуу талаа м-н алмашат. Тоо капталдарына субальп ж-а альп талаасы, шалбаалуу талаа ж-а дүңгөлүү шалбаалуу талаа мүнөздүү. Батыш четинде сейрек арча токою, суу жайылмаларында тал, бака терек, бадал өсүмдүктөрү өсөт. Кыртыш суулары жер бетине жакын жайгашкан аймактарды шалбаалуу саздар ээлейт. А. ө-нүн мал чарбасында мааниси чоң. Анда Ош, Баткен облустарынын малдары жайлайт. Чабынды жерлери да кеңейүүдө. Өрөөн аркылуу Ош— Хорог авт. жолу өтөт.

**Алай–Түркстан провинциясы** — Фергана өрөөнүнүн түш. тарабында жайгашкан; Теңир-Тоо м-н Памир-Алайдын башка табигый аймактарынан кескин айырмаланган тоо-өрөөн-чуңкурчактуу кенен аймак. Ал Алай ж-а Түркстан тоо системаларынан (кеңдик багыттагы алдыңкы жалчалары, тоо этектери ж-а адырлары, тоо арасындагы өрөөндөрү м-н бирге) турат. Аймагы батыштан чыгышка ж-а түн.-чыгышка 550 *км*дей созулат. Жазылыгы 50–60 *км*ден (батышында) 100–125 *км*ге (чыгышында) чейин. Аянты 30 миң *км²*ден ашык. Орографиялык негизин Кырг-ндын эң бийик тоолорунун катарына кирген Түркстан ж-а Алай кырка тоолору түзөт. Алай кырка тоосу Тар (Кара-Дарыянын алабы) ж-а Сох (Сыр-Дарыянын алабы) сууларынын башталыш аралыгында дого сымал ийилип, 400 *км* аралыкка созулат. Анын орт. бийикт. 4500 *м*ге жакын, ал эми 5000 *м*ден ашкан эң бийик жерлери (Тамдыкул чокусу, 5539 *м*) батыш бөлүгүндө жайгашкан. *Түркстан кырка тоосунун* Кырг-ндын аймагындагы бөлүгү *Алай кырка тоосунан* кыска (150 *км*) ж-а жапызыраак (орт. бийикт. 4439 *м*) келет. Экөө тең асимметриялык түзүлүштө: түн. капталдары жазы, тектирлүү, түш. капталдары тик, кыска. Башкы кырка тоолордон түндүктө ж-а аларга жарыш жаткан (рельефи аскалуу ж-а мөңгүнүн аракетинен пайда болгон) 3 бийиктик-геоморфологиялык алкак жайгашкан: алдыңкы бийик кырка тоолор алкагы (бийикт. 2000–5000 *м*, жазылыгы 25–30 *км*), «40-паралелдеги ойдуңдар» алкагы (бийикт. 900–1800 *м*, жазылыгы 10–15 *км*), түздүктөр м-н чектелген жапыз тоо этектери ж-а алдыңкы жалчалар алкагы (бийикт. 1000–3000 *м*, жазылыгы 30–40 *км*). Геол. структурасы жагынан Аймак герцин бүктөлүүсүнө байланыштуу болгон Түш. Теңир-Тоо тектон. облусуна кирет. Морфоструктуралар негизинен тоо этектеринен бийик тоолорго

чейинки тилмеленген рельефти түзгөн палеозойдун ортосунда ж-а аягында пайда болгон, кийин ийилүүгө дуушарланган чөкмө ж-а метаморфизмделген тектерден турат. Түн. тарабындагы алдыңкы жалчалардагы карст кубулуштары м-н жарака-карст суулары акиташ тектеринин жер бетине чыгып жатышына байланыштуу. Интрузия тектери (негизинен гранит-диориттен турган) анча көп эмес (болжол м-н аймактын 10–15%). Алардын ичинен Кичи Алай тоосунда ж-а Алай кырка тоосунун борб. бөлүгүндө рельефтин өтө аскалуу формасын пайда кылган гранит-диориттердин Кыргыз-Ата массиви кыйла орунду ээлейт. Мезозой-кайнозойдун ар түрдүү литологиялык составдагы чөкмө тектери аймактын түн. ж-а түн.-чыгышындагы тоо этектери м-н жапыз тоолуу аймактарды түзүп жатат. Мында рельефке бедленд-чап формасын берип турган түрдүү түстөгү кумдук-чополуу, конгломерат-лёсстуу катмарлар басымдуу. Бул тоо этеги м-н жапыз тоо зонасында катуу сел, орто бийик ж-а бийик тоолордо көчкү, эрозия процесстери жүрөт. Тоолору табигый ресурстарга бай. Юра мезгилинде пайда болгон күрөң көмүр (Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Абшыр, Алмалык ж. б.), палеогендин деңиз чөкмө тектеринин арасында топтолгон мунай (Риштан, Чоңкара, Жаркутан) ж-а газ (Сарыкамыш) кендери казылып алынууда. Түш. Фергана сымаптуу кырчоосундагы сымап м-н сурьманы казып алуу эл чарбасында чоң мааниге ээ. Курулуш материалдары, жер астындагы суу, дары баткактардын келечеги кең. Аймактын тоолуу түш. бөлүгү Түн. Фергана өндүрүнүн ландшафттынан кыйла кургакчылыгы ж-а ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Алай-Түркстан тоо системасынын капталдарынын жылаңачтыгы, өтө тилмелениши, суу жеп кетишинен пайда болгон терең, тар капчыгайлар мүнөздүү. Алай кырка тоосунун орографиялык «көлөкөдө» турган түн. капталдарына жылдык жаан-чачын Фергана тоо тизмегиндегиден 2,5 эсе аз жаайт. Түркстан кырка тоосунун түн. капталында 1700 *м* бийикте жылдык жаан-чачын 200 *мм*ге гана жетет. 1200–1500 *м* бийикте – 120–140 *мм*. Бул туран тибиндеги чөлдүү климат мүнөздүү болгон Фергана өрөөнүнүн таманындагы жаан-чачын м-н бирдей. Булардын бардыгы мында алай-түркстан тибиндеги бийиктик зоналардын пайда болушуна алып келген. Ариддик мүнөздөгү топурак м-н өсүмдүктөрдүн таралышы жылуулукка ж-а нымдуу шарттарына түздөн-түз байланыштуу. Тоо этегиндеги эң жапыз адыр зонасын (1000–1500 *м*) кадимки ж-а күңүрт боз топурактуу жарым чөл (көбүнчө Түркстан кырка тоосунун түн. капталы), боз топурактуу жапыз ж-а күңүрт бозомук күрөң топурактуу орто бийик тоолорду (1300–1500; 2000–2200 *м*) субтропик ландшафтына окшош талаанын ар кандай типтери ээлейт. Мында токой-шалбаалуу талаа зонасы Түн. Фергана өндүрүнө караганда башкачараак. Эгер Фергана, Ат-Ойнок ж-а Чаткал кырка тоолорунда жазы жалбырактуу токой өссө, А.-Т-дын орто бийиктеги тоолорунда ж-а бийик тоолорунун этек бөлүгүндөгү (2000–3400 *м*) күрөң, куба күрөң, тоо шалбаалуу талаа топурактуу жерлерде арча токою, сейрек токой, талаа ж-а шалбаалуу талаанын ар кандай типтери басымдуу. Арчалуу токой тилкесинин ным, топурак сактоо, селге каршы ж-а санитария-гигиеналык мааниси зор. Бул токойлорду корукка айландыруу, коргоо режимин жакшыртуу, жаш токой көчөтүн отургузуу ж-а токой чарба жумуштарын жүзөгө ашыруу зор маанидеги маселелерден болуп эсептелет. Бийик тоолордо (3000 *м*ден жогору) табигый шарттар катаал, дайыма суук, аска-гляциалдык альп тибиндеги рельеф кеңири тараган. Субальп ж-а альп шалбаасы (шалбаалуу талаа ж-а чымдактуу, жапалак арчалуу бийик тоо талаасы кошо кездешет) 3800–4000 *м*ге чейинки жантайыңкы капталдарды ээлейт. Андан жогору түбөлүк тоң, кар, мөңгү ж-а жылаңач аскалуу гляциалдык-нивалдык зона жатат. Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун түн. капталдарындагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 872,2 *км*$^2$; тоо этегиндеги түздүктөр м-н тоо арасындагы чуңкурчактарды ж-а тоо этегиндеги адырлар м-н жапыз ж-а орто бийиктеги тоолордогу дарыя өрөөндөрүнүн жайылма-тектирлеринин негизинен сугат ж-а кайрак жерлер ээлейт, жайыт катары да пайдаланылат. Мында калктуу жайлар, ө. ж. борборлору, ирригация системалары жайгашкан. Орто ж-а бийик тоолордогу талаа ж-а шалбаа ландшафттары жайыт (көбүнчө жайкы ж-а кышкы) үчүн пайдаланылат. А.-Т. үч округга бөлүнөт: Түркстан кырка тоосу, Алай кырка тоосунун этектери ж-а Негизги Алай кырка тоосу.

**Борбордук Теңир-Тоо провинциясы** – орографиялык жактан туюк, тоо-өрөөндүү табигый комплекс. Түштүгүнөн Какшаал тоо тизмеги, түндүгүнөн Тескей Ала-Тоо, батышынан Ак-Шыйрак, чыгышынан Меридиан кырка тоолору м-н чектешет. Б. Т. Кыргыз Респ-нын ж-а Теңир-Тоо тоо системасынын эң бийик бөлүгү; чыгышында Кантоо (6995 *м*) ж-а Жеңиш (7439 *м*) чокулары жайгашкан; эң жапыз жери (2000 *м*) Кытайдын чек арасына жакын Сары-Жаз д-нын өрөөнүндө. Регион Борб. Теңир-Тоо орографиялык аймагына туура келип, бүт аймагы Сары-Жаз д-нын алабында жатат. Аянты 12900 $км^2$. Сырт рельефтүү, тоо өрөөндүү Борб. Теңир-Тоо салыштырмалуу өтө тилмеленген, кеңдикке жакын багытта созулган кырка тоолордун системасынан турат. Ал тоолор Кантеңир тоо тоомунан түш.-батышка салааланып тарайт. Алардын ичинде бийикт. 5000–6000 *м* келген Сары-Жаз, Эңилчек, Кайыңды, Көөлү, Теректи ж. б. кырка тоолор бар. Бардык кырка тоолор бири биринен кууш, терең тилмеленген, узата кеткен өрөөндөр м-н бөлүнөт. Бүткүл Борб. Теңир-Тоону Сары-Жаз д. түндүктөн түштүктү карай каньон сымал капчыгай аркылуу кесип өтөт да, аны кескин айырмаланган эки бөлүккө бөлөт: батыш (Көөлү – Ак-Шыйрак) ж-а чыгыш (Сары-Жаз). Жалпы регионго эрозиялык терең капчыгайлар, тепши сымал ж-а туурасынан кеткен өрөөндөр, өтө тилмеленген бийик тоо рельефи, арсак-терсек кырлар, учтуу чокулар, төрлөр ж. б. мөңгүнүн таасиринен пайда болгон рельеф формалары мүнөздүү. Мында байыркы денудациялык түздүктөр сейрек кездешет. Морфоструктуралык түзүлүшүндө палеозойдун (ордовиктен карбонго чейинки) чөкмө ж-а метаморфизмделген тектери негизги орунду ээлейт. Провинциянын ортоңку Теңир-Тоого кирген түн. бөлүгүндө протерозойдо ж-а палеозойдун башталышы м-н аягында пайда болгон метаморфизмделген чөкмө тектер басымдуу. Аларды интрузия тектери жиреп чыккан. Карбонаттуу тоо тектер – акиташ тектүү сланец, акиташ теги, мрамор, доломит ж. б. кеңири таралган. Чуңкурчактар м-н өрөөндөр палеоген-неоген мезгилдеринде пайда болгон борпоң континенттик чөкмөлөрдөн (конгломераттын, кумдуктун, чопонун, аргиллиттин кызыл түстүү катмарлары) ж-а антропогендин мөңгү, аллювий чөкмөлөрүнөн турат.

Климаты континенттик, катаал. Ага темп-ранын жылдык ж-а суткалык амплитудасынын чоңдугу, абанын кургактыгы, жог. интенсивдүү күн радиациясы (жылына 3000 саатка жакын күн тиет, бул Ысык-Көлдүн курорт зонасындагыдан кыйла көптүк кылат) мүнөздүү. Жылдык жаан-чачыны өрөөндөрдө 200–300 *мм*, тоо капталдарында 300–400 *мм*, гляциалдык-нивалдык зонада 900–1000 *мм*. Алардын 90 %ке жакыны жылдын жылуу мезгилине туура келет. Бууланууунун 2800 *м* бийиктиктеги өлчөмү жаан-чачындыкынан 3–5 эсе көп. Июлдун орт. темп-расы 4–11°С, январдыкы –13°... –17°С. Кар аз жаагандыктан кышкы жайыт катары пайдаланууга ыңгайлуу. Борб. Теңир-Тоо – азыркы кездеги муз каптоонун ири аймагы, андагы мөңгүнүн аянты 2608 $км^2$ (Сары-Жаздын алабынын аянтынын 24%ин ээлейт). Бул жерде Теңир-Тоонун эң ири– Эңилчек (түш.) мөңгүсү жайгашкан, анын уз. 59 *км*, аянты 613 $км^2$. Мөңгүлүү жерлери: Кантеңир тоо тоому, Ак-Шыйрак массиви ж-а Тескей Ала-Тоонун түш. капталы. Кар чеги 4200–4450 *м* бийиктиктерде жатат. Борб. Теңир-Тоо суу тармактарына бай, алар респ-дагы эң ири дарыялардын бири – Сары-Жаздын алабына кирет. Суусунун молдугу (140 $м^3/сек$) б-ча ал респ-да 2-орунда (Нарындан кийин). Дарыялары мөңгү-кар ж-а кар-мөңгү сууларынан куралат.

Борб. Теңир-Тоо ландшафттында бийиктик алкактуулук структурасы даана байкалат. Төмөндөн жогору карай чөл, кургак талаа, талаа, токой, шалбаалуу талаа, субальп, альп, тундра, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактарына ажырайт. Тоолуу күрөң чөл топурактуу тектирлерди, конус шилендилерин ж-а тоо капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүн (2000–3000 *м*) шыбак, баялыштуу чөл ээлейт. Борб. Азия тибиндеги талаа (бетеге-птилагростистүү) ж-а кургак талаа (дан өсүмдүк-шыбактуу, дан өсүмдүктүү) көп кездешет. Токой-шалбаалуу талаа тилкеси 2700–3200 *м* бийикте жайгашкан, бирок аймак б-ча таралган эмес. Токойдо ийне жалбырактуулардан шренк карагайы, жазы жалбырактуулардан кайың (сейрек) өсөт. Аймактын кургакчылыгына байланыштуу андагы карагайлуу токой ксерофиттик мүнөздө. Талаа, шалбаалуу талаа, субальп, альп ландшафттары малга жайыт катары пайдаланылат. Кенге ж-а суу ресурстарына бай. Борбордук Теңир-Тоо — Көөлү-Ак-Шыйрак, Сары-Жаз округдарына бөлүнөт.

**Ички Теңир-Тоо провинциясы** – түндүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосу, түштүгүнөн Какшаал тоо тизмеги, чыгышынан Сары-Жаз, Нарын дарыяларынын суу бөлгүчү, батышынан Фергана кырка тоосу м-н чектелген кеңири аймак; татаал орографиялык түзүлүштө тизмектешкен кырка тоолор, тоо аралык узата созулган ойдуңдар, өрөөндөр м-н алмашып жайгашышат. Деңиз деңг. орт. бийикт. 3100 *м,* аянты 50 миң *км²*ден ашык, анын 92%ке жакыны Нарын д-нын алабында жайгашкан. Рельефине бийик ж-а өтө тилмеленген ар түрдүү формалары бар кырка тоолор, татаал түзүлүштөгү тоо аралык ойдуңдар м-н өрөөндөр мүнөздүү. Булардын көбү кеңдик ж-а ага жакын багытта созулуп жатат. Кырка тоолор 4000–4500 *м*ге чейин көтөрүлүү м-н айрым бөлүктөрүндө дого сымал ийилип, бири-бири м-н туташып, жүздөгөн *км*ге созулат. Бул тоо системаларга түндүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосу, андан түштүгүрөөктө Тескей Ала-Тоосунун батыш уландысы Үкөк, Карагатты, Бабата тоолору, Жумгал, Суусамыр кырка тоолору, андан түштүгүрөөктө Жетимбел, Капкаташ, Байдулу, Соңкөл, Кабак кырка тоолору, Суусамыр кырка тоосунун түш.-чыгыш айрыгына барып такалат. Алардан түштүктө Нарын д-нын оң жээгин бойлой Жетимтоо, Нура, Молдотоо, Көгирим тоо кыркалары чыгыштан батышка созулуп, батышта Фергана тоо тизмегине барып такалат. Андан түштүгүрөөктө Нарынтоо, Жамандаван, дагы түштүгүрөөктө Борколдой, Ат-Башы, Арпа тоолору, чыгышта Ак-Шыйрак кырка тоосуна барып такалат. Эң түштүгүндө Какшаал тоо тизмеги аймактын түш. чеги болуп, түш.-батыш багытта 400 *км*ге созулат. Тоо аралык ойдуңдар м-н өрөөндөр тоолорго караганда төмөнкү гипсометриялык деңгээлде (1000–3000 *м*) жатат. Алар бирибиринен обочо кырка тоолор м-н бөлүнүп, формасы ж-а узун-туурасы ар түрдүү (уз. 30–40 *км*ден 150–170 *км*ге чейин). Булардын эң ирилери – Орто Нарын, Кочкор, Кетмен-Төбө, Суусамыр өрөөндөрү. И. Т. аймагынын рельефине бийик тоолуу сырт мейкиндиктери (2800–3200 *м*) да мүнөздүү. Аларга байыркы денудациялык тегиздиктер – бөксө тоолор, өрөөн м-н чуңкурчактардын тамандары (Балгарт, Кара-Каман, Орто-Сырт, Солтон-Сары, Соңкөл, Суусамыр, Ак-Сай, Арпа сырттары) кирет. Сырттардагы басымдуулук кылган талаа (айрыкча бетегелүү талаа) м-н субальп ж-а альп шалбаалуу талаалар жайыт катары пайдаланылат. Аймак геол. түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү б-ча тектон. 2 облуска – Түн. Теңир-Тоого (түн. бөлүгү төмөнкү палеозойдо каледон тектон. циклинде калыптанган) ж-а Ортоңку Теңир-Тоого (түш. бөлүгү палеозойдун аягында герцин тектон. циклинин натыйжасында калыптанган) кирет. Түн. Теңир-Тоонун тоолору негизинен палеозойдон мурунку ж-а төмөнкү палеозойлук кыйла метаморфизмделген тоо тектерден турат. Ортоңку Теңир-Тоонун тоолору негизинен ортоңку палеозойдогу деңиз чөгүндүлөрүнөн, ал эми аймактын өрөөндөрү палеоген-неогендин начар камдашкан континенттик, континенттик-деңиздик (туз-гипстүү формациялары м-н) калың (3000–4500 *м*) катмарынан ж-а төртүнчүлүк мезгилдин түрдүү генезистик типтеги борпоң тектеринен турат. Палеоген-неогендин ж-а төртүнчүлүк мезгилдин тоо тектери тоо этегиндеги адырлардын өтө тилмеленген чаптуу рельефин түзөт. Андай адырлуу-чаптуу рельеф Ички Теңир-Тоодогу тоо аралык ойдуңдардын чет-жакаларына өтө мүнөздүү. Климаты жалпысынан континенттик ж-а кескин континенттик; кургакчыл, жылуулук м-н нымдын таралышында чоң айырмачылыктар бар. Суук мезгили бир кыйла узак болот. 1500 *м*ден 2200 *м*ге (2300 *м*) чейинки бийиктикте жайгашкан тоолуу өрөөндөрдүн жайы мелүүн жылуу (июлдун орт. темп-расы 19–16°С), активдүү темп-ралуу мезгилдин (10°Сден жогору) узактыгы 130–167 күн. Мында жаздык эгин, жашылча, тоют өсүмдүктөрүн, картошка ж-а мөмө-жемиштин суукка чыдамдуу сортторун өстүрүүгө болот. Бирок жылуу жерде өсүүчү өсүмдүктөр үчүн жаздын аягында ж-а күзгө жуук болуучу үшүк өтө коркунучтуу. 2200 *м*ден жогору жаткан өрөөндөрдүн жайы мелүүн жылуу же салкын, жылуулук ресурстары дыйканчылык үчүн жетишсиз. Төмөнкү гипсометриялык абалды ээлеген Кетмен-Төбө (800–1800 *м*) ж-а Тогуз-Торо (1200–1800 *м*) өрөөндөрүнүн жылуулук шарттары өтө ыңгайлуу. Мында июлдун орт. темп-расы 21–22°С, активдүү темп-ралуу мезгили 150–190 күн. Бул мезгилде жылуу жерде өсүүчү а. ч. өсүмдүктөрү бышып жетилет. Тоо өрөөндөрү м-н бийик ойдуңдарда кышы суук (январдын орт. темп-расы – 10°Сге чейин) ж-а узак, кышкысын дайыма жука кар жатат (Кочкор, Каракужур өрөөндөрүнөн башкасында). Тоо капталдары м-н сырт өрөөндөрүндө жайы салкын (10–5°С), кышы ызгаардуу. Ички Теңир-Тоонун түндүгүндөгү (Кочкор, Жумгал) ж-а түштүгүндөгү (Орто

Нарын, Ат-Башы) өрөөндөрдө жаан-чачын аз (200–300 *мм*) түшөт. Калган жерлерде жаан-чачын батыштан чыгышка карай 400–500 *мм*ден 300–400 *мм*ге чейин азаят. Тоолордун батышты караган капталдарына да 400–500 *мм* жаан-чачын түшөт; көбү жылдын жылуу мезгилине туура келет.

Региондун суу ресурстары өтө тармактанып, дээрлик Нарын д-нын алабына кирет (Жогорку Чүй м-н Ак-Сайдан башкасы). Анын системасына тоо тибиндеги ар кандай өлчөмдөгү жүздөгөн агын суулар тиешелүү. Негизинен мөңгү-кар сууларынан куралат. Дарыяларда суунун молдуулугу бирдей эмес. Агын сууларынын модулу 2,0ден 16,0 *л/сек•км*$^2$ге чейин. Нарын д-нын орт. чыгымы (Нарын ш. тушта) 90 *м*$^3$*/сек*, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн чыга бериште 382 *м*$^3$*/сек.* Суулары энергияга өтө бай. Дарыя агымын жөнгө салуу ж-а ирригация м-н энергетикада пайдаланууну жакшыртуу максатында Нарын д-на сыйымдуулугу 19,5 млрд *м*$^3$ болгон *Токтогул суу сактагычы* курулган. Нарын д-нын алабында 18 ири ГЭС куруу долбоорлонуп, алардын бешөө ишке киргизилген (2003).

Ички Теңир-Тоонун ландшафты ар түрдүү келип, бийиктик алкактуулукка ылайык өзгөрөт. Жапыз ж-а орто бийиктиктерде жайгашкан ойдуңдарда ж-а өрөөндөрдө (1200–2500 *м)* ачык күрөң топурактуу чөл ж-а жарым чөл басымдуу. Каптал өйдө (1800–2200 *м*) кургак талаа тилкеси бетегелүү талаа, шалбаалуу талаа, түркүн чөптүү субальп ж-а альп шалбаалары м-н алмашылат. Алар орто бийик ж-а бийик тоолордо басымдуу. Токой-шалбаалуу алкагы Ички Теңир-Тоонун аймагында бирдей таралган эмес, тоолордо токой аз (2,7%). Теңир-Тоо карагайлуу токою тоолордун түн. ж-а батыш капталдарында, жаан-чачын мол жааган кырка тоолордо 1800 *м*ден 3000 *м*ге чейинки бийиктиктеги кырка тоолордо кездешет. Региондун эң батышындагы (Ат-Ойнок, Узунакмат тоолору, Суусамыр кырка тоосунун түш. капталы) токой-шалбаалуу талаа алкагы Теңир-Тоо карагайы, Семёнов көк карагайы, арча, жаңгак, алма ж. б.) Түш.-Батыш Теңир-Тоонун ландшафтына окшош. Бадалдар м-н түркстан жапалак арчасы кеңири таралган. Кырг-ндагы жапалак арча өскөн аянттын теңинен көбү Ички Теңир-Тоонун бийик тоолоруна (3000 *м*ден жогору) туура келет. Бийик тоолордо аска, корум, эшилмелер, кар мөңгүлүү тепши сымал өрөөн м-н төр ж. б. гляциалдык рельефтин формалары кыйла аянтты ээлейт. Кар чегинен төмөнкү катаал климаттык шарттарда альп көк өтөктөрү, сулу-бетеге-эңилчектүү ж-а доңуз сырты-мамык чөп-эңилчектүү тундра участкалары суукка байымдуу жаздык сымал өсүмдүктөр өскөн субнивалдык тилке кездешет. Табигый ресурстардын ичинен жайыттын мааниси чоң. Анын базасында уяң ж-а чала уяң жүндүү кой (мал чарбасынын негизги тармагы), уй ж-а жылкы чарбалары өнүккөн. Суу ж-а кен байлыктары (күрөң көмүр, темир рудасы, хим. сырьё ж. б.) толук өздөштүрүлө элек. Провинция 6 физ.-геогр. округга бөлүнөт: Суусамыр, Кетмен-Төбө, Кочкор-Жумгал, Соңкөл –,Кичи Нарын, Орто Нарын ж-а Ат-Башы – Кара-Коюн.

**Түндүк Теңир-Тоо провинциясы** – Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталын, Талас, Чоң ж-а Кичи Кемин өрөөндөрүн ж-а аларды курчаган тоо беттерин камтыйт. Кеңдик багытта 500 *км*ге созулуп, туурасы 40–60 *км*ге жетет. Аянты 21,3 миң *км*$^2$. Түн. геотектоникалык облусунда жайгашып, ар кайсы мезгилдерде пайда болгон магма интрузиялары жиреп чыккан протерозой м-н палеозойдун башталышындагы чөкмө ж-а метаморфизмделген тоо тектеринен турат. Түздүктөр м-н тоо этектерин неоген м-н антропогендин борпоң чөкмө тектери каптап жатат. Рельефинде «ала тоо» тибиндеги тоолор басымдуу. Алардын чокулары м-н тепши сымал өрөөндөрүндө дайыма кар ж-а мөңгү жатат. Кырка тоолордун түн. капталдары узун, эрозиялык терең капчыгайлар көп. Алардын ортоңку бөлүктөрүндө (2500–3000 *м* бийиктикте) жаан-чачын арбын жаайт. Мында ийне жалбырактуу токой, карагай ж-а арча кездешкен токой-шалбаалуу талаа алкагы жайгашкан. Бул алкак Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүнө, Күнгөй Ала-Тоонун түн. капталына, Талас Ала-Тоосу м-н Кемин тоолорунун айрым жерлерине мүнөздүү. Орто бийик тоолуу зоналардагы түрдүү типтеги тоолуу талаа м-н шалбаа (Көкойрок, Каракол ж.б.), жапыз тоолордогу кургак талаа м-н жарым чөлдөр жайыт ж-а чөп чабынды катары пайдаланылып, мал чарбасында мааниси зор. Провинциянын ачык боз, ачык коңур топурактуу, шыбак-эфемерлүү жарым чөлдүү түздүктөрү м-н тоо этектериндеги төмөнкү зонасын (1500 *м* бийиктикке чейин; Талас, Чүй, Кемин өрөөндөрү, кырка тоолордун этектери) сугат ж-а кайрак жерлер ээлейт. Мында тамеки (Талас өрөөнү), жүзүм, дан эгиндери,

жашылча-жемиш, тоют өсүмдүктөрү эгилет. Регион рекреациялык ресурстарга өтө бай. Минералдуу ж-а жылуу суу булактары (Ысык-Ата, Жылуусуу, Жар-Таш ж.б.) чыккан жерлер, гляциалдык ж-а көл комплекстери кошо кездешкен уникалдуу тоо ландшафты, рельефтин түрдүү формалары м-н типтери, ийне жалбырактуу, арча ж-а тугай токойлору (Ала-Арча, Беш-Таш, Кегети, Кемин, Талас, Шамшы ж. б.) сыяктуу табигый комплекстерин корукка алууну ж-а сарамжалдуулук м-н пайдаланууну талап кылат.

Т. Т. 3 округга бөлүнөт: Талас, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталы ж-а Кемин. Т а л а с о к р у г у н а Талас өрөөнү, Талас суусун бойлото кеткен жапыз кырка тоолор, Талас ж-а Кыргыз Ала-Тоолорунун тоо аралык өрөөндү караган капталдары кирет. Бул тоо-өрөөндүү табигый комплекстин борб. бөлүгүн неоген-палеоген м-н антропогендин чөкмө тектеринин калың катмарынан турган *Талас өрөөнү* ээлейт. Анын таманы 800 *м*ден (батышында) 1700 *м*ге (чыгышында) чейинки бийиктикте жатат. Өрөөндүн рельефи түздүктүү, дөбө-дөңсөөлүү, тилмеленген. Климаты континенттик, кургак. Жылдык жаан-чачыны 200–400 *мм*. Өрөөндүн күңүрт боз ж-а бозомук коңур топурактуу шыбак-эфемердүү жарым чөлү м-н шыбак-туланкдуу талаасын дан эгин (бардык айдоо аянтынын 50%тен көбүрөөгү), тоют (айдоо аянтынын $^1/_3$ине жакыны), тех. (тамеки), жашылча-жемиш ж. б. а. ч. өсүмдүктөрү ээлейт. Өрөөн Талас суусу ж-а анын көптөгөн куймалары, каналдар м-н сугарылат. Талас суусунун жылдык орт. чыгымы 26 *м³/сек*. Анда ири суу с. курулган. Суу бойлой тугай өсөт. Талас Ала-Тоосунда тоолуу талаа м-н шалбаалуу талаа ландшафттарынын түрдүү типтери бар; жайыт катары пайдаланылат. Карагай, көк карагайлуу токой өсөт, арча сейрек кездешет. Нивалдык-гляциалдык зона 3400–3600 *м*ден жогору жайгашкан. Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталдарында ж-а Талас суусун бойлото кеткен жапыз тоолордо негизинен каксоо ландшафттар (таш-шагылдуу, бадалдуу чөл, кургак талаа ж-а тоо беттериндеги жапалак арчалуу жерлер, жылаңач аскалар, шагылдар) басымдуу. Талаа ландшафты м-н чөлдүн бир бөлүгү жазгы ж-а кышкы жайыт катары пайдаланылат. К ы р г ы з  А л а т о о с у н у н  т ү н.  к а п т а л ы  о к р у г у провинциянын борб. бөлүгүн (Ашмара м-н Чүй сууларынын аралыгын) ээлейт. Кыргыз Ала-Тоосу–кембрийге чейинки мегилдеги байыркы ж-а палеозойдун башталышындагы магма ж-а метаморфизмделген тоо тектерден түзүлгөн ири антиклинорий. Чүй өрөөнүнүн таманынан 3–3,5 *км*ге көтөрүлөт (Аламүдүн чокусу, 4895 *м*). Кырка тоонун уз. 450 *км*, асимметриялык түзүлүштө. Анын түн. капталдары узун (жазылыгы 30–40 *км*), тектирлүү, кууш ж-а терең капчыгайлары көп. Тоо этегинде жарыш жапыз дөңсөөлөрдүн (1200–1000 *м*) зонасы жайгашкан. Алар анча чоң эмес өрөөндөрдүн системасы м-н бөлүнгөн. Тоолордун климаты бийиктик алкактуулукка байланыштуу. Орто бийик тоо зоналарына жаан-чачын арбын (580–760 *мм*) жаайт. Кыргыз Ала-Тоосу табигый ресурстарга бай. Сууларынын жалпы чыгымы 88,5 *м³/сек*; Чүй өрөөнүн сугарууда алардын мааниси чоң. Тоолордо татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 1400дөн ашуун түрү кездешет. Тоо этегиндеги жапыз тоолуу талаа зонасынан (1000–1100 *м*ден 1600–1800 *м*ге чейин) тартып, бийик тоолуу альп шалбаасы жаткан алкакка чейинки (3000–3300 *м*ге чейин) бардык бийиктик зоналарда жайыт ж-а чабынды жерлер бар. Шалбаа, карагай-арчалуу токой, шалбаалуу талаа ж-а талаа жайгашкан орто бийиктиктеги тоо алкагынын ным сактоодо ж-а рекреацияда мааниси чоң. Нивалдык-гляциалдык зонада (3600 *м*ден жогорку) нымдын тоң абалдагы запасы мол (фирн талаалары м-н мөңгүлөрдүн аянты 470 *км²*). Минералдуу ж-а жылуу суу булактары эл чарбасында ж-а дарылоо-ден соолукту чыңдоо максатында пайдаланылат. Ири ө. ж. борборлоруна жакын жайгашкан, жагымдуу табигый шарттары (жайы мелүүн-жылуу, кышы жумшак, дайыма кар жаткан, рельефтин түрдүү типтери, уникалдуу табигый комплекстери) бар Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталы келечекте курорттук-рекреациялык жактан өздөштүрүүгө ыңгайлуу. Провинциянын чыгыш бөлүгүндө К е м и н  т о о - ө р ө ө н д ү ү  к о м п л е к с и (о к р у г у) жайгашкан. Буга *Чоң Кемин өрөөнү, Кичи Кемин өрөөнү* ж-а Күнгөй, Иле Ала-Тоолорунун ал өрөөндөрдү курчап турган, түш.-батышты карай созулган тармактары кирет. Аймактын борб. бөлүгүндө терең капчыгай аркылуу Чоң Кемин суусу ж-а анын көптөгөн куймалары агат. Анын жылдык орт. чыгымы (21,7 *м³/сек*), агымынын модулу (11,5 *м³/сек км²*) суу чогултуучу аянтынын кыйла нымдуулугун (жылдык жаан-чачыны 400–700 *мм*) айгинелейт. Тоолуу бөлүгүндө талаа, токой-шалбаалуу талаа ж-а

шалбаалуу талаа басымдуу; алар мал чарбасында жайыт катары пайдаланылат. Түздүктөр м-н тоо этегиндеги кургакчыл талаа зонасын сугат ж-а кайрак жерлер ээлейт.

**Түштүк-Батыш Теңир-Тоо провинциясы** – Талас Ала-Тоосунун, Чаткалдын, Ат-Ойноктун ж-а Фергана тоо тизмегинин Фергана өрөөнүнө караган капталдарын, Чаткал суусунун алабын камтыган бүткүл Түн. Фергана өндүрүн ээлейт. Аянты 26 миң *км²*. Орографиялык негизин Талас – Фергана жаракасын бойлой түш.-чыгыштан түн.-батышка 350 *км*ге созулган Фергана, Ат-Ойнок кырка тоолору ж-а Талас Ала-Тоосу түзөт. Тоо кыркалары 3500–4000 *м*ге чейин көтөрүлөт. Эң бийик жери Фергана тоо тизмегинин түш.-чыгышындагы Үчсейит чокусунда 4940 *м*ге жетет. Аталган морфоструктуралар асимметриялык түзүлүштө. Фергана ж-а Ат-Ойнок кырка тоолорунун түш.-батыш капталдары жазы келет. Талас Ала-Тоосунан түш.-батышка ири тоо тармактары – Чаткал-Курама тоо системасы созулуп жатат. Ал тоолор Фергана өрөөнүн түн.-батышы м-н батышынан курчап, тоскоол болуп турушунан провинциянын ландшафты башкалардыкынан айрымаланат. Бардык орографиялык элементтери түш.-батышка, Фергана өрөөнүнүн борбору тарапка жапыздайт. Башкы морфоструктуралык тоолордон таралган көптөгөн кырка тоолор м-н өрөөндөр бири-бирине жарыш созулуп, провинциянын татаал рельефин түзөт. Бийик аскалуу, өтө тилмеленген рельеф башкы тоолорго, о. эле андан тармакталып кеткен каптал тоолорго да мүнөздүү (Бабаш-Ата, Чандалаш, Акташ, Согонташ ж. б.). Мында ж-а орто бийик тоо зоналарында массивдүү, жылмаланган тектон.-денудациялык кумпа сымал чокулуу тоолор (Чаткал, Бозбу-Тоо, Кеңкол-Тоо, Каду, Зындан, Серүүн-Дөбө ж. б.) өрөөндөр жайгашкан. Алар чополуу ж-а кремнийлүү сланецтерден, кумдуктардан, чанда магма ж-а метаморфизмделген тектерден турат. Кырка тоолордун чет-жакаларында (5100–2000 *м* бийикте) юра, бор, андан кийинки мезгилде пайда болгон кумдук конгломерат акиташ чөкмө тектеринен турган өтө тилмеленген жалча дөңсөөлүү рельеф же түрдүү түзүлүштөгү жапыз тоолор (Авлетим ж-а Кара-Суу сууларынын ортосундагы жалчалар, Бабаш-Ата м-н Ала-Тоонун этектериндеги, Көгарт суусунун оң куймаларынын алабындагы жапыз тоолор) жайгашкан. Провинциянын эң жапыз бөлүгүн (1000–1500 *м*) рельефтин тектон.-денудациялык-аккумуляциялык ж-а тектон.-аккумуляциялык типтери ээлейт. Мында тыгыз тектерден турган чөлдүү жапыз тоолор–жалча-адырлуу дөңсөөлөр, о. эле антропогенде пайда болгон мергель-конгломераттан турган ж-а лёсстуу чопо катмары каптап жаткан дөңсөөлүү тоо этектери, адырлар бар. Алардын ортосунда жайылма-тектирлүү тоо аралык өрөөндөр, антропогендин лёсс-шагыл таштуу шилендисинен, соңку аллювий-пролювий чөкмөлөрүнөн турган тоо этегиндеги түздүктөр жайгашкан.

Провинциянын климаттык шарттары бүткүл Фергана өндүрүнө мүнөздүү жалпы факторлорго (геогр., радиациялык ж-а циркуляциялык) байланыштуу. Бирок тоолордун орографиялык түзүлүшү арктикалык ж-а континенттик суук аба массаларынын таасирин басаңдатууга шарт түзөт. Бийик кырка тоолор жылдын жылуу мезгилинде Орто Азия м-н Борб. Азиянын ысык чөлдөрүнүн табиятка тийгизген зыяндуу таасирин азайтат. Бирок, Ысар-Алай ж-а Чаткал-Курама тоолорунун тоскоол болуп турушуна карабастан батыштан соккон нымдуу аба массалары Чыгыш ж-а Түн. Ферганага (түш.-батыш м-н түн.-батыштан) жетип турат. Ошондуктан мында ландшафт зоналарынын ар түрдүү болушуна ыңгайлуу шарт түзүлөт. Жердин бийиктигине, тоо капталдарынын экспозициясына, рельефтин өзгөчөлүгүнө жараша жайы ысык, жылуу, салкын же суук болушу мүмкүн. Июлдун орт. темп-расы тоо этектеринде 25–22°С, жапыз тоолордо 22–15°С, орто бийик тоолордо 15–10°С, бийик тоолордо 10–5°С. Жайдын биринчи жарымы ж-а күз айлары кургакчыл келет. Кышы негизинен мелүүн суук; январдын орт. темп-расы –3°Сден –15°Сге чейин. Эң төмөнкү темп-ра муздак аба көпкө туруп калган бийик тоо өрөөндөрүндө (Тар өрөөнүндөгү Кызыл-Жарда –40,9°С, Чаткалда –39,8°С, ал эми Ошто –25,9°С, Кербенде 1280 *м* бийиктикте –26,1°С) байкалат. Темп-ралык инверциянын (абанын тоолордо өрөөндөргө караганда жылуураак болушу) негизинде ушундай эле кубулуш кышкысын Фергана өрөөнүндө да байкалат. Атмосфералык жаан-чачындын таралышы бийиктик алкактуулукка ж-а капталдардын экспозициясына (нымдуу абанын багытына карата болгон абалына) байланыштуу. Жаан-чачындын эң көбү Орто Азиянын башка аймактарындагыдай эле тоолордун айдарым беттерине туура келет.

Фергана, Ат-Ойнок кырка тоолорунун ж-а Талас Ала-Тоосунун түш.-батыш капталдарында жаан-чачын жылына 500–900 *мм* ж-а андан да көп түшөт. Мелүүн ж-а нымдуу жер ортолук деңиздик типтеги климат мүнөздүү болгон токой-шалбаалуу талаа алкагынын жылдык жаан-чачыны 500–1000 *мм*. Анын 50% вегетация мезгилине туура келет. Орографиялык «көлөкөдө» турган Чаткал тоо системаларынын жаан-чачыны аз (400–500 *мм*), ал эми Чаткал кырка тоосунун түш.-батыш капталдарында тоо арасындагы өрөөндөрдөгүдөй эле жаан-чачын андан да аз (300–400 *мм*) түшөт. Жылдык жаан-чачындын эң көбү, б. а. 60 %и кыш-жаз мезгилине, эң азы август-сентябрь айларына туура келет. Көбүнчө жамгыр түрүндө жаайт. Тоолордо (2500–3000 *м*ден жогору) кар бир кыйла арбын түшөт. Кардын калыңдыгы 20–25 *см*ден (тоо этеги м-н адырларда) 90–100 *см*ге (бийик тоолордо) жетет. Фергана тоо тизмегинин кыр зонасында кардын калыңдыгы 150 *см*ге жакын. Провинциянын климаттык шарттары түрдүү табигый өсүмдүктөрдүн (жаңгак, алма, алча ж. б.) ж-а а. ч. өсүмдүктөрүнүн өсүшүнө ыңгайлуу. Дыйканчылык 2600 *м* бийиктикке чейин өнүккөн.

Түн. Фергана өндүрү суу тармактарынын жыштыгы ж-а алардагы суулардын молдуулугу м-н (айрыкча Фергана тоо тизмегинен башталган суулар) айырмаланат. Сууларынын жылдык орт. чыгымы: Чаткалдыкы 88,8 $м^3/сек$, Тардыкы 45,4 $м^3/сек$, Кара-Суунуку (оң) 39,6 $м^3/сек$, Жазыныкы 34,8 $м^3/сек$, Карүңкүрдүкү 28,7 $м^3/сек$. Агымынын орт. модулу 5,0–30,0 $л/сек \cdot км^2$. Чаткал – Фергана гидрогеологиялык аймагына таандык болгон жер астындагы суулардын запасы да көп. Тоолордо алар негизинен жаракачаларда кезигет, тузсуз; тоо этектери м-н тоо аралык өрөөндөрдө жер бетинен 200 *м* тереңдикке чейинки тоо тектердин көңдөйчөлөрү м-н кабатчаларында топтолгон. Артезиан бассейндеринин ичинен каптал тибиндеги Сөөк, тоо аралык Чаткал ж. б. суу ресурстары мол.

Провинциянын эң нымдуу бөлүгүнүн (Фергана ж-а Ат-Ойнок кырка тоолорунун түш.-батыш капталдары) ландшафты төмөнкү бийиктик алкактуулук стуктурасына бөлүнөт: күңүрт боз ж-а боз күрөң, агыш топурактуу сейрек токойлуу талаа, бийик адырдагы ж-а жапыз тоолордогу эфемерлүү талаа ж-а шалбаа зонасы (900–1100–1300 *м*); жалчалуу жапыз тоолор м-н орто бийиктеги тоолордогу токой-шалбаалуу талаа зонасы (1100–1300–2500–2800 *м*) 2 алкакка бөлүнөт (төмөнкү алкагында кара күрөң тоо токой топурагында жаңгак, акчечек, алма, алчадан турган токой өсөт; шалбаалуу талаада күрөң тоо топурагы таралган; жогорку алкагында акчечек, карагай ж-а ак карагайлуу токой, түркүн чөптүү-дан өсүмдүктүү шалбаа жайгашкан). Тоолуу шалбаа зонасы бадал-шалбаалуу субальп ж-а шалбаа-жаздык сымал өсүдүктүү альп алкактарынан турат; андан бийик гляциялдык-нивалдык зона жатат. Тоо өрөөндүү Чаткал геокомплексинин ландшафты кургакчыл келет. Анын түн.-батыш капталы 5 бийиктик алкакка–кургак талаалуу тоо этеги, дан өсүмдүк-түркүн чөптүү орто бийик тоолуу талаа (ири чатырдуулар да кездешет), бийик тоолуу субальп шалбаалуу талаасы, бийик тоолуу альп шалбаасы ж-а гляциялдык-нивалдык тилкеге бөлүнөт. Ал эми Фергана тоо тизмегинин ушул эле багытта жаткан капталы 7 бийиктик алкактан турат. Табигый ресурстарынын ичинен жер ресурстары: эң адырлуу зонадагы түздүктөрдү, жантайыңкы капталдарын ж-а дарыя өрөөндөрүн калктуу жайлар, сугат ж-а кайрак жерлер (дан, жашылча, тамеки, багбанчылык, жүзүм ж. б.) ээлейт. Орто бийик ж-а бийик тоолордогу көп аянттар жайыт катары пайдаланылат. Мунай, газ, таш көмүрдүн ж-а руда кендеринин негизинде ири ө. ж. комплекстери (Көк-Жаңгак, Сумсар, Терек-Сай ж. б.) түзүлгөн. Төмөнкү Нарында кубаттуу ГЭСтер курулууда. Өзгөн таш көмүр бассейни, жер алдындагы суу ресурстары (минералдуу ж. б.), жаңгак-мөмө токойлору ж. б. келечекте өздөштүрүүгө ыңгайлуу. Т.-Б. Т. үч округга бөлүнөт: Чаткал, Чаткал–Ат-Ойнок, Фергана.

**Ысык-Көл провинциясы** — Кырг-ндын түн.-чыгышында; негизинен Ысык-Көл бийик тоо ойдуңу түзөт. Ал түндүгүнөн Күнгөй (эң бийик жери Чоктал чокусу, 4771 *м*), түштүгүнөн Тескей (Каракол чокусу 5216 *м*) Ала-Тоолору м-н чектешет. Таманын Ысык-Көл ээлейт. Өрөөн кендик б-ча 275 *км* аралыкта созулуп жатат. Таманынын туурасы 65 *км*. Деңиз денг. бийикт. 1600–2300 *м*. Геол. түзүлүшү жагынан өрөөн тектон. жаракалар м-н татаалданган синклиналдык ойдуң. Палеогенде башталган неотектоникалык кыймылдын натыйжасында пайда болгон. Активдүү сейсмдик аймакта. Таманы ж-а тоо этектери ар кандай борпоң чөкмө тектерден, ал эми айланасындагы кырка тоолор палеозойдун

чөкмө, метаморфизм ж-а магма тоо тектеринен турат. Ойдуңдун борб. бөлүгүндө жайгашкан Ысык-Көлдү түздүктөр курчап жатат. Ичке жээк тилкелерин кум каптап, майда жумуру таштар, камдашкан кумдук, саздуу жерлер да кездешет. Түздүктөр көлдүн чыгыш тарабында Түп, Жыргалаң сууларынын өрөөн-дөрү б-ча 40–50 *км*ге созулат. Көлдүн түн. жээгинде түздүктөрдүн жазылыгы 1—10 *км*, батыш жээгинде 10–15 *км*. Түш. жээгиндеги түздүктөрдү тоо этегиндеги айрым жалчалар бөлүп турат. Күнгөй ж-а Тескей Ала-Тоолорунун этектери мезозой-кайнозой чөкмөлөрүнөн түзүлүп, сай, аң ж-а суу өрөөндөрү, капталдары кууш капчыгайлар м-н өтө тилмеленген. Батышындагы кууш *Боом капчыгайы* аркылуу Чүй өрөөнү м-н туташат. Климаттык шарты ар кыл. Батыш жагы кургакчыл, улан шамалы мезгили м-н согуп турат; жаан-чачын аз жаайт (200 *мм*ге чейин), чыгышы нымдуу (500–600 *мм*). Январдын орт. темп-расы батышта (Балыкчыда) —3,9°С, түндүктө (Чолпон-Атада) — 2,8°С, түштүктө (Тамгада) –2,0°С, чыгышта (Кызыл Октябрда) —8,9°С, июлдуку ошол эле пункттарда 17,5°С; 16,7°С, 17,2°С, 15,7°С. Көл суусунун таасиринен өрөөндүн кышы мелүүн, жайы салкын. Курчап турган кырка тоолордун өрөөн жак беттеринде жалпы аянты 649 *км*$^2$ болгон 631 мөңгү бар. Тескей Ала-Тоонун борб. бөлүгү–Каракол, Жети-Өгүз, Чоң Кызыл-Суунун алаптарында топтолгон көлгө 118 агын суу куйган. Азыр алардын көбү көлгө жетпей сугатка таралып кетет. Ири суулары: Жыргалаң (22,0 *м*$^3$*/сек*), Түп (10,7 *м*$^3$*/сек*), Жууку (6,2 *м*$^3$*/сек*) ж. б. Негизинен мөңгү ж-а кар сууларынан куралат.

Ы. о-нун топурагы ж-а өсүмдүктөрү бийиктик б-ча өзгөрөт. Батыш жагы чөл ж-а жарым чөл (1608–2200 *м* бийиктe), чыгыш тарабын ошол эле бийиктe талаа ландшафты ээлейт. Топурагы чөлдө бозомук, күнүрт карбонаттуу, өсүмдүктөрү негизинен шыбак, кекире, чий, камгак, терскен ж. б. Кара коңур топурактуу талаа тилкесинде ар түркүн бетеге, аккылкан, шыраалжын, тарабаш ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Батышында талаа тилкеси тоо капталдарында 2000 *м*ден 3000 *м* бийикке чейин таралган. Чыгышында кара коңур ж-а кара топурактуу (Чолпон-Ата ж-а Тоңдон чыгышта) талаа тилкеси токой ж-а шалбаа тилкелери м-н алмашып, шалбаа-токойлуу талаа зонасын түзөт. Өсүмдүктөрү: ак шыбак, шыраалжын, бетеге, кызыл кабык, тоо буурчак, каз таңдай ж. б. Токой тилкесинде карагай, четин, чыны карагат, табылгы, ыргай, шилби, арча ж. б. өсөт. 2800–3100 *м* бийиктикте каралжын топурактуу, чымдуу субальп тилкесинде түркүн чөп өсүмдүктөрүнө майда бадалдар аралаш өсөт. 3100–3500 *м* бийиктикте каралжын шалбаа тоо топурактуу жапыс өскөн доңуз сырты, өлөң чөп, бетеге, мамыры, каз таңдай ж. б. басымдуу. Андан жогору кар, мөңгүлүү жалама аска-зоокалар ээлейт. Ойдуңдун түзөң жерлери айдоо (буудай, тоют өсүмдүктөрү, картошка ж. б.). Жаныбарлары да ар кыл ж-а бийиктик б-ча өзгөрөт. Батышында коён, түлкү, кемирүүчөлөр кездешет. Бийик тоолордо тоо эчки, илбирс, аркар, аюу ж. б., суучул куштар — өрдөк, ак куу, ызгыт, чулдук, көл жээгинде кыргоол, кекилик, тоолордо улар, чөкө таан, бүркүт, жору, кузгун ж. б. кездешет. Өрөөндүн тоо-деңиз климаты, жаратылышынын өтө кооздугу, минералдуу ысык суу м-н дары баткакка байлыгы, абанын жогорку деңгээлинде иондошкондугу ж. б. адамдын организмине жагымдуу таасирин тийгизген жаратылыш шарттары Ы. п. дүйнөлүк маанидеги курорт зонасына айландырды. Негизги курорт ж-а санаторийлери: «Жети-Өгүз», «Ак-Суу», «Жыргалаң», «Тамга», «Көгүлтүр Ысык-Көл» ж. б. Өрөөндө дан ж-а мал чарбасы өнүккөн. Анда респ-нын калкынын 13%и отурукташкан. Ы. о-нда Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата ш., Каракол, Кажы-Сай, Жыргалаң, Ак-Булак, Орто-Токой ж. б. шаарчалар, көптөгөн кыштактар жайгашкан. Провинция Чыгыш ж-а Батыш Ысык-Көл провинцияларына бөлүнөт.

*А. Осмонов, Э. Султаналиев*

## ГЕОЭКОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ

Кыргыз Респ-нын аймагынын жаратылыш шарты ар түрдүү келип, табийгый ресурстарга бай. Жер алдындагы кен байлыктарды казуу, миңдеген гектар аянттарды ээлеген жайыттарды пайдалануу, түзөң жерлерди айдап, дыйканчылык кылуу, агын суулардын нугуна ГЭСтерди, суу сактагычтарды, көл жээктерине эс алуучу жайларды куруу, тоо капталдарындагы токойлорду чарбада пайдалануу ж. б. чарбалык аракеттер жаратылышты өзгөртүп, аларга болгон антропогендик басымды улам күчөтөт. Антропогендик таасирдин күчөшүнө калктын санынын ылдам өсүшү ж-а экосистемаларда өндүрүштүн тех. каражаттарынын көбөйүшү себеп болууда. Андан сырткары жеринин бетинин рельефинин татаалдыгы, калк отурукташууга ылайыктуу аянттардын аздыгы адам коому м-н жаратылыштын өз ара мамилелерин ого бетер күчөтүүдө. Тоолуу аймактарда болуп турган табийгый кырсыктар (жер титирөө, сел, кар көчкү, жер көчкү, суу каптоолор) анын геоэкологиялык абалын ого бетер татаалдатат. Табигый кубулуштардын натыйжасында көптөгөн өздөштүрүлгөн жерлер, кээде калк отурукташкан аянттар керектен чыгып, чарбачылыкта пайдаланылбай калат. Тоолуу шартта адам баласынын табиятка жасаган аракети эң кылдаттыкты талап кылат. Табигый күчтөрдүн мүнөзүн, жаратылыштын өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн этибар албай туруп чарбалык иштерди жүргүзүүнүн натыйжасында геоэкологиялык тең салмактуулук калыптан чыгып, бузулуп кетиши да мүмкүн.

Кырг-ндын тоолуу аймагында ээлтен өнүгүп келген натуралык чарбанын шартында, калк четки өрөөндүн тоо таянган чет-жакаларында ж-а тоо арасындагы өрөөндөрдө жердин шартына ылайык борборлошуп отурукташып келген. Мурда жалаң мал чарбасын өнүктүрүп, дыйканчылык экинчи планда болгон кезде адам баласынын айлана чөйрөгө тийгизген таасири чектелүү гана болуп, жаратылыштын жабыркаганы анча байкалган эмес.

Кийинки жылдардагы үстөмдүк кылган ил.-тех. өнүгүүнүн шартында абал кескин өзгөрдү. Урбанизациянын ж-а материалдык өндүрүштүн масштабынын кеңейиши, демографиялык кырдаалдын курчушу ж. б. социалдык-экон. өзгөрүүлөр тоолуу аймактын ресурстарын пайдалануунун мүнөзүн кескин өзгөртүп, азыркы мезгилде адам баласынын жаратылышты пайдалануунун жаңы баскычын жаратты. Тоолуу аймактарды пайдалануу ургаалдуу жолго түшүп, адам баласынын чарбалык аракетинин, негизинен кен байлыктарды казып алуунун, электр энергиясын өндүрүүнүн, рекреациялык пайдалануунун жаңы борборлору пайда болду.

Азыркы мезгилде тоо-кен тармагынын ишканалары тоо экосистемаларына өтө таасирин тийгизип, геоэкологиялык абалды курчутууда. Иштеп жаткан ж-а иштелип бүткөн шахталар ж-а рудниктерден чыккан таштанды тоо тектери кыйла жерлерди каптап, ал жерлер пайдаланылбай калган. Уран ж. б. металлдар казып алынган жерлерде керектүү компонентти ажыратып алгандан кийин ордунда таштанды тоо тектеринин үймөктөрү пайда болот. Мис., 1 тонна түстүү металлды казып алган жерде 150–200 *т*, ал эми 1 *т* уран же кымбат баалуу металл казылган жерде 10 миңден 100 миң тоннага чейин таштанды тоо тектери калат. Таштандылардын арасында радиоактивдүү ж-а ууландыра турган заттар калып, алар айлана-чөйрөнүн экологиялык абалын начарлатат.

Кырг-ндын аймагы 40 жылга жакын СССРдин уран рудасын, түстүү металлдарды, сейрек кездешүүчү хим. элементтерди казып алуучу базасы болгон. Уран рудасын казып алып тазалоо учурунда эң көп радиоактивдүү таштандылар калган. Уран рудасынын ири кендери Фергана өрөөнүнүн түн. жагында жайгашкан Майлы-Суу, Шакафтар, Кызыл-Жарда болгон. Алардын радиоактивдүү калдыктары ошол эле жерлердеги тоо капталдарына, өрөөндөргө көмүлгөн. Убакыт өткөн сайын, ар кандай табигый күчтөрдүн таасиринен көмүндүлөр бузулуп, экологиялык катастрофага кириптер кылуу коркунучу туулууда. Ушундай эле коркунуч Миң-Куш, Кажы-Сай өрөөндөрүндө да турат. СССР ыдырагандан кийин радиоактивдүү таштандылар көмүлгөн үймөктөр каралбай калып, сактагыч тосмолор акырындап бузулуп, суу м-н жуулуп өзөндөгү сууларды булгап жатат. Кырг-ндын аймагында көмүлгөн радиоактивдүү заттардын көлөмү 50 млн *т*дан ашык.

80-жылдардын аягында СССРде өндүрүлгөн сурьманын 100%, сымаптын 60% ж-а сейрек кездешүүчү металлдардын 30% Кырг-ндан өндүрүлгөн. Кадамжай, Терек-Сай, Айдаркен, Чабай, Актүз рудниктеринин калдыктары да радиоактивдүү ж-а ууландыруучу заттарга бай. Кээде көмүлгөн үймөктөр нөшөрлөп жааган жаандан бузулуп төмөн жаткан жерлерди уулуу заттар м-н булгайт. 1964-жылдын декабрь айында Актүз рудникгинин калдыктарды сактоочу үймөктөрү бузулуп Кичи Кемин суусуна 680 миң $м^3$ уулуу, радиоактивдүү заттары бар калдыктар урап түшүп, суу м-н 40 *км*ге чейин таралып Чүй суусуна чейин жетип көп жерлерди булгаган. 1994-жылдын жазында Сумсар рудникгинин көмүлбөй ташталган калдыктары Сумсарсай суусуна урап түшүп 50 миң $м^3$ уулуу (коргошун, цинк, жез) заттар Фергана өрөөнүнө куюлуп түшкөн ж-а сууда оор металлдардын мүмкүн болгон концентрациясы марганец б-ча 10 эсе, кадмий б-ча 320 эсе ашып кеткен. Медиктердин маалыматы б-ча жогоруда айтылган аймактардагы калктын ден соолуктары кескин начарлаган. Мындай процесстер 1958-ж. Майлы-Сайда, 1977-ж. Кадамжайда, 2000-ж. Терек-Сайда болуп өткөн.

Мындан ары да радиоактивдүү ж-а ууландыруучу оор металлдардын калдыктарын сактоонун жаңы жолдору табылбай, мурдагы бойдон калтырылса ал жерлердин геоэкологиялык абалы улам начарлай берип, акыры экологиялык катастрофаларга алып келиши мүмкүн.

Тоо-кен ө. ж-нын кайсы гана тармагы болбосун айлана-чөйрөгө таасирин тийгизет. Андай ишканалардын негизги милдети – ал таасирдин зыяндуу жактарын болушунча азайтуу, ө. ж. м-н жаратылыштын ортосундагы тең салмактуулукту кармоо, ар кандай кокустуктарга жол бербөө.

Атмосфералык абанын респ-нын аймагындагы абалы бүткүл Борб. Азияныкындай, ал гана эмес жалпы Түн. жарым шаардыкындай эле. Азыркы учурда, Түн. жарым шардын абасына, о. эле Кырг-ндын абасында да парник газдарынын эмиссиясына байланышкан климаттын жылуулануу жагына өзгөрүүсү байкалат. Негизги парник газы көмүртектин диоксиди ($CO_2$), жылуулук электр станцияларынан чыгат. 2000-жылкы маалыматтар б-ча алардын үлүшү 94,9%ке жетет. Атмосфераны булгоочу башка заттар транспорттун түрлөрүнөн, айрыкча автомобиль транспортунан чыгат. Жалпысынан респкадагы аба массалары анчалык булгана элек. Шаарларда, ө. ж. ишканаларынын тегерегинде гана булганч заттар мүмкүн болгон концентрациядан (МБК) ашып кетиши ыктымал. Атмосфера эң кыймылдуу компонент болгондуктан булганч заттар бир жерде топтолуп калбайт ж-а массасы тез-тез оошуп тургандыктан аба табигый жол м-н бат тазаланып турат. Аба м-н байланышкан экологиялык проблемалар чоң шаарларда гана байкалбаса, респ-нын жалпы аймагында жокко эсе.

Суу жаратылыш-аймактык комплекстеринин эң маанилүү компоненти, ошону м-н бирге ал адам баласынын чарбалык аракеттеринин натыйжасында сапатын жоготуп коюшу да мүмкүн. Суунун куралуу облусу бийик тоолуу аймактарда жайгашкандыктан адам баласынын чарбалык аракетинен көп булганбайт. Булгануу ж-а суу режиминин бузулуу процесстери тоо этектерине ж-а түздүктөргө агып түшкөндө башталат. Шаарларды, ири айыл-кыштактарды аралап аккан агын суулар ж-а жер алдындагы суулар булганууга көбүрөөк дуушар болот. Булгануунун башкы булактары – шаарларда жайгашкан эт ж-а сүт комбинаттарынан, тамак-аш ж-а жергиликтүү ө. ж-дан, коммуналык чарбалардан чыккан саркынды суулар. Чакан шаарлардын ж-а ири калктуу пункттардын борборлошкон каналдаштыруу системасы ж-а булганган сууну тазалоочу курулуштары жок болгондуктан табигый сууларды булгоо ал жерлерде көп. Мал багып ж-а семиртүүчү ири ишканалар да сууну булгоочу объектиге кирет.

Ысык-Көл сыяктуу туюк көлдөр өтө кылдат мамилени талап кылат. Ал суу агып чыкпаган туюк көл болгондуктан суулар м-н агып келген булганч заттар, жер семирткичтер, кээде уу заттарды тазалоо көп убакытты талап кылат. Көл жээгиндеги эс алуучу жайлардын коммуналык таштанды сууларды тазалоочу курулмалары үзгүлтүксүз иштөөсү керек. Эс алуучулардын саны улам көбөйгөн сайын коммуналык таштанды суулар да арбын боло баштайт. Тазалоочу курулмалардын бири гана иштебей калса көлдүн суусу булганышы мүмкүн.

1998-жылдын 20-майында Кум-Төр алтын кенин карай жүк ташып бара жаткан автомашинадан 1762 *кг* эң уулуу натрийдин цианиди Барскон суусуна түшүп кетип, кандай зыяндарга алып келгендиги респ-га гана эмес бүткүл дүйнөгө маалым болду. Бул мурда дүйнөдө болуп көрбөгөндөй экологиялык катастрофага алып келди.

Респ-нын негизги байлыктарынын бири – айыл чарбасында пайдаланылган жерлер. Алардын жалпы аянты 10798,1 миң *га*. Айыл чарбасында өздөштүрүлгөн жерлердин кыйла бөлүгү ойдуң-түзөңдөрдө, тоолуу, өрөөндөрдүн тамандарында жайгашкан. Бул жерлерде, о. эле өлкөнүн калкынын басымдуу бөлүгү ж-а ө. ж. потенциалы топтолуп, калктын өтө жыштыгы м-н антропогендик басымдын жогору болушу мүнөздүү. Ошондуктан жер ресурстарын пайдалануудан келип чыккан экологиялык проблемалар өтө актуалдуу. Акыркы жылдарда калктын демографиялык өсүү жагдайларына карата а. ч-на жарактуу (айрыкча айдоо аянттарын) жерлерди үй, ар кандай өндүрүш объектилерин курууга бөлүнүүсү системалуу түрдө жогорулоо тенденциясына ээ болуп, айылдар м-н калктуу пункттардын аянты акыркы 10 жылда дээрлик 2 эсеге өстү. Бул болсо өлкөнүн калкынын айдоо жерлер м-н камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөттү. Калктын санынын өсүшүнө ж-а айыл чарбага жарактуу жерлердин системалуу түрдө ар кандай башка максаттарга бөлүнүүсүнө байланыштуу акыркы 20 жылдын ичинде респ-нын ар бир адамына туура келген айдоо аянтынын өлчөмү 0,43төн 0,30 гектарга, ал эми сугарылуучу жерлерде 0,27ден 0,21 гектарга төмөндөдү. 2030-жылга чейин бул цифралар 0,15 ж-а 0,10 гектарга чейин төмөндөөсү божомолдолгон.

Адам баласынын чарбалык аракетинен пайда болгон суу ж-а шамал эрозиясы, шор басып кетүү, ар кандай карьерлер, күл-шлак таштандылары, чарбадагы жерлерге мунай ж-а зыяндуу заттардын төгүлүшү, кен таштандылары (үймөктөр) ж. б. жер ресурстарынын аянтынын азайышына ж-а топурактын сапатынын төмөндөшүнө себеп болот. Мис., Чүй өрөөнүнүн түн.-батыш жагындагы пайдаланган сууну агызып кетүүчү терең арыктар (заурлар) каралбай калгандыктан кийинки мезгилде 6 миң *га* айдоо жерлери шорлонуп пайдаланылбай калганы белгиленген. Респ. б-ча шорлонуу процессине 220 миң *га* жер дуушарланган, айдоо жери эрозияга учурай баштаган жерлер а. ч-га жарактуу жерлердин 46,7%ин түзөт, а. и. 704,8 миң *га* айдоо жерлер.

Кийинки 10 жылдын ичинде жер реформасынын натыйжасында а. ч-га жарактуу жерлерди жакшыртуу маселеси дээрлик токтоп калды. Мындай жол м-н жерди пайдалануу улантылса, келечекте көптөгөн экологиялык проблемалар пайда болушу мүмкүн.

Кыргызстан – Борб. Азиядагы ар түрдүү өсүмдүктөр м-н жаныбарлар топтолгон бирден-бир уникалдуу аймак. Өлкөнүн аймагында 500дөн ашык омурткалуулардын, а. и. 85 сүт эмүүчүлөр, 368 канаттуулардын, 28 сойлоп жүрүүчүлөрдүн, 3 амфибиялардын, 75 балыктын, 300 ашык курт-кумурскалардын түрү бар. Татаал өсүмдүктөрдүн 4500төн ашык түрү өсүп, а. и. 300 түрдөгү жапайы өсүүчү өсүмдүктөр азыркы күндө сейректеп, жоголуп кетүү коркунучунун алдында турат. Бул өсүмдүктөрдүн ичинен 125 түрү эндемиктер, 100төн ашыгы дары чөптөр.

Кыргыз Респ-нын Кызыл китебине сейректеп ж-а жоголуп кетүүнүн алдында турган өсүмдүктөрдүн 71, канаттуулардын 32, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 3, балыктын 2, курт-кумурскалардын 19, сүт эмүүчү жаныбарлардын 13 түрү катталган.

Өсүмдүктөрдү ж-а жаныбарларды сактоо б-ча респ-да көп чаралар көрүлүп жатат. Бирок алардын басымдуу бөлүгү кагаз жүзүндө калып, биологиялык ар түрдүүлүк кыскарууда. Биологиялык ар түрдүүлүктүн кыскарышы адам баласына анчалык зыян деле келтирбегендей көрүнгөнү м-н М. Пришвиндин «Суу болсо, сууда бир да балык жок болсо мен сууга ишенбейм. Абада кычкылтек болсо, бирок анда чабалекейлер учуп жүрбөсө – мен абага деле ишенбейм. Токой деле, жалаң адам арасында болуп, жаныбарлар болбосо – токой эмес...», - деп айткан сөзү жаратылыш жаныбарларсыз жаратылыш эмес экендигин ырастайт. Мис., илбирс сейрек учуроочу жырткыч. Ал бийик тоолордо, тоо эчкилер топтолгон жерди байырлайт. 1985-жылы 1400 илбирс болсо 2000-жылдары 250 гана илбирс калган.

Өсүмдүктөр м-н жаныбарлар жаратылыш-аймактык комплекстеринин эң сезгичи

ж-а адам баласынын чарбалык аракеттерине жараша бат өзгөрө турган компоненттери. Жаратылышты коргоо иштери ошол компоненттерди коргоодон башталган. Респ-нын кооз жерлерин сактоо үчүн корголуучу, өзгөчө корголуучу ж-а рекреациялык максатта пайдалануучу аймактар уюшулган.

*А. Осмонов, Д. Шакирбеков.*

## АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮН АБАЛЫ ЖАНА АЛАРДЫ КОРГОО

Малды ашыкча жаюудан жайыт, айрыкча жалпы эле айыл чарбасына жарактуу жерлер бузулууга (деградацияга) дуушарланып, натыйжада анда өсүмдүк түрлөрү азайып, ал эми отоо чөп ж-а уулуу өсүмдүк түрлөрү көбөйүп, түшүмү төмөндөгөн. Натыйжада жайыттардын 45%ке жакыны суу ж-а шамал эрозиясына, шордонууга, саздашууга дуушарланган. Табигый токой түрдүү муктаждыктарга (отун, курулуш үчүн пайдаланууга) байланыштуу ашыкча кыйылып, анын жалпы аянты 1930-жылы 6%тен 2006-ж. 4,2%ке чейин кыскарган. Коргоого алынган аймактарда коргоо режими бузулган. Тоо-кен өнөр жайынын көптөгөн (100дөн ашуун) ишканаларынын иштөөсүнөн табигый чөйрөгө жыл сайын 620 млн. $m^3$ден ашык уулуу калдыктар кошулат; алардын курамында радионуклиддер, оор метандадын туздары, цианид ж. б. болот.

**Кыргызстандын коргоого алынган аймактары**

| Коргоого алынган аймактын аты | Жайгашкан жери | Уюшулган жылы | Аянты, *га* | Корголгон обьектиси |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| **Улутук жана табият парктары** | | | | |
| Ала-Арча | Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталы | 1976 | 19,4 миң | Уникалдуу ландшафты ж-а эс алуу |
| Беш-Таш | Талас Ала-Тоосунун түндүк капталы | 1996 | 32,4 миң | Уникалдуу ландшафты ж-а эс алуу |
| Каракол | Тескей Ала-Тоонун түндүк капталы | 1997 | 38,3 миң | Уникалдуу ландшафты ж-а эс алуу |
| Кара-Шоро | Өзгөн району | 1996 | 845 | Уникалдуу ландшафты ж-а эс алуу |
| Кыгыз-Ата | Алай кырка тоосунун түндүк капталы | 1992 | 11,2 миң | Арча токою |
| Чоң Кемин | Чоң Кемин | 1997 | 126,5 миң | Баалуу табият комплекси |
| **Коруктар** | | | | |
| Беш-Арал | Чаткал кырка тоосу | 1979 | 116,7 миң | Сейрек ж-а жоголуп бараткан жаныбарлары, айрыкча мензбир сууру |
| Кара-Тал-Жапырак | Нарын, Ак-Талаа р-нун аймагында | 1994 | 6,0 миң | Уникалдуу табигый комплекси |
| Нарын | Нарын-Тоонун түндүк бети | 1983 | 75,2 миң | Марал, аркар, кулжа, аюу ж. б.; о. эле токой, өсүмдүктөр. |
| Сары-Чат-Ээр-Таш | Жети-Өгүз р-нун аймагында | 1995 | 72,1 миң | Уникалдуу тоо ландшафты |
| Сары-Челек (биосфералык) | Чаткал кырка тоосу | 1959 | 23,8 миң | Мөмө-жемиштүү жаңгак токой комплексти ж-а анын фаунасы |
| Ысык-Көл (биосфералык резерваты) | Көл акваториясы | 2001 | 4,3 миң | Мөңгү, көл, суу, токой ж.б. табигый компоненттер |
| **Корукчалар (заказниктер)** | | | | |
| Айдаркен (Хайдаркен) | Кадамжай р-ну | 1975 | 30 | Мала кызыл жоогазын |
| Ак-Буура | Кара-Суу р-ну | 1975 | 10 миң | Анчылык |
| Ак-Суу | Москва р-ну | 1975 | 7 миң | Анчылык |
| Ала-Бука | Ала-Бука р-ну | 1973 | 25 миң | Анчылык |
| Алмалы | Жайыл району | 1978 | 100 | Алма, жаңгак ареалдары |
| Ат-Башы | Ат-Башы р-у | 1973 | 12,0 миң | Токой-анчылык |
| Байдамтал | Тоң р-ну | – | 20 | Сейрек ж-а реликтик чөп өсүмдүктөрү |
| Балтыркан | Чаткал р-ну | 1975 | 304 | Токой |
| Белен-Теке | Москва р-ну | 1973 | 30,5 миң | Анчылык |
| Бүлөөлү | Алай р-ну | 1975 | 384 | Токой |
| Гүлчө | Алай р-ну | 1968 | 600 | Анчылык |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| **Корукчалар (заказниктер)** | | | | |
| Дашман | Базар-Коргон р-ну | 1975 | 5 миң | Жапайы мөмө-жемиштүү жаңгак токою |
| Жазы | Өзгөн р-ну | 1975 | 100 | Аңчылык |
| Жан-Чыкты | Лейлек р-ну | 1975 | 80 | Жоогазын |
| Жаңы-Жол | Аксы р-ну | – | 30 миң | Аңчылык |
| Жарды-Кайыңды | Панфилов р-ну | 1976 | 8,7 миң | Аңчылык |
| Жел-Тийбес | Аксы р-ну | 1975 | 800 | Жарым чөл өсүмдүктөрү |
| Жети-Өгүз | Жети-Өгүз р-ну | 1958 | 31,61 миң | Аңчылык |
| Жылгыңды | Ноокен р-ну | 1975 | 206 | Токой |
| Кайыңды | Нарын р-ну | 1977 | 100 | Токой |
| Кара-Арча | Кара-Буура р-ну | 1980 | 100 | Грейг жоогазыны |
| Кара-Сай | Лейлек р-ну | 1973 | 15 миң | Аңчылык |
| Кара-Суу | Аксы р-ну | 1973 | 62,6 миң | Аңчылык |
| Кара-Буура | Кара-Буура р-ну | 1976 | 15 миң | Аркар, кулжа |
| Кичи Ак-Суу | Ысык-Көл р-ну | 1977 | 100 | Токой |
| Кожо-Ашкан | Баткен р-ну | 1973 | 16 миң | Аңчылык |
| Кочкор | Кочкор р-ну | 1977 | 2,0 миң | Аңчылык |
| Кош-Тектир | Ала-Бука р-ну | 1975 | 30 | Сары гүлдүү мандалак |
| Куркол | Ала-Бука р-ну | 1975 | 348 | Токой |
| Кыргыз-Ата | Ноокат р-ну | 1975 | 30 | Эталондук гүлдөр |
| Кыргыз-Каба | Базар-Коргон р-ну | 1957 | 50 | Юнондуу аймак |
| Маймак | Кара-Буура р-ну | 1980 | 40 | Жоогазын |
| Мескин-Сай | Ала-Бука р-ну | 1975 | 483 | Токой |
| Ой-Кайың | Алай р-ну | 1975 | 50 | Кооз алайкан |
| Сары-Могол | Алай р-ну | 1975 | 60 | Кундуз гүлү |
| Семеновка | Ысык-Көл р-ну | 1971 | 50 | Аңчылык |
| Семиз-Бел | Тоң р-ну | 1977 | 97,0 миң | Аңчылык |
| Сонкөл | Көлдүн акваториясы | 1971 | 30 миң | Аңчылык |
| Сухой хребет (Сары-Дөбө) | Түп р-ну | 1973 | 15 миң | Аңчылык |
| Сүлүктү | Лейлек р-ну | 1975 | 30 | Жоогазын |
| Талас | Талас Ала-Тоосунун түн капталы | 1973 | 130,0 миң | Аңчылык |
| Теплоключенка | Тескей Ала-Тоосунун түн капталы | 1958 | 32,2 миң | Аңчылык |
| Тогуз-Торо | Тогу-Торо р-ну | 1977 | 5,0 миң | Аңчылык |
| Токмок | Чүй р-ну | 1947 | 100 | Жайылма токою |
| Түп | Түп р-ну | 1976 | 15,0 миң | Аңчылык |
| Узун-Акмат | Токтогул р-ну | 1977 | 500 | Токой |
| Үгүт | Ак-Талаа р-ну | 1973 | 15,0 миң | Аңчылык |
| Чанач (Каныш) | Чаткал өрөөнү | 1975 | 40 | Жоогазыны, шалфей |
| Чандалаш | Чаткал өрөөнү | 1975 | 35 миң | Аңчылык |
| Чатыр-Көл | Көлдүн акваториясы | 1972 | 190 миң | Аңчылык |
| Чон-Арык | Аламүдүн р-ну | 1978 | 80 | Сейрек ж-а эндемик өсүмдүктөр |
| Чункурчак | Аламүдүн р-ну | 1979 | 100 | Талаа өсүмдүктөрү |
| Чычкан | Токтогул р-ну | 1973 | 36,0 миң | Аңчылык |
| Шилбили-Сай | Кара-Буура р-ну | 1980 | 100 | Чекенделүү аймы |

Кыргызстандын аянтынын 15%ин ээлеген коргоого алынган табигый аймактардын жалпы аянты 270,7 миң *га* болгон мамлекеттик коруктарды (Сары-Челек, Ысык-Көл, Беш-Арал, Нарын, Кара-Тал-Жапырак, Сары-Чат–Ээр-Таш, Пачата), ошондой эле 3 табият паркын (Ала-Арча ж. б.), 3 улуттук паркты (Чоң Кемин ж. б.) камтыйт. ЮНЕСКОнун биосфералык резерватына Ысык-Көл, Сары-Челек коруктарынын аймактары киргизилди. 1976-ж. Ысык-Көл акваториясы эл аралык маанидеги суу-саздуу аймакка, 1998-ж. Кыргызстан өкмөтүнүн чечими м-н жалпы эле Ысык-Көл облусу бүт биосфералык аймак деп жарыяланган.

*Э. Садыкова*

# РЕКРЕАЦИЯЛЫК РЕСУРСТАРЫ

Кыргыз Республикасы уникалдуу туристтик-рекреациялык потенциалга ээ. Анын аймагында адам баласынын ден соолугуна оң таасирин тийгизген, дарылык касиети бар жүздөн ашуун жаратылыш факторлору ж-а жерлери аныкталган. Алардын басымдуу бөлүгү деңиз деңг. 1000–2000 *м* бийиктиктерде жайгашкан. Негизгилерине Ысык-Көл ойдуңу, Фергана тоо тизмегинин табигый жаңгак-мөмө-жемиш ж-а арчалуу токой тилкелери, Абшыр, Кара-Шоро, Арстанбап, Сары-Челек, Ысык-Ата, Ала-Арча, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Чаткал, Талас сыяктуу жаратылыш комплекстери кирет. Азыр алардын айрымдарында бир катар курорттор, санаторийлер, эс алуучу, ден соолукту чыңдоочу жайлар иштейт.

Табигый дарылоочу, ден соолугун чыңдоочу, эс алдыруучу негизги факторлорго жаратылыш компоненттери – рельеф, климат, көлдөр, суулар, дары баткактар, пляждар, кооз ландшафттар, таза аба ж. б. ресурстар кирет.

Кырг-н р е л ь е ф и татаал тоолуу өлкө. Анын басымдуу бөлүгүн Теңир-Тоо тоо системасы ээлейт. Респ-нын эң четки түш.-батышында Памир–Алай тоо системасынын бир бөлүгү жайгашкан. Өлкөнүн чыгышындагы эң зор ж-а бийик (5000–6000 *м*) Кантеңир тоо тоомунун көптөгөн тоо тармактары башталып, алардын кыр бөлүктөрү мөңгүлөр ж-а түбөлүк карлар м-н капталган, капталдары көптөгөн терең, кооз капчыгайлар, кокту-колоттор м-н тилмеленген. Ошону м-н катар кооз тоо аралык өрөөндөн чет-жакалары да ойдуң, түздүктүү жерлери да бар. Кырг-ндын татаал рельефин эс алууга, туризмге (рекреацияга) тийгизген таасири б-ча үч ярускa – жогорку, ортоңку ж-а төмөнкү деп бөлүүгө болот. Төмөнкү ярус (деңиз деңг. 1000–2000 *м*) рельефи б-ча туруктуу эс алуучу мекемелерди куруууга ыңгайлуу, жол катташы татаал эмес, курорттук рекреацияга, балдардын эс алуусуна, ден соолукту чыңдоочу жайларды куруууга ылайыктуу келет. О. элс бул яруста калктын дем алуу күндөрүндө жайкы ж-а кышкы массалык эс алуусун уюштурууга мүмкүнчүлүктөр арбын.

Ортоңку ярус деңиз деңг. 2000–2700 *м* бийиктикти ээлеп, көптөгөн тик капталдуу терең кокту-колотторду капчыгайларды камтыйт да, ландшафттарынын ар түрдүүлүгү, кооздугу м-н айырмаланат. Бул яруста эс алуунун активдүү тармактарын уюштурууга, өнүктүрүүгө ыңгайлуу (тоо туризми, атайын тоодогу лыжа тебүү, ат туризми, рафтинг ж-а экологиялык туризм). Бул яруста рекреациялык инженердик курулуштарды куруу бир топ кымбатыраак ж-а ар тараптан кошумча изилдөөнү талап кылат. Ошондой болсо да бул эл аралык деңгээлде жооп берүүчү тоо туристтик комплекстерди, лыжа тебүүчү курортторду уюштурууга ыңгайлуу.

Жогорку ярус (2700–7439 *м*) рельефи б-ча эң бийик тоо кыркаларынан, ашуулардан, бийик тоо чокуларынан, мөңгүлөрдөн, альп шалбааларынан туруп, туризмдин атайын, өзгөчө түрлөрүнө ылайыктуу. Кырг-ндын бийик тоо алкагында тоо кыркалары жүзгө жетип, алардын жалпы уз. 7680 *км*ди түзөт ж-а ар бири 20дан 582 *км*ге чейин созулат. Мөңгүлөрүнүн ээлеген жалпы аянты 8000 *км*$^2$ге жетип, 6500 мөңгүдөн турат. Азыркы учурда альпинизм ж-а тоо туризми, дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө, Орусияда, Казакстанда кеңири жайылууда. Ушунун негизинде Кырг-ндын тоолуу аймагынын шартында эл аралык туризмдин олуттуу тармактарынын катарын жакынкы келечекте тоо туризми, альпинизм ж-а экологиялык туризм ээлемекчи. Анткени, респ-да чет өлкөлөрдөн келген альпинисттерге ж-а туристтерге сунуш кыла турган бийик тоо чокулары, ашуулары арбын. Булардын ичинен туристтерди өзүнө тарткан бийик тоо чокулары «жети миңдик» Жеңиш чокусу (7439 *м*), жылына эл эң көп келүүчү Ленин атн. чоку (7134 *м*), белгилүү Кантеңири (6995 *м*), Ала-Арча өрөөнүндөгү көптөгөн өлкөлөрдүн альпинисттерине белгилүү Ак-Сай мөңгүсүнүн айланасында жайгашкан 6$^Б$ категориясындагы Корона (4860 *м*) ж. б. ондогон чокулар ж-а Борб. Теңир-Тоодогу Эңилчек мөңгүсүн, бийик тоодо жайгашкан Мерцбахер көлүн ж. б. атоого болот.

Кыргыз Респ-нын тоолорунда 1100 классификациялуу альпинисттик маршруттар бар, анын 90у жогорку категорияга ээ. Адамдын буту тийбеген жүздөгөн чокулар, маршруттар бар. Ошондой эле 1450гө жакын классификацияланган туристтик ашуулар, маршруттар бар, а. и. 200гө жакыны жогорку категорияга кирет. Бул алкакта табиятты таанып билүү, илимий ж-а экологиялык туризминин өнүгүшү да келечектүү.

Аталган байлыктар биздин тоолордо тоо туризмин, альпинизмди ж-а экологиялык туризмдин тармактарын тез арада өнүктүрүүгө, алардан жетишээрлик киреше алууга мүмкүндүк түзөт.

Азыр респ-нын аймагындагы жайгашкан респ-лык маанидеги «Ала-Арча», «Ала-Тоо», ж-а эл аралык масштабдагы «Памир» альпинисттик лагерлери 2500 альпинисти кабыл алууга жарамдуу. Келечекте Кырг-ндын аймагында жайгашкан альплагерлерди кеңейтип, жаңыларын куруу аркылуу эл аралык маанидеги альпинисттердин олуттуу эки борборун калыптандыруу каралууда. Булардын бири Борб. Теңир-Тоонун Кантеңир, Жеңиш чокуларынын, кийинкисин Чоң Алай кырка тоосу тарапта жайгашкан Ленин атн. чокунун аймактарында жайгаштырылмакчы. Натыйжада жакынкы арада чет өлкөлөрдөн жетиштүү сандагы альпинисттерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Аталган альплагерлер альпинистик экспедицияларды уюштуруучу, жогорку квалификациядагы кадрларды ж-а куткаруучуларды даярдоочу борбор болуп саналат. Кырг-ндын тоо климаты рекреация комплексин калыптандыруунун олуттуу факторлорунун бири. Тоолордун бийиктик алкактарынын ар бири өзүнчө климаттык бөтөнчөлүктөргө ээ.

Жапыз тоолуу жерлерде, тоо этектеринде аба ырайы жайкы мезгилде күнөстүү, мелүүн ысык ж-а кургак (Түн. Кырг-нда) келип, ал эми кышында абанын темп-расынын 0°C чамасында болгон күндөр басымдуулук кылат. Бийиктик алкактарынын ичинен калктын дарылануусу, эс алуусу үчүн эң ыңгайлуу бөлүгүндө (1000–2000 *м* бийиктикте) аба-ырайынын жагымдуу шарттары (жетиштүү темп-ралык режим, күндүн нуру, таза аба, тоо-өрөөн шамалы ж. б.) жылына 300–320 күн эс алууга, 2,5–3,5 айдан ашуун сууга түшүп, күнгө күйүүгө, кышкысын лыжа, жылгаяк тебүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мына ушундай жерлерде, өзгөчө Ысык-Көл, Фергана ж-а Чүй өрөөндөрүндө жылдын бардык мезгилдеринде аба ырайынын бөтөнчө ыңгайлуу шарттары түзүлөт.

Фергана өрөөнүн курчап турган тоолор ыңгайлуу климаттык шарты м-н өзгөчөлөнөт. Бул жерде жыл бою бардык бийиктик алкактарында климат м-н дарылоону, эс алууну уюштурууга болот. Жаңгак-мөмө-жемиш токойлуу аймактарынын (Арстанбап, Каралма, Кызылүңкүр ж. б.) жанга жагымдуу аба ырайы ж-а ландшафттык өзгөчөлүктөрү мында курорттук жайларды, туристтик комплекстерди көбөйтүүгө ыңгайлуу.

Чүй өрөөнүнүн ж-а Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталдары ыңгайлуу климаты ж-а ландшафттарынын ар түрдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Микроклиматтык байкоолордун негизинде Кыргыз Ала-Тоосунун жапыз ж-а орто бийиктиктеги тоо алкактары (1000–2000 *м*) шамал, темп-ралык режимдери б-ча эс алууга өтө ылайыктуу. Буларга Сокулук, Жыламыш, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата, Кегети, Шамшы ж. б. капчыгайлар кирет. Бул алкактын климаты мелүүн континенттик, кышы жумшак (–3°C), жайы жылуу (20°C).

Рекреациянын чордону болгон Ысык-Көл өрөөнүнүн климаттык шартынын өзгөчөлүктөрү: мында ысык аптап ж-а катуу суук болбойт, деңиз ж-а тоо климаты айкалышып турат. Климатынын мындай жагымдуулугу өрөөндүн бийик тоолор м-н курчалып турушу ж-а анын борборунда тоңбогон, терең (668 *м*), чоң көлдүн жатышы м-н байланыштуу. Атмосферанын тазалыгы, күндүн узак убакыт ачык тийип турушу күн нурунун мол болушуна алып келет. Ысык-Көлдүн жээгинде күн 2670–2880 саат чамасында тийет, бул болсо Крымдагы курорттордон 400–600 саатка, Балтика боюндагы курорттордон 1000 саатка көп. Жыл ичинде ачык же анча бүркөк эмес 185 күн болот. Жылдын жылуу мезгилинде климаттык, гигиеналык (абанын тазалыгы ж. б.), эстетикалык (курчап турган тоолордун керемет шаңдуу панорамасы) факторлордун бири-бири м-н айкалышы адам организминин бардык нормативдик физиологиялык функцияларын стимулдаштырып, зат алмашууну жогорулатат, кандын составын жакшыртат, териге жагымдуу таасирин тийгизет. Шамал – жел режиминин өзгөчөлүгү да бар. Жылдын жылуу мезгилинде күндүз көлдөн кургактыкты, түнүчүндө кургактыктан көлдү карай леп-леп соккон жагымдуу бриз жели болот. Климатынын бийиктик алкактуулугу түрдүү профилдеги рекреациялык мекемелерди (дарылоо, сууга түшүү-пляждык, таанып-билүүчү, ден соолукту чыңдоочу, тоо туризми, альпинизм, кышкы эс алуу) курууга жол ачат.

Көлдүн суусунун дарылык касиети да бар, о. эле анын суусу тоо арасында деңиз деңг. мындай бийик жаткан көлдөрдүкүнө караганда алда канча жылуу. Көлдүн суусунун жалпы

минералдуулугу 5,9 *г/л*. Минералдуу суунун составында хлорид сульфат-натрий-магний заттары бар. Көлдүн суусунун темп-расы 8,1°Сден 20,4°Сге чейин өзгөрүп турат. Кыргндын жаратылыш, рекреациялык ресурстарынын ичинен Ысык-Көлдүн жээгиндеги кумдуу тилкелер, пляждар олуттуу орунду ээлейт. 600 *км* ашуун көл жээгиндеги кум тилкесин ичинен 120 *км* же 2440 миң $м^2$ эң мыкты ж-а сапаты дурус, 1- ж-а 2-категориядагы табигый пляждар түзөт. Айрыкча Кошкөл, Чоктал, Бостери, Кажы-Сай, Тамга ж. б. айылдардын тушунда жайгашкан 20 мыкты ж-а ири пляждар элге кеңири белгилүү. Жыйынтыктап айтканда көл кылаасынын климаттык шартынын ыңгайлуулугу, табиятынын кооздугу, тоолору, өрөөндөрү рекреациянын кеңири кулач жайып өнүгүп-өсүүсүнө шарт түзөт.

Рекреация байлыктарынын орчундуусуна **минералдуу суулар** да кирет. Азыр респ-нын аймагында физ. кошулмалары ар кыл, сапаттуу 100дөн ашуун минералдуу булактар, бургулоодон табылган минералдуу суулар бар. Булардын потенциалдык өлчөмү суткасына 81,9 миң $м^3$ге жетет. Минералдуу суулардын такталган жалпы запасынын өлчөмү суткасына 15,4 миң $м^3$ (респ-дагы табылган бүт минералдуу суунун 24,0%ке жакыны).

Кыргыз курортология ж-а физиотерапия илим-изилдөө институтунун курорт ресурстар бөлүмү 1957-ж-дан тартып респ-нын аймагындагы минералдык сууларды комплекстүү изилдеп, аларды пайдалануу маселелерин чечишкен.

Респ-нын аймагында минералдуу суулардын бальнеологиялык 6 тобу аныкталган. Өзгөчө даамы ж-а жыты жок таза суулардын тобу калк жыш отурукташкан ж-а экон. жактан өнүккөн өрөөндөрдө (Чүй, Ысык-Көл, Ат-Башы, Токтогул, Алай ж. б.) жайгашкан. Алардын негизги муздак булактары: Чамынды, Ташрабат, Дөрбөлжүн, Ат-Башы, Кочкор, Жыргалаң, Үчкапка, Туз. Суулардын минералдуулугу 2,2ден 250 *г/л*ге чейин. Хим. составы ар түрдүү (кальций сульфатынан натрий-хлоридге чейин). Тоо арасындагы ойдуңдарда 800–2000 *м* тереңдиктерде жогоруда аталган суулардын ысык булактары ачылган (Чолпон-Ата, Тор-Айгыр, Бар-Булак, Кочкор, Фрунзе, Жалал-Абад). Физ. касиеттери б-ча алар таза, тунуктугу, даамы б-ча туздуу ж-а ачуу туздуу. Суунун темп-расы 36°Сден 49°Сге чейин. Суулардын дарылык касиеттери ар түрдүү келип, көп ооруга (нерв системасы, жүрөк-кан тамырлар, муун оорулары, кан тамырынын басымынын өйдөлөшү, аш казан, боор, гинекология, дем алуу органдары, бронхит, гастрит ж. б.) шыпаа болот.

**Көмүр кычкыл газдуу булактар** тоолуу аймактарда (Түн. Теңир-Тоодо – Жар-Таш, Улакол, Кара-Кече, Ички Теңир-Тоодо – Ат-Башы, Какшаал, Фергана тоолорунда) чыгат. Көмүр кычкыл газдуу суулардын минералдуулугу 0,5–27,0 *г/л*. Составында бальнеологиялык жагынан активдүү келген кремнийлүү көмүр кислоталары да бар. Дарылык үчүн ичкенге ж-а түшкөнгө пайдаланылат. Азыркы мезгилде Ак-Суу, Арашан ж-а Кара-Шоро минералдуу булактары дарыланууга кеңири пайдаланылууда.

**Сульфиддүү суулары** мунайды иликтөө жумуштарында Алай, Фергана ж-а Түркстан тоо кыркаларында табылган (Кайрагач, Ак-Сарай, Чоңгара, Чаңгыр-Таш, Яркутан, Майлы-Суу минералдуу суулары). Бул жылуу суулардын темп-расы негизинен 17ден 30°Сге, минералдуулугу 2,0дөн…. 39,0 *г/л*ге чейин. Хим. составы — хлориддүү, хлорид-сульфат ж-а кальций-натрийлүү. Суу йод, бром ж-а органикалык заттардын молдуулугу м-н айырмаланат. Сульфид суулары атеросклероз, тери ооруларына шыпаа болот.

**Йод–бромдуу суулары** Фергана өрөөнүндө, Майлы-Сууда табылган. Бул суулар азырынча практика жүзүндө көп пайдаланыла элек. Көбү Майлы-Суу, Кочкората ш-на жакын жерлерде чыгат. Андагы жер астындагы суулардын курамында йод 6–25 *мг/л*, бром 30–390 *мг/л*ди түзүп, жалпы минералдашуусу 20–115 *мг/л*. Бургулоо көзөнөгү м-н 3–4 *км* тереңдиктен чыгарылган бальнеологиялык суулардын темп-расы 50°Сден ашат. Йод-бром суулары ашказан-ичеги, гастрит ооруларын айыктыруу үчүн ичилет.

**Радондуу сууларга** негизинен Жети-Өгүздөн, о. эле Карабалта, Көкөмеренден чыккан минералдуу суулар кирет. Суу азоттуу, жылуу ж-а ысык (23°Сден 41°Сге чейин). Минералдуулугу 0,9–13,0 *г/л*, хлорид, натрий-кальцийлүү. Радон суулары радиоактивдүү заттардын (газ – радон) кошулмасынан турат. Эсептелген запасы 434 $м^3$ / *сек*, а. и. 90 $м^3$/*сек* (20 %) гана дарыланууга пайдаланылат. Жети-Өгүз курортунун радон суулары бир топ өнөкөт ооруларды (нерв системалары, муун, өнөкөт гинекологиялык, баш-сөөк травмалары ж. б.) айыктырууга шыпаа болот.

Кремнийлүү ысык суулар Кырг-ндын бардык жеринен чыгат. Алардын базасында респ-дагы белгилүү курорттор, эс алып дарылануучу жайлар [Ысык-Ата, Аламүдүн, Ак-Суу(Теплоключенка), Кереге-Таш, Чаек ж. б.] иштейт. Газ түрүндөгү составы азоттуу. Суунун темп-расы 25тен 56°Сге чейин. Жалпы туздуулугу 0,3–1,5 *г/л*. Респ-дагы жалпы запасы 50 миң *м³/сут*. Сөөк-булчуң-муун, нерв, гинекологиялык оорулар м-н жабыркагандар ваннага түшүп дарыланууга жарамдуу, о. эле кремнийлүү ысык сууну ичип дарыланууга, андан дары-дармектерди (стоматология, гинекология, дерматология, лор ж. б. үчүн) жасап алууга пайдаланса болот.

1-таблица

**Кыргызстандын рекреация комплексинин келечектегк өнүгүүсү**

| Рекреация тармактары | Бардык орундун саны | Анын ичинен | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 1993-ж. | 2000-ж | 2010-ж |
| Санаторий | 46472 | 9628 | 18019 | 18825 |
| Эс алуу үйү | 14180 | 4440 | 5740 | 4000 |
| Пансионат | 36582 | 16142 | 9670 | 10500 |
| Курорт мейманканасы | 5030 | - | 2880 | 2750 |
| Мотел ж-а кемпинг | 11300 | - | 4650 | 6650 |
| Спорттук – ден соолук чыңдоо жайы | 33159 | 3179 | 13280 | 16700 |
| Туризм мекемеси | 23638 | 3828 | 9520 | 10290 |

Кырг-н дарылык касиети бар баткактарга да бай. Азыр 15 баткак уюткусу белгилүү. Жалпы өлчөмү 5320 миң *м³*. Басымдуу бөлүгү Ысык-Көл жээгинде, азыраагы Чүй ж-а Көгарт өрөөндөрүндө жайгашкан. Дары баткактын ичинен беш баткактын өлчөмү атайын иликтөөдөн өткөрүлүп, мамлекеттик комиссия тарабынан бекитилген. Булардын жалпы көлөмү 585 миң *м³* же бардык баткактын 12% запасын ээлейт. Кырг-нда дарылыкка колдонулуучу ылайлардын эки түрү бар, алар тунма ж-а чым ылайлары. Тунма ылайлары негизинен Ысык-Көл курорттуу районунда, чым ылайлары Чүй өрөөнүнүн түн. тарабында ж-а Жалал-Абад аймагында топтолгон.

Атайын изилдөөлөрдөн кийин респ-нын аймагынан 400 ашуун табигый үңкүр табылган. Үңкүрлөр көлөмү, узундугу тереңдиги ж-а рекреациялык мааниси жагынан ар түрдүү. Басымдуусу респ-нын түш. бөлүгүнөн орун алган. Булардын ичинен уз. 10 *км* келген Канигут, тереңдиги 240 *м*ге жеткен Ферсман, өтө кооз Айдаркен, Кадамжай, Чилмайрам, Чилустун, Төөмоюн, Чаткал, Чандалаш, Аламышык сыяктуу үңкүрлөр көрүнүктүү орунду ээлейт. Табигый үңкүрлөр респ-да спелеотуризмин өнүктүрүүгө ылайыктуу.

2-таблица

**Кыргызстандын аймагындагы рекреациялык мааниси бар жерлер**

| Мааниси | Райондор ж-а рекреация зоналары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Түн. Кырг-н | Чыгыш Кырг-н | Батыш Кырг-н | Түш. Кырг-н | Борб. Кырг-н |
| Эл аралык | Бишкек<br>Ала-Арча<br>Бурана<br>Кегети<br>Ысык-Ата | Каракол<br>Чолпон-Ата<br>Чоң Кызыл-Суу<br>Ак-Суу<br>Жети-Өгүз<br>Сары-Жаз<br>Боэтери<br>Кан-Теңир<br>Жеңиш(Чолок-Суу) | Манас<br>Саймалы-Таш | Ош<br>Өзгөн<br>Сары-Челек<br>Арстанбап<br>Чилустун<br>Ленин атн. чоку<br>Кетмен-Төбө<br>Абшыр | Ташрабат<br>Чатыркөл<br>Сөңкөл |
| Республикалык | Аламүдүн<br>Чоң Кемин<br>Кара-Балта<br>Ак-Суу<br>Сокулук<br>Суусамыр | Балыкчы<br>Чолоксуу<br>Музтаг<br>Арашан<br>Барскон<br>Кажы-Сай<br>Жууку<br>Корумду<br>Чоктал<br>Боом | Беш-Таш<br>Каракол<br>Киров | Кыргыз-Ата<br>Кызыл-Үңкүр<br>Көгарт<br>Жазы, Тар<br>Авлетим<br>Сох<br>Шаймерден<br>Исфайрам-Сай<br>Касансай<br>Пачата | Нарын<br>Онарча<br>Жогорку Нарын<br>Ортотокой,<br>Кекемерен |

Улуу Жибек жолу өткөн жерлерде тарыхый-маданий эстетиктер көп; «Сулайман-too» тарыхый-маданий археологиялык музейи, Бурана тарыхый комплекси, Өзгөн мавзолейи, «Ташрабат» XI кылымдын караван сарайы, Манас күмбөзү ж. б. дүйнөлүк маанидеги эстеликтерге кирет.

Аңчылык туризми Кырг-ндын рекреация комплексинин тармактарынын бири. Респ-нын аймагында аңчылык кылууга ыңгайлуу жердин жалпы аянты 15,0 млн *га*, анын 1 млн *га* жерин токой ээлейт. Бул тилкелерде куштардын 342, айбанаттардын 82, сойлоочулардын 26, балыктын 60тан ашуун түрү кездешет. Тоо арасындагы айрым жерлерде эл аралык деңгээлдеги аңчылык туризмин уюштурууга мүмкүнчүлүк бар. Бирок, аларды уюштуруу үчүн ал жердеги жаныбарлар дүйнөсү дыкаттык м-н изилденип, аңчылыкка каралган жаныбарлардын экосистемасы терең анализдениши, мамл. уюмдар тарабынан көзөмөлгө өтө катуу алынышы керек.

Кырг-ндын рекреация комплексин келечекте өнүктүрүүнүн өлчөмүн тактоодо респ-

нын аймагындагы курорт, эс алууга тиешелүү ресурс түрлөрү эсепке алынып, тактоолор жүргүзүлгөн. Натыйжада, 2010-жылга чейинки мезгилдин ичинде респ-дагы эс алуучулардын саны 4 эсеге жакын өсмөкчү.

Кырг-ндын рекреация комплексин келечекте калыптандыруу экон. райондор б-ча кыйла айырмаланат. Респ-нын жалпы рекреациялык потенциалы ж-а аны келечекте өздөштүрүү жагынан маанилүү орунду Түндүк-Чыгыш, Түштүк, Түндүк Кырг-н экономикалык райондору ээлейт. Ысык-Көл аймагында келечекте өз алдынча үч ири курорт-рекреациялык райончолору калыптануу процессинде. Алар түн. райончосу, борбору — Чолпон-Ата шаары, чыгыш райончосу, борбору–Каракол ш., түштүк райончосу, борбору —Тамчы айылы.

3-таблица

**Респ-нын туристтик-рекреациялык тейлөөсүнүн динамикасы, миң сом м-н**

| Тейлөөсү | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Туристтик | 168 | 1187 | 13341 | 38679 | 55733 | 60500 | 315100 | 191297 | 230150 | 271985 |
| Санаторий-курорттук | 137 | 1292 | 6913 | 16982 | 16453 | 26100 | 11764 | 105678 | 138632 | 180642 |
| Бардыгы | 305 | 2479 | 90354 | 55664 | 71186 | 86600 | 433064 | 297065 | 368632 | 452627 |

*К. Жумашев*

# КАЛКЫ

Кырг-ндын аймагын 19-к-дын ортосуна чейин негизинен кыргыздар мекендеген. Алар көчмөн турмушта жашап, мал чарбасынан тышкары көмөкчү түрүндө дыйканчылык ж-а кол өнөрчүлүк м-н да кесиптенишкен. Көчмөн кыргыздар сан жагынан анча көбөйө алган эмес. Анткени кыштын катаал күндөрүндө боз үйдө жашоо, саламаттык сактоонун өнүкпөгөндүгү, катуу кармаган жугуштуу оорулардын калк арасында жайылып турушу, балдардын өлүмүнүн арбын болушу калктын табигый өсүшүнө кедергисин тийгизген. Кыргыз элине сырттан кол салуулар, ички уруу аралык кагылыштар дагы калктын көбөйүшүнө тоскоол болгон.

Кырг-н Орусиянын курамына киргенден кийин империянын колониялык саясаты, б. а. жергиликтүү калктан ыңгайлуу, күрдүү жерлерди тартып алып, империянын ичкери жактарынан көчүп келген келгиндерге бөлүп берүүсү, салыктардын, айрыкча 1-дүйнөлүк согуш учурунда ыгым-чыгымдын ыксыз көбөйүшү чоң запкысын тийгизип, кыргыздардын турмушун ого бетер начарлаткан ж-а калктын сандык өсүшүнө кедерги болгон. 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүш учурунда падышалык бийликтин геноциддик саясатынан кыргыздардын, айрыкча Түн. Кырг-ндын калкынын кыйласы курман болгон. Граждандык согуш жылдарында, коллективдештирүү мезгилинде, «Тап күрөшүнүн күч алышы» деген шылтоо м-н жүргүзүлгөн репрессия процесси учурунда калктын табигый өсүшүнүн өлчөмү начар деңгээлде калган. 2-дүйнөлүк согуш учурунда эркектердин саны кемип, балдардын төрөлүшү кескин төмөндөгөн.

Кырг-ндын калкынын геогр. жайгашуусуна, сандык өсүшүнө, чарба жүргүзүүсүнүн ар түрдүүлүгүнө 19-к-дын 2-жарымынан бул жакка четтен ооп келген башка улуттардын бөлүктөрү кыйла таасирин тийгизе баштаган. 1877–78-ж. дуңгандардын бир бөлүгү Жетисууга, а. и. Кырг-нга качып келген. Ошол эле жылдары Чыгыш Түркстандан уйгурлар да журт которуп келишкен. 19-к-дын 2-жарымында ж-а 20-к-дын башында Орусиялык (Волгабою, Урал, Сибирь ж. б.) келгиндердин Кырг-нда көп сандаган кыштактары пайда болгон. Падышалык бийлик аларды жашоого ыңгайлуу Чүй, Талас, Ысык-Көл ж. б. өрөөндөрдөгү мыкты жерлерге отурукташтырып, кыргыздарды тоо этектете сүргөн. Октябрь революциясынан кийин деле Кырг-нга ооп келгендердин саны көбөйө берген. 2-дүйнөлүк согуш учурунда СССРдин батыш аймактарынан бул жакка эвакуациялангандардын, Түн., Түш. Кавказдан ж. б. жерлерден зордук м-н сүрүлүп келгендердин (балкар, чечен, ингуш, карачай, месхет түрктөрү, немис, корей ж. б.) эсебинен Кырг-ндын калкынын саны көбөйгөн. Алар 1985-жылдардан кийин кайра тарыхый Ата Мекенине кетүүгө мүмкүнчүлүк алышкан.

Натыйжада, Кырг-ндын этностук курамы 19-к-дын 2-жарымынан тарта ургаал өзгөрүүгө дуушарланган. 1953-жылдан кийин Кырг-ндын индустриясын көтөрүү мезгилинде Орусиядан ооп келгендердин 2-толкуну башталып, күч алган. Натыйжада, бир кылым мурда өлкөнүн негизи болгон түпкү эл эми Кырг-ндын жалпы калкынын азчылыгын түзүп калган (1970-ж.—43,8%ин, 1979-ж. – 47,9% ). 1991-ж. СССР ыдырап, анын тутумунда респ-лар, а. и. Кырг-ндагы өз алдынчылыкка жетишкени респ-дагы айрым улуттардын бөлүктөрүнүн өз тарыхый мекендерине кайтып кетишин күчөткөн. Мына ушундай процесстин негизинде Кырг-ндан 1992–2002-ж. 757 миң киши көчүп кеткен.

Натыйжада кыргыз эли 2009-жылга карата респ-нын жалпы калкынын 70,9%ин түзгөн.

Кырг-ндын калкынын саны Совет мезгилинде тез көбөйгөнү ачык-айкын. Мунун башкы булагы – табигый өсүш. Кыргыз эли отурукташып, жашоо-тиричилигинин оңолушу, саламаттык сактоонун жогорку деңгээлге көтөрүлүшү балдардын, о. эле чоңдордун да өлүмүн кескин азайтты, өмүрдүн орт. узактыгы өстү. Калктын санынын көбөйүшүнүн экинчи жагы биздин жерге сырттан айрым элдердин ооп келишине (миграцияга) байланыштуу болду.

1-таблица

**Калктын саны**

| Жылы | Калктын саны (миң киши) | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | Шаар калкы | Айыл калкы |
| 1897 | 663,0 | 63,0 | 600,0 |
| 1926 | 1001,7 | 122,3 | 879,4 |
| 1959 | 2066,1 | 696,2 | 1369,9 |
| 1970 | 2933,2 | 1097,5 | 1835,7 |
| 1979 | 3529,0 | 1366,5 | 2162,7 |
| 1989 | 4296,5 | 1640,9 | 2649,6 |
| 1999 | 4850,7 | 1713,8 | 3136,9 |
| 2000 | 4895,2 | 1724,3 | 3170,9 |
| 2000* | 4984,4 | 1729,9 | 3254,5 |
| 2009 | 5107,7 | 1802,9 | 3304,8 |

* Жыл башына

1989-жылдагы эл каттоо б-ча Кырг-ндын калкы 4257,7 миң адам болсо, 2009-жылдын башында анын саны 5107,7 миңге жеткен. Калктын орточо жыштыгы: ар бир чарчы *км* жерге 26 киши туура келет. Кырг-ндын калкы көп улуттуу. Мында 90 улут, этнографиялык топ жашайт.

**Калктын улуттук-этностук курамы.** Кырг-нда жашаган улуттар бири-биринен саны, тили, дини, маданияты, антропологиялык курамы, үрп-адаты ж.б. б-ча айырмаланат. Антропологиялык жактан респ-да жашаган калк монголоид ж-а европоид болуп 2 расадан турат. Сүйлөгөн тилдери б-ча түрк ж-а славян тилдери басымдуулук кылат. Калктын саны б-ча млндон тартып миң, жүз, он ж-а 1 – 2 эле кишиден турган улуттардын өкүлдөрү бар. Респ-када алыскы өлкөлөрдүн өкүлдөрү да жашайт. Мис., гректер, болгарлар, чехтер, ирандыктар, күрддөр, финндер, словактар, америкалыктар, арабдар, кубалыктар, венгрлер, голландыктар, ассириялыктар, вьетнамдар, албандар, француздар, австралиялыктар, хорваттар ж.б.

2009-ж. калктын басымдуу бөлүгүн кыргыздар – 70,9%ти түзгөн. Калктын саны б-ча 2-орунда өзбектер – 14,3%, 3-орунда орустар – 7,8% (к. 2-таблицаны). Кийинки учурда табигый өсүшү жогору болгон кыргыздардын, о. эле борбордук азиялык калктар – өзбектер, тажиктер, уйгурлар ж-а казактардын саны өсүү м-н бирге, орустар, немистер, украиндер, татарлар ж-а еврейлердин саны кыскарган. Бул алардын өкүлдөрү тарыхый өз мекенине же башка өлкөлөргө жер которуусу м-н түшүндүрүлөт. Жашаган элдердин бардыгы биригип келип, Кырг-ндын жалпы калкын түзөт. Алардын негизги максаты бир – экономиканы көтөрүү, улуттук идеологияны түзүү, рынок мамилесине өтүү, ар бир адамга камкордук, элдер арасындагы достукту чыңдоо, көз карандысыз эгемендүү демократиялуу мамлекетти түзүү ж-а аны өнүктүрүү.

Респ-нын негизги калкы к ы р г ы з д а р, алар Борб. Азиядагы түрк тобуна кирүүчү эң байыркы элдерден. 1897-жылкы бүткүл Орусиялык эл каттоонун маалыматы б-ча 600 миңдей кыргыз болгон. Кыргыздар респ-нын бардык жеринде жашайт, бирок, алар бир кылка болуп көп жашаган аймактарга – Нарын облусу, Ысык-Көлдүн батышы, Таластын чыгышы, Чүй облусунун чыгышы, Фергана өрөөнүнүн тоо этектери кирет. Чүй өрөөнүнүн, Талас, Ысык-Көл облустарынын басымдуу бөлүгүндө кыргыздар башка улуттар м-н аралаш отурукташкан. 2009-жылы респ-дагы кыргыз калкынын саны 3804,8 миң кишини түзгөн. Азыркы шартта ички миграцияга байланыштуу шаардагы кыргыздар барган сайын көбөйүүдө.

О р у с т а р – Түн. Кырг-нга 19-к-дын 60-жылдарында, Түш. Кырг-нга 1893-жылдан көчүп келе баштаган. Бул мезгилде падышалык Орусия колониялык саясатын жүргүзүп, орустарды Кырг-нга массалык көчүрүүнү ишке ашырган. Андан кийинки чоң агым – 1941–45-ж. Улуу согуштун учурунда болгон. Чыгышка көчүрүлгөн завод, фабрикалар м-н кошо жогорку квалификациялуу жумушчулар, жарадар болгондор, кары-картаңдар, жетим балдар көчүрүлүп келген. Орустар негизинен Кырг-ндын бардык жеринде жашайт. Алар көп жашаган региондорго Чүй облусу, шаарлардын бардыгы, өзгөчө Бишкек ш., Ысык-Көлдүн чыгышы, Талас облусунун батыш бөлүгү ж. б. кирет.

Ө з б е к т е р д и н көпчүлүк бөлүгү Фергана өрөөнүнүн түш.-батыш тарабында

Кокон хандыгы түзүлгөнгө чейин эле жашаган. Алар көбүнчө Ош, Жалал-Абад облустарында, Өзбекстандын Наманган, Анжиян, Фергана облустары м-н чектеш райондордо отурукташкан. Түн. Кырг-нда жашаган өзбектер – негизинен Кокон хандыгы түзгөн чептерде жашаган өзбектердин урпактары.

Украиндер Кырг-нга орустар м-н удаа келишкен. Алардын көбү Украинадан (Полтава облусу) ж-а Орусиядан чыккан. Украиндердин көбү шаарларда ж-а Чүй облусунда жашайт, алардын саны 2009-ж. – 21,9 миң киши болгон.

Азыркы учурда (2009-ж.) респ-да 31,4 миң татар жашайт. Алар 20-к-дын башында Кырг-нга көчүп келип, алгачкы мектептерди ачып, кыргыз жаштарына билим бере баштаган агартуу кызматкерлери болгон. Татарлардын көпчүлүгү шаарларда туруп, жумушчу кадрлары арбын, калгандары интеллигенция м-н соода кызматкерлери болгон.

2-таблица

Калктын улуттук курамы

| | 1926 | 1959 | 1979 | 1989 | 1999 | 2000 | 2001 | 2003 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык калк, а.н. | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| кыргыздар | 66,8 | 40,5 | 47,9 | 52,4 | 64,9 | 65,2 | 65,7 | 66,9 | 70,9 |
| орустар | 11,7 | 30,2 | 25,9 | 21,5 | 12,5 | 12,2 | 11,7 | 10,7 | 7,8 |
| өзбектер | 10,6 | 10,6 | 12,1 | 12,9 | 13,8 | 13,8 | 13,9 | 14,1 | 14,3 |
| украиндер | 6,4 | 6,6 | 3,1 | 2,5 | 1,0 | 1,0 | 0,9 | 0,8 | 0,4 |
| татарлар | 0,5 | 2,7 | 2,0 | 1,6 | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 0,8 | 0,6 |
| дуңгандар | 0,6 | 0,5 | 0,8 | 0,9 | 1,1 | 1,1 | 1,1 | 1,1 | 1,1 |
| уйгурлар | 0,8 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 0,9 |
| казактар | 0,2 | 1,0 | 0,8 | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 0,8 | 0,6 |
| тажиктер | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 0,9 |
| түрктөр | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,5 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,8 |
| азербайжандар | 0,0 | 0,0 | 0,5 | 0,4 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 |
| корейлер | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,3 |
| немистер | 0,4 | 2,0 | 2,9 | 2,4 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 0,2 |
| башка улуттар | 1,4 | 4,0 | 2,0 | 1,9 | 1,2 | 1,2 | 1,2 | 1,2 | 1,2 |

Дуңгандар Кырг-нга Кытайдын түн.-батыш бөлүгүнөн 19-к-дын аягында (1877–1878-ж.) көчүп келген. Алар Цин көтөрү-лүшүнө катышкандыктары үчүн катуу куугунтукталып, өз жеринен чыгып кетүүгө аргасыз болгон. Дуңгандар негизинен Чүй өрөөнү (Токмок ш., Александровка, Милянфан, Кеңбулун кыш.) м-н Ысык-Көлгө (Каракол ш., Ырдык айылы) отурукташкан. Кытай тилинде сүйлөшөт, мусулман динин тутушат. Көбүнчө дыйканчылык ж-а соода м-н кесиптенишет. 2009-ж. 58,1 миң дунган жашаган.

Кырг-нга уйгурлар Кытайдын Синцзян р-нан адегенде 20-к-дын 20-жылдарында, 2-жолу 50-жылдары «Маданий революциянын» кесепетинен көчүп келишкен. Отурукташкан жерлери – дыйканчылык зоналары ж-а Бишкек, Токмок, Каракол шаарлары.

Казактар илгертен бери кыргыздар м-н коңшулаш жашап келгендиктен Кырг-ндын бардык жеринде кездешет, басымдуу көпчүлүгү Чүй ж-а Талас облустарында жашап, негизинен мал чарбасында, билим берүү системасында ж-а соодада иштейт.

Кырг-нда чакан топторду түзүп жашаган улуттарга тажиктер, түрктөр, азербайжандар, корейлер, немистер кирет. Булардан немистер Кырг-нга негизинен Украинадан көчүп келишип, көбү Талас, Чүй облустарына (Кант р-нуна) отурукташкан. Кийинчирээк шаарларга да отурукташа башташкан. Бирок, 1989-ж. эл каттоо б-ча немистер Кырг-ндагы калктын жалпы санынын 2,4%ин түзсө, 2009-ж. ал 0,2% эле болуп калган. Бул болсо немистердин тарыхый өз жерине которулушу м-н түшүндүрүлөт.

3-таблица

Калктын табигый өсүшү
(калктын 1000 кишисине эсептегенде)

| Жылдары | Төрөлгөндөрдүн саны | Өлгөндөрдүн саны | Табигый өсүшү |
|---|---|---|---|
| 1940 | 33,0 | 16,3 | 16,7 |
| 1950 | 32,4 | 8,5 | 23,9 |
| 1960 | 36,9 | 6,1 | 30,8 |
| 1970 | 30,5 | 7,4 | 23,1 |
| 1979 | 30,1 | 8,3 | 21,8 |
| 1989 | 30,4 | 7,2 | 23,2 |
| 1990 | 29,1 | 6,9 | 22,2 |
| 1996 | 23,2 | 7,4 | 15,8 |
| 1998 | 21,7 | 7,2 | 14,8 |
| 1999 | 21,4 | 6,8 | 14,6 |
| 2000 | 19,7 | 6,9 | 12,8 |
| 2001 | 19,8 | 6,6 | 13,2 |
| 2002 | 20,2 | 7,1 | 13,1 |
| 2009 | 21,8 | 8,1 | 25,7 |

Кырг-нда булардан башка азербайжандар (2009-ж. маалымат б-ча – 17,3 миң киши), белорустар (1,4), еврейлер (0,9), калмактар (4,2), армяндар (0,9), башкырлар (1,1), грузиндер (0,6), корейлер (17,3), немистер (19,5), тажиктер (46,4), түрктөр (39,4),

чуваштар (0,8), гректер (0,5), молдовандар (0,8), поляктар (0,4), цыгандар (0,6) ж-а 0,2 миң башка улуттар жашайт.

**Калктын саны ж-а өсүшү.** Кырг-ндын калкы мындан 100 жыл мурдагыга, б. а. 1897-жылкы эл каттоонун маалыматына караганда 7,5 эсеге көбөйгөн (1-таблица). Калк негизинен – Октябрь революциясынан кийин көбөйө баштаган. 1920–40-ж-дын ортосунда калктын саны 77% өскөн. Бул процесс өзгөчө 1950-жылдан кийин күч алган. 1951–60-ж. мурунку көрсөткүчкө салыштырмалуу 25,5%, 1961–70-ж. – 35,3%, 1971–80-ж. – 22,3%, 1981–90-ж. – 21,7% көбөйүп, ар бир он жылдагы орточо өсүш 26,3%ти түзгөн.

Калктын мындай тез көбөйүшү анын табигый өсүшүнө, о. эле калктын миграциясына байланыштуу болгон.

Табигый өсүштүн башкы көрсөткүчү – балдардын төрөлүшү ж-а өлүм-житимдин азайышы (3-таблица). Төрөлүүлөрдүн санына эң чоң таасир кылуучу фактор – ар бир элдин тарыхый сакталып келе жаткан улуттук өзгөчөлүгү. Кыргыз элинин улуттук салты б-ча көп балалуу үй-бүлө кадыр-баркка ээ. Мындай үй-бүлөдө балдар эмгекчил, боорукер, бири-бирине жардам беришип, өзүмчүл болбой чоңоёт. 1996-ж. төрөлгөндөрдүн жалпы саны 108 миң болсо, анын 24,1 миңи, б. а. жалпы төрөлгөндөрдүн 22,3% төрт ж-а андан көп балалуу энелерден туулган. Жалпысынан төрөлгөндөрдүн саны барган сайын азайууда (2002-ж. бардыгы 101,0 миң бала төрөлгөн). Бул болсо калктын ар 1000 адамына эсептегенде 20,2 баланы гана түзөт. Респ-нын аймагында төрөлгөндөрдүн саны бардык жерде бирдей эмес. Жергиликтүү улут басымдуулук кылган Ош, Жалал-Абад, Нарын облустарында төрөлгөн балдардын саны 1000 кишиге 25,7 – 22,0 болсо, Ысык-Көл, Чүй облустарында ал 15—20 бала (2002).

4-таблица

**Калктын өмүрүнүн орточо узактыгы**
(жашы)

| Эсептелген жылдар | Эркектер ж-а аялдар | Эркектер | Аялдар |
|---|---|---|---|
| 1970 | 69,3 | 64,8 | 73,3 |
| 1980 | 66,1 | 61,5 | 70,4 |
| 1990 | 68,5 | 64,2 | 72,6 |
| 1998 | 67,1 | 63,1 | 71,2 |
| 1999 | 68,7 | 64,9 | 72,6 |
| 2001 | 68,7 | 65,0 | 72,6 |
| 2002 | 68,1 | 64,4 | 72,1 |
| 2007 | 68,8 | 64,8 | 73,0 |

Калктын өсүү динамикасына түздөн-түз таасир этүүчү дагы бир фактор өлүм-житим. Өлүм-житимдин көрсөткүчү адам өмүрүнүн узактыгына байланыштуу. Респ-да өлүм көбүнчө наристелер м-н улгайган адамдардын арасында жогору. Кырг-нда кийинки 40–50 жыл ичиндеги өлүм-житимдин орточо көрсөткүчү 6,1—8,4‰ден ашкан эмес. 2002-ж. ал 7,1‰ болгон. Респ-дагы эң төмөнкү көрсөткүч Ош облусунда – 5,2‰, Жалал-Абад ж-а Баткен облустарында – 5,9‰, ал эми Чүй облусунда – 10,2 ‰, Бишкек ш-нда – 7,5‰. Өлгөндөрдүн саны айылкыштак жерлеринде шаарларга салыштырганда бир аз төмөн. Аялдардын өлүмүнө караганда эркектердики көбүрөөк.

Кырг-ндын калкынын өсүү динамикасына өмүрдүн узактыгынын мааниси зор. 20-к-дын башында респ-дагы калктын өмүрүнүн орточо узактыгы 30 жаштын айланасында болсо, Улуу Ата Мекендик согуштун алдында ал 40–45 жашка, 2002-ж. 68,1 жашка жеткен. Башка өлкөлөрдөгүдөй эле респ-да эркектердин өмүрү аялдардыкынан кыска (4-таблица).

5-таблица

**Калктын жыныс б-ча бөлүнүшү**

| | Жалпы калк, миң | Анын ичинен | | Жалпы калкка карай % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эркеги | аялы | эркеги | аялы |
| 1970 | 2933,0 | 1401 | 1532 | 47,8 | 52,2 |
| 1979 | 3529,0 | 1714 | 1815 | 48,0 | 52,0 |
| 1989 | 4290,5 | 2094,3 | 2196,3 | 48,8 | 51,2 |
| 1995[1] | 4554,7 | 2239,2 | 23155 | 49,2 | 50,7 |
| 1997[1] | 4689,7 | 2310,0 | 2379,7 | 49,3 | 50,6 |
| 1999 | 4850,7 | 2392,6 | 2458,1 | 49,3 | 50,6 |
| 2000[1] | 4895,2 | 2415,6 | 2479,6 | 49,3 | 50,6 |
| 2002[1] | 4946,5 | 2443,6 | 2502,8 | 49,4 | 50,6 |
| 2003[1] | 4984,4 | 2463,2 | 2521,2 | 49,4 | 50,6 |
| 2009 | 5107,7 | 2489,2 | 2618,5 | — | — |

[1] жылдын башына

Калктын өсүшү никелешүүгө ж-а никенин бузулушуна да байланыштуу. Респ-да никелешүү 18 жаштан башталат. Ошондуктан калктын табигый өсүшүн негизинен никеде турган 20 жаштан 29 жашка чейинки аялдар камсыз кылат. 1990-жылдарга чейинки 20–25 жылдын ичинде никелешкендердин саны ар бир 1000 кишиге 9,9-10,6 киши, никени бузуп ажырашкандардыкы 1,8–2 болсо, кийин азайып, 2002-ж. никелешкендер 6,9, ажырашкандар 1,2‰ге төмөндөгөн. Ажырашкандардын

саны шаарларда айыл жерлердегиден 2–3 эсе көп, б. а. Бишкек ш-нда – 2,4‰, Чүй облусунда 2,3‰, Нарын облусунда болгону 0,6‰, Жалал-Абад ж-а Ош облусунда – 0,6‰ ж-а 0,7‰.

Жалпысынан Кырг-ндын калкы 100 жылдын ичинде дээрлик 4 млн адамга өскөн. Ал эми кыргыздар 70 жылдын ичинде 3,0 млнго көбөйгөн.

**Калктын жыныс ж-а жаш б-ча бөлүнүшү.** 1926-ж. эл каттоодо Кырг-нда 521 миң эркек ж-а 481 миң аял болгон. 1939-ж. эл каттоодо эркек 221,2 миң адамга көптүк кылса, ал эми 1959-ж. тескерисинче аял 610,5 миңге арбын болгон. 1989-ж. 2094,3 миң эркек (48,8%) ж-а 2196,2 миң аял (51,2%) катталган, ал эми 2003-ж. 1-январда эркек 2463,2 миң адамга (49,4%) ж-а аял 2521,2 миң адамга (50,6%) жеткен. Эркек м-н аялдын сан жагынан мындай айырмачылыгы улгайган аялдардын эсебинен ж-а согуштун кесепетинен келип чыккан.

Бирок, барган сайын эркектердин саны аялдардыкына теңелип келе жатат. Жалпысынан жаштардын ичинде эркектер тең, ал эми улгайганда аялдардын саны көбөйгөндүгү байкалат (7-таблица). Ошол эле учурда респ-нын кээ бир региондору б-ча бул көрсөткүчтө айырмачылыктар бар. Ысык-Көл, Талас облустарында эркек м-н аял дээрлик тең болсо, Нарын облусунда эркектер басымдуулук кылат (5-таблица).

6-таблица

**Эркектер м-н аялдардын региондор б-ча саны**

(2009-жыл боюнча)

| Региондор | Жалпы калк, миң адам | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | эркеги | аялы |
| Баткен облусу ............ | 380,3 | 186,8 | 193,5 |
| Жалал-Абад облусу..... | 938,6 | 461,0 | 477,6 |
| Нарын облусу........... | 245,3 | 123,3 | 122,0 |
| Ош облусу ................ | 1000,0 | 494,2 | 505,8 |
| Талас облусу ............ | 219,6 | 109,6 | 110,0 |
| Чүй облусу ............... | 790,5 | 387,6 | 402,9 |
| Ысык-Көл облусу ....... | 425,1 | 209,6 | 215,5 |
| Бишкек шаары .......... | 865,1 | 402,9 | 462,2 |

**Калктын билим деңгээли.** 1913-ж. Түн. Кырг-нда жалпы элдин 4,6%и гана сабаттуу болгон. Социалисттик курулуш жылдарында респ-да маданий революция ийгиликтүү ишке ашырылып, калктын сабатсыздыгы дээрлик толук жоюлган. Эгерде 1920-ж. 9—49 жаштагылардын 3,5%и гана сабаттуу болсо, 1926-ж. алардын үлүшү 16,5%ке, 1979-ж. 99,8%ке жеткен.

Калктын билим деңгээли өтө көтөрүлгөн. 1979-ж. шаарда иштеген ар 1000 кишинин 664ү, айылдагы иштегендердин 786 жогорку ж-а орто билимдүү болгон. Кырг-н эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, билим алуунун ар кандай түрлөрүнө жол берилүүдө. Натыйжада жаңы жогорку окуу жайлары, лицейлер, колледждер, гимназиялар, дин окуу жайлары ачылып, билим алуу мүмкүнчүлүгү арбыган. Көптөгөн жаштар үчүн алыскы чет өлкөлөрдөн билим алуу шарты түзүлгөн.

7-таблица

**Туруктуу калктын жашы б-ча бөлүнүшү**

| Жаш курагы | Калктын саны миң адам | | Ушул курактагы 1000 эркекке туура келген аялдардын саны | |
|---|---|---|---|---|
| | 1989-ж. | 1999-ж. | 1989-ж. | 1999-ж. |
| Калктын жалпы саны а.и. | 4257,7 | 4822,9 | 953 | 957 |
| 9га чейинкилер | 1133,6 | 1148,0 | 1021 | 1038 |
| 10–19 | 868,1 | 1076,3 | 1024 | 1020 |
| 20–29 | 742,2 | 818,5 | 992 | 1018 |
| 30–39 | 560,1 | 699,9 | 983 | 995 |
| 40–49 | 282,9 | 474,2 | 984 | 948 |
| 50–59 | 318,1 | 221,9 | 887 | 892 |
| 60–69 | 212,1 | 226,8 | 668 | 799 |
| 70–79 | 94,4 | 124,7 | 463 | 597 |
| 80 ж-а андан улгайгандар | 43,8 | 35,6 | 408 | 334 |

**Калктын социалдык курамы ж-а эмгек ресурстары.** 1990-ж. чейин Кырг-н калкынын социалдык курамын жумушчу табы, колхозчу дыйкандар ж-а интеллигенция түзүп келген. Азыркы учурда мурдагы жумушчу, кызматчы ж-а дыйкандардан башка жаңы болочок таптардын негизи түзүлө баштады. Аларга ишкана (завод, фабрика), дыйкан чарба ээлери, банкирлер, бизнесмендер ж. б. пайда болуп, кооперативдик, жеке менчик, ар кандай экон. уюмдар, бирикмелер, концерндер, тресттер, корпорациялар, биргелешкен ишканалар, соода, ө. ж., а. ч. тейлөө системаларынын майда ишканалары түзүлүп, аларды ээлеген адамдардын катмары жаралды. 2002-ж. Кырг-ндагы эмгек ресурсу 2826,2 миң адамдын 1813,6 миңи иштегендер, 254,5 миңи окуучулар, 758,1 миңи эмгекке жөндөмдүү, бирок иштебей бош жүргөндөр болгон. Ал эми иштегендердин 20,2%и мамлекеттик ишканалар м-н мекемелеринде, 79,8%и жекече ишканаларда эмгектенишет. 9,3%и акционердик коомдордо,

36,9%и коллективдүү-дыйкан чарбаларында, 46,7%и дыйкан чарбаларында (өз чарбасында жекече эмгек кылгандар м-н кошо), 11,7%и жекече эмгектенүү чөйрөсүндө (өз алдынча жумуш таап алуучулар м-н кошо) болгон. Ал эми өндүрүштө иштегендердин 10,8%и ө. ж. м-н курулушта, 52,0%и айыл ж-а токой чарбаларында (дыйкан ж-а өз чарбаларында жекече иштегендери м-н кошо), 3,7%и транспорт м-н байланышта, 11,4%и соода ж-а коомдук тамактануу, материалдык-тех. жабдуу ж-а даярдоодо, 4,4%и саламаттыкты сактоо, физкультура ж-а социалдык камсыздоо, билим берүү, маданият ж-а искусстводо, илимде кызмат өтөгөндөр болгон.

Азыркы учурда Кырг-ндын региондорунда геогр. жактан калктын социалдык курамында чоң айырмачылыктар бар. Ири шаарлар жайгашкан ж-а өнөр жайлуу Чүй, о. эле Ош, Жалал-Абад облустарынын көп райондорунда калктын социалдык курамы ар түрдүү келип, мында басымдуу көпчүлүгү жумушчулар м-н кызматкерлер. Ал эми бийик тоолуу аймактарда – Нарын облусунда, Алай, Тоң, Чаткал ж.б. райондордо калктын социалдык курамын дыйкандар м-н интеллегенция түзөт.

Кырг-ндын ички региондору б-ча эмгек ресурстарын пайдалануунун деңгээли бирдей эмес. Бийик тоолуу аймактар (Нарын облусу ж.б.) жалпысынан мал чарбасына адистешкен, ошондуктан калктын көпчүлүгү негизинен мал багуу ж-а дыйканчылык м-н кесиптенишет. Бирок, бул тармакта деле эмгекке жарамдуулары иш м-н толук камсыз кылуу өтө татаал. Экон. кризис болуп турган кийинки учурда көпчүлүк ишканалар жабылып, жумушсуз калган калктын саны көбөйүүдө (8-таблица)

8-таблица

**Жумушсуз деп атайын каттоодон өткөндөр**
(жыл аягында)

| | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2002 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздардын саны миң адам . . . . . . . . . | 1,8 | 2,9 | 12,6 | 50,4 | 77,2 | 54,6 | 55,9 | 54,7 | 58,3 | 60,2 |
| Жалпы жумушсуздардын ичинде аялдардын үлүшү . . . . . . . . | 73,3 | 69,7 | 60,9 | 59,3 | 57,9 | 58,5 | 59,6 | 55,9 | 53,6 | — |

**Калктын миграциясы.** Кырг-нда жүздөгөн жылдар бою тышкы миграция басымдуулук кылып келген. Орустар м-н украиндер бир кылка болуп жашаган Чүй, Талас, Ысык-Көл, Фергана өрөөндөрүндөгү калктуу пункттарды Орусиянын европалык бөлүгүнөн көчүп келгендер негиздешкен. Ошол эле учурда 19-к-дын 2-жарымында Талас м-н Чүйдө немис калкынын кыштактары пайда боло баштайт. Аларды Украинадан, Орусиядан куугунтукталып көчүп келген немис мигранттары негиздешкен. 19-к-дын 2-жарымында чыккан көтөрүлүштөрдөн кийин кытайлык бийликтен жапа чеккен, куугунтукка алынган дунгандар, кийинчерээк уйгурлар көчүп келип, негизинен Чүй өрөөнүнө отурукташып калган. 20–30-ж. Түн. Кавказдагы даргин, түрк ж. б. улуттардын дыйкандары да көчүрүлүп келинген.

Ата Мекендик согуш жылдарында зордук м-н көчүрүлөп келинген чечен, ингуш,

9-таблица

**Калктын сырткы миграциясы** (миң адам)

| | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| Сырткы миграция | | | | | | | | | | | |
| Келгендердин саны.................. | 26,3 | 23,0 | 20,1 | 18,4 | 15,9 | 12,8 | 10,2 | 7,9 | 5,4 | – 5,0 | 4,9 |
| Кеткендердин саны.................. | 103,7 | 143,6 | 71,2 | 37,3 | 27,6 | 19,5 | 15,7 | 17,8 | 27,9 | – 31,6 | –32,7 |
| Миграциялык агым а. и. | –77,4 | –120,6 | –51,1 | –18,9 | –11,7 | – 6,7 | – 5,5 | – 9,9 | – 22,5 | – 26,6 | – 27,8 |
| Жакынкы чет өлкөлөргө миграция | | | | | | | | | | | |
| Келгендердин саны................ | 26,0 | 22,8 | 20,0 | 18,2 | 15,8 | – 12,7 | – 10,1 | 7,8 | – 5,3 | 5,0 | 4,8 |
| Кеткендердин саны................ | 90,5 | 132,2 | 61,1 | 28,6 | 21,2 | 15,5 | 12,1 | 14,5 | 24,7 | 28,7 | 30,1 |
| Миграциялык агым а. и. | – 64,5 | – 109,4 | – 41,1 | – 10,4 | – 5,4 | – 2,8 | – 2,0 | – 6,7 | – 19,4 | – 23,7 | – 25,3 |
| Алыскы чет өлкөлөргө миграция | | | | | | | | | | | |
| Келгендердин саны................ | 0,3 | 0,2 | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | – | 0,1 |
| Кеткендердин саны................ | 13,2 | 11,4 | 10,1 | 8,7 | 6,4 | 4 | 3,6 | 3,4 | 3,2 | 2,9 | 2,6 |
| Миграциялык агым................ | – 12,9 | – 11,2 | – 10,0 | – 8,5 | – 6,3 | – 3,9 | – 3,5 | – 3,3 | – 3,1 | – 2,9 | – 2,5 |

карачай, балкар, крым татарлары м-н катар, немистик баскында калган европалык бөлүктөн орустар, украиндер, белорустар ж. б. миңдеген мигранттар респ-нын бардык облустарына көчүп келип, жайгашкан. Алардын көпчүлүгү согуштун майыптары, аялдар, кары-картаңдар болгон. Кырг-нга көчүрүлүп келинген ө. ж. ишканалары м-н кошо жогорку квалификациялуу адистер да келишкен. Кийинки 20–30 жылдын ичинде Сибирден, Ыраакы Чыгыштан, Орусиянын түндүгүнөн өз ыктыяры м-н «жакшы жер» издеп келгендердин саны да арбын болгон. 80-жылдардын аягында сырттан көчүп келүүчүлөрдүн саны кыскарып, тескерисинче 90-жылдары респ-дан көчүп кетүүчүлөрдүн саны көбөйө баштаган. Анын эң эле күч алышы 1993-жылга туура келет. Бул жылы Респ-дан кеткендердин саны 143,6 миң адамга жеткен, а.и. орустар – 90 миң, украиндер – 11,7 миң, немистер –11,1 миң, татарлар –9,5 миң ж.б. болгон. 1994-жылдан тартып миграция азая баштаган (9-таблица). Көчүп кеткендер негизинен жакынкы чет өлкөлөргө — Орусия, Өзбекстан, Казакстан, Украина, Белоруссияга оошкон. Ал эми алыскы чет өлкөлөргө кеткендер анча деле көп эмес. Алар негизинен Германия, Израиль, АКШ өлкөлөрүнө кетишкен. Ошол эле учурда келгендердин басымдуу көпчүлүгү Орусия, Казакстан, Өзбекстандан ж-а Тажикстандан болгон.

Ички миграциялык процесстин жүрүшү шаар ж-а айыл кыштактардагы өндүрүштүк, рыноктук мамилелер м-н шартталган. Акыркы жылдары материалдык ж-а социалдык шарттар төмөнүрөөк райондор м-н облустардан өнөр жайлуу облустарга, шаарларга келип, отурукташуу ургаал жүрүүдө. Нарын, Ысык-Көл, Талас облустарынан Бишкек, Токмок, Кара-Балта шаарларына, алыскы мал чарбалуу райондордон Ош, Жалал-Абад ж.б. өнөр жайлуу борборлорго чаржайыт түрдө, көбүнчө жаштар көчүп кетип жатат. Көп жаштар билимин улантуу максатында Бишкек, Ош, Каракол, Жалал-Абад ш-на отурукташкан. Ошондуктан ички миграциянын басымдуу көпчүлүгү (80%) эмгекке жарамдуулар болуп эсептелет.

**Калктын жыштыгы.** Кырг-ндын аймагы тоолуу болгондуктан анда калк текши отурукташкан эмес. Орт. жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 26 киши (2007).

Калктын 80%и деңиз деңг. 1500 *м* бийиктикке чейинки аймактарга жайгашкан, ал Кырг-ндын 15%ке жетпеген аянтын түзөт. Буларга Чүй, Талас өрөөндөрү, Фергана өрөөнүнүн чет-жакалары кирет. Мында кээ бир жерлердеги орточо жыштык 100–150 кишиге жетет. Чүй өрөөнүндө ө. ж. өндүрүшү өнүккөн шаарлар (Бишкек, Токмок, Кара-Балта ж. б.) жайгашкандыктан респ-нын калкынын дээрлик 30% жашайт. Респ-нын калк жыш жайгашкан аймактарынын бири – Ош облусу. Мында калк негизинен айыл чарба өнүккөн райондордо жышыраак топтошкан. Респ-да калк сейрек жайгашкан өрөөндөргө Нарын, Жумгал, Кочкор, Алай, Чаткал, Суусамыр, Ат-Башы ж. б. кирет. 2007-жылга карата 1 *км*$^2$ жерге Баткен облусунда 23,3, Нарын облусунда 5,8, Ысык-Көл облусунда 10, Талас облусунда 18,2, Жалал-Абад облусунда 27,4, Ош облусунда 36,5, Чүй облусунда 37,5 киши туура келет.

Революцияга чейин Кырг-ндын калкынын көбү көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушта болгондуктан отурукташкан калк аз болгон. Бул мезгилде Кырг-нда алты гана шаар (Бишкек, Токмок, Каракол, Жалал-Абад, Ош, Өзгөн) болгон. Бара-бара турмуш шарты кескин өзгөргөндүктөн калк жалпы отурукташып, көптөгөн айыл-кыштактар пайда болгон. Кырг-нда 7 облус, 25 шаар, 28 шаарча, 1834 кыштак бар (2009).

Айыл-кыштактардын өсүшүнө 20—30-жылдардагы колхоз-совхоздордун түзүлүшү, ал эми шаарчалардын пайда болушуна 40—50-жылдарда эл чарбасын индустриялаштыруу, табигый байлыктарды өздөштүрүү зор көмөк болгон. Респ-да жалпысынан айыл калкы басымдуулук кылат, бирок шаар калкы ыкчам өсүүдө. Шаар калкы бардык региондордо бирдей эле темпте көбөйгөн, бирок кийинки учурда ө. ж. ишканаларынын иштебей, кен байлыктардын казылып алынышы басаңдап калышынан, миграциянын ж. б. себептерден шаар калкынын өсүшү төмөндөй баштаган. Шаар калкы басымдуулук кылган аймактарга Чүй, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл облустары кирет. Кырг-ндын айыл калкы бир калыпта өсүп, 1939–59-ж-да жалпы калктын 66,3%ин, 1979–89-жылдары – 61,7%ин, ал эми 2009-ж. 64,7%ин түзгөн. Социалдык-экон. шарттын оордошуна байланыштуу кийинки жылдарада айыл жеринен шаарларга көчүп кетип жаткандардын саны өсүүдө. Бирок, айыл жерлеринде табигый өсүү жогору болгондуктан, айыл калкынын азайышы анчалык байкалбайт.

*И. Егембердиев*

# ЭКОНОМИКАСЫ

**Жалпы маалымат** Кыргызстан экономикасы өтмө типтеги өлкөлөрдүн катарына кирип, чарба иштерин рыноктук мамиледе жүргүзүп келе жатат. Ички дүң продукциясынын көлөмү (ИДП) 10,5 млрд. доллар, аны киши башына бөлүштүргөндө 2 миң доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,696 (2009); дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 116-орунду ээлейт.

Кыргыз Респ. өзүнчө мамлекет болгон 1991-жылдан тартып комплекстүү экон. кайра куруу программасын ишке ашырууга киришкен. Респ-да экон. системанын жаңы принциптери турмушка ашырыла баштаган. 1992-жылдан көпчүлүк баа эркин коё берилди. 1993-жылдын май айынан тартып Кырг-н ул. жаңы акчаны — сомду киргизди. Респ-да тез арада менчиктештирүү иштери жүргүзүлдү. Жеке менчик ө. ж-да 88,6%, курулушта 58,7%, транспортто 56,9%, соода ж-а коомдук тамактанууда 97%, турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө 99,8% түзгөн (2009-ж.). Айыл чарбасында менчиктештирүү негизинен аяктап, андагы жерге болгон менчик ж-а аны сатуу укуктары да толугу м-н ишке киргизилди. 2000-жылдан баштап энергетика, телекоммуникация сыяктуу стратегиялык тармактарды менчиктештирүү б-ча иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Натыйжада эл чарба ишканаларынын көбү мамл. эмес секторго тийиштүү болуп, алардын иш-аракеттери базар мамилесине ылайык жөнгө салынып, жаңы экон. системанын негизин жеке менчик, эркин баа түзүлүшү, эркин атаандаштык ж-а мамл. тейлөө түзөт.

Базар мамилеси м-н мамл. тейлөөнүн мындай өз ара айкалышы, азыркы учурда Кырг-нда аралаш (же конвергенттик) экон. системасын калыптандырууда.

Жаңы экон. системага өтүү, мурунку өндүрүштүк байланыштын үзүлүшү алгачкы жылдарда, КМШнын башка өлкөлөрүндөгүдөй эле Кырг-ндын экон-сын да терең кризиске учуратты. 1990-жылдан кийин өндүрүштүн көлөмү улам төмөндөп, 1995-ж. эң төмөнкү чегине жеткен. Алсак, 1995-ж. респ-нын ички дүң продукциясы (ИДП) 1990-жылдагыга (100%) караганда 50,3%ти, ө. ж. дүң продукциясы 35%ти гана түзгөн. 1996-ж. экон-нын төмөндөшү токтоп, өндүрүш турукташа баштаганы байкалат; мис. ИДП 1995-жга. салыштырганда 5,6%ке, ө. ж. продукциясын өндүрүү 10,8%ке, а.ч-ныкы 13,1%ке жогорулаган. 1997—2001-ж-да ушул оң көрүнүштөр сакталып калган. 2001-ж-дын жыйынтыгы б-ча ИДП 5,3%ке өсүп, инфляция 18,7%ке чейин, мамл. бюджеттин тартыштыгы (ИДПга карата) 0,5%ке чейин төмөндөгөн. Бирок жогоруда келтирилген жетишкендиктерди туруктуу дешке эртерээк. Экономикадагы уланып жаткан кризистин айрым жактарын далилдеген фактылар да бар.

Акчалай сунуштун көлөмү жетишсиз болгондуктан ишкер адамдар кредит (карыз) алуу м-н өндүрүштү өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүнөн чектелүүдө. Азырынча респ-дагы банктардын көбү, кыска мөөнөттөгү карыздарды соода ж-а алып сатарлыкка гана берүүдө. Узак мөөнөттөгү кредиттер жокко эсе. Улуттук валюта — сомдун алмашуу курсу туруктуу боло албай, 1995-ж. 1 доллар 10,8 сом болсо, 2000-ж. 47,7 сомго, 2001-ж. 48,4 сомго чейин көтөрүлүп кеткен (2010-ж. 1 доллар 45,8 сом). Баалуу кагаздардын рыногу респ-да жаңыдан гана калыптанууда, акционердик ишканаларга капиталдык салымдарды активдүү багыттоодо анын таасири али сезиле элек.

Ө. ж-нын өнүгүшү негизинен электр энергиясынын, түстүү металл, тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-нын гана эсебинен камсыз болгон. Машина куруу тармагы азырынча төмөндөөдө, анын ишканаларынын кыйласы иштебей калган. Чыгымын жаба албаган ишканалардын саны көбөйүп (2001-ж. 38-43%), жалпы ө. ж-нын рентабелдүүлүгү төмөндөп, өндүрүлгөн продукциянын 15—26%и сатылбай калууда.

Айыл чарбасынын жетишкендиктери негизинен дыйканчылыктын эсебинен болууда, эгиндин дүң жыйымы жакшы болуп, жалпы өсүш камсыз кылынды. Кийинки жылдары малдын ж-а канаттуулардын саны азайып кеткен эле, учурда мал чарбасы кайра өнүгүү жолуна түшө баштады.

Жүк ж-а жүргүнчү ташуучу транспорттун иш көлөмү кеңейгени м-н, тармактагы техниканын эскилиги, анын дагы жакшырышына тоскоол болууда.

Керектөө рыногунда импорттук товарлардын басымдуулугу (70%ке жетиши), жерг. товар өндүрүүчүлөрдүн сатып-өткөрүү рыногун жоготушу, соодадагы көмүскө криминалдык мамилелердин өзгөчө өнүгүшү, маркетингдик изилдөөлөрдүн начар пайдаланышы экономикага чоң залал келтирүүдө.

Экономиканы турукташтыруу акча-кредит ж-а финансы системасын чыңдоо ж-а инфляциянын деңгээлин олуттуу төмөндөтүү иштерине таянат. Акча-кредит саясатын күчөтүү м-н инфляцияны 17—19%тин аралыгында чектөөгө, ал эми кредит үчүн процентти 40—50%ке чейин төмөндөтүүгө жетишилди. Бирок финансыны турукташтыруу проблемасын экон-дан ажыратып чечүүгө болбойт. Экон-нын каатчылык абалы 1996—2000-ж. өндүрүштүн өсүшүнүн учурунда да акча-кредиттик ж-а финансылык өнүгүү тенденцияларынын туруксуздугунан да көрүндү.

Финансылык биротоло турукташуунун, сомдун туруктуулугун чыңдоонун ж-а инфляциянын төмөнкү деңгээлин камсыз кылуунун эң туура жолу — респ-нын реалдуу экон-сын көтөрүү, ички рынокту атамекендик өндүрүштүн салыштырмалуу арзан ж-а сапаттуу товарлары, кызмат көрсөтүүлөрү м-н толтуруу. Республика экономиканы көтөрүүдө биринчи кезекте айыл чарбасын, анын азык-түлүктөрүн кайра иштетип чыгуучу тармактарды, тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-н, туризмди өнүктүрүүгө, респ-нын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багыт алды.

Жыйынтыктап айтканда, экон. реформаларды жүргүзүүнүн биринчи этабында товар-базар мамилелерин өнүктүрүү үчүн жалпы шарт түзүү милдети чечилди: жеке менчик ж-а ишмердик эркиндиги киргизилди, мамл. ж-а колхоздук ишканалардын монополиясы жоюлду, өзүнчө жеке, акционердик, биргелешкен ж-а чет өлкөлүк ишканалар, дыйкан ж-а фермер чарбалары, а. ч. кооперативдери, дыйкан ассоциациялары ж. б. чарбалык формалар түрүндө кеңири атаандаштык чөйрөсүн түзүү б-ча зор иштер жасалды, эки деңгээлдеги кредиттик-банк системасы ишке киргизилди, баалар бош коё берилди.

2000-жылдардан республика экон. реформалардын 2-этабын жүзөгө ашырууга багыт алды. Мында, ар бир өзүнчө ишкана же чарба, ар бир акционердик коом же мамл. акционердик коом же мамл. акционердик корпорациялар ж. б. чарба жүргүзүүчү же ээлик кылуучу ишканалар, уюмдар ж-а мекемелер өздөрүнүн структуралык кайра куруу маселелерин микродеңгээлде чечүүсү зарыл. Башкача айтканда, милдет базарда суроо-талап м-н пайдаланыла турган продукцияны ж-а аны тейлөөнү, алардын баасы ж-а сапаты б-ча атаандашууга жарактуу болгудай тандап алууда, аларды пайда м-н сатып өткөрүү мүмкүн боло турган базарды табууда турат.

Кырг-нда катталган ээлик кылуучу ж-а чарба жүргүзүүчү юридикалык жактардын ж-а жеке адамдардын саны 2003-ж-дын 1-январына карата 246,4 миңге жеткен. Алардын 195,6 миңин катталган ээлик кылуучу субъектилердин 79,4%и жеке адамдардын ээлик кылуучу субъектилери, калган 50,8 миңин (20,6%) юридикалык жактардын ишканалары, уюмдары ж-а мекемелери түзгөн. Алардын ичинен юридикалык жактардын ишмердиги өлкөнүн экон-нын өнүгүшүндө негизги орунду ээлеп, алар ар башка менчиктерге мамл., коммуналык, жеке менчик ишмердиктин түрлөрүнө чакан, орто ж-а ири экономиканын тармактарына (айыл чарба, өнөр жай, транспорт ж-а байланыш ж. б.) тиешелүү. Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен мамл.менчикке 7,8% (2003-ж-дын башында), коммуналыкка – 4,7% ж-а жеке менчикке – 87,5% ишкана, уюм ж-а мекемелер туура келип, алардын ири басымдуу бөлүгүн чакан ишканалар (87,0%), орточолору – 8,7% ти, ал эми ири ишканалар болгону – 4,3%ти гана түзгөн. Юридикалык жактардын экон. ишмердиктин түрлөрү, б. а. тармактарга бөлүнүшү б-ча алардын кыйла бөлүгү – 30,1%и соода, автомобилдерди ж-а үйдө керектелүүчү буюмдарды, тетиктерди оңдоого 14,6%, коммуналык ж-а социалдык тейлөөлөргө – 13,5%и,

ө. ж-на 9,8%и, айыл чарба, аңчылык ж-а токой чарбаларына 7,1%и, кыймылсыз мүлк, операцияларды, ижара ж-а керектөөчүлөргө тейлөө көрсөтүүгө, 5,5%и курулушка 4,5%и транспорт ж-а байланышка, калган 14,9%и башка тармактарга таандык.

Өлкөдө катталган ээлик кылуучу юридикалык жактардын 46,3%и базар шартына ылайыкташкан өндүрүштүн ж-а инфрактруктурасы түзүгүрөөк өнүккөн Бишкек шаарында, 13,4%и Ош ,12,5%и Жалал-Абад , 11,4%и Чүй , 6,4%и Ысык-Көл, 3,9%и Нарын, 3,3%и Баткен, 2,8%и Талас облустарында жайгашкан.

Кырг-ндын экон-нын өндүрүштүк (товар чыгаруу) ж-а тейлөө тармактарында 2007-ж. 75,2 млрд сомдук баадагы ички дүң продукту (ИДП) өндүрүлгөн. Анын (ИДПнин) структурасында товарларды чыгаруучу тармактардын үлүшү 59,6%и (а. и. айыл ж-а токой чарба 43,0%, ө. ж. 15,2%, курулуш ж. б. 3,7%и), тейлөөчү тармактын үлүшү 41,8%ти (соода 12,0%, жүк ташуучу транспорт – 2,3%, байланыш – 2,0%, материалдык эмес тармактардын рынок тейлөөлөрдө – 24,1%) түзгөн.

**Өнөр жайы.** Кырг-н өз алдынча эгемендүү мамлекет болгон 1991-ж-дан өндүрүштү рыноктук экон-нын талаптарына ылайыкташтыруунун натыйжасында ө. ж. өндүрүшүндө тармактык чоң өзгөрүүлөр болду. Респ-да базар чөйрөсүн түзүүгө багытталган иш-чаралар, ири ишканаларды кайрадан уюштуруу ж-а менчиктештирүү программасы аткарылды.

1-таблица

**Ички дүң продуктанын 1997—2001-ж-дагы тармактык структурасы (%)**

| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукта | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Өнөр жайы | 16,5 | 16,3 | 21,7 | 23,3 | 22,5 |
| Айыл чарбасы | 41,1 | 35,9 | 34,8 | 34,2 | 34,5 |
| Токой чарбасы | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,05 |
| Курулуш | 4,5 | 4,5 | 3,1 | 3,8 | 3,8 |
| Транспорт ж-а байланыш | 4,2 | 4,5 | 4,9 | 3,9 | 4,3 |
| Соода ж-а коомдук тамактануу | 10,5 | 12,6 | 12,9 | 12,0 | 12,3 |
| Турак жай ж-а коммуналык чарба | 4,9 | 5,2 | 2,9 | 2,3 | 2,5 |
| Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө | 0,3 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,5 |
| Саламаттык сактоо, илим, билим ж-а маданият | 6,0 | 6,8 | 6,4 | 5,3 | 5,2 |
| Финансы, кредит, камсыздандыруу ж-а пенсиялык камсыздоо | 1,0 | 1,1 | 0,3 | 0,4 | 1,1 |
| Башкаруу | 2,3 | 3,0 | 4,5 | 6,2 | 5,0 |
| Башка тармактар | 8,4 | 9,6 | 8,2 | 8,5 | 8,2 |

1992–95-ж. ө. ж. тармагында ири масштабдагы менчиктештирүү жүргүзүлүп, 1991–9, 1992–108, 1993–46, 1994–59, 1995–138, 1996–22, 1997–45, 1998–3, 1999–4 ө. ж. ишканалары менчиктештирилген. Менчиктештирүү базар шартында даярдыксыз жүргүзүлгөндүктөн жогорку адистешкен ө. ж.ишканалары токтоп калды, айрымдары күнүмдүк турмушка керектелүүчү жөнөкөй буюмдарды чыгарып, кээси банкрот болду. Ө. ж. продукциясын өндүрүү 1991—95-ж. улам төмөндөп, 1995-ж. 1990-ж-га салыштырганда 32,8%ке азайган. Экономикада ырааттуу жүргүзүлгөн ба-зар мамилесин киргизүү азыркы учурда ө. ж-гы абалды бир топ өзгөрттү. 1995-жылдан кийин түстүү металл, отун ж-а тамак-аш ө.ж-нда берилген чет элдик инвестициялардын эсебинен ө. ж-да өсүү тенденциясы башталды. 1996–2001-ж. ө. ж. продук-циясын өндүрүү жыл сайын өсүп, 1997-ж. 1998-ж-га салыштырганда 139,7%ти, 2001-ж. 157,3%ти түзгөн. Сырьё

2-таблица

**Ө.ж. тармактарынын продукция өндүрүү б-ча структурасы (% м-н)**

| | 1997-ж | 1998-ж | 1999-ж | 2000-ж | 2001-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Ө. ж. бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| анын ичинен: | | | | | |
| Электр энергетика | 13,1 | 9,7 | 13,0 | 15,8 | 14,7 |
| Отун ө. ж. | 5,7 | 2,8 | 3,6 | 3,9 | 3,6 |
| Түстүү металлургия | 33,2 | 40,5 | 41,9 | 41,5 | 43,6 |
| Машина куруу ж-а металл иштетүү | 6,1 | 6,1 | 5,0 | 4,4 | 5,2 |
| Жыгаччылык ж-а целлюлоза-кагаздан буюм жасоо ө. ж. | 0,5 | 0,7 | 0,5 | 0,7 | 0,7 |
| Курулуш материалдар ө. ж. | 3,8 | 4,3 | 3,2 | 2,8 | 3,0 |
| Жеңил ө. ж. | 11,0 | 8,4 | 5,7 | 5,9 | 5,8 |
| Тамак-аш ө. ж. | 16,1 | 18,1 | 14,8 | 14,4 | 13,1 |
| Ун тартуу — акшак ж-а аралаш тоют ө. ж. | 6,8 | 5,8 | 9,1 | 8,3 | 8,0 |
| Полиграфия ө. ж. | 0,5 | 0,6 | 0,5 | 0,5 | 0,5 |
| Өнөр жайдын башка тармактары | 3,2 | 2,0 | 2,7 | 1,8 | 1,8 |

өндүрүү 1990-ж-га салыштырмалуу отун ө. ж-нда 74,8%ти, ал эми түстүү металлургияда 532,6%ти, электр энергетикасында 114,4%ти түзгөн, б. а. 1990-ж-дын деңгээлинен жогору болгон. Ал эми машина куруу ж-а металл иштетүү ө. жайларынын үлүшү 2001-ж. 1990-ж. салыштырмалуу 16,6%ке, жеңил өнөр ж-ныкы 30,1%ке, тамак-аш ө. ж-ныкы 18,0%ке төмөндөгөн.

3-таблица

**Экономиканын ө. ж. тармагынын 1997—2001 ж-дагы өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| | жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
| Ө. ж. өндүрүшүнүн индекси 1996-ж. салыштырмалуу (% менен) | 139,7 | 147,1 | 140,8 | 149,2 | 157,3 |
| Ички дүң продуктуну (ИДП) өндүрүүдөгү ө. ж. тармагынын үлүшү (% менен) | 16,5 | 16,3 | 21,7 | 23,3 | 22,5 |
| Ө. ж. продукциясынын көлөмү, млрд сом | 18,1 | 21,3 | 33,7 | 44,8 | 48,8 |
| Өнөр жайдын негизги фондунун наркы, млрд сом | 23,3 | 23,4 | 25,1 | 35,8 | 41,2 |
| Иштеген ө. ж. ишканалардын саны | 2423 | 2365 | 2225 | 2204 | 1902 |
| Өнөр жайда иштегендердин жылдык орт. саны, миң адам | 130,3 | 114,7 | 126,6 | 122,6 | 130,5 |
| Өнөр жайдын негизги капиталына түшкөн инвестициянын көлөмү, млрд сом | 3,9 | 1,4 | 2,3 | 4,4 | 1,6 |
| Өнөр жайдын ушул инвестиция б-ча өлкөнүн экономика тармактарынын ичиндеги үлүшү, % менен | 69,3 | 33,5 | 34,7 | 40,5 | 16,5 |
| Өнөр жайга чет өлкөлөрдөн келген тикелей инвестициянын көлөмү, млн доллар | 43,2 | 29,8 | 61,4 | 48,6 | 59,5 |
| Экспорттун көлөмү, млн доллар | 558,6 | 461,1 | 396,3 | 457,5 | 430,8 |
| Импорттун көлөмү, млн доллар | 674,7 | 822,9 | 568,3 | 513,2 | 453,1 |

Керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарынын өзгөрүшүнө, материалдык-тех. жабдуудагы, даяр продукцияны өткөрүүдөгү кыйынчылыктарга, ө. ж. ишканаларынын финансылык абалынын татаалдыгына байланыштуу мурдагы ири тармактар — машина куруу ж-а жеңил ө. ж. салыштырма салмагы дагы төмөндөдү (к. 2-таблицаны).

Тармактык структурадагы өзгөрүүлөрдүн негизги себептери өндүрүштүн түрдүү деңгээлде төмөндөшү ж-а продукция баасынын өсүшү болуп саналат. Келтирилген тармактардын таблицасынан көрүнүп тургандай структурада негизги орунду сырьё өндүрүүчүлөр (58,7%) ээлейт, ал эми акыркы продукция берүүчү тармактар —25,4%, б.а. булардын салыштырмасалмагы эки эседен да аз. Ө. ж-гы мындай тармактык структуралар калкты иш м-н камсыз кыла албайт, демек жумушсуздуктун деңгээли жакынкы жылдарда сакталып калат.

Электр энергетикасы. 1917-ж. чейин Кырг-нда электр энергетикасы өзүнчө ө. ж.тармагы катары өнүгө алган эмес. 1913—14-ж. анча чоң эмес 5 электр станциясы (жалпы кубаттуулугу 265 *кВт*) иштеген; алар: Кызыл-Кыя көмүр кениндеги жылуулук станциясы (121 *кВт*), Ош ш-ндагы эки ГЭС (120 *кВт*), Бишкек дизель электр станциясы (16,5 *кВт*), Каракол дизель электр станциясы (7,5 *кВт*). 1929-ж. Кичи Аламүдүн ГЭСи (410 *кВт*) курулган. 1923-ж-дан электр энергиясы көчөлөрдү жарыктандырууга, 1930-ж-дан айыл чарбасында пайдаланыла баштаган. 1940-ж. Кырг-ндын бардык электр станцияларынын жалпы кубаттуулугу 19,6 миң *кВт*ка жеткен, 51,6 млн *кВт* электр энергиясы иштеп чыгарылган. Электр станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 3,6 миң *МВт* (2007). 2007-ж. 14,8 млрд. *кВт*.саат электр энергиясы өндүрүлгөн.

Кырг-ндын энергетика балансында гидроэнергетиканын ролу чоң. Респ-нын жалпы гидроэнергетикалык потенциалы 142 млрд *кВт·с*, тех. потенциалы 73 млрд *кВт·с*, экон. потенциалы 48 млрд *кВт·с*. Акыркы эки көрсөткүчү б-ча КМШ өлкөлөрүндө 3-орунду (Орусия м-н Тажикстандан кийин) ээлейт. Гидроэнергия ресурстарынын мындай зор запасы респ-нын энергетика тармагынын андан ары өнүгүшүнө чоң өбөлгө түзөт.

Электр энергетикасы респ-нын экон-сынын, айрыкча отун энергетика комплексинин, өнүгүшүнүн өзөгү болуп эсептелет. 2001-ж. электр энергиясы ички дүң продуктунун 19%тейин түзгөн. Жыл сайын 2,5 млрд *кВт·с* электр энергиясы коңшу өлкөлөргө сатылат.

2001-ж. Кыргыз Респ-нын энергетика тармагы (көмөкчү ишканаларды кошпогондо) 20 электр станциясынан (жалпы кубаттуулугу 3,6 млн *кВт*) турган; анын 18и гидроэлектрстанция, 2 жылуулук борбору. Ири ГЭСтер Нарын д-нын төмөнкү агымында куру-

луп, 5 ГЭСтен турган гидроэлектрстанциялардын каскадын түзөт. Уникалдуу гидроэнергетикалык ж-а ирригациялык курулма болуп Токтогул ГЭСи (белгиленген кубаттуулугу 1200 миң *кВт*) эсептелет. Ал 1976-ж. иштей баштаган. Энергосистема м-н эки жогорку вольттуу линия (500 *кВ*) аркылуу байланышат. Нарын каскадынын дагы башка уникалдуу энергетикалык курулмалары — Күрпсай (800 миң *кВт*) ж-а Үч-Коргон (180 миң *кВт*) ГЭСтери. Күрпсай ГЭСи 1982-ж., Үч-Коргон ГЭСи 1962-ж. курулуп бүткөн. Күрпсай ГЭСи энергосистемага чыңалуусу 110 ж-а 220 *кВ* линиялары, Үч-Коргон ГЭСи чыңалуусу 110 *кВ* линиясы аркылуу байланышат. Ошондой эле ири ГЭСтерден Респ-да 1971-ж. курулган Ат-Башы ГЭСи (40 миң *кВт*), Таш-Көмүр (450 миң *кВт*), Шамалды-Сай (240 миң *кВт*) ГЭСтери да бар. Таш-Көмүр ГЭСи 1987-ж., Шамалдысай ГЭСи 1995-ж. иштей баштаган. 2010-ж. Нарын д-нда (Токтогул ГЭСинен жогору) Камбар-Ата II ГЭСи ишке киргизилмекчи.

Кырг-нда 2000-ж. 13 кичи ГЭС (белгиленген жалпы кубаттуулугу 42 *МВт*) жылына 125 млн *кВт·с* электр энергиясын иштеп чыгарат. Чыңалуусу 35 кВ 508 ж-а чыңалуусу 10/0,4 *кВ* 18,3 миң трансформатордук көмөкчү станциялар (подстанция) бар.

Респ-да ГЭСтерден башка Бишкек ж-а Ош жылуулук электр борборлору (ЖЭБ) да иштейт. Бишкек ЖЭБнин кубаттуулугу 609 миң *кВт*, жылуулук берүү кубаттуулугу 1157,4 Гкал/с; Ош ЖЭБсинин кубаттуулугу 22 *МВт*, жылуулук берүү кубаттуулугу 375 *Гкал/с*. Алар Бишкек ж-а Ош ш-н электр ж-а жылуулук энергиялары м-н камсыз кылат.

Респ-дагы гидроэлектр станциялар жылына 13,7 млрд *кВт·с* электр энергиясын өндүрөт (2001-ж.). Энергия системасынын Борб. Азия өлкөлөрү м-н 500 ж-а 220 *кВ* магистралдык тармактары аркылуу туруктуу байланышы бар. Казакстандын магистралдык тармагы м-н Орусиянын энергия системасына кошулууга болот. Электр энергиясы Казакстан, Орусия ж-а Өзбекстан мамлекеттерине экспорттолот.

Кыргыз Респ-нын өнөр жайында электр энергетикасы маанилүү орунду ээлейт. Анын өзөгүн «Кыргыз энергия» акционердик коому түзөт. Акционердик коом чарбалык эсеп м-н иштеп, анын курамындагы ар кандай 16 ишкана респ-дагы электр энергиясы м-н жылуулук энергиясын өлкө б-ча таратуу ж-а бөлүштүрүү иштерин аткарат.

Электр энергетикасынын 2001-ж. продукциясынын көлөмү 7147,2 млн сом болуп, ө. ж-дын 2-негизги тармагы (түстүү металлургиядан кийинки) катары белгилүү.

Азыр (2002-жылдан) өлкөнүн энергосистемасы реструктуризацияланууда. Ал «Кыргыз энергия холдинг» компаниясын менчиктештирүү ж-а мамлекеттен ажыратуу программасына ылайык жүргүзүлүүдө. Программага ылайык, реформа 3 этап м-н ишке ашмакчы. Азыр реформанын 1-этабы иш жүзүнө ашырылууда. «Кыргыз энергия холдинг» компаниясынын базасында Кыргыз Респ-нын Президентинин Указы м-н «Кыргыз энергия» акционердик коому түзүлүп, корпоративдик башкаруу системасы киргизилди.

Экинчи этабында райондун электр тармактар ишканаларынын базасында электр энергиясын сатуу ж-а сатып алуу б-ча жаңы ишкананы (коммерциялык типтеги, пайда берүүчү; ж-а коммерциялык эмес, пайда бере албаган ж-а бюджеттен бир аз каржылануучу) түзүү; жерг. өзүн-өзү башкаруу органдарынын акциясы м-н акционердик коом түзүп, жылуулук станциялары м-н от казандарын жерг. өзүн-өзү башкарууга өткөрүү; чакан ГЭСтерди куруу б-ча акционердик коомдорду түзүү; илимий ж-а долбоорлоо институттардын базасында тармактык профилин сактоо м-н ил. тех. борбор тибиндеги акционердик коомдорду түзүү.

4-таблица

**Электр энергиясын пайдалануу ж-а бөлүштүрүү (млн кВт·с)**

| | 1997-ж | 1998-ж | 1999-ж | 2000-ж | 2001-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүлгөн электр энергиясы | 12637 | 11618 | 13159 | 14931 | 13667 |
| Башка жактан алынган электр энергия | 5882 | 6399 | 6394 | 6395 | 6362 |
| Пайдаланылган электр энергия | 10854 | 10893 | 11263 | 11918 | 11998 |
| өнөр жайында | 1980 | 1866 | 1606 | 1398 | 1373 |
| айыл чарбада | 2258 | 2605 | 3116 | 3318 | 2621 |
| транспортто | 111 | 117 | 112 | 102 | 88 |
| курулушта | 34 | 30 | 38 | 31 | 20 |
| коммуналык чарбада | 1585 | 1608 | 1943 | 2351 | 1814 |
| социалдык чарбада | 617 | 732 | 708 | 879 | 890 |
| Жалпы пайдаланылган электр тармактарында жоголгон электр энергия | 4269 | 3935 | 3740 | 3839 | 4792 |
| Республиканын сыртына жиберилген электр энергиясы | 7666 | 7125 | 8291 | 9409 | 8431 |

Үчүнчү этабында менчиктештирүү респ-нын жалпы экон. абалына карата финансылык жактан көз карандысыз үч типтеги акционердик коомду (мамлекетке тиешелүү акциялардын контролдук пакети м-н электр энергиясын өндүрүү; электр энергиясын сырткы рынокко чыгаруу; азыркы электр тармактарынын базасында респ-нын аймагында электр энергиясын бөлүштүрүү б-ча), биржа рыногун ж-а диспетчердик башкарууну түзүү.

Ошону м-н катар Кырг-нда электрэнергетиканы өнүктүрүү, гидроэнергетикалык ресурстарды жакынкы убакта ж-а келечекте пайдалануу жөнүндө программа иштелип чыккан. Программанын негизги максаты: кубаттуулугу 142 млрд *кВт·с*ка жеткен гидроэнергетикалык ресурстарын өздөштүрүү. Нарын д-нда 30 млрд *кВт·с* электр энергиясын иштеп чыгара турган 22 гидроэлектрстанция куруу. Респ-нын өзүнүн, о. эле чет өлкөлөрдүн жеке менчик капиталдарын тартып, Кырг-ндын майда сууларында курулган чакан ГЭСтерди калыбына келтирүү да маанилүү.

Кырг-нда о т у н ө н ө р ж а й ы башка ө. ж. тармактарына караганда мурдараак калыптанган. Көмүр казып алуу ишканалары 19-к-дын 2-жарымында Кырг-ндын түштүгүндөгү Сүлүктү м-н Кызыл-Кыяда пайда болгон. Көк-Жаңгакта көмүр кени 1910-ж., Таш-Көмүрдө 1916-ж. казыла баштаган. Революциядан кийин өлкөнүн отун ө. ж. тармагында эски ишканаларын кеңейтип, жаңыларын салуу башталып, Алмалык, Жыргалаң шахталары ишке киргизилген. 1940-ж. көмүр казып алуу 1913-жылдагыдан 17 эсеге көбөйгөн. Согуштан кийин отун ө. ж. тез өнүккөн. 1970-жылдарда 4,5 млн *т* көмүр бере турган 10 шахта, 2 разрез иштеген. Ачык ыкма м-н казып алынган көмүрдүн 55%ин берген.

Республиканын аймагында азыр 100гө жакын көмүр кени белгилүү. Көмүрдүн геол. запасы 31,4 млрд *т*, баланстык запасы 2,4 млрд *т*ны түзөт. Көмүр ресурсу респ-нын аймагында текши таралган эмес, анын 65%и Түш. Кырг-ндын облустарында, 33%и Нарын облусунда, 2%и Ысык-Көл облусунда. Көмүр кендеринин 70%тен ашыгы тоолуу аймактарда топтошот. Азыр Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Тегене ж-а Жыргалаң , Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Миң-Куш, Алмалык күрөң көмүр кендери иштетилет. Казылып алынган көмүрдүн көбү энергетикалык, 32%и коммуналык чарбада, 13%и курулуш материалдарын чыгарууда пайдаланылат. Респнын базар экономикасына өтүшүнө байланыштуу экономиканын башка тармактарындай эле отун ө. ж. тармагы да убактылуу кризиске учурады. Көмүр шахталарында бекемдөөчү карагай, тирөөч материалдардын, шахта жабдууларынын, запастык бөлүктөрдүн ж. б. жок же жетишсиздигинен, казып алуучу техниканын, технологиянын эскириши (негизги жабдуулардын 90-98% жарабай калган), о. эле финансы каражаттарынын тартыштыгынан жылдан жылга көмүр аз казып алынууда. 2001-ж. көмүр өндүрүү 1990-жылдагыдан 7,9 эсеге азайып, 475,0 миң *т* казылган (1990-ж. 3,7 млн *т*). Азыр көмүр казып алуу ө. ж-нын кубаттуулугу 45,3%ке гана пайдаланылууда (2003). Көмүр кендеринин респ-да арбын экендигине карабастан, көмүрдүн көбү Казакстандан (Караганды) ташылып келинет. Респ-да көмүр ө. ж-нын келечеги чоң, өздөштүрүлө элек перспективдүү кендер жетиштүү. Алардын ичинен экон. жактан маанилүүсү — Кабак күрөң көмүр бассейни (геол. эсептелген запасы 800 млн *т*). Бул бассейндин перспективдүүсү Каракече кени, андан көмүр жылдан жылга арбын казылып алынууда. Кенди комплекстүү өздөштүрүү үчүн Каракечеге темир жол алып баруу талап кылынат. Респ-нын түштүгүндө Өзгөн көмүр бассейнинде 30дан ашык кен бар. Көмүр бассейнинин жалпы запасы 2,2 млрд *т*, анын теңинен көбү коксталуучу көмүр. Бассейнди өздөштүрүүдөгү кыйынчылык — бийик тоолуу татаал рельеф ж-а темир жолдун жоктугу.

Респ-да мунайдын 12 кени бар. 2007-ж. 70 миң *т* мунай (газ конденсатын кошкондо) өндүрүлгөн. Мунай кендери Баткен ж-а Жалал-Абад облустарында жайгашкан.- Мунай өндүрүү респ-да 2001-ж. 1980-ж. салыштырганда 2,9 эсе, 1990-жылдагыдан 2 эседен ашыгыраак кыскарып, 75,5 миң *т*ны түзгөн. Азыркы кездеги мунай өндүрүүнүн 90% Избаскен, Чаңгырташ ж-а Майлы-Суу кендерине туура келет. 1940-ж. 24 миң *т*, 1950-ж. 47 миң *т*, 1960-ж. 464,0 миң *т*, 1970-ж. 298,1 миң *т*, 2000-ж. 77,0 миң *т* мунай өндүрүлгөн. Жалал-Абад ш-на жакын жерде чет өлкөлүктөр м-н биргелешкен, кубаттуулугу 0,5 млн *т* мунай иштетүүчү завод курулган. Мунайдын жаңы запастарын табуу иштери жүргүзүлүүдө. Ө. ж-лык запасы 14,6 млн *т*ны гана түзөт. Мунай өндүрүүнүн азайгандыгынын негизги себептери иштеп жаткан ишканалардын жабдууларынын эскиргендиги аларды жаңыртууга каражаттын жоктугу ж. б. «Кыргыз Петролеум Ком-

пани» биргелешкен ишканасы 2001-ж. 47,4 миң *т* бензин, 43,4 миң *т* дизелдик отун; 39,8 миң *т* мазут чыгарган.

Газдын ө. ж-лык запасы да аз —5 млрд $м^3$ге жетет. 1999-ж. 25,1 млн $м^3$, 2001-ж. 32,8 млн $м^3$ газ өндүрүлгөн. Газ өндүрүү 1980-ж. салыштырганда 2001-ж. 4,0 эсеге, 1990-ж. караганда 2,9 эсеге кыскарган. Респ-нын түштүгүндө Майлы-Суу — Жалал-Абад— Ош газ кууру курулган, ал эми Бухара — Ташкен — Чымкент — Тараз — Алматы газ кууруна Бишкек — Токмок да туташтырылган. Бирок жакынкы чет өлкөлөрдөн газды жогорку баада сатып алуу республика үчүн эң оор экон. проблемаларды жаратууда. Мунай ж-а газ өндүрүү тармагы респ-нын мунай, газга болгон керектөөсүн камсыз кыла албайт. Ошондуктан аларды Орусия, Казакстан, Өзбекстандан алууга муктаж.

Отун ө. ж-нын негизги көрсөткүчтөрү — 5-таблица

| | жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
| Көмүр, миң *т* | 521,5 | 432,4 | 417,0 | 424,9 | 475,0 |
| Мунай (газ конденсатын кошкондо), миң *т* | 84,8 | 77,1 | 77,0 | 77,1 | 75,5 |
| Жаратылыш газы, млн $м^3$ | 23,7 | 17,9 | 25,1 | 32,2 | 32,8 |
| Бензин, миң *т* | 164,6 | 53,1 | 72,5 | 61,9 | 47,4 |
| Дизель майы, миң *т* | 28,1 | 35,6 | 53,7 | 34,0 | 43,4 |
| Мазут, миң *т* | 37,6 | 41,1 | 46,4 | 44,9 | 39,8 |

Түстүү металлургия ө. ж. Кырг-ндын аймагындагы байыркы кен казындыларынын издери, мында илгертен эле сымап, коргошун, цинк, алтын, жез, күмүш ж. б. казылып алынгандыгы жөнүндө айгинелейт. Казылып алынган айрым кендердин (Канигут коргошун кени) өлчөмү ошол кездеги кен казуу иштеринин кыйла өркүндөгөнүн далилдейт. Өткөн замандарда алтын Түркстан кырка тоосунда, Чаткалда, Узун-Акматта, Таласта, Суусамырда, Ысык-Көлдө ж. б. жерлерде казып алынган. Ал эми СССР тараганга чейин Кыргызстан сурьма, сымап, сейрек жер элементтери м-н уранды негизги өндүрүүчү болуп эсептелген.

Сурьма (Кадамжай), сымап (Айдаркен, Чабай, Сымап ж.б. кендери), вольфрам, алтын, коргошун, цинк ж. б. (Кум-Бел, Кулжа-Башат ж. б.) казып алуу иштери уюштурулган. Согуштан кийинки мезгилде сымап, сурьма, коргошун, цинк, күмүш өндүрүшү (Ак-Түз, Сумсар, Кан, Канигут) колго алынган. Уран өндүрүшү (Миң-Куш, Кажы-Сай, Шакафтар, Майлы-Суу кендери) уюшулган. 1950-жылдардын аягында полиметалл казыла баштаган. Рыноктук мамилелерге өтүүгө байланыштуу кен казып алууга каражаттын тартыштыгынан улам анын айрым ишканалары ишин токтоткон.

Респбликанын экон-нын өнүгүшүндө түстүү металлургия ө. ж. өзгөчө мааниге ээ. Анын ишканалары 45 миңге жакын адамды иш м-н камсыз кылып, ө. ж-дын негизги фондусунун 15,4%ин түзөт. Алтын ж-а сымап өндүрүүдөгү айрым жетишкендиктерге карабастан түстүү металлургия ө. ж. абалы оор бойдон калууда. Түстүү металлургия ө. ж. продукциясынын көлөмү 1994—99-ж. Кум-Төр алтын кенин иштетип, Кара-Балта тоокен комбинаты анын продукциясын аффинаждоодон 7,1 эсеге көбөйгөн. Акыркы эки жылдын ичинде ө. ж. өндүрүшүндө ж-а экспортто да түстүү металлургиянын үлүшү бир кыйла (42%) болду. Ошого карабастан кошулмалуу металл сурьмасын өндүрүү 1994—99-ж. 7,3 эсе кыскарып, аны экспорттоо көлөмү 1999-ж. 1998-ж-га салыштырганда 30%ке азайган. 2001-ж. тоокен ө. ж-нда 21,3 млрд сомдук продукция өндүрүлгөн, анын 99,5%и түстүү металл казып алууга туура келген. Тармактын физ. көлөмүнүн индекси 114,5%ти түзгөн. Сейрек кездешүүчү металлдар 1,5 эсе, оксиддерди чыгаруу 33,7%ке, кошулмалуу металл сурьмасын өндүрүү 14%ке өстү, ошол эле убакта сымап чыгаруу 14,9%ке азайды. 1986-ж. Макмал алтын комбинаты иштеп, анда 2000-ж. 2,1 *т* алтын өндүрүлгөн. 1996-ж. респ-дагы эң кубаттуу «Кум-Төр голд оперейтинг компани» биргелешкен ишканасы ишке киришти. Кум-Төрдү Канаданын мамл. менчик «Комеко» корпорациясы м-н биргелешип иштетүүдө. Келишим б-ча алынган алтындын 2/3син республика, ал эми 1/3ин «Комеко» корпорациясы алат. Комбинат эң акыркы жаңы технология м-н жабдылган. 1998-ж. биргелешкен ишкана тарабынан наркы 221,4 млн АКШ доллары болгон 20,3 *т* алтын сатылган. Кредитке алынган акча каражаттарынын проценттерин төлөп ж-а ишти каржылоого кеткен 46,1 млн АКШ долларын кайтаргандан кийинки, 1998-жылдагы таза киреше 1,2 млн АКШ долларын түзгөн. Кум-Төр алтын кенин иштетип

жаткан канадалык «Комеко» фирмасы алтын өндүрүүнү жылына 30 *т*га жеткирүүнү көздөдө. Азырынча «Кум-Төр голд оперейтинг компани» биргелешкен ишканасы мамл. салыктардан бошотулган, бул жерден беш жыл ичинде 150 *т* алтын өндүрүүнү пландашууда.

Талас облусундагы Жер-Үй алтын кени, 1997-жылдан баштап чет өлкөлүк компаниялар м-н «Кыргызалтын» алдын ала долбоорлоо иштерин жүргүзүүдө. Аларды ишке ашыруу үчүн 100 млндон ашык АКШ доллары көлөмүндөгү чет элдик инвестициялар талап кылынат. Биргелешкен ишкана бүткөндөн кийин жылына 5—6 *т*дан алтын бермекчи.

Ички Теңир-Тоодогу Солтон-Сары алтын кенинде чалгындап-издөө жумуштарына чет элдик ж-а «Кыргызалтын» мамл. концерни 8 млн АКШ долларын сарптаган.

Чүйдөгү Талды-Булак-сол жээк алтын кенин иштетүү үчүн Кара-Балта тоокен комбинаты м-н малайзиялык «Берхард» тоокен корпорациясы биргелешкен ишканасы тех.-экон. эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн алдын ала долбоорлоп-изилдөө иштерин жүргүзүштү. Кенди өздөштүрүү үчүн 80 млнго жакын АКШ доллары көлөмүндөгү чет элдик инвестициялар талап кылынат. Курулуш иштери бүткөндөн кийин жылына 5—6 *т* алтын алууга болот. Кум-Бел ж-а Чаткал алтын кендерин америкалык фирмалардын жардамы м-н өздөштүрүү белгиленген.

Кырг-ндын 12 жериндеги алтындын чачыранды кенинен «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни 61,5 *кг* алтын өндүргөн. Алтынга болгон баанын төмөндөшү, ал эми материалдардын, кызмат көрсөтүүнүн, жабдуулардын баасынын өскөнүнө байланыштуу кен иштетүү токтотулган.

Респ-нын бардык региондорунан өндүрүлгөн алтын Кара-Балта тоокен комбинатында аффинаждалат. Андан сырткары комбинат англиялык фирма «Мекомин» м-н бирдикте уран концентратын, молибден ж-а анын кошулмаларын кайра иштетет. Негизги кирешени уранды аффинаждоодон алат. 2000-ж. 10 млн сом киреше алган.

Кадамжай сурьма комбинаты Кадамжай, Терек-Сай рудниктеринен, металлургия заводунан турат. 1936-ж. сурьма тажрыйба-ө. ж. заводу катары негизделген. Сырьёну азырынча Тажикстандан (Жижикрут), Саха-Якутиядан ж-а Казакстандан алат. Комбинат металл сурьма ж-а анын кошулмаларын чыгарат. Комбинат СССРде тармак б-ча негизги ишканалардан болгон. Кыргыз сурьмасы өтө сапаттуулугу м-н айырмаланып, 1958-ж Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө Чоң алтын медалын алып, металлдын тазалыгы б-ча дүйнөлүк «эталон» деп белгиленген. Кыргызстан көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинде (КМШ) сурьма өндүрүү б-ча монополист болуп эсептелет. 1990-ж. Кыргызстан 5400 *т* сурьма чыгарып, дүйнөдө 3-орунду (Кытай м-н Боливиядан кийин) ээлеген, 1995-ж. 4778 *т* (1993-ж. 6637 *т*) сурьма алынган, 6283,4 *т* (11448,3 *т*) сурьма экспортко чыгарылган. 1995-ж. комбинаттын 170 млн сом балансалык киришеси болсо, 1999-жылдын 3-кварталында чыгым 25 млн сомду түзгөн. Мындай оор абалга жетүүнүн негизги себеби болуп, сурьманын дүйнөлүк баасынын төмөндөп кетиши болгон.

Айдаркен мамл. акционердик коому бир нече рудниктен ж-а металлургия заводунан турат. 1942-ж. сымап комбинаты катары негизделген. 1990-ж. 1000 *т* сымап алынган. Кийинки жылдары сымап өндүрүшү кыйла кыскарган. 1995-ж. 185,9 *т* (1993-ж. 577 *т*) гана сымап алынган; 261,1 *т* (499,2 *т*) сымап экспортко чыгарылган. 2000-ж. 64275,0 миң сомго (1999-ж. 60123,0 миң сом) же 33,8 *т* сымап өндүргөн. МАКда 1032 киши иштеген (2000-ж.). Кийинки жылдарда сымап алчу руданы казып алуу өтө татаалдангандыктан, четтен курамында сымап аралашкан булганыч суулар ташылып келинип, андан сымап алуу жолго коюлган. Бирок ал процесс аймактын экологиялык абалына терс таасир тийгизгендиктен, Улуутоо руднигин кайра ишке киргизүү пландаштырылууда. Ошого карабастан Кырг-ндын дүйнөлүк рыногунда орду кыйла жогору, Кытай м-н Индиянын сымапка болгон муктаждыктарын камсыз кылат.

Кыргыз хим.-металлургия заводу Кыргыз тоокен металлургия заводунун (1953-ж. негизделген) сейрек кездешүүчү элемент концентратын кайрадан иштетүү кубаттуулуктары м-н жарым өткөргүч өндүрүшүнүн базасында 1995-ж. акционердик коомго айланган. Эрбий, диспрозий, тербий, самарий, гадолиний, неодим, иттрий металлдарын, монокристаллдык кремний ж. б. чыгарат. Таш-Көмүрдө Кыргызстандагы алгачкы ири кара металлургия ишканасы курулууда (2008).

Респ-да калай ө. ж-нын өнүгүүсү үчүн да толук шарт бар. Калайдын прогноздук

запасы 6-ча Борб. Азияда алдыңкы орундарды ээлейт. Анын ө. ж. запасы Сары-Жаз д-нын алабында жайгашкан, ага «Трудовой» ж-а «Үч-Кошкон» кендери кирет. Калай кенинде вольфрам, молибден да болгондуктан аны комплекстүү иштетүү каралган. Индиялык «Жексон интернейшил лимитед» компаниясы м-н Кара-Балта тоокен комбинаты биргелешип «Трудовой» кенинде тех.-экон. эсептөөлөрдү жүргүзүшкөн. Азыр Эңилчекте Орусия м-н биргелешип уюшулган «Тяньшаньолово» аттуу кен ылгоочу фабрика иштейт. Ал жылына 50 миң *т* калай кенин казып, ылгап андан калай концентратын өндүрүп, аны Новосибирск ш-ндагы тоокен комбинатына жиберип турат.

Машина куруу ж-а металл иштетүү. Кырг-нда металл иштетүүчү ишканалардан 1931-ж. Бишкекте ремонттоо-мех. завод иштей баштаган. 1930-ж. металл иштетүү ө. ж. тармагы тез өнүккөн, 1928-40-ж. жалпы ө. ж. дүң продукциясынын көлөмү 10,4 эсе көбөйсө, металл иштетүү тармагы 26,1 эсе өскөн. Бул мезгилде машина куруу тармагы калыптанган. 1956-60-ж. прибор куруу, автомобиль куруу, электр-тех. ө. ж., насос өндүрүшү өңдүү тармактар пайда болгон. Айрыкча Ата Мекендик согуш жылдарында көчүрүлүп келген ишканалардын базасында машина куруу ө. ж. тез өнүккөн. 1941-60-ж-да Кырг-нда машина куруу ж-а металл иштетүү тармагынын дүң продукциясы 27,2 эсе көбөйгөн. 1961-70-ж-да электр-тех. ө. ж. продукциясынын көлөмү 30,9 эсе өсүп, адистештирилген заводдор — Кайыңды кабельзаводу, Кырг-н электр кыймылдаткыч, оор электр машина куруу заводдору, Ысык-Көл электр-тех. заводдор бирикмеси, Майлысай электр лампа заводу пайдаланууга берилген. Автомобиль куруу тармагында «Кыргызавтомаш» ж-а Фрунзе автомобиль кураштыруу заводдору курулган. Адистештирилген Ош насос, «Кыргызкабель» ишканалары иштей баштаган.

Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. мурун союздук мааниде болуп, анын продукциясынын көбү жалпы СССРдин аймагында таралып турган. Ө. ж. башка респлардан келген комплектөөчү деталдардын ж-а кара металлургия ө. ж-нын продукцияларынын базасында иштеп келген.

Азыр Кырг-ндын машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. респ-нын жалпы ө. ж-нын дүң продукциясынын чектелүү гана үлүшүн түзөт. Продукцияларынын түрү көп эмес, көлөмү да аз. Машина куруу ө. ж. ишканалары анча татаал эмес продукцияларды ж-а эл керектөөчү товарларды чыгарат.

Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. электр-тех., химия ж- а мунай машина куруу, станок ж-а аспап жасоо, прибор куруу ж-а айыл чарба машиналарын куруу, металл иштетүү сыяктуу тармактарды камтыйт. Респ-да азыр бул өнөр жайдын 494 ишканасы бар, анын 12си электр-тех. ишкана, хим. ж-а машина куруу 2 заводу, 3 станок куруу ж-а аспап жасоо, 9 прибор куруу ж-а 3 айыл чарба машиналарын оңдоочу, 64 металл иштетүүчү, 16 ж. б. тармактардын ишканасы.

Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж-нын ичинен электр-тех. (56%) ж-а прибор куруу тармактарынын (19,0%) үлүшү бир кыйла. Химия ж-а мунай машиналарын куруу 1,0%, станок ж-а аспап жасоо ж-а айыл чарба машиналарын оңдоо 6,9%, металл иштетүү 19,2% ж. б. тармактар 14,9%ти түзөт.

Кырг-ндын экон-да электр-тех. ө. ж. тармактары маанилүү орунду ээлөөдө. Бул тармак ири ж-а чакан электр кыймылдаткычтарын, трансформатор, жарык-тех. ж-а жарым өткөргүч приборлорду, кабель ж-а провод, тиричилик электр-тех. товарларын, энергия алып жүрүүчүлөргө сарптоолорду эсепке алуу, контролдоо ж-а жөнгө салуу приборлорун чыгаруучу 9 заводдон турат. Алар «OREMI» акционердик коому (Бишкектеги мурдагы оор машина куруу заводу; ири электр машиналары, трансформатор, комплектүү трансформатордук чакан станция; 2000-ж. 36 млн сомго продукция чыгарган), «КЭМЗ» АК корпорациясы (өндүрүш ж-а тиричилик үчүн керектелүүчү чакан кубаттуулуктагы электр кыймылдаткычтары, эл керектөөчү товарлар), «Электротехника» АК (электр шамы, стандартсыз жабдуулар, эл керектөөчү товарлар), «Майлы-Суу электрлампа заводу» ачык түрдөгү акционердик коому (электр лампа, эл керектөөчү товарлар; 643,6 млн сомго продукция чыгарган); «Кайыңды кабель» АК (кабель, эмаль-провод, 37,2 млн сом), «Кыргызэлектрөткөрбөөчү» (электр өткөрбөөчү зым эл керектөөчү товар). Мындан сырткары респ-нын машина куруу ишканалары да электр-тех. продукцияларды (токту токтотуучу ж-а жиберүүчү прибор ж. б.) чыгарат. Электр-тех. ишканалар эл керектөөчү товар-

лардын 40тан ашык түрүн (электр эсептегичи, электр казаны, электр суу жылыткычы, электр мештери, тоют майдалоочу, май берүүчү өсүмдүктүн уругун иштетүүчү, курулма, сууну жогору көтөрүүчү насос, эт туурагыч, электрмиксер, утюг, кир жуучу машина, жыгач даярдоочу станок ж. б.) чыгарат. Азыркы негизги маселелердин бири калкты азыктүлүк продукциялары м-н камсыз кылуу болгондуктан, электр-тех. приборлордун ичинен элдин талабын канааттандыруучу жабдууларды чыгаруу максатка ылайык. Ошондуктан жогорку энергетикалык ж-а экон. көрсөткүчтүү электр-тех. буюмдар чыгарылууда: түрдүү кубаттуулуктагы ун тартуучу электр тегирмендери, май берүүчү өсүмдүктөрдөн май алуучу пресстер, макарон азык-түлүгүн өндүрүүчү курулма, тууралган эт, колбаса даярдоочу ар кандай кубаттуулуктагы эт туурагыч, жер-жемиш, жашылчаны иштетүүчү, электршире сыгуучу, аралаш тоют даярдоочу курулма ж. б.

Химия ж-а мунай машина куруу тармагынын ири ишканасы «Ош насос заводу» жоопкерчилиги чектелген акционердик коому (2000-ж. 10,5 млн сомдук продукция чыгарган), станок ж-а аспап жасоо тармагынын Бишкек машина куруу заводу акционердик коому («БМЗ», 67,2 млн сом), прибор куруу ө. ж. тармагынын «Дастан» трансулуттук корпорациясы (171,8 млн сом), автомобиль ө. ж. тармагы «Кыргызавтомаш» акционердик коому (66,5 млн сом) иштейт. Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. ишканалары 1996-ж. 869,5, 1999-ж. 1675,5, 2000-ж. 1961,6, 2001-ж. 2517,5 млн сомго продукция чыгарган.

Машина куруу ө. ж-нын жалпы ө. ж-гы үлүшү 5,2% (2001-ж.). 1990-ж. салыштырганда машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж-нын үлүшү 24,5%тен 5,2%ке кыскарган. Тармактардын чыгарган продукциялары ички ж-а тышкы рынокто конкуренцияга жарамсыз. Акыркы мезгилде тиричилик товарларына — кызытма лампа, аз кубаттуулуктагы электр кыймылдаткычтарына суроо-талап болууда.

Мурунку өнөктөр м-н экон. байланыштын үзүлүшү, базар мамилесинин туруктуу эместиги, товардын конкуренцияга жарамсыздыгы ж. б. факторлор машина куруу ө. ж-нын өнүгүшүнө тоскоол болууда. Бирок, акыркы жылдарда мурунку жылдарга караганда өндүрүш тармактарында өсүш байкалууда. 2001-ж. машина ж-а жабдууларды чыгаруу б-ча физ. көлөмдүн индекси 102%ти түздү. 2000-ж-га караганда ө. ж. казандарын (3,7 эсе), соода ж-а коомдук тамак-аш ишканаларынын тех. жабдууларын (27,5%), радиаторлорду (3,3), борбордон четтөөчү насосторду чыгаруу (8%) көбөйдү. Медициналык техникаларды чыгаруу үчүн чет өлкөлүк фирмалар м-н келишим түзүүнүн натыйжасында 2000-ж. «Дастан» акционердик коом корпорациясынын өндүрүү көлөмүн 4,8 эсеге, ал эми лабораториялык центрафугаларды чыгаруу көлөмүн 3,9 эсе көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Кара-Балтада «Беларусь» тракторун кураштыруучу ишкана иштейт.

Респ-нын ө. ж-нда токой, жыгаччылык ж-а целлюлоза-кагаздан буюм жасоо тармагынын үлүшү 2001-ж. өндүрүштө иштегендердин саны б-ча 1,0%ти, өндүргөн продукциянын көлөмүндө болгону 0,7%ти ж-а ө. ж. өндүрүшүнүн негизги фондунун наркы б-ча 0,7%ти түзгөн. Ошого карабастан, күнүмдүк турмушта кеңири керектелүүчү үй эмеректерин ж-а жыгачтан жасалган башка буюмдарды чыгарып, жалпы элдин аларга болгон муктаждыгын камсыз кылууда.

6-таблица

**Машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. өндүргөн продукциялардын негизги түрлөрү**

| Продукциянын түрлөрү | 1997-ж. | 1998-ж. | 1999-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Ири электр ишканалары, даана | 18 | 16 | 20 | 26 | 9 |
| Өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычтары, миң даана | 26,8 | 14,1 | 1,2 | 0,8 | 0,8 |
| Жарык кылуучу лампалар, млн даана | 179,8 | 199,9 | 212,1 | 234,4 | 252,8 |
| Борбордон четтөөчү насостор, миң даана | 4,5 | 2,1 | 0,7 | 0,7 | 0,8 |
| Электр эт туурагычтары, миң даана | 23,3 | 17,7 | 16,7 | 11,4 | 4,9 |
| Электр плиталары, миң даана | 37,9 | 39,7 | 34,2 | 24,1 | 12,5 |
| Телевизорлор, миң даана | | 4,0 | 1,3 | 2,8 | 6,1 |
| Автомобилдин радиаторлору, миң даана | 48,1 | 42,6 | 33,5 | 40,3 | 132,1 |
| Оролгон электр зымдары, *т* | 181,0 | 255,0 | 126,0 | 147,0 | 218,0 |
| Тамак бырышуучу казандар, даана | 200 | 235 | 127 | 202 | 753 |

Кыргыз элинде жыгачтан көчмөн турмушка ылайыктуу үй эмеректерин ж-а буюмдарын жасоо байыркы замандан эле өнүккөн. Совет бийлигинин жылдарында өнөр

жайдын башка тармактары м-н бирге токой, жыгаччылык ж-а целлюлоза-кагаздан буюм жасоо дагы мамл. менчикке өтүп, өзүнчө ишканалар уюшулган. Ири ишканалар 60-жылдардан кийин гана курулган эле. Кыргыз Респбликасы көз карандысыз мамлекет болгон 90-жылдардын башталышынан, бул тармактын ишканалары дагы менчиктештирилип, өндүрүш базар экономика шартында иштөөгө өттү. Натыйжада түрдүү менчиктеги (мамл. , акционердик, жеке ж. б.) ишканалар пайда болуп иштей баштады. 2001-ж. бул тармакта 140 ишкана болуп, анын 16сы гана өзүнчө балансада иштеген, калганы башка ишканалардын курамындагы же жеке менчиктеги цехтер ж. б. майда устаканалар болгон. Бул ө. ж-нда өндүрүлгөн продукциянын жалпы көлөмүнүн көбүрөөгү, б. а. 50,6%и (2001-ж.) өзүнчө балансада иштеген ишканага тиешелүү болгон. Аларда 2001-ж. 831 адам эмгектенип, 344,0 млн сомдук продукция өндүрүлгөн. Токой, жыгаччылык ж-а целлюлоза-кагаз ө. ж-на көп тармактуулук мүнөздүү .

Бул тармактардын ичинен негизги орун жыгаччылыкка, б. а. жыгачтан эмерек ж-а буюм жасоого таандык. Бул тармак жалпы өндүрүлгөн продукциянын 84,5%ин (2000-ж. 210,1 млн сом) чыгарып, анда 72,1% (1120 адам) персонал иштеп, ага 96,1% (199,8 млн сом) өндүрүштүн негизги фонду ж-а 85,0% ишканалар (50 ишкана, а.и. 14 өзүнчө балансада иштейт) тиешелүү болгон. Жыгачтан эмеректерди, буюмдарды жасоо тармагынын салыштырмалуу ири ишканаларынын катарына Бишкек ш-дагы «Кыргызмебель», «Эмерек», «Ак-Кайың», «Керегe», Жалал-Абаддагы «Эмерек», Оштогу «Чынар» ж-а Баткен облусундагы «Кан өнөр жай комбинаты» акционердик коомдорун кошууга болот. Жогоруда аталган 7 ишкана 2000-ж. жыгачтан эмеректерди ж-а буюм жасоо тармагынын 85,0% продукциясын өндүрүп, аларда 74,5% адам эмгектенген. Алар негизинен жыгач эмеректерин, б. а. мебелдерди (2001-ж. 195,3 млн сомдук мебель чыгарылган), терезе кашектерин (2,3 миң $м^2$), эшик кашектерин (19,7 миң $м^2$) ж. б. үй тиричилигине керектүү жыгач буюмдарын чыгарат. Токой, жыгаччылык ж-а целлюлоза-кагаздан буюм жасоо ө. ж-нын экинчи тармагы токой, жыгач сырьёлорун ж-а отун даярдоо. 2000-ж. жалпы тармактын 14,3% продукциясын өндүрүп, аларда 10,9% адам эмгектенген ж-а өндүрүштүн негизги фонду 4,8% болгон. Бул тармакта чарба жүргүзүүнүн ар кандай менчиктериндеги ишкана мекемелеринин балансасында турган 7 майда бөлүмдөр, устаканалар ж-а цехтер, элүүгө жакын токойчулук чарбалары токой өстүрүшүп, жыгач даярдоодо иштешкен.

Бул өнөр жайдын үчүнчү чакан тармагы картон ж-а кагаз даярдоо өзүнчө балансада иштеген 3 ишканадан турат. Аларда 2000-ж. жалпы тармактын 1,2% продукциясы өндүрүлгөн, 7,6% адам эмгектенип, 2,2% өндүрүштүн негизги фонду топтоштурулган. Бул тармактын негизги ишканасы Токмок шаарындагы «Картон» акционердик коому, анда 2001-ж. 47 адам иштеп, 801,5 миң сомдук (ушул тармактын 75% продукциясын) продукция чыгарылган. Ишкананын негизги продукциясы картон чыгарып (2001-ж., 162,0 *т*), андан буюм жасоо болуп саналат. Бул тармакта да акыркы жылдары продукция өндүрүү кескин төмөндөп кеткен. Анын негизги себептери чыгарылган продукциянын сапатынын ж-а сатууга өтүмдүүлүгүнүн төмөндүгү. Чыгарылган продукция сатылбай, ө. ж. ишканаларынын көпчүлүгү пайдасыз иштеп, зыянга учурай баштаган эле. Базар экономикасынын шартына ылайык өндүрүштүн мындай шартта иштеши мүмкүн болбой калган. Натыйжада ишканалардын көбү токтоп, иштегендери өндүрүш кубаттуулугун төмөндөтүүгө мажбур болгон. Кийинки жылдарда базар экономика шартына багыт алган, о. эле чарба жүргүзүүнүн ар кыл менчиктерине өтүшкөн өндүрүш ишканалары аз болсо дагы өтүмдүү , сапаттуу, пайда түшүрүүгө ылайыктуу продукцияларды чыгара баштады.

Токой, жыгаччылык ж-а целлюлоза кагаздан буюм жасоо ө. ж. өндүрүшү респ-нын региондору б-ча ар кыл деңгээлде өнүккөн. Ишканалардын көбү, айрыкча ирилери Бишкек ш-нда, Жалал-Абад, Чүй облустарында жайгашкан. Бул тармакты келечекте жакшы өнүктүрүү үчүн респ-да көптөгөн иштер жүргүзүлүп жатат. Швейцариянын адистери м-н бирдикте респ-да токой өстүрүү, алардын сырьёлорун пайдалануу, жаратылышта сейрек кездешүүчү баалуу дарактарды ж-а айлана-чөйрөнү таза сактоо б-ча көптөгөн иштер жүргүзүлүп жатат. Жыгачты иштетүүдө жерг. жаңгак ж.б. баалуу жыгачтардан сапаттуу, дүйнөлүк рынокто өтүмдүү эмеректерди жасоо жолго коюлушу зарыл. Целлюлоза-кагаз жасоодо Кытай м-н түзүлгөн келишим б-ча

Чүй облусунун Токмок ш-нда кагаз чыгаруучу биргелешкен ишкана курулуп иштеп жатат.

Кырг-ндын **курулуш материалдар өнөр жай** ишканалары мамл-тен ажыратылып, структуралык жактан кайра өзгөртүлүп түзүлүп, мамл. акционердик коомго (МАК) ж-а акционердик коомдорго (АК) айландырылган. Курулуш материалдар ө. ж. ишканалары респ-нын аймагында текши жайгашкан эмес. Кээ бир тармактар кен байлык чыккан жерге жакын, айрымдары керектөөчүлөрдүн муктаждыгына ылайык курулган. Кырг-ндын шартында цемент, кыш, шифер, айнек, акиташ, гипс даярдоочу ишканалар сырьёнун чыккан жеринде жайгашса, бетон, темир-бетон жасалгаларын, санитариялык-карапа буюмдарды даярдоо, таш иштетүү сыяктуу материалдарды чыгаруучу ишканалар керектөөчүлөргө жакын орун алган.

2001-ж. респ-да 128 курулуш материалдар ө. ж. ишканасы болгон. Цемент, шифер, курама темир-бетон конструкция ж-а буюм, керамзит-майда шагыл, майда шагыл-сорттоочу, курулуш материалдарын майдалап, талкалап-сорттоочу, кыш, айнек жасоочу ж. б. завод , комбинаттар иштейт. Алар түрдүү цемент, шифер, клинкер, керамзит, асбест-цемент түтүк, курулуш акиташы, дубал материалдары (кыш), курама темир-бетон конструкциялары ж-а буюмдары, гранит, мрамор, ракушечник, керамикадан жасалган каптооч такта, көпшөк толтургуч, базальт композиция материалдарынын негизинде жасалган жылуулук өткөрбөс буюмдар, терезе айнектерди ж. б. чыгарат. Курулуш материалдар ө. ж. ишканалары 2001-ж. 1462,9 млн сомго продукция чыгарган. Тармактын ири ишканалары Чүй ж-а Ош облустарында жайгашкан. Чүй облусу курулуш ө. ж. материалдарын чыгаруу б-ча респ-да 1-орунду ээлейт. Экспортунун структурасында курулуш материалдары 3-орунда (5,2 млн доллар) турат. Жалпы респ. чыгарган ө. ж. продукциясынын 3%и курулуш материалдар ө. ж-на туура келген. Респ. негизги курулуш материалдарына (цемент, шифер, акиташ, дубал материалдары ж. б.) болгон муктаждыкты камсыз кыла алат. Аларды өндүрүп чыгаруу ички базардын ж-а жакынкы чет өлкөлөрдүн керектөөсүнө байланыштуу.

Курулуш материалдар ө. ж. тармагынын келечеги — табигый кооз материалдарды (сиенит, мрамор, базальт, үлүлдүү акиташ ж. б.) казып алуу ж-а аларды иштетүү. Анын ишканалары Ош ж-а Токмокто жайгашкан. Жылына 18 миң $м^3$ мрамор, гранит ж-а үлүлдүү акиташ такталарын даярдоого ылайыкталган, бирок бул респ-нын керектөөсүн толук камсыз кыла албайт. Азыркы иштетилип жаткан кендердин эң чоңу — Сарыташ кени ж-а Арымдын мрамору. Казылып алынган мрамордун басымдуу бөлүгү, «Кыргыз тооташ» (Токмок таш иштетүүчү заводу) МАКында иштетилет. Ош шаарында гранит м-н мраморду иштетүүчү цех бар. Базальтты «Кыргыз мунай» АК (Баткен облусу, 869,2 *т*), «Факел» (Бишкек) ишканалары иштетет. Келечекте иштетилүүчү кендердин ичинен эң маанилүүсү Акөлөң сиенит кени (запасы 1,3 млн $м^3$). Базальт кенинин ири запасы Сулутеректе табылган.

7-таблица

**Курулуш материалдар ө. ж. продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | 1997-ж. | 1998-ж. | 1999-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Цемент, миң *т* | 658,2 | 709,4 | 386,3 | 452,9 | 468,9 |
| Курулуш акиташы, миң *м* | 20,5 | 8,4 | 7,5 | 8,2 | 9,4 |
| Курама темир-бетон конструкциялары ж-а буюмдары, миң $м^2$ | 52,4 | 57,1 | 61,3 | 50,0 | 43,3 |
| Дубал материалдары, млн даана шарттуу такта | 102 | 105 | 90 | 76 | 66 |
| Асбест-цемент листери (шифер), млн шарттуу кыш | 129,0 | 150,0 | 132,0 | 138,0 | 166,0 |
| Терезе айнектери, млн $м^2$ | 2,2 | 2,1 | 1,3 | 7,3 | — |
| Линолеум, миң $м^2$ | — | 8,0 | 43,4 | 32,2 | 18,8 |

Азыр респ-да цемент ө. ж-нын эки ишканасы — Кант цемент-шифер комбинаты ж-а Күрмөнтү цемент заводу (1,5 миң *т*) бар. Республика цемент сырьёсуна бай, азырынча анын ө. ж-лык запасынын 5,5% гана өздөштүрүлгөн. 2001-ж. 468,9 миң *т* цемент, 166,0 млн даана шифер чыгарылган.

Курама темир-бетон конструкцияларын ж-а буюмдарын чыгаруучу ишканалар керектөөчү жерлерге, б. а. калктуу жерлерге жайгашкан. Алар Бишкек, Токмок, Каракол, Ош ж. б. шаарларда бар. Бул тармак үчүн цемент республикадан, ал эми темир четтен ташылып келинет. Ири ишканалары: Бишкек курама темир-бетон заводу АК, «Токмок темир-бетон» АК, «Таш-Темир» АК (мурдагы № 1 Бишкек курама темир-бетон заводу;), «Кум-Шагыл»

АК (№ 2-Бишкек курама темир-бетон заводу;), «Полибетон» АК (Бишкек курама темир-бетон, конструкция ж-а буюмдар полигону;) «Темир-Таш» АК (Жалал-Абад) ж.б.

Айнек өндүрүүчү ишканалар 1999-ж. 1,3 млн $м^2$ терезе үчүн айнек чыгарган. 2000-ж. «Айнек» мамл. акционердик коому (Токмоктогу) 76,5 млн сомго же 1257 миң $м^2$ продукция, «Чүй Гласс» биргелешкен ишканасы 8,3 млн даана айнек бөтөлкө чыгарган.

Акиташ сырьёсу бардык райондордо бар, бирок азыр бир гана Кемин районундагы «Ак-Таш» акционердик коому курулуш акиташын өндүрөт.

Респ-нын бардык райондорунда кыш өндүрүлөт. 2001-ж. 66,0 млн даана шарттуу кыш даярдалган. Ири ишканалары: Бишкек курулуш материал АК, «Нур» АК (Кызыл-Кыя курулуш материалдар комбинаты, КМК), «Ош Ак-Таш» АК, «Ийгилик» АК (Беловодский кыш заводу) ж. б. Мындан сырткары курулуш материалдарын чыгаруучу «Ош Ак-Таш» АК, «Кыргыз тооташ» мамл. АК (Токмок), «Азат» корпорациясы (Бишкек үй куруу комбинаты), «Кумшагыл» АК, «Силикат» АК (Ивановка курулуш материалдар заводу) ж. б. иштейт. Респ-да санитариялык ж-а карапа буюмдарын чыгаруучу ишканадан «Кыргызфарфор» мамл. акционердик коому 2,5 миң даана буюмдарды чыгарган. Мындан тышкары «Линолеум» мамл. АК бар. Курулуш материалдар ө. ж. тармагында 2001-ж. 8,1 миңден ашык киши иштеген.

Ж е ң и л  ө н ө р  ж а й ы. Кырг-ндын жеңил ө. ж-н үч ири топко — текстиль, кийим тигүү ж-а булгаары бут кийим ж-а мех чыгарууга бөлүнөт. 1981-ж. респ-нын бардык ө. ж-ндагы өндүрүш персоналынын 24%и, дүң продукциясынын 30%и жеңил ө. ж-на туура келген, дүң продукциянын көлөмү б-ча жеңил ө. ж. башка ө. ж-лардын ичинде 1-орунду ээлеген.

1990-ж-дын башында жеңил ө. ж. жалпы ө. ж. даярдаган продукциянын 30%ин чыгарса, 2001-ж. бул тармак анын продукциясынын 5,9%ин гана чыгарган. 1994-ж. булгаары-галантерея ө. ж-нын кубаттуулугунун 99,7%и пайдаланылса, 2001-ж. 9,4%и гана, ал эми жибек кездемелер, тор буюмдар, мех ж-а накта мехтен жасалган буюмдар чыгаруучу тармактыкы 15,6%тен 35,3%ке чейин гана пайдаланылган. Кездеме, тор (трикотаж) ж-а бут кийим чыгаруучу тармактарда өндүрүш бир кыйла төмөндөгөн. 2001-ж. башка мамлекеттерге жеңил ө. ж. буюмдарын сатуу 1997-ж-га салыштырганда 89%ке, Өзбекстанга 8,7 эсе азайган, жүн кездемелерин Орусия м-н Өзбекстанга сатуу такыр токтолгон. Жеңил ө. ж. ишканаларынын чыгарган товарларынын азайышы негизинен сырьёнун жетишсиздигине байланыштуу. Жеңил ө. ж. накта сырьёнун ж-а андан алынган продуктунун базасында иштейт. Ошондуктан өндүрүштүн динамикасынын начарлашы а. ч-ндагы абалга (пахтанын аянты ж-а түшүмдүүлүгү азайгандыгына) байланыштуу.

Ошондой эле жүн багытындагы койдун санынын кескин кыскарганына байланыштуу булгаары бут кийим ж-а мех чыгаруу ө. ж-ларды булгаары сырьёсу м-н камсыз кылуу кыйын абалда турат. 90-жылдардын башында респ-да 4,2 млн даана майда малдын, 0,7 млн даана бодо малдын териси даярдалса, 2000-ж. тери даярдоо (тиешелүү түрдө) 0,5 ж-а 0,2 млн даанага кыскарган.

Ошого карабастан азыркы кезде деле респ-нын жеңил ө. ж. экономикада мурдагыдай эле негизги багытты ээлейт. Тармакта респ-нын ө. ж. өндүрүш персоналынын көбү иштейт, жерг. базар үчүн эл кеңири керектөөчү товар түрлөрүн чыгарат. Жеңил ө. ж. продукциясын жакынкы ж-а алыскы чет өлкөлөргө экспорттоого кеңири мүмкүнчүлүк бар. Бул тармак өтө натыйжалуу келип, жумшалган чыгымды тез актап, респ-да алынган сырьё м-н өзүн-өзү камсыз кылууга мүмкүнчүлүгү бар.

2001-ж. 2000-ж-га салыштырганда жеңил ө. ж. тармагынын өсүү темпи жалпысынан 107,7%ти түзгөн; текстиль ж-а кийим тигүү ө. ж. 2216,6 млн сомго булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды ж-а бут кийим өндүрүшү 127,2 млн сомго продукция чыгарган. Жеңил ө. ж. 185 текстиль-тор кийим тигүү ж-а булгаары-бут кийим-мех чыгара турган ишкана ж-а өндүрүш комплекстерин камтыйт.

Жеңил ө. ж-нын ичинен *текстиль* ө. ж. бир кыйла маанилүү орунду ээлейт. Бул өнөр жайдын ири 6 тармагы иштейт. Кебез кездеменин «Текстильщик» (Ош кебезден кездеме токуу бирикмеси) акционердик коомунун чыгарган продукциясынын көлөмү жалпы ө. ж.

тармагынын 1/5 бөлүгүн түзөт. Кылторко (жүн) ө. ж. тармагынын потенциалдык кубаттуулугу (туруктуу иштеп турса) жылына 1 млрд сом. Кыргыз камвол-нооту комбинаты акционердик коому, «Касиет» (Токмок камвол-түрүү фабрикасы) акционердик коому, «Азем» килем (Кара-Балта килем комбинаты) акционердик коому — ө. ж-дын кылторко (жүн) тармагын тейлейт. Жибек ө. ж. тармагынын «Ош-Жибек» (Ош жибек комбинаты) акционердик коому кокон иштетип, аларды чала фабрикат түрүндө Индия, Пакистан, Кытай мамлекеттерине сатат. Азыр сырткы базарда конкуренцияга туруксуздугуна, ички базарда кымбаттыгына байланыштуу жибек кездемелери чыгарылбай жатат. Бишкек кендир фабрикасы, жүндү жуучу ж-а ылгоочу «Акбула» (Токмок жүн ылгоо) акционердик коому иштейт.

Тор (трикотаж) ө. ж-нын «Илбирс», «Эдельвейс», «Байпак», «Жылдыз» акционердик коомдору, «Заман» жоопкерчилиги чектелген акционердик коому, «Веста» фирмасы ж. б. тор кийимдерди, байпак, чолок байпак, тор ич кийим, түктүү тор кийимдерди чыгарат.

*Кийим тигүү* өнөр жай ишканалары Бишкек, Ош, Каракол, Талас, Жалал-Абад ж. б. шаарларда жайгашкан. Аларда жалпы жеңил ө. ж. чыгарган продукциянын 16,7%ин даярдайт. «Айгүл» акционердик коому пальто, чолок пальто, «Теским» акционердик коому аялдардын көйнөгүн, эркектердин чолок жең көйнөгүн, Бишкек кийим тигүү фабрикасы костюм- шым ж. б. даярдайт. 2001-ж. текстиль ж-а кийим тигүү ө. ж-нда чыгарылган продукциялардын физ. көлөмүнүн индекси өткөн жылдын салыштырмалуу 108,0% түздү. Таар кездемелерди чыгаруу 7,1%ке, машина ж-а колго согулган байпактар 13,9%ке, тигилүү кийимдер 20,8%ке көбөйдү. Ошол эле убакта кездемелерди чыгаруу 11,5%ке, пахта жиптерин ийрүү—8,0%ке, килемдерди ж-а килем буюмдарын чыгаруу 18,6%ке, жүндөн жасалган кездемелерди чыгаруу 36,4%ке азайды.

Булгаары бут кийим-мех өнөр жайы. «Булгаары» биргелешкен ишканасы, «Акмарал» акционердик коому, «Бистайл» ачык типтеги акционердик коому, «Бөбөк» (Жаңы-Жер) балдардын бут кийимин чыгаруучу, Кызыл-Кыя бут кийим фабрикасы ж. б. бар. Бул ишканалардын чыгарган продукциясынын ассортименти ар түрдүү ж-а 2001-ж. алардын чыгарган продукциясы 28,8%ке көбөйдү, буга чемодан, сумка өңдүү булгаары галантерея буюмдарынын (32,3%ке), бут кийимдердин (9,7%), накта булгаарынын чыгарылышынын (9,21%) өсүшү таасир этти.

Жеңил ө. ж. өлкөнүн өзүндө болгон сырьёсун (пахта, жүн, булгаары) сыртка чыгарбастан респ-нын ичинде иштетүүгө шарт түзөт. Ө. ж. тармагынын өнүгүшүн сырьёлук базанын болушу аныктайт. Респ-нын айыл чарбасы пахта, жибек куртун, булгаары берет. Жеңил ө. ж-нда чакан ж-а орто ишкердик жакшы өнүгүүдө. Бул ишканалар ири ишканалар м-н катар иштеп, жерг. сырьёлорду ж-а өндүрүш калдыктарын кайра иштетип, эл керектөөчү товарлардын (тигилүү ж-а тор кийимдер, жип, бут кийим) кеңири ассортиментин чыгарат. Тери-мехтерди кайра иштетет, текстиль ж-а булгаары фурнитураларын, ар кандай галантерея товарларын даярдайт. Элдик көркөм ж-а кол өнөрчүлүк чакан ишканалары шырдак, туш кийиз, кийим, бут кийим, булгаарыдан улуттук орнаменттер түшүрүлгөн буюмдарды даярдайт.

8-таблица

**Жеңил ө. ж. чыгарган продукциялардын негизги түрлөрү**

| | 1997-ж. | 1998-ж. | 1999-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Кездеменин бардык түрү, миң $м^2$, | 25,2 | 16,8 | 14,0 | 8,7 | 8,0 |
| Анын ичинде: кебез кездеме | 17,7 | 12,3 | 11,3 | 6,0 | 5,4 |
| жүн кездеме | 2,2 | 1,5 | 0,7 | 0,7 | 0,5 |
| жибек кездеме | 1,7 | 0,5 | 0,5 | 0,1 | 0,3 |
| Тигүлүү кийимдер, млн сом | 150,3 | 149,7 | 265,0 | 403,2 | 487,0 |
| Байпак-чолок байпак, млн жуп | 7,5 | 5,4 | 4,1 | 3,6 | 4,1 |
| Тор (трикотаж) кийимдер, млн даана | 1,1 | 0,6 | 0,4 | 0,2 | 0,2 |
| Бут кийим, млн жуп | 0,4 | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 9,9 |
| Килем ж-а килем буюмдары, миң $м^2$ | 325,7 | 121,0 | 33,0 | 22,0 | 17,9 |

Т а м а к - а ш ө. ж. респ-нын эң маанилүү тармагы. Ал негизинен жерг. сырьёнун негизинде иштеп, респ-нын ички керектөөлөрүн камсыз кылууга багытталган. Жалпы ө. ж. дүн продукциясынын 20%тейи ж-а экспорттун (кант-шекер, ферменттелген тамеки, тамак-аш спирти) 10%тейи тамак-аш ө. ж-на тийиштүү.

Рыноктук мамилелерге өтүү мезгилинде бул тармак оор абалга дуушарланган. 2000-ж. чыгарылган продукция 1991-ж-га караганда 15%ти гана түзгөн. Негизги азык-түлүк продуктуларын (ун, нан ж-а нан-азыктары, өсүмдүк майы, сүт, эт продукту-

лары, кант ж. б.) чыгаруу өтө кыскарган. 1995-ж. тамак-аш ө. ж-нын ири айыл чарба өндүрүшүнө байланыштуу тармактары (мисалы: кант, тамеки-махорка, эт ж. б.) төмөндөгөн. Өндүрүштүн төмөндөшү ө. ж-да азык-түлүк өндүрүү структурасынын өзгөрүшүнө алып келди. 1994-99-ж. тамак-аш ө. ж. өндүрүшү 42,6%ке төмөндөгөн, бирок ага карабастан 1997—98-ж. тамак-аш ж-а ун тартуу-акшак ө. ж-нда стабилдешүү байкалган. Мисалы: 1997-ж. тамак-аш ө. ж-нын физ. көлөмүнүн индекси 1996-ж-га салыштырганда 103%, ун тартуу-акшак ж-а аралаш тоют чыгаруучу ө. ж-ныкы 118%ти түзгөн. 2001-ж. айыл чарба продуктуларын кайра иштеп чыгаруучу ишканалар 10294,4 млн сомдук продукция өндүрүп, 2000-ж. караганда физ. көлөмү 99,0%ти түздү, а.и. тамак-аш ө. ж. 6380,2 млн сомго продукция чыгарып, физ. көлөмү 89,7%ти, түзгөн. Эт (13%), тамеки-махорка (9,7%), май-тоң май (9,5%), нан бышыруу (1,1%) ө. ж-нда өндүрүштүн өсүшү белгиленген (2001-ж.). 2000-ж. тамак-аш ө. ж. товарлары жалпы экспорттун 4,2%ин түзгөн (1996-ж. 25,1%). Мындай төмөндөп кетүүгө биринчиден кант чыгаруучу өнөр жайдын конкуренцияга алсыздыгы, экинчиден негизги керектөөчүлөр (Өзбекстан, Казакстан) м-н байланыштын үзүлүшү себеп болгон. Беш жыл бою эт, колбаса, консерва, нан ж-а таттуу нан чыгаруунун төмөндөшү сакталган. Ал малдын башынын азайышына, ун ж-а нан продуктуларын керектөөнүн өсүшүнө, жерг. азык-түлүк сырьёлорунун ө. ж-лык иштетүүгө алынбашына ж. б. байланыштуу. Айыл чарба сырьёлору көбүнчө базарларда сатылып, башма-баш (бартердик) алмашылып же респ-нын чегинен сыртка чыгарылат. Респ-да азык-түлүк, тамеки, ликёр-арак ж. б. продуктулардын кеңири ассортиментин чыгаруучу адистештирилген ишканалар жайгашкан. Тамак-аш ө. ж. ишканаларын дээрлик толук менчиктештирүү аяктады. Азыркы учурда тамак-аш ө. ж-нын 457 ишкана ж-а өндүрүштөрү бар. Анын ичинен 22 тамак-аш (жашылча-жемиш, жүзүм ж. б.), 43 сүт, 49 эт комбинаты, 5 кант заводу, 15 тамеки фабрикасы, 10 кондитер, 33 ликёр-арак, пиво заводу, шарап ж-а алкоголсуз ичимдик чыгаруучу ишканалар, ошондой эле бир катар чакан цехтер, тегирмендер бар. Аларда иштегендердин саны 23,8 миң же жалпы ө. ж. иштегендердин 18%ин түзөт. Тамак-аш ө. ж-нын негизги тармактары: эт, сүт, тамеки, кант, ликёр-арак, шарап, кондитер, мөмө-жемиштерди кайта иштеп чыгаруу ж. б.

9-таблица

**Негизги тамак-аш өнөр жай продукцияларын өндүрүү**

| Продукциянын аталышы | 1997-ж. | 1998-ж. | 1999-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Эт ж-а продуктулары, миң *т* | 2,9 | 2,1 | 2,8 | 1,81 | 1,2 |
| Ынак сүт азыктары, миң *т* | 10,3 | 13,0 | 11.0 | 11,4 | 16,8 |
| Өсүмдүк майы, миң *т* | 4,8 | 6,9 | 7,5 | 8,7 | 6,9 |
| Нан ж-а нан азыктары, миң *т* | 147 | 134 | 135 | 126,5 | 117,6 |
| Кант, миң *т* | 90 | 88 | 70 | 58,0 | 30,5 |
| Ун, миң *т* | 562,7 | 564,2 | 487,5 | 466,7 | 453,1 |
| Консерва, млн шарттуу банка | 10 | 12 | 14 | 19 | 16 |
| Кондитер азыктары, миң *т* | 3,7 | 4,2 | 4,0 | 3,8 | 4,4 |
| Пиво, миң дал | 1450 | 1287 | 1218 | 1245 | 871 |
| Папирос ж-а сигарет, млн даана | 716 | 862 | 2103 | 3167 | 3013 |
| Ферменттелген тамеки, миң *т* | 23,6 | 39,6 | 37,8 | 31,3 | 26,9 |

*Эт-сүт* өнөр жайы. 1991—96-ж. респ-нын айыл чарбасында, а.и. мал чарбасында оор абал түзүлгөн. Эт өндүрүү 23,3%ке төмөндөп, натыйжада этти ө. ж-да иштеп чыгуу 95,7%ке кыскарган. Кырг-нда 1996-ж. 4,1 миң *т* (1990-ж. 113,8 миң *т*), 1999-ж. 2,8 миң *т*, 2000-ж. 1,8 миң *т*, 2001-ж. 1,2 миң *т* эт ж-а эт продуктулары өндүрүлгөн. Тармакта бардыгы болуп 49 ишкана ж-а чакан өндүрүштөр иштейт. Эң ирилери: «Бишкек эт-консерва комбинаты» акционердик коому, «Төштүк» (Каракол эт комбинаты) акционердик коому, «Келечек» (Ош эт комбинаты) акционердик коому, «Кайыңды» (Кайыңды эт комбинаты) акционердик коому ж.б. Эт комбинаттары мал үчүн кургак тоют, малдын майы ж-а тех. май, ошондой эле медициналык препараттарды, жабдууларды даярдайт. Респ-да эт ө. ж. тармагында 1335 киши эмгектенип, 154,6 млн сомдук продукция өндүрүлгөн (2001).

2000-ж. респ-да 11,4 миң *т*, 2001-ж. 16,8 миң *т* ынак сүт продуктулары алынган. Кырг-нда сүт ө. ж-нын 53 ишканасы иштейт (2001). Ирилери: «Бишкек сүт» акционердик коому, «Аксүт» (Беловодский сүт заводу) акционердик компаниясы, Токмок сүт заводу, «Сүтбулак» сыр жасоочу Кыргызстан — Швейцария ачык типтеги акционердик коому, «Акжалга» (Кызылсуу сыр заводу) акционердик коому, «Эльвест» (Бишкек), «Эридан сүт» (Кара-Балта) ишканалары. Дыйкан (фермер) чарбаларында да чакан сүт

өндүрүштөрү бар. Тармакта 2560 адам эмгектенип, 703,8 млн сомдук сүт продукцияларын өндүргөн (2001).

*Алкоголь ж-а алкоголсуз ичимдиктер* ө. ж. ишканаларына «Бишкекликёр-арак заводу» акционердик коому, «Бакай» (Кара-Балта ) биргелешкен ишканасы, «Кыргызшампан» акционердик коому, «Салкын» (Жалал-Абад пиво заводу) акционердик коому, «Бишкек пивозаводу», «Адис» (Беловодск) акционердик коому ж. б. чакан ишканалар кирет. 2001-ж. тармак 1815,6 миң *дал* ликер-арак, 871,1 миң *дал* пиво, 658,6 миң *дал* спирт чыгарган.

Кыргызстанда жерг. сырьёдон чыгарган шарап жогорку сапаты м-н айырмаланган. Молдова Респ-нын Триасполь ш-нда коньяк чыгаруучулардын эл аралык 1-конкурсунда «КС» маркасындагы «Манас эпосуна 1000 жыл» кыргыз коньягы алтын медалга, «КВВК» маркасындагы «Манас», «КВ» маркасындагы «Юбилейный» коньяктары күмүш медалга, «КВ» маркасындагы 5 ж-а 3 жылдыздуу коньяктар коло медалга татыктуу болгон (1996). Респ-да 2001-ж. 20,7 миң *дал* коньяк, 46,8 миң *дал* шампан, 2000-ж. 27,5 миң *дал* коньяк, 43,2 миң *дал* шампан чыгарылган. Бул тармакта 2001- ж. 1647 адам иштеп, 544,2 млн сомдук продукция чыгарылган.

*Кант* өнөр жайы 1940-ж. өнүгө баштаган. 1940—50-ж. Новотроицкий (азыркы Шопоков шаары), Кант, Токмок, Беловодский ж. б. кант заводдору курулган. Кант кызылча 50 миң *га* жерге айдалып, дүң жыйымы 1 млн 900 миң *т* болгон. Бирок, кант кызылчасынын канттуулугу төмөндөп, түшүмү азайгандыгына байланыштуу 1980-жылдардын ортосунда Кырг-нда кант кызылчасы (фабрикалык) өстүрүлбөй калып, 1990-ж. гана кайрадан эгиле баштаган. Респ-да кант ө. ж-нын 3 ишканасы бар. Ирилери: «Кошой» (Ак-Суу кант заводу) акционердик коому, Кайыңды кант, «Бакай» акционердик коомдору. 2001-ж. 618,5 млн сомго же 30,5 миң *т* , 2000-ж. 1116,0 млн сомго же 58,0 миң *т* кант (шекер) чыгарылган. Ак-Суу жүгөрү иштетүүчү комбинаты курулган, ал долбоорлонгон кубаттуулугу б-ча жылына 213 миң *т* жүгөрүнү кайра иштеп чыгат. Анда глюкоза-фруктоза ширесин, кургак крахмал, нан бышыруу, о. эле текстиль ө. ж. үчүн модификацияланган кургак крахмалдарды, бүртүктөлгөн тоют, бууланган жүгөрү-экстракт майын, белоктуу-фосфатиддүү концентрат да чыгарылып, 3419 адам эмгектенет (2001).

*Кондитер* ө. ж. Кырг-нда кийин өнүгө баштаган. Алгачкы механикалаштырылган кондитер-өндүрүшү 1956-ж. Бишкекте нан комбинатында пайда болгон. Кийинки жылдары бул комбинаттын кондитер өндүрүшү реконструкцияланып, карамель, жумшак момпосуй ж.б. цехтери түзүлгөн. 1974-ж. Бишкек кондитер ө. ж. өндүрүштүк бирикмеси ишке кирген. 2001-ж. 4372 *т,* 2000-ж. 3824 *т* продукция өндүрүлгөн. Бул ө. ж. өндүрүшү 6 ири акционердик ишканалардан турат, а.и. «Таттуу» акционердик коому, Бишкек кондитер комбинаты, «Түнгүч-кант», «Чыгыш таттуу даамдары» акционердик коом, Жалал-Абад кондитер фабрикасы, «Ирис» орток ишканасы. Андан сырткары эт-сүт ө. ж-нын, кант завод акционердик коомдордун, о. эле керек-жарак коомунун кондитердик цехтери бар.

*Нан бышыруу* ө. ж. Кырг-нда революциядан кийин өнүгө баштаган. 1917-ж. чейин Кырг-ндын наабайканалары майда товар өндүрүшүнүн деңгээлинде болгон. 2001-ж. респ-нын нан бышыруу ө. ж. ишканаларында 117,6 миң *т* (1940-ж. 113,6 миң *т*), 1990-ж. 244,1 миң *т*, 2000-ж. 126,5 миң *т* нан азыктары бышырылган. Респ-нын дээрлик бардык шаарларында ж-а ири айыл-кыштактарда нан заводдору иштейт. Көбү акционердик коомдорго айландырылган. Тармактын эң ири ишканалары: «Бишкек-Нан», «Ош-Нан», «Кара-Балта нан заводу» «Гүлазык» (Ош нан заводу) акционердик коомдору, Токмок, Жалал-Абад нан заводу. Чакан наабайканалар респ-да бышырылган нандын 50%ин берет.

*Тамеки* ө. ж-нан 1932-ж. Бишкек тамеки ферментация заводу, 1993-ж. тамеки ф-сы курулган. Азыр респ-да тамеки продукциясын кайра иштетүүчү 21 ишкана бар. Ирилери: «REEMTSMA — Кыргызстан» (кубаттуулугу жылына 7 млрд даана сигарет) акционердик коому, «Сарыалтын» акционердик коомдору, Кызыл-Кыя тамеки-ферменттөө, Жалал-Абад тамеки-ферменттөө («Аюпбулак»), Ош тамеки-ферменттөө заводдору («Ош Дюбек» АК). Ушул ишканаларда 2001-ж. 1374,9 млн сомго продукция же 26,9 миң ферменттелген тамеки, 3,0 млрд даана папирос жана сигарет, 465,2 *т* чегилүүчү чылым алынган.

*Май чыгаруучу* ө. ж. ишканалары: Кара-Суу шаарындагы «Акмай» (кубаттуулугу жылына 120 миң *т* маргарин, 3 миң *т* майонез), «Май» (Токмок май-тоң май комбинаты) акционердик коомдору, «Кыргыз крахмал-патока» заводу. «Май» АКнын

кубаттуулугунун 10—11% гана пайдаланылат. 1996-ж. 1065,4 *т* мал майы, 2973,9 *т* өсүмдүк майы, 2001-ж. 6,9 миң *т,* 2000-ж. 8,7 миң *т* өсүмдүк майы алынган. Өсүмдүк майын чыгарган чакан өндүрүштөр да бар.

Республиканын тамак-аш ө. ж-нда адистештирилген ири ишканалар м-н катар чакан цехтер, кичи ишканалар да иштейт. Аларда калк керектөөчү азык-түлүктүн көп бөлүгү даярдалат. 2000-ж. 1341 наабайкана, 319 өсүмдүк майын ж-а майонез чыгаруучу цех, 309 чакан сүт цехи, 14 чакан мөмө-жемиш цехи, 113 макарон чыгаруучу цех, 67 суусундук чыгаруучу цех, 230 кондитер цехи, 21 балмуздак чыгаруучу цех, 164 күрүч тазалоочу, 3 тамеки ферменттөөчү цехтер болгон. Аларда 15 миң киши иштейт. Бул чакан ишканаларга өсүмдүк майын алуунун 30%и, нан жасоонун 70%и туура келет.

*Ун тартуу-акшак ж-а аралаш тоют* ө. ж. Кырг-нда Октябрь революциясына чейин болгону 8 чакан тегирмен болгон. 1925-ж. аларда 72 киши иштеген. Согуштан кийин ири ун комбинаттары Бишкек, Кара-Суу , Ош, Жалал-Абад, Каракол, Балыкчы, Сүлүктү ж. б. шаарларда курулуп, айыл-кыштактарда чарба аралык ири тегирмендер иштеген. Базар экон-сынын шартында көптөгөн менчик тегирмендер пайда болду. 1991-ж. чейин ун тартуучу ж-а нан азыктарын чыгаруучу өндүрүштүк сектор бирдиктүү монополиянын карамагында болгон. Ал бүт ири дан комбинаттарын, о. эле аралаш тоют, нан, таттуу нан чыгаруучу комбинаттарды ж-а нан бышыруучу100дөй ишкананы бириктирип турган. Ага респлык дан запасынын 80—90%и, ундун 100%и, дан продуктуларынын 60%и туура келген. Сырьёну мамл. заказ аркылуу алган. Азыркы убакта жөнөкөй конструкциялуу майда менчик тегирмендер көбөйүп, алар жерг. калктын талабын дээрлик канааттандыргандыктан ири дан комбинаттары 30—50% кубаттуулукта гана иштөөдө. Бул тармакта респ-да 343төн ашык ишкана иштөөдө. Эң ирилери: «Ысык-Көл дан-азык» мамл. акционердик коому, «Бишкек ун тартуу комбинаты» жоопкерчилиги чектелген коому, Жалал-Абад дан продуктулар комбинаты, «Кара-Суу дан-азык» мамл. акционердик коому, «Кара-Балта KAS» («Кыргыз агробизнес компаниясы»), «Буудай» мамл. ишканасы ж. б. 2001-ж. республика б-ча 453,1 миң *т* ун тартылган, анын 5—6%и майда ишканаларга туура келет. *Акшакты* негизинен «Бишкек ун тартуу комбинаты» жоопкерчилиги чектелген коому, «Кара-Балта » KAS чыгарат. *Аралаш тоют* чыгаруу 70—80-ж. бир кыйла өнүккөн. Акыркы мезгилде мал, үй канаттууларынын азайышы буга терс таасирин тийгизүүдө. 90-жылдардан баштап бул продукцияны өндүрүү бир кыйла кыскарды. Респ-да аралаш тоют чыгара турган 10дон ашык ө. ж. ишканасы иштөөдө. Ал тармак 1996-ж. 36512,0 *т,* 1999-ж. 13982,8 *т,* 2001-ж. 4900,2 *т* аралаш тоют өндүргөн. 1997-ж. ө. ж. 1235,8 млн сомго, 1999-ж. 3075,1 млн сомго, 2000-ж. 3707,9 млн сомго, 2001-ж. 3914,2 миң сомго продукт өндүргөн. Бул тармакта 2001-ж. 7213 киши иштеген.

10-таблица

**Кырг-ндын облустарында ж-а Бишкек ш-нда жайгашкан өнөр жай өндүрүшү жөнүндөгү маалыматтар (2001)**

| | Ө. ж. ишканаларынын саны | Ө. ж-нда иштегендердин саны, миң адам | Өндүрүлгөн продукциянын көлөмү, млн сом | Өнөр жайдын негизги фондулары, млн сом |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Респ. | 1902 | 130,5 | 48772,6 | 4106,0 |
| анын ичинен: | | | | |
| Баткен | 66 | 7,8 | 932,7 | 842,2 |
| Жалал-Абад | 142 | 21,3 | 9664,2 | 8360,8 |
| Ысыккөл (Кумтөрдү кошкондо) | 195 | 9,0 | 10988,0 | 10156,0 |
| Нарын | 41 | 2,9 | 597,0 | 1123,1 |
| Ош | 191 | 19,1 | 3261,8 | 2487,5 |
| Талас | 44 | 1,6 | 361,6 | 732,2 |
| Чүй | 544 | 29,1 | 15786,9 | 4652,0 |
| Бишкек шаары | 679 | 39,7 | 7180,4 | 12852,2 |

*Полиграфия* өнөр жайында 2001-ж. акционердик коомго айланган 15 басмакана, райондук гезиттер чыккан жерлерде 16 цех, 10 ведомстволук басмакана иштеген. Андан тышкары жаңыдан уюшулган ар кандай басма продукцияларын чыгарган 45 жоопкерчилиги чектелген коом, 5 биргелешкен, 8 кичи ишкана, 3 кооператив, 2 жеке менчик ж. б. майда ишканалар иштеп жатат. Ишканаларда 2001-ж. 1826 адам эмгектенип, 236 миң сомдук продукция чыгарган. Бул тармактын эң ири ишканасы *Кыргыз полиграфия комбинаты* 1966-ж. пайдаланууга берилген. Кубаттуулугу 200 млн оттиск китеп продукциясын ж-а 60 млн оттиск-боёктуу-көркөм сүрөттүү продукция чыгарууга ылайыкталган. Ишкана күнүнө 45 миң катуу ж-а жумшак мукабалуу ар кандай китептерди — энциклопедиядан

баштап сувенирдик чөнтөк китептерге чейин чыгара алат. Мындан тышкары бланкалар, номерленген түркүн эсеп-кысап документтерин, акциденттик товарлар, альбомдор, күбөлүктөр, плакаттар ж.б-ларды офсет ж-а чыгыңкы басма ыкмасы м-н басып чыгарат. Азыркы кезде технологиялык процесстер Германия, Англия, Орусиянын машина куруу фирмаларынан чыккан полиграфиялык техникалар аркылуу жүргүзүлөт. Терүү цехинин жылдык кубаттуулугу 1,5 миң басылма-барак. Цех негизинен Орусиянын өндүрүштүк техникасы м-н жабдылган. Мында арип терүүчү, верстка, компьютердик, цинкографиялык участкалар, мөөр жасоочу ж-а корректордук бөлүмдөр бар. Негизги багыты тех.өсүшкө — коргошун м-н терүүдөн компьютердик терүүгө, версткага ж-а монтаждоого өткөрүү болуп эсептелет. Компьютердик участканын кубаттуулугу 350 басылма-барак. Басуу цехи — жогорку ыкма м-н басуучу ж-а фальцовкалоочу (бүктөөчү) бөлүмдөрдөн турат. Кубаттуулугу 97 млн басылма-барак. Германиялык П-44-6 офсет машинасы, Гейдельберг фирмасынын чакан форматтагы машинасы ж.б. иштейт. Мукаба-брошюра цехинде басылма баракты жыйноочу, тигүүчү участкалар, «Китеп» линиясы, жумшак мукаба даярдоочу «Темп», брошюра жасоочу «ВШРА» линиялары, мукабалоо ж-а желим даярдоочу бөлүмдөр бар. Комбинаттын алдында «Шам» китеп басмасы иштейт.

*Учкун редакциялык басма-полиграфия комплекси* 1983—89-ж. пайдаланууга берилген. Анын гезит чыгара турган бөлүгү 1983-ж., журналдыкы 1986-ж., 1989-ж. редакция-басма корпустары ишке киргизилген. Кубаттуулугу 1 млрд 0,44 млн даана гезит, журнал. Комплекс дүйнөлүк полиграфиялык техниканын акыркы жетишкендиктери м-н жабдылган. Басмага чейинки процесстердин системасы, офсет пластинкаларын даярдоочу линия, көп секциялуу «Рондосет», «ГОСНИТИ» агрегаттары, брошюра, журналдарды даярдоочу агрегаттар ж.б. иштейт.

*«Эркинтоо» акционердик коому* 1953-жылдан иштейт. Негизги чыгарган продукциялары: гезит, жумшак ж-а катуу мукабалуу китеп, журнал, этикетка, бланка, кагаз кутучалар ж.б. Типографияда 30 миң даанага чейин гезит (8 тилкедеги көлөм м-н ) чыгара турган 2 машина — РО-62 иштейт. 2001-ж. Кыргыз ж-а Казак респ-нын аз тираждуу 30дай наамдагы гезитин чыгарат. Жалпы продукциянын 47,2%и гезиттин үлүшүнө туура келет. Мындан сырткары чоң форматтар үчүн эки боёктуу барак-офсет «Планета» (Германия) машинасы бар. Аны м-н көп тираждуу 3 ж-а 4 боёктуу басылмалар жасалат. Өндүрүштүн кубаттуулугу күнүнө 25 миң барак-оттиск. Аз тираждуу иштер үчүн «Доминант» офсеттик машинасы пайдаланат. Сырьёну Түркия, Финляндия, Орусиядан алат.

*«Кирланд» жоопкерчилиги чектелген коому* («KIRLand» бас ма үйү) 1995-ж. уюшулган. Чыгарган продукциялар — этикетка (өзү чапталуучу, металлдашкан, этикетка кагаздары жасалат), календарь (дубалга тагылуучу, столго коюлуучу, чөнтөк, арта салма), буклет, брошюра, журнал, каталог, открыткалар, чакыруу билеттер, фирмалык бланк, папка, визитка, плакат, наклейка, баракча, прайс-барак, презентациялык материал, айрым бөлүмдөрү баалуу кагаздар (акция, вексель, лотерея, жүрүү билеттери, күбөлүк, патент, сертификат, аттестат, диплом, чек китеби ж.б.) ж. б. «KIRLand» тех.-жактан азыркы талаптагыдай жабдуулар м-н иштейт. Басмага чейинки Apple Power Macintosh графиктик станциясы, Radius түстүү калибрди чагылдырган системасы, фото-терүү автоматы, сканер, калибратор, өңүнө чыгаруучу машина иштейт. Офсеттик басма MAN Roland фирмасынын машинасы м-н (көп тираждуу) басылат. Басуу ылдамдыгы саатына 13 миң оттиск. Цифралык басма DCP-1 машинасы м-н (XEIKON фирмасы) аткарылат. Басуу ылдамдыгы саатына 2100 (эки бетине тең) барак. Ошондой эле форматтоочу, көктөөчү, кесүүчү ж. б. машиналары бар. 2003-ж. америкалык «Фрадолл хаде» басмаканасы ачылды. Андан «Республика», «МСН» газеттери түстүү боёктор м-н чыгарыла баштады. Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына Пакистан өкмөтү чакан кубаттуулуктагы басмакананы белекке берди. Андан диний китептер, «Ислам маданияты» сыяктуу гезиттер чыгарылат.

**Айыл чарбасы.** Айыл чарбасы Кырг-ндын калкынын жашоо турмушунун негизги булагы болуп келген. Ал акыркы жылдарда эле республиканын жалпы дүң продуктусунун 35,6%ин ж-а улуттук кирешенин 40%ин түзгөн (2009).

Кырг-нда жайыттын кенендиги ж-а айдоо аянтынын аздыгы а. ч-нда мал чарба

тармагынын өнүгүшүнө шарт түзөт. 90-жылдардын башында а. ч. продукциясынын жалпы көлөмүнүн ичинен мал чарба тармагынын үлүшү 60% болгон. Дыйканчылык сугат жерлеринде өнүгүп, өндүрүштүн структурасында чектелүү үлүштү түзсө да бир кыйла интенсивдүү тармак болгон. 1990-ж. респ-нын жалпы экспортунун жарымынан көбү ушул тармакка туура келген. Сыртка чыгарылган а. ч. продукцияларынын басымдуу бөлүгү иштетилбеген түрдө же болбосо алгачкы иштетүүдөн кийин чыгарылган. 1991—95-ж-да агрардык сектор экон-нын башка тармактарына караганда азыраак экон. кризиске дуушар болгон. Айрыкча мал чарбасында бир кыйла төмөндөгөн. 1995-ж. 1991-жылга салыштырганда бодо малдын башы 28%ке, кой, эчки 58%ке, чочко 71%ке, үй куштары 85,4%ке кыскарган. Респ-да 1991-ж. кой 9,5 миллиондон 4,5 миллионго чейин азайган. Дыйканчылыкта болсо дан эгиндеринин дүң жыйымы 62%ке, тамеки 33%ке, жашылча 53%ке кыскарган.

Айыл чарбасында 1996-жылдын жыйынтыгы б-ча дыйканчылык м-н мал чарбасы акырындап өсө баштаган. Натыйжада базар экономикасына өтүү шартында агрардык чөйрөдө олуттуу өзгөрүүлөр болуп, көп укладдуу тармактар пайда болду. Респ-да агрардык реформанын жүргүзүлүшү м-н фермерлер, жеке дыйкандар, айылдык ишкерлер пайда болду.

Респ-нын а. ч-нын негизин дыйканчылыкта дан чарбачылыгы, жашылчачылык, картөшкө айдоо, тех. өсүмдүктөрдү (пахта, тамеки, кант кызылча) өстүрүү, мал чарбасында уй, кой, эчки, жылкы, үй куштарын, топоз асыроо түзөт. Азыркы мезгилде агрардык сектор экономиканын ири тармагы.

Анын үлүшүнө ички дүң продуктунун (ИДП) 35,6%и туура келет. Айыл жерлеринде калктын 64,5%и жашап, анын 45%и айыл чарба өндүрүшүндө иштейт. Респ-нын айыл чарбага жарактуу жери 10655,9 миң *га*, а.и. айдоо аянты 12%, жайыт 86,0% (9188,4 миң *га*) түзөт. Респ-нын экономикасынын бул тармактагы өсүүсү ж-а туруктуулугу көбүнчө агрардык ж-а жер реформасынын жүргүзүлүшүнө байланыштуу. 2002-жылдын 1-январына карата мурдагы колхоз, совхоздордун базасында 84692 жеке менчик чарба,

11-таблица

**Айыл чарбага жарактуу жерлердин облустар б-ча жайгашуусу (2002)**

| Облустар | Айыл чарбага жарактуу жердин жалпы аянты | | Анын ичинде: айдоо | | чабынды | | жайыт | | жана башка | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | миң *га* | % м-н | миң *га* | % м-н | миң *га* | % м-н | миң *га* | % м-н | миң *га* | % м-н |
| Республика б-ча а. и. | 10655,9 | 100,0 | 1236,9 | 100,0 | 169,7 | 100,0 | 9188,4 | 100,0 | 60,9 | 100,0 |
| Баткен облусу | 679,4 | 6,4 | 69,0 | 5,6 | 9,4 | 5,5 | 588,4 | 6,4 | 13,0 | 21,5 |
| Жалал-Абад облусу | 1835,0 | 17,2 | 157,7 | 12,7 | 39,0 | 23,0 | 1628,2 | 17,7 | 10,1 | 16,7 |
| Нарын облусу | 2809,0 | 26,4 | 111,5 | 9,0 | 12,3 | 7,2 | 2675,5 | 29,1 | 9,7 | 16,1 |
| Ош облусу | 1671,1 | 15,7 | 182,6 | 14,9 | 73,4 | 43,3 | 1406,1 | 15,4 | 9,0 | 14,9 |
| Талас облусу | 745,8 | 7,0 | 109,0 | 8,8 | 2,7 | 1,6 | 631,7 | 6,8 | 2,3 | 3,8 |
| Чүй облусу | 1324,4 | 12,4 | 421,1 | 34,0 | 20,9 | 12,3 | 872,6 | 9,5 | 9,7 | 16,1 |
| Ысык-Көл облусу | 1591,2 | 14,9 | 184,8 | 14,9 | 12,0 | 7,1 | 1388,1 | 15,1 | 6,3 | 10,4 |
| Бишкек шаары | 1,7 | 0,6 | 1,1 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 0,0 | 0,3 | 0,5 |

210 коллективдүү-дыйкан чарбалары, 463 айыл чарба кооперативдери, 59 мамл. чарбалар, 43 акционердик коом ж-а 2 агрофирма уюшулган. Реформанын натыйжасында агрардык сектордо ар кандай көп укладдуу экономика калыптанган. Мурунку мамл. ири чарбалар — колхоздордун жерлерин жеке менчик дыйкан чарбалары ээлешти. Жеке менчик чарбалар мамл. коллективдүү чарбаларга караганда түшүмдү 20—30%ке көп жыйнашууда.

Жерди жеке менчикке өткөрүү ж-а аны сатуу маселеси чечилди, бул болсо жер рыногун, конкуренция ж-а банкротту өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Өндүрүштүк мамилелер өзгөрүп, жер ж. б. өндүрүш каражаттарына ээ болгон айылдык тургундардын катмары пайда болду.

Айыл чарбанын жалпы дүң продукциясынын ичинен мамл. чарбалардын үлүшү

2,3%ти, коллективдүү чарбалардыкы 9,6%ти, дыйкан ж-а фермердик чарбалар 41,6%ти, өздүк чарбалар 46,5%ти түздү (2000). Айыл чарбасында базар мамилесин өнүктүрүүгө багытталган мамл. саясаттын тууралыгы ж-а өтө керектүүлүгү иш жүзүндө көрүндү. Агрардык ж-а жер реформасын жүргүзүүнүн алгачкы жылдарында реформаны жүргүзүүдөгү тажрыйбанын жоктугунан, социалисттик менчиктен жеке менчикке өтүүдөгү кыйынчылыктарга ж-а чарба жүргүзүүнүн жаңы түрлөрүн изденүүгө байланыштуу бир топ жаңылыштыктар ж-а катачылыктар кетирилген.

Натыйжада 1991—94-ж. а. ч-нда дүң продукцияны өндүрүү төмөндөгөн, 1995-жылдан баштап стабилдешүү башталып, 1996–2001-ж. өндүрүштүн өсүү темпи байкалган. Башкача айтканда өткөн 10 жылдын ичинде а. ч. тармактарынын өнүгүүсүндө кайрадан жогорулоо башталган.

Продукцияны өндүрүү негизинен респ-нын калкынын айыл чарба продуктуларына болгон керектөөсүн канааттандырууга багытталган. Ушуга байланыштуу а. ч. продукциясын өндүрүүдө структуралык өзгөрүүлөр болду. 1997-ж. дыйканчылык продукцияларынын үлүшү 38,6%ти, 2000-ж. 47,7%ти түзсө, 2001-ж. 55,6%ти түзгөн, ал эми мал чарба продукциясы 1997-ж. 59,5%, 2000-ж. 43,5% болсо, 2001-ж. 43,2%ке чейин төмөндөгөн.

**Дыйканчылык** айыл чарба өндүрүшүн базар мамилесине өткөрүү мезгилинде респ-нын калкын өлкөдө өндүргөн азык-түлүк продуктулары м-н камсыз кылуу максатында тоют өсүмдүктөрү м-н тамекинин аянтын азайтуу м-н дан эгиндеринин, май өсүмдүктөрдүн, жашылча ж-а кант кызылчасынын аянттары кеңейтилди.

*Дан чарбасы* айыл чарбасынын негизги тармактарынын бири. Дан чарбасында дан эгиндерин айдоо, алардан мол түшүм алуу калкты нан м-н камсыз кылууда негизги мааниге ээ. Кийинки жылдардагы а. ч-ндагы экон. кыйынчылыктар дан чарбасына да таасирин тийгизди. Техника м-н талаптагыдай камсыз болбой, трактор, комбайндар эскирип, алардын саны кескин азайып кеткен. Ошондой эле минералдык жер семирткичтердин ыксыз кымбаттап кетиши, чарбалардын экон. абалы төмөндөп, сатып алууга мүмкүнчүлүк жоктугунан улам башка жактардан ташып келүү да бир кыйла азайган.

Респ. эгемендүү болгондон кийин өлкөнүн калкын дан ж-а анын продуктулары м-н камсыз кылуу негизги милдеттердин бири болуп калды. Ушуга байланыштуу а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүү тармагында кыйла өзгөрүүлөр болду. Эң алды м-н дан эгиндеринин аянты көбөйтүлдү. 1991-ж. дан эгиндеринин аянты 556,5 миң *га* же бардык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянтынын 43,5%ин түзгөн. 2001-ж. дан эгиндери эгилген аянт 678,6 миң *га*га жетип, 56,2% болгон. Ушул эле мезгилдин ичинде буудай эгилген аянт көбөйтүлүп, дан эгиндеринин ичинен анын үлүшү 34,7%тен 74,4%ке жеткен. Буудай эгилген аянт 1991-ж 186,7 миң *га*дан 2001-ж 505,1 миң *га*га чейин өскөн.

Дан эгиндеринин аянтынын эң көбөйгөн жылы 1997-жылга (667,6 миң *га*) ж-а 2001-жылга (678,6 миң *га*) туура келген. Респнын өкмөтү 1996-ж. «ЕС-Кыргызстан» өнөк фондун түзүп, аны Бүткүл дүйнөлүк банк каржылап, 30 млн сомдук үрөн өндүрүүчү чарбаларга буудай ж. б. дан эгиндеринин жогорку репродукциядагы үрөнүн сатып алууга бөлгөн.

Акыркы төрт жылдын ичинде үрөн чарбалары жыл сайын фонддон 1100 *т* супер элита, элита ж-а биринчи репродукциядагы үрөндөрдү алышкан. Бул болсо жогорку репродукциядагы үрөн себилген аянт-

12-таблица

**Респ-дагы а. ч. дүң продукция наркынын структурасы (% м-н)**

| | 1991-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. |
|---|---|---|---|
| Айыл чарбанын-бардыгы | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Дыйканчылык | 38,6 | 55,1 | 55,6 |
| анын ичинде | | | |
| дан чарбачылыгы | 6,8 | 22,2 | 22,4 |
| кант кызылчасы | | 1,1 | 0,6 |
| пахта | 1,8 | 3,3 | 2,7 |
| тамеки | 10,2 | 1,8 | 0,8 |
| картөшкө | 10,2 | 9,0 | 8,2 |
| жашылча ж-а бакчачылык | 1,8 | 9,4 | 9,8 |
| мөмө-жемиш | 7,0 | 2,6 | 2,7 |
| дыйканчылыктын башка продукциялары | 1,8 | 5,7 | 8,0 |
| Мал чарбачылыгы | 59,5 | 43,6 | 43,2 |
| анын ичинде | | | |
| эт тирүүлөй салмакта бардыгы | 23,0 | 26,9 | 26,0 |
| сүт | 8,4 | 13,8 | 14,4 |
| жумуртка | 1,6 | 1,3 | 1,2 |
| жүн | 15,7 | 0,8 | 0,8 |
| мал чарбасынын башка продукциялары | - | - | 0,8 |
| Айыл чарба тейлөө кызматы | 1,9 | 1,3 | 1,2 |

13-таблица

**Айдоо аянттарынын структурасы**

(% м-н)

| Айыл чарба өсүмдүктөрү | 1991-ж. | 2000-ж. | 2001-ж. |
|---|---|---|---|
| Бардык айдоо аянты | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| анын ичинде: | | | |
| Бардык дан өсүмдүктөрү | 43,5 | 55,9 | 56,2 |
| анын ичинде | | | |
| буудай | 15,1 | 41,7 | 41,8 |
| дандык жүгөрү | 4,9 | 5,3 | 6,3 |
| Кант кызылча | 0,06 | 2,8 | 1,9 |
| Пахта | 2,0 | 2,8 | 3,1 |
| Тамеки | 1,6 | 1,2 | 0,8 |
| Май берүүчү өсүмдүктөр | 0,37 | 5,0 | 5,0 |
| Картөшкө | 1,75 | 5,7 | 6,1 |
| Жашылча | 1,6 | 3,9 | 4,1 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 0,3 | 0,3 | 0,4 |
| Бардык тоют өсүмдүктөрү | 47,1 | 22,2 | 22,3 |
| Жана башка өсүмдүктөр | 1,8 | 0,1 | 0,1 |

14-таблица

**Дан эгиндеринин көрсөткүчтөрү**

| Жылдар | Түшүм жыйылган аянт, миң *га* м-н | Дүң жыйымы, миң *т* м-н | 1 *га* жерден алынган түшүм, *ц/га* м-н |
|---|---|---|---|
| 1991 | 539,8 | 1373,9 | 25,5 |
| 1992 | 572,7 | 1516,5 | 26,5 |
| 1993 | 612,2 | 1507,8 | 24,6 |
| 1994 | 558,4 | 996,3 | 17,8 |
| 1995 | 503,8 | 913,3 | 18,1 |
| 1996 | 585,8 | 1329,3 | 22,7 |
| 1997 | 667,6 | 1619,0 | 24,2 |
| 1998 | 623,0 | 1619,0 | 26,0 |
| 1999 | 620,7 | 1630,0 | 26,2 |
| 2000 | 589,7 | 1568,7 | 26,4 |
| 2001 | 678,6 | 1824,2 | 28,3 |

15-таблица

**Буудай өстүрүү**

| Жылдар | Аянты, миң *га* м-н | Алынган түшүм, миң *т* м-н | Ар бир *га*дан алынган түшүм, *ц/га* м-н |
|---|---|---|---|
| 1991 | 186,7 | 434,3 | 23,0 |
| 1992 | - | 634,4 | 25,7 |
| 1993 | - | 830,7 | 24,9 |
| 1994 | - | 565,6 | 17,6 |
| 1995 | - | 625,0 | 18,3 |
| 1996 | - | 964,1 | 22,2 |
| 1997 | 549,6 | 1273,7 | 23,7 |
| 1998 | 510,5 | 1203,7 | 24,6 |
| 1999 | 482,7 | 1109,1 | 24,3 |
| 2000 | 505,7 | 1039,1 | 23,4 |
| 2001 | 505,1 | 1190,5 | 24,9 |

тардын үлүшүн көбөйтүүгө жардам берген. 1995-ж. кылкандуу дан эгиндеринен элита үрөнүн алуу 1657 *т*, 1998-ж. 4391 *т*, 1999-ж. 7578 *т*ны түзгөн. Үрөндүн жогорку сорттуулугу, ошол эле мезгилде дыйкан ж-а фермер чарбаларына адистик кеңештердин берилиши дан себүүнүн сапаттуулугун арттырган. Кыргыз селекциясы чыгарган буудайдын «Кызылдан», «Лютесцене-42», Орусия селекциясы чыгарган «Суассон», «Балтазар», француз «Гаспары», «Половчанка», «Уманка», «Зимородок», кыргыз селекциясынын күздүк арпа «Ардак», жүгөрүнүн «Ала-Тоо», «Манас» жогорку продуктуу жаңы сортторун айдоо түшүмдүүлүктүн жогорулашына шарт түзгөн. Натыйжада айылдык товар өндүрүүчүлөр 1996-жылдан баштап 1 млн *т*дан ашыгыраак азыктык буудай алышат, бул болсо респ-нын калкынын керектөөсүн камсыз кыла алат.

Эң негизгиси дыйкан көз карандысыз, эркин болуп калды. Жердин ээси болуу м-н, өзүнүн жоопкерчилигин сезип, өзүнүн кызыкчылыгы үчүн эмгек жумшалат. Муну 2001-ж. дыйканчылыктын жалпы дүң продукциясынын 86,2%и дыйкан ж-а фермер чарбаларга туура келгендиги айгинелейт.

*Картөшкө чарбачылыгы.* Республиканын топурак-климаттык шарты картөшкөнү бардык аймакта айдоого мүмкүндүк берет.

Аба ырайы жылуу болгон жерлерде картөшкөнүн эрте бышуучу сорттору, тоолуу аймактарда кадимки сорттору айдалат.

Картөшкө негизинен Ысык-Көл облусунда, Чүй облусунун Кемин р-нунда ж-а Түш. Кырг-ндын тоолуу жерлеринде эгилет. Кийинки жылдарда Нарын, Талас облустарында картөшкө өстүрүү кеңири тарала баштады. 2001-ж. 73,8 миң *га* жерге картөшкө отургузулуп, ар *га*дан 157,0 *ц*ден түшүм жыйналып, дүң жыйымы 1168,4 миң *т*ны түзгөн.

Картөшкөнүн дүң жыйымынын акыркы 10 жылда 3,6 эсеге көбөйүшү айдоо аянтынын 3,3 эсеге ж-а түшүмдүүлүктүн 15%ке өскөнүнө байланыштуу. Тармактын келечектеги негизги багыты картөшкөнүн вируссуз сорттуу үрөнүн табуу болуп эсептелет. Ушул багыттагы иштер өлкөнүн Ысык-Көл облусундагы ж-а Кемин р-нундагы чарбаларда жүргүзүлүүдө. Мындан сырткары респ-да үрөндүк картөшкөнү көбөйтүү үчүн Ош облусунун Ноокат районунда Кыргыз-Нидерланд айыл чарбасын өнүктүрүү долбоору Кеңеш, Кыргыз-Ата ж-а Исанов атн. айыл өкмөттөрү иштеп жатат. Келечекте респ-нын калкын жыл бою картөшкө м-н камсыз

кылуу картөшкөнүн илдеттерге туруктуу сортун түзүү ж-а үрөндүн сапатын жакшыртууга байланыштуу.

*Жашылчачылык* а. ч-нын адамдын организмине абдан жагымдуу ж-а витаминдүү жашылча өсүмдүктөрүн өстүрүүчү керектүү тармагы. Жашылча айдоодо тандамал үрөн сорттору колдонулуп, Кырг-ндын түштүгүндө ж-а Чүй өрөөнүндө жылуучул жашылча уругу эгилет (бадыраң, томат, калемпир, баклажан, пияз). Ысык-Көл, Талас өрөөндөрүндө жашылчалардын эрте жетилчү түрлөрү (капуста, мөмө тамырлуу өсүмдүктөр, шалгам, чанактуу өсүмдүктөр ж. б.) өстүрүлөт. Респ-да эгилме жашылчанын 20дай түрү бар. Жашылча өсүмдүктөрү ачык ж-а жабык аянттарда багылат. Ачык аянтта жашылча өсүмдүктөрү азык-түлүк ж-а үрөн алуу үчүн жаз, жай, күз айларында, жабык аянтта кыш мезгилинде өстүрүлөт. Жашылча өстүрүү Кырг-ндын аймагында кийинки жылдары (1995-жылдан баштап) тез өнүгө баштаган. Айрыкча жабык аянттарда жашылчачылык жакшы өнүгүүдө. Акыркы мезгилде респ-да типтүү парник куруу кеңири колдонулууда. Анда электр кубаты пайдаланылат. Чүй өрөөнүндө мындай парниктер көп. Жашылча эгилген жалпы аянттын (2001-ж. – 49,0 миң *га*) 8,4%и а. ч. ишканаларына, 51,8%и өздүк жеке чарбаларга, 38,6%и дыйкан (фермердик) чарбаларга ж-а 1,2%и гана мамл. чарбаларга туура келген.

2001-ж. респ. б-ча жашылчанын аянты 49,0 миң *га*ны түзүп, 1991-жылга салыштырганда 29,5 миң *га*га көп айдалган. Жашылча өндүрүү 10 жылдын ичинде 2 эседен ашык өсүп, 2001-ж. 815,3 миң *т* түшүм жыйналган. Бул болсо респ-нын калкынын жашылчага болгон керектөөсүн канааттандырып, экспорт үчүн кайра иштетүүгө да мүмкүндүк берген. Жашылчанын дүң жыйымынын өсүшү, негизинен айдоо аянтынын 2,5 эсеге кеңейгендигинен улам болгон. Түшүмдүүлүгү чектелүү бойдон калууда (2001-ж. – 165,0 *ц*).

*Бакчачылык* Кырг-нда алда канча мурда өнүккөн тармак. Баткен, Ош, Жалал-Абад, Чүй өрөөндөрүндө, кийинчерээк Талас өрөөнүнүн төмөнкү бөлүктөрүндө өнүгө баштаган. Бакча өсүмдүктөрүнөн ашкабак, коон, дарбыз ж. б. өстүрүлөт. Азыр бакчачылык б-ча атайын дыйкан чарбалар уюштурулуп, менчик чарбалары да бакчачылыкка ыкташууда.

Дарбыздын эрте бышуучу (65—75 күн), убагында бышуучу (85—95 күн) ж-а кеч бышуучу (120—140 күн) сорттору эгилет. Ашкабактын 3 түрү (жука кабыктуу, катуу кабыктуу ж-а мускат), тоют ж-а азык ашкабактары эгилет. Респ-нын бакчачылыкка ылайыктуу аймактары жапырт өздөштүрүлүүдө. 1995-ж. респ-дагы бардык чарбалар 23,2 миң *т* (1990-ж. 56,2 миң *т*) продук-

16-таблица

**Картөшкө өстүрүү**

| Жылдар | Аянты, миң *га* | Түшүмдүүлүгү, *ц/га* | Дүң жыйымы, миң *т* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 22,4 | 137 | 326,3 |
| 1992 | 27,1 | 124 | 362 |
| 1993 | 26,6 | 108 | 308,2 |
| 1994 | 34,1 | 90,2 | 310,9 |
| 1995 | 43,7 | 98,7 | 431,6 |
| 1996 | 49,1 | 114,5 | 562,4 |
| 1997 | 56,1 | 120,9 | 678 |
| 1998 | 58,9 | 131,2 | 773,5 |
| 1999 | 64,0 | 149,5 | 957,2 |
| 2000 | 68,9 | 150,9 | 1045,5 |
| 2001 | 73,8 | 157,0 | 1168,4 |

17-таблица

**Жашылча өстүрүү**

| Жылдар | Аянты, миң *га* | Түшүмдүүлүгү, *ц/га* | Дүң жыйымы, миң *т* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 19,5 | 170,0 | 399 |
| 1992 | 22,2 | 154,0 | 404 |
| 1993 | 14,9 | 140,0 | 255,3 |
| 1994 | 22,4 | 115,2 | 262,2 |
| 1995 | 30,6 | 103,2 | 318,4 |
| 1996 | 32,2 | 113,4 | 368,5 |
| 1997 | 36,1 | 132,0 | 478,7 |
| 1998 | 38,4 | 143,0 | 555,9 |
| 1999 | 46,9 | 152,0 | 719,3 |
| 2000 | 46,9 | 157,0 | 746,8 |
| 2001 | 49,0 | 165,0 | 815,3 |

18-таблица

**Бакча өсүмдүктөрү**

| Жылдар | Дүң жыйымы, миң *т* | Аянты, миң *га* | Түшүмдүүлүгү, *ц/га* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 47,9 | 3,9 | 103 |
| 1992 | 34,6 | - | - |
| 1993 | 18,6 | - | - |
| 1994 | 18,8 | - | - |
| 1995 | 23,2 | 3,8 | 65 |
| 1996 | 40,5 | 5,2 | 83 |
| 1997 | 38,2 | 3,3 | 121 |
| 1998 | 46,6 | 4,1 | 123 |
| 1999 | 62,8 | 4,4 | 150 |
| 2000 | 65,3 | 0,3 | 164 |
| 2001 | 63,5 | 0,3 | 162 |

19-таблица

Мөмө-жемиштери

| Жылдар | Аянты, миң *га* | Түшүмдүүлүгү, *ц/га* | Дүң жыйымы, миң *т* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 32,4 | 86,9 | 26,7 |
| 1992 | 32,9 | 117,5 | 35,3 |
| 1993 | 22,8 | 45,0 | 15,3 |
| 1994 | 39,1 | 79,1 | 20,1 |
| 1995 | 32,2 | 67,3 | 20,9 |
| 1996 | 34,3 | 82,7 | 24,1 |
| 1997 | 40,9 | 110,6 | 27,1 |
| 1998 | 40,4 | 102,6 | 25,4 |
| 1999 | 42,2 | 100,8 | 23,9 |
| 2000 | 42,7 | 161,2 | 37,8 |
| 2001 | 42,9 | 158,9 | 37,0 |

ция өндүргөн. 2001-ж. 83,5 миң *т* бакча продукциялары жыйналган. Бакча өсүмдүктөрүнөн түшүмдүн көп алынышы анын түшүмдүүлүгүнүн өсүшүнө байланыштуу (к. 19-таблицаны). 2001-ж. 277,8 млн сомго (1997-ж. болгону 66,0 млн сом) продукция өндүрүлгөн.

*Багбанчылык* кеңири өнүккөн тармак. Республиканын табигый-климаттык шарты мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүгө өтө ыңгайлуу. Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн ичинен уруктуу мөмө (алма, алмурут, бий алма ж. б.), данектүү мөмө (чие, кайналы же кара өрүк, шабдалы ж. б.), жаңгак мөмөлүү (жаңгак, бадам, мисте ж. б.), жийде мөмөлүү (жийде, чычырканак ж. б.), субтропик ж-а цитрус (анар, анжыр ж. б.) өсүмдүктөрү жер жемиштер (карагат, кызылгат, данкуурай, бүлдүркөн, бөрүкарагат ж. б.) ж. б. өстүрүлөт. 2001-ж. мөмө-жемиш багынын жалпы аянты 48,8 миң *га* (1990-ж. 47,7 миң *га*) болуп, анын 42,9 миң *га*сы мөмө байлаган. Анын ичинен уруктуу мөмө өсүмдүктөр 29,6 миң *га*, данектүүсү 9,3 миң *га* ж. б. Ар *га*дан 37,0 *ц*ден түшүм жыйналган. Мөмө-жемиш өстүрүү б-ча Кырг-ндын аймагы төмөнкү зоналарга (тилкеге) бөлүнөт: өрөөн, тоо этектери, тоо. Чүй өрөөнүндө жер жемиштерден данкуурай, бүлдүркөн, кызылгат, карагат, бөрүкарагат өрөөн тилкесинде, алма, алмуруттун жай-күздө бышкан сорттору, данектүүлөрдөн айрыкча алча тоо этектеринде, уруктуу мөмө өсүмдүктөрүнүн кышкы сорттору (алматы апорту, кышкы алтын пармен, кандиль-синап, ак розмарин, алматы грушовкасы) ж. б. жапыз тоо, тоо тилкесинде өстүрүлөт. Талас өрөөнүндө тоо этектеринде алма, алмурут, жер-жемиштердин суукка чыдамдуу сорттору, тоо тилкесинде алма, алмуруттун кышкы сорту, алча, кайналы (караөрүк) таралган. Ысык-Көл өрөөнү башка региондордон айырмаланып, чыгыш, батыш, борбордук болуп 3 зонага бөлүнөт. Батыш зонасы Тамчы (түн. жээк), Бөкөнбаев (түш.) айылдарынын чеги аркылуу өтүп, көлдүн батыш жээгин ээлеген аймак. Бул аймакта климаттын кургактыгы, шамалдын согуп турушу мөмө жемиштин эң жакшы сортторун, айрыкча данектүү өсүмдүктөрдү (кызыл өрүк) өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Борб. бөлүгүнүн түш. жээгинде Бөкөнбаевден Кызылсууга чейин, түн. жээгинде Тамчыдан Кутургуга чейинки аймакты ээлейт. Бул аймактын салыштырмалуу кургак климаты, кыштын жылуу болушу уруктуу ж-а данектүү мөмө өсүмдүктөрүн өстүрүүгө эң ыңгайлуу. Алманын бардык сорту, шабдалы, кызыл өрүк, алча, о. эле жаңгак өстүрүлөт. Чыгыш зонасы көлдүн чыгыш жээгин ээлейт. Өнөр жайлык багбанчылыктын өнүгүүсүнө жакшы шарт бар. Айрыкча алма, алмурут өстүрүлөт.

Түш. Кырг-ндын өрөөн тилкесине (деңиз деңг. 500—1000 *м* бийиктикте) Фергана өрөөнүнүн түздүктүү жерлери кирет. Аймакта данектүү мөмө өсүмдүктөрүнүн түштүккө ылайыктуу бүт сорттору, субтропик өсүмдүктөрүнөн анжыр, анар, кызыл өрүктүн кургатыла турган сорттору жакшы өсөт. Аксы, Базар-Коргон, Өзгөн, Ноокат р-нун тоо этектеринде (1000—1400 *м)* жогорку сорттогу уруктуу ж-а данектүү мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ыңгайлуу.

Тоолуу тилкеде (1400—2200 *м*) дүйнөдөгү жаңгак-жемиш токоюнун эң ири массиви орун алган. Мында жаңгак, алма, алмурут, алча, бадам, мисте, карагат, бүлдүркөн ж. б. өсөт. Ошондой эле бул аймактын табигый шарты уруктуу ж-а данектүү мөмө өсүмдүктөрүнүн маданий сортторун да өстүрүүгө ыңгайлуу. Баткен облусундагы өрүктүн уникалдуу аймагы өзгөчө мааниге ээ. Ички Теңир-Тоонун тоолуу тилкесинде жайгашкан аймактардын климаттык шарты алма, алмурут, алча, кайналы (караөрүк), кызыл өрүк, карагат ж. б. мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ылайыктуу болуп, тоо тилкесине тиешелүү.

*Жүзүмчүлүк* Кырг-ндын түндүгүндө Чүй облусунун райондорунда ж-а түштүктүн бардык облустарында таралган. Алгачкы жүзүм совхозу 1942-ж. түзүлгөн. Алардын саны 1980-ж. 14кө жеткен. Жүзүмзардын аянты 10 миң *га*дан ашып, анын 80% адистештирилген совхоздорго тиешелүү болгон. 1985-ж. аянты 9,9 миң *га*га жеткен. Акыркы жылдары жүзүм

аянты кескин кыскарып кеткен. 1995-ж. анын аянты 8,0 миң *га* (1990-ж. 9,2 миң *га*) болуп, дүң жыйымы 19,7 миң *т* (1990-ж. 43,3 миң *т*) түзгөн. Түшүмдүүлүк болсо ар *гадан* 1995-ж. 29,6 *цден* (1990-ж. 63,2 *ц/гадан*) болгон. 1999-ж. бардык чарбаларда 18,1 миң *т* (түшүмдүүлүгү ар *гадан* 24,1 *цден*), а.и. мамл. чарбаларда 1,7 миң *т*, коллективдүү чарбаларда 1,3 миң *т*, дыйкан (фермердик) чарбаларда 2,4 миң *т*, менчик чарбаларда 12,7 миң *т* түшүм алынган. 2001-ж. 27,4 миң *т* жүзүм өндүрүлүп, анын 16,0 миң *тсы* сатылган. Табигый-климаттык шартына жараша жүзүмчүлүк Ош, Жалал-Абад, Баткен, Чүй облустарында сугаруу жолу менен өстүрүлөт. 2001-ж. 142,5 млн сомго жүзүм өндүрүлгөн. Анын 34,4%и Баткен, 23,7% Жалал-Абад, 20,4% Ош, 21,5% Чүй облустарына таандык.

*Жибекчилик* Кырг-ндын түштүгүндө гана өнүккөн. Жибекчиликтин өнүгүшүнө табигый-климаттык шарт толук мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок акыркы жылдарда өткөөл мезгилдин ар кандай себептерине байланыштуу жибекчилик бир кыйла төмөндөп кеткен. 1990-ж. 845 *т* жибек пилласы чогултулса, 1995-ж. 311 *т*, 1996-ж. 168 *т*, 1997-ж. 143 *т*, 1998-ж. 200 *т*, 1999-ж. 114 *т*, 2000-ж. 101 *т* гана чогултуган. Пилла чогултуунун төмөндөшү респ-нын түштүгүндөгү бардык райондордо байкалат. Ноокат районунда 1996-жылдан баштап пилла такыр чогултулбай калган.

Пилла алуунун төмөндөп кетишинин негизги себептери: алынган продукциянын өз убагында сатылбай, көптөгөн пилла өндүрүүчүлөрдүн материалдык жактан кызыкпай калышы; натыйжада жибекчилик чарбасы көптөгөн чарбаларда кирешесиз тармакка айланды. Ошондой эле отун- энергетика ресурстарына баанын өсүшү м-н бардык айылкыштактарда жибек куртунун тоюту болгон тыт дарагын отун ж-а курулуш материалы катары пайдалануу күчөдү. 1990-ж. 2269 *га* жерде тыт дарагынын плантациясы болсо, 2000-ж. андан 1726 *га* гана калган, же болбосо 24%ке кыскарган, жолду, арыкты бойлой тигилген 7362 миң түп тыттан, 688,5 миң түп гана калган. Мындай абал тоют базасынын бир кыйла начарлашына алып келди. Айрыкча Араван, Кара-Суу р-нун аймактарында тыт жыгачы өтө кыйылып кеткен, Ноокат, Өзгөн р-нун да тоют базасы начарлаган. Ушундай эле абалды Баткен облусунан байкоого болот.

1995—96-ж. бир дагы көчөт отургузулган эмес. 1997-ж. 59 миң, 1998-ж. 53,7 миң, 1999-ж. 15 миң, 2000-ж. 20 миң түп тыт дарагы отургузулган. Акыркы жылдары респ-гы жалгыз тыт жибек куртунун гренасын ж-а тыт көчөттөрүн даярдоочу Ош жибекчилик асыл тукум чарбасынын абалы начарлоодо. Пилла өндүрүүнүн көлөмүнүн азайышы жибекчилик чарбаларынын тыт көчөттөрүн ж-а гренаны сатып алалбай калышы, асыл тукум чарбасынын финансылык абалын начарлашы м-н түшүндүрүлөт. 2000-ж. республика б-ча 1016,7 *ц* тыт жибек куртунун чийки пилласы (1999-жылдан 319,1 *цге* көп), 2001-ж. 2600 кутуча асыл тукум ж-а өнөр жай гренасы, 100 миң тыт дарагынын көчөтү даярдалган.

20-таблица

**Май берүүчү өсүмдүктөр**

| Жылдар | Аянты, миң *га* | Дүң жыйымы, *ц/га* | Түшүмдүүлүгү, *ц/га* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 4,7 | 4,6 | 9,8 |
| 1992 | 8,3 | 6,6 | 8,0 |
| 1993 | 14,2 | 7,8 | 5,5 |
| 1994 | 27,4 | 14,2 | 5,2 |
| 1995 | 44,2 | 20,1 | 4,6 |
| 1996 | 65,8 | 34,9 | 5,3 |
| 1997 | 55,1 | 38,5 | 7,0 |
| 1998 | 55,8 | 43,8 | 7,9 |
| 1999 | 66,3 | 57,9 | 8,7 |
| 2000 | 57,1 | 55,3 | 9,2 |
| 2001 | 60,1 | 58,8 | 9,7 |

*Май берүүчү өсүмдүктөр.* Акыркы жылдарда республиканын бардык региондорунда май берүүчү өсүмдүктөрдү өстүрүү башталган. Ал өсүмдүктөр көп эмгекти талап кылбайт, ал эми аны иштетүүдөн ж-а сатуудан көп киреше алууга болот. Мындан сырткары дыйкандар жыл бою өсүмдүк майы м-н камсыз болот. Май берүүчү өсүмдүктөрдүн аянты 1991-ж. 4,7 миң *гадан* 2001-ж. 60,1 миң *гага* чейин өскөн.

Мурда негизинен күнкарама гана айдалса, акыркы жылдарда сафлор, күзгү рапс, кычы (горчица) өңдүү май берүүчү өсүмдүктөр өстүрүлө баштады. Бирок негизги аянтты дагы эле болсо күн карама ээлейт. Андан 29—56%ке чейин май алууга болот. Сафлордун аянты кеңейтилүүдө. Ал көбүнчө кайрак жерге айдалып, 25—32%ке чейин май берет. Акырындык менен калкты өсүмдүк майы м-н камсыз кылуу ишке ашырылууда. 2000-ж. өсүмдүк майы м-н калк 72% камсыз болгон, же болбосо 1 кишиге эсептегенде 5,7 *кгдан* (биологиялык нормасы 7,9 *кг*) туура

келген. Өсүмдүк майын өндүрүүнүн өсүшү ал айдалган аянттын кеңейтилишине байланыштуу болгон. Түшүмдүүлүк 1995-ж. 4,5 *ц*ге түшүп кеткен, бирок акыркы жылдарда алардын жакшы сортторун табуу м-н 2001-ж. 9,7 *ц*ге чейин көбөйгөн.

*Кызылча өстүрүү* республикада айыл чарбасынын негизги тармагы катары 20-жылдардан башталат. Республиканын батыш ж-а түн.-батыш райондору (Чүй, Талас облустарынын райондору) кант кызылчасын өстүрүүгө ыңгайлуу келет. 70-жылдардын аягында кант кызылча 40 миң *га* жерге эгилген. Кант кызылча үчүн Чүй өрөөнүнүн табигый шарты ыңгайлуу келгендиктен кант кызылчасынын бардык аянты өрөөндө жайгаштырылган. Кызылча өстүрүүдө селекция м-н үрөнчүлүккө көп көңүл бөлүнгөн.

21-таблица

**Кызылча өстүрүү**

| Жылдар | Түшүм жыйылган аянт, миң *га* | Дүң жыйымы, миң *т* | Түшүмдүүлүк, *ц/га* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 0,8 | 12,7 | 156,0 |
| 1992 | 6,3 | 134,6 | 213,0 |
| 1993 | 11,7 | 220,2 | 188,0 |
| 1994 | 9,8 | 114,2 | 116,2 |
| 1995 | 8,7 | 107,4 | 123,1 |
| 1996 | 12,5 | 189,8 | 152,1 |
| 1997 | 11.4 | 205,4 | 180,7 |
| 1998 | 21,5 | 429,2 | 199,7 |
| 1999 | 26,4 | 536,1 | 203,3 |
| 2000 | 23,5 | 449,8 | 191,4 |
| 2001 | 17,5 | 286,6 | 164,1 |

Кырг-нда кант кызылча сугат жерге айдалат. 80-жылдарда кант кызылчасын айдоо кескин азая баштаган. Анын себеби болгон жер кыртышынын бузулушу, жыл сайын кайталап, бир эле жерге кызылча эгилиши, агротехникалык туура эмес пайдалануу, суунун жетишсиздиги ж. б. факторлор түшүмдүүлүк м-н канттуулуктун төмөндөшүнө алып келген. Канттуулук 1941-ж. 17,3%ти түзсө, 1958-ж. 15,1%, 1986-ж. 14,8%, 1980-ж. 12,6%ке төмөндөп кеткен. Ошондон улам республика кант кызылчасынын уругун өстүрүүгө өткөн. Бирок калкты кант м-н кененирээк камсыз кылуу максатында 1991-ждан кайрадан кант кызылчасы эгилүүдө. 1992-ж. 6,3 миң *га,* 1991-ж. 0,8 миң *га* эгилип, орт. түшүмдүүлүк 213 *ц/га*га жеткен. 1999-ж. 26,4 миң *га*га кант кызылчасы айдалган, 536,1 миң *т* түшүм алынган. Эң көп түшүм 1992-ж. болуп, ар *га*дан 213 *ц*ден кант кызылчасы алынган. 2000-ж. 23,5 миң *га* жерге кант кызылчасы айдалып, 449,8 миң *т* түшүм алынган, же ар *га* жерге 191,4 *ц*ден айланган. Респ-нын калкынын кантка болгон талабы толук камсыз кылынган. Өстүрүлгөн кант кызылчаны сатып алууда анын баасын төмөндөтүү максатында, кызылчаны кайра иштеткен ишканалардын атайын жасаган кыйынчылыктардын ж-а ушул жылдын жаз айларынын жаанчыл болушунун айынан 2001-ж. кант кызылчасынын эгилген ж-а жыйналган аянты, о. эле түшүмдүүлүгү төмөндөп кеткен (к. 21-таблицаны).

*Пахтачылык* Кырг-ндын түштүгүндө эгилип, Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарында атайын гозо-беде же гозо-отолмо өсүмдүктөр которулуштурулуп эгилчү талааларга айдалат. 1980-ж. чейин аталган облустардын айыл чарба өндүрүшүнүн негизги тармагы болуп, айдоо аянттарынын 20%ин түзгөн. 1982-жылдан пахта аянты кескин азая баштаган. 1980-ж. пахта аянты 76,3 миң *га* болсо, 1992-ж. 21,5 миң *га*га же 3,5 эсеге кыскарган, дүң жыйымы 206,6 миң *т*дан 52,4 миң *т*га, же 3,9 эсеге төмөндөгөн. Пахта айдалбай калган жерлерге көп жылдык тоют, тамеки ж. б. өсүмдүктөр өстүрүлгөн.

22-таблица

**Пахта өстүрүү**

| Жылдар | Аянты, миң *га* | Дүң жыйымы, *ц/га* | Түшүмдүүлүк, *ц/га* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 25,9 | 62,5 | 24,1 |
| 1992 | 21,5 | 52,4 | 24,4 |
| 1993 | 20,3 | 49,2 | 22,4 |
| 1994 | 26,4 | 53,5 | 20,2 |
| 1995 | 33,2 | 74,5 | 22,4 |
| 1996 | 31,7 | 73,1 | 23,1 |
| 1997 | 24,8 | 62,4 | 25,1 |
| 1998 | 31,6 | 77,8 | 24,6 |
| 1999 | 34,5 | 86,0 | 25,1 |
| 2000 | 33,8 | 87,9 | 26,0 |
| 2001 | 37,9 | 98,2 | 25,9 |

Жер реформасын жүргүзүүгө байланыштуу респ-нын пахта эгилчү облустарында 1998-жылдан баштап пахтанын аянты, түшүмдүүлүгү жыл сайын өсө баштаган (к. 22-таблицаны).

Пахтага болгон талап ж-а аны өндүрүүдөгү рентабелдүүлүк дүң жыйымды 1991-ж. 62 миң *т*дан 2001-ж. 98,2 миң *т*га чейин көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. Бул болсо биринчиден түшүмдүүлүктүн, экинчиден айдоо аянтынын көбөйүшүнө байланыштуу болгон.

Жыл сайын республика чет өлкөлөргө 20—22 миң *т* пахта буласын экспорттойт. Пахтаны Орусия, Белорусия, Латвия, Германия, Иран, Чехия, Түркияга сатат. Пахтанын түшүмүн жогорулатуу үчүн пахтакерлерди жогорку сорттогу райондоштурулган үрөн ж-а жаңы а. ч. техникасы, жетишээрлик минералдык жер семирткичтер ж-а уулуу химикаттар м-н камсыз кылууда ж-а пахтаны стабилдүү реализациялоону ишке ашырууда чет элдик инвестицияларды тартууга өкмөттүн көмөгү дайыма керек.

23-таблица

**Тамеки өстүрүү**

| Жылдар | Аянты, миң *га* | Дүң жыйымы, *ц/га* | Түшүмдүүлүк, *ц/га* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 19,9 | 55,0 | 27,6 |
| 1992 | 20,8 | 54,5 | 26,7 |
| 1993 | 22,2 | 48,6 | 21,9 |
| 1994 | 18,9 | 36,4 | 19,2 |
| 1995 | 8,5 | 17,6 | 20,8 |
| 1996 | 8,5 | 17,9 | 21,1 |
| 1997 | 12,1 | 25,7 | 21,3 |
| 1998 | 12,5 | 28,0 | 22,4 |
| 1999 | 12,4 | 29,8 | 24,5 |
| 2000 | 14,4 | 34,6 | 23,8 |
| 2001 | 9,7 | 24,0 | 24,9 |

*Тамекичилик* а. ч. өндүрүшүндө жумушту өзгөчө көп талап кылган ж-а тамеки ө. ж-н сырьё м-н камсыз кылуучу тармак. Тамеки Кырг-ндын Талас өрөөнүндө ж-а Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын тоо этектериндеги райондорунда өстүрүлүп келсе, акыркы жылдарда Чүй ж-а Ысык-Көл облустарында өстүрүлө баштады.

Кырг-нда азыркы мезгилде негизинен тамекинин жыттуу Дюбек тибиндеги сорту эгилет. Мурун тамеки эгилчү аянт ж-а тамеки сырьёсунун көлөмү сырткы рыноктун керектөөсүнө жараша аныкталган, анткени тамеки сырьёсунун 90%и КМШ өлкөлөрүнө, а.и. Орусияга сатылган. Мурунку экон. байланыштардын бузулганына байланыштуу, тамеки өндүрүшү негизинен респ-нын өзүнүн тамеки заводдорунун, ишканаларынын талабына ылайык даярдалууда. Тамекини көбөйтүү мүмкүнчүлүгү жогору (1985—86-ж. 76,0 миң *т*, 1991-ж. 55,0 миң *т*, ал эми 2001-ж. болгону 24,0 миң *т* тамеки сырьёсу даярдалган). Тамекини сатуудагы кыйынчылыктарга (лицензия жана салык саясатына) байланыштуу анын аянты 1991-ж. 19,9 миң *га*дан 2001-ж. 9,7 миң *га*га чейин кыскарган.

*Эгилме тоют өсүмдүктөрү.* Кырг-ндын тоо этектериндеги түздүктөрдөн баштап бийик тоолуу альп алкагындагы өрөөн – жайлоолоруна чейин түрдүү тоют өсүмдүктөрү өстүрүлүп, мал чарбасынын тоют базасын кеңейтүүгө шарт түзөт.

24-таблица

**Эгиндердин облустар б-ча жайгашуусу, миң *га***

**(2001)**

| | Дан эгиндери | Картошка | Жашылча | Кант кызылчасы | Пахта | Тамеки |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы анын ичинен | 678,6 | 73,8 | 49,0 | 22,5 | 37,9 | 9,7 |
| Баткен | 42,3 | 1,9 | 2,4 | - | 0,8 | 1,1 |
| Жалал-Абад | 82,3 | 6,4 | 7,3 | - | 25,4 | 1,9 |
| Нарын | 58,9 | 8,5 | 2,0 | - | - | - |
| Ош | 103,6 | 6,9 | 7,6 | - | 11,7 | 6,3 |
| Талас | 54,3 | 12,1 | 4,5 | 1,9 | - | 0,2 |
| Чүй | 221,4 | 12,3 | 20,5 | 20,5 | - | 0,2 |
| Ысык-Көл | 115,8 | 24,1 | 3,5 | 0,1 | - | - |

Деңиз деңг. 500—1200 *м* бийиктиктеги сугат жерлерде көкбеде, үйбеде, аксокто ж. б. эгилет. Түш. Кырг-нда беденин өзгөн, түндүктө токмок сорттору айдалат. Токмок сорту Чүй, Талас, Ысык-Көл өрөөндөрүндө ж-а Нарын облусунун көп райондорунда өстүрүлөт. Чүй, Ысык-Көл облустарында беденин береке сорту да эгилет. Тоют өсүмдүктөрү Чүйдүн сугат жерлеринде 4–5 жолу, кайрак жерлеринде 1– 2 жолу чабылат. Түшүмдүүлүгү 195–302 *ц/га*ны түзүп, 1 *га* жерден 4–7 *ц* урук алууга болот. Ысык-Көл өрөөнүндө түшүм-дүүлүгү 153 *ц*, 1 *га*дан, 4,4 *ц*ден урук алынат. Фергана, Талас, Чүй, Ысык-Көл өрөөндөрүн курчаган тоо этектери м-н жапыз тоолордун (деңиз деңг. 1300–2000 *м*) сугат жерлеринде Ысык-Көл эспарцети, көкбеде, кызыл беде ж. б. өстүрүлөт. Ысык-Көл өрөөнүндө Ысык-Көл эспарцети сортунун эң жогорку түшүмдүүлүгү 156 *ц/га*, Нарын өрөөнүндө 180 *ц/га* болгон.

Орто бийиктиктеги тоолуу аймактарга Ички Теңир-Тоонун дыйканчылык зоналары

киреt. Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа, Ат-Башы, Суусамыр, Чаткал өрөөндөрүнүн, Алай өрөөнүнүн төмөнкү (батыш) бөлүгүнүн сугат жерлеринде (деңиз деңг. 2100—2500 *м* бийиктикте) Ысык-Көл эспарцети, көкбеде, кызыл уйбеде ж. б. айдалат.

Республиканын өтө ысык өрөөндөрүндө силостук жүгөрү эгилет. Респ-да негизги жемдик өсүмдүк-жаздык арпа. Жаздык арпа бат жетилип, кургакчылыкка чыдамдуу келет да, бардык райондордо, негизинен кайрак жерлерде айдалат. Башка тоют өсүмдүктөрдөн бир аз сулу эгилет. Чанактуу дан өсүмдүктөрдөн буурчак климатты көп ылгабагандыктан респ-нын бардык жерлеринде эгилет.

Кырг-н эгемендик алган 1991-жылдан баштап калкты дыйканчылыктын түрдүү азыктары м-н толук камсыз кылуу өлкөнүн экон. өнүгүшүнүн негизги проблемасына айланды. Ошого байланыштуу тоют өсүмдүктөрүнүн эсебинен дан эгиндери, картошка, жашылча, май өсүмдүктөрүнүн аянттары кеңейтилүүдө.

2000-ж. респ-нын чарбаларында 2839,4 миң *т* кесек тоют камдалды, бул 1999-жылга салыштырганда 8,1 миң *т*га (0,3%ке) көп. Даярдалган кесек тоюттардын 65,2%и себилген ж-а табигый чөптөргө (1850,8 миң *т*), 31,3%и күздүк ж-а жаздык саман, топон ж. б. кесек тоюттарга (888,2 миң *т*), 3,5%и сенажга (100,4 миң *т*) тиешелүү. Сенажды даярдоо 19%ке (23,6 миң *т*га) төмөндөдү. Силос дээрлик 40%ке азайып, 1999-жылга салыштырганда 79,5 миң *т*га аз камдалды.

М а л ч а р б а с ы. Айыл чарба өндүрүшү базар мамилесине өткөөл мезгилде мал чарбасынын структурасында да өзгөрүүлөр болду. Чочко, кой, үй куштары азайып, уй, жылкынын башы көбөйдү. Буга байланыштуу карамалдан алган продукция көбөйүп, кой ж-а үй куштарынын эти азайган.

25-таблица

**Уй чарбасынын өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| Жылы | Саан уй, миң баш | Бардык алынган сүт, миң *т* | Ар бир уйдан саап алынган сүттүн орт. өлчөмү, *кг* м-н |
|---|---|---|---|
| 1991 | 518,6 | 1127,5 | 2329 |
| 1992 | 514,7 | 957,1 | 1913 |
| 1993 | 511,2 | 939,8 | 1893 |
| 1994 | 480,9 | 867,9 | 1756 |
| 1995 | 470,9 | 860,4 | 1841 |
| 1996 | 459,9 | 876,1 | 1954 |
| 1997 | 473,5 | 893,6 | 1990 |
| 1998 | 492,2 | 959,3 | 2050 |
| 1999 | 511,5 | 1041,8 | 2126 |
| 2000 | 523,8 | 1962,6 | 2131 |
| 2001 | 535,6 | 1142,0 | 2145 |

*Уй чарбасы* респ-дагы чарба өндүрүшүнүн негизги тармактарынын бири. Уй чарбасынан алынган продукция мал чарбасынан алынган продукциянын жалпы көлөмүнүн 60%ке чейинкисин түзөт. Уй чарбасын өнүктүрүүгө табигый климаттык шарт ж-а анын продукциясын өндүрүүдөгү социалдык факторлор ыңгайлуу. Негизинен респ-нын бардык региондорунда, шаардын четиндеги зоналарда – сүт багытындагы, тоолуу аймактарда – эт багытындагы уй багылат. Жалпы уйдун саны 2007-ж. 1170 миңге, а.и. саан уй 535,6 миңге жетип, 1142,0 миң *т* сүт саап алынган.

Республикада негизинен 2 породадагы уй асыралат: ала тоо ж-а олуя ата. Бийик тоолуу жайыт шартында алатоо породасы (1950-ж. порода болуп бекитилген) өзүнүн сүттүүлүгү, эттүүлүгү жагынан жерг. кыргыз уюнан жогору турат. Бул порода бардык зоналарда (Талас өрөөнүнөн башка) асыралат. Эң көп асыралган жерлери: Чүй өрөөнүнүн борб. бөлүгү, Ош облусунун Кара-Суу, Өзгөн р-ндору, Жалал-Абад облусунун Сузак, Аксы р-ндору, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз р-ну.

Тоюттандырып жакшы бакса саан уйлардан орто эсеп м-н 4000—4500 *кг* сүт (алдыңкы чарбаларда 4800—5000 *кг*дан) саап алууга болот. Сүтүнүн майлуулугу 3,7—3,9%. Жакшы багылган малдан 53—55%, ал эми бордоп семиртилгендеринен 60%ке чейин таза эт алууга болот. Олуяата уюу респ-да көптөн бери асыралып келгендигине карабастан, 1974-ж. гана порода болуп бекитилген. Олуяата уюу сүттүү породага кирип, жакшы өсүшү менен айырмаланат. Ал жерг. уй м-н голландия породасындагы буканы аргындаштыруу жолу м-н алынган. Талас, Чүй өрөөндөрүндө асыралат. Сүттүн жылдык орт. сааны 4500—5000 *кг*, сүтүнүн майлуулугу 3,7—3,8%. Респ-дагы селекция-асыл тукум иштери Ала-Тоо, олуяата, карала уйлардын породасын жакшыртууга ж-а алардын сүттүүлүгүн арттырууга арналган.

26-таблица

**Кой, эчки чарбасынын негизги көрсөткүчтөрү**

| Жылы | Кой, эчкинин башы, миң | Кыркылып алынган жүн, миң *т* | Кой башынан алынган жүн, *кг* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 9106,6 | 36,2 | 3,8 |
| 1992 | 8361,7 | 33,3 | 3,7 |
| 1993 | 6972,6 | 30,8 | 3,7 |
| 1994 | 4783 | 20,8 | 3,1 |
| 1995 | 3899,4 | 14,5 | 3,0 |
| 1996 | 3312,9 | 11,8 | 3,0 |
| 1997 | 3804,9 | 11,4 | 3,3 |
| 1998 | 3810,6 | 11,5 | 3,3 |
| 1999 | 3806,5 | 11,7 | 3,4 |
| 2000 | 3799,2 | 11,7 | 3,5 |
| 2001 | 3744,2 | 11,7 | 3,5 |

**Топоз** бийик тоолуу жайыттарда гана багылып, эң арзан продукция берүүчү мал. Жайыты август, сентябрда түбөлүк кардын чегине чейин жетет, кышында бийик тоо өрөөндөрүндө кыштап, кар астындагы сейрек чөптөрдү таап жейт. Респ-да миллион гектардан ашык жетүүгө кыйын бийик тоолуу жайыттар бар. Алар топоз үчүн негизги тоют базасы болуп эсептелет. Топоз арзан эт ж-а тери берет, жайкысын саалат, күз башталганда сааны токтотулат. Сүтүнүн майлуулугу 12%, сүттүүлүгү анча эмес. Жерг. эл топозду байыркы убактан бери эле асырап келген, бирок кийинки убактарда алардын саны азайып кеткен. 1991-ж. республикада 55,3 миң баш топоз болсо, 2000-ж. 16,3 миң башка чейин кыскарган. Топоздун азайышы тоолуу аймактарда жашаган калктын финансы каражаттарына болгон муктаждыгына байланыштуу.

Топоз Ат-Башы, Алай, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң, Нарын, Кочкор, Кара-Кулжа, Кадамжай, Баткен ж. б. р-ндордун тоолуу аймактарында багылат. Орто эсеп менен 1 *ц* топоз этинин өзүнө турган наркы уй этине салыштырганда 3—3,5 эсеге арзан. Топоз чарбасын өнүктүрүү андан алынган продукциянын ассортиментин көбөйтүүгө мүмкүндүк берип, фармацевтика ө. ж. үчүн дүйнөлүк рынокто тартыш болгон сырьёну (кан, сыворотка, ички секреция бездери) даярдоого мүмкүндүк берет.

*Кой чарбасы* Кырг-ндын а. ч-нын байыртан берки башкы тармагы. Тоолуу рельефке байланыштуу өзгөчө табигый экон. шарттын ыңгайлуулугу жайыттын кенен болушу респ-да кой чарбасынын өнүгүшүнө шарт түзөт. Бардык климаттык зоналарда кой багылып, айылдыктардын киреше алуучу негизги булагы болуп эсептелет. Респ-нын климатына жараша койлор жазында өрөөндөр м-н тоо этектеринде, жайында жайлоодо, күзүндө-кышында өрөөндөр м-н тоо этектериндеги кыштоолордогу короолордо багылат. Тоолуу жайыттарды кеңири пайдалануу аз каражат жумшап, азык-түлүктү (эт, жүн) көп алууга мүмкүндүк берет. Респ-да кой чарба серьёсуна иштетүүчү жеңил ө. ж. тармактары жетишээрлик, ошондуктан бул тармактын экономика үчүн мааниси зор.

Кырг-нда кыргыз уяң жүндүү, Теңир-Тоо чала уяң жүндүү, алай чала кылчык жүндүү койлору, кийинки мезгилде жерг. калкта кылчык жүндүү куйруктуу койду багуу басымдуу. Кыргыз уяң жүндүү кою жакшы өсүшү ж-а дене түзүлүшүнүн чымырдыгы м-н айырмаланат. Ал респ-нын бүт аймагында багылып, бийик тоо жайыттарына жакшы байырланган, жүндүүлүгү жогору. Азыркы мезгилде австралия меринос кочкорлору м-н аргындаштыруудан да жүнүнүн сапаттуулугу арттырылмакчы.

Эт-жүн багытындагы чала уяң жүндүү Теңир-Тоо кою бийик тоолуу катаал шартка ылайыкташкан, чыйрак, чоң, тез жетилүүчү, жакшы кроссбреддүү чала уяң жүн берүүчү порода. Нарын облусунун Ак-Талаа, Нарын, Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо райондорунда багылат. Чала кылчык жүндүү куйруктуу алай коюнун денеси чың, эттүүлүк ж-а жүндүүлүк сапаты шайкеш келип, бийик тоолуу, катаал жайыт шартына чыдамдуу. Жүнү килем ө. ж-нда колдонулат. Алай кою Ош облусунун Алай, Жалал-Абад облусунун Токтогул р-нда асыралат.

Мындан сырткары республиканын бардык региондорунда тараган куйруктуу койлор жалгыз абориген породасындагы койлор. Жакшы эт алат, бат чоңоёт, ар кандай ылаңдарга туруктуу. Акыркы 10 жылдын ичинде койдун башы белгилүү себептерден кескин кыскарган, аны м-н андан алынган жүн, эт дагы азайган (к. 27-таблицаны). Кыргызстанда 2007-ж. 4,2 млн. кой болгон.

*Эчки чарбасы* мал чарбасынын байыркы тармагы. Кыргыздын абориген эчкилерин аргындаштыруу жолу м-н тыбыттуу ж-а жүндүү эчкилердин жаңы породасы чыгарылган. Алар таштуу, бадалдуу жарым чөл жайыттарына жакшы ыңгайлашкан. Алардан базарда суроо-талап көп болгон эчкинин тыбыты, ангора тибиндеги жүн-мохер, тери,

о. эле сүт м-н эт алынат. Эчки асыроо анчалык көп материалдык чыгымды талап кылбайт. Баткен облусу эчкинин жаңы породасы чыгарылып жаткан негизги регион. Кыргыз тыбыттуу эчкиси көбүнчө Баткен р-нда асыралат. Мында негизги асыл-тукум базасы — «Тегирменбашы» асыл-тукум кооператив заводу. Анда 4,5 миң баш асыл тукум эчки асыралып, 1 эчкиден орто эсеп м-н 0,45 *кг*дан тыбыт алынат. Кыргыз жүндүү эчкисинин негизги таралган району — Кадамжай (Баткен облусу).

Асыл тукум эчкини көбөйтүү б-ча 2 жеке менчик ферма (Баткен облусунда) иштейт. Бир эчкиден орто эсеп м-н 1,5—1,8 *кг* жүн-мохер алат. Лейлек р-нунда көбүнчө жакшыртылган жерг. ж-а аргын чалыш эчкилер багылат. Эчки чарбасын өнүктүрүү үчүн анын асыл тукум базасын жакшыртып, кыргыз тыбыттуу ж-а жүндүү эчкилерин өстүрүүчү жеке менчик фермаларды, кооператив чарбаларын кеңейтүү абзел ж-а алардын ишин жакшыртуу үчүн финансылык каржылоо талап кылынат.

27-таблица

**Породалуу жылкылар (2001)**

| Жылкы породасы | миң баш | курамы, % м-н |
|---|---|---|
| Кыргыз жаңы породасы | 194,4 | 54,9 |
| Жергиликтүү жакшыртылган порода | 138,7 | 39,2 |
| Орлов ж-а орус таскактуу породасы | 11,7 | 3,3 |
| Дон породасы | 3,4 | 1,0 |
| Таза кандуу минги порода | 1,7 | 0,5 |
| Жана башка породалар | 4,0 | 1,1 |
| Бардыгы | 353,9 | 100,0 |

*Жылкы чарбасы* Кырг-нда эзелтен өнүккөн, кыргыз элинин тарыхы м-н байланыштуу. Бул тармак калктын жашоо турмушунда маанилүү орунду ээлеп, унаа, азык-түлүк катары пайдаланылган. Жылкы жыл бою жайытта гана багылган. Көчмөн кыргыз эли үчүн жылкысыз жашоо эч мүмкүн эмес эле. Кырг-н Орто Азия, КМШ өлкөлөрүнүн ичинде гана эмес, жалпы эле Борб. Азиядагы жылкы чарбасы өнүккөн өлкө.

Таблицадан көрүнүп тургандай жылкылардын ичинен кыргыз жаңы ж-а жерг. жакшыртылган породанын башы эң көп. Жылкы чарбасын өнүктүрүү фермерлердин күч унаага, мингенге, жылкы этин алууга, кымызга ж-а ат-спорт оюндарына болгон муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Кыргыз жаңы породасы — тоо шартына ылайыкташкан дүйнөдөгү эң мыкты аргын чалыш порода. Аларга дүйнөлүк рынокто суроо-талап көп. Мындан башка республикада таза кандуу минги породадагы жылкылардын баалуу генофонду бар. Дон жылкылары — минги-чегилме жылкы породасы, жеке менчик ээлеринин колунда. Орлов ж-а орус таскактуу породасындагы жылкылар негизинен Чүй облусунда тарап, спортко ж-а жүк ташуучу унаа катары пайдаланылат. Айрыкча Чүй облусунун Москва ж-а Сокулук р-нда тараган. Келечекте кымыз ачытуу б-ча адистештирилген фермаларды ачуу, ат спортунун ж-а туризмдин өсүшүнө, спорт ж-а эттүү жылкыны экспорттоого, жылкы чарбасын өнүктүрүү үчүн тукумдук жылкы даярдоого көбүрөөк маани берилмекчи. 2008-ж. 290 миң жылкы болгон.

28-таблица

**Чочко чарбасынын көрсөткүчтөрү**

| Жылы | Чочко, миң баш | Мегежиндеринин үлүшү, % м-н | 100 мегежинден алынган төл |
|---|---|---|---|
| 1991 | 357,7 | 8,5 | 909 |
| 1992 | - | - | - |
| 1993 | 246,6 | - | - |
| 1994 | 169,4 | - | - |
| 1995 | 113,9 | 13,2 | 1553 |
| 1996 | 88,0 | 16,9 | 1120 |
| 1997 | 92,6 | 15,2 | 1476 |
| 1998 | 105,5 | 16,3 | 1533 |
| 1999 | 104,8 | 16,2 | 1510 |
| 2000 | 101,1 | 20,1 | 1082 |
| 2001 | 86,6 | 18,7 | 1022 |

*Чочко чарбасы* мал чарбасынын эт ж-а кыртыш май берүүчү тармагы. Мал чарбасынын ичинен чочко чарбасы кайтарымдуу, тез өнүкчү ж-а кирешелүү тармак. Чочко чарбасынын алгачкы өнүгүшү Кырг-ндын аймагында XIX кылымдын 70-жылдарында орус ж-а украин келгиндерине байланыштуу. Респ-да чочко чарбасы көмөкчү чарба катары өнүгүп, калктын ж-а кайра иштеп чыгаруучу ишканалардын ички керектөөсүн канааттандырууга багытталган. 2007-ж. 75 миң баш чочко болгон.

Респ-да 1991-ж. жалпы мал чарбасынан алынган эттин ичинен чочко этинин үлүшү 14,2%ти түзгөн. Ал эми алардын саны 357,7 миң баш болгон. 1992—93-ж. аралаш тоюттун жетишсиздигинен ж-а кымбаттыгына байланыштуу бул чарба бир кыйла начарлап, айрым жерлерде чочконун саны 80%ке чейин азайып кеткен. 2000-ж. чочконун

саны 101,1 миң башты, ал эми 2001-ж. 86,6 миң башты түзгөн. Чочко этин өндүрүүнү көбөйтүү үчүн чочко чарбасында аргындаштыруу системасын жакшыртуу зарыл. Ал үчүн негизги энелик порода катары ири ак чочко, негизги аталык порода катары хряк, ландрас же түндүк кавказ породалары пайдаланылат. Айрым райондордо адистештирилген эт породасындагы чочколор багылат.

29-таблица

Үй куш чарбасы

| Жылы | Үй куштарынын саны, миң | Жумуртка, млн даана | 1 мекиян тууган жумуртканын жылдык орт. саны |
|---|---|---|---|
| 1991 | 13571,2 | 649,9 | 204 |
| 1992 | 10420,5 | 591 | 187 |
| 1993 | 6916,5 | 388,9 | 117 |
| 1994 | 2208,5 | 201,6 | 112 |
| 1995 | 2031,8 | 146,7 | 119 |
| 1996 | 2122,4 | 159,6 | 115 |
| 1997 | 2329,6 | 163,9 | 125 |
| 1998 | 2727,5 | 175,9 | 122 |
| 1999 | 2979,9 | 193,0 | 117 |
| 2000 | 3063,7 | 207,6 | 116 |
| 2001 | 3254,3 | 227,8 | 119 |

*Үй кушу чарбасында* төөк, күрп, өрдөк, каз ж. б. канаттуулар өстүрүлөт. Бул чарбада даярдалуучу негизги продукт — жумуртка, эт, кошумчасы тыбыт, жүн. Кыргнда үй куш чарбасы өзүнчө тармак катары 1960-жылдардан баштап өнүгө баштаган. Алардын санын, продуктуулугун көбөйтүү, жаңы породасын чыгаруу ж-а аларды жакшыртуу б-ча көп иштер жүргүзүлүүдө. Респ-да жумуртка багытындагы эки линиялуу кросс «Ат-Башы-13», кыргыз тоогунун породалык тобу, эт-жумуртка багытындагы кыргыз породасы чыгарылган. Сырттан алынып келинген үй куштарын байырлаштыруу ж-а жогорку продуктуулугун сыноо б-ча көп иштер жүргүзүлгөн. Кыргыз тоогунун породасы — Орто Азия өлкөлөрүндөгү жападан жалгыз эт-жумуртка багытындагы порода. Бул порода жерг. кургакчыл, ысык климат шартына ыңгайлашып, өрөөндөрдө ж-а бийик тоолуу аймактарда да таралган. Легорн, плимутрок, нью-гемпшир тоокторун аргындаштыруудан алынган породалык топ.

30-таблица

Мал чарбанын негизги продуктыларын өндүрүүнүн облустардагы абалы (2001)

| | Эт, сойулган салмакта, миң *т* | Чийки сүт, миң *т* | Жумуртка, млн даана | Жүн, миң *т* |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы анын ичинен | 199,6 | 1142,0 | 227,8 | 11,7 |
| Баткен облусу | 15,7 | 93,3 | 18,8 | 1,1 |
| Жалал-Абад облусу | 24,7 | 185,1 | 23,8 | 1,7 |
| Нарын облусу | 23,8 | 122,9 | 5,3 | 2,0 |
| Ош облусу | 41,6 | 228,6 | 33,3 | 2,6 |
| Талас облусу | 13,6 | 71,0 | 13,9 | 1,2 |
| Чүй облусу | 53,8 | 295,1 | 117,3 | 1,0 |
| Ысык-Көл облусу | 25,8 | 144,0 | 11,1 | 2.1 |
| Бишкек шаары | 0,6 | 2,0 | 4,3 | 0,0 |

Эт-жумуртка багытындагы порода интенсивдүү, рентабелдүү ж-а кирешелүү тармак. Ал кыска мөөнөттүн ичинде эле абдан жегиликтүү диеталык продукт (жумуртка, эт) алууга мүмкүндүк берет. Үй куш чарбасында генетикалык жактан жакшыртылган асыл тукум порода кыска мөөнөттүн ичинде өзүн актайт. Фермердик ж-а дыйкан чарбалары пайда болгондон баштап, эт-жумуртка багытындагы, айрыкча кыргыз породасындагы тоокторго суроо-талап күчөдү. Кийинки жылдарда аралаш тоюттун жетишсиздигине, кымбаттыгына байланыштуу бул тармак бир кыйла кыскарып кеткен (к. 30-таблицаны).

1991-ж. 13,6 млн үй кушу болсо, 2001-ж. алардын саны 3,3 млнго, ал эми ар бир мекиядан алган жумуртка болсо 204 даанадан 119 даанага кыскарган. Кырг-ндын бийик тоолуу аймактардагы жайыттар күрп, каз багууга ылайыктуу. Күрп, каз, өрдөктөрдү көбүнчө жеке менчик чарбалар асыроодо. Азыркы убакта үй куш продукцияларына тартыштык болгону байкалууда. Бирок дүйнөлүк практика көрсөткөндөй бул тармак өзүн-өзү бат актай ала турган, рентабелдүү ж-а экон. жактан үзүрлүү келет. Ошондуктан тармакка рационалдуу инвестициялык жардам көрсөтүлсө, ал кайрадан бат калыптанып өсө тургандыгын, үй куштарынын биол. ж-а генетикалык сапаттары далилденди.

Үй куш чарбасынын биринчи кезектеги милдети чарбанын асылдуулугун жакшыртуу. Жергиликтүү ресурстарды пайдаланып, аралаш тоют камдоочу өндүрүштү өнүктүрүү

республиканын үй куш чарбасын атаандаша алгыдай тармакка айландыра алат. 2007-ж. 2925 миң үй кушу асырылган.

Ж а й ы т т а р. Мал чарбанын тоют базасын чыңдоодо, жайыттардын мааниси зор. Жайыт табигый ж-а эгилме болуп экиге бөлүнөт. Кыргыз Респ-нда малга керектүү эң эле арзан тоютту табигый жайыттар камсыз кылат. Жыл бою жайыттын чөбү кой-эчкинин рационунун – 70, жылкынын – 70, уйдун – 50, топоздун – 100%ин түзөт. Кырг-нда табыгый жайыттын жалпы аянты 9,2 млн *га* (2002); а. и. жазгы-күзгү жайыт 2,9 млн, жайкы жайыт 4,8 млн, кышкы жайыт 1,5 млн *га*ны түзөт. Жазгы-күзгү жайыттар негизинен Ысык-Көл, Чүй, Талас, Фергана өрөөндөрүндө, Борб. Теңир-Тоодо жайгашкан. Бул жайыттарда эрте жазда көктөп, тез куурап кетүүчү (эфемер) ж-а шыбак-эрмен чөптөр өсөт. Өрөөндөрдө март, тоолуу жерлерде апрель-май айларынан баштап малды жаюуга болот. Жаан-чачындуу күз мезгилинде бул жайыттар кызылот, буудайык, бетеге, сойгок, карабаш, шыбак, эрмен ж. б. өсүмдүктөргө бай келет да сентябрдын ортосунан ноябрга чейин малды жаюуга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Респ. б-ча жазгы-күзгү жайыттын түшүмдүүлүгү гектарына орто эсеп м-н 4,2 *ц*ди (кургак аш болумдуу масса) түзөт.

Жайкы жайыттар деңиз деңг. 2000 *м*ден 4000 *м* бийиктикке чейинки жерлерде Таластын, Чаткалдын, Фергананын, Алайдын, Тоңдун тоо кыркаларында, Ысык-Көлдүн сырттарында, Көк-Ойрок, Кара-Кужур, Арпа, Ак-Сай, Соңкөл, Суусамыр, Алай ж. б. бийик тоолуу өрөөндөрдө жайгашкан. Бул жайыттар июндан сентябрь айынын биринчи жарымына чейин пайдаланылат. Жайкы жайыттарда негизинен бетеге, каракыяк, ак-сокто, доңуз сырты, өлөң чөптөр ж. б. дан баштуу, жазы жалбырактуу көп жылдык чөп өсүмдүктөрү өсөт. Жайкы жайыттын орт. түшүмдүүлүгү 5,5 *ц/га*. Кышкы жайыттар Ак-Сайдын, Орто-Сырттын, Кара-Кужурдун, Ысык-Көлдүн, Кочкордун, Таластын, Алайдын күңгөй жаккы тоо этектеринде жайгашкан. Орт. түшүмдүүлүгү 2,7 *ц/га*.

Респ-дагы жайыттар геогр. орун алышы ж-а калктуу конуштардан алыстыгы б-ча алыскы, калктуу конуштарга жакын жайгашкан ж-а бөксө тоо (алыскы жайыт м-н калктуу конуштарга жакын жайыттардын аралыгында жайгашкан) жайыттары болуп бөлүнөт. Алыскы жайыттарга Ак-Сай, Арпа, Жаңы-Жер, Кашка-Суу, Куртка, Оруктам, Тарагай, Орто-Сырт, Соңкөл, Карачүйлүү, Каркыра, Ысык-Көлдүн сырттары, Чоңалай, Алайкуу, Күрөбөс, Узун-Акмат, Чаткал, Суусамыр, Көк-Ойрок ж. б. кирет.

Азыркы учурда мурунку колхоздорго ж-а совхоздорго бекитилип берилген жайыттардын көбүнчө, айрыкча алыскы жайыттарга мал жайылбай ээн калууда. Ошол эле учурда дыйкан (фермер) чарбалары өздөрүнүн малдарын калктуу конуштарга жакын жайыттарга баш аламан жайып, алардын кунарын кетирип, деградацияга ж-а эрозиянын күчөшүнө алып келүүдө.

Жайыт сапаты б-ча төмөнкүдөй бөлүнөт: таза жайыттар – 3,0 млн *га*, таштак жайыттар – 1,5 млн *га*, бадалдуу, караган-черлүү жайыттар – 1,2 млн *га*, тоютка жараксыз сабагы катуу ж-а уу чөптөр каптап кеткен жайыттар 1,3 млн *га*, эрозияга дуушарланган жайыттар – 0,2 млн *га*, деградацияга учураган жайыттар – 2,3 млн *га*, а. и. 0,7 млн *га* өтө деградацияланган жайыттар. Тик жантаймаларда жайгашкан (40°тан тик), мал жаюуга мүмкүн болбогон жайыттар – 400 миң *га*. Жайыттарда уулуу чөптөр (кундуз чөп, кулунчак, чайыр куурай, кызгалдак), малга аш болумсуз, сабагы катуу өсүмдүктөр (кумуру, сарыбаш, аткулак, шыраалжын, бүргөн, кокотикен), бадалдар (итмурун, алтыгана, төө куйрук, боз караган, шилби, бөрү карагат) ж. б. көп тараган. Жайытты сактоо ж-а анын түшүмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн убагында жайыт которуп, малды тилкелеп жаюу талапка ылайык.

**Аары чарбасынын** өнүгүүсүнө респ-нын табигый-климаттык шарты өтө ыңгайлуу. Мында көптөгөн аянтта чаңдаштырууну талап кылуучу көп жылдык чөп, мөмө бак, жашылча-жемиш, бакча ж. б. өсүмдүктөр өстүрүлүп, аары үчүн тоют базасы түзүлгөн. Тоодо өскөн ар түрдүү табигый чөп ж-а бадал өсүмдүктөрү бал жыйноого, ал эми аары болсо аларды чаңдаштырып, түшүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк түзөт.

Ошого карабастан акыркы 10 жылда бал өндүрүү төмөндөп кеткен. Бул мезгилде аары уюгу 3,7 эсеге азайган. Жер реформасынын жүрүшүндө көп чарбаларда бал челектер чарбанын мүчөлөрүнө бөлүнүп берилген, мунун натыйжасында көптөгөн өздүк чарбаларда аарынын өлүмүнүн көбөйүшүнө алып келген (көбү аары м-н иштеп көргөн эмес). Айрым аары чарбалары («Музтөр»,Өзгөн питомник совхоздору ж. б.) акционер-

дик коом түзүп, аарыларын бөлүштүргөн эмес. Алардагы 8–10 миңдей аары уюктарынан жыл сайын 100—160 *т*дан бал алынууда, 1996-ж. респ-нын аары чарбасында өзгөрүш жыл болду. «Кыргыз аары бирикмесинин» ж-а Ош облустук аары бирикмесинин базасында «Уюк», «Өбөлгө» акционердик коомдору түзүлгөн. «Уюк» акционердик коому балды чакан идиштерге куя турган линия-автоматты ишке киргизди. Андан сырткары аары үчүн атайын торлорду, жылуу жаздык, жумушчуларга атайын кийим, дарыдармектерди даярдоодо «Өбөлгө» акционердик коому бал челек, рамка жасай турган шаймандарды, жасалма мом пластинкаларын ж. б. чыгарууда. 1997-ж. 64,2 миң аары уюгунан 680,5 *т* бал алынган. Ар бир аары уюгунан 10,6 *кг*дан бал өндүрүлгөн.

Аары чарбасынын продуктуулугун ж-а аары уюгун көбөйтүү максатында 1998-ж. 9-декабрда респ-нын өкмөтү «Кыргыз респ-нда 1998–2005-ж. аары чарбасын өнүктүрүү программасы жөнүндө» токтом кабыл алган. Аары чарбасы Кырг-ндын түштүгүндө көбүнчө Ош, Жалал-Абад облустарында өнүккөн. Өзгөн, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Ноокат, Токтогул, Аксы, Базар-Коргон, Сузак, Тогуз-Торо, Чаткал р-нда респ-дагы жалпы бал челектин 60-70% топтолгон. Түндүктө, Ысык-Көл облусунун Түп, Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Нарын облусунун Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын, Талас облусунун Талас, Бакай-Ата р-нда жеке менчик ж-а фермер чарбаларда бал челектер бар.

**Балык чарбасы** айыл чарбасынын балык өстүрүүчү ж-а аларды көбөйтүп, тукумун жакшыртуу иштерин жүргүзүүчү тармагы. 1965-ж. Кыргыз Респ-сынын балыкчылык башкармасы (1993-жылдан «Кыргыз балыгы» корпорациясы) уюшулгандан тартып өзүнчө тармак катары өнүгө баштаган. Табигый ж-а жасалма көлмө балык чарбасына бөлүнөт. Табигый көлмө балык чарбасы дарыя, көл, өзөн, суу сактагычтарда балык запасын көбөйтүү иштерин жүргүзөт. 1930-ж. чейин респ-нын сууларында балыктын 7 тукуму, 30га жакын түрү ж-а түрчөлөрү болгон. Алардын ичинен Ысык-Көлдө — көкчаар, жылтыр, чабак, майчабак, Чүй өрөөнүндөгү суу м-н көлмөлөрдө — чортон, жаян, жылтыр, сазан, койбалык кездешкен.

1930-ж. суулардагы балыктын продуктуулугун жогорулатуу, түрдүк составын жакшыртуу үчүн респ-нын илимпоз ихтиологдорунун чечими м-н промыселдик балыктардын түрлөрүн байырлаштыруу адегенде Ысык-Көлдө, кийинчерээк башка агын суу, көлдөрдө башталган. 1930 ж-а 1936-ж. Севан көлүнөн Армения жилингир-игаркун ж-а май канат-лудога, орусиядан омуль, момун балык, ряпушка, каңылтыр, көксерке, тыран балыктарынын чабагын алып келип Ысык-Көлгө коё берилген. Алардын ичинен жилингир, каңылтыр, көксерке, судак майканат, тыран балыктары байырлашып, 1960-жылдардын аягында тукумдук балык пайда болуп, 1971-жылдан өнөр жайлык товардык балык алына баштаган. Азыркы мезгилде Ысык-Көлдө балыктын 20дай (жилингир, май канат-сига, момун балык, тыран, кубулма балык, таман балык, көксерке ж. б.) түрү бар Алардан жилингир балыгы жакшы байырлашып, айрымдарынын салмагы 24 *кг*га чейин жеткен. Ошондой эле сига, тыран, көксерке көбөйүп кеткен. Бирок көксерке балыгы майда балыктарды жеп, санын азайтып жиберген. Ысык-Көл респ-гы ири ж-а негизги балык чарбасы өнүккөн көл, 2000-ж. респ-нын бардык суу, өзөн, көлдөрүнөн 511 миң *т* балык кармалса, Ысык-Көлдөн жылына 1,0—1,2 миң *т* балык кармалат. Кыргыз УИА-нын Ысык-Көл биостанциясынын маалыматы б-ча көлдөгү балыктын запасы 250—300 *т*дан ашпайт. Жилингирдин табигый көбөйүшү чектелүү болгондуктан, Тоң балык-өстүрүү заводунда жилингир балыгын жасалма жол м-н көбөйтүү иштери жүргүзүлүүдө.

1959-жылдан Соңкөлдө балыкты байырлаштыруу башталган. Момун балык, сига, ряпушка, чүрөк, жилингир, кубулма балык, көкчаар коё берилген, алардын жакшы байырлашкандары момун балык, көкчаар, сига болгон. 1977-жылдан Соңкөлдөн товардык балык кармала баштады. Ал мезгилде 100 *т*дан ашык балык (жыл сайын 50—100 *т*дан сига) кармалган.

Токтогул суу сактагычына Ысык-Көл жилингири, акамур, макоо балык, каңылтыр, сазан, сибирь мекиреси коё берилген. Азыркы мезгилде суу сактагычта ж-а ага куйган сууларда балыктын 17 түрү бар. Алардын ичинен каңылтыр, сазан, акамур, акмакоо балыктары 1978-жылдан баштап өнөр жайлык деңгээлде кармала баштаган. Азыр Ысык-Көл жилингири, акмакоо балык, сазан каңылтыр балыктары кармалат. Жылына 100 *т*дан ашык балык алынат. Орто-

Токой суу сактагычына жылтыр, көкчаар, жилингир, Кара-Буура суу сактагычына жылтыр, каңылтыр акамур, таман балык, акмомун балык, Найман суу сактагычына — сазан, каңылтыр, Базар-Коргон суу сактагычына — сазан, каңылтыр ж. б. промыселдик балыктар коё берилген.

Азыркы мезгилде Кырг-ндын суу, көл, суу сактагычтарында балыктын 11 тукумуна кирген 75 түрү кездешет. Промыселдик балык улоо негизинен Ысык-Көл, Соңкөл, Токтогул суу сактагычында жүргүзүлүүдө. Өзгөн ж-а Талас мамл. балык чарбалар каңылтыр, акамур, момун балык өстүрүүдө. Көлдөрдөгү тоют базасынын начардыгы балык чарбасынын өнүгүүсүнө тоскоол болууда. Ошондуктан жасалма көлмөлөрдө балык өстүрүү келечектүү тармак болуп эсептелет.

**Суу чарбасы.** Кырг-ндын суу чарбасында экон-нын башка тармактарындай эле базар мамлесине өтүүнүн өткөөл мезгилинин алгачкы жылдарында эң татаал кризистик шартта иштөөгө туура келди. Көптөгөн суу чарба курулмалары ресурстардын ж-а каражаттын жетишсиздигинен авариялык абалда болгондуктан аларды калыбына келтирүү үчүн көптөгөн аракеттерди талап кылды. Мамлекет тарабынан берилген жардамдын чет өлкөлүк инвестициялардын суу чарба өндүрүшүндө болгон аракеттердин натыйжасында плотина, суу сактагыч, насостук станциялар ж. б. курулмалар оңдолуп, жабдылып, алардын иши стабилдеше баштады. Суу пайдалануу азыркы стандартка ылайыкташтырылып камсыз кылууга багыт алды. Мамл. суу фондусуна (МСФ) мөңгү, суу, көл, артезиан бассейндери ж-а аларда жайгашкан суу ресурстары, бардык ным сактоочу токой, режимди жөнгө салуучу ж-а нук сактоочу плотина, суу сактагыч, курулуш ж-а курулмалар, о. эле кар ж-а суу ченөөчү станциялар, посттор, байланыш каражаттары кирет. Жалпы суу ресурстарынын ичинен калыбына келип туруучу агын суулар ж-а жер астындагы суулар маанилүү орунду ээлейт. Жер үстүндөгү ж-а жер астындагы суулар сугат дыйканчылыгын, гидроэнергетиканы, коммуналык-тиричиликти, тамак-аш ж-а иштетүүчү ө. ж-ды, балык чарбасын ж. б. суу талап кылуучу тармактарды суу м-н камсыз кылуучу башкы булак болуп эсептелет. Агын сууларды сарамжалдуу пайдалануу максатында 1-кезекте сугат дыйканчылыгы ж-а гидроэнергетика үчүн суу агымдарын жөнгө салуучу суу сактагычтар курулган. Алардын эң ирилери Нарын д-ндагы *Токтогул суу сактагычы* (сыйымдуулугу 19,5 млрд $м^3$), Талас д-ндагы Кара-Буура (570 млн $м^3$), Чүйдөгү Орто-Токой (470 млн $м^3$), Ак-Буурадагы Папан (260 млн $м^3$) ж. б. Жер үстүндөгү суулардын көпчүлүк бөлүгү (80%ке чейин) мамлекеттик чегарадан өтүп сыртка чыгат да аны коңшу өлкөлөр пайдаланышат.

Кыргызстан көптөгөн тоо сууларынын куралуу аймагында жайгашып, анын $^1/_5$ бөлүгүн гана пайдаланат. Бирок суу ташкындаганда, көчкү жүргөндө дарыя суусу нугунан чыгып, ташкындап жээктериндеги айыл-кыштактарга, курулуштарга, курулмаларга ж. б. зыян келтиргендиктен чоң чыгымдарды тартууда.

Суу чарба курулмалары 632 сугат системасынан туруп, 1066 *га* жерге суу жеткирет; инженердик системалар 430 миң *га* сугат жерин тейлей алат. Агын сууларды суу м-н агып келген шилендиден тазалоочу, кирген сууларды тез аранын ичинде өткөрүүгө жөндөмдүү инженердик суу жыйноочу курулмалар негизинен курама-темир ж-а монолит бетондон же темир-бетондон жасалган, суу сарыгып кетүүгө каршы каптооч материал менен капталган инженердик типтеги каналдар бар. Жарым-жартылай инженердик системалар суу жыйноочу инженердик курулмалардан туруп, 368 миң *га* жерге суу жеткирет. Каналдар дээрлик суу бөлүштүрүүчү курулмалар м-н жабдылган эмес, суу сарыгып кетүүгө каршы каптооч материалдар жок, алардан 222,5 миң *га* жер сугарылат. Магистралдык ж-а бөлүштүрүүчү каналдардын жалпы уз. 6,2 миң *км,* аларда көп сандаган суу пайдаланууну жөнгө салуучу курулмалар, көпүрөлөр, гидрометеорологиялык посттор, селден коргоочу курулмалар жайгашкан. Суу чарба департаменти сугат аянты 51,7 миң *га* келген 62 насостук станцияны пайдаланып иштетет. 34 ирригациялык суу сактагыч ж-а жалпы сыйымдуулугу 2 млрд $м^3$ келген, сууну суткасына ж-а декадасына жөнгө салып туруучу 400дөй бассейни бар. Аянты 149,9 миң *га* келген сугат жерди жер астындагы ашыкча суулардан арылтыш үчүн 636 *км* чарбалар аралык (мамл.) коллектор ж-а ички чарбалык 4,8 миң *км* коллектор-дренаж тармактары бар. Алардын 3,1 миң *км*и ачык, 2,3 миң *км*и жабык типте. Ири суу сактагычтарды пайдаланууда кыйла татаалдыктар болууда. Алардын көбү эл аралык стандарт б-ча 4- өтө ж-а 3- коркунучтагы категорияларга кирет. Ошондуктан тез аранын ичинде затворлорду,

электр-мех. жабдууларды, контролдоп-өлчөөчү приборлорду, автоматика каражаттарын алмаштыруу, плотина ж-а суу чыгаруучу механизмдерди бекемдеп, ремонттоо-калыбына келтирүү иштери талап кылынат. О р т о - Т о к о й  с у у  с а к т а г ы ч ы 1957-ж. курулган Чүй дарыясынын агымын жөнгө салып турат. Чүй облусунун 180 миң *га*, Жамбыл облусунун (Казакстан) 40 миң *га* жерин сугарат. Суу сактагычтын гидротех. курулмаларынын абалы начар, суу чыгаруу курулмалары иштебей калган. Контролдоп-өлчөөчү приборлор, байланыш каражаттары алмаштырууну талап кылат. Жыл сайын коопсуздуктан сактануу максатында суу сактагыч толугу м-н толтурулбайт, 40 млн $м^3$ге чейин суу пайдаланылбай жатат. Бүткүл дүйнөлүк банктын колдоосу астында "Ирригациялык системаны калыбына келтирүү" долбоорунун чегинде суу сактагычтарды калыбына келтирүү б-ча жумуштар башталды (2002). П а п а н  с у у  с а к т а г ы ч ы 1981-ж. курулган. Ош облусунун 37 миң *га*, Өзбекстандын 8 миң *га* жерин сугарат. Тех. эксплуатациясы бир кыйла татаал. Суу сактагычтын төмөнкү жантаймасында суу сарыгып кетип жаткандыгы (мындан анын бекемдиги төмөндөйт), суу чыгаруучу жеринде вибрация байкалган. Плотинасынын жер титирөөгө туруктуулугу б-ча кошумча иштер жүргүзүлүүдө. Ушуга байланыштуу 1994-ж-а 1999-ж. суу сактагычка суу толтурууну 60—80 млн $м^3$ге азайтуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Суу сактагыч «Ирригациялык системаларды калыбына келтирүү» долбооруна киргизилген, азыркы мезгилде алдын-ала долбоорлоо иштери жүргүзүлүп жатат. К а р а - Б у у р а  с у у  с а к т а г ы ч ы 1975-ж. курулган. Бийиктиги 84 *м* келген уникалдык бетон, контрфорстук плотинасы бар. Талас облусунун 105 миң *га*, Казакстандын 60 миң *га*дай жерин сугарат. Эл аралык эксперттердин баалоосу боюнча плотинасы бекем ж-а туруктуу. Жалпысынан алганда объекттин тех. абалы канааттандырбагандыктан, жыл сайын 300 млн $м^3$ суу пайдаланылбай калат.

С у г а т  к а н а л д а р. Каналдар системасынын 675 чарба аралык каналдары бар. Уз. 6,2 миң *км*, а. и. бетон ж-а темир-бетон м-н капталган каналдардыкы 2,5 миң *км*. Узак жылдар бою пайдаланылып, тех. абалы начарлап кеткендиктен 1,4 миң *км*дик канал капиталдык ремонтту жана тазалоону талап кылат. Бардык каналдар б-ча суммардык суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү 2528 $м^3/сек$, бирок каналдарга ылай толуп, о. эле каптаган материалдар сынып талкалангандыктан алар секундасына 2067 $м^3/сек$ сууну (467 $м^3/сек$та аз) өткөрө алат. Алардын пайдалуу аракет коэффициенти 1990-жылга салыштырганда 0,82ден 0,76га азайган, натыйжада суунун топуракка сиңип кетүүсү ж-а жөн эле талаага кетип жаткан суу 600 млн $м^3$ көбөйгөн. Каналдардын өткөрүү жөндөмдүүлүгүнүн кыскарышынан сугат аянттарына 1 млрд $м^3$ суу аз келүүдө. Адистердин эсептөөсү б-ча сугат жерлерине суунун жакшы жетпегендигинен талаачылык 20% продукциясын жоготууда.

Н а с о с  с т а н ц и я л а р ы н ы н саны 2001-ж. 61ге жетип, 51,7 миң *га* жерге суу чыгарат. Көбү айыл-кыштактарды, шаарларды сугат ж-а тиричилик м-н камсыз кылуучу бирден бир булак болуп эсептелет. Жылдык керектеген электр энергиясы 190 млн *кВт*. Бардык насос станциялары 25—30 жыл иштеген, 30%тен ашык насос станциясынын агрегаттары ж-а электр кыймылдаткычтары алмаштырууну же капиталдык ремонттоону талап кылат. Насос станцияларынын суммардык долбоорлук өндүрүмдүүлүгү 119,6 $м^3/сек$; алардын өндүрүмдүүлүгү жылдан жылга төмөндөөдө.

С у г а т  ү ч ү н  ж а с а л г а н  б у р г у л о о  к ө з ө н ө к т ө р ү  ж - а  в е р т и к а л д ы к  д р е н а ж д а р д ы н саны 108. Алар 1972—80-ж. 13,3 миң *га* сугат жеринин мелиорациялык абалын жакшыртуу ж-а суу м-н камсыз кылуу үчүн бургуланган. Азыр алардын көбү ишке жараксыз. Бургулоо көзөнөктөрүн калыбына келтирүү үчүн бургулоо чыпкаларын, айландыруучу түтүктөрүн, тереңдик насосторун алмаштыруу, трансформатордук чакан станциялардын бир бөлүгүн жаңыртуу зарыл.

Ч а р б а  а р а л ы к  к о л л е к т о р л о р. Уз. 636 *км* келген коллекторлор 21,6 миң *га* сугат жеринен дренаждык сууларды алып кетүүнү камсыз кылат. Коллекторлордун кыйласы талаптагыдай тазаланган эмес, натыйжада мелиорациялык абал начарлап, жер астындагы суулардын деңгээли көтөрүлүп, топурак шордонуп а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү төмөндөгөн.

Жалпысынан алганда ирригациялык фондуну кармап турууга ж-а пайдаланууга финансылык каржылоонун көлөмү азайып, фонддогу ирригациялык курулмалардын абалы жылдан жылга начарлоодо.

**Ички чарбалык ирригациялык фонддун абалы ж-а аны пайдалануу.** Сугат системасынын бул түрүнүн жалпы уз. 19,2 миң *км*, анын ичинен бетон ж-а темир-бетон м-н капталганы 4,9 миң *км*, анын 3,5 миң *км*и ноо (лоток) тармактары. Бул каналдар аянты 500—800 *га* болгон которуштуруп айдоочу массивдерди сугаруу үчүн жасалган, ар бири 40—60 *га* жерди сугарууга ылайыкталган. Ар бир сугат талаасына бирден туруктуу канал бөлүнгөн. Топурактан жасалган көптөгөн каналдар 14 миң *км*ден ашык ылайга толуп, талаптагыдай суу өткөрбөй калды. Ноо каналдары 15–25 жыл пайдаланылып (пайдалануу мөөнөтү 25 жыл), кийинки мезгилде бузулуп, талкалана баштады. Суу тармактарынын тех. жактан абалынын начардыгынан пайдалуу аракет коэффиценти 0,65ден 0,56га кыскарган. Натыйжада жылына 700 млн $м^3$ суу топуракка сиңип же жөн эле талаага кетип жатат. Бул суу менен 500 миң *га* жерди сугарууга болмок.

**Насос станциялары.** Мурунку колхоз, совхоздордун балансасындагы 182 электрлештирилген насос станциясы 21,3 миң *га* жерди сугарган. Узак убакыттан бери пайдаланылгандыктан, тех. жактан жакшы каралбагандыктан 104 насос станциясы иштен чыккан. Дээрлик бардык насос станциялары ремонттоону же насос-күч жабдууларын — электр кыймылдаткычтарын, кабелдик продукцияларды, трансформатордук чакан станцияларды ж-а басымдык түтүк кууларын алмаштырууну талап кылат. Насос станцияларынын чыгарган суусунун наркы бийиктикке жараша 1 $м^3$ге 50—70 тыйынды, ал эми суу өзү ага турган болсо 10—15 тыйынды түзөт.

**Сугат көзөнөктөрү** 1990-ж. чейин 1300 болсо, анын 708и иштебейт. Электр берүүчү линиялардын ж-а трансформатордук чакан станциялардын көбү да иштебей калган. Аларды калыбына келтирүү үчүн фермердик ж-а дыйкан чарбалардын мүмкүнчүлүктөрүнө карай тех.-экон. жактан негиздөө талап кылынат.

**Коллектордук-дренаж тармактары** 149,4 миң *га* сугат аянтын ашыкча жер астындагы суулардан арылтат. Алардын уз. 4,8 миң *км*, а. и. 2,5 *км*и ачык, 2,3 *км*и жабык түрүндө. Алардын абалы канааттандыраарлык болбогондуктан жыл сайын жер астындагы суулардын деңгээли көтөрүлүп, шорлонгон жерлер кеңейүүдө. Алардын ишин жөнгө салуу үчүн 1068 *км*ин тазалап, 416 *км*ин жууп чыгуу зарыл. Чарбалар майда чарбаларга бөлүнүп кетишинен суу пайдалануучулар 100 эседен ашып кетти. Натыйжада чарба ичиндеги канал ж-а курулмалар чарба аралык болуп, ого бетер каралбай калды. Мелиорация жактан жагдайсыз, жер астындагы суунун деңгээли көтөрүлүп, шорлонгон жерлердин аянты 78,6 миң *га*дан 90,3 миң *га*га кеңейди.

Бүткүл дүйнөлүк банктын ж-а Япониянын берген кредиттеринин эсебинен жер казуучу техника, запас бөлүктөр, насос станциясы үчүн жабдуулар алынып, «Ирригациялык системаны калыбына келтирүү» долбоору ийгиликтүү ишке ашырылууда, 12 суу сактагыч, техника ж-а өлчөөчү каражаттар м-н жабдылган 50дөй ирригациялык система калыбына келтирилүүдө. 94,4 миң *га* сугат жерин тейлей турган 7 ирригациялык система ремонттолду. Орто-Токой суу сактагычын калыбына келтирүү, Кара-Буура ж-а Папан суу сактагычын калыбына келтирүү б-ча долбоорлоо иштери аяктады (2001). Бүткүл дүйнөлүк банктын "Чарба аралык сугат" долбоору б-ча иштер жүргүзүлүүдө. Борб. Азия мамлекеттери ортосунда суу пайдалануу б-ча жаңы мамилелер түзүлүүдө.

**Токой чарбасы.** Токой – табигый сырьё, мамл. токой фондусунун негизги объектиси. Кыргыз Респ-нын токой фонду анча чоң эмес. Деңиз деңгээлинен 600 *м*ден 3000 *м* бийиктикке чейин токой өсүп, аянты 849,5 миң *га*ны түзөт же респ-нын аймагынын 4,25%ин ээлейт. Ысык-Көл, Чүй, Нарын ж-а Талас облустарындагы тоолордун түн. ж-а батыш капталдарында карагай, Жалал-Абад, Ош облустарындагы Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун түш. капталдарында дүйнөдө чанда кездешчү уникалдуу жаңгак-жемиш токою, Жалал-Абад облусунун тоо этектеринде кургактыкка чыдамдуу мисте, бадам, Баткен, Ош облусутарындагы тоолордун капталдарында арча токою өсөт. Агын суулардын жайылмаларында бадал токою таралган.

Кыргыз Респ-нын токою — кыргыз элинин улуттук байлыгы. Токой мамл. менчиги, экон-нын өнүгүшүнө, айлана-чөйрөнү сактоодо, калктын турмушун оңдоодо мааниси зор. Токой респ-нын жыгачка ж. б. токой продукциясына болгон талабынын айрым бир бөлүгүн канааттандыруучу булак, климатка, атмосферага, суулардын гидрологиялык режимине ж. б. суу объектилерине жагымдуу таасирин тийгизип, кыртышты суу ж-а шамал эрозиясынан сактайт. Респ-нын токойлору адам-баласынын ден соолугун чыңдоодо мааниси

зор. Калктын маданий, эстетикалык талабын канааттандырып, туристтердин сүйүктүү жайы болуп калды.

Респ-нын аймагында карагай, арча, жаңгак-жемиши ж-а өрөөн-жайылма токойлору бар.

К а р а г а й т о к о й л о р у Тескей ж-а Күнгөй Ала-Тоолорунда, Нарын-Тоо, Ат-Башы, Байдулу, Кыргыз Ала-Тоолорунда, Чоң Кемин ж. б. суулардын алаптарында 1600—3100 *м* бийиктикте таралган. Карагай токойлору негизинен респ-нын түндүгүндө, Ысык-Көлдү курчап турган тоолордун капталдарында, Нарын д-нын алабында өсөт. Карагай токойлорунун анча чоң эмес массивдери Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолорунда, Кырг-ндын түштүгүндө таралган. Карагай токойлорунун жалпы аянты 111,5 миң *га*. Карагай токойлору өскөн зоналарда кызыл карагай (2,3 миң *га*), кара карагай (1,6 миң *га)*, көк карагай (3,6 миң *га*) да кездешет.

Ж а ң г а к-ж е м и ш т о к о ю деңиз деңг. 1100 (1200)—2300 *м* бийиктиктерде Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун түш. капталдарында өсөт. Негизинен жаңгак, жапайы алма, алча, түркстан акчечеги аралаш таралган. Жалпы аянты 630,9 миң *га*, а. и. 35 миң *га*сы жалаң жаңгак токою, мисте токою —33 миң *га*. Жаңгак-жемиш токой зонасы өтө ар түрдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Дарак ж-а бадалдардын 120дан ашык түрү, а. и. 20 түрү дарак, 20дай түрү бадал өсүмдүктөрү. Жаңгак-жемиш токоюнун эл чарбасындагы чоң мааниси эске алынып, бул аймак мамл. мөмө-жемиши заказнигине айландырылган. 1948-жылдан бери токойду калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүүдө. А р ч а т о к о й л о р у негизинен Кырг-ндын түштүгүндө Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун каптал беттеринде өсөт. Мында кара арча, карагай арча, өрүк арча тараган. Андан сырткары тик аскаларда жапалак арчалар өсөт. Жалпы аянты 364,3 миң *га*. Өрөөн-жайылмаларда өскөн т у г а й т о к о й л о р у Суусамыр, Каракол, Талас, Нарын д-нын жайылмаларында өсөт. Аларды тал, терек, чычырканак ж. б. бадалдын түрлөрү түзөт. Тугай токойлору айыл-кыштактарга жакын жайгашкандыктан, акыркы мезгилде көп кыркылып кеткен.

К ы р г ы з Р е с п - н ы н м а м л. т о к о й ф о н д у с у. Кыргыз Респ-нын Токой чарбасы б-ча агентствосунун карамагында 2833,6 миң *га* (а. и. токой каптаган аянты 769,5 миң *га)*, Экология ж-а өзгөчө кырдаалдар министрлигинин корук фондусу 236,2 миң *га* (а. и. токою 20,3 миң *га)*, Кыргыз Респ-нын Президентинин иш башкармалыгынын карамагында 3,6 миң *га* (токою 1,3 миң *га)*. Айыл, суу чарба ж-а кайра иштетүү министрлигинде 66,6 миң *га* (токою 44,6 миң *га*), мурунку колхоздордун ордунда түзүлгөн коллективдүү ж. б. айыл чарба ишканаларынын карамагында 23,0 миң *га* (токою 13,6 миң *га*), токой фонду болгон; шаардагы токой —0,2 миң *га*ны түзгөн. 2002-ж. Кырг-нда 59 токой чарбасы, ишканалары ж-а уюмдар болгон. Алардын 39 токой чарбасы, 5 мамл. табият паркы.

Т о к о й д у п а й д а л а н у у. Карагай токойлорунда 1950-ж. чейин тандап ж-а туташ кыркуу колдонулган; 1925—50-ж. 6,17 млн $м^3$ ал эми 1925-жылдан 2000-ж. чейин бардыгы болуп 9689,1 миң $м^3$ карагай токою кыйылган. 2000-ж. респ-нын токойлорунда санитариялык кесүү, куураган, картаң токойлорду кесүү, токойду калыбына келтирүү иштери 6186,6 *га* жерде жүргүзүлгөн. 48,0 $м^3$ тандалып кесилген, анын ишке жарамдуусу 15,6 миң $м^3$. Жарыктандыруу ж-а тазалоо үчүн 3,2 миң $м^3$ (ишке жарамдуусу 0,1 миң $м^3$), суюлтуу үчүн 4,7 миң $м^3$ (1,3 миң $м^3$), өткөөлдөр үчүн 2,1 миң $м^3$ (0,8 миң $м^3$), тандап-санитариялык кесүү 25,2 миң $м^3$ (5,0 миң $м^3$), токойду калыбына келтирүү үчүн 9,1 миң $м^3$ (5,0 миң $м^3$), комплекстүү кесүү 0,6 миң $м^3$ (0,1 миң $м^3$), реконструкция үчүн 2,4 миң $м^3$ (0,5 миң $м^3$), эксперименттик кесүү 0,5 миң $м^3$ (0,2 миң $м^3$) түзгөн. Кесилген жыгачтардан цехтерге 11770,1 $м^3$ ишке жарамдуу жыгач жөнөтүлүп, отунга 26,52 $м^3$ жыгач чыгарылган. Иштеп жаткан цехтердеги ө. ж. продукциясынын көлөмү 216 млн сомду, токой чарбасында өндүрүлгөн ички дүң продуктунун көлөмү 36,2 млн сомду түзгөн (2001).

Токой чарбалары токойду калыбына келтирүү ж-а токой өстүрүү иштерин да жүргүзөт. 1948—2000-ж. токой фондусунда 228,8 миң токой өсүмдүктөрү отургузулган. Андан 2000-жылга сакталып калганы 144,8 миң *га*. Улуттук «Токой» программасына ылайык 1995—2000-ж. токой чарбачылыктары 27,9 миң *га* аянтта токойду калыбына келтирүү жумуштары жүргүзүлүп, 95,5 миң көчөт өстүрүлгөн. Ошону м-н катар токойго зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды жоготуу б-ча да чаралар жүргүзүлүүдө.

Ысык-Көл облусунда 97,3 миң *га* (облустун жеринин 2,25%ин ээлейт), Чүй облусунда

39,0 миң *га* (2,92%), Нарын облусунда 105,5 миң *га* (2,33%), Талас облусунда 34,2 миң *га* (3,0%), Жалал-Абад облусунда 329,9 миң *га* (9,8%), Ош облусунда 243,6 миң *га* (5,27%) токой бар. Кыргыз Респ-нын 1997-ж. 15-апрелдеги токтому м-н мурдагы айыл чарба ишканаларынын карамагындагы 1529,9 миң *га* токой аянттары мамл. токой фондусуна кайтарылды. Натыйжада өткөн 5 жылдын ичинде 12 токой чарбасы, 4 улуттук табият паркы ж-а Каракол-Жапырык мамл. коругу уюшулган. Респ-нын токоюн коргоо ж-а калыбына келтирүүгө кийинки жылдарда зор көңүл бурулууда. «Токой» улуттук программасы (1995—2000), Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу палатасы кабыл алган токой кодекси өндүү токойду калыбына келтирүүгө багытталган документтер кабыл алынды. Кыргыз Респ-нын өкмөтү 1999-ж. 31-майда Кырг-ндын токой чарбасынын өнүгүү концепциясын бекиткен.

**Туризм** – Кыргыз Респ-нын экон. ж-а социалдык жактан тез өнүгүшүнө зор салым кошууга көп мүмкүнчүлүктөрү бар реалдык сектордун келечектүү тармагы. Кырг-ндын жери туризмди ж-а эс алууну эл аралык деңгээлде өнүктүрүү үчүн табигый, тарыхый ж-а маданий жактан кыйла потенциалга ээ. Ал жөнүндө респ-га мүнөздөмө берүүдө чет өлкөлүк эксперттер мындай дейт: «...табигый ж-а маданий белгилери кереметтүү айкалышкан Кырг-н сыяктуу өлкөлөр жер жүзүндө саналуу. Мындан дүйнөдөгү тоолуу жерлердин ичинен эң ажайып кооздукту көрүүгө болот».

Респ-нын аймагынын 90%тен ашууну деңиз деңг. 1000 *м*ден жогору жайгашкан. Гималай м-н Памирден кийинки дүйнөдөгү эң бийик тоо чокулары Кырг-нда, алар Жеңиш (бийикт. 7439 *м*), Ленин атн. (7134 *м*), Кантоо (6995 *м*) ж. б. чокулар. Дүйнөдөгү ири тоо мөңгүлөрүнө кирген Эңилчек (Түштүк Эңилчек) мөңгүсү бар. Кырг-ндын зор Евразия континентинин борб. бөлүгүнөн орун алышы ж-а анын татаал рельефи мында кескин континеттиктен деңиздикке чейинки климаттын болушуна шарт түзөт.

Кырг-ндын табияты ар түрдүү: мында кар-мөңгүлүү залкар тоо тилкесинен көк шиберлүү альп, субальп, карагай, арча, жаңгак-мөмө-жемиштүү токойлуу, шалбаалуу талаадан чөлдөргө чейинки ландшафттар кездешет. Өлкөнүн түштүгүндөгү Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма ж. б. жерлердеги дүйнөдө чанда кездешкен жапайы жаңгак-жемиш токой массивдери, бийик тоолордун арасында жайгашкан Суусамыр, Алай, Ак-Сай, Арпа сыяктуу (өрөөндөрдөгү) боз үйлөр тигилген көк шиберлүү жайлоолор, кымыз жыттуу үйүр-үйүр жылкы, асыл тукум кой жайылган жайыттары, айланасы ажайып кооз, балыкка бай тоо көлдөрү туристтерди, эс алуучуларды дайыма өзүнө тартат. Кыргыз жергесинде эки миңден ашуун тоо көлү, а. и. жайында салкын, кышында жылуу, тоңбогон *Ысык-Көл* бар. Сууга түшүү маалы кээде ноябрь айына чейин созулат; суунун темп-расы жайында 24°Сге, кышында 4°Сге чейин жылуу. Ысык-Көл алтын кумдуу пляждары, минералдуу булактар кошулган суусу тунук, тоо-деңиз климаты айкалышкан, дары баткактуу, терм-минералдуу суулары бар эң сонун курорттуу чөлкөм. Ысык-Көл регионунда бүгүнкү күндө 7075 орундуу 121 санаторий ж-а эс алуу мекемелери (курорттор, пансионаттар, туристтик базалар ж. б.) иштейт. Кырг-ндын аймагында Сары-Челек, Кара-Шоро, Кыргыз-Ата, Кара-Токо, Жети-Өгүз, Алтын-Арашан, Түргөн-Ак-Суу, Аларча сыяктуу ажайып кооз жерлер, шаркыратмалар, табият эстеликтери да арбын.

Жогоруда айтылган табияты кооз жерлерди коргоо максатында Кырг-нда жаратылыш улуттук парктары ж-а коруктары уюшулган. Ал аймактардагы жапайы жаныбарларды, канаттууларды, өсүмдүктөрдү ж-а жалпы эле кооздукту табигый түрүндө сактоо м-н, аларда туристтер, айрыкча чет өлкөлүк бай туристтер үчүн экологиялык, элиталык таза экскурсияларды уюштурууга ыңгайлуу шарт түзүлүүдө.

Кырг-н Улуу жибек жолунда жайгашкан тарыхый архитектуралык эстеликтерге да бай: Сулайман-Тоо археологиялык музейи, Бурана мунарасы, Өзгөн архитектуралык комплекси, Шахфазил күмбөзү, Ташрабат кербен сарайы, Саймалы-Таш капчыгайындагы аскадагы сүрөттөр, Манас күмбөзү ж. б. эстеликтер.

Кырг-ндын Улуу жибек жолуна байланышкан байыркы тарыхы бар. Б. з. ч. 2-к-да Кытайдан Парфияга чейин келип кеткен кытай кечили Чжан Цзяндын саякатынан ж-а анын жазган саякат баянынан кийин гана континенттерди тепчип өткөн соода жолунда жибек кербендери сапар тарта баштаган. Кырг-ндын аймагы чыгышты батыш м-н байланыштырган көпүрөгө айланган. Бул жер аркылуу байыркы кербен жолунун үч бутагы – Теңир-Тоо м-н Памирдин бийик дабандарын ашкан — Памир-Алай, түш. ж-а түн. бутактары

өткөн. Кырг-ндын аймагы эзелтеден эле өнүккөн борбордук азиялык чөлкөмгө кирип, эл аралык соода катнашынын жолундагы негизги өткөөл база болуп калган. Улуу жибек жолунун чыгыш м-н батыштын маданиятын эриш-аркак айкалыштырганын кыргыз эли-

31-таблица

**Кыргызстандын улуттук жаратылыш парктары ж-а коруктары (2002-ж.)**

| | Жалпы аянты, миң *га* | Коргоого алынгандардын түрлөрү ж-а саны | | | Коруктар ж-а парктар жайгашкан облустар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Жаныбарлары | Канаттуулары | Өсүмдүктөрү | |
| | | **Коруктар** | | | |
| Беш-Арал | 82,1 | 244 | 136 | 700 | Жалал-Абад |
| Сары-Челек | 23,9 | 35 | 155 | 1200 | Жалал-Абад |
| Ысык-Көл | 19,6 | 24 | 244 | 295 | Ысык-Көл |
| Сары-Чат-Ээр-Таш | 134,1 | 24 | 56 | 120 | Ысык-Көл |
| Кара-Тал-Жапырык | 21,3 | 45 | 142 | 150 | Нарын |
| Нарын | 37,0 | 21 | 50 | 1870 | Нарын |
| Падыша-Ата | | | | | Жалал-Абад |
| | | **Улуттук жаратылыш парктары** | | | |
| | 32,0 | - | - | - | Жалал-Абад |
| Саймалы-Таш | 38,2 | 14 | 11 | 31 | Ысык-Көл |
| Каракол | 10,4 | - | - | - | Нарын |
| Салкын-Төр | 8,4 | 145 | 15 | 19 | Ош |
| Кара-Шоро | 11,2 | 12 | 10 | 92 | Ош |
| Кыргыз-Ата | 32,4 | 25 | 43 | 113 | Талас |
| Беш-Таш | 2,3 | 14 | 125 | 907 | Чүй |
| Ала-Арча | 123,7 | 46 | 96 | 631 | Чүй |
| Чоң Кемин | | | | | |

нин салт-санааларынан, материалдык маданиятынан көрүүгө болот. Мис., Ош ш. байыркы тарыхый ж-а маданий борбор ж-а Улуу жибек жолундагы кербендер орун алчу жер болгон. Азыркы Ооганстан, Пакистан ж-а Индиянын көпчүлүк бөлүгүн баш ийдирип, Улуу Моголдор империясын негиздеген, «Бабур-Наме» аттуу баа жеткис тарыхый жылнааманын автору Бабурдун ыйык Сулайман-Тоодогу «үжөрөсү» — ой терметип, акыл калчаган үйү азыр да турат. Ал бул жерде отуруп: «Фергана өрөөнү алаканга салгандай көз алдыга тартылат, Оштун тегереги кооз ж-а абасы таза»,— деп жазган.

1981-ж. чейин туризм ишин жүргүзгөн үч структура («Четтурист», «Рестуркеңеш», «Спутник» ЖЭТБ) гана болсо, бүгүнкү күндө экон. реформа саясатынын аркасы м-н туризмдеги жекече сектордун үлүшү басымдуу болуп, Кырг-нда туристтик кызмат рыногу түзүлүп калды. Азыркы учурда тоо (альпинизм, клайминг, хайкинг, тренкинг ж. б.) ж-а рекреациялык туризмдин мааниси кеңейүүдө.

Кырг-н мурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн туристтерине дээрлик белгисиз эле. Ал өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондон кийин респ. ченемдик-укуктук базаны өзгөрттү, келип-кетүүнүн кыйла либералдуу тартиби түзүлүп, чет өлкөлүк жарандарга келүү визасы чектөөсүз бериле баштады, респ-нын аймагында чет өлкөлүктөр эл аралык мыйзамдарда, макулдашууларда, келишимдерде каралган бардык укуктардан ж-а эркиндиктерден пайдаланышат. Республика 1993-жылдан Дүйнөлүк туристтик уюмдун мүчөсү болуп эсептелет. Бир нече жылдардан бери Кырг-н Дүйнөлүк Берлин туристтик бирикмесинин, Лондон туристтик жарманкесинин, Ташкен туристтик иш-чараларына жигердүү катышып келүүдө.

Республикадагы азыркы инфраструктура дале болсо эл аралык стандарттарга ылайык келбейт, анткени бир нече ондогон жылдар мурда түзүлгөн туризм негизинен советтик туристтердин керектөөлөрүн канааттандырууга эсептелген эле. Бирок, туризм акырындап өсүп-өнүгүүдө. Туризм тармагына инвесторлорду тартуу б-ча жигердүү иш жүргүзүлүүдө. Италиялык «Капитал» фирмасы мурдагы «Кыргызстан» мейманканасын реконструкциялап, 5 жылдыздуу «Хаятт» отелине айландырды. «ИНПРО-технологиялык жабдуу» аттуу немис фирмасы «Ала-Тоо» мейманканасын реконструкциялоодо ( 2003).

Азыркы учурда республикада 8 жогорку ж-а орто окуу жай туризм тармагы үчүн кадрларды даярдоодо. Кырг-ндын 100дөн ашуун болочок адистери чет өлкөлөрдө окууда, 1000ден ашуун кыргыз студенттери жыл сайын Түркияда, Италияда, Германияда, Индияда, Сан-Маринодо ж. б. иштеп келишүүдө.

Республикада инфраструктураны өнүктүрүү б-ча иш жүргүзүлүп жатат. Азия банкынын жардамы м-н Бишкек — Ош автомобиль жолун реконструкциялоо иштери аяктоодо; Бишкек — Торугарт трассасы б-ча долбоордук-иликтөө иштери жүргүзүлүүдө. Бул автотрассаларды ишке киргизүү Кырг-ндын туристтик потенциалын кыйла арбытат. Аталган багыттар Улуу жибек жолунун негизги каттамдар бөлүктөрүнө дал келет, ошондуктан бул трассалар б-ча саякаттарды уюштуруу туризмдин негизги түрлөрүнүн бири болуп калат. Туристтерге ыңгайлуу болсун үчүн автотрассаларга тийиштүү курулуштар курулуп, жол тасмасы ж-а жол коопсуздугу жакшыртылат, жол сервисинин көп багыттуу тармагы, а. и. тез кабар ж-а тез жардам пункттары түзүлөт, трассалар чет тилдериндеги көрсөткүчтөр ж-а маалымат такталар м-н жабдылат.

Экинчи бир маанилүү маселе – бул телекоммуникациялык тармакты өнүктүрүү. Кырг-нда эл аралык байланыштын ар кандай түрлөрү, а. и. уюк телефон байланышы бар экендигине карабастан азыркы радиорелелик берүү системасынын ж-а коммутациялык станциялардын базасында Кырг-нда байланышты түзүү б-ча 1996-жылдан тартып Дүйнөлүк ж-а Европалык реконструкциялоо ж-а өнүктүрүү банктары каржылаган Телекоммуникациялардын биринчи долбоору ишке ашырылууда. «А» стандартынын космостук байланышынын жер үстүндөгү комплекси м-н эл аралык станция орнотулат. Андан тышкары Кырг-н байланыштын транс-азиялык-европалык магистралы (ТАЕ) б-ча дүйнөнүн 15тен ашуун мамлекети м-н байланыштын түздөн-түз кабелдик каналдарына ээ болот. Бул үчүн жаңы аппарат болгон SDH-технология м-н жабдылган 165 *км* була-оптикалык (БОБЛ) байланыш линиясы курулат.

Эл аралык транспорттук катнаш ийгиликтүү чечилүүдө. Япониянын өкмөттүк кредитинин эсебинен каржыланып жаткан эл аралык «Манас» аэропортун реконструкциялоонун биринчи фазасы аяктады. Реконструкция аяктагандан кийин «Манас» аэропорту Азиянын аба транспортунун эң башкы жол тоому болуп калмакчы, ал респ-га туристтердин келип-кетүүсүнүн көбөйүшүнө көмөкчү болот.

Кырг-ндын туристтик ресурстарын, туризм м-н эс алуунун колдо турган инфраструк-

*32-таблица*

**Кырг-нда туризмдин өнүгүшүнүн 1997—2001-ж-дагы негизги көрсөткүчтөрү**

| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 1997-жылга салыштырмалуу 2001-жылдагы өсүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Туризм чөйрөсүндөгү көрсөтүлгөн кызматтын дүң өлчөмү, млн сом | 1347,8 | 1698,8 | 2655,5 | 4747,2 | 7496,9 | 5,6 эсе жогору |
| Туризм б-ча көрсөтүлгөн кызматтын кошумча дүң баасы, млн сом | 597,6 | 713,8 | 1204,9 | 1897,9 | 2910,1 | 4,9 эсе жогору |
| Өлкөнүн ички дүң продукциясынын жалпы көлөмүндөгү туризмдин үлүшү % | 2,0 | 2,1 | 2,9 | 2,9 | 3,9 | 195,0% |
| Чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны, миң адам | 87,4 | 59,4 | 48,3 | 58,8 | 98,6 | 112,8% |
| Санаторий, курорт, эс алуу жайлардын ж-а туристтик базалардын жалпы саны | 86 | 75,7 | 76 | 77 | 177 | 205,8% |
| Туризм чөйрөсүндө иштегендердин жылдык орт. саны, киши | 6931 | 6872 | 7208 | 6698 | 6793 | 98,0% |
| Туризм чөйрөсүндөгү соода жүргүзүүнүн көлөмү, млн сом | 526,3 | 558,2 | 897,9 | 1338,7 | 1499,4 | 284,9% |
| Туризм б-ча калкка акы алып көрсөтүлгөн кызматтын көлөмү, млн сом | 168,3 | 208,5 | 398,5 | 559,1 | 604,7 | 3,6 эсе жогору |
| Туризм чөйрөсүндө иштегендердин айлык орт. кызмат акысы, сом | 824,0 | 1373,4 | 1794,6 | 4931,3 | 477,0 | 5,8 эсе жогору |
| Туристтерди тейлөөчү ж-а кызыктыруучу мекеме, уюм, ишканалардын саны (музейлер, театрлар, улуттук табият парктары ж-а коруктар) | 35 | 35 | 39 | 39 | 40 | 114,3% |

турасын ж-а объекттерин эске алуу м-н туризмдин төмөндөгүдөй түрлөрүн: Улуу жибек жолунун негизги багыттары б-ча өтүүчү рекреациялык, эл аралык, Дүйнөлүк туристтик уюмдун ж-а ЮНЕСКОнун «Жибек жолу» биргелешкен долбоорунун чегинде тобекелдүү (альпинизм, тоо туризми, рафтинг, спелеология, тоо лыжасы, аңчылык, экотуризм ж. б.), анын ичинде аңчылык туризмин өнүктүрүүгө басым жасоо болжолдонууда.

Республиканын тоолуу мүнөзүнө ылайык, туристтик сунуштун маанилүү бөлүгү капиталдык чоң салымдарды талап кылбаган ж-а чет өлкөлүктөргө кеңири тараган тобокелдүү туризм болуп эсептелет. Алардын бири 2003-ж. июнь айында Кырг-ндын жерлери аркылуу өткөрүлгөн экстремалдык жарышынын 14 чет өлкөнүн топтору «Рейд Голуаз» аттуу дүйнөлүк чемпионаты болуп саналат. Туризмдин ушундай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн келүүчүлөргө чек коюлган атайын аймактар – альпинистик-туристтик зоналар негиз болуп берүүгө тийиш, аларда туризмдин тобокелдүү түрүн өнүктүрүү үчүн таяныч түйүндөр жайгаштырылат.

Кыргыз Респ-нын Президентинин 2001-жылды – «туризмге колдоо көрсөтүү ж-а аны өнүктүрүү жылы» деп жарыялоо жөнүндөгү указы атамекендик туризм респ-нын кирешесинин негизги булактарынын бири болуп, эл чарба комплексинин маанилүү бөлүгү катары өнүгө ала тургандыгы жөнүндө күбөлөйт. Туристтик потенциалдын өсүшү күтүлүүдө, ал өнөр жайды, транспортту, элдик көркөм чеберчиликти, курулушту, меймканалык тейлөөнү, башка кызматтарды өнүктүрүүгө көмөк берет.

Туризм алыскы айыл региондорун көрктөндүрүлүшүнө, экологиялык чөйрөнү коргоого, жергиликтүү калктын экон. жашоо-турмуштук ыңгайынын жогорулашына таасир этет. Жагымдуу экон. зонаны түзүү, туризм чөйрөсүндөгү чакан ж-а орто ишкердикти колдоо ж-а өнүктүрүү, туризмдин материалдык-техникалык базасына ж-а анын инфраструктурасына көмөк берүү, туризмде рыноктук мамилелерди калыптандыруу үчүн туристтик тармактын өнүгүшүнө түрткү берүүчү бир катар документтер иштелип чыккан: 2010-ж. чейин респ-да туризмди өнүктүрүү б-ча иш-чаралардын концепциясы ж-а программасы бекитилген. Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнүн алдында туризм б-ча координациялык кеңеш түзүлгөн.

Жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжасында Кырг-нда тейлөө рыногу түзүлүп калды. Туристтик бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлүүдө. Фирмалардын саны көбөйүп, бүгүнкү күндө 250дөн ашуун, алар 200 миңдей жумушчу орундарын түздү. Статистикалык маалыматка ылайык 1989-ж. Кырг-нга 67,7 миң, 2001-ж. – 98,6 миң турист келип кеткен. 1966-жылга салыштырганда туристтердин жалпы агымы 2001-ж. 64%тен ашуунга көбөйгөн.

Мамл. алым ж-а салыктар түрүндө жыл сайын мамлекеттин бюджетине 400 миллионго жакын сом түшөт. Чет өлкөлүк туристтерди кабыл алуудан түшкөн киреше жылдан жылга көбөйүүдө. Фирмалардын аларга катышуусу респ-нын туристтик мүмкүнчүлүктөрүн көбүрөөк рекламалоого ж-а ар кайсы өлкөлөрдүн эң ири туроператорлорунун көңүлүн буруууга мүмкүндүк берет.

2001-ж. Кырг-нда Эл аралык туристтик форуму өткөрүлгөн. Аны даярдоого ж-а өткөрүүгө респ-нын бардык туристтик коомчулугу катышкан. Анда туризм жаатында кеңири тажрыйба алмашылып, өнүккөн өлкөлөрдүн инфраструктурасы, улуттук маданияттын салт-санаалары, рекламалык-маалымат чөйрөсүндөгү жетишкендиктер, туризмдин калктын социалдык-экон. абалына тийгизген таасирлери кеңири каралган.

Рекреациялык жактан тейлөөнүн мааниси зор (ИДПнин 3,6%; 2006). 2006-ж. Кыргызстанга 765 миң чет элдик турист келген. Туризмдин негизги түрү — ден соолукту чыңдоо (ага бальнеология да кирет); тоо туризми ж-а альпинизм өнүгүүдө. 170тен ашык санаторий-куроорттук мекеме иштейт; алардын $^2/_3$сине жакыны Ысык-Көл курорттук зонасында.

Жыйынтыктап айтканда Кырг-нда туризмдин тез ж-а пайдалуу өнүгүшүнө толук ыңгайлуу шарттар бар. Аларды азыркы базар экономикасынын шартына ылайык натыйжалуу ж-а айлана чөйрөгө зыян болбогондой таза пайдаланып, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк түзүп, келечекте өлкөнүн социалдык ж-а экон. өнүгүшүндө реалдык сектордун негизги тармагына айландыруу зарыл.

**Курулуш** республиканын ул. экон-сынын ири тармагы. Ал долбоорлоо-изилдөө, курулуш-монтаждоо иштерин, курулуш материал өндүрүүнү, курулуш конструкциялары м-н буюмдарын камтыйт. Кырг-н эгемендүү болгондон кийин курулуш ишканалары мамл-тен ажыратылды, кыйла курулуш уюмдары жоюлуп, алардын ордуна акционердик коомдор, шериктештиктер пайда болду, курулуш материалдарын чыгаруучу жеке менчик курулуш фирмалары калыптанды, чет элдик өнөктөштөр м-н бирдикте орток курулуш ишканалары түзүлдү. Базар мамилесине өтүүнүн алгачкы этабында курулуш комплексинде да бир кыйла кыйынчылыктар болду. Материалдык өндүрүш тармагынын төмөндөшү инвестициялык ишмердүүлүккө таасирин тийгизди. Натыйжада инвестиция талап кылынган тармактарда негизги фонддорду жакшыртуу кескин төмөндөдү. 1996-жылдын башындагы экон. стабилдешүү инвестициянын көбөйүшүнө шарт түздү. 1995-ж. ички дүң продуктунун (ИДП) структурасындагы негизги капиталдагы инвестициянын деңгээли 20,4%, 1996-ж. 22,4, 1997-ж. 18,6, 1998-ж. 12,3, 1999-ж. 13,9%ти түздү. 1995—96-ж-дагы инвестициянын көтөрүлүшү «Кум-Төр оперейтинг компани» алтын казып алуучу комбинатынын курулушуна таасирин тийгизди. Комбинаттын курулушу түздөн-түз чет элдик инвестициялардын эсебинен бүткөрүлдү (инвестициянын 56—63% жумшалган). Инвестициянын негизги көлөмү жеке менчик ишканалар м-н уюмдарга туура келген (58,4%). Акыркы жылдарда инвестициянын негизги бөлүгү түстүү металлургия, электр-энергетика, транспорт, байланыш, мунай ылгоо, жеңил, тамак-аш, медицина, соода ж-а коомдук тамактануу, ирригация курулуштарына жумшалууда. 2000-ж. электр энергетиканын объектилеринин курулушуна капиталдык салымдын 2347,8 млн сому жумшалган. Бишкек ЖЭБи реконструкцияланды (кубаттуулугу 100 мегават болгон № 11-турбогенератору ишке киргизилди). 35 *кВ* чыңалуудагы узундугу 61,4 *км*, 10—74,5 *км*, 0,4—49,9 *км* электр өткөрүү линиялары ишке кирген; кубаттуулугу 35 *кВ* ж-а 614,9 миң *кВ*а болгон трансформатордук төмөндөткүч чакан станциялар орнотулган. Таш-Көмүр, Шамалдысай ГЭСтери ишке киргизилди, Камбарата ГЭСтеринин курулуштары кайра улантылууда.

Транспорт ж-а байланыш объектилеринин жумушуна 2999,9 млн сом жумшалган. «Кыргызтелеком» акционердик коому тарабынан уз. 39,5 *км* магистралдык кабель байланыш линиясы, АТСке 59—45,5 *км* линиялык курулма, 15 радиорелелүү станциялар ж-а Чүй айылында АТСтин имараты курулду.

Бишкек — Ош автомобиль жолун реконструкциялоодо 1849,4 млн сом өздөштүрүлдү, бул 1999-жылга салыштырганда 49,5%ке көп. Кайра куруу иштери негизинен чет өлкөлүк кредиттин эсебинен жүргүзүлүүдө.

Ирригация системасын калыбына келтирүүгө 293,4 млн сом жумшалып (анын 70,4% чет элдик кредиттин эсебинен), 115 канал ж. б. курулмалар тазаланып, 78 линиялык курулуштар оңдолуп, 21 миң *га* жерге суу жеткирилди.

«Ош-3000» объектилери, кинотеатр, стадион, тарыхый-край таануу музейи, троллейбус жолдору ж. б. объектилер оңдолду. Көптөгөн курулуштар, а. и. кийим тигүүчү, чай жалбырагын өлчөп орогон фабрикалар, йоддолгон аш туз өндүрүшү, күн карама майын чыгаруучу, тиш жуучу пастаны жасоочу ишканалар, лимонад ж-а кондитердик тамак-аш даярдоочу цехтер, бир нече чакан базар, наабайкана, чакан тегирмен, автоматташтырылган май куюу станциялары, соода ж-а коомдук тамактануу ишканалары, жалпы товардык кампалар ж.б. обьектилер ишке берилип, эмерек фабрикасы реконструкцияланган. 2000-ж. капиталдык салымдын 89,7 млн сому пайдаланылган (анын 59,6 млн сому бюджеттин 24,9 млн сому ишканалардын өзүмдүк каражаттарынын эсебинен).

Мындан тышкары капиталдык жана кезектеги ремонт б-ча 287,3 млн сомдук иштер аткарылды. Курулуштун түрлөрү б-ча басымдуу үлүштү башка курулуштар (жалпы көлөмдүн 83,7%ин). турак-жайлар (8,9%), башка имараттар (7,4%) ээлейт. Курулуш иштери негизинен Бишкек ш-нда жүргүзүлүп, ага 3124 млн сом (жалпы көлөмү 38%) жумшалган; Чүй облусунда 1721,6 млн сом (21%), Жалал-Абад облусунда 1350,6 млн сом (16,4%), Ош облусунда 597,: млн сом (7,3%), Ысык-Көл облусунда 528,3 млн сомго (6,4%) курулуш жумуштары аткарылган. 1999-жылга караганда курулуш Баткен облусунда 2,2 эсе, Жалал-Абад облусунда 1,7 эсе, Ысык-Көл облусунда 1,3 эсе, Чүй облусун-

**Курулуш тармагынын облустарда жана Бишкек шаарында жайгашуусу**

| | Курулуш мекемелердин подряддык жумуштарынын көлөмү, млн сом | Капиталдык ж-а күнүмдүк оңдоо жумуштарынын көлөмү, млн сом | Турак-жайлардын курулушу – бардыгы, миң $м^2$ | А. и.: калктын өздөрү курган турак-жайлар, миң $м^2$ |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы анын ичинен | 3625,0 | 765,4 | 392 | 377 |
| Баткен облусу | 57,4 | 11,5 | 40 | 38 |
| Жалал-Абад облусу | 1038,7 | 106,1 | 48 | 48 |
| Нарын облусу | 56,9 | 13,6 | 11 | 11 |
| Ош облусу | 225,3 | 93,9 | 140 | 140 |
| Талас облусу | 12,4 | 5,0 | 18 | 18 |
| Чүй облусу | 426,1 | 149,6 | 48 | 48 |
| Ысык-Көл облусу | 70,4 | 24,6 | 19 | 19 |
| Бишкек шаары | 1737,8 | 361,1 | 68 | 55 |

да 5%ке өскөн. Чет өлкөлүк инвестициянын эсебинен Бишкек ш-нда 27 орундуу «Жибек-Жолу» мейманканасы курулду. Респ-нын бийик тоолуу ж-а алыскы аймактарын мамлекеттин колдоо программасына ылайык 2000-ж. 23 обьектиге курулуш ж-а ремонт иштери жүргүзүлдү, а. и. Жалал-Абад (3), Нарын (10), Ош (7) ж-а Баткен (3) облусунда обьектилер оңдолуп, ал жумуштарга 56,7 млн сом кеткен (2000-ж. каралган сумманын 49%). Баткен облусунда 21,4 млн сом (95%), Жалал-Абад облусунда 10,4 млн сом (57%), Нарын облусунда 13,7 млн сом (48%), Ош облусунда 10,8 млн сом (24%) жумшалган.

Кырг-ндын аймагы тоолуу болгондуктан жүк ж-а жүргүнчү ташууда **автомобиль транспортунун** мааниси өтө зор. Респ-га алгачкы автомобиль 1912-ж. келген; ал эми автомобиль транспорт тармагы 1920-ж. калыптанган. 1925-ж. Бишкек автомобиль жол катнаш бөлүмү ачылып, анда 5 автомобиль болгон. Мындай бөлүмдөр кийин Ош, Жалал-Абад ш-нда да уюшулган. 1930-жылдары респ-нын алыскы райондоруна автомобиль келе баштаган. 1932-ж. автобазаларда жүк жүгүртүү 1703 миң *т/км*ге жеткен, 19 миңден ашуун *т* жүк ташылган. 1925—39-ж. Кырг-нда автомобилдердин саны 7000ге жеткен. Согуштан кийинки жылдары респ-нын экон-нын тез өнүгүшү жүк ташууда автомобиль транспортунун ролун ого бетер күчөткөн. Автомобилди натыйжалуу пайдалануу максатында авточиркештиргичтер көп колдонулуп, автомобиль ремонттоо ө. ж. тармагы өнүгө баштаган. 1951-жылдын аягында респ-нын автомобиль паркында 12 миң автомобиль болгон. 1980-жылдары эл чарба жүктөрүнүн 47%и, жүргүнчүлөрдүн 95%и жалпы пайдалануудагы автомобиль транспорту м-н ташылган.

34-таблица

**Транспорттун бардык түрү м-н жүк (млн *т*) ж-а жүргүнчүлөрдү (млн адам) ташуу**

| | 2000 | 2001 |
|---|---|---|
| Жүк ташуу (бардыгы) | 26,6 | 28,0 |
| анын ичинен: | | |
| темир жол | 1,0 | 0,9 |
| автомобиль | 25,0 | 26,5 |
| куур транспорту | 0,6 | 0,6 |
| суу жолдору | 0,035 | 0,036 |
| аба жолдору | 0,003 | 0,004 |
| Жүргүнчү ташуу (бардыгы) | 462,9 | 466,3 |
| анын ичинен: | | |
| темир жол | 0,6 | 0,6 |
| автобус | 393,1 | 398,7 |
| троллейбус | 66,4 | 63,3 |
| такси | 2,5 | 3,5 |
| аба жолдору | 0,3 | 0,2 |

Республиканын экономикасындагы 1991-жылдан кийинки структуралык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында автомобиль транспорт системасы жапырт менчиктештирилип, автотранспорт ишканаларынын 80%и акционердик коомдорго айланган. Алар республикада ташылган жүктүн 94,6%ин, жүргүнчүлөрдүн 85,5%ин ташыган (2001). Автомобиль м-н жүк ташуунун жалпы көлөмүнүн 6,4 млн *т*сы адистештирилген автотранспорт ишканалары тарабынан аткарылып, алардын жалпы көлөмдөгү салыштырма өлчөмү 24,2%ти түздү. 2001-ж. адистештирилген автотранспорт ишканалары тарабынан ташылган жүктүн көлөмүнүн 44%и шаар айланасындагы ж-а 12,4%и шаардын ичиндеги, 43,4%и шаар аралык ж-а 0,2%и эл аралык каттоолорго таандык. Коммерциялык жүктөрдү ташыган жеке адамдардын автотранспорттору м-н 7,4 млн *т* жүк ташылып, анын жалпы көлөмүнүн 0,8 млн *т*сы, же 10,5%и ижарага берилген автомобилдерге тиешелүү. 398,7 млн адам автобустар м-н ташылган.

35-таблица

**Автомобиль транспорту м-н жүк ж-а жүргүнчүлөрдү ташуунун облустар ж-а Бишкек ш. б-ча абалы**

| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ташылган жүк, млн *т* | | | | | |
| Баткен | 2,7 | 3,2 | 2,2 | 1,7 | 1,8 |
| Жалал-Абад | 6,5 | 5,0 | 4,9 | 3,2 | 2,8 |
| Нарын | 0,9 | 0,7 | 0,9 | 0,7 | 0,6 |
| Ош | 6,9 | 6,8 | 8,1 | 5,3 | 5,5 |
| Талас | 0,5 | 0,4 | 0,6 | 0,6 | 0,7 |
| Чүй | 7,6 | 7,6 | 7,8 | 6,6 | 6,8 |
| Ысык-Көл | 3,9 | 5,7 | 4,6 | 2,8 | 2,8 |
| Бишкек ш. | 5,4 | 4,8 | 5,9 | 4,1 | 4,0 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуу, млн жүргүнчү-километр | | | | | |
| Баткен | 216,8 | 215,2 | 237,3 | 241,0 | 253,5 |
| Жалал-Абад | 273,6 | 404,5 | 447,7 | 461,6 | 485,9 |
| Нарын | 48,2 | 72,2 | 87,1 | 89,5 | 94,1 |
| Ош | 917,2 | 921,5 | 1011,2 | 876,3 | 910,9 |
| Талас | 73,6 | 126,4 | 126,8 | 133,1 | 148,6 |
| Чүй | 443,7 | 566,1 | 569,7 | 709,6 | 740,3 |
| Ысык-Көл | 268,9 | 355,1 | 375,3 | 375,5 | 375,5 |
| Бишкек ш. | 832,5 | 1037,5 | 1059,6 | 1463,3 | 1760,5 |

Кырг-ндын экон-сын көтөрүүдө а в т о м о б и л ь ж о л д о р у чечүүчү ролду ойнойт; айрым учурда ал жолдор бирден бир транспорттук коммуникация болуп эсептелет. 19-к-дын аягына чейин Кырг-нда шоссе жолдору дээрлик жокко эсе болгон. Топурак-шагыл төшөлгөн алгачкы кара жолдорду салуу иштери 20-к-дын башында ишке аша баштаган. Революцияга чейин Кырг-нда жалпы уз. 806 *км*ге жеткен 3 почта жолу болгон: Бишкек – Каракол, Нарын – Каракол – Үч-Каркыра, Ташкен – Бишкек – Верный. 1924-ж. Кырг-нда жерг. транспорт башкармалыгы пайда болуп, ишин автомобиль жолу м-н кербен жолдордун эсебин алуудан баштаган. Жолдор биринчи жолу класстарга бөлүштүрүлүп, аларды системалуу түрдө эсепке алуу, мурдагы жолдорду кайрадан конструкциялоо, жаңы жолдорду салуу колго алынган. 1927-ж. Кырг-нда 5 миң *км* автомобиль жолу, а. и. 1247 *км*и мамл. жол болгон. Кийинки жылдары автомобиль жол тармактары улам кеңейип, 1933—37-ж. Ош — Хорог автомагистралы (уз. 728 *км*), Бишкек — Балыкчы –– Торугарт жолу (уз. 539 *км*) курулган. Ошол эле мезгилде көптөгөн жолдорду оңдоо иштери да белгиленген. 1940-ж. респ-нын негизги автомобиль жолдору курулуп, алардын жалпы уз. 11,5 миң *км*ге жетип, анын 1,2 миң *км*не асфальт төшөлгөн.

1965-ж. бийик тоолуу Бишкек – Ош (уз. 600 *км*) автомобиль жолу пайдаланууга берилген. Ал республиканын түндүгү м-н түштүгүн байланыштырып, Суусамыр ж-а Талас өрөөндөрүнө жол ачкан. 1967-ж. Балыкчы – Каракол – Балыкчы айланма (Ысык-Көлдү айланта) жолу бүткөрүлгөн. Жалпысынан алганда 1953–70-ж. жолдун уз. 13 миң *км*ден 19,6 миң *км*ге чейин жеткирилген, ал эми 1980-жылдарда автомобиль жолу 23 миң *км*ге жетип, жолдун 16 миң *км*не же 70%ине асфальт төшөлгөн.

Эгемендүүлүгүн алгандан кийин Кыргызстан 1995-ж. автомобиль жол тармактарын өнүктүрүүнүн стратегиялык багытын аныктады, б.а. аны Борб. Азия ж-а Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү м-н байланыштыруучу транзиттик автомобиль жолуна айландырууга багыт алынды.

2007-ж. респ-дагы автомобиль жол тармактары 40 миң *км*ди түзгөн, а. и. 19,0 миң *км*и жалпы пайдалануучу автомобиль жолдору. Ал мамлекеттин көзөмөлдөөсүндө турат. 15 миң *км*ден ашык автомобиль жолдору ар кандай ишкана, мекеме, уюм, коом ж-а ведомстволордун карамагында. Бирок автомобиль жол тармактары азыркы суроо-талаптарга толук жооп бербейт. Жерг. жолдордун абалы өтө начар, мындан алардын жүк көтөрүмдүүлүгү да төмөн. Ошого байланыштуу «Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдору жөнүндөгү мыйзамы», автомобиль жолдорун узак мезгилге жакшыртуу концепциясы кабыл алынган. Автомобиль жол тармактарын жакшыртуу б-ча инвестициялык (биринчи кезекте эл аралык) долбоорлор ишке ашырылууда. Бишкек – Ош автомобиль жолун реабилитацияланууда. Ал жолдун техникалык көрсөткүчүн дүйнөлүк деңгээлге жеткирүү максатында Азия өнүктүрүү банкынын кредити пайдаланылууда. Андан кийин Бишкек – Нарын – Торугарт, Ош – Эркечтам автомобиль жолдорун оңдоп, андан ары Кытай м-н Тажикстанга, Пакистанга чыгуу жагы каралууда.

Т е м и р ж о л т р а н с п о р т у. Темир жолунун жалпы уз. 470 *км* (2006). Кыргызстандын түндүгүндө темир жол курулушу 4 этапта жүргүзүлгөн. 1924-ж. Казакстандын Луговой станциясынан Бишкекке чейинки жол пайдаланууга берилген. 1931-ж. Бишкектен Кантка чейин, 1942-ж. Кемин шаарчасына чейинки темир жол, 1950-ж. андан ары Боом капчыгайы аркылуу Балыкчыга чейинки темир жол курулуп, Ысык-Көл ж-а

Нарын облустарынын айыл чарба азык-түлүгү ташыла баштаган. Алар 1948-жылга чейин Жамбыл темир жол бөлүмүнө караган; 1948-ж. Түркстан – Сибирь темир жолу, 1958-ж. Казак темир жолу, 1977-ж. Алматы темир жолу деп аталган.

Респ-нын түштүгүндө Кубасай (Өзбекстан) – Кызыл-Кыя (1928), Кара-Суу – Ош (1930), Жалал-Абад – Көк-Жаңгак (1932), Үчкоргон – Таш-Көмүр (1935) ж-а Пролетарск (Таджикстан) – Сүлүктү темир жол участкалары курулуп, алар Орто Азия темир жолуна караган. Кыргыз Респ-сы саясий ж-а экономикалык жактан көз карандысыздыгын алгандан кийин, 1992-ж. Бишкек темир жол бөлүмүнүн базасында Кыргыз темир жолу пайда болгон.

1994-ж. октябрда Орто Азия темир жолунун Ош ж-а Жалал-Абад облустарындагы темир жол участкалары Кыргыз темир жолунун карамагына берилген. Кыргыз темир жолунун уз. 423,9 *км* (2000), анын 322,7 *кми* респ-нын түндүгүндө, 101,2 *кми* түштүгүндө жайгашкан.

2001-ж. темир жол транспортунда жүк ташуу көлөмү 2000-жылга караганда 10,0%ке азайып, 0,9 млн *т* түздү. Кара металл жөнөтүү көлөмү 2,7 эсе, кара металл сыныктарын – 2,4, Таш-Көмүрдү – 1,7, пахтаны – 1,5, цементти – 1,3, тартылган азык (ун, акшак, тоют ж. б.) 1,2 эсе көбөйдү; курулуш жүктөрүн жөнөтүү 49%ке, данды – 31, кантты – 16 ж-а мунай продуктуларын жөнөтүү 2%ке азайды. Темир жолдун кыймылдуу составынын пайдаланылышынын айрым көрсөткүчтөрү жакшырган: 2000-жылга салыштырганда жүк ташуучу вагондун өндүрүмдүүлүгү 18,8%ке өстү, вагондун суткалык жүгүртүлүүсү 20,3%ке азайтылды, жүк ташып келген вагондордун токтоп турушу 19,6%ке кыскарды.

Темир жолдо 134 көпүрө (жалпы уз. 2477 *м*), галерея (238 *м*), 15 дюкер (284 *м*), жөө адам өтүүчү 6 көпүрө (433 *м*) бар. Автоматика ж-а байланыш линияларынын уз. – 169,2 *км*, магистралдык кабель линиясы – 149,1 *км*, жерг. тартылган линиясы – 38,4 *км*, жерг. кабель линиясы —151 *км*. Темир жол автоматтык локомотив сигналы ж-а поездди автоматтык түрдө токтотуу (автостоп) прибору м-н жабдылган. Мындай жабдылган жолдун уз. 151 *км*. Локомотивдер м-н электр станцияларга 124 комплект жабдуу орнотулган. Жолдогу 19 станциянын электрлештирүү ж-а борборлоштуруу (ЭБ) жабдуулары бар. Анда 348 багыт алмаштырма түзүлүш (стрелка) орнотулган. Блокировканы борборлоштурууну сигналдаштыруу (ББС) түзүлүшүн тейлөө үчүн Луговойдон (Казакстан) Бишкек-1 станциясына чейин 2 линиялык участка ж-а Бишкек-1 ЭБ посту, Бишкек-1ден Балыкчы станциясына чейинки темир жол участкасында 2 линиялык участка уюшулган. Келечекте темир жол транспортун андан ары өнүктүрүү үчүн Балыкчы — Каракече т. ж. линиясын, андан кийин Анжиян (Өзбекстан) — Жалал-Абад (же Өзгөн) — Торугарт — Кашкар (Кытай) темир жолун куруу пландаштырылган. Бул коңшу республикалардын темир жолдору аркылуу транзиттик жүк ташуу чыгымын азайтат, республиканын түштүгүнө баруучу жолду кыскартат. Темир жол өткөн аймактардын табигый байлыктарын өздөштүрүп, экономикасын көтөрүүдө чоң роль ойнойт.

Респ-да с у у ж о л т р а н с п о р т у Ысык-Көлдө гана пайдаланылат. Ал 1920-жылдан иштейт. 1925-ж. Ысык-Көл кемечилик башкармасы уюшулган. Мында суу жол транспорту жыл бою иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ. Суу жолунун жалпы уз. 200 *км*. Ысык-Көлдө суу транспортун уюштуруу аракети 19-к-дын аягында эле жасалган, анда алгачкы жыгач кемени (жүк көтөрүмдүүлүгү 8000 пуд) көпөс Атабаев курган. Кийин көлдө «Сулайманов 1», «Платон», «Афанасий», «Тарас Бульба», «Саякатчы Пржевальский» кемелери жүрө баштаган. 1916-жылдагы көтөрүлүш мезгилинде флот дээрлик талкаланган.

36-таблица

**Суу жол транспортунда ташылган жүк ж-а жүк жүгүртүү**

| | 1990 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ташылган жүк, миң *т* | 646,8 | 338,1 | 132,7 | 52,9 | 35,6 | 31,9 | 46,2 | 35,5 | 36,2 |
| Жүк жүгүртүү, млн *т/км* | 113,9 | 60,8 | 23,1 | 9,0 | 6,2 | 5,9 | 8,3 | 5,9 | 6,4 |

Октябрь революциясынан кийин «Кызыл Күнчыгыш» катери, «Коммунар» жел кемеси, «Жаш коммунар», «Азов» жел кайыктары курулган. 1925-ж. Орто Азия дарыя транспорт башкармасынын Ысык-Көл агенттиги түзүлгөн. 1926-ж. жүк-жүргүнчү ташуучу «Кыргызстан прогресси» (жүк көтөрүмдүүлүгү 165 *т*), 1927-ж. «Пионер» кемеси, 1931-ж. «Советтик Кыргызстан» кемеси (420 *т*), 1935-ж. «Ки-

ров» кемеси, 1938-ж. баржа сүйрөөчү «Комсомол», «Обь» кемеси курулуп сууга түшүрүлгөн. Кийинки жылдары аба ж-а автомобиль транспортунун өнүгүшүнө байланыштуу көлдө жүргүнчү ташуу азайып, 1967-ж. биротоло токтотулган. «Чайка», «Альбатрос», «Токтогул» жүргүнчү кемелери туристтерди, көлдө эс алуучуларды тейлейт.

Ысык-Көл суу жол транспортунда 2 порт, Кызылсуу, Күрмөнтү пристандары, кеме токтоп өтмө бир нече пункттар бар. 2001-ж. суу жол транспорту м-н 36,2 миң *т* жүк ташылып, жүк ташуунун жүгүртүү көлөмү 6,4 млн *т/км*ди түзгөн. 2000-жылга караганда жүк ташуу 2,3%ке, ал эми жүк ташуунун жүгүртүү көлөмү 8,5%ке өскөн.

А б а  т р а н с п о р т у. Бишкекке алгачкы самолёт 1922-ж. 20-августта конгон. Бишкек ипподромунда Ташкенден Алматыга почта тартчу аэроплан үчүн тыныгуу станциясы уюштурулган. 1930-ж. респ-да биринчи Бишкек – Ташкен – Хожент – Фергана – Анжиян –Ош граждандык аба жолу ачылган. 1933-ж. авиация Бишкек –Каракол багыты б-ча почта ж-а жүргүнчү ташый баштаган. Бишкек – Балыкчы – Нарын – Өзгөн – Ош аба жолу өздөштүрүлгөн.

37-таблица

**Жалпы пайдалануудагы аба транспортунун көрсөткүчтөрү**

| | 1990 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ташылган жүк, миң *т* .................. | 10,8 | 5,0 | 0,98 | 3,4 | 5,6 | 7,7 | 6,9 | 3,3 | 4,2 |
| Жүк жүгүртүү, млн *т/км* ............ | 371,7 | 222,2 | 46,2 | 64,5 | 94,4 | 101,7 | 68,1 | 54,4 | 49,6 |
| Ташылган жүргүнчү млн киши | 1,8 | 0,99 | 0,3 | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 0,3 | 0,3 | 0,2 |
| Жүргүнчүташуу, млн жүргүнчү *км* | 3817,8 | 2294,9 | 458,4 | 606,3 | 855,5 | 868,6 | 531,7 | 518,4 | 381,4 |

Аба жол катнашынын өнүтүнөн алганда Кырг-ндын географиялык абалы өтө ыңгайлуу. Европадан Азиянын айрым өлкөлөрүнө баруучу аба жолу Кырг-н аркылуу өткөндө 1,0—1,5 миң *км*ге (10—15%ке) кыскарат. Мында «Манас» аэропортунун артыкчылык мааниси абдан чоң. Ал саатына 1700 жүргүнчүнү тейлейт. Учуп-конуу тилкеси азыркы кездеги учактардын бардык түрүн кабыл алат. Ал эң алдыңкы аэронавигациялык каражаттар м-н жабдылган.

Ош, Жалал-Абад, Каракол, Чолпон-Ата, Нарын, Талас, Чаткал, Кызыл-Кыя, Казарман, Баткен ж. б. аэропорттор иштейт. «Манас» ж-а «Ош» аэропорттору эл аралык стандартка ылайык кайрадан конструкцияланууда, «Кыргызстан аба жолдору» ул. авиакомпаниянын авиапаркы жаңыртылып, толукталууда. Респ-нын ичинде 8 маршрут, КМШ өлкөлөрүнүн аба жолдорунда 13 маршрут б-ча, о. эле Ганновер, Дели, Стамбул, Карачи, Үрүмчү, Франкфурт-на-Майне ж-а Шаржа эл аралык аба жолдорунда регулярдуу авиакаттамы болуп турат. Келечекте эл аралык регулярдуу авиамаршруттар, а.и. Сеул, Пекин, Лондон маршруттары өздөштүрүлмөкчү. 2001-ж. жүк ташуунун көлөмү 2000-жылга салыштырмалуу 27,3%ке көбөйүп, 4,2 миң *т*ны, ал эми жүргүнчү ташуу 27,7%ке азайып 197,7 миң адамды түздү.

К у у р  т р а н с п о р т у. Респ-нын аймагы аркылуу Мурабек — Ташкен — Бишкек — Алматы магистралдык газ кууру өтөт. Ал аркылуу Бишкекке саатына 165 миң $м^3$ газ келет. Газ кууру Көк-Таш, Кочкор-Ата шаарларына жеткирилген, о. эле Майлысай — Жалал-Абад — Кара-Суу — Ош магистралдык газ кууру, Фергана — Кадамжай (1972) ж-а Урсатьевский — Айдаркен (1973) газ кууру айрыктары курулган. Мунай кууру да бар.

Т р о л л е й б у с  т р а н с п о р т у. Респ-нын борборунда алгачкы троллейбус жолу 1951-ж. ачылып, ал темир жол вокзалы м-н Бишкек эт комбинатын туташтырган. 2000-ж. Бишкекте троллейбус 18 маршрутта иштеп, троллейбус жолунун (линиясынын) узундугу 198 *км*ге жеткен. Ош (1976-жылдан) ж-а Нарын (1994-жылдан) ш-нда да троллейбус транспорту иштейт. 2001-ж. троллейбус м-н 66,4 млн адам ташылган, а. и. Бишкек ш-нда 62,7 млн, Ош ш-нда 2,8 млн, Нарын ш-нда 0,9 млн адам.

38-таблица

**Троллейбус транспортунун көрсөткүчтөрү**

| | 1990 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ташылган жүргүнчү, млн киши | 75,5 | 61,2 | 41,2 | 45,8 | 54,0 | 56,1 | 66,4 | 66,3 |
| Жүргүнчү ташуу, млн жүргүнчү *км*... | 241,6 | 195,8 | 135,1 | 150,6 | 175,2 | 181,9 | 271,5 | 259,1 |

Кыргыз Республикасында алгачкы телеграф байланышы 1873-ж. Токмокто иштей баштаган. Ал Түркстан телеграфынын Верныйдагы бөлүмүнө баш ийген. Ал мезгилдеги бардык почта ж-а телеграф мекемелери Орусиянын ички иштер министрлигине баш ийген. 1878-ж. Бишкек, Нарын, Каракол ш-нда почта станциялары болгон. 1885-ж. Ош ш-нда почта-телеграф кеңселери иштей баштайт. Жалпы эле Жети-Суу облусунда 1892-ж. 19 почта-телеграф мекемелери болгон. 1900-ж. Токмок – Каракол телеграф байланышы уюшулган, 1905-ж. Гүлчөдө телеграф кеңсеси ишке кирген.

19-к-дын аягында уюшулган почта-телеграф мекемелеринин саны 1917-жылга чейин өзгөргөн эмес. Кыргыз Республикасында телефон-телеграф байланышын уюштуруу алгачкы жолу 30-жылдардан башталган; Бишкек, Ош, Каракол, Балыкчы, Жалал-Абад, Нарын ш-нда чакан телефон станциялары пайда болгон. Телеграфтык байланыш «Морзе» аппараты м-н жүргүзүлгөн, ал аппарат респ-нын башка шаарлары м-н жөнөкөй гана байланышты түзө алган. 1936-ж. почта-телеграф кеңсесинен телеграф, телефон бөлүнүп чыгып, телеграф-телефон станциясы түзүлгөн. 1938-жылдан баштап Москва шаары м-н телеграфтык байланыш башталган. Алгачкы ш-дык байланыш бөлүмдөрү пайда боло баштаган. Согуш убагында (1941-жылдан) өлкөнүн байланыш тармактары өнүкпөй туруп калган. 1954-ж. Бишкек ш-нда респ-дагы алгачкы чакан автоматтык телефон станциясы иштей баштайт. Станциянын ишке киргизилиши м-н респ-да электр байланыш каражаттары ургаалдуу өнүгө баштаган.

1955-ж. Кыргыз ССР байланыш министрлиги уюшулган. 1964-ж. Бишкек ш-нда шаар аралык автоматтык станция ишке кирген. Респ-нын ичинде ж-а союздун башка 47 шаары (Москва, Ленинград, Рига, Ташкен, Алматы ж. б.) м-н байланышууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

1970-ж. өз алдынча байланыш ишканалары түзүлгөн: Бишкек телеграфы, респ. шаар аралык телефон станциясы, Бишкек ш-дык телефон тармагы. 1980-ж. телефон тармагынын жалпы сыйымдуулугу 144,0 миң номерге жеткен, Бишкекте 70 миң номерден ашкандан кийин Бишкек ш-дык телефон тармагы алты сандуу номерге өткөн. Кырг-нда 1978-ж. Москвадан борб. гезиттерди байланыш каналы аркылуу ала турган Газета-2 комплекси ишке киргизилген. 1979-ж. респ-да 4000 номерлүү координат тибиндеги алгачкы АТС пайдаланууга берилген. Бардык АТС «ар бири ар бири м-н» схемасы б-ча бириктирилет. 80-жылдарда шаар аралык телефон-телеграф, ш-дык ж-а айылдык телефон байланыштары бүт автоматташтырылган. Натыйжада респ-нын электр байланыш каражаттары бирдиктүү автоматташтырылган байланыш системасына кошулат. Эл аралык автоматтык системага өлкөнүн бүт шаарлары ж-а райондун борборлору киргизилген.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин, өлкөдө 1993-ж. «Кыргызтелеком» мамл. электр байланыш ишканасы түзүлгөн. «Кыргызтелеком» компаниясы өзүнүн баштапкы абалында кубаттуу транспорттук телекоммуникациялык тармак болгон, бирок телекоммуникациянын азыркы талаптарына жооп бере алган эмес. Республика эл аралык телефон тармактарына Москванын эл аралык телефон станциясы аркылуу гана чыга алган.

1993-жылдан баштап «Кыргызтелеком» компаниясы телекоммуникация секторунда түп тамырынан бери өзгөртүү реформасын жүргүздү. 1-телекоммуникациялык долбоорду Бүткүл дүйнөлүк банк ж-а Европа реконструкция ж-а өнүгүү банкы каржылады. Натыйжада респ-нын сандык телекоммуникация тармагынын азыркы базалык структурасы түзүлдү. Долбоордун башкы максаты – Кыргыз Респ-нын телекоммуникация тармагын модернизациялоо болгон. Долбоордун негизинде «А» стандартындагы спутник станциясын (америкалык фирмалар COMSAT, RSI м-н контракт түзүп), сандык коммутациялык станциянын (Швециялык ERICSSON), SDH структурасындагы була-оптика байланыш линиясын (ВОЛС), кабелдик чарбаны (HT CABLE, Израиль) камтыган сандык телекоммуникациялык тармак түзүлгөн. «А» стандартындагы спутник байланышынын жердеги станциясы (парабола антеннасы) 8 өлкө м-н (Япония, Кытай, Индия, Иран, Израиль, Германия, Англия ж-а Европадагы өлкөлөрдүн бир тобу) түз байланышууну камсыз кылат. Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Каракол, Чолпон-Ата ш-ндагы станциялардын номерлеринин санын көбөйтүү үчүн ERICSSON фирмасы чыгарган 50 миң номерлүү AXE-10 станциясы ишке берилген. 2000-ж. Бишкекте 3120 каналдан ж-а 28 миң абоненттик линиялык станциядан турган эл аралык шаарлар аралык транзиттик

станция (Gatewey) монтаждалып ишке киргизилди. Азия м-н Европанын ортосундагы эл аралык байланыштын улам өсүп жаткан керектөөлөрүн канааттандыруу максатында ТАЕ-ВОЛС була-оптикалык байланыш линиясы курулган. Бул линия Шанхайдан (Кытай) башталып, Улуу жибек жолу өткөн жерлер аркылуу Казакстан, Кырг-ндын (респнын аймагында 165 *км*, Бишкек аркылуу өтөт), Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Иран, Түркия, Украина, Польша аркылуу өтүп Франкфурт-на-Майнеде (Германия) бүтөт. ТАЕны (Транс-Азия – Европа) курууга катышкан дүйнөнүн 24 өлкөсү бири-бири м-н цифралык каналдардын чоң тутамы м-н байланышып, глобалдык масштабдагы маалыматтар м-н алмашууга мүмкүндүк түзгөн.

Андан кийин Кыргыз Респ-нын байланыш тармактарын модернизациялоонун 2-этабы башталган. Респ-нын түн. ж-а түш. региондорунун байланыш тармактарынын, о. эле ТАЕ магистралынын респ-нын аймагы аркылуу өткөн участкасынын курулушу бүткөрүлгөн, ТАЕ долбоорун Корея Респ-нын кооперациясы ж-а экон. өнүгүү фонду каржылаган. Республикада байланыштын эл аралык уюштуруу принциптери ж-а номерлөөнүн жаңы пландары киргизилген. Ош ш-нын, Ош ж-а Баткен облустарынын телекоммуникациялык тармактарын модернизациялоо долбоору аткарылган. Аны Кувейт мамлекетинин Араб экон. өнүгүү фонду каржылаган. Ош ш-нын өзүндө коммутациялык станциянын сыйымдуулугу 30 миң номерге чейин көбөйтүлгөн. Сандык радиореле линиясы райондун калктуу пункттарына, Тажикстан, Өзбекстан, о. эле Кытайдын батышына чейин жеткирилген. Бул долбоорлордун ишке ашырылышы Кыргыз Респ. үчүн социалдык-экон. ж-а саясий жактан өтө маанилүү.

Азыркы этапта Кыргызтелекомдун байланыш тармактарындагы эл аралык байланыш каналдарынын саны дүйнөдөгү экон. жактан өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине жооп берет ж-а Кыргыз Респ-нын өзүнүн суроо талабын толук канааттандырат. Телекоммуникациялык инфраструктураны кайрадан жасап чыгуу транспорттук тармактын 90%ин ж-а респ-нын коммутациялык тармагынын 25%ин цифралаштырууга мүмкүндүк берди. Интернеттин глобалдык тармагына ар кандай тармактын операторуна гана эмес, айрым пайдалануучулардын өз алдынча кирүүсүнө мүмкүндүк берүү үчүн ИНТЕРНЕТ сервис-провайдерге кошулууга статус алган. Респ-да телекоммуникациянын азыркы кездеги бардык түрү бар: Электр байланышы («Кыргызтелеком» АК), сота байланышы («KATEL» — D — AMPS ж-а «BITEL» — GSM), Интернет («Азияинфо», «ЭлКат», «Трансфер» ж. б.), пейджинг ж-а транк байланышы («Ареопаг», «СмартКом» ж-а «ГелиоКом»), почта байланышы (Почтамт, DHL OCS), 1998-ж. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңеши тарабынан «Электр ж-а почта байланышы жөнүндө» мыйзам, ошол эле жылы Респ-нын Өкмөтү ж-а Жогорку Кеңештин токтомдору м-н бекитилген «Кыргызтелеком» акционердик коомун кайрадан түзүү, мамлекеттен ажыратуу ж-а менчиктештирүү концепциясы кабыл алынган.

Респ-лык радиореле магистралы, телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу өндүрүштүк бирикмеси калкты, мамл. бийлик органдарын, чарба жүргүзүүчү субъектилерди электр байланыш, телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу кызматтары м-н камсыз кылат, радиореле байланыш линия тармактарын, телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу станцияларын оперативдүү башкарат. 70-жылдардын башында респда шаар аралык байланыштын негизги багыттарын камсыз кылуу, а. и. Орто Азия респнын ортосунда телекөрсөтүүлөрдүн программасын алмашуу үчүн радиореле тармактары тегиз уюшулган. Респ-да телекөрсөтүүнү өнүктүрүү генералдык схемасынын (1961—70) негизинде телекөрсөтүүнүн негизги структурасы 1961—69-ж-дын ичинде түзүлгөн. 1967-ж. Бишкек ш-нда «Орбита» спутниктик телекөрсөтүү системасынын программаларды ак-кара түстө көрсөткөн кабыл алгыч станциясы ишке киргизилген. 1974-ж. станция түстүү көрсөтүүлөрдү кабыл алуу үчүн реконструкцияланган, 1987-ж. «Орбита» станциясы аркылуу Бишкек — Москва шаар аралык байланышынын спутниктик линиясы иштей баштады. Телерадио тармактарына 70тен ашуун радиореле станциясы кошулган. Анын 25%и телекөрсөтүүлөр м-н радио уктуруулардын кубаттуу толкун тараткычтары м-н биригип, тармактын базалык негизин түзгөн. Радиорелелик станциялардын 55%и деңиз деңг. 2000—2400 *м* бийиктикте жайгаштырылган.

Радио уктуруу тармагында 50дөн ашуун радио толкун тараткычтары орнотулган. Респнын бардык региондорунда уникалдуу техникалык байланыш курулмалары: «Түндүк», «Түштүк», «Батыш», «Чыгыш», «Оргочор» ж. б. бийик тоолуу комплекстер курулган. Бул

комплекстер респ-нын бүт аймагында көп каналдуу эл аралык байланышты, радио уктуруу ж-а телекөрсөтүүлөрдү камсыз кылат. «Азаттык», «Би-би-Си», «Алмаз» «Европа плюс», «Пирамида», «Русское радио» радиостанцияларынын да программалары уктурулат.

Респ-нын аймагына Кыргызстандын, Орусиянын, Орусия коомдук телекөрсөтүүсүнүн, Өзбекстандын, Казакстандын, ошондой эле коммерциялык телекомпаниялардын (ВОСС, ТВ-6, НБТ, Пирамида ж. б.) программалары көрсөтүлөт.

**Почта байланышы** өлкөнүн байланыш тармагында маанилүү орунду ээлейт. Респ-да почта байланышы 1867-ж. Ташкен м-н Верныйдын (Алматы) ортосунда почта тартуу ж-а аны кайтаруу үчүн Бишкекте почта бекети уюшулгандан тартып пайда болгон. Бул жер почта ж-а кербен жолдорунун тоому болгон. 1878-ж. уездин борбору Токмоктон Бишкекке көчүрүлүп, Токмок уездинин почта кеңсеси Бишкекте иштей баштаган. Бул почта кеңсеси 1885-ж. почта-телеграф кеңсесине айландырылып, Түркстан почта-телеграф округуна баш ийген. Алгач почта жөө-жалаң, анан ат унаа м-н ташылган.

Азыркы кыргыз почта байланышы, «Кыргыз почтасы» мамл. департаменти (КПМД) 7 облустук ишкананы, респ. атайын байланыш түйүнүн, Бишкек почтампын (БП), Бишкек магистралдык почта ташуу ишканасын (БМПТИ), «Кыргызмаркасы» мамл. ишканасын камтыйт. Алардын курамына 45 райондук ж-а ш-дык түйүндөр, 865 почта байланышынын бөлүмдөрү карайт. Кыргыз почтанын көрсөткөн кызматы: пенсия төлөө (жалпы тарифтик кирешенин 30,1%), жөлөк пул төлөө (17,6%), кат-кабарлар (11,1%), гезит-журналга жазуу (9,5%), гезит-журнал сатуу (6,0%), электр байланышы (6,0%), акчаны кабыл алуу ж-а калкка төлөө (5,2%), атайын байланыш кызматы (4,3%), посылкаларды кабыл алуу таратуу (2,7%) ж. б. кызматтар (7,5%).

Респ-да СССРдин ыдырашы м-н почталык операциялардын көлөмү төмөндөп, чыгым

39-таблица

**Байланыш тармагынын өнүгүшү (1997—2001)**

| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жөнөтүлгөн гезит ж-а журналдар, млн. экз. | 23 | 23 | 18 | 16 | 14 |
| Каттар, млн даана | 5 | 4 | 5 | 5 | 5 |
| Посылкалар, миң даана | 21 | 20 | 20 | 19 | 18 |
| Телеграммалар, млн жолу | 0,9 | 0,8 | 0,7 | 0,7 | 0,6 |
| Которулган акча ж-а пенсия төлөөлөр, млн жолу | 5,8 | 4,8 | 5,2 | 5,3 | 6,5 |
| Телефон станциялардын саны, даана | 585 | 580 | 576 | 582 | 577 |
| Телефон станцияларынын сыйымдуулугу, миң номер | 473,2 | 455,2 | 451,7 | 475,3 | 479,4 |
| Телефон аппараттардын (таксофондордон башкасы) саны, миң даана | 380,7 | 383,2 | 381,7 | 385,4 | 392,3 |
| Үй телефон аппараттардын саны, миң даана | 287,8 | 293,0 | 294,9 | 298,3 | 307,7 |
| Таксофондордун саны, даана | 1410 | 1489 | 1559 | 1573 | 1668 |
| Эл аралык ж-а шаарлар аралык таксофондордун саны, даана | 193 | 185 | 190 | 217 | 217 |
| Телефон аркылуу сүйлөшүүлөр: | | | | | |
| эл аралык сүйлөшүүлөр, млн жолу | 1,9 | 7,7 | 6,6 | 6,7 | 3,7 |
| шаар аралык сүйлөшүүлөр, млн жолу | 33,1 | 30,2 | 34,9 | 39,3 | 46,1 |
| Радио берүүлөрдү таратуучу точкалардын саны, миң | 163,9 | 140,5 | 135,9 | 114,1 | 75,5 |
| Телефон аппараттары м-н камсыз кылынышы (туруктуу калктын 1000 адамына туура келген), даана | 80 | 80 | 78 | 79 | 79 |
| Үйгө кошулган телефон аппараттар м-н камсыз кылынышы (туруктуу калктын 1000 адамына туура туура келген), даана | 61 | 61 | 61 | 61 | 62 |
| Почта ж-а электр байланышынын тейлөөлөрүнүн көлөмү, млн. сом | 402,7 | 639,0 | 925,7 | 1162,8 | 1399,7 |

көбөйдү. Айрыкча мындай көрүнүш облустардын, райондордун ичинде почта ташуу ж-а таратуу иштеринде байкалды. Анткени алынган тарифтик киреше кеткен чыгымды (эксплуатациялык чыгым, байланыш бөлүмүн кармап туруу, почтанын таратуу ж-а жөнөтүү) жаппай калды. Жалпысынан алганда респ. б-ча почта байланышынын ишканалары уз. 20 миң *км* келген 125 маршрутту тейлейт. 70%тен ашык почта ижарага алынган транспорт м-н ташылат. «Кыргыз почтасы» мамлекеттик департаменти ж-а почта байланышынын ишканалары эки негизги автоматтык системаны: «кабыл алууну эсепке алуу, көзөмөлдөө ж-а которулган акчаларды төлөө», «Пенсия, пособие төлөөнү эсептөө ж-а көзөмөлдөө» (Бишкек почтам-

тында), о. эле «Кыргыз почтасынын» облустук ишканаларынан маалыматтарды кабыл алууда «электрондук почта» системасын колдонот. 1993-ж. Кыргыз Респ. Бүткүл дүйнөлүк почта союзуна кирген. Азыр байланыш тармагында 13,4 миң киши, а и. почта байланышында 3,6 миң киши иштейт (2001).

**Соода ж-а коомдук тамактануу.** Илгертен эле Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөн кербен жолдору (Улуу жибек жолунун бир айрыгы) Батыш ж-а Чыгыш өлкөлөрүн байланыштырып турган. Алыстан келе жаткан кербенчилер Кырг-ндагы кербен сарайларга токтошуп, соода жүргүзүшкөн. Алар товарларын көбүнчө (зергер ж. б. буюмдарын) малга, мал чарба продукцияларына алмаштырышкан. 19-к-дын аягында кыштактар м-н шаарлардын, айрыкча Бишкек м-н Караколдун пайда болушуна байланыштуу Кырг-нда сооданын үстөмдүк кылган кыдырма ж-а айырбаштоо түрү м-н катар базар ж-а дүкөн соодасы да өнүгө баштаган.

20-к-дын башында Кырг-нда Орусиялык ж-а чет өлкөлүк соода-өнөр жай компанияларынын дүкөндөрү, соода кеңселери, сатып алуу жайлары пайда боло баштайт. 1912-ж. кредиттеме ж-а ссуда-аманат шериктери уюшулуп, кооперация пайда болгон. 1917-ж. алгачкы камсыздоо-сатуу кооперациялары ачылып, аларды «Жети-Суу кооперациясынын Бишкек союзу» ж-а «Каракол кооперация союзу» башкарып турган. 1925-ж. облаткомдун карамагында ички соода бөлүмү уюшулган. Кеңири керектелүүчү товарлардын дүң ж-а чекене соода кылуучу Түрксоодасы жоюлуп (1925-ж.), Кыргызсоодасы уюшулган. Ал Бишкекте 2 мамл. дүкөн, Токмок м-н Караколдо бирден дүкөн ачкан. Мындан тышкары Өзбексоодасы респ-нын түштүгүндөгү 5 дүкөндү Кыргызсоодага өткөрүп берген. 1926-ж. бирдиктүү соода борбору — Кыргызстан керек-жарак союзу уюшулган. 1927-жылдан кийин респ-нын ш-ндагы соода уюмдары Соода эл комиссариатына (кийин Соода министрлиги) караган. 1930-ж-дан баштап респ-да сооданын улам жаңы формалары (колхоз соодасы, жумушчуларды жабдуу бөлүмдөрү ж. б.) түзүлүп, соода тармагы тынымсыз өсүүдө болгон. Мамл. ж-а кооперация чекене соодасында товардын түрлөрү ж-а соода жайларынын саны жылдан жылга арбып отурган.

Респ-да чекене соода көлөмү 1981-ж. 2,8 млрд сомго жетип, 1975-жылдагыдан 33%ке жогорулаган. 1975—80-жылдары жалпы соода аянты 97 миң *м²* болгон көптөгөн дүкөндөр, 8 миң орундуу коомдук тамактануу жайлары пайдаланууга берилген.

1991-ж. Кырг-н эгемендүүлүктү алгандан баштап анын экономикасына менчиктин түрлөрү, рыноктук мамиле киргизиле баштады. Айрыкча соода тармагында экон. жаңы ыкмаларургаал киргизилип, соода ишканалары м-н коомдук тамактануу жайларынын басымдуу бөлүгү мамлекеттин карамагынан кооперациялык ж-а жеке менчикке өттү. Респ-да 2000-ж. 1-октябрда 4719 дүкөн, 8112 күркө (чатырча ж. б.), 569 дарыкана, 3128 ресторан, кафе, бар ж-а ашкана, 1377 дүң соода ишканалары, 218 мейманкана, 514 автомайкуюу станциялары, 48 соода борбору, 20дан ашык ири базарлар болгон.

Дүкөндөрдүн ж-а күркөлөрдүн (чатырча ж. б.) көбү Бишкек, Ош ш-нда, Жалал-Абад, Чүй облустарында жайгашып, алардын салыштырма өлчөмү жалпы сандын 18—27%ин түзөт. Дарыканалардын көбү Бишкек ш-нда (алардын жалпы санынын 27%), Жалал-Абад (23%) ж-а Чүй (18%) облустарында жайгашкан. Ресторан, кафе, бар ж-а ашканалардын көпчүлүгү (30%и) Ош облусунда, Бишкекте (22), Жалал-Абадда (19), Чүй облусунда (12%и) болгон. Иштеген дүң соода ишканаларынын 75%тен көбү Бишкек ш-нда, 17%и Ош облусунда, мейманканалардын 55%и Бишкек ш-нда, 10%и Ош облусунда, 6—8%и Чүй, Нарын, Ысык-Көл ж-а Жалал-Абад облустарында, автомай куюу станцияларынын 26%и Чүй облусунда, 15%тен көбү Ош, Жалал-Абад облустары м-н Бишкек ш-нда жайгашкан.

2001-жылдын аягында мамл. эмес сектордо жалпы чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүнүн 99,1%и түзүлгөн. Бардык облустарда чекене товар жүгүртүү көбөйгөн. Калк керектөөчү товарларын көбүнчө базарлардан сатып алынууда. 2000-ж. алардын товар жүгүртүүсү 21328,8 млн сомду (1999-жылдагыдан 17,5%ке көп) түзгөн. Эл бардык сатып алган кийим ж-а ич кийимдердин 92%ин, бут кийимдин, трикотаж, байпак, тери, килем ж-а килем буюмдарынын 74—95%ин, эттин, канаттуулардын, жумуртканын ж-а жумуртка азыктарынын, колбаса азыктарынын, тоң май, өсүмдүк майынын, эт, балык, жашылча консерваларынын, кант кондитердик азыктардын ж. б-дын 59–80%ин базардан алат. 2000-ж. чекене товар жүгүртүүдөгү азык-түлүк товарларынын үлүшү 53,2%,

1999-ж. 53,1%, ал эми азык-түлүк эмес товарлардыкы 46,8% — 46,9% болгон. Соодада мамлекеттик эмес сектор басымдуулук кылып, анын жалпы товар жүгүртүү көлөмүндөгү салыштырма өлчөмү 98,3%ти түзгөн.

40-таблица

**Соода ж-а коомдук тамактануунун облустардагы о. э. Бишкек ш-ндагы абалы (2001)**

| Облустар | Чекене соода жүгүртүү ишканалары, даана | Коомдук тамактануу жайлары, даана | Базарлар (бардык түрлөрү), даана | Чекене соода жүгүртүүнүн коомдук тамактанууну кошкондогу көлөмү, млн сом | Анын ичинен: коомдук тамактануунун көлөмү, млн сом |
|---|---|---|---|---|---|
| Баткен | 567 | 221 | 34 | 1059,1 | 57,5 |
| Жалал-Абад | 2451 | 570 | 80 | 2392,4 | 58,6 |
| Нарын | 660 | 72 | 24 | 665,2 | 1,9 |
| Ош | 2563 | 932 | 77 | 6365,1 | 207,1 |
| Талас | 389 | 78 | 24 | 656,3 | 3,3 |
| Чүй | 2473 | 398 | 80 | 7305,2 | 73,3 |
| Ысык-Көл | 688 | 124 | 22 | 2047,1 | 19,5 |
| Бишкек шаары | 4340 | 657 | 76 | 11936,2 | 574,5 |
| Бардыгы | 14131 | 3052 | 417 | 32426,6 | 995,7 |

2000-ж. автомобилдерди ж-а үйдө колдонуучу буюмдарды оңдоонун жалпы соода жүгүртүлүү көлөмү 38511,7 млн сомду түздү, бул 1999-жылга салыштырганда 12,3%ке көп; чекене сооданын жүгүртүүсү, коомдук тамак-ашты кошкондо 28795,4 млн сом көлөмүндө калыптанды, бул 7,2%ке көп. Дүң сооданын жүгүртүлүүсү 10235,3 млн сом же 1999-жылдагыдан 26,8%ке көп, ал эми анын жалпы жүгүртүү көлөмүндөгү үлүшү 26,2%ти түздү. Автотранспортторду ж-а анын тетиктерин сатуу 2000-ж. 2082,8 млн сомго жетип, 1999-жылга салыштырганда 34,4%ке азайды, мында жалпы жүгүртүү көлөмүндөгү мындай сатуулардын салыштырма өлчөмү 5,4% түздү. 2000-ж. автотранспорт оңдоо ж-а анын тетиктерин сатуу, тех. жактан кызмат көрсөтүү көлөмү 1999-жылдагыдан 1,2–2,3 эсе өсүп, ал эми товар жүгүртүүдөгү үлүшү 0,4—0,6%ти гана түзгөн.

2000-ж. мейманканалардан ж-а ресторандардан түшкөн киреше (мурдагы коомдук тамак-аш ишканалары) 1181,1 млн сомду түзүп, 1999-жылга салыштырганда 1,6%ке аз, а. и. 905,6 млн сому (3%ке көп) ресторандарга, ал эми 275,5 млн сому мейманканалар көрсөткөн тейлөөлөргө таандык (бул 16,4%ке аз). Республика б-ча ресторан, кафе, бар ж. б. ишканалардын жүгүртүү көлөмүнүн көбү (61%) Бишкек ш-ндагы ишканаларга, Ош облусуна 19%, Баткен, Чүй, Жалал-Абад облустарына 5—7% туура келет.

2000-ж. калкка 6132,1 млн сомго акы төлөнүүчү тейлөөлөр көрсөтүлдү (1999-жылга караганда 3,6%ке көп). Бул тейлөөлөрдүн көлөмү респ-нын бүт аймагында өткөн жылдагы деңгээлден ашты. 2000-ж. калкты акысына тейлөөнүн жалпы көлөмүндө жүргүнчүлөр транспортунун тейлөөлөрү —26%ти, турак жай коммуналык чарбалардыкы —21%, турмуш-тиричилик тейлөөлөрү —14%, байланыш ж-а билим берүү тейлөөлөрүнүн үлүшү 10%ти түздү. Чекене сооданын жүгүртүүсү, коомдук тамак-ашты кошкондо 28795,4 млн сомду (7,2%ке көп), дүң сооданын жүгүртүүлүсү 10235,3 млн сомду (1999-жылга караганда 26,8%ке көп), ал эми анын жалпы жүгүртүү көлөмүндөгү үлүшү 26,6%ти түздү.

**Турмуш-тиричилик жактан тейлөө.** Революцияга чейин турмуш тиричилик жактан калкты тейлөө кол өнөрчүлөр тарабынан жүргүзүлүп, кустардык мүнөздө болгон. Көчмөндүк м-н оокат кылган кыргыздардын кийим, тиричиликке керектүү буюм-тайымдарын элден чыккан кол өнөрчүлөр жасаган. 1926-ж-га чейин кол өнөрчүлөр бут кийим (көбүнчө булгаары өтүк, кийиз чокой), карапа идиштерин, металл ж-а жыгачтан буюм жасашкан. 1926-жылдан баштап өнөр чеберлерин бириктирип артелдер түзүлө баштаган. Турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар Кырг-ндын ө. ж. кооперация системасына – Жергиликтүү ө. ж. эл комиссариатына баш ийген. Турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү майда ишканалардын шаарлар ж-а калктуу пункттар б-ча чачыранды жайгашышы, алардын ар кандай ведомстволор м-н уюмдарга баш ийиши тармактын өнүгүшүнө тескери таасирин тийгизген. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда турмуш-

тиричилик жактан тейлөө кызматы бүтүндөй согушка керектүү буюмдарды жасоого өткөн. Жабдууларынын бир бөлүгү фронт үчүн продукция чыгаруучу ө. ж. ишканаларына берилген.

Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө — респ-нын эл чарбасынын эң жаш тармактарынын бири катары 60-жылдарда ургаалдуу өнүгө баштаган. Бул мезгилде респ-да 1900 майда мастерскойлор ж-а ательелер иштеген.

1970—75-ж. турмуш тиричилик жактан тейлөөчү 12 типтүү комбинаты, 4 хим. тазалоочу ж-а кир жуугуч комплекстүү ишкана, Бишкектеги турмуш-тиричилик үйү, 247 «Новинка» тибиндеги павильон ж-а техника ремонттоочу мастерской курулуп, пайдаланууга берилген. Респ-да бардыгы болуп 30дан ашуун мекеме, 350 айылдык турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйү уюшулуп, ишке киргизилген.

Башкаруу формаларын жакшыртуу, өндүрүштү топтоо ж-а адистештирүү б-ча бир топ чаралар ишке ашырылган. Анын негизинде Бишкек ш-нын ательелерин бириктирген «Киргизия» фирмасы уюшулуп, ал кийим тигүү ж-а оңдоо иштерин аткарган. Бут кийим тигүүчү ж-а жамап-жасоочу «Обувщик» ф-сы, эмерек жасоочу ж-а оңдоочу «Бытмебель» комбинаты, хим. заттар м-н кийим тазалоочу ж-а боёчу ф-ка, токуучу ж-а тигүүчү ф-ка, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты ж. б. адистештирилген ишканалар иштей баштаган. Ал эми шаардын бардык чач тарачы, калкты тейлөө бюросу ж-а убактылуу буюм берүү пункттары тейлөө комбинатынын карамагына өткөн. Андан сырткары ири өндүрүш бирикмелери уюшулган. «Рембытмаш» татаал үй тиричилик техникасын, радиотеле аппаратураларын ремонттоо башкармалыгы майда адистешкен радиотелеателье ж-а мастерскойлорду бириктирип, телевизор, радиоприемник, магнитофондорду республика б-ча оңдогон. Респ-нын калкынын турак жай курулушун ремонттоп ж-а курган «Кыргызремстройбыт», «Салют» сүрөт бирикмеси ж. б. иштеген.

80-жылдарда жалпы тейлөө көлөмү өзгөргөн. Турмуш-тиричилик техникасын, приборлорун, радиотелеаппаратураларын оңдоо, хим. тазалоо, бут кийимди тез ремонттоо, калктын заказы б-ча турак жай куруу ж-а ремонттоо, кийим тигүү ж-а токуу, заказды үйдө аткаруу, ишкана-мекемелерден заказды телефон аркылуу алуу ж. б. түрлөрү кеңири жайылтылган. Респ-да турмуш-тиричилик кызматынын жаңы 80 түрү киргизилген. Ишканалардын көбүндө кийим-кече тигүүнүн калыптанган технологиясы ишке киргизилип, жыл сайын кийимдин 100дөн ашуун үлгүсү чыгарылган.

1980-ж. 16 комплекстүү кабыл алуучу пункт, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү 3 комбинат, кийимди хим. заттар м-н тазалоочу ж-а кир жуучу 1 ишкана, 2 фотокомбинат, курулуш-ремонттоо башкармасынын 3 базасы ж. б. курулган.

1992-жылдан баштап өкмөттүк программага ылайык турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканаларын мамлекеттен ажыратуу ж-а менчиктештирүү башталган. 1993-жылдын 1-жарым жылдыгынын аягында респ-дагы бардык ишканалар мамлекеттен ажыратылып, жеке же коллективдин менчиги болуп калды.

Рыноктук мамилелердин калыптануу ж-а өнүгүү шартында калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө чөйрөсү өзгөчө мааниге ээ болду. Ал материалдык өндүрүш чөйрөсүнө караганда рыноктук экономикага тез өтөт. Азыр респ-нын рыноктук экономикасында калкты тейлөө чөйрөсүнүн ролу жогору. Ал эң маанилүү эмгек жумшоо чөйрөсү катары калктын эмгекке болгон активдүүлүгүн күчөттү. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары калкка ар түрдүү тейлөө кызматын, а. и. үй тиричилигинде пайдаланылуучу техниканы, радиоэлектрондук аппаратураларды, маданий ж-а чарбалык багыттагы ар кандай буюмдарды оңдоо, турак жайларды оңдоо ж-а куруу, кийим-кечектерди оңдоо ж-а тигүү, жыгач эмеректерди оңдоо, хим. жол м-н кийим ж. б. буюмдарды тазалоо, убактылуу пайдаланууга буюм (телевизор, муздаткыч ж. б.) берүү иштерин ж. б. аткарды. Тейлөө чөйрөсүндө чакан ишканалар рыноктук мамилелерге жакшы ыкташып, кызмат көрсөтүү сапатын арттырууга, тейлөө кызматынын жаңы түрлөрүн өздөштүрүүгө, ишканаларды керектөөчүлөргө жакындаштырууга шарт түзөт. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө чөйрөсүндө менчиктештирүү калкты тейлөөчү объектилерди (мастерской ж. б. ишканаларды) аукцион ж-а конкурс аркылуу жеке менчикке өткөрүү жолу м-н жүргүзүлгөн.

2000-ж. жеке менчик ишканалар 594,1 млн сомго тейлөө кызматын көрсөткөн, же жалпы көрсөтүлгөн тейлөө кызматынын 92%ин түзгөн.

Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканаларынын рыноктук чарба жүргүзүү принцибине ж-а түрдүү менчиктин түрүнө өтүшү тармактын иштөө шартын өзгөрттү. Тейлөөчү ишканалардын көбү тейлөө кызматынын көлөмүн кыскартканга байланыштуу ишканалар ортосундагы байланыштар үзүлдү, алардын материалдык-тех. жактан камсыз болушу начарлады, сырьё, материал, запастык бөлүктөрдү алууга чамалары жетпей калды.

1990—96-ж. турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары (айрыкча рентабелдүү эместери) абдан азайган. Бул мезгилде алардын санынын жарымы (салыштырмалуу) кыскарган. Айрыкча айыл жерлериндеги тейлөө ишканалары иштебей калган. Натыйжада калк, айрыкча каражаты жетишсиздер кээ бир тейлөө кызматынан баш тартышкан.

1997-жылдан баштап турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары калыптана баштайт. 1991—2000-ж. калкка турмуш-тиричилик жактан тейлөө көрсөтүүнүн жалпы көлөмү 1,9 млн сомдон 639,4 млн сомго (тейлөө кызматына болгон баа 200 эсе өскөн) көбөйгөн. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканаларынын рыноктук мамилелерге өтүшү тейлөө кызматына болгон баанын өсүшү м-н мүнөздөлөт. Сырьё, материалдарга, жабдууларга, транспорттук каражаттарга, ижарага (арендага) алынган имараттын ж-а отун-энергетикалык ресурстардын, санитария-гигиеналык иш-чаралардын наркынын жогорулашы ушуга алып келди.

2001-жылдын башында турмуш-тиричилик жактан тейлөө системасында 5447 ишкана ж-а кабыл алуу пункттары иштеген. 2001-ж. тиричилик жактан тейлөө ишканалары калкка 1082,3 млн сомдук 20 түрдүү тейлөө кызматын көрсөткөн. Өндүрүштүн (өнөр жайлык) тейлөө кызмат түрлөрүнөн 2001-ж. жеке бут кийим тигүү ж-а ремонттоо үлүшүнө 9,2%, радио-телевизор аппаратураларын ремонттоого, үй-тиричилик машиналарын ж-а приборлорун оңдоого 8,1%, жеке кийим бычып-тигүү ж-а жамап-жасоого 4,1% туура келген. Өндүрүштүк эмес тейлөө кызмат түрлөрүнүн ичинен биринчи орунда транспорттук тейлөө – 17,1%, андан кийин чач тарачтардыкы – 11,1%, курулуш ж-а турак-жай ремонттоо – 4,4% турат.

41-таблица

**Калкка турмуш-тиричилик жактан кызмат көрсөтүүлөрдүн структурасы**

| Тейлөө кызматы | 2000 | | 2001 | |
|---|---|---|---|---|
| | млн сом | Жыйынтыкка карай, % м-н | млн сом | Жыйынтыкка карай, % м-н |
| Тиричилик жактан кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү, бардыгы | 882,1 | 100 | 1082,3 | 100 |
| анын ичинде: | | | | |
| ремонт ж-а бут кийимди жекече тигүү | 97,1 | 11,0 | 99,5 | 9,2 |
| ремонт ж-а кийимди жекече тигүү | 31,2 | 3,6 | 44,5 | 4,1 |
| ремонт, тор кийимдерди жекече тигүү ж-а согуу | 3,6 | 0,4 | 3,0 | 0,3 |
| радиортелекөрсөтүүнүн аппаратурасын, тиричилик машинелеринин ж-а приборлордун ремонту, металл-буюмдарын даярдоо | 74,3 | 8,4 | 88,2 | 8,1 |
| транспорт каражаттарын оңдоо ж-а тейлөө | 110,2 | 12,5 | 100,9 | 9,3 |
| эмерек жасоо ж-а оңдоо | 24,0 | 2,7 | 30,2 | 2,8 |
| хим. тазалоо ж-а боё | 7,7 | 0,9 | 12,8 | 1,2 |
| кир жуучу жайлар | 10,4 | 1,2 | 17,0 | 1,6 |
| курулуш ж-а квартира ремонттору | 52,6 | 6,0 | 47,3 | 4,4 |
| фотографиялар | 14,3 | 1,6 | 24,5 | 2,3 |
| мончо, душтар | 32,5 | 3,7 | 29,8 | 2,7 |
| сауналар | 24,1 | 2,7 | 37,5 | 3,5 |
| чачтарачтар | 79,9 | 9,1 | 120,5 | 11,1 |
| прокаттык пункттар | 11,3 | 1,3 | 14,7 | 1,4 |
| транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 154,6 | 17,6 | 185,4 | 17,1 |
| өлүм-житим чыгымдары | 14,6 | 1,6 | 17,8 | 1,6 |
| башкалар | 139,7 | 15,8 | 208,7 | 19,3 |
| киши башына туура келген тиричилик жактан кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү, сом м-н | 179,5 | | 218,4 | |

Турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканаларында болгон радикалдык өзгөрүү ж-а жаңы ишканалардын уюмдашкан-укуктук формалары адистерди даярдоонун жаңы системасын талап кылууда. Кадрларды даярдоонун көп баскычтуу методдору пайда болууда. Чакан бизнестин ишкерлерин ж-а менеджерлерин, экономиканын башка тармактарынан бошонгон жумушчу ж-а адистерди ылайыктуу кесиптерге ыкташтырып даярдоо иштери жүргүзүлүүдө. Азыр респ-да 100 түрлүү адистик б-ча кадрларды даярдоо жүрүп жатат. Алардын ичинде кийим тигүүчү, бычмачы, бут кийим ремонтоочу мастер, муздаткыч ж-а татаал техника мастери, чачтарач, сүрөтчү ж. б. бар. Окуу жайлары турмуш-тиричилик жактан тейлөө чөйрөсүндө (рынок шартында) иштей ала турган ж-а калкты тиричилик жактан тейлөөдө өзүнүн ишин уюштура ала турган адистерди кайра даярдоого ж-а билимин жогорулатууга ылайыкташууда.

**Турак-жай ж-а коммуналык чарбасы.** Кыргыз Респ-нда турак жай-коммуналдык чарба тармагы 1930-жылдары калыптанган. 1963-ж. чейин бул тармак Жерг. чарба министирлигинин карамагында болуп, Коммуналык чарба башкармалыгы жетектеген. Кийин респ-да ремонт-курулуш контораларынын базасында ремонт-курулуш башкармалыктары (Бишкек, Каракол, Токмок, Ош ж. б.) ж-а чарбалык эсептеги участкалар (Нарын, Талас эсептик участкалары ж. б.) уюшулган. Коммуналык тармакта 3 кир жуугуч жай (сменасына 725 *кг* кир жууган), 12 мончо (жуунчу оруну - 820), мейманкана (жалпысынан 490 орундуу), 11 ремонт-курулуш башкармалыгы иштеген. Турак жай ж-а коммуналык уюмдары 1,4 млн $м^3$ турак жай фондусун (150 миң киши жашаган) тейлеген.

1963-ж. чейин респ-нын көпчүлүк шаарлары м-н райондору борборлоштурулган түрдө суу м-н камсыз болгон эмес; суу көпчүлүк учурда ачык суу булактарынан (канал-арыктардан) алынган. Суу алгыч түзүлүш тармактары (уз. 553 *км*) суткасына 77,6 миң *м* суу берип турган. Ошондой эле көпчүлүк шаарлар м-н райондук борборлордо канализация да болгон эмес. 60 жылдан ашуун мезгилдин ичинде бул кызмат майда бөлүмдөрдөн, калк турмушун жакшыртуучу ири ишканаларга — жылуулук ж-а суу м-н камсыз кылуучу, суу чыгаруучу, шаар м-н райондук борборлорду мех. жол м-н тазалоочу, лифттерди оңдоо-тейлөө, шаар-кыштактарды жашылдандыруу, жарыктандыруу иштерин жүргүзүүчү ири ишканалары, жумушчу-кызматчыларды эс алдыруучу социалдык инфраструктуралары (пансионат, ден-соолукту чыңдоочу комплекстер, окуучулар үчүн лагерлер) ж. б. бар механикалаштырылган, салыштырмалуу өнүккөн ири тармакка айланган. Менчиктештирүү башталаарда (1992-ж. 1-январга карата) тармакта 62 коммуналык мончо (жуунчу оруну — 3850), 26 кир жуугуч жай (сменасына 12 миң *кг* кир жууган), 40 коммуналык мейманкана (3734 орундуу) иштеген.

42–таблица

**Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн облустардагы ж-а Бишкек ш-ндагы абалы (млн сом)**

| Облус | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|
| Баткен | 11,9 | 11,9 | 22,2 | 26,0 | 34,7 |
| Жалал-Абад | 7,8 | 12,2 | 18,0 | 34,1 | 40,0 |
| Нарын | 2,0 | 3,1 | 3,6 | 5,1 | 5,8 |
| Ош | 110,3 | 129,4 | 158,7 | 284,1 | 351,0 |
| Талас | 4,8 | 6,6 | 7,5 | 9,3 | 10,8 |
| Чүй | 68,5 | 82,7 | 110,4 | 157,5 | 177,8 |
| Ысык-Көл | 15,8 | 17,1 | 33,8 | 43,9 | 67,6 |
| Бишкек шаары | 158,4 | 198,1 | 285,2 | 322,1 | 394,6 |

1980—90-ж. коммуналык энергетика тармагы жаңы калыптанып, ага элге билим берүү ж-а саламаттык сактоо министрликтеринин ж. б. бюджеттик мекемелердин жылуулук берүүчү буу казандары турак-жай ж-а коммуналдык чарбага берилип (бардыгы 269 буу казаны), алардын негизинде адистештирилген коммуналдык жылуулук энергия ишканалары түзүлгөн. 1987-ж. чейин өлгөндөрдү көмүү кызматы Бишкектен башка жерде болгон эмес. 1987-ж. Ошто, кийин Кара-Балта, Кант, Жалал-Абад, Токмок, Каракол, Балыкчы ж-а Талас ш-нда ушул тейлөө кызматы уюшулган.

1980—90-ж. суу түтүк-канализация курулушу өнүгүп, респ-да 37,8 *км* суу түтүк тармактары (суткасына 113,7 миң $м^3$ суу берет) ишке киргизилген. 44,7 *км* канализация тармактары ж-а суу тазалоо курулмалары (суткасына 103,1 миң $м^3$ суу өткөрөт) курулган. Кызыл-Суу, Баетов, Көгой, Чүй, Кайыңды, Гүлчө, Кара-Кулжа ж. б. айылдарда суу м-н камсыз кылуу, Чолпон-Ата, Кара-Балта, Кант, Токтогул ж-а Кызыл-Жарда канализа-

ция маселелери чечилген. Чолпон-Атада 24 *км* суу түтүгү (суткасына 10 миң $м^3$ суу берет), Караколдо 19,6 *км* (4 миң $м^3$), Кызыл-Суудa 2 *км* (2,5 миң $м^3$), Баетовдо 7,5 *км*, Бөкөнбаев айылында 7 *км* суу түтүк тармактары кеңейтилген. Нарын ш-нда 4,7 *км* суу түтүк тармактары реконструкцияланган, Көгойдо 33 *км* (суу алгыч курулмасы суткасына 2,2 миң $м^3$ суу берет), Чүй айылында 8 *км* (10 миң $м^3$), Токмокто 11,7 *км*, Кара-Балтада 5 *км* (6 миң $м^3$), Кайыңдыда 7 *км* (2 миң $м^3$), Теплоключенкада 6 *км*, Гүлчөдө 14,9 *км* (3 миң $м^3$), Кара-Кулжада 12,0 *км* (4 миң $м^3$), Ала-Букада 16,7 *км*, Ошто 5,8 *км*, Баткенде 18,4 *км*, Сүлүктүдө 8,5 *км*, Балыкчыда 18 *км* (21,6 $м^3$), Сокулукта 7 *км* (2 миң $м^3$), Лебединовкада 3 *км* (4 миң $м^3$), Ат-Башыда 3 *км* (3 миң $м^3$), Көк-Жаңгакта 23,4 *км* суу түтүктөрү курулган. Бул мезгилдин ичинде Чолпон-Атада 10,7 *км* канализация (суткасына 37 миң $м^3$ суу өткөрөт), Токтогулда 12 *км* (5,6 миң $м^3$), Кантта 5,6 *км* (3,0 миң $км^3$), Балыкчыда 16 *км* (24 миң $м^3$), Өзгөндө 10 *км* (7,0 миң $м^3$), Кара-Суудa 2,3 *км* (1,4 миң $м^3$) канализация түтүктөрү, Кара-Балтада (суткасына 24,1 миң $м^3$ суу тазалайт), Кызыл-Жарда (0,4 миң $м^3$), Кызыл-Кыяда (35 миң $м^3$), Ошто (130 миң $м^3$), Жалал-Абадда (35 миң $м^3$) суу тазалагыч курулмалары ишке киргизилген. Респ-да бир катар адистештирилген ири бирикмелер: «Кыргыз жашылдандыруу чарбасы», «Кыргыз суу канал», «Кыргыз жылуулук коммунэнергия», «Кыргыздолбоорремкурулуш», Түндүк, Түштүк, Ысык-Көл, Жалал-Абад ж. б. ремкурулуш тресттери, «Кыргызлифт» республикалык башкармалыгы түзүлгөн.

Азыркы мезгилде Кыргыз Респ-нын турак-жай ж-а коммуналык чарбасынын бардык тармактарынын иш-аракеттерин – шаар м-н айылдардагы жашоо-тиричиликти камсыз кылуучу Кыргыз турак жай коммунсоюз аткарат. Ал 1991-жылда Кыргыз Респ-нын коммуналык чарбаларынын респ., облустук, район аралык, ш-дык ж-а райондук ишканалар, уюмдар, бирикмелеринин (башкармалыктар), о. эле кайсы менчиктин түрүнө карабастан башка министрликтердин, админ. ведомстволордун, кооперативдик, арендалык ж. б. ишканалардын ыктыярдуу бирикмесинин негизинде түзүлгөн.

Кыргыз турак жай коммунсоюзу татаал, көп профилдүү өндүрүштүк комплекс. Ал өзүнө шаар ж-а айылдардагы күнүмдүк коммуналык, тиричилик керектөөлөрүн камсыз кылуучу ж-а калктын жашоо турмушуна ыңгайлуу шартты түзүүчү, о. эле өндүрүштүк социалдык-маданий тармактардын нормалдуу шартта иштешин тескөөчү өндүрүштүк, инженердик курулма ж-а тармактардын кызматын камтыйт.

Кыргыз Респ-нын коммуналык чарбасы бир кыйла ири тармак. 1992-ж. коммуналык чарбанын карамагында 56286 миң $м^2$ турак жай аянты болгон, реформанын жылдарында турак жай фондунун өсүү темпи дээрлик токтоп калган, 1999-ж. 60552 миң $м^2$ түзгөн. Бардык шаарлар, шаарчалар, райондордун борборлору ж-а ири айыл-кыштактар борборлоштурулган суу тармагы м-н камсыз кылынган. 1999-ж. суткасына коммуналык тиричиликке керектөөлөр киши башына эсептегенде 125 *л*, 1979-ж. бул көрсөткүч 215 *л*, ал эми борбордо 390 *л* сууну түзгөн. 2000-ж. респ-да 910 суу түтүктөрү ж-а 502 суу түтүк тармактары болгон. Көчөлөрдө коюлган суу түтүк тармактарынын уз. 10212 *км*. Суу түтүктөрүнүн кубаттуулугу суткасына 2018 миң $м^3$ түзөт. Респ-дагы бардык шаарлар ж-а көптөгөн калктуу пункттар канализациялаштырылган. 131 канализация ж-а 148 өзүнчө канализация тармактары иштейт. Көчөлөрдөгү канализация тармагынын уз. 1162 *км*, суу тазалоочу курулманын суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү 982 миң $м^3$. 1999-ж. 157877 миң $м^3$ суу агып чыккан, анын суу тазалоочу курулма аркылуу өткөнү 154964 миң $м^3$, анын ичинен 152279 миң $м^3$ биологиялык тазалоодон өткөрүлгөн.

Респ-нын ири шаарлары, айрым шаарчалары газ ж-а жылуулук энергиясы м-н камсыз болгон. 2000-ж. 3943 миң *гкал* жылуулук энергиясы өндүрүлгөн. Магистралдык буу ж-а жылуулук берүүчү тармактардын уз. 1769 *км*. 1332 котельный (андагы буу казандардын саны 2907) бар, алардын суммардык кубаттуулугу саатына 7348 *гкал*. Респ-нын калкы жаратылыш ж-а суюлтулган газды пайдаланат. 242754 квартирага жаратылыш газы ж-а 648895 квартирага суюлтулган газ киргизилген. Суткасына керектөөчүлөргө 194 миң $м^3$ жаратылыш газы, 4635 *т* суюлтулган газ берилет.

Шаарларды жашылдандыруу ж-а тазалоо б-ча бир топ иштер жүргүзүлүүдө. Шаарлардын аймагында жашылдандырылган массивдердин жалпы аянты 10816 *га*ны түзөт. Таштандыларды жыйноочу 650 атайын машина иштейт. 2000-ж. 1313 миң $м^3$ тиричилик таштандылары, 104 миң $м^3$ суюк таштандылар чыгарылган. Респ-дагы жа-

рык кылынган көчөлөрдүн уз. 2899 *км*. 78 мейманкана иштейт. Алар респ-нын бардык ш-нда, райондун борборлорунда жайгашкан. Калкты көптөгөн мончо ж-а кир жуучу жайлар тейлейт.

**Финансы ж-а кредит чөйрөсү** СССР ыдырап, өз алдынча мамлекеттер пайда болгонго чейин Кыргыз Респ. салык-бюджет ж-а акча-кредит системасы жагынан өз алдынча саясат жүргүзө алган эмес. Салык-бюджет ж-а акча-кредит системасы респ-нын башка эл чарба тармактарынан тышкары өз алдынча, б. а. союздук масштабда макроэкон. деңгээлде болгон. Республика көз карандысыздыгын алып, рыноктук мамилелерге өткөн шартта өз алдынча финансы-кредит системасын кайра түздү.

Респ-нын экон. турмушунда м а м л. б ю д ж е т т и н ролунун күчөшүнө байланыштуу аны кайра карап чыгуу талап кылынган. Бюджет жөнүндөгү алгачкы мыйзам 1991-ж. кабыл алынган. Анда өлкөнүн бюджети өз алдынча респ. ж-а жерг. бюджеттерге бөлүнгөн. Мамл. бюджет респ-нын өкмөтүнүн, 7 облустун ж-а Бишкек шаарынын башкаруу органдарынын операцияларын чагылдырат. Анда бюджеттен тышкары фонддогу (негизинен социалдык фонд) ж-а мамл. ишканалардагы таза трансферттер көрсөтүлөт. 1998-ж. баштап бюджетке мамл. инвестиция программасы да кире баштады. Социалдык фонддун бюджети өзүнчө түзүлөт, бирок Жогорку Кеңеште бекитүү үчүн мамл. бюджет м-н кошо сунуш кылынат. 1998-ж. бюджеттин принциптери жөнүндө мыйзам кабыл алынып, анда бюджетти түзүүнүн толук жол-жобосу көрсөтүлгөн.

Эл аралык валюта фондунун аракети м-н түзүлгөн казыналык система Борбордук башкармалыктан (Финансы министрлигинде) ж-а 65 региондук казыналыктан турат. Казыналык системадагы түзүлгөн тартип б-ча респ-дагы, облус ж-а райондордогу мамл. киреше бир казыналык эсепке депонирленип ж-а андан болгон чыгымдарды казыналык санкциялап туруу зарыл. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөөнү жакшыртуу үчүн Өкмөттүн алдында бюджеттик комиссия түзүлгөн. Финансы министрлиги 1998-ж. баштап ай сайын түшкөн кирешени эсепке алуу м-н бардык бюджеттик уюмдарга чыгым ордерин жазып бере баштаган. Ордерде милдеттүү түрдө чыгымдын жогорку чеги белгиленет.

Өкмөт м-н бийликтин жерг. уюмдарынын ортосунда кирешени бөлүштүрүүнүн жаңы системасы киргизилген. Жаңы система б-ча ар бир облус анын аймагында чогултулган жеке киреше, пайда ж-а акциздик салыктардан түшкөн кирешенин 35%ин алат. Облустар максаттуу трансферттерди (гранттар) саламаттык сактоого, билим берүүгө, айлык төлөөгө, социалдык камсыздандырууга ж-а стипендияларга жумшайт.

Кыргыз Респ. 1997-2001-жылдардын ичинде ири бюджеттик чараларды жүргүзүү м-н бюджеттик тартыштыкты акырындап кыскартты. Ички дүң продуктудагы (ИДП) кассалык тартыштык чыгымды кыскартып, салыктык эмес кирешени көбөйтүүнүн натыйжасында 17%тен 8,6%ке азайган, ошол эле мезгилде ИДПдан салык жыйноо анча көп өскөн эмес.

Бюджет саясатынын башкы багыты келечекте мамл. бюджеттин абалын турукташтыруу, кирешени максималдуу мобилизациялоо ж-а чыгашага катуу чек коюу жолу м-н анын тартыштыгын азайтуу болуп эсептелет.

Респ. бюджет Кыргыз Респ-нын Өкмөтү, жерг. бюджет, админ., жерг. өзүн-өзү башкаруу уюмдары м-н айыл өкмөтү тарабынан түзүлүп ишке ашырылат. Респ. бюджетти Жогорку Кеңеш, жерг. бюджетти — жерг. кеңеш бекитет. Респ. бюджетти түзүү, кароо, бекитүү ж-а аны аткаруу «Кыргыз Респ-нын укугунун негизги принциптери жөнүндөгү» мыйзамы м-н аныкталат.

Кыргыз Респ-нда бюджеттик укукту функциялар б-ча бөлүштүрүү структурасы белгиленген: 1) Өкмөттүн функциясы — Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн чыгым б-ча милдеттери (респ. бюджеттин эсебинен каржыланган); 2) аралаш функция — Кыргыз Респ-нын Өкмөтү, жерг. мамл. админ., жерг. өзүн-өзү башкаруу органдары ж-а айыл өкмөттөр үчүн чыгым б-ча милдеттери (гранттар аркылуу куралган респ. ж-а жерг. бюджеттин эсебинен каржыланган); 3) жерг. функция — жерг. мамл. админ., жерг. өзүн-өзү башкаруу ж-а айыл өкмөттөр үчүн чыгым б-ча милдеттери (жерг. бюджеттин эсебинен ылайыктуу деңгээлде каржыланган).

Респ. бюджеттен жалпы мамл. мааниси бар иш-чаралар каржыланып, анын жоопкерчилиги мамл. башкаруу органдары аркылуу толугу м-н Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө

тапшырылат. Респ. бюджет жалпы респ. социалдык-экон., ил.-тех. ж-а экологиялык иш-чараларды ж-а программаларды, айрым облустар, шаарлар ж-а райондордун экон. ж-а социалдык өнүгүш деңгээлин теңдештирүү, максаттуу программаларды аткаруу үчүн кеткен чыгымдарды каржылоону камсыз кылат.

43-таблица

**1991–2001-ж-дагы мамлекеттик бюджеттин көрсөткүчтөрү**

**( ИДП га карата, % м-н)**

| | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Киреше ........ | 23,4 | 18,6 | 15,0 | 15,8 | 17,0 | 16,8 | 16,6 | 18,3 | 16,2 | 15,1 |
| Чыгым ......... | 30,5 | 31,2 | 20,5 | 23,5 | 28,5 | 22,2 | 21,8 | 21,3 | 18,7 | 15,7 |
| Тартыштык (дефицит) ..... | 7,1 | 12,6 | 5,5 | 7,7 | 11,5 | 5,4 | 5,2 | 3,0 | 2,5 | 0,1 |

Респ. башкаруу органдары ул. коргоону камсыз кылып ж-а социалдык коргоо системасы б-ча кеткен чыгымдардын көбүн каржылайт. Жерг. органдар билим берүү м-н саламаттык сактоо системасын камсыз кылууга өзгөчө жооптуу. Кыргыз Респ-нын мамл. бюджетинен 2000-ж. социалдык коргоого мамл. бюджеттин жалпы чыгашасынын (6807,8 млн сом) 55,8%и жумшалган. Мамл. бюджеттин түзүмүндө 2001-ж. социалдык чөйрөлөргө кеткен чыгым 47,6%ти түзгөн, а. и. билим берүүгө 23,2%, саламаттык сактоого 11,2%, социалдык камсыздандыруу ж-а социалдык камсыздоого 10,9%, эс алууга ж-а маданий-дин иш чараларына 2,3% туура келген. Жалпы мамл. бюджеттик чыгашанын 16,1%и жалпы маанидеги мамл. кызматка, коргоого 8,9%, коомдук тартип ж-а коопсуздукка 5,8%, турак-жай коммуналык чарбага 6,6%, өндүрүштүк ж-а инфраструктуралык секторго 9,6% (2001-ж.) кеткен.

Кыргыз Респ-нын бюджетинин долбоорун Финансы министрлиги түзөт . Долбоор Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн артыкчылыгы м-н аныкталган, мыйзам тарабынан алдын ала каралган киреше м-н чыгашанын болжолунун (прогнозунун) негизинде жүргүзүлөт. Ар бир жылдын 1-августуна чейин респ. бюджетте турган ар бир министрлик ж-а ведомстволор бюджеттик пландарын Кыргыз Респ-нын финансы министрлигине тапшырат. Ал эми Финансы министрлиги ал пландарды (алардын өкүлдөрүнүн катышуусу м-н) карап, зарыл болсо тийиштүү түзөтүү киргизип, респ. бюджеттин долбоорун түзөт да, Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө финансылык жылдын башталышынан 4, 5 ай мурда тапшырат. Кыргыз Респ-нын Өкмөтү респ. бюджеттин долбоорун карап, ага болгон сын-пикирлери м-н Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешине финансы жылынын башталышынан 4 ай мурда өткөрүп берет. Жогорку Кеңеш Респ-нын жылдык бюджетин кабыл алып бекиткенден кийин, анын аткарылышын Кыргыз Респ-нын Өкмөтү Финансы министрлиги аркылуу камсыз кылат. Кыргыз Респ-нын финансы министрлиги респ. бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөп, ай сайын анализдеп, ар бир кварталдын жыйынтыгы б-ча Өкмөткө билдирүү жасайт.

Жерг. бюджеттерге облустардын, Бишкек ш-нын, райондордун, шаарлардын, шаардагы райондордун, айыл өкмөттөрү м-н шаарчалардын башкарууларынын бюджеттери кирет. Облустун бюджети облустук, райондук ж-а облустук маанидеги шаарлардын бюджетинен, шаардын бюджети шаардык бюджеттен, ал эми райондун бюджети райондун, районго баш ийген шаарлардын, айыл өкмөтү м-н шаарчалардын бюджетинен турат.

Жерг. кеңештин бюджетине арендага берилген жер үчүн акы, жер салыгы, транспорт каражаттарынын ээлеринен түшкөн салык, Кыргыз Респ-нын мыйзам чыгаруучулары бекиткен чендеги мамл. алым (калкка жаңы паспортторду бергенден түшкөн кирешеден башкасы), жерг. салык ж-а жыйым, ошондой эле коммуналык менчиктеги мүлктү арендага бергенден түшкөн, о. эле Кыргыз Респ-нын мыйзамдарына ылайык башка жактан түшкөн кирешелер берилет. Жерг. бюджетке жогору жакта турган бюджеттен трансферттер берилиши мүмкүн. Аны максаттуу гана пайдалануу каралган. Облустардын, райондордун, шаарлардын, шаардагы райондордун, айылдык ж-а посёлкалык кеңештердин бюджети билим берүүгө, саламаттык сактоого, социалдык камсыздоо м-н юстициянын башкаруу иштерине мыйзам ченеминде жумшалат. Мындан тышкары аткаруу органдарына (жерг. мамл. адм. кеңештердин аппаратына), фундаменталдык илимий изилдөөлөргө (региондук архив), пландык кызмат ж. б. жалпы маанидеги кызматтарга чыгымдалат. Жерг. телекөрсөтүү м-н радиоуктуруу, маданият ж-а дене тарбия мекемелерине, турак-жай коммуналык чарба, айыл, суу, токой, балык ж-а аңчылык чарбаларына бөлүнөт. Жерг. бюджетти кандай пайдаланууну аныктайт. Турак-жай ж-а коммуналык чарбага, саламаттык сактоо мекемелерине,

билим берүүгө, маданиятка, социалдык камсыздоого, дене тарбия ж-а спортко, укук коргоо органдарына, табиятты коргоо ж-а башка максаттарга бюджетти чыгымдоодо аны көбөйтүү, азайтуу жактарын өздөрү чечет. Айрым категориядагы калкка кошумча жеңилдик ж-а пособие чектейт. Жерг. кеңештин бюджеттик комиссиясы келе турган жылга бюджетти ка-роо м-н бирге бюджеттин пайдаланылышы б-ча отчётту карап, корутунду чыгарып, аны тийиштүү кеңешке тапшырат. Кеңештер жерг. мамл. адм-нын доклады, бюджеттик комиссиянын корутундусу ж-а докладдары б-ча отчётту бекитет.

Кырг-нда социалдык чөйрөнү каржылоо б-ча реформанын багыты — мамл., жерг. бийлик органдары, ишканалар, коммерциялык эмес ж-а коммерциялык уюмдардын ортосунда калкка кызмат көрсөтүү функцияларын кайрадан бөлүштүрүү болуп эсептелет. Аларга эмгек акысын, пенсия төлөө, билим берүү, саламаттык сактоо ж-а маданиятты каржылоо кирет. Мына ушу максатта социалдык камсыздоо системасын уюштуруу өз алдынча ж-а ар кандай булактардан каржыланган 2 структурага бөлүнөт: социалдык жардам ж-а социалдык камсыздандыруу.

Пенсия, жумушсуздук б-ча пособие ж-а социалдык камсыздандыруу б-ча пособие берүү камсыздандыруунун негизинде жүрөт. 1994-ж. Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн алдында социалдык фонд иштейт. Ал камсыздоо төгүмдөрүн жыйнайт ж-а ассигнование кылат. Натыйжада мамлекет социалдык камсыздоого (пенсия) ж. б. чогулткан каражаттарды максаттуу пайдаланууга ж-а көзөмөлдөөгө шарт түздү. 1996-ж. июнда «Мамл. социалдык камсыздоо» мыйзамы кабыл алынган. Ал мыйзам б-ча социалдык камсыздандыруунун укуктук, финансы-экон. ж-а уюштуруу деңгээли аныкталат. 1996-жылдын октябрынан баштап камсыздоо төгүмдөрүн төлөөчүлөрдү каттоо жүргүзүлө баштады (өздөрү же ишкана-мекеме аркылуу). 1997-ж. баштап өздүк камсыздоо эсеп-кысаптары ачылган, ага пенсия м-н камсыз кылуунун негизи болгон милдеттүү камсыздоо төлөмдөрүнүн суммасы ж-а аларды төлөгөн мезгилдер (камсыздоо стажы) жазылат.

Кыргыз Респ-нын мамл. пенсиялык системасы дүйнөдөгү көпчүлүк мамлекеттердин пенсиялык системасы сыяктуу эле пенсия төлөмдөрүн толтуруу методуна негизделген. Каржылоонун бул методу б-ча бир гана түшүү булагы — төлөмдө карайт. Бул түшкөн төлөмдөр бүт бойдон пенсия төлөөгө кетет. Социалдык фонд каражаттарды чогултуп аны кийинки пенсияны төлөө үчүн бөлүштүрөт. Социалдык фонд б-ча чыгымдар пенсия фонду, социалдык камсыздоо фонду, жумуштуулук фонду, медициналык камсыздоо фондуна тийиштүү. Соц. фондго берилген каражаттардын жетишпеген жактары респ. бюджеттен трансферттер аркылуу толукталат. Респ. бюджеттен Коргоо министрлигинин, ул. коопсуздук кызматынын, Ички иштер министрлигинин пенсионерлерине пенсия, о. эле өзгөчө кызмат өтөгөндөрдүн пенсиясына кошумча, согуштун инвалиддеринин пенсиясына кошумча, бийик тоо шартында иштеп кырсыктагандарга пенсия төлөнөт. Мындан сырткары респ. бюджеттен пенсиялык фонддун а. ч. секторунун жумуштуулук фондусунун (корпоративдик башкарууну жеңилдетүү үчүн) бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн социалдык фонддун субвенциясы бөлүнөт. Кырг-ндагы кем-карч үй-бүлөлөргө ж-а социалдык жактан эң начар жашагандарга финансылык жардам берүү бюджеттик каражаттардан бөлүнөт.

Саламаттык сактоо тармагын каржылоо бир кыйла интенсивдүү жүрүүдө. 1997-ж. баштап саламаттык сактоо чөйрөсү жарым-жартылай камсыздандыруу төлөмдөрү (иштегендер эмгек акы фондусунан 2%, ал эми иштебегендер, пенсионерлер үчүн мамлекет соц. фондго төлөйт) аркылуу каржыланат. 1997-ж. ден соолук кассалары уюшулуп, алар бир нече эксперименттик саламаттык сактоо мекемелерин каржылоодо. Милдеттүү түрдө медициналык камсыздандыруу кандайдыр бир өлчөмдө акысыз медициналык жардам алууга мүмкүндүк берет. Саламаттык сактоо чөйрөсүн бюджеттен каржылоо, билим берүүдөгүдөй эле респ. бюджеттен категориалдык гранттарды жерг. бюджетке берүү аркылуу ишке ашырылат. Бюджеттен 1991-ж. саламаттык сактоо тармагына сарпталган чыгымдын үлүшү 13,1% болсо, 1999-ж. 12,4%, 2001-ж. 11,2% болгон. Камсыздандыруу ж-а бюджеттик булактардан сырткары саламаттык сактоо тармагын каржылоого чет өлкөлүк инвестициялар да тартылууда.

Кырг-ндын билим берүү тармагын мамлекет каржылайт. Көбүнчө бул тармакты каржылоодо категориалдык гранттарды респ. бюджеттен жерг. бюджеттерге берүү жолу м-н жүрөт. 1999-ж. бюджеттен билим берүүгө алынган каражаттын көлөмү 85,6%ти түзгөн.

Жалпысынан алганда билим берүүгө мамл. бюджеттен кеткен чыгым аз да болсо кыскарууда. 1991-ж. 21,9% чыгымдалса 1999-ж. бул көрсөткүч 20,9%, 2001-ж. 23,2% болгон.

Салык системасы Кырг-нда өткөөл экономиканын маанилүү элементи болуп саналат. Жаңы салык системасынын негизи 1991-жылдын аягында башталган реформанын натыйжасында калыптанган. Салык системасы мыйзам жүзүндө бекитилип, салык инспекциясы түзүлгөн. Ал болсо кабыл алган мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөп салыктын жыйналышын тескеп, башкарат.

1991-ж. 1-июлда «Кыргыз Респ-нын салык кызматы жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзамда салык кызматынын статусу, функциясы, укугу ж-а салык органдарынын милдеттери аныкталган. Андан башка респ-да «Ишкана, бирикме ж-а уюмдардан салык алуу жөнүндө», «Калктан салык алуу жөнүндө», «Салык эмес төлөмдөр жөнүндө», «Мамл. төлөм жөнүндө», «Жерг. салык ж-а жыйым жөнүндө» мыйзамдар кабыл алынган.

Кыргыз Респ-нын Салык кодекси 1996-ж. 1-июлдан баштап иштей баштаган. Анда салык системасынын негизги принциптери, салык эсебинин ж-а салык алуунун методологиясы, мамл. ж-а жерг. салыктардын аттары, тиги же бул салыктын түрү б-ча иштеген жогорку ж-а жерг. уюмдардын милдеттери, салык уюмдарынын ж-а салык төлөөчүлөрдүн укугу, салык төлөөчүлөрдүн милдети, о. эле юридикалык ж-а жеке жактардан салык алуунун методдору көрсөтүлгөн.

Кыргыз Респ-нын Салык кодексине ылайык салыктын төмөндөгүдөй түрлөрү иштейт: 1. Мамл. салыктар: жеке жактардан алынган киреше салыгы; ишканалардан алынчу пайда салыгы; кошумчаланган нарк салыгы; акциздер; жер салыгы. 2. Жерг. салыктар: курорт салыгы; жарнама (реклама) салыгы; ит кармоочулардан жыйым; аукцион, лотерея, конкурс, көргөзмөлөрдү коммерциялык максатка өткөргөндөрдүн жыйымы, автомобиль транспортун токтоткон жер үчүн жыйым; жерг. символика пайдалануу укугуна салык; товар-сырьё биржасында бүтүм жасагандардан жыйым; кыштактардан таштандыларды ташып кетүүдө алынуучу жыйым; гүлдөрдү жылытма жайларда өстүрүп, калкка саткан жарандардан алынуучу салык; мейманкана салыгы; аңчылык ж-а балык улоочулук укугу үчүн салык; алыскы чет өлкөгө чыгуучу туристтерден алынчу салык; видеосалон ж-а концерт-оюн көрсөтө тургандардан салык алуу; өндүрүш ж-а соода-тиричилик аянттарын же анын айрым бөлүгүн пайдалануудан салык; калкка акы төлөтүп кызмат көрсөткөндөн ж-а чекене соодадан салык; транспорт каражаттарынын ээлеринен салык.

Пайда салыгы респ-да жалпы мамл. салык болуп эсептелет. Кырг-нда пайдадан салык төлөөчүлөр болуп өзүнүн иш-аракетинде негизги максаты пайда алуу болгон жеке жактар эсептелет. Жеке адамдар түшкөн пайдадан 10% салык төлөшөт. Кошумчаланган нарк салыгы реализацияланган продукциянын (товардын), жумуш, кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынан алынат. Юридикалык ж-а жеке жактар төлөшөт. Салык чени 20%. Киреше салыгын календардык жылдын ичинде иштегенден, инвестиция ж-а экон. иш-аракеттерден киреше алган бардык жеке адамдар төлөйт. Киреше салыгы бирдей ченемде алынат. Акциз салыгы респ-нын аймагында чыгарылган ж-а чет жактан ташылып келинген (импорттолгон) товарларга коюлат. Акциз салыгынын чени көлөмгө (килограмм, литр, даана, тонна) же дүң баага карата АКШнын доллары м-н белгиленет.

Жер салыгы респ. ж-а жерг. бюджетке жыл сайын жер участогун пайдаланганы үчүн төлөнөт. А. ч-га жарактуу жер ж-а калктуу пункттар, ө. ж. , транспорт, байланыш, о. эле коргоо объектилерине арналган жерлер, табиятты коргоого, ден соолукту чыңдоого, рекреациялык, тарыхый-маданиятка арналган аймактар, токой фонду, суу фонду ж. б. кирет. Жер салыгы а. ч-га жарактуу жерлерге, ал жердин сапатына (күрдүүлүгүнө, алган ордуна, аянтына) жараша коюлат. Жер салыгынын базалык ченемин ж-а аны төлөөнүн тартибин Жогорку Кеңеш аныктайт. Айылдыктарга ж-а бийик тоолуу алыскы райондорго 50% жеңилдиктер берилет. Реформанын жүрүшү м-н салыктын жаңы түрү, кыймылсыз мүлк салыгы 2003-ж. киргизилген.

Кырг-ндын акча – кредит саясаты 1991-ж. чейин СССР мамбанкы тарабынан белгиленип келип, ошого жараша банк процентинин чени ж-а резервдик талабы аныкталган. Көз карандысыздыкты алгандан кийин респ-да Ул. банк түзүлгөн. Ал өлкөнүн

акча-кредит өнүгүүсүн аныктайт. Кыргыз Респ-нын Ул. банкынын (КРУБ) максаты акча-кредит саясатын жүргүзүү м-н баанын туруктуулугун сактоого жетишүү. Акча-кредит саясатын жүргүзүүнү мамлекеттин жалпы экон. өнүгүүсүнүн чегинде ишке ашырат.

Улуттук банк 1992-ж. баштап инфляциянын деңгээлине карата акча агрегаттарынын көлөмүн жөнгө салуучу аракеттерди жасайт, сомдун алмашуу курсунун салыштырмалуу туруктуулугун камсыздайт. Бул максаттарга жетиш үчүн эгерде валюта рыногунда басым жасоо өссө анда банк өзүндө болгон укуктар м-н акча-кредит саясатына кысым жасайт, соода балансы жакшырганда ж-а КРУБга валюта каражаттары бир кыйла көбүрөөк түшсө, эл аралык резервдерди топтойт. Ул. банктын башка бир багыты – банк системасынын натыйжалуулугун, туруктуулугун ж-а коопсуздугун сактоо.

1998-ж. баштап КРУБ Кыргыз Респ-нын Өкмөтүн тез каржылаганын токтоткон, буга байланыштуу бюджеттин тартыштыгын каржылоо мамлекеттин казына векселдерин сатуудан түшкөн каражаттар м-н толукталат. Ошондой эле КРУБ валюта аукционун 1998-ж. баштап өткөрбөй калып, валюталык операцияларды банк аралык базарда ишке ашыра баштады.

Улуттук банк акча массасынын көлөмү м-н структурасын жөнгө салып туруу максатында акча-кредит саясатынын төмөндөгүдөй жолдорун пайдаланат: ачык рыноктогу операция (РЕПО — операция, мамл. баалуу кагаздарды сатып алуу ж-а сатуу), валюта рыногундагы операция; кредиттөөнүн ар кандай механизмдери (“овернайт” кредиттери, акыркы инстанциянын кредити ж. б.); милдеттүү резервдик талаптар; эсептөө чени.

Кыргыз Респ-нда 1993-ж. 10-майда валюта — сом киргизилген. Сомдун жүгүртүүгө киргизилгендеги алгачкы наркы 4 сом АКШнын 1 долларына, 1 сом Орусиянын 200 рублине барабар болгон. Улуттук акча киргизилген алгачкы айларда накталай акчанын (сомдун) жетишсиздигинен долларга ж-а рублге карата сомдун наркы жогорулап, кийин долларга карата төмөндөгөн. Бирок, рублге карата сомдун наркы тескерисинче кыйла жогорулаган. Бул негизинен Кырг-ндын экономикасы убактылуу кризистик абалда экендигине байланыштуу болгон.

Респ-нын ул. акча массасы 1000, 500, 200, 100, 50, 20, 10, 5, 1 сомдук кагаз акчадан ж-а 50, 10 тыйындык кагаздардан турат.

КРУБ күн сайын сомдун долларга ж-а рублге болгон алмашуу курсун Бишкектин валюта аукционундагы операция ченине карата жарыялап турат. Акча алмаштыруунун астында ж-а ал процесс жүрүп жатканда, ул. валютаны колдоого багытталган бир нече жарлык (указ) кабыл алынган. ул. валютаны кийрүү учурунда чет элдик валютанын чектелүү проблемасы болуп, өкмөт эркин алмаштыруу курсун кийрүүнү чечкен. Банк аралык рынок уюштуруп, Ул. банк жүргүзгөн валюта аукционун жөнгө салуусу аркылуу чет элдик валютаны коммерциялык банктарга жөнөткөн. Ошону м-н бирге эле чет элдик валюта м-н болгон операцияларга күнүнкү банк эсеби ж-а капиталдын жүгүртүү эсеби б-ча чектөө алынып салынган. Кырг-ндын валюта рыногундагы кырдаалдын акыркы 2 жылда өнүгүшүнө 1998-жылдын аягындагы экономиканын сырткы ж-а ички шарттарынын начарлашы таасирин тийгизди. 1998-ж. рублге девальвацияланышы Кырг-ндын ул. валютасына таасирин тийгизди, анткени Орусиянын рублине караганда сомдун алмашуу курсунун төмөндүгү кыргыз товарларынын Орусияныкына караганда конкуренцияга жарамдуулугун начарлатты. Азыркы мезгилде Кырг-ндын рыногунда АКШнын доллары м-н катар акыркы жылдарда ишке киргизилген «евро» үстөмдүк кылган валютага айланууда.

Б а н к с и с т е м а с ы. Кыргыз Респ-нын банк системасы эки деңгээлден турат. Биринчи деңгээлдегиси — Кыргыз Респ-нын ул. банкы (КРУБ), экинчиси Кыргыз Респ-нын коммерциялык банктары. КРУБ — жөнгө салуучу уюм болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө банк системасынын иштешинин ж-а өнүгүшүнүн нормативдик актысы болуп Кыргыз Респ-нын 1997-ж. 29-июлдагы «Кыргыз Респ-нын Улуттук банкы жөнүндө» ж-а «Банктар ж-а банктардын иштеши жөнүндөгү» мыйзамы эсептелет.

Банк системасы өзүнүн өнүгүү системасында бир канча этаптардан өткөн. Биринчи этап 1992—94-ж. таандык. Бул мезгилдин ичинде ул. ж-а коммерциялык банктар уюштурулуп, алар 2 деңгээлдеги банк системасын түзүшкөн. Ар кандай объективдүү ж-а субъективдүү себептерге байланыштуу 1-этаптын аягында коммерциялык банктардын

абалы кескин начарлап кеткен. Экинчи этапта (1995—97) банк системасын реформалоо максатында FINSAC программасы иштелип чыккан. Ал программа 1996—98-ж. иштеген. Натыйжада төлөмгө кудуретсиз 2 мамл. банк жоюлуп, коммерциялык банктардын системасы түзүлгөн. Алар мамл. эмес (жеке менчик) капиталдын негизинде пайда болгон. Банк көзөмөлүнүн принциптери негизделип, төлөм системасы модернизацияланган. Ул. банк м-н коммерциялык банктар бухгалтериялык эсептин эл аралык стандартына өтүп, бир катар маанилүү мыйзамдар кабыл алынган; банктарды өзгөртүп куруучу ж-а карыздарды реструктуризациялоо (DEBRA) б-ча агентство түзүлгөн. Агентство Кыргыз Респ-нын ул. банкынын башкармасынын токтомуна ылайык иштеген. Үчүнчү этапта (1998—99) Орусиянын кризисинин натыйжасында респ-да экономика төмөндөп ж-а айрым ири ишканалар коммерциялык банктардын астында өз милдеттерин аткара албай калгандыктан абал кайрадан туруктуу болбой калган. Ошого байланыштуу системалык кризиске кабылбаш үчүн ул. банк оперативдүү чараларды көргөн. Ул. банк м-н коммерциялык банктар биргелешип банк системасынын өнүгүшүнүн орто мөөнөттүү концепциясын иштеп чыккан.

Респ-да 25 коммерциялык банк иштеп, алардын облустарда ж-а Бишкек ш-да 167 филиалы болгон. 2001-ж. 25 коммерциялык банктын 16сы пайда алуу м-н аяктап, киреше 147,6 млн сомду, 9 банк 93,7 млн сомдук зыянга дуушар болуп, калган жалпы пайда 53,9 млн сомду түзгөн.

Базар экономикасына өткөнгө байланыштуу б а н к т ы к э м е с сектордун институттары активдүү өнүгө баштады. Банктык эмес сектордун структурасын камсыздандыруу компаниялары түзөт. Бүгүнкү күндө 1 мамл. компания ж-а 27 жеке; 14 инвестициялык фонд, 2 фонд биржасы, 53 ломбард, пенсиялык фонддон 1 мамл. ж-а 1 жеке, 187 кредит союзу, 4 адистешкен кредит мекемеси иштейт.

Финансылык ортомчулук пайда болуп ж-а финансылык тейлөө кызматы киргизилгенине карабастан, банк ишмердүүлүгү калктын ири сегменттерин ж-а өнүккөн жеке сектордун бир бөлүгүн гана канааттандыра алган. Ушундай шартта өкмөттүн негизги максаты айылда жашаган калкты финансылык жактан тейлөө ж-а а. ч. тармагын кредиттөө болуш керек. Бул проблеманы чечүү үчүн 2 багыттан турган стратегия сунуш кылынган: 1. Бүткүл дүйнөлүк банктын жардамы м-н 1996-ж. Кыргыз а. ч. финансы корпорациясы (КАФК) түзүлгөн. 2. 1997-ж. апрелде Кредит союздарын колдоо ж-а өнүктүрүү финансы корпорациясы (КСКӨФК) уюшулган, ал Азия өнүктүрүү банкынын программасы б-ча жарым-жартылай каржыланат.

КАФКнын уставдык капиталы 150 млн сом, а. ч. долбоорлорун 1997-ж. баштап каржылай баштаган. Бүткүл дүйнөлүк банк м-н бирдикте «Айылды каржылоо-1» долбоорун жүргүзүп, «Айылды каржылоо-2» долбоору ишке ашырылууда. КАФК анча чоң эмес фермердик чарбаларга 20 миң сом суммасындагы ссудалардан займдарга чейин ж-а а. ч. продукцияларын кайра иштетүүчү орто ж-а кичи ишканаларга 1,5 млндон ашык сом суммасындагы кредиттерди сунуштайт.

КСКӨФК 1997—98-ж. Кыргыз Респ-нын ул. банкына 3 жолу төгүм (взнос) жасап, аны толук камсыз кылган. Төгүмдүн суммасы 10 млн сомду түзгөн. Кредит берүүнүн башкы шарты — союздун мүчөлөрүнүн пайлык төгүмдөрүнүн эсебинен капиталы 50 миң сомдон төмөн болбогон кредит союзун түзүү болгон. Кредит союзунун мүчөлөрүнүн пайлык төгүмдөрүнөн ж-а кредиттен пайда болгон каражаттар ошол эле союздун мүчөлөрүнө кредит түрүндө берилет. КСКӨФК тарабынан 1997—2000-ж. кредит союзуна берилген кредиттер б-ча проценттик чен (ставка) 24—27% чегинде болгон. Кредит б-ча пайыздык чек кредит союзунун мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда белгиленип, 24%тен 60%ке чейин өзгөртүлөт (вариацияланат).

Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө караштуу чакан ж-а орто бизнести колдоо мамл. фонду ишкерлерге кредитти базар шартында берет. Кредитти пайдалануунун пайыздык чеги ишкерчиликтин түрүнө жараша коюлат.

Сунуш кылынган кредиттик каражаттын түрүнө ж-а долбоордун тармактык багытына жараша бизнес-долбоорлорду каржылоо аныкталат. Микрокредиттөө — кредиттин суммасы 30 миң сом; жакырчылыкты жоюу «Аракет» ул. программасына ылайык элдин жарды катмарын ж-а жумушсуздарды колдоо үчүн жеңилдетилген кредит бери-

лет. Соода-коммерциялык ишкердикти ж-а алып-сатар («челночный») бизнести өнүктүрүү үчүн кыска мөөнөттүү займ берүү — займдын суммасы 50 миң сомго чейин; Кыргыз Респ-нын алып-сатар бизнесин колдоо алкагында соода-сатык ишкерчилигине кыска мөөнөткө берилет. Айыл чарба продукциясын өндөрүү ж-а кайра иштетүүгө — кредиттин суммасы 150 миң сомго чейин; өндүрүштүк эмес чөйрө, кызмат көрсөтүү чөйрөсү — кредиттин суммасы —200 миң сом; ө. ж. продукциясын өндүрүү, жерг. сырьёну иштетүү, эл кеңири керектөөчү товарларды чыгарууга — кредиттин суммасы 500 миң сомго чейин.

Кыргыз Респ-нын чакан ж-а орто ишкерчиликти колдоо мамл. программасына ылайык төмөнкүлөр каралат: майда ж-а орто ишкерчилик чөйрөсүндө продукциянын жылдык өсүү көлөмүнүн деңгээлин 3%тен кем эмес кылуу; Чакан ж-а орто ишкерчиликте иштегендердин санын жалпы иштегендердин 65%ине жеткирүү; респ-нын бюджетин чакан ж-а орто ишкерчиликтин эсебинен толуктоо (бардык түшкөн кирешенин 35%нен кем эмес).

Респ-нын к а м с ы з д а н д ы р у у р ы н о г у мамл. ж-а 29 менчик компаниядан турат. Кыргыз Респ-нын мамл. камсыздандыруу көзөмөлү мамл. орган катары ул. камсыздандыруу рыногун жөнгө салат. Ал 1998-ж. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинде кабыл алынып, респ-нын Президенти 1998-ж. 23-июлда бекиткен «Кыргыз Респ-нда камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө» мыйзамын ж-а ага тиешелүү токтомдордун негизинде иштейт.

Респ-нын камсыздандыруу системасын жакшыртуу, камсыздандыруучулардын кепилдигин камсыз кылуу үчүн Кыргыз Респ-нын салык кодексинин айрым статьяларын өзгөртүү жөнүндө жоболор кабыл алынган. Алсак, камсыздандыруу резервдерин түзүү б-ча, камсыздандыруу компанияларын кошумчаланган нарк салыгынан бошотуу, камсыздандырууга кеткен чыгымды чыгарылган продукциянын өздүк наркына ж-а тейлөө кызматына кошуу, алган пайдага 30% өлчөмүндө салык белгилөө.

П е н с и я л ы к ф о н д начар өнүккөн ж-а бир гана мамл. фонд м-н 1 мамл. эмес «Кырг-н» пенсия фондунан турат. Пенсиялык фонддорду өнүктүрүү үчүн нормативдик база — «Мамл. эмес пенсиялык фонддор жөнүндө» ж-а «Социалдык камсыздандыруу» жөнүндө мыйзамдар түзүлгөн.

И н в е с т и ц и я л ы к ф о н д д о р (ИФ) жалпы менчиктештирүү мезгилинде уюштурула баштаган. Алгачкы ИФ 1993-ж. баштап («Бишкекинвестфонд», «Кыргызинвест», «Жаралуу» ж.б.) пайда болгон. 1995-жылдын башында 23 ИФ болуп, а. и. 13 ИФ баалуу кагаздардын мамл. агентствосу тарабынан лицензияланган. Жалпы уюшулган фонддордун 13ү Бишкек ш-да, 10у респ-нын региондорунда жайгашкан. ИФлар негизинен пилоттук аукциондук борборлор иштеген облустарда түзүлүп ж-а ошого жараша массалык менчиктештирүүгө жакшы катышышкан. Азыркы мезгилде респ-да 14 ИФ болуп, алардын жарыялаган жалпы уставдык капиталы 34 эмиссиядан кийин 12,2 млн сомду түздү. Инвестициялык фонддордун акционерлери (юридикалык ж-а жекече жактардан турган) 106 миңден ашык. Алар өздөрүнүн менчиктештирүү купондорун акцияга алмашкан же сатып алгандар. Эң ири инвестициялык фонддор: «Ошинвест» (41,0 миңден ашык акционери бар), «Береке-Инвест» (15 миң), «Кыргызинвест» (13 миң), калган ИФдордо орто эсеп м-н 5 миңден же андан аз акционерлери бар. ИФларга Респ-нын ири акционердик коомдорунун акциялары (орточо эсеп м-н инвестфондго 30дан 50гө чейинки акционердик коомдордун акциялары) тийиштүү. 1999-ж. иштердин жыйынтыгы б-ча ИФ өздөрүнүн акционерлерине дивиденд төлөп берүүгө чечим кабыл алган: «Алатооинвест» 1 акцияга 4 сом (1998-жыл үчүн 6,06 сом), «Чүйинвест» —0,52 сом (3,5 сом), «Ошинвест» —0,1 сом (1,07 сом), «Кыргызинвест» — 2,68 сом (8,34) ж-а «Элесинвест» — 1 сом (1,97 сом).

Инвесторлордун ишкердүүлүгүн баалуу кагаздардын рыногу б-ча ул. комиссия жөнгө салат. «Баалуу кагаздардын рыногу жөнүндө» ж-а «Инвестициялык фонддор жөнүндөгү» мыйзамдар нормативдик негиз болуп эсептелет.

Кырг-нда б а а л у у к а г а з д а р д ы н р ы н о г у (БКР) өндүрүштүн начарлаган шартында, чарбалык байланыштар үзүлүп, финансы системасы бузулуп, рыноктук өз-ара мамилелердин тажрыйбасы ж-а ылайыктуу мыйзам чыгаруу базанын жок кезинде пайда болгон. БКРдин пайда болушуна өкмөтүн менчиктештирүү программасы ж-а

менчикти мамлекеттен ажыратуу негиз болгон. БКРди жөнгө салуу ж-а акционердик коомдордун ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө үчүн Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн 1991-ж. 2-июндагы № 323 токтому м-н Кыргыз Респ-нын министрлер кабинетинин баалуу кагаздар м-н болгон операцияларга көзөмөл кылуу б-ча мамл. агентствосу түзүлгөн. 1996-ж. декабрда Кыргыз Респ-нын Президентинин указы м-н агентство Кыргыз Респ-нын Президентине караштуу Баалуу кагаздар рыногу б-ча ул. комиссия (БКРУК) болуп кайра түзүлгөн. Баалуу кагаздар рыногунун өнүгүшүнө кеңеш берүүчүлөр катары чет элдик компаниялар, америкалык ЮСАИД агентствосу ж. б. да катышкан. Кырг-нда корпорациялык баалуу кагаздарды Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө караштуу Баалуу кагаздар рыногу б-ча ул. комиссия (БКБУК 2000-ж. ушундай аталат) көзөмөлдөйт. Мамл. баалуу кагаздар рыногу Кыргыз Респ-нын финансы министрлиги ж-а ул. банк тарабынан көзөмөлдөнөт. БКРУКтун 7 кесиптик ишмердүүлүгү б-ча 70тен ашык профессионал катышуучусу катталган. 2000-ж. 1392 АКнын баалуу кагаздары чыгарылган, а. и. ачык типтеги АК 1168, жабык типтеги АК 224 чыгарган деп БКРУКте катталган.

Жалпы эмиссиянын көлөмүнүн 84% Бишкек шаарынын АКларына, Чүй облусуна 6,2%, Жалал-Абадка 5,4%, Ош облусуна 3,5% туура келген. Тармактар б-ча алганда акция чыгаруунун негизги үлүшү ө. ж-га (70,9%), транспорт м-н байланышка (10,5%) ж-а финансы институттарына (10,6%) туура келет. Калган тармактардын үлүшү жалпы эмиссиянын 2%нен азыраагын түзөт.

Кыргыз Респ-нын корпорациялык баалуу кагаздарынын элементтериндеги чет элдик инвестициянын жалпы көлөмү 2725 млн сомду төзгөн: КМШ өлкөлөрүнөн —3%, алыскы чет өлкөлөрдүн 97%. Чет элдик инвестициянын негизги үлүшү ө. ж. ишканаларынын баалуу кагаздарына туура келет (жалпы чет элдик инвестициянын көлөмүнүн 65%и). Андан кийин финансы институттары (13%), курулуш (7,44%) ж-а транспорт м-н байланыш (4,3%) турат.

Баалуу кагаздардын рыногунун өнүгүүсүндө Кыргыз фонд биржасы (КФБ) борбордук звено болуп саналат. Кырг-нда фонд биржасы 1994-ж. июлда түзүлүп, купон соодалоо борбору катары өз ишин баштаган. 1995-ж. 25-майда болсо Кыргыз Респ-нын Президенти тарабынан Кыргыз фонд биржасы катары расмий түрдө ачылган. КФБ менчик, коммерциялык эмес уюм. 1995-ж. январдан баштап акционердик коомдорду листингте тартуу иштерин баштаган. «Эдельвейс» АК листингден өткөн ж-а өзүнүн акцияларын сатууга уруксат алган биринчи ишкана. 1995-ж. КФБ Евроазия фонд биржасы федерациясына (FEAS) кабыл алынган. Бул уюмдун штаб-квартирасы Стамбулда жайгашкан, Чыгыш Европа, Азия ж-а КМШ өлкөлөрүндөгү 23 фонд биржасын бириктирет. 1996-ж. 14-июнда респ-нын туштүгүндө өзүнүн өкүлчүлүгүн ачкан. Ош ш-да 1-региондук борбор иштеп, Жалал-Абад облусундагы АКлар дагы инвесторлорду таап, фонд рыногунун абалы жөнүндө жаңы маалыматтарды ала алат. КФБ Кырг-ндагы жалгыз лицензияланган соода системасы, ал биржанын ж-а анын мүчөлөрүнүн артыкчылык абалын түзөт. КФБ жабык түрдүгө акционердик коомго айландырылды, 17 уюмдаштыруучуларынын ичинен жетөө директорлор советине кирген. Стамбул биржа фондусу 139 миң доллары м-н кирип, КФБнын 139 акциясын алган, ал коомдун жалпы уставдык капиталынын 27,4%ин же 507 миң долларды түзөт. Калган мурунку 16 мүчөсү азыр уюштуруучулар (учредитель) болуп калышып, капиталдашкан пакеттин тең ээси (ар бирине 23 акциядан) болушту.

44–таблица

**Кыргыз фонд биржасынын иштери жөнүндө маалыматтар**

| Жылдар | Листингден өткөн ишканалардын саны | Бүтүмдүн (сделка) саны | Баалуу кагаздардын саны, даана | Жалпы соода көлөмү, сом |
|---|---|---|---|---|
| 1995 | 10 | 949 | 63913 | 608479 |
| 1996 | 27 | 1570 | 357022 | 6041039 |
| 1997 | 40 | 1126 | 3216785 | 16983492 |
| 1998 | 50 | 2517 | 4210492 | 45964934 |
| 1999 | 62 | 2642 | 9838029 | 246843237,10 |
| 2000 | 77 | 9876 | 17099751 | 100355345,38 |

Кырг-нда көз карандысыздыкты алгандан кийин, рыноктук реформанын жүрүшү м-н баалуу кагаздардын ул. рыногу иштей баштады. Ички рынокто мамл. баалуу кагаздардын 5 түрү жүгүртүлүүдө: 1. Мамл. казына вексели (МКВ). 2. Мамл. казыналык милдеттеме (МКМ). 3. Мамл. реструктуризацияланган займдын облигациясы. 4. Реструктуризацияланган казыналык милдеттеме. 5. Кыска мөөнөттүү ноталар.

Ошондой эле айрым займдардын түрлөрү анча чоң эмес өлчөмдө чыгарылган: 1. 1990-жылдагы 5%түү займ — азыр бул займдар б-ча коммерциялык банктардын карызы бар; 2. 1993-жылдагы мамл. 15%түү утуучу ички займ облигациясы — ички карыздын түзүлүшүндө «үнөмдөлгөн каражат б-ча калктын карызы» катары турат; Аманат займынын облигациясы 1996-ж. июнда чыгарылып, бирок жүгүртүүгө чыгарылган эмес, бүгүнкү күндө рынокто жок; 1997-ж. Бишкек муниципалдык займын чыгарууга аракет болгон, бирок муниципалдык займдарды чыгаруу ж-а таркатуу б-ча мыйзам чыгаруу базасы жок болгондуктан токтотулган.

1993-ж. баштап мамл. казына векселдерин (МКВ) жарыялоо б-ча жумалык аукциондордун системасы киргизилген. 1993—94-ж-дын аралыгында Кыргыз Респ-нын ул. банкы МКВны жарыялоону өз алдынча жүргүзүп, төлөө мөөнөтүнө 3 ай койгон. Мындай шарт инфляциянын өсүшүн токтотууга багытталган катуу чара болгон. Кыргыз Респ-нын финансы министрлиги 1995-ж. январдан баштап МКВнын эмитенти, ал эми ул. банк Өкмөттүн МКВны жарыялоо б-ча агенти катары калган. Бул мезгилден баштап 6 ж-а 12 айлык МКВлар жүгүртүлө баштаган.

Мамл. казыналык милдеттеме (МКМ) 1995-ж. баштап чыгарылып, төлөө мөөнөтү 6 айдан 25 ж. чейин коюлган. Эмитенти — Финансы министрлиги. Бул кагаздар 10 миң сомдон 7 млн сомго чейин сатылып алынат.

Кыргыз Респ-нын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн улуттук банктын алдындагы карызын реструктуризациялоо жөнүндөгү» мыйзамына ылайык, өкмөттүн кредиттер б-ча ул. банктын алдындагы негизги карызы реструктуризацияланып, мамл. баалуу кагаздарга айландырылган, ал мамл. реструктуризацияланган займ облигациясы түрүндө чыгарылып, ул. банкка берилген. 2000-ж. 1-июлда бул кагаздар б-ча төлөнбөгөн калдык 2080,7 млн сомду түзгөн. 1998-жылдын аягында мамл. казыналык милдеттеме өзгөртүлүп, Өкмөттүн 1999-ж. 16-февралдагы тескемеси ж-а 2000-ж. 12-апрелдеги токтому, Финансы министрлигинин коллегиясынын чечими м-н түзү өзгөртүлүп, реструктуризацияланган казыналык милдеттеме (РКМ) болуп түзүлгөн. КРУБ акча-кредит саясатынын функциясын бөлүштүрүү ж-а мамл. карыздарды тейлөө үчүн жаңы инструмент — кыска мөөнөттүү ноталарды киргизген. Нотанын чыгарылышы, жарыяланышы ж-а анын төлөнүшү жөнүндөгү жобо КРУБнын башкармасынын токтому (9-март, 2000) м-н бекитилген номинал наркы 10000 сом, жүгүртүү мөөнөтү жумалык аукциондордо 7,14 ж-а 28 күн. Мамл. карыздардын инструменти болгон мамл. казына векселинен айырмаланып, ноталар акча-кредит саясаты үчүн гана колдонулат.

Мамлекеттик с ы р т к ы к а р ы з. Кырг-ндын мурунку Советтер Союзу убагындагы карызынын үлүшүн Орусия мамлекети алгандан кийин, респ-нын 1992-жылдын аягына дээрлик өтүмдүү валюта (конвертируемая валюта) б-ча карызы болгон эмес. 1992-жылдагы көпчүлүк кредит келишимдери (а. и. Евросоюз ж-а Түркия м-н түзүлгөн) чындыгында ишке ашпай калган. 2000-жылдын 3-ноябрына карата Кыргыз Респ-нын өкмөтү кол койгон кредиттин көлөмү 1 856,35 млн АКШ долларын (мындан ары доллар) түзгөн: анын ичинен КМШ өлкөлөрүнө 257,46 млн доллар, алыскы чет өлкөлөр м-н эл аралык финансы уюмдарына 1598,89 млн доллар туура келет. Булардын ичинен нагыз (фактически) алынганы 1 362,21 млн доллар. 1992—2000-ж-да 208,17 млн доллар, а. и. негизги сумма б-ча 110,09 млн доллар (Өзбекстан, Швейцария, Кытай, Түркия, Ислам өнүктүрүү банкы, Германиянын кредиттери б-ча ), процент б-ча 98,08 млн доллар төлөнүп берилген.

Чет элдик займ м-н кредиттер реформа жылдарында төмөндөгү максаттарды ишке ашыруу үчүн тартылган: ул. валютаны ж-а төлөм балансын жөлөмөлөө үчүн; мамл. сектордогу импорттун оор абалын ж-а мамл. бюджеттин тартыштыгын каржылоого; экон-нын бардык секторунда түзүмдүк жаңылануууга, экон. реформанын иш-чараларын жүзөгө ашырууга; социалдык коргоо системасын ж-а саламаттыкты сактоону өнүктүрүү ж-а күчөтүүгө; респ-да жаңы натыйжалуу өндүрүштөрдү түзүү ж-а иштеп жаткан өндүрүштөрдү модернизациялоого.

Эл аралык финансы уюмдарынан ж-а донор өлкөлөрдөн алынган кредиттер жеңилдетилген шартта (төлөп берүү мөөнөтү 15тен 40-ж. чейин, жеңилдетилген мезгили 5тен 10 ж. чейин, 0,75%тен 3%ке чейин) берилет. Кырг-ндын ири кредиторлору болуп Бүткүл дүйнөлүк банк, Эл аралык валюта фонду, Азия өнүктүрүү банкы, Европа өнүктүрүү ж-а реконструкция банкы, Япония, Түркия ж-а Германия мамлекеттери эсептелет. Аларга кыр-

гыз респ-сына берилген жалпы кредиттин 93%и туура келет, а. и. 54%ин Бүткүл дүйнөлүк банк м-н Эл аралык валюта фонду берген. Бүткүл дүйнөлүк алардын линиясы б-ча алынган кредиттер эң арзан (жылдык кайтарымы 0,5%тен, 0,75%ке чейин, мөөнөтү 30—40 жыл, анын 10 жылы жеңилдетилген) кредиттер болуп эсептелет. Мындай кредиттер экономиканын түзүмүн өзгөртүүгө, ул. валютаны ж-а төлөм балансын жөлөмөлөөгө багытталат. Бардык алынган чоң кредиттер Кыргыз Респ-нын кепилдиги (гарантиясы) м-н алынат.

Ички карыз. Жогоруда көрсөтүлгөн мамл. баалуу кагаздар мамл. ички карыздын көп бөлүгүн түзөт. Союз тарагандан кийин Кырг-ндын ички карызынын түзүмүндө негизинен СССРдин убагында чыгарылган ж-а калктын колунда болгон займ, облигациялар болгон. Көз карандысыздыкты алгандан кийин мамлекеттин ички карызына Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнүн кредит алуусу ж-а карыз алуусу кошулган. Ички карыздын суммасы 2000-жылдын 1-октябрына 5393 млн сомду түзгөн.

«Кыргыз Респ-нын мамл. карызы жөнүндөгү» (1991-ж., 16-апрель) мыйзамы мамл. карызды жөнгө салуунун негизги нормативи болот. Бул мыйзамда жалпы абал, мамл. карыздын курамы, мамл. карыздын инструменттери, Мамл. карыз башкармасы, Мамл. карызды төлөө фонду каралган. Финансы министрлигине караштуу мамл. карыз б-ча башкарма мамл. карыз б-ча жалпы саясатты жүргүзөт. Кыргыз Респ-нын мамл. баалуу кагаздарын Кыргыз Респ-нын ул. банкына жайгаштырууга болот. Жайгаштыруу, төлөө, мамл. карызды тейлөө б-ча тех. операциялар ул. банк тарабынан ишке ашырылат.

Карызды төлөө проблемасын чечүү үчүн мамл. карызды төлөө фонду түзүлгөн. Мамл. карызды төлөө булактары ж-а аны аткаруу Жогорку Кеңеш тарабынан аныкталат.

1992-ж. июлдан баштап Кыргыз Респ-нын Өкмөтү бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн ул. банктын кредиттерин колдонгон. Бирок 1998-ж. баштап Кыргыз Респ-нын ул. банкы өкмөткө түздөн-түз кредиттерди бербей калды. «Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн КРУБнын алдындагы карызын реструктуризациялоо жөнүндөгү» мыйзамга ылайык Кыргыз Респ-нын кредиттер б-ча негизги карыздарын ж. б. карыздарынын түзүмүн мамл. баалуу кагаздарга айландырып, 2379,6 млн сом суммадагы мамл. реструктуризациялык займдардын облигациясы чыгарылган ж-а ал ул. банкка өткөрүлгөн. Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн проценттер б-ча үстөк карызын реструктуризациялоо, өскөн проценттин суммасына 70% (1445,8 млн сом) ж-а 30%теги (619 млн сом) Өкмөттүн 2 жөнөкөй векселин чыгарып, аны ул. банкка өткөрүү жолу м-н жүргүзүлгөн.

**Тышкы эконономикалык байланышы.** Кыргыз Респ-нын экон-нын туруктуу өнүгүшү үчүн шарттын бири тышкы экон. байланыштарды өнүктүрүү. Кырг-ндын геосаясий абалы европалык рынокто да, о. эле Орто Азия ж-а Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө, Кытайда ж-а Түштүк-Чыгыш Азияда да ишеничтүү өнөктөш катары чыгуу үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүк берет.

Респ. эгемендүү болгондон бери макроэкономикалык турукташтыруу ж-а структуралык реформалар жолу аркылуу экон. өсүштү жандандырууга багытталган кеңири арымдуу программаны жүзөгө ашыра баштаган. Кыска мезгилдин ичинде соода тартиби чечкиндүү либералдаштырылган. 1994-ж. дүйнөлүк тажрыйбада кабыл алынган курал-жарак, баңги заттары, дары-дармек каражаттары, кымбат баалуу металлдар, искусство чыгармаларынан башка экспорттук ж-а импорттук продукцияларды лицензиялоо жокко чыгарылган. Кырг-н импорттун санын чектөөчү же Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) эрежелерине каршы келген башка тарифтик эмес иш-чараларды колдонбойт. Ошондуктан импортко карата бажы тарифи сооданы жөнгө салуунун бирден бир куралы болуп эсептелет.

Тышкы соодада экон. өнүгүүнүн багыты көп жагынан респ-нын дүйнөлүк соода системасына толук интеграцияланышына көз каранды келет. Кыргыз Респубикасы белгилүү бир чийки заттарды ж-а продуктуларды тыштан алуунун зарылдыгын ж-а маанилүүлүгүн туура табат. Ошондуктан Кыргыз Респ. пайдалуу экон. шарттагы сатуучуулардын көп болушуна кызыкдар. Жаңы чет өлкөлүк рыноктордун эшигинин ачыктыгы төлөө балансын турукташтыруу үчүн да, респ-нын эл аралык рынокто салыштырмалуу артыкчылыкка ээ болгон ө. ж. тармактарына чет өлкөлүк да, улуттук да инвесторлорду тартуу үчүн зарыл болот. Жогоруда айтылган себептерден улам Кыргыз Респ-сы ДСУга мүчө болууга эң чоң маани берип, 1998-ж. ага мүчөлүккө өткөн. Кыргыз Респ-нын тышкы

соодасынын өнүгүшүн үч мезгилге бөлүүгө болот: биринчи мезгили 1991–94-ж-ды, экинчиси 1994–1997-ж-ды, үчүнчүсү 1997-жылдан тартып камтыйт.

Биринчи мезгилде экспорттун көлөмү 360,2 млн АКШ долларынан төмөн болгон, импорт 447,8 млн доллар көлөмүндө болуп келген, экинчи мезгилдин ичинде — экспорттун көлөмү 603,8 млн долларды (1997-ж.), ал эми импорттун көлөмү 1996-ж. өсүп, 837,7 млн долларды түзгөн, 1997-ж. болсо 709,3 млн долларга чейин азайган. Ал эми 2001-ж. экспорттун көлөмү 476,2 млн долларды, импорттун көлөмү 467,2 млн долларды түзүп, тышкы соода 1994-жылдан кийин биринчи жолу оң сальдо м-н аяктаган.

КМШ өлкөлөрүнүн респ-нын товар жүгүртүүсүндөгү үлүшү 1991-ж. – 89%ти, ал эми алыскы чет өлкөлөрдүкү болгону 11%ти түзгөн. 2000-ж. болсо КМШ өлкөлөрүнө бардык товар жүгүртүүнүн 47,8%, ал эми алыскы чет өлкөлөргө – 52,2% (2001-ж. 55,0%) туура келген. Мындай кайра багыт алуунун негизги себеби жогорку инфляциядан, өз ара эсептешүүнүн татаалдаштырылган системасынан (төлөбөө проблемалары), тарифтерди киргизүүдөн, чийки зат ресурстарынын баасынын тез өсүшүнөн ж. б. улам постсоветтик мейкиндиктеги көз каранды эмес жаңы мамлекеттер м-н соода шарттарынын начарлашы болгон. Өз ара жөнөтүлүүчү товарлардын транспорттук чыгымдарынын көбөйүшү да таасир берген, натыйжада ал коңшу азиялык мамлекеттер м-н соода кылууга багыт алууга алып келген. КМШдан тышкаркы азиялык өлкөлөр м-н сооданын калыптанган структурасы геогр. жактан жакындыктын таасири астында түзүлгөн, респнын эң ири соода өнөктөштөрү Кытай м-н Түркия болуп калды. КМШда 1991-ж. негизги өнөктөштөр Орусия, Казакстан, Өзбекстан ж-а Украина болгон.

Кыргыз Респ-нын товар жүгүртүүсүндө АКШ м-н Германияга олуттуу роль таандык. 1995-жылдан Улуу Британия, 1997-жылдан Швейцария м-н соода жандана баштаган. 1997-жылдан Швейцариянын үлүшүнө респ-нын товар жүгүртүүсүнүн 26,9% туура келген. АКШдан негизинен гуманитардык жардам алынып келинген. Германия транспорт каражаттарын ж-а жабдууларды саткан. Улуу Британия респ-дан негизинен сурьма алып турган. Экон. өнөктөштөрдүн ичинен Кытай Респ-нын товар жүгүртүүсүндөгү үлүшү 1992–94-ж 25%ти түзгөн. Экспорттун негизги статьялары чийки зат ресурстары (пахта, жүн, тери ж. б.) ж-а кара, түстүү металлдарды кайра экспорттоо болгон. 1992–93-жылдардан тартып Кытай импортунда кант басымдуулук кылган. 1993-жылдан товар жүгүртүүнүн структурасы өзгөрүүгө дуушар болду: керектөө товарлары басымдуулук кыла баштаган, анын натыйжасында Кытайдан келип түшүүчү импорттун үлүшү 1995-ж. салыштырганда 4 эсеге өскөн (1995-ж. СУАРдан мунай продуктулары ташылып келинип турган).

Кырг-ндын импортунда кыйла үлүш отун-энергетика ресурстарына туура келет.

Кырг-н (1993-жылдан) керек-жарак товарларын (кийим-кечек, кеңири керектелүүчү товарлар) алыскы чет өлкөлөрдөн жакынкы чет өлкөлөргө кайра экспорттоонун

45-таблица

**Кыргыз Респ-нын тышкы соодасынын өнүгүшүнүн 1992–2001-ж -дагы кыймылы**
**(иш жүзүндөгү бааларда) (АКШнын млн долл.)**

| | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тышкы соода жүгүртүүсү бардыгы | 808 | 657,1 | 913,2 | 1343,1 | 1313,1 | 1355,2 | 1053,6 | 1059,1 | 943,4 |
| а. и.: | | | | | | | | | |
| КМШ мамлекеттери м-н | 583,9 | 432,5 | 622,8 | 880,3 | 755,1 | 671,3 | 442,6 | 506,4 | 425,5 |
| алыскы чет өлкөлөр м-н | 224,1 | 224,6 | 308,4 | 462,8 | 558,0 | 683,9 | 611,0 | 557,2 | 517,9 |
| Экспорт | 360,2 | 340,1 | 408,9 | 505,4 | 603,8 | 513,7 | 453,8 | 504,5 | 476,2 |
| а. и.: | | | | | | | | | |
| КМШ мамлекеттери м-н | 248,1 | 223 | 269,2 | 393,4 | 319,3 | 230,6 | 183,3 | 207,4 | 168,5 |
| алыскы чет өлкөлөр м-н | 112,1 | 117,1 | 139,7 | 112,0 | 284,5 | 283,1 | 270,5 | 297,1 | 307,6 |
| Импорт | 447,8 | 317 | 522,3 | 837,7 | 709,3 | 841,5 | 599,8 | 554,6 | 467,2 |
| а. и.: | | | | | | | | | |
| КМШ мамлекеттери м-н | 335,8 | 209,5 | 353,6 | 486,9 | 435,8 | 440,7 | 259,3 | 299,0 | 257,0 |
| алыскы чет өлкөлөр м-н | 112 | 107,5 | 168,7 | 350,8 | 273,5 | 400,8 | 340,5 | 255,6 | 210,3 |
| Соода балансынын сальдосу | -87,6 | +23:1 | -113,4 | -332,3 | -105,5 | -327,8 | -146,0 | -50,1 | +8,9 |
| КМШ мамлекеттери м-н | -87,7 | +13,5 | -84,4 | -93,5 | -116,5 | -210,1 | -76,0 | -91,6 | -88,4 |
| алыскы чет өлкөлөр м-н | + 0,1 | +9,6 | -29 | -238,8 | +11,0 | -117,7 | -70,0 | +41,5 | +97,3 |

активдүү катышуучусу болуп калды. Геогр. ыңгайлуу жайгашуунун аркасында бир жагынан алганда Кытай, Пакистан, Иран, Бириккен Араб Эмирликтери, Түркия, экинчи жактан Казакстан, Өзбекстан ж-а Орусиянын ортосунда "челноктук" соода өнүккөн. "Челноктук" сооданын туу чокусу 1993–94-жылдарга туура келип, товар жүгүртүүдөгү анын үлүшү 11–12%ти түзгөн.

2000-ж. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен респ-нын негизги өнөктөштөрү: Орусия Федерация-сы (18,6%), Өзбекстан (15,5%), Казакстан (8,5%) болгон. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинде – Германия (16%), Кытай (7,6%), АКШ (5,3%), Швейцария (3,5%), Түркия (3,2%), Улуу Британия (2,3%) ж. б. болгон. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен – Өзбекстан, Тажикстан, Азербайжан, Армения ж-а Грузия, алыскы чет өлкөлөрдөн – Германия, Улуу Британия, Латвия, Кытайда ж. б. сальдо оң түзүлгөн.

Э к с п о р т. 2001-ж. продукция экспорттоо 476,1 млн АКШ долларын түзүп, бул мурдагы жылга салыштырганда 5,6%ке (28,4 млн АКШ доллары), а. и. КМШ өлкөлөрү м-н 18,8%ке (38,9 млн доллар) көп болгон.

Кыргыз экспортунда салттуу түрдө кымбат баалуу металлдар, электр энергиясы, пахта, тамеки, түстүү ж.б. металлдар (темир, алюминий, жез калдыктары), машина куруу продукциясы (трансформатор, радиатор, соргучтар, байланыш каражаттары), кызытма шамдар, жашылча-жемиш, тери, цемент, шифер басымдуулук кылган. Баалуу металлдар иш жүзүндө жалаң алыскы чет өлкөлөргө жөнөтүлүүдө: баалуу металлдарды экспорттоонун бүткүл көлөмүнүн 72% Германияга, 17% – Швейцарияга, 6% Улуу Британияга ж-а 4% Кытайга сатылат.

Электр энергиясын негизги керектөөчүлөр: Өзбекстан —80%тен ашуун ж-а Казакстан —14,5%.

2000-ж. КМШ өлкөлөрүнө пахта жөнөтүү 40%ти түзүп (Орусия, Белоруссия), 70%ке өскөн, алыскы чет өлкөлөргө жөнөтүү 60%ти түзүп (Германия, Иран), дээрлик 32%ке өскөн. Кырг-ндын экспортунун өнүгүшүнө терс таасирин берген факторлор: КМШ б-ча соода өнөктөштөр түзгөн тарифтик ж-а тарифтик эмес тоскоолдуктар, эркин соода зонасын түзүүнүн аякталбай жатышы; түзүлгөн контракттар б-ча буйрутмаларды өз убагында аткаруу үчүн ата мекендик товар өндүрүүчүнүн чийки зат ж-а материалдарды сатып алууга жүгүртүү каражатынын жоктугу; сатып-өткөрүүнүн жаңы рынокторун издөөдөгү маркетингдин начардыгы; мурда колдо турган рынокторду жоготууга алып келген ата мекендик товарлардын дизайны, таңгакталып-жасалгаланышы ж-а сапаты атаандаштыкка жарабагандыгы.

И м п о р т. 2001-ж. импорттук келип түшүүлөр 467,2 млн долларды түзгөн (2000-ж. карата 84,2%). Импорттун кыйла азайышы алыскы чет өлкөлөрдөн келип түшүүлөргө байланыштуу (17,3%ке). КМШ өлкөлөрүнөн импорттоо 14%тен ашуунга азайган.

Респ-нын импортунун структурасы кийинки жылдары олуттуу өзгөрдү. Кыргыз импортунда алдыңкы орунду «минералдык продуктулар» ээлейт —22,5%. Мында бул товардык топту импорттоонун 58% мунай продуктулары ж-а дээрлик 27% табигый газга туура келет. Ал продуктулар жакынкы чет өлкөлөрдөн импорттолот: Өзбекстан (27%), Орусия ж-а Казакстан (22%тен), Түркмөнстан (17%).

Айыл чарба ж-а тамак-аш ө. ж. продукциясын импорттоо 12,8%ти түзөт. Анын эң көбүн буудай ээлейт. Негизги буудай жөнөтүүчүлөр АКШ (65%) ж-а Казакстан (28%). Айыл чарба ж-а тамак-аш ө. ж. продукциясынын импортунун жалпы көлөмүндө тамеки буюмдары —15,4%, чай —7,3%ти түзөт.


2000-ж. салыштырганда 2001-ж. импорттук органикалык эмес химия продуктулары 52%ке; кара металл буюмдары 38%ке; машина куруу продукциясы 24%ке; электр машиналары ж-а жабдуулары 48%ке азайган.

Кырг-н товарлардын ж-а кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасына тийиштүү төмөнкү макулдашууларга кол койгон ж-а ратификациялаган: 1. БУУнун 1980-ж. 11-апрелдеги эл аралык соода-сатык келишимдери жөнүндө конвенциясы (1995-ж. 13-май). 2. 1989-жылдын 22-мартындагы Коркунучтуу калдыктарды чегаралар аркылуу ташууга, аларды жок кылууга контролдук жөнүндө Базель конвенциясы (1996-ж. 18-январь).

Азыркы учурда Кырг-н 20 эл аралык уюмдун – БУУнун ж-а анын көптөгөн адистешкен мекемелеринин, Европа коопсуздук ж-а кызматташтык б-ча кеңешинин, Ислам

*1-сүрөт*

**2002-ж. январь-ноябрындагы экспорттук-импорттук операциялардын товардык структурасы**
**(жыйынтыкка карата % м-н)**




конференциясы уюмунун, Экономикалык кызматташтык уюмунун ж. б. мүчөсү. Түндүк Атлантика кызматташтык кеңешинин ж. б. байкоочусунун же ассоциацияланган мүчөсүнүн статусуна ээ.

1994-ж. 15-апрелде шериктеш мамлекеттердин башчылары эркин соода зонасын түзүү, 1999-ж. 2-апрелде ага өзгөртүүлөр ж-а толуктоолор киргизүү жөнүндө макулдашууга кол койгон. Бул документтер КМШнын чегинде экон-нын бир калыпта өнүгүүсүнө, эң маанилүү экон. реформаларды бирге ишке ашырууга, жалпы экон. мейкиндикти, бажы ж-а валюталык бирликти, товарлардын, тейлөөнүн, капиталдын ж-а жумушчу күчтөрүнүн жалпы рыногун ырааттуулук м-н калыптандырууга шарт түзөт.

1996-ж. 29-мартта Кыргыз Респ-нын Бажы бирлиги жөнүндө макулдашууга кошулушу (Бажы бирлигинин бардык мамлекеттери экон. ж-а гуманитардык жактарда интеграцияны тереңдетүү жөнүндө келишим м-н биригишкен), 1999-ж. 26-февралда бажы бирлиги ж-а бирдиктүү экон. мейкиндик жөнүндө келишимге кол коюлган.

Кыргыз Респ-нын Борб. Азиялык экон. коомчулукка (БАЭК) катышкан мамлекеттер м-н акыркы жылдардагы товар жүгүртүүсүнүн кыймылын талдап көрүү соода көлөмүнүн азаюу жагына багыт алгандыгын көрсөтүүдө. Ошол эле учурда 2000-ж. Кырг-дын БАЭКке катышкан мамлекеттер м-н товар жүгүртүүсү 1999-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 16,3%ке көбөйгөн.


1994-ж. 30-апрелде Казакстан, Кырг-н ж-а Өзбекстандын ортосунда бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү жөнүндө келишимге кол коюлган, 1998-ж. мартта ага Тажикстан БАЭКтин чегинде интеграциялык процесстерди тереңдетүү максатында катышкан мамлекеттердин өкмөттөрү м-н БАЭКтин Мамлекеттер аралык кеңешинин аткаруу комитети 2002-ж. чейинки мезгилде бирдиктүү экон. мейкиндикти түзүү б-ча БАЭК мамлекеттеринин 1-кезектеги иш-аракеттеринин программасын (2000-ж. ); 2005-ж. чейинки мезгилде БАЭКтин интеграциялык өнүгүшүнүн стратегиясын иштеп чыгышып, бекитишкен.

Кыргыз Респ-нын ДСУга кирүүсү стратегиялык чечимдердин катарына кирет. Кырг-н-дын дүйнөлүк экономикага интеграциялануусу экон. реформалоонун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Өлкөнүн ДСУга мүчөлүгүнүн урунттуу натыйжасы узак мөөнөттүү мезгилде гана байкалышы мүмкүн. Ошентсе да айрым натыйжаларды азыр эле көрүп билүүгө болот. Кырг-нга карата АКШнын Джексон-Вениктин түзөтүүсүн алып салуусу (2000-ж. 30-июнь) анын айкын далили болот. Кырг-н КМШ өлкөлөрүнүн ичинен бул түзөтүүнү колдонууну алып таштаган биринчи мамлекет болуп эсептелет. Мындай алып салуу кадыресе соода мамилелерин ж-а милдеттенмелерди колдонууну камсыз кылат, алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кырг-ндын негизги соода өнөктөшү болгон АКШ м-н соода-экон. байланыштарды активдештирүү үчүн кошумча түрткү берет. Эң ыңгайлуу режимдин (ЭЫР) артыкчылыктары: ЭЫР б-ча алынып келинген товарларга АКШнын бажы тарифи жеңилдиктүү болот. Мис., токулган килемдин бажы өлчөмү реалдуу тариф б-ча нарктын 45%ин түзсө, ЭЫР б-ча нарктын 2%ин түзөт, же кой терисиники реалдуу тариф б-ча 60% болсо, ал эми ЭЫР б-ча 4,3%ти түзөт. Ошондуктан Кырг-н АКШ м-н соода-экон. мамилесинде ЭЫРга ээ болуу м-н өзүнүн экспорттун кыйла көбөйтө алат. Кырг-ндан АКШга экспорттоо артыкчылыктарын чийки зат материалдарын, кездеме, тигилүү кийим ж-а трикотаж буюмдарын, машина куруу продукцияларын сатуу болуп эсептелет.

*2-сүрөт*

**2002-ж. тышкы соода жүргүзүүнүн негизги өнөктөш өлкөлөр боюнча географиялык бөлүнүшү**

**(жыйынтыкка карата, % м-н)**



Кыргыз Респ. 1992-жылдан Экономикалык Кызматташтык Уюмунун (ЭКУ) толук укуктуу мүчөсү. ЭКУга 10 өлкө кирет. Кырг-ндын бул уюмга кирген өлкөлөр м-н товар жүгүртүүсү кыйла зор, бирок ал төмөн карай багыт алууда: ал азыр 1992-ж. бүткүл товар жүгүртүүнүн 38,6%ин түзсө, 1999-ж. —27,5%, ал эми 2000-ж. —32,7%ин түзгөн. Негизги үлүш Түркмөнстан, Азербайжан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан (ЭКУ өлкөлөрү м-н жалпы товар жүгүртүүнүн 84%), 15—17% Ооганстан, Иран, Пакистан, Түркияга туура келет. Экспорттун негизги статьялары: электр энергиясы, курулуш материалдары, тамеки, кызытма шам, жибек жип, пахта, жүн буласы, тери, электр жабдуулары, азык-түлүк, керек-жарак товарлары, пластмасса буюмдары, кара ж-а түстүү металл сыныктары, калдыктары болуп эсептелет. Импортто отун-энергетика ресурстары, мунай продуктулары, газ, дан, органикалык ж-а органикалык эмес химия продуктулары, пластмасса ж-а алардан жасалган буюмдар, машиналар ж-а механизмдер, тикмечилик буюмдары, эмерек, дары-дармек, медицина жабдуулары, кийим-кечек басымдуулук кылат. ЭКУга кирген алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Түркия ж-а Иран м-н эң тыгыз кызматташтык жүзөгө ашырылууда. ЭКУ м-н кызматташтыкта Кырг-ндын улуттук артыкчылык багыттары: соода-экон. мамилелерди өнүктүрүү, банк системасын өнүктүрүү, транспорт ж-а коммуникация, энергетика, баңги заттарынын таратылышына каршы күрөшүү, туризм, а. ч. болуп эсептелет. ЭКУнун чегинде соода, бажы, транзиттик соода ж. б. б-ча кызматташтыктык макулдашууларга жетишилип, бир нече долбоор, программалар б-ча иш жүргүзүлүүдө.

**Эркин экономикалык аймактар (ЭЭА)** респ-нын район, шаар, облустарында бир катар экон. женилдиктер берилип, атайын бөлүнгөн жерлер. ЭЭАны түзүүнүн негизги максаты: чет элдик инвестицияларды тартуу; сапаттуу ж-а экспорттук продукцияларды өндүрүү; жумушчу орундарын түзүү; жаңы технологияларды өздөштүрүү; прогресске ж-а пайда табууга багыт алуу; калктын турмуш деңгээлин жакшыртууга салым кошуу. Кырг-ндагы экономиканын түзүмүн өзгөртүү шартында эркин экон. аймактарды түзүү ж-а өнүктүрүү чет элдик инвестицияларды тикелей тартуунун негизги багыттарынын бири. Учурда респ-нын аймагында «Нарын» (Нарын облусу), «Каракол» (Ысык-Көл облусу), «Бишкек» (Бишкек ш. ж-а Чүй облусу), «Маймак» (Талас облусу), эркин экон. аймактары түзүлгөн.

«Н а р ы н» Э Э А сы 1991-ж. ачылган. 2000-ж. карата 54 ишканасы катталган, а. и. 19у түрдүү тармактарда, о. эле ө. ж. өндүрүшүндө иш жүргүзөт. Алар ун, эт ж-а жашылча-жемиш консерваларын, минералдуу суу, полиэтилен буюмдарын, кондитер азыктарын, асыл металлдар концентратын ж. б. чыгарат. Анын жалпы көлөмү 1999-ж. 43,4 млн сомду, б. а. Нарын облусу б-ча өндүрүлгөн продукциянын 11%ин түзгөн. Кытай ж-а Орусия м-н соода байланыштары түзүлгөн. «Нарын» ЭЭАдан Кытайга көлөмү 800 миң АКШ долларын түзгөн тери, жүн ж-а эт консервалары экспорттолгон. Ошол эле учурда импорттун көлөмү 3,6 млн АКШ долларын түзгөн. Импорттун негизги үлүшүн минерал продуктулары, эл керектөөчү товарлар түзүп, экспортко салыштырганда 4 эсе жогору болгон. 1991-жылдан жалпы көлөмү 5,8 млн АКШ долларын түзгөн чет элдик инвестициялар тартылган. Алар негизинен өндүрүшкө ж-а геол. чалгындоо иштерине керектүү жабдуулар түрүндө келген. 1997—2000-ж. респ. бюджетке 14,8 млн сом, социалдык фондго 5,6 млн сом которулган. Экон. аймактагы ишканаларда 938 киши иштеген (2000-ж.).

«К а р а к о л» Э Э А с ы 1994-ж. уюшулуп, анда 135 ишкана катталган, иштегени 98, а. и. 13 чарбалык субъектиси ө. ж. продуктуларын өндүрөт. 1999-ж. карата өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү 22,2 млн сомду, же Каракол шаарында өндүрүлгөн өндүрүштүк продукциянын 12%ин түзгөн. Ишканалар тигилген кийимдерди, ун, дары-дармек өсүмдүктөрүн, минералдуу суу, жер-жемиш консерваларын, кондитер азыктарын, жыгач буюмдарын чыгарат. 780 киши эмгектенет (2000-ж.). 1999-ж. Кытай ж-а Орусияга экспорттогон товарлардын (уй териси, жуулган жүн, дары-дармек өсүмдүктөрү) көлөмү 100 миң АКШ долларын түзгөн. Мындан тышкары, өлкөнүн ички рыногуна 217 миң АКШ долларлык өндүрүш жабдуулары, металл калдыктары, эл керектөөчү товарлар чыгарылган. Ал эми импорт 0,9 млн АКШ долларын түзгөн. Анын курамынын негизин минерал продуктулары, эл керектөөчү товарлар ээлейт. Казакстан ж-а Орусия Федерациясы м-н соода байланыштарын жүргүзөт. 1999—2000-ж. «Каракол» ЭЭАсы тарабынан респ. бюджетке 2,4 млн сом которулган.

«М а й м а к» Э Э А с ы 1997-ж. уюшулган. Анын карамагына Талас облусундагы Кара-Буура районунун Жоондөбө айлындагы темир жолдун боюнан 520 *га* жер бөлүнгөн. 9 чарбалык субъект катталган. Ишканалар азырынча ишке киргизиле элек.

«Б и ш к е к» Э Э А с ы 1995-ж.уюшулуп, жалпы аянты 489 *га* болгон Бишкектеги улуттук көргөзмө борборунун, «Манас» аэропортунун тегерегиндеги ж-а Мраморный (Акчий) айылынын аймагындагы жерлерди камтыйт. Анын иш-аракети кабыл алынган дүйнөлүк стандартка ылайык келет; өзүнүн бажы ж. б. кызматтары түзүлгөн ж-а респ-дагы башка ЭЭАдан кыйла өнүккөндүгү м-н айырмаланат. 412 ишкана катталып, анын 195и иш-аракетте. Ишканаларда 2814 киши иштеген (2000). Бул ишканалар чет элдик инвестициялардын жардамы аркылуу уюшулган б. а. катталган субъекттердин 96%и 25 өлкөнүн инвесторлорунун катышуусу м-н түзүлгөн биргелешкен ишканалар болуп эсептелет. 1997—2000-ж. жалпы суммасы 34,6 млн АКШ долларын түзгөн чет элдик инвестициялар тартылган. Мында «Бишкек» ЭЭАнын үлүшү респ. инвестициялардын көлөмүнүн 11%ин, ЭЭАлардын инвестицияларынын жалпы суммасынын 76,9%ин түзгөн. 1998—99-ж. түшкөн чет элдик инвестицияларга (31,4 млн АКШ доллары) пластик бөтөлкөлөрүн чыгаруучу завод, чайды кутучуларга таңгактоочу, йоддолгон аш тузун өндүрүүчү, кийим тигүү, өсүмдүк майын өндүрүүчү ж. б. фабрикалар курулган. Учурда бул жерде компьютерлер жыйналат; эмеректер, пластик эшик-терезелер жасалат; кыш, казан агрегаттары, кондитер азыктары, тигилүү кийимдер, чай, пиво ж. б. чыгарылат. 1999-ж. респ. б-ча өндүрүлгөн минералдык суунун 14%и, чайдын 95%и, эмеректердин 35%и «Бишкек» ЭЭАсынан чыккан. 1997—2000-ж. экспорттолгон товарлардын көлөмү 37,5 млн АКШ долларын түзгөн. Экспортко кеткен товарлардын курамын чай, пластик бөтөлкөлөр ж. б. түзгөн. Казакстан, Өзбекстан, Орусия, Белоруссия м-н соода байланыштары түзүлгөн. Мындан тышкары «Бишкектен» респнын ички рыногуна 1997-ж. — 14,3 млн, 1998-ж. — 24,6 млн, 1999-ж. — 20,8 млн АКШ долларына машина, эл керектөөчү товарлар, курулуш материалдары, азык-түлүк ж. б. товарлар түшкөн. Ошол эле учурда импорттук товарлардын жалпы суммасы 116,9 млн (1997-ж. — 22,6 млн, 1998-ж. — 54,5 млн, 1999-ж. — 30,1 млн, 2000-ж.— 9,7 млн) АКШ долларын түзгөн. Импорттун курамынын негизги үлүшүн технологиялык жабдуулар, минерал продуктулары (көмүр, газ, электрэнергиясы, мунай заттары), эл керектөөчү товарлар түзөт. Импорт б-ча негизги соода өнөктөштөрү – Корея, Италия, Германия, Шри-Ланка, Түркия өлкөлөрү эсептелет. 1997–2000-ж. респ. бюджетке 246,6 млн сом, социалдык фондго 40 млн сом түшкөн. «Бишкек» ЭЭАсы түзүлгөндөн тартып көптөгөн уюштуруу ж-а курулуш иштери аткарылган. Мис., Акчийде азыркы өндүрүштүк инфраструктурага шайкеш келген автомобиль жолдору, электр өткөргүч линиялары, трансформатордук чакан станция ж. б. курулган, интернет, электрондук почта, цифралык телефон байланышы түзүлгөн.

46-таблица

**Эркин экономикалык аймактарда ө. ж. продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү (2000—2001-ж.)**

| | 2000 | 2001 |
|---|---|---|
| Информацияларды иштетүүчү цифралык машиналар (компьютерлер), даана | 492 | 687 |
| Пластмассадан жасалган терезе босогосу, миң $м^2$ | 2,1 | 5,1 |
| Пластмассадан жасалган каалга кашеги, миң $м^2$ | 0,3 | 0,7 |
| Полимерден жасалган идиштер, млн даана | 1416,1 | 307,2 |
| Пластмасса бөтөлкө кептери, млн даана | 95,7 | 65,6 |
| Ковролин, миң $м^2$ | 2637,8 | 3004,8 |
| Эмеректер, млн сом | 71,7 | 68,8 |
| Тигилүү кийимдер, млн сом | 66,5 | 45,2 |
| Ун, миң *т* | 3,7 | 7,5 |
| Өсүмдүк майы, *т* | 351,9 | 185,1 |
| Минералдык ж-а газдаштырылган суулар, млн *литр* | 2,6 | 2,7 |
| Өлчөнүп оролгон чай, миң *т* | 2,7 | 3,0 |

Учурда «Бишкек» ЭЭАсында чет элдик инвесторлордун жардамы м-н курулуш индустрия заводу (Корея), кир жуугуч каражаттарын өндүрүүчү фабрика (Иран), металлды кайра иштетүүчү завод (Кытай), курулуш боёкторун өндүрүүчү завод (Бириккен Араб Эмирлиги) курулууда.

Мындан тышкары, «Баткен» (Баткен облусу), «Жалал-Абад» (Жалал-Абад облусу), «Балыкчы» (Ысык-Көл облусу), «Ош» (Ош облусу), «Бурана» (Чүй облусу) ЭЭАларын уюштуруу иштери жакынкы арада башталмакчы.

**Социалдык саясатты** респ-нын улуттук экон-нын абалынан ажыратууга болбойт. Экономиканын деңгээли мамлекеттин социалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн чен-өлчөмүн аныктайт. Респ-нын экон-нын өнүгүшүндөгү белгилүү бир кыйынчылыктарга кара-

бастан социалдык чөйрө мурдагыдай эле артыкчылык берилген тармак бойдон калууда. Социалдык муктаждыктарга мамл. бюджеттен жумшалган сарптоолор кыйла жогору — (50%тен ашуун) бойдон калууда. Респ-да жүргүзүлгөн социалдык-экон. багыт социалдык бакубаттуу мамлекеттин экон. өнүгүшүнүн зарыл негизи экендигинен улам келип чыгат.

Калкты социалдык жактан коргоо. Совет мезгилинде балдарга, энеге, кары-картаңдарга ж-а майыптарга социалдык колдоо көрсөтүү б-ча мамл. иш-чаралар системасы социалдык камсыздандыруу деп аталчу. Мамл. бюджеттен көз каранды эмес, өзүнчө институт катары эсептелген социалдык камсыздандыруу иш жүзүндө болгон эмес. Ошол мезгилде социалдык камсыз кылуу м-н социалдык камсыздандыруунун иш-милдеттери чындыгында айырмаланбаган. Социалдык камсыз кылуу эмгек акыдан ж-а салыктардан чегерүүлөрдүн эсебинен чогултулуучу, атайын түзүлгөн коомдук керектөө фонддорунун эсебинен жүргүзүлгөн. Мамлекет төмөнкү деңгээлде эмгек акы төлөө м-н бардыгын ишке орноштурууну кепилдикке алып, турак-жай ж-а коммуналык ж. б. тейлөөлөр үчүн арзан тарифтер, акысыз билим берүү ж-а саламаттык сактоо, коомдун керектөө фонддорунан пособиелер, пенсиялар, стипендиялар төлөө системасы аркылуу калыбына келтирүү ж-а турмуштук тобокелдиктерге жумшалчу ыгым-чыгымдарды төлөп келген. Социалдык камсыз кылуу жөнүндөгү мыйзамдар пенсия, компенсация, ай сайын ж-а бир жолку берилүүчү пособиелерди берүүнү жөнгө салган.

Жеңилдиктер м-н социалдык тейлөөлөр: дарылык тамак-аш берүү ж-а социалдык-тиричиликтик тейлөө, бирөөнүн жардамына муктаж болгон эмгекке жарамсыз адамдарды багуу, санаторийлик-курорттук дарылоо ж-а медициналык тейлөө, майыптарды эмгекке даярдоо ж-а ишке орноштуруу, балдарды багуу ж-а тарбиялоо, протез жасоо социалдык камсыз кылуунун өз алдынча түрлөрү болгон.

Базар экономикасына өтүү жумушсуздук, инфляция, мамлекеттин көмөгүнө муктаж болгон жармач-жарандардын санынын өсүшү ж-а ошол эле учурда мындай көмөк көрсөтүү үчүн мамл. ресурстардын жетишсиздиги м-н коштолду. Социалдык коргоо жагында түп-тамырынан бери чечкиндүү өзгөртүүлөрдүн зарылдыгы келип чыкты. Кырг-ндын көз каранды эместигинин жылдарында анын укуктук базасы чыңдалды, төмөнкүдөй мыйзамдар кабыл алынды: — «Согуш, Куралдуу күчтөр ардагерлери ж-а оору эмгекчилер жөнүндө»; «Кыргыз Респ-сындагы мамл. пособиелер жөнүндө»; «Чернобыль алааматынан жапа чеккен Кыргыз Респ-нын жарандарын социалдык коргоо жөнүндө»; «Бийик тоолуу шартта жашаган ж-а иштеген адамдар үчүн мамл. кепилдиктер ж-а компенсациялар жөнүндө»; «Саясий ж-а диний ынанымдары үчүн, социалдык, улуттук ж. б. белгилери б-ча саясий репрессиялардын натыйжасында запкы көргөн, реабилитацияланган жарандардын укуктары м-н кепилдиктери жөнүндө».

«Балалуу үй-бүлөлөргө мамл. пособиелер жөнүндө» Кыргыз Респ-нын мыйзамы кабыл алынган (1991). Бул мыйзамга ылайык балалуу жарандарга, үй-бүлөлүк муктаждыгынын даражасына карабастан пособиелердин төмөнкүдөй түрлөрү дайындалган: — кош бойлуулугу ж-а төрөтү б-ча пособие; бала төрөлгөндөгү бир жолку пособие; — бала 1,5 жашка чыкканча аны багуу б-ча пособие; — эмгекке жараксыздыгы жөнүндөгү баракчанын негизинде 14 жашка чейинки оорукчан баланы багуу б-ча пособие; — мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчысынын баласына пособие.

Калкты даректүү социалдык коргоо, кары-картаңдарды ж-а майыптарды социалдык жактан тейлөө системасын өнүктүрүү, о. эле социалдык иш б-ча калкка азыркы технологиялар ж-а усулдар м-н жардам көрсөтүүнү кеңири колдонуу респ-нын социалдык саясатындагы эң олуттуу багыт болуп эсептелет.

1998-ж. майдан тартып «Кыргыз Респ-ндагы мамл. пособиелер жөнүндө» мыйзам күчүнө кирди. Анын негизин муктаждык принциби б-ча мамл. колдоо көрсөтүү түзөт. Мыйзам мамл. пособиелердин эки негизги түрүн: үй-бүлөлөргө ж-а жарандарга берилүүчү бирдиктүү, ай сайын берилүүчү пособиелерди ж-а социалдык пособиелерди дайындоону ж-а төлөп берүүнү караштырат. Бирдиктүү ай сайын төлөнүүчү пособиелер иш жүзүндөгү муктаждык даражасын эске алуу м-н, б. а. даректүү түрдө төлөнөт. Социалдык пособие пенсиялык камсыздоого укугу жок, эмгекке жарамсыз жарандарга дайындалат ж-а материалдык абалын эске албастан берилет. Азыркы учурда респ-нын ар бир 4- тургуну 15 мыйзам ж-а Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнүн айрым токтомдору б-ча берилүүчү тигил же бул жеңилдик-

терди алууга укуктуу. Мындай социалдык жеңилдиктердин түрү 42ге жетет ж-а аларды пайдалануу укугуна 30 категориядагы адамдар ээ болгон. Респ-нын колдонулуп жаткан мыйзамдарында жеңилдиктердин төмөнкүдөй түрлөрү каралган: турак-жай ж-а коммуналык тейлөөлөр үчүн акы төлөөдөгү арзандатуулар, көмүр, санаториялык-курорттук жолдомолор м-н акысыз ж-а жеңилдиктүү камсыз кылуу, жүргүнчүлүк, медициналык тейлөө б-ча жеңилдиктер, бир жолку акчалай жардам ж-а компенсациялар.

Социалдык иштин экинчи бир багыты с о ц и а л д ы к т е й л ө ө л ө р. Карыкартаңдарды ж-а майыптарды социалдык тейлөө азыркы тапта алар туруктуу жашаган жерлерде ж-а жатак үйлөрдө жүргүзүлүүдө. 7,8 миңден ашуун кары-картаңдарды социалдык кызматкерлер үйлөрүндө тейлешет. Аларга квартираларын жайгаштырып тазалоодо, майда оңдоп-түзөтүүлөрдө, азык-түлүк ж-а дары-дармектерди алып келүүдө жардам көрсөтүлөт. Майыптар ж-а кары-картаңдар үчүн 13 жатак үйлөрдө (стационардык социалдык тейлөөдө) 2 миңден ашуун адам жашайт.

Социалдык жардамдын даректүүлүгүн күчөтүү ж-а айкындаштыруу максатында республикада айыл өкмөттөрүнүн деңгээлинде 2000-жылдан тартып социалдык паспорттор киргизилүүдө. Социалдык паспортту толтуруу жакырчылыктын региондук картасын түзүүгө ж-а алардын негизинде калкты социалдык коргоонун региондук программаларын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

Электр кубатына тарифтер жогорулатылган шартта калктын жарды катмарларын социалдык жактан коргоо механизми ишке киргизилген. Калкты турак-жай ж-а коммуналык тейлөөлөрдүн тарифтеринен социалдык коргоо үчүн бир катар чаралар көрүлдү. Отун (көмүр) жаккан жарды үй-бүлөлөргө ж-а жарандарга отун сатып алууда анын баасы 30%ке, электр кубатын пайдалануу үчүн акы төлөөдө акы 25%ке ж-а газга акы төлөөдө акы 40%ке арзандатылмакчы.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Электр кубатына тарифтер жогорулаган шартта калкты даректүү социалдык коргоонун кошумча чаралары жөнүндө» указы (2001) м-н электр кубаты б-ча социалдык коргоо укугуна ээ болгон жарандардын категориялары үчүн 1 адамга айына туура келүүчү келишимдин чек деңгээли 200дөн 300 сомго чейин жогорулатылган. Бул үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө 300 сомго чейин орточо кирешеси бар жарды үй-бүлөлөргө ж-а жарандарга – жылуулук энергиясы, ысык суу м-н жабдуу ж-а газ үчүн акы төлөөдө компенсация алууга укук берет. Керектөөнүн кепилденген төмөнкү деңгээлин жогорулатуу үчүн жарды үй-бүлөлөргө берилүүчү мамл. пособиелердин өлчөмү 20%ке көбөйтүлдү. Пенсияларды жылдык орточо эмгек акынын өсүшүнүн деңгээлине жараша эсептөө үчүн эмгек акыга карата түзөтүүчү коэффициенттерди көбөйтүү жолу м-н 2001-ж. 1-июлдан тартып эмгек пенсиясынын өлчөмү ж-а 2003-ж. 1-апрелинен (15%ке) жалпы пенсиялардын өлчөмү жогорулатылды.

Э м г е к р ы н о г у ж-а к а л к т ы н и ш м – н к а м с ы з д ы г ы. Рынок мамилелерине өткөнгө чейин жалпы эмгекке милдеттүүлүк таратылгандыктан ж-а экономиканын өнүгүшүнүн экстенсивдүү мүнөзүнөн улам калктын бардык социалдык-демографиялык топторунун иштөөсүнүн жогорку деңгээли калыптанган.

Пландуу экономикадан рынок экономикасына өтүү Кырг-нда менчикти реформалоо, эмгек чөйрөсүндө жаңы мамилелердин калыптануу процессин пайда кылды. 90-жылдардын башынан тартып экон. реформалардын жүрүшүндө көп укладдуу экономика, атаандаштык, баалар эркин түзүлгөн рынок пайда болду. Мындай шартта эмгек рыногу экономиканын иштөөсүнүн зарыл шарттарынын бири болуп, жумушчу күчүнө суроо-талаптын ж-а аны сунуш кылуунун эркин түзүлүшү үчүн өбөлгөлөр түзүлүүдө. Эмгек рыногундагы жагдай бир жагынан алганда экон. ж-а социалдык чөйрөлөрдөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр м-н, экинчи жактан — мурдагы социалдык-экон. системадан мураска калган проблемалар м-н аныкталууда.

1998-жылдан «Калкты иш м-н камсыз кылууга көмөк көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Респ-нын мыйзамы колдонууга киргизилген. Ал жарандардын ишке орношуу укугун же иш берилбеген учурда жумушсуздук б-ча пособие алуу укугун, кайра окуу ж-а квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн кепилдейт. Кыргыз Респ-нын Өкмөтү бекиткен «1988—2000-жылдардагы ж-а 2005-ж. чейинки мезгилдеги Кыргыз Респ-ндагы эмгек рыногу ж-а калктын ишке орношуусу» Улуттук программасы бул Мыйзамды ишке ашыруунун натыйжалуу механизми болуп эсептелет. Өткөн 5 жыл ичинде калктын санынын өсүшү,

эмгек ресурстарынын 340 миң адамга көбөйүшүн камсыз кылды. Эгерде 1997-ж. ал 2396,3 миң адамды түзсө, 1999-ж. эле —2736,6 миң адамды түздү. Натыйжада экономика тармактарында иштеген калктын саны 84.9 миңден ашык адамга көбөйдү. Иштегендердин санынын менчиктин ар кандай түрлөрүнүн ортосунда кайра бөлүштүрүлүшү дайыма жүрүп жатат: жекече чарбаларда алар 12,6%ке көбөйдү, мамл. сектордо 10,7%ке азайды, расмий жумушсуздуктун деңгээли (экон. активдүү калкка карата акыркы жылдар бою) 3,1% белгисинде туруктуу кармалып келүүдө.

Жумушсуздук деңгээлин төмөндөтүүгө ж-а калкты иш м-н натыйжалуу камсыз кылууга багытталган эмгек рыногунда активдүү саясат жүргүзүүгө азыркы күндө эң зор стратегиялык артыкчылык берилүүдө. Жумушсуздарды эмгекке орноштуруу максатында эмгек рыногунда ишке орношууга көмөктөшүү ассоциациясы, иш издөөчүлөр клубу, жаштар эмгек биржасы, бош орундар жармаңкеси сыяктуу демейдегидей эмес жолдор пайдаланылат, «бизнес-инкубаторлор» түзүлүп иштемекчи. Келечекте ишке орноштурулгандардын салыштырма салмагын иш издеп кайрылгандардын бардыгынын санынын 35—40%ине жеткирүү болжолдонууда. Бул көрсөткүчкө иш берүүчүлөр ж-а жергиликтүү мамл. адм-лар байланыштарды жакшыртуу жолу м-н жетишишет.

Негизги кесиптери ж-а жекече өзгөчөлүктөрү эске алынуу м-н жумушсуздар эмгек рыногунун талаптарына жараша жаңы кесиптер ж-а адистиктер б-ча кесиптик даярдыктан ж-а кайра даярдоодон өтүшөт. Жумушсуз жарандарды кесиптик окутуунун ж-а кайра окутуунун максаты — эң көп талап кылынган, артыкчылыктуу адистерге ээ болуу жолу м-н эмгек рыногунда алардын атаандаштыкка жарамдуулугун арттыруу. Ишсиз калкты кесиптик окутуу ж-а кайра окутуу аны социалдык коргоонун маанилүү каражаты болуп эсептелет. 2000-ж. кесиптик окутууга 8,6 миң жумушсуз жөнөтүлгөн. Жумушсуз жарандардын кесиптик окуусунун майнаптуулугу эң ириде алардын кийин жумушка орношуусунун көрсөткүчтөрү м-н бааланат. 2000-ж. окутулгандардын ичинен 4,3 миң адам же 50% жумушка орношкон. Келечекте кесиптик окутуу ж-а кайра окутуу ишке орноштуруу саясатынын алдынкы багыттарынын бири болуп калаары ж-а жумушсуздардын жалпы санынын 25—30% мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланышаары болжолдонууда.

Баштапкы кесиптик билим берүү системасы эмгек рыногу м-н шайкеш байланышкан. Ишке орноштуруу борборлорунун жолдомосу б-ча жыл сайын баштапкы кесиптик окуу жайларында 5 миңге жакын адам кайра окуудан өтүүдө. Баштапкы кесиптик билим берүү системасы бүгүнкү күндө респ-да 113 окуу жайын камтыйт. Баштапкы кесиптик билим берүү системасында азыркы учурда бардыгы болуп 96,4 миң адам окуйт, алардын ичинен бюджеттик негизде 21,7 миң адам окуйт, айтмакчы ар бир 3- окуучу социалдык коргоого муктаж. Алар жарды үй-бүлөлөрдүн балдары, майыптар, качкындар. 1,2 миң адамдан ашууну — томолой жетимдер.

Экон. ж-а социалдык инфраструктураны түзүүгө ж-а өнүктүрүүгө багытталган акы төлөнүүчү коомдук иштерди уюштуруу эмгек рыногундагы кысталыш абалды төмөндөтүүнүн натыйжалуу методу болуп эсептелет. 2000-ж. акы төлөнүүчү коомдук иштерге 19,2 миң адам жөнөтүлгөн.

Жумушсуздук б-ча пособие төлөө эмгек рыногундагы социалдык чаралардын бири. Азыркы учурда жумушсуздук б-ча базалык пособиенин өлчөмү айына 250 сомду түзөт, ал эми пособие алуучулардын — жумушсуздардын саны 6,5 миңге жетет.

Калкты ишке орноштуруунун азыркы негизги багыттарынын бири чакан ж-а майда бизнести өнүктүрүү.

Эмгек ж-а социалдык коргоо министрлигинин ишке орноштуруу кызматы жергиликтүү мамл. администрациялар м-н бирге 1998—2000-жылдар ичинде жамааттын ар бир мүчөсүнө 4 айлык мөөнөттө (жылдык 24% м-н жумушсуздук б-ча базалык пособиенин 10дон 30га чейинки өлчөмүндө кредит берүү үчүн) жумушсуздарга кредит берүү б-ча 8 борбор ачкан. Ишкердик ишин натыйжалуу жүргүзүп, майда кредитти да, ал үчүн пайызды да өз убагында кайтарып берген учурда жамаат пайдаланылган кредиттин баштапкы суммасы 20% көбөйтүлгөн өлчөмдө (4 ай мөөнөткө жылдык 24% м-н) кийинки кредит алууга укуктуу болот. Майда кредит берүүнүн ыңгайлуу жагы майда кредитти пайдалануучунун каражатты ж-а аны пайдалануу үчүн пайыздарды кайтарып берүүсү болуп эсептелет.

Мамлекеттин, иш берүүчүлөрдүн уюмдары м-н кесиптик бирликтердин ортосундагы ишке орноштуруу саясатын жүргүзүүдөгү социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүнү


жакынкы келечектин артыкчылыктуу милдеттеринин бири деп эсептөөгө болот. Аны ишке ашыруунун механизми үч тараптуу кеңеш болуп эсептелет, анын принциби “Калкты ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү” мыйзамынын негизи катары алынды.

Эмгекти ж-а эмгек мамилелерин коргоо. Структуралык өзгөртүүлөргө байланыштуу респ-нын экономикасында ишканаларды ж-а уюмдарды башкаруу формаларында олуттуу өзгөрүштөр болду. Башкаруунун айрым милдеттери жокко чыкты. Бул биринчи кезекте эмгекти коргоонун абалына, эмгек жөнүндө мыйзамдын сакталышына контролдук ж-а көзөмөл жүргүзүүгө тийиштүү болот. Ошондуктан Кыргыз Респ-нын Эмгек ж-а социалдык коргоо министрлигинин алдында Эмгек мамл. инспекциясы түзүлгөн (1999). Ага министрликтердин, мамл. комитеттердин, ведомстволордун, менчигинин түрүнө, чарбалык ишинин чөйрөсүнө ж-а кайсы ведомствого таандык экендигине карабастан ишканалардын, мекемелер м-н уюмдардын эмгек жөнүндө мыйзамды, аны коргоо эрежелерин, а. и. тех. коопсуздук талабына ылайыктуулук эрежесин аткарууларына контролдук ж-а көзөмөлдүк жүргүзүү милдети жүктөлөт.

Респ-да эмгек акынын деңгээлине мамл. көзөмөл жүргүзүү негизинен экономиканын бюджеттик секторунда гана жүргүзүлөт. Эмгек акынын өлчөмүнүн эң жогоркусу кредит берүү ж-а камсыздандыруу, байланыш, ө. ж. ж-а курулуш тармактарында. Кредит берүү

*3-сүрөт*

**1999—2001-жылдарда Кыргызстандагы жакырчылыктын деңгээли (калктын санынын жалпы жыйынтыгына карата % м-н)**



ж-а камсыздандыруу кызматкерлеринин эмгек акысы айына 4750,4 (2001-ж) сомду, ал эми саламаттык сактоо, социалдык тейлөө чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акысы 718,5 сомду түзөт. Минималдуу эмгек акы өлчөмү респ-нын экон. мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ырааттуу жогорулатылып келди. Бүгүнкү күндө ал 100 сом деңгээлинде белгиленген. Бюджеттик мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акысы 20% көтөрүлгөн (2000).

Кыргыз Респ-нын 2010-ж. чейинки өнүгүүсүнүн комплекстүү негизи иштелип чыкты. Ал бир катар экон. ж-а социалдык милдеттерди чечүүгө карата жалпы мамиле жасоо болуп эсептелет. Анда Кырг-ндагы жакырчылыктын деңгээлин 2 эсеге кыскартуунун айкын-ачык милдети алдыга коюлган. Бул максатка жетиш үчүн алдыдагы 10 жыл бою улуттук өндүрүштүн жыл сайын 5—7%ке өнүгүшүн камсыз кылуу зарыл. Бул өз кезегинде колдо болгон өндүрүштүк кубаттуулуктарды, өзгөчө чакан ж-а орто ишкердиктеги кубаттуулуктарды ондогон миң жаңы жумушчу орундарын түзүү максатында андан ары өнүктүрүүнү ж-а толук пайдаланууну талап кылат.

Социалдык кайра түзүүлөр жолундагы маанилүү кадам жакырчылыкты жоюу б-ча «Аракет» улуттук программасын, «Ардагер», «Эмгек» программаларын, майыптарга колдоо көрсөтүү программасын кабыл алуу ж-а ишке ашыруу болуп калды. Проблемалуу региондорду – бийик тоолуу жерлерди, чакан шаарларды ж-а шаарчаларды өнүктүрүүнүн экон. ж-а социалдык программалары иштелип чыккан ж-а иштелүүдө.

*А. Мырзаев, А. Молдомусаева, Т. Ниязов.*

# БОРБОР, ОБЛУСТАР ЖАНА РАЙОНДОР

## БИШКЕК — КЫРГЫЗСТАНДЫН БОРБОРУ

Бишкек – Кыргыз Респ-нын саясий, экон., илимий ж-а маданий борбору; транспорттук башкы түйүн. Аянты 12,7 миң *га*. Калкы 865,1 миң (2009). Бишкек ш-нда 4 адм.-айм. бирдик — Биринчи Май, Ленин, Октябрь, Свердлов р-ндору, Чоң-Арык шаарчасы (9,7 миң адам) ж-а Орто-Сай айылы (4,5 миң адам) бар.

**Табияты**. Шаар Кыргыз Ала-Тоосунун этегинде, Чүй өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө, Аламүдүн ж-а Ала-Арча сууларынын шилендиси пайда кылган жантайыңкы түздүктөн орун алган. Деңиз деңг. 750–900 *м* бийиктикте жайгашкан. Лёсс сымал кыртыш каптаган түздүк бара-бара түндүктү карай жантайып, Чүй суусунун жайылмасына кошулат. Бишкек тушта Чүй суусунун нугу Чүй өрөөнүнүн түн. жагына карай четтеп, шаардан 20 *км*дей аралыктан өтөт. Чүй өрөөнүнүн Бишкек ш. туштагы жазылыгы 60 *км*дей.

Чүй өрөөнүнүн Бишкек ш. жайгашкан борб. бөлүгү геологиялык структурасы б-ча кеңдикке жакын багытта созулуп жаткан асимметриялык мегасинклиналь. Шаардын азыркы чеги Чүй синеклизасынын Бишкек ийилүүсү деп аталган түш. бөлүгүнө дал келет. Ийилүү палеоген-неогенде пайда болгон чөкмө тектер м-н толгон. Алар палеозой фундаментинин үстүндө жатат. Палеозой тоо тек катмарлары 5000 *м*ден ашык тереңдикте (геофизикалык маалыматтар б-ча) жатып, негизинен гнейс, кристаллдык сланец ж-а акиташ тегинен, о. эле эффузия тоо тектеринен турат. Үстүндөгү палеоген-неоген тоо тек катмарларынын жалпы калыңдыгы 4,5–5,0 *км*. Аларды төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон борпоң тоо тектердин калың кабаты жаап жатат. Алар кой таштардан, арасында кум-шагыл ширелген майда жумуру таштардан, ар кандай бүртүктөгү кумдардын ж-а кумдуу чопонун кабатчалары м-н топторунан түзүлгөн аллювий-пролювий чөкмө тоо тектерден турат. Сейсмдик райондоштуруунун маалыматы б-ча шаар аймагы 9 баллдуу зонада жайгашкан. Шаардын аймагындагы 4 жерден 1500–2000 *м* тереңдиктен бургулоо көзөнөгү аркылуу минералдуу ысык суу чыгарылган. Курамы хлорид-натрий кальцийлүү. Дарылык касиети бар. Муун, тери, ичеги-карын ооруларын дарылоодо пайдаланса болот.

Бишкек ш. мелүүн алкактагы континенттик климаттуу аймактын түш. чегинде жайгашкан. Бир жылда орто эсеп м-н 322 күн (2000 саат) бою күн тиет. Күн эң көп тийген ай июль (332 саат), эң аз тийгени декабрь (126 саат). Абанын жылдык орт. темп-расы 10,2°С, январдыкы – 4,6°С, июлдуку – 24,5°С. 1930-ж. декабрда эң төмөнкү темп-ра (–38°С), 1983-ж. июлда эң жогорку темп-ра (43°С) катталган. Шаардын түш. бөлүгү түн. бөлүгүнөн 1—2°Сге жылуураак. Үшүк жүрүү жазында апрелдин ортосунда токтоп, күзүндө октябрдын ортосунан башталат. Бирок бул мөөнөттөр өзгөрүп да кетиши мүмкүн. Шаар нымдын негизги булагы – деңиз м-н океандан алыс жайгашкандыктан жаан-чачын аз болот. Жылдык жаан-чачындын орт. өлчөмү 409 *мм*. Көбү март-июль, жылдын кургакчыл мезгили (11%) июль–сентябрь айларына туура келет. Кар декабрдын ортосунан февралдын аягына чейин жатат. Жаан-чачындуу кыштагы кардын орт. калыңдыгы 13 *см*, аз түшкөндөгү орт. калыңдыгы 3–7 *см*. Бишкектин климатына тоо-өрөөн желаргысы мүнөздүү. Анын ылдамдыгы 2–3 *м/сек*дан ашпайт. Ылдамдыгы 15 *м/сек*га жеткен шамал негизинен батыштан согот ж-а жылына орто эсеп м-н 30дай жолу болот.

# Кыргыз Республикасынын райондор жана шаарлар боюнча административдик-аймактык түзүлүшү

I Баткен облусу
- 11 Баткен району
- 12 Кадамжай району
- 13 Лейлек району
- 1A Баткен ш.
- 1B Кызыл-Кыя ш.
- 1C Сүлүктү ш.
- 1D Исфана ш.

II Жалал-Абад облусу
- 21 Аксы району
- 22 Ала-Бука району
- 23 Базар-Коргон району
- 24 Ноокен району
- 25 Сузак району
- 26 Тогуз-Торо району
- 27 Токтогул району
- 28 Чаткал району
- 2A Жалал-Абад ш.
- 2B Кара-Көл ш.
- 2C Көк-Жангак ш.
- 2D Майлуу-Суу ш.
- 2E Таш-Көмүр ш.
- 2F Кочкор-Ата ш.
- 2G Кербен ш.

III Ысык-Көл облусу
- 31 Ак-Суу району
- 32 Жети-Өгүз району
- 33 Ысык-Көл району
- 34 Тоң району
- 35 Түп району
- 3A Каракол ш.
- 3B Балыкчы ш.
- 3C Чолпон-Ата ш.

IV Нарын облусу
- 41 Ак-Талаа району
- 42 Ат-Башы району
- 43 Жумгал району
- 44 Кочкор району
- 45 Нарын району
- 4A Нарын ш.


V Ош облусу
- 51 Алай району
- 52 Араван району
- 53 Кара-Кулжа району
- 54 Кара-Суу району
- 55 Ноокат району
- 56 Өзгөн району
- 57 Чоң-Алай району
- 5A Кара-Суу ш.
- 5B Ноокат ш.
- 5C Өзгөн ш.

VI Талас облусу
- 61 Бакай-Ата району
- 62 Кара-Буура району
- 63 Манас району
- 64 Талас району
- 6A Талас ш.

VII Чүй облусу
- 71 Чүй району
- 72 Аламүдүн району
- 73 Жайыл району
- 74 Кемин району
- 75 Москва району
- 76 Панфилов району
- 77 Сокулук району
- 78 Ысык-Ата району
- 7A Токмок ш.
- 7B Кант ш.
- 7C Кара-Балта ш.
- 7D Шопоков ш.

VIII Бишкек ш.

IX Ош ш.



Жылдын суук мезгилинде жылына орто эсеп м-н 30–40 күн шаарды жөө туман ж-а мунарык басып турат.

Бишкек ш-нын негизги с у у  а р т е р и я л а р ы мурда Ала-Арча ж-а Аламүдүн суулары болгон. Алар Бишкектин аймагында тармактанган нуктар м-н түштүктөн түндүктү карай аккан. Шаар курулушунун кеңири кулач жайышына байланыштуу алардын көптөгөн салаалары эки гана нукка бириктирилген. Суу агымын жөнгө салуу үчүн Бишкектин түш. тарабындагы тоо этектеринде курулган суу сактагычтар ж-а көптөгөн сугат каналдары аркылуу шаар айланасындагы чарбалардын жерлерин ж-а шаар аймагын сугарууга пайдаланылат.

Бишкектин ирригация системасына шаар аркылуу ар тарапка салынган арыктар м-н каналдар тармагы кирет. Шаар аркылуу Батыш ж-а Түш. Чоң Чүй каналдары өтөт. Бишкектен түндүгүрөөктө Төмөнкү Ала-Арча суу сактагычы жайгашкан: бир бөлүгү шаардын аймагына кирет. Кара жыгач багында ж-а Бишкек Эркин экон. зонасынын аймагында көлмөлөр бар.

Шаардын түш. бөлүгүнө түндүктүн кадимки боз топурагы мүнөздүү, түн. (төмөнкү) бөлүгүн боз шалбаа, шалбаа ж-а шалбаалуу-саздак топурактары каптап жатат. Табигый өсүмдүктөр шаардын чет-жакасындагы бош жерлерге гана мүнөздүү. Шаардын түн. бөлүгүнүн өсүмдүк эгилбеген бош жерлеринде камыш, жекен, ыраң чөп, көлмө ж-а суу жээктеринде жапайы тал, терек, сейрек жийде кезигет. Шаардын түш. жагында тоо этектеринин адырларында кургакчыл жерге мүнөздүү өсүмдүктөр басымдуулук кылат. Адырлардын төмөнкү бөлүктөрүн эфемер-шыбактуу жарым чөл ээлейт.

**Калкы**. Шаар калкынын саны 1999-ж. марттагы эл каттоо б-ча 762,3 миң адам болуп, респ-дагы калктын 15,8 %ин түзгөн. Шаарда 1940-ж. 104,5 миң калк жашаса, 1950-ж. 218,0 миң, 1979-ж. 535,5 миң, 1989-ж. 619,9 миң калк болгон. 2003-ж. 797,4 миң калк жашап, анын 792,9 миңи (99,4%) шаарда, 4,5 миңи (0,5%) шаардын чет-жакасындагы Орто-Сай айылында жашайт. Эркектер жалпы калктын 47,9%ин, аялдар 52,1%ин түзөт. 2002-ж. үйлөнгөндөрдүн саны 3729 же болбосо 1000 кишиге эсептегенде 3,8, ажырашкандар 1947 же 1000 кишиге эсептегенде 2,2 адамды түзгөн. 2002-ж. Бишкек шаардык кеңеши б-ча 1000 адамга төрөлгөндөрдүн саны 14,3, өлгөндөрдүн саны 7,5, табигый өсүш 5,4 миңди түзүп, төрөлгөн 1000 баланын (1 жашка чейинки) 25,9 өлүмгө дуушар болгон. 2002-ж. жумушсуздардын саны (катталганы б-ча) Бишкек ш. б-ча 8952 адамды түзгөн. 2000-ж. шаар б-ча жалпы калктын 24,0% эмгекке жарамдуудан жаш, 64,9% эмгекке жарамдуу, 11,1% улуу муундагы адамдар болгон. Шаарда кыргыз (52,2%), орус (33,2%), украин (11,2%), казак (1,6%), өзбек (1,6%), татар (2,1%), немис (0,7%), дунган (0,5%), уйгур (1,7%) ж. б. жашайт. Бишкек ш-нын калкынын 2002-жылкы миграциясы: келгендердин саны 5741 адам, кеткендер — 12654 адам болуп, алардын ичинен чет өлкөлөрдөн шаарга 1017 адам ж-а өлкөнүн башка региондорунан шаарга 4724 адам келип, шаардан башка чет өлкөлөргө 8092 адам ж-а өлкөнүн башка региондоруна 4562 адам кетип, жалпы миграциялык азаюу 6913 адамды түзгөн.

**Тарыхы.** Азыркы шаардын аймагын адамдар эң байыркы заманда эле отурукташкан. Аламүдүн ГЭСтеринин жанынан табылган таш эмгек куралдары Бишкектин айланасында алгачкы адамдар б. з. ч. 5–4-миң жылдыктарда жашагандыгын далилдейт.

Темир доорунун башталышы м-н Кырг-н аймагында сак (б. з. ч. 7–3-к.) ж-а усун (б. з. ч. 3-к. – б. з. 5-к.) уруу союздары түзүлгөн. Бул уруу союздары Аламүдүн, Ала-Арча сууларын бойлото да отурукташкан. Буга кийинки мезгилге чейин сакталып калган дөбө-мүрзөлөр далил болот.

Орто кылымда Аламүдүн ж-а Ала-Арча сууларынын алабын көчмөн ж-а отурукташып дыйканчылык кылган түрк уруулары мекендеген. Орто кылымдагы эң ири шаарлардын бири азыркы Бишкек шаар чалдыбары (7–12-к.) болгон. Татаал планда салынып, бекем чеп курулмаларынан турган бул шаар 25–30 $км^2$дей аянтты ээлеген (Бишкек-1 бекетинин ж-а мурунку Ключевой, Кызыл-Аскер айылдарынын аймагы). Кийин «Темир усталар чеби» аталып калган дагы бир байыркы чоң шаар (8–13-к.), азыркы Абдумомунов ж-а Орозбеков көчөлөрүнүн, Кара жыгач багы м-н Аламүдүн суусунун ортосунда жайгашкан. Шаардын борбору кокондуктардын мурдагы чеби Бишкек чебинин аймагында (Аламүдүн суусунун сол жээги, кийин «Темир усталар чеби» деп аталып

калган шаар чалдыбарынын орду) жайгашкан. Шаар 8-к-дан 15-к-дын башына чейин өнүгүп, моңголдордун жапырыгында бүлгүнгө учураган ж-а бир аз убакыттан кийин кайта жанданып, тиричилик 18-к-га чейин созулган. Андан кийин шаар биротоло ээн калган. Айрым маалыматтар б-ча 18-к-да солто уруусунан чыккан Бишкек аттуу адам ушул чөйрөнү жердеп, журтун душмандан коргоп турган. 19-к-дын башында кыргыз феодалдарынын өз ара чатагынан пайдаланган Кокон хандыгы Чүй өрөөнүн басып алып, жергиликтүү элди башкарып туруу үчүн бир катар чеп курдурган. Кокондуктардын негизги чыңдоолорунун бири катары Чүй өрөөнүн борб. бөлүгүндө курулган чеп — Бишкек чеби аталган (бул аталышты колониячылар Пишпек деп бурмалап, өзгөртүп айтышкан). Бул чеп Аламүдүн суусунун батыш жагында азыркы «Темир усталар чебинин» ордунда 6 *га* жерди ээлеген.

Борб. Азияны ээлеп алууга умтулган Орусия аскерлери 1860-ж. 4-сентябрда Бишкек чебин убактылуу басып алган. Бирок алар кетээри м-н мында кокондуктардын бийлиги кайра орногон. 1862-ж. сентябрда падыша аскерлери Байтик башында турган кыргыздардын жардамы м-н чепти 2-ирээт ээлеп, аны биротоло талкалаган. 1864-ж. анын урандысынын жанында казак-орустардын бекети, ага удаа чакан базар, 1887-ж. ат-почта бекети курулган. 1868—70-ж. шаардын азыркы чегинде орус келгиндери Аламүдүн ж-а Бишкек айылдарын негиздешкен. 1865-жылга чейин чүйлүк кыргыздар адм. жактан Ала-Тоо округунун (борб.— Верный шаары) начальнигине баш ийген, 1865–67-ж. Түркстан облусуна, кийин Токмок уездинин курамында Жети-Суу облусуна кирген. 1878-ж. 29-ап-релде уездин борбору Токмоктон Бишкекке көчүрүлүп, ага шаар статусу берилген. Шаар калкынын саны 1913-ж. 18468 жеткен.

Бишкекте кустардык-өнөр жайлык мүнөздөгү алгачкы ишканалар, а. и. тегирмендер 19-к-дын 2-жарымында пайда болгон. 1883-ж. булгаары заводу, 1885-ж. сыр-быштак жасоо ишканасы иштей баштаган. Ошондой болсо да шаарда ө. ж-га караганда базардык-стационардык типтеги соода тезирээк өнүккөн. 1878-ж. алгачкы чакан оорукана м-н дарыкана ачылган. 1879-ж. приходдук бир класстуу окуу жай, кийин башка окуу жайлар ачылган. 1916-ж. жайында Бишкек уездинин көп бөлүгүн улуттук-боштондук көтөрүлүш каптаган.

Орусияда февраль буржуазия-демократиялык революциясы жеңгенден кийин, 1917-ж. мартта Бишкек солдат ж-а жумушчу депутаттар совети уюшулуп, анда чечүүчү позициянын Убактылуу өкмөттү колдогон меньшевиктер м-н эсерлер ээлеп алышкан. 1918-ж. 7-январда Бишкектеги ж-а уездеги бийлик иш жүзүндө большевиктердин колуна өткөн. 1924-ж. 14-октябрдан Бишкек — Кара Кыргыз АОсунун (1925-ж. 25-майдан Кыргыз АОсу), 1926-ж. 1-февралдан Кыргыз АССРинин борбору, 1926-ж. 12-майдан Фрунзе деп аталган. 1936-ж. 5-декабрдан Фрунзе — Кыргыз ССРинин борбору (1991-жылдан Бишкек аталып, эгемендүү Кыргыз Респ-нын борбору), 1938-ж. Бишкекте 3 адм. район Пролетар (азыркы Ленин), Биринчи Май, Свердлов райондору түзүлгөн. 1961-ж. шаарга Кызыл-Аскер, Привокзальный (Попеновка), Төкөлдөш айылдары, Аламүдүн, Көк-Жар айылдарынын бир бөлүгү, 1984-ж. Чоң-Арык, Орто-Сай айылдары кошулган. 1974-ж. жаңы адм. р-н Октябрь р-н түзүлгөн.

Кеңеш доорунда Бишкек ш-нын саясий-коомдук, социалдык-экон. ж-а маданий турмушунда зор өзгөрүүлөр болду. 1924-ж. алгачкы кыргыз газети «Эркин-Тоо» чыккан. 1926-ж. мамл. басмакана м-н музей түзүлгөн. 1932-ж. педагогика, 1938-ж. зооветеринария, 1939-ж. медицина институттары ачылган. Ошол эле жылдары алгачкы ири ө. ж. ишканалары курулган. Бишкекке Улуу Ата мекендик согуш жылдарында Украинадан, Орусиядан бир катар ө. ж. ишканалары көчүрүлүп келинген.

Азыркы учурда базар экон-на багыт алуунун натыйжасында шаардагы ө. ж. ишканаларынын, соода мекемелеринин ж. б-дын бир катары менчиктин түрдүү формаларына өтүүдө. Көз каранды эмес мамл-тин борбору катары Бишкекте бир катар чет өлкөлөрдүн элчиликтери ж-а эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү ачылып, Кырг-ндын дүйнө элдери м-н байланышы кеңейүүдө.

**Экономикасы**. Бишкек ш. экон. ж-а социалдык жактан башка облустарга салыштырмалуу жогору деңгээлде өнүккөн, саясий жактан Кыргыз Респ-нын борбору катары өзгөчөлөнгөн регион. Шаарда ө. ж., транспорт, байланыш, курулуш ж-а элди социалдык жактан тейлеген соода, илим, билим берүү, саламаттыкты сактоо ж. б. тармактар өнүккөн.

Кийинки жылдары, Кырг-нда ж-а анын региондорунда өндүрүштү рыноктук шартка ылайыкташтыруу максатында, чарбанын бардык тармактарында экон. реформа жүргүзүү башталган. Натыйжада, өндүрүшкө структуралык өзгөрүүлөр киргизилип, менчиктин ар түрдүү формасындагы ишканалар көбөйдү. 2003-ж-дын 1-январына карата, статистикалык бирдиктин мамл. регистрине киргизилген ээлик кылуучу (юридикалык жактар) ишкана, уюм ж-а мекемелердин катталган саны 23531 (а. и. иштегендери 19902) болгон. Алардын ичинен менчиктин формалары б-ча 1240 (842) мамл., 399 (240) коммуналык, 21956 (8820) жеке менчикке таандык. Ал эми жалпы 23531 субъектилердин түрлөрү б-ча: 21813 (8527) чакан ишканалар, 1049 (771) орто ж-а 669 (604) ири ишканалар. Рыноктук шартка ылайыкташкан ушул ишканалар – ө. ж., курулуш, транспорт, соода же тейлөөнүн башка тармактарына таандык.

Өндүрүштү базар экон-нын шартына ылайыкташтыруунун натыйжасында ш-дын ө. ж-нда дагы эң ири структуралык өзгөрүүлөр болду. Өндүргөн продукциялары рыногун жоготуп, сатылбай калган ө. ж. ишканалары, айрыкча Бишкектеги машина куруу тармагынын ири ишканаларынын өндүрүшү токтотулду же аларды башка өтүмдүү буюмдарды жасоого толук кайра курууга туура келди. Кээ бир ишканалар жарым жартылай иштеп калышты. Ошого байланыштуу Бишкек ш-нын ө. ж. өндүрүшү 1991—95-ж. 4 эсеге төмөндөгөн. Шаарда 1991-ж. чөп таңгактоочу машина жасоо 20 миң даанага жетсе, 1996-ж. анын 200ү араң чыгарылган. Электр машиналар 1125тен, 64кө, металлды кесүүчү станоктор 1146дан 27ге, токулган кийимдер 16 млн даанадан 1,4 млн даанага, бут кийимдер 3,5 млн жуптан 380 миң жупка чейин кыскарган. Ошондуктан, ө. ж. өндүргөн продукциянын көлөмү б-ча Бишкектин респ-дагы үлүшү 1991-ж. 31,0%тен, 1996-ж. 20,7%ке чейин азайган. Ал эми, 1996-ж. шаардын ө. ж. өндүрүшүндөгү төмөндөө токтолуп, кайра жогорулоого багыт алды. 1995-жылга салыштырганда бир жылдык өсүш продукциянын көлөмү б-ча 3,0%ти түзгөн.

Жогоруда белгиленген өзгөрүүлөргө карабастан, Бишкек ш. дагы эле респ-нын эң ири ө. ж. түйүнү катары белгилүү. 2002-ж. ш-да 125 ишкана иштеп, Кырг-ндын ө. ж-нын 20,0%ин же 8903,0 млн сомдук продукциясын өндүргөн. Анын ичинен кеңири керектелүүчү товарлардын үлүшү шаардын ө. ж. өндүргөн продукциянын 63,5%ин түзгөн. Шаарда ө. ж. өндүрүшүнүн бардык тармактары бар. Алардын ичинен негизгилери машина куруу ж-а металл иштетүү (2000-ж. 445,9 млн сомдук продукция чыгарган), жеңил (576,6 млн), тамак-аш (1877,3 млн) өнөр жайлары ж-а электрэнергетика (996,6 млн сом) негизги орунду ээлеп, алар 2000-ж. жалпы ө. ж-дын 60%тен көбүрөөк продукциясын өндүргөн. Ушул тармактардын респ-дагы үлүшү дагы жогору. 2000-ж. шаардын машина куруу ө. ж. респ-нын ушул тармагы өндүргөн продукциянын 26,2%ин, тамак-аш 29,0%ин ж-а жеңил ө. ж. 23,5%ин чыгарган. Бишкектин ири ө. ж. ишканалары: ТЭЦ (2000-ж. 454,3 млн сомдук продукция өндүргөн), «РЕЕМТСМА – Кыргызстан» АК (386,6 млн), «Дастан» корпорациясы (302,1 млн), камволдук-нооту (174,3 млн), «Кока-Кола – Бишкек – Ботлерс» ишканасы (162,0 мин), «Бишкек дан-азык» (52,5 млн); Бишкек машина куруу заводу (110,4 млн), «Бишкексүт» (114,6 млн), «Таттуу» (29,0 млн), «Кыргызшампаны» (46,9 млн), «Кыргызавтомаш» (55,6 млн), «Жылдыз» (10,1 млн), «Байпак» (9,0 млн), «Бишкек темир-бетон заводу» (37,8 млн сом), «Булгаары» биргелешкен ишканасы (14,3 млн) акционердик коомдору ж. б. Өнөр жайдын негизги продукциялары: электрэнергия (2002-ж. 1060 млн *кВт·с*), касса аппараттары (72 даана), автомобиль радиаторлору (178,2 даана), мебелдер (172,0 млн сом), бетондон жасалган курама курулуш конструкциялары (59,4 миң *т*), кыш ж-а плита материалдары (16,3 млн даана), токулган кийим (15,6 миң даана), жүн кездемелери (374 миң $м^2$), байпактар (3793,6 миң жуп), бут кийимдер (37,9 миң жуп), эт (6,3 *т*), сүт (17,4 миң *т*), пиво (4722 миң дикалитр), шампан (260 миң дикалитр), коньяк (27,5 миң дикалитр), сигарет ж-а папиростор (3168,6 даана), ун (27,2 миң *т*), нан азыктары (41,3 миң *т*), чай (2,7 миң *т*) ж. б. Көпчүлүгү, айрыкча машина куруу ж-а жеңил ө. ж. тармактарынын продукциялары чет өлкөлөргө сатылып, алар м-н экон. байланыш түзүүдө ж-а респ-нын өнүгүшүндө Бишкек ш-нын мааниси зор. Экспортко сатылган продукциялардын көлөмү 2002-ж. 312,9 млн АКШнын долларын (респ-нын экспортунун 64,4%ин) түзүп, региондордун ичинен биринчи орунда болгон. Ошол эле мезгилде башка өлкөлөрдөн сатып алынган калк кеңири керектөөчү продукциялардын, б. а. импорттук көлөмү 363,9 млн долларга жетип, импорттун 62,0%ин түзгөн.

Натыйжада, Бишкек ш-нын өзүнүн бюджетин өзү толук каражаттоо м-н респ-нын бюджетин толуктоодо зор салымы бар. Башка региондордон айырмаланып, шаардын калкына социалдык жактан берилүүчү төлөмдөрдү жергиликтүү бюджеттин эсебинен шаар өзү камсыз кылат.

Бишкек тогуз жолдун тоомунда жайгашып, өлкөдөгү эң ири транспорт түйүнү болуп да саналат. Эң ири автомагистралдары – Бишкек–Ош, Бишкек–Балыкчы–Нарын–Торугарт – Кашкар (Кытай), Бишкек – Балыкчы – Каракол, Бишкек – Алматы (Казакстан), Бишкек – Кара-Балта – Тараз (Казакстан) – Ташкен (Өзбекстан) авт. жолдору ж. б. Чалдыбар бекетинен Балыкчыга чейин кеткен темир жолу Бишкек ш. аркылуу өтөт. Шаардын ортосунда жүргүнчүлөрдүн темир жол бекети, батыш ж-а чыгыш четинде «Бишкек» ж-а «Аламүдүн» аттуу жүк түшүрүп, жөнөтүп туруучу темир жол бекеттери бар. 2000-ж темир жол транспорту м-н 978,7 миң *т* жүк ж-а 590,3 миң жүргүнчү ташылган.

Бишкек ш-нын түн. тарабынан 30 *км* аралыкта Борб. Азиядагы ири аэропорттордун бири «Манас» аэропорту жайгашкан. Бул аэропорт шаарды, о. э. Чүй облусун чет өлкөлөр ж-а респ-нын дээрлик бардык региондору м-н аба жолдору аркылуу байланыштырат. 2000-ж. Бишкек ш-нын аба жолдору м-н 1173,5 миң жүргүнчү ташылган.

Шаарда 2 автобекет (Чыгыш ж-а Батыш) иштеп, 24 автотранспорттук, 1 троллейбустук мекемелерде 2,5 миң автобус (а. и. жеке менчик 705), 51 миңге жакын жеңил машина (а. и. 48,5 миңи жеке менчикте), 203 троллейбус болгон. 2002-ж. автотранспорт м-н 4,1 млн *т* жүк, 60,5 млн жүргүнчү, троллейбус м-н 62,7 млн жүргүнчү ташылган.

Бишкекте калкты соода ж-а тиричилик жактан тейлөөчү тармактардын өнүгүү деңгээли дагы респ-нын орт. көрсөткүчүнөн бир кыйла жогору. 2002-ж. шаарда товарларды соодалап жүргүзүүнүн көлөмү 23,0 млрд сом, калкты тейлөөнүн көлөмү 4,7 млрд сом, а.и. калкты тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү 477,6 млн сомго жеткен. Башкача айтканда респ-нын орт. көрсөткүчүнө салыштырганда Бишкекте соода жүргүзүүнүн көлөмүн адамдын санына эсептегенде 1,5 эсеге, ал эми калкты тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү 6,0 эсеге жогору болгон.

1995-ж. Бишкек ш-нда Эркин экономикалык аймак (ЭЭА) түзүлгөн. Анын курамына шаардын «Манас» аэропорту, Өкмөттүн алдындагы Улуттук көргөзмө борборунун жери, илгертен «Ак-Чий» деп аталып келген Чүй облусунун Аламүдүн районундагы азыркы Мрамор айылынын чет-жакасындагы жерлер кирет. «Бишкек» ЭЭАнын жалпы аянты 489 га. 2002-жылдын башталышында «Бишкек» ЭЭАда 412 ишкана катталып, анын 172си иштеген. Аларда 2814 адам эмгектенген. «Бишкек» ЭЭАда 2001-ж. 1181,8 млн сомдук продукция өндүрүлгөн, сыртка сатылган продукциянын көлөмү 12,6 млн АКШнын долларын ж-а сырттан келген инвестициянын көлөмү 1,2 млн долларды түзгөн.

**Маданий турмушу.** Бишкек ш. респ-нын илим, билим, саламаттыкты сактоо, көркөм-өнөр ж-а маданият мекемелеринин көпчүлүгү жайгашкан ири борб. катары белгилүү. Респ-нын илим изилдөө мекемелеринин дээрлик бардыгы Бишкек ш-нда жайгашкан. Билим берүү жагынан 2002/2003-окуу жылында 25 жогорку окуу жайында 65,4 миң студент (алардын 85,0%и контракт м-н) окуган. Жогорку окуу жайларында 4594 мугалим иштеп, алардын 226сы илимдин доктору, 1400 илимдин кандидаты. Шаарда жалпы билим берүүчү 116 орто мектеп, алардын ичинен 3 жатак-мектеп, 3 атайын мектеп ж-а 3 кечки мектеп иштеп, аларда 104,3 миң окуучу окуп, 5570 мугалим эмгектенген. Ушул мектептердин кээ бирлери гимназия, лицейлер ж-а 20 жеке менчик мектептер. Жеке менчик мектептерде 1,9 миң окуучу окуган. Ар кандай сабактарды тереңдетип окуткан мектеп, гимназия ж-а лицейлердин саны 32. Бардык мектептердин көбүндө информатика кабинеттери бар. Дээрлик бардык мектептерде китепкана ж-а ашкана иштейт. Шаардын мектептеринде бир класста орт. алганда 27 окуучу окуп, бул респ-да эң жогорку чек болуп саналат.

Саламаттыкты сактоо тармагында 2002-ж. 9680 орундуу (10 миң адамга 163 орун) 32 оорукана болуп, аларда ар түрдүү адистиктеги 3792 дарыгер (10 миң адамга 97 дарыгер) ж-а 7253 медициналык орто билимдүү кызматкер (10 миң адамга 122) иштеген. Башкача айтканда ооруканалардагы орундарды калктын 10 миң адамына эсептегенде, шаардын деңгээли респ-нын орт. көрсөткүчүнөн 1,8 эсеге, ал эми врачтардын саны б-ча 2,9 эсеге жогору болгон.

Бишкекте өлкөнүн ири мейманкалары, базарлары, дүкөндөрү ж. б. жайгашкан. Алар:

«Достук», «Ак-Кеме», «Саякат», «Ысык-Көл», «Семетей», «Бишкек», «Ала-Тоо», «Хаятт», «Эльдорадо» ж.б. мейманкалар, «Ош», «Аламүдүн», «Баткен», «Орто-Сай», «Ала-Арча-2», «Дордой», «Кудайберген» ж. б. базарлар, «Айгүл», «Айчүрөк», «Береке», «Берекет», «Беш-Сары», «Диньчинь», «Жаңылык», «Миңтүркүн», «Сейтек» ж. б. соода дүкөндөрү ж-а комплекстери д. у. с.

Бишкек ш-нда 22 ири китепкана иштеп, аларда 7208 миң нуска китеп болгон. Шаарда 7 театр, анын бири опера ж-а балет театры, экөө мамл. драма театры, 1 филармония, 3 клуб ж-а маданият мекемелери, 10 кинотеатр ж-а 11 музей иштеген. Ошондой эле шаарда мамл. эмес бир нече театрлар ж. б. маданияттык мекемелер ачылган. Бишкек Кыргыз Респ-нын саясий борб. болгондуктан өлкөнүн башкаруу бийликтери — Президенттин адм-сы, Өкмөт, Жогорку Кеңеш, Республикалык сот ж-а прокуратура, о. эле төртүнчү бийлик деп саналган басма каражаттары – гезит, журналдар, радио ж-а телекөрсөтүүчү мекемелер шаарда жайгашкан. Ошондой эле Бишкекте ондон ашык чет өлкөлөрдүн өкүлчүлүктөрү иштейт. Алар: АКШ, Беларусь, Германия, Индия, Иран, Казакстан, Кытай, Орусия, Өзбекстан, Пакистан, Тажикстан, Түркия ж. б.

*А. Мырзаев, Л. Приходько, К. Сакебаева*

# БАТКЕН ОБЛУСУ

Облус Кырг-ндын түш.-батышында жайгашкан. Ал 1999-ж. 12-октябрда Ош облусунан Баткен, Кадамжай, Лейлек р-н ж-а Кызыл-Кыя, Сүлүктү ш-н бөлүп, облус уюштурулган. 2000-ж. райондун борбору Баткен ж-а 2001-ж. Исфана кыштактары шаар статусун алган. Облустун аймагында 3 район, 4 шаар, 5 шаарча (Восточный, Совет, Кадамжай, Айдаркен, Чабай) ж-а 198 кыштак, 29 айыл округу бар. Облустун борбору – Баткен шаары (калкы 19,7 миң; 2009).

Облустун түш.-батыш ж-а түн.-батышынан Тажикстан, түндүгүнөн Өзбекстан, чыгышынан Ош облусу м-н чектешет. Анын аймагында башка мамлекеттерге тийиштүү бир нече анклавдар (архипелагдар) бар. Ушуга байланыштуу транспорттук катнашы көп чек аралар ж-а анклавдар аркылуу өтөт. Бул болсо облустун социалдык-экон. өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. Аянты 17,0 миң *км²* же респ-нын аймагынын 8,5%ин түзөт. Калкы 428,6 миң (2009) же респ-нын калкынын 8,0%ин түзөт.

**Табияты.** Баткен облусу Фергана өрөөнүнүн түш. өндүрүн, Түркстан, Алай кырка тоолорунун түн. капталдарын, этек тоолорун, адыр тилкесин ээлейт. Бул кырка тоолордун кырлары деңиз деңг. 4000—5000 *м* бийиктиктен ашык көтөрүлөт; облустун эң бийик жерлери Түркстан кырка тоосунда (Кожо-Бакырган суусунун башатында) 5580 *м*, Алай кырка тоосунда (Сохтун алабында — Тилбеде) 5880 *м*. Облустун аймагында, Кулунду өрөөнүндө Кырг-ндын эң жапыз жери жайгашкан; ал деңиз деңг. 401 *м* бийиктикте. Жеринин бетинин түзүлүшү б-ча облустун аймагы төмөнкү геоморфологиялык зоналарга бөлүнөт: тоо этектериндеги түздүктөр зонасы, тоо арасындагы ойдуңдар зонасы, орто бийиктиктеги тоолор зонасы, бийик тоо зонасы. Тоо этектериндеги бир аз ж а н т а й ы ң к ы т ү з д ү к т ө р облустун эң жапыз жайгашкан бөлүгү. Фергана өрөөнүнүн четжакасын (өндүрүн) түзөт. Түздүктөр негизинен антропогендик чөкмө тектерден (шагыл таштардан) түзүлүп, үстүн түрдүү калыңдыктагы лёсс сымал кумай топурактар жаап жатат. Бул зонага Кастакөз-Кулунду, Төө-Моюн, Кызыл-Жар ж. б. түздүктөр кирет. Андан жогору а д ы р л а р з о н а с ы жатат. Адырлар Фергана өрөөнү м-н орто бийиктиктеги тоолор зонасынын аралыгында жайгашып, абс. бийикт. 1000—1300 *мге* жетет. Адырлар бийик тоолордун кырынын ж-а капталдарынын жайпагыраак түзүлүштөгү рельефи м-н айырмаланат. Адырлар Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун этектеринде — Шаймерден-Сох суу бөлгүчтүрүндө, Кожо-Бакырган-Ак-Суу суу бөлгүчүнүн батыш бөлүгүндө, Ак-Суунун алабында зор аянттарды ээлейт. Адырлардын эң бийиги ж-а өзгөчөсү Бели-Сынык жалдары болуп саналат. Анын түн. капталы узун ж-а жазы, Кастакөз өрөөнүн карай жантайып түшөт; түш. капталы кыска ж-а аскалуу, узатасынан созулган жазы Таш-Рабат ойдуңуна тик түшөт. Бели-Сынык ж-а Чимион адырлуу жалдары жайпак-ийилген, кургак колоттор-сайлар м-н тилмеленген чөлдүү жалдар болуп саналат; алар шагыл-таш басымдуулук кылган борпоң чөкмө тектерден турат. Чимион жалы жаңы тектон. кыймылда көтөрүлгөн антиклиналдык түзүлүш. Бул аймактын адырларынын төмөнкү бөлүктөрүн палеоген-неогенде пайда болгон конгломерат, жогорку бөлүктөрүн дислокацияга дуушарланган байыркы антропогендик конгломерат тектери түзөт. Неоген конгломераттуу катмарларынын айрым жерлерин андан мурдараак пайда болгон түрдүү түстөгү мергель, кумдук ж-а чопо тектери жиреп чыгып, ал

аймактарда өтө тилмеленген, жыбыттуу, чөлдүү жерлерди — чаптарды («бедленддерди») пайда кылат. Тоо арасындагы ойдуңдар адырлар, этек тоо кыркалары, о. эле негизги кырка тоолордун аралыктарынан орун алган. Алар рельефтин төмөн ийилген формасын пайда кылып, кеңдик б-ча созулган эки тилкени түзүп жатат. Анын түн. тилкеси түш. тилкесине караганда гипсометриялык деңгээли төмөн (900—1000 *м* абс. бийиктикте) жайгашкан (мис., Кожо-Бакырган суусунун алабындагы Таш-Рабат ойдуңу). Ички ойдуңдардын түш. тилкеси этек тоолорду Түркстан, Алай бийик кырка тоолорунан бөлүп турган дээрлик туташ депрессияны пайда кылат, абс. бийиктиги 1500—1800 *м*ге жетет. Бул тилкеге Исфана, Чарку-Лейлек, Баткен, Айдаркен, Охна ж. б. ойдуңдар кирет. Ички ойдуңдардын рельефин бир аз жантайыңкы кудурлуу түздүктөр, аларды тилмелеген кургак сайлар түзөт. Ойдуңдар негизинен антропогендик конгломерат, шагыл таш ж. б. тектерден түзүлүп, үстүн топурак каптап жатат. Тоо аралык ойдуңдардан жогору орто бийиктиктеги тоолор зонасы жатат. Ал бийик этек тоолорду, Түркстан, Алай кырка тоолорунун алдыңкы жалдарын камтыйт. Бийикт. 2000—2500 *м* ж-а 3000 *м*ге чейин. Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун курамына кирген бийик этек тоолор өтө ж-а терең тилмеленген айрым токол тоолордон турат. Бул токол тоолор м-н адырларды кеңдик багытта узатасынан (40°- параллел б-ча) созулуп жаткан тоо аралык ойдуңдар бөлүп турат. Бийик тоолуу зонага ири Түркстан ж-а Алай кырка тоолору кирет. Түркстан кырка тоосу айрым кырка тоолордон ж-а жалдардан турат. Алар негизинен кеңдик багытта жайгашып түндүктү (Фергана өрөөнүн) ж-а батышты карай акырындап жантаят. Жалдар өрөөндөр м-н бөлүнгөн, ал эми өрөөндөр - туурасынан кеткен кууш капчыгайлар м-н тилмеленген. Облустун аймагында Түркстан кырка тоосунун чокулары 5000 *м* бийиктикке чейин жетет. Мөңгүлөр, көп жылдык карлар бар. Кар чеги негизинен 4000—4500 *м* бийиктиктен өтөт. Кыры аска-зоокалуу. Бийик тоолуу бөлүгү өтө тилмеленгендиги, капталдары тик, терең ж-а кууш өрөөндөрдүн жыштыгы, аскалардын, корум таштардын, куюлма шагылдардын көптүгү м-н өзгөчөлөнөт. Түркстан кырка тоосунун чыгыш уландысын Алай кырка тоосу түзөт. Ал узатасынан созулган жазы өрөөндөр м-н бөлүнгөн, туурасынан кеткен терең капчыгайлар м-н тилмеленген кырка тоолуу аймакты түзөт. Кырка тоонун көп бөлүгүнүн башкы кар сызыгын ж-а негизги багытын так аныктоо өтө кыйын. Алай кырка тоосунун негизги суу бөлгүч кырынан түндүктү карай Кичи Алай (же Кыргыз-Ата) тоо массиви бөлүнүп чыгат. Анын батыш бөлүгү облустун аймагында. Кичи Алай кырка тоосунун абс. бийиктиги Алай кырка тоосунукуна тең чамалашат. Алай кырка тоосунун капталдары Түркстандыкындай эле асимметриялык түзүлүштө. Түндүк капталдары туурасы 80—100 *км*ге жеткен жазы аймакты түзөт, түштүгү кыйла кыска. Алай кырка тоосунун түн. капталдарында азыркы мөңгүлөр ж-а байыркы мөңгүлөрдүн издери кеңири таралган. Мөңгүлөр Түркстан кырка тоосунун бийик (5400 *м*) чыгыш бөлүгүндө да кездешет. Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун бийик тоолуу зонасында эрозиянын аракетинен терең ж-а татаал тилмеленген рельеф түзүлгөн. Дарыя өрөөндөрүнүн — капчыгайлардын төр тарабында байыркы ж-а азыркы мөңгүлөрдүн аракетинен тепши сымал рельефтин формалары пайда болгон. Тепши сымал өрөөндөрдү курчап турган тоолордун чокуларынын бийикт. ал өрөөндөрдүн таманынан 1000 *м*ге чейин гана көтөрүлүп, өрөөндөрдөн төмөн капчыгайлар кууштап, тепши сымал өрөөндөрдүн, капчыгайлардын капталдарында корум шагыл-таштардын зор аянттары кездешет. Геоструктуралык жактан облустун аймагы герцин бүктөлүү структурасына байланыштуу Түш. Теңир-Тоо тектон. облусуна кирет.

Облустун климаты негизинен континенттик, кургакчыл континеттик белгилери бар жер ортолук деңиздик климатка окшош. Жайкы нымы жетишсиз, мелүүн жылуу, кышы мелүүн-суук. Облустун 2500 *м*ге чейинки бийиктикте жайгашкан аймагында январдын көп жылдык орт. температурасы –3,3°Сден –6,9°С, июлдуку 25,3 –15°С. Деңиз деңг. 3000 *м* бийиктикте жайгашкан Теминген станциясында январдын орт. температурасы –8,9°С (абс. минимуму –30°С), июлдуку 10°С (абс. максимуму 38,7°С). Алай кырка тоосунун «орографиялык ыктоодо» жайгашкан түн. капталында Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталына караганда жыл ичинде жаан-чачын 2,5 эсе аз жаайт. Түркстан кырка

тоосунун түн. капталына 1200—1500 *м* бийиктикте туран тибиндеги чөл климаттуу Фергана өрөөнүнүн таманындагыдай эле жылына 120—140 *мм* гана жаан-чачын жаайт. Түркстан кырка тоосунун чыгыш бөлүгүнүн түн. капталдарында, Исфара суусунун алабында жылдык жаан-чачындын өлчөмү 200—600 *мм*ден Кожо-Бакырган ж-а Ак-Суу сууларынын алаптарында 300—800 *мм*ге чейин көбөйөт. Алай кырка тоосунун түн. капталдарында, орто бийик ж-а бийик тоолуу зоналарда жылдык жаан-чачындын өлчөмү 600—800 *мм*ге, чанда 900 *мм*ге чейин жетет, ал эми жаан-чачындан ыктоо жайгашкан жерлерде тоолор м-н курчалган туюк чуңкурчактарда жаан-чачындын өлчөмү 300—400 *мм*ге чейин төмөндөйт. Алай кырка тоосунун эң батыш бөлүгүндө, Сох суусунун алабында, тоо кыры 5000 *м*ден ашык көтөрүлүп, түштүктү карай бир аз ийилген жеринде гана жогорку зонада жаан-чачын жылына 1000—1200 *мм*ге чейин жаайт.

Облустун суулары Сырдарыянын алабына кирет. Алай кырка тоосунун түн. капталдарынан башталган ири сууларга — Исфайрамсай, Шаймерден, Сох ж.б., Түркстан кырка тоосунан башталгандарга — Исфара, Исфана, Кожо-Бакырган, Ак-Суу ж. б. кирет. Бул суулардын бардыгы Сырдарыянын сол куймалары, бирок алар тоодон чыга беришинде сугатка таралып же өзүнүн шилендди конустарында ж-а кургак сайларында жерге сиңип кетет. Бул суулар негизинен эриген кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун капталдарында тоо көлдөрү да арбын, алардын ирилери: Тегермеч (же Зор-Көл), Гезарт, Түз-Ашуу ж. б. (Исфайрамсайдын алабында), Курманкөл (Көк-Суунун алабында), Аугул (Сохтун алабында), Кара-Көл-Катта (Исфананын алабында) ж. б. Облустун аймагында жалпы аянты 720 $км^2$ден ашкан 530дай мөңгү бар. Алардын бардыгы Алай (568,1 $км^2$) ж-а Түркстан (151 $км^2$) кырка тоолорунун түн. капталдарында.

Облустун аймагынын топурак өсүмдүктөрүнүн таралышы ж-а алардын жалпы ариддик мүнөздө болушу жылуулукка ж-а нымдалуу шарттарына түздөн-түз байланыштуу. Облустун аймагынын эң жапыз бөлүгү болгон тоо этегиндеги шилендди ж-а пролювий тектеринен түзүлгөн түздүктөрдү чөл өсүмдүктөрү (баялыш, шыбак, крокустар, жылган ж. б.) ээлеп, алардын астында ачык боз, шортоң топурактар өөрчүйт. Андан жогору, 1000—1300—1500 *м* бийиктиктердеги этек тоо-адырлуу зонага кадимки ж-а күңүрт боз топурактуу жарым чөл (эфемерлүү жылган-ыраңдуу, бадалчалуу) өсүмдүктөрү мүнөздүү (айрыкча Түркстан кырка тоосунун түн. капталдарына). Кадимки боз ж-а бозомук күрөң топурактуу лёсс түзүлүшүндөгү жапыз ж-а орто бийик тоолорду (1300—1500—2000—2200 *м* бийиктиктерде) субтропик ландшафтына окшош талаанын ар кандай түрлөрү ээлейт. Орто бийиктиктеги ж-а бийик тоонун төмөнкү бөлүгүндөгү (2000—3400 *м* бийиктикте) күрөң, куба күрөң, тоо-шалбаалуу талаа топурактуу жерлерде арча токою, сейрек токой, талаа ж-а шалбаалуу талаанын ар кандай типтери басымдуу. Арчалуу токой тилкесинин нымды, топурак кыртышын сактоодо, селге каршы ж-а санитария-гигиеналык мааниси зор. Бул токойлорду корукка айландыруу, коргоо режимин жакшыртуу, жаш токой көчөтүн отургузуу ж-а токой чарба жумуштарын жүзөгө ашыруу зор маанидеги маселелерден болуп эсептелет. Тоолордун бийик бөлүктөрүнүн (3000 *м*ден жогору) табияты катаал, дайыма суук, аска-мөңгүлүү альп тибиндеги рельеф кеңири таралган. Субальп ж-а альп шалбаасы (шалбаалуу талаа ж-а чымдак өсүмдүктүү, жапалак арчалуу бийик тоо талаасы кошо кездешет) 3800—4000 *м* бийиктикке чейинки жантайыңкы капталдарды ээлейт. Андан жогору түбөлүк тоң, кар, мөңгү ж-а жылаңач гляциалдуу-нивалдуу зона жатат. Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун түн. капталдарындагы мөңгүлүрдүн жалпы аянты 872,2 $км^2$. Тоо этегиндеги түздүктөр м-н тоо арасындагы ойдуңдарды ж-а тоо этегиндеги адырлар м-н жапыз ж-а орто бийиктиктеги тоолордогу дарыя өрөөндөрүнүн жайылма тектирлерин негизинен сугат ж-а кайрак жерлер ээлейт, жайыт катары да пайдаланылат. Мында калктуу жайлар, ө. ж. борборлору, сугат тармактары жайгашкан. Орто ж-а бийик тоолордогу талаа ж-а шалбаа ландшафттары түрдүү сезондогу (көбүнчө жайкы ж-а кышкы) жайыт катары пайдаланылат.

**Калкы** 1999-жылкы эл каттоо б-ча 382,4 миң киши же респ-нын калкынын 7,9%ин түзгөн. Шаар калкы 100,2 миң киши (облустун жалпы калкынын 26,2%ин түзөт), айыл калкы 282,2 миң (73,8%). Калктын жыштыгы 1 $км^2$ жерге 22,5 киши (респ-да 24,1 киши). Шаарлары: Кызыл-Кыя (калкы 31,8 миң), Сүлүктү (13,6 миң), Исфана (15,9 миң), Баткен (11,0 миң); шаарчалары: Айдаркен (9,1 миң), Кадамжай (8,9 миң), Восточный (6,9 миң),

1-таблица

**Облустун калкынын эл каттоо жылдары б-ча саны ж-а жыштыгы**

| | Эл каттоо болгон жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1959 | 1970 | 1979 | 1989 | 1999 |
| Калктын саны бардыгы, миң адам | 149,4 | 200,3 | 237,5 | 311,8 | 382,4 |
| а.и. | | | | | |
| шаардыктар | 66,4 | 71,0 | 72,8 | 81,0 | 100,2 |
| айылдыктар | 83,0 | 129,3 | 164,7 | 130,8 | 282,2 |
| Бардык калкка % менен | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| шаардыктар | 44,4 | 35,4 | 30,7 | 26,0 | 26,2 |
| айылдыктар | 55,6 | 64,6 | 69,3 | 74,0 | 73,8 |
| Жыштыгы 1 $км^2$ жерге/адам | 8,8 | 11,8 | 14,0 | 18,3 | 22,5 |

Чабай (1,6 миң), Совет (1,3 миң); ири айылдары: Үч-Коргон (12,9 миң), Орозбеков (7,5 миң), Кулунду (7,2 миң), Бужум (6,7 миң), Караван (6,0 миң), Кара-Бак (6,0 миң), Самаркандык (5,6 миң), Марказ (5,0 миң), Андарак (4,7 миң) ж. б.

Облустун калкы көп улуттуу. Негизинен кыргыздар (облустун жалпы калкынын 74,3%), өзбек (14,4%), тажик (6,9%), орус (2,2%), түрк (0,3%) ж. б. улуттун өкүлдөрү жашайт. Облустун калкынын табигый өсүшү салыштырмалуу жогору (2000-ж. респ-да 19,7 ‰ болсо, облуста 23,4‰ болгон), өлүмжитимдин коэффициенти (респ-да 7,0‰, облуста 5,7‰) төмөн. Бул болсо жергиликтүү улуттун басымдуулук (74,3%) кылышы м-н түшүндүрүлөт. Облустун калкынын көбөйүшү негизинен табигый өсүшкө байланыштуу. 2000-ж. өсүш ар 1000 кишиге 17,7 (респ-да 12,8) адамды түзгөн.

Облустун калкынын өзгөчөлүгү мында аялдарга караганда эркектердин санынын көптүгүндө. 1000 аялга 1002 эркек (респ. б-ча 975) туура келет. Облустун эмгекке жарамдуу жалпы калкынын ичинен өспүрүмдөр (0—15 жаш) 43,3%ти (респ-да 38,1%), ал эми эмгек курагынан өткөндөр 7,7%ти (респ-да 9,2%) ж-а эмгекке жарамдуулар 50,0%ти (52,7%) түзөт. Эмгекке жарамдуу калктын санынын азайышы респ-дагы базар экон-сына өтүүдөгү өткөөл мезгилдеги социалдык-экон. реформага байланыштуу өндүрүштүн деңгээлинин төмөндөшү ж-а ө. ж. ишканаларынын иштебей калышы себеп болууда. Натыйжада шаарлар м-н шаарчаларда иштебей калгандардын саны көбөйүп, миграция өскөн. Айрыкча эмгекке жарамдуу калктын ичинен, мигранттар көбүнчө Бишкек ш-на ж-а Чүй облусуна келишкен. Мына ушуга байланыштуу Кызыл-Кыя ш-нын калкы 1989-ж. 36,8 миң болсо, 1999-ж. 31,8 миңге азайган, Сүлүктүдө 14,8 миңден 13,6 миңге, Айдаркенде 11,1 миңден 9,1 миңге, Чабайда 2,1 миңден 1,6 миңге кыскарган.

1999 ж-а 2000-ж-дагы облустун аймагына кирген душмандарга, эл аралык террористтерге каршы согуш аракеттери да калктын миграциясынын күчөшүнө алып келди. Өлкөнүн башка райондоруна кеткен мигранттардын саны 2000-ж. 6 миңден ашуун болду.

Жумушсуздардын санынын жогорку деңгээлде болушу орчундуу проблема бойдон калууда. Каттоодо турган жумушсуздардын саны 2001-жылдын 1-январына карата облус б-ча 8,2 миң киши болгон. Бир жумушчу ордуна мында 186 киши туура келүүдө. Мындан тышкары облуста катталбаган «көмүскө» жумушсуздар да бар.

**Экономикасы.** Респ-нын өндүрүш комплексинде Баткен облусунун экон-сы маанилүү орунду ээлейт. Облустун сейрек ө. ж. потенциалы (Айдаркендин сымабы, Кадамжайдын сурьмасы, Кызыл-Кыя м-н Сүлүктүнүн көмүрү), калыптанган а. ч. өндүрүшү (өрүк, тамеки, жүн, эт, сүт), калктын эмгекчилдиги экон-нын өнүгүшүнө шарт түзөт. Бирок ошого карабастан облустун социалдык-экон. өнүгүү деңгээли, респ-нын орт. деңгээлинен төмөн. Айрым гана тармактар м-н сфералардын көрсөткүчтөрү респ-нын орт. көрсөткүчүнөн тиги же бул жакка өзгөрүлүп турат. Бул болсо облустун аймагынын геогр. жактан татаалдыгы, тоолуу рельеф, анча жагымдуу эмес топурак-климаттык шарты, аймагынын эң алыс жайгашышы, саясий-геогр. абалына байланыштуу. Буга кошумча базар экон. жүргүзүүдө мурунку союздук респ-лар м-н традициялык чарбалык байланыштардын түзүлүшү Баткен облусуна да таасирин тийгизди. Натыйжада ө. ж. өндүрүшү кыскарып, көп ө. ж. ишканалары иштебей калды. Ошондуктан, облус респ-дагы артта калган ж-а жарды региондордун катарына кирет.

2001-жылдын 1-январына карата облуста чарбалык субъекттердин саны (физикалык жактар м-н) 8738 болгон. Анын ичинде айыл чарбасына 3840 (43,9%), соода ж-а коомдук тамактанууга 2807 (32,1%), өнөр жайга 601 (6,9%), транспорт м-н байланышка

2-таблица

**Облустагы юридикалык жактардын катталган ж-а иштеп жаткан субъекттеринин ишканалары (жеке менчиктин формасы ж-а тиби б-ча) (2001-жылдын 1-январына карата)**

| Субъектилер | а.и. менчиктин түрү б-ча | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | мамл. | коммун. | менчик |
| Бардык катталган субъекттердин саны | 1330 | 154 | 211 | 965 |
| а.и. кичи ишканалар | 999 | 93 | 108 | 798 |
| орто ишканалар | 219 | 49 | 49 | 121 |
| чоң ишканалар | 112 | 12 | 54 | 46 |
| Бардык иштеп жаткан ишканалар | 688 | 104 | 175 | 409 |
| а.и. кичи ишканалар | 425 | 51 | 78 | 296 |
| орто ишканалар | 156 | 41 | 43 | 72 |
| чоң ишканалар | 107 | 12 | 55 | 41 |

3-таблица

**Облустун райондорунда өнөр жай продукциясын жана эл керектөөчү товарларды өндүрүү (2001-жыл боюнча)**

| | Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмү (млн. сом) | Анын ичинен эл керектөөчү товарларды өндүрүү (млн сом) | Райондордун үлүшү, % м-н | |
|---|---|---|---|---|
| | | | өндүрүштөгү жалпы көлөм | эл керектөөчү товарларды өндүрүү |
| Облус б-ча бардыгы | 1195,5 | 389,5 | 100,0 | 100,0 |
| а. и.райондор б-ча: | | | | |
| Баткен | 272,4 | 36,2 | 4,3 | 10,6 |
| Кадамжай | 448,5 | 110,8 | 39,6 | 32,3 |
| Лейлек | 281,2 | 46,7 | 5,8 | 13,6 |
| Кызыл-Кыя шаары | 128,7 | 112,2 | 44,6 | 32,7 |
| Сүлүктү шаары | 64,8 | 37,2 | 5,7 | 10,8 |

293 (3,4%), калганы 1197 (13,7%) субъект тейлөө чөйрөсүнө туура келген. Чарбалык субъекттердин жалпы санынан (8738), физ. жактардын саны 7408 же 84,8%ти түзгөн, жеке ишкерлердин саны 3667 же 49,5%, дыйкан (фермер) чарбаларда 3741 же 50,5%. Бардык катталган 8738 чарбалык субъекттердин ичинен 1330 же 15,2% юридикалык жактар, алардын ичинен мамл. ишканалар 11,6% (154 ишкана), юридикалык жактагы субъекттерден коммуналык 15,9% (211) ж-а жеке менчик 72,5% (965 ишкана); типтери б-ча болсо кичи ишканалар 75,1% (999), орто 16,5% (219) ж-а чоң ишканалар 8,4%ти (112 ишкана) түзөт.

2000-ж. катталган юридикалык жактардын 1330 чарбалык субъекттеринен иштеп жаткан ишканалар 688 же 51,7%, а. и. менчиктин түрү б-ча мамл. ишканалар 104, коммуналык 175 (25,4%), жеке менчик 409 (59,4%), ишкананын типтери б-ча кичи ишканалар 425 (жалпы иштеген субъектин 61,8%), орто 156 (22,7%), чоң ишканалар 107 (15,5%).

Өнөр жайы облустун экон-нда гана эмес, респ-да да маанилүү орунду ээлейт. Бул региондо сурьманын (2000-ж. 2407,89 *т*), сымаптын (591,5 *т*) бүт көлөмү, көмүрдүн 20,4% (97,0 миң *т*), ферменттелген тамекинин 19,6%и (5,5 миң *т*), улуттук килем буюмдарынын 35,5%и (622 даана) өндүрүлөт.

Сурьма ж-а сымап өндүрүү б-ча Кырг-н дүйнөлүк өндүрүүчөлөрдүн катарында турат. Облус дүйнөлүк керектөөчүлөрдү сурьма м-н 20,0%, сымап м-н 15,0% камсыз кыла алат. Кадамжайда алынган сурьма 1958-жылдан сапаты жагынан дүйнөлүк рынокто эталон катары бааланып көп өлкөлөргө экспорттолот. Натыйжада облус товарларды жогорку экспорттоочу болуп калат. Экспорттук продукциянын суммасы 2001-ж. 17,7 млн долларды түзүп, импорттон (2,8 млн доллар) бир кыйла же 6,3 эсе ашкан.

2001-жылдын 1-январына облуста катталган субъекттердин саны (юридикалык жактарды кошкондо) 601ге жеткен. Анын ичинен өз алдынча балансада иштеген ишканалар 45. 2001-ж. бул ишканаларда 1195,5 млн сомго (респ. көлөмдүн 2,2%) ө. ж. продукциясы өндүрүлгөн, а. и. эл керектөөчү товарларды өндүрүү 343,1 млн сом (3,1%), азык-түлүк товарлары 300,6 млн сом (4,7%), азык-түлүк эмес товарлар 38,2 млн сом (1,2%) ж-а алкоголдук ичимдиктер 4,3 млн сомду (0,3%) түзгөн.

Облустун ө. ж. тармактык структурасында түстүү металлургия (2001-ж. жалпы ө. ж. продукция көлөмүнүн 28,5%и), тамак-аш (39,6%), ун тартуу-акшак ж-а аралаш тоют (17,7%), курулуш материалдар (9,2%) ө. ж. тармактары жалпы облустун ө. ж. продукциясынын 95,0%ин өндүрөт. Облустун башка ө. ж. тармагы отун ө. ж. анча чоң эмес үлүштү (2,3%) ээлейт. Ага карабастан ал өнөр жайдын район аралык мааниси бар. Үч ишканасы: «Кызыл-Кыя көмүр» акционердик коому (АК), «Кызыл-Кыя шахта курулуш» ж-а «Сүлүктү көмүр» мамл. акционердик коому иштейт. Мында 2001-ж. респ-да казып алынган көмүрдүн 20,4%и же 97,0 миң *т* көмүр өндүрүлгөн. Облустун отун ө. ж-да акыркы жылдарда мунайзат ж-а газ өндүрүү тармагы пайда болду. Анын базасын көп жылдан

4-таблица

**Өнөр жай продукциясын өндүрүү**

| Продукция | 1999 | 2000 | Облустун респ-нын өндүрүшүндөгү үлүшү, 2001-ж. |
|---|---|---|---|
| Электр энергиясы, млн *кВт с* | 3,9 | 2,6 | 3,8 |
| Көмүр, миң *т* | 90,4 | 92,9 | 97,3 |
| Сымап, *т* | 630,7 | 549,9 | 591,1 |
| Металлдык сурьма кошулма менен, *т* | 1320,0 | 1504,9 | 2407,8 |
| Мебель, млн сом | 2,9 | 3,9 | 3,5 |
| Тигилүү кийимдер, млн сом | 7,5 | 5,4 | 6,9 |
| Бут кийим | 6,4 | 5,7 | 1,6 |
| а.и. азия калошу, миң жуп | 0,5 | 4,5 | 621,0 |
| Улуттук килемдер, даана | 910 | 582 | 621,0 |
| Эт ж-а эт азык продуктулары, *т* | 234,8 | 191,9 | 173,8 |
| Өсүмдүк майы, *т* | 286,0 | 337,1 | 449,0 |
| Сүт продуктулары, *т* | 32,0 | 256,4 | 133,6 |
| Кондитер тамак-аштары, *т* | 75,7 | 180,3 | 4,8 |
| Ун, миң *т* | 45,5 | 23,1 | 25,1 |
| Консерва, миң шарттуу банка | 1,5 | 1,7 | 2,1 |

бери Өзбекстан пайдаланып келет, жаңыдан облуска өткөн Арка ж-а Бүргөндү массивдериндеги кендер түзөт. Алардын изилденген запастары: Арка массивинде мунайзат – 1,3 млн тонна, газ – 1,8 млрд $м^3$, Бүргөндүдө - мунайзат 0,6 млн *т*, газ 2,8 млрд $м^3$ түзөт. 2001-ж. облуста жаңыдан уюшулган Баткен мунайгаз башкармалыгы 20,5 миң *т* чийки мунайзат, 1,4 млн $м^3$ газ өндүргөн.

Облустун ири өнөр жай ишканалары: «Кызыл-Кыя тамекиси» акционердик коому (2001-ж. 96,6 млн сомго продукция өндүргөн), «Айдаркен сымап комбинат» мамл. акционердик коому (116,3 млн сом), «Кадамжай сурьма комбинаты» акционердик коому (130,9 млн), «Нур» акционердик коому (20,4 млн), «Кызыл-Кыя шахта курулуш» (16,4 млн), «Сүлүктү көмүр» мамл. акционердик коому (16,4 млн), «Кызыл-Кыя көмүр» акционердик коому (6,3 млн), «Кызыл-Кыя дан азыктары» (1,7 млн) акционердик коому, «Кызыл-Кыя машзавод» (5,0 млн сом) ж. б.

Айыл чарбасы экон-нын реалдык секторундагы өнөр жайга ж. б. тармактарга караганда дүң продукцияны бир кыйла көбүрөөк (2001-ж. 3,1 эсе көп) бере турган тармак. 2001-ж. а. ч. продукциясынын дүң продукциясы 2901,9 млн сомду (ө. ж-ыкы 93,7 млн сом) түзгөн. Ошол эле убакта регион республика чыгарган а. ч. дүң продукциясынын ичинен эң акыркы орунда турат. Тармактык структурада мал чарбасы маанилүү орунду ээлейт. А. ч. продукциясынын 51,7%и мал чарбасына, 47,5%и дыйканчылыкка, 0,1%и а. ч-га тиешелүү.

5-таблица

**Айыл чарба тармактарынын структурасы жана айыл чарба өндүрүшү боюнча облустун республикадагы үлүшү (%)**

| | жылдары | | | Облустун республикадагы үлүшү, 2001 |
|---|---|---|---|---|
| | 1998 | 1999 | 2000 | |
| Айыл чарбасы | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Дыйканчылык | 38,1 | 48,8 | 42,9 | 47,5 |
| анын ичинде: | | | | |
| дан эгиндери жана дан чанактуулар | 18,6 | 25,8 | 20,9 | 20,7 |
| картөшкө | 2,3 | 3,9 | 3,2 | 3,4 |
| жашылча | 4,5 | 5,7 | 5,4 | 6,8 |
| пахта | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,5 |
| тамеки | 1,8 | 2,1 | 2,6 | 1,4 |
| бакча өсүмдүктөрү | 0,3 | 0,6 | 0,8 | 0,8 |
| мөмө-жемиш | 3,2 | 3,9 | 4,8 | 5,4 |
| жүзүм | 4,0 | 2,9 | 1,8 | 1,3 |
| жана башкалар | 3,3 | 3,8 | 3,1 | 7,2 |
| Мал чарбасы | 58,3 | 50,5 | 56,5 | 27,6 |
| анын ичинде: | | | | |
| мал жана үй кушу | 35,8 | 32,4 | 33,1 | 27,6 |
| сүт | 19,2 | 15,3 | 19,5 | 20,7 |
| жумуртка | 2,2 | 1,7 | 1,9 | 1,7 |
| жүн | 0,6 | 0,6 | 1,4 | 1,2 |
| жана башкалар | 0,5 | 0,5 | 0,6 | 1,2 |
| Айыл чарба кызматы | 3,6 | 0,7 | 0,6 | 0,1 |

Дыйканчылыктын ичинен негизги тармагы тамеки (2001-ж. респ-дагы тамекинин 8,0%), мөмө-жемиш (10,3%), жүзүм (27,9%) өстүрүү; мал чарбасында кой (10% жүн өндүрүлөт), уй (8,0%) ж-а үй куш (8,3%) чарбасы бар. Бардык өндүрүлгөн а. ч. продукциянын үлүшү респ-нын 5,7%ин түзгөн. Дан эгиндери, картөшкө, жашылча ж. б. облустун калкынын суроо талабын канааттандыруу үчүн өстүрүлөт.

Облустун жалпы аянтынан (2001-ж. 1699,6 миң *га*) а. ч. жарактуу жери 680,0 миң *га* (облустун жалпы аянтынын 40,9% же респнын а. ч. жарактуу жеринин 6,4%). Айыл чарбага жарактуу жерден 69,0 миң *га*сы айдоо (облустун а. ч. жарактуу жеринин 10,1% ж-а респ-нын айдоо аянтынын 5,6%), 9,4 миң *га*сы чабынды (1,3 ж-а 5,5), 10,4 миң *га*сы көп жылдык мөмө-жемиштер (1,5 ж-а 27,0), 2,6 миң *га*сы дың жер (0,4 ж-а 12,1), 508,6 миң *га*сы жайыт (86,5 ж-а 6,4%) болгон.

2001-ж. облуста айдоо аянты 69,0 миң *га* (жалпы респ-нын айдоо аянтынын 5,6%) болгон, анын ичинен дан эгиндери (буудай, арпа, үрөн үчүн жүгөрү, күрүч) 42,3 миң *га*га (облустун айдоо аянтынын 63,2% ж-а респ-нын

дан эгиндер аянтынын 6,4%), пахта 0,8 миң *га*га (1,1 ж-а 0,9%), тамеки 1,1 миң *га*га (1,6 ж-а 10,3%), май берүүчү өсүмдүктөр 4,0 миң *га*га (6,0 ж-а 5,6%), картөшкө 1,6 миң *га*га (2,8% ж-а 2,3%), жашылча 2,4 миң *га*га (3,6% ж-а 4,9%), бакча өсүмдүктөрү 0,3 миң *га*га (0,4% ж-а 7,3%), тоют өсүмдүктөрү 14,1 миң *га*га (23,0% ж-а 5,9%) өстүрүлөт. Мындан сырткары мөмө-жемиш өсүмдүктөрү 10,7 миң *га* (21,1%) ж-а 3,3 миң *га*га жүзүм (42,3%) отургузулган.

Бул аянттардан 2001-ж. 85,1 миң *т* дан (респ-да алынган дандын 5,0%и), а.и 50,3 миң *т* (4,2%) буудай, 27,4 миң *т* (6,2%) дан үчүн жүгөрү, 5,4 миң *т* (32,5%) күрүч, 23,5 миң *т* (1,9%) картөшкө, 38,7 миң *т* (4,6%) жашылча, 23,6 миң *т* (12,9%) мөмө-жемиш, 9,4 миң *т* (33,6%) жүзүм алынган.

Мал чарбасында агрардык-жер реформасын жүргүзүүнүн 1-этабында (1991—95) малдын башы азайып кеткен. Кой, эчкилер 44,0% (респ. б-ча 49,04%), уй 20,0% (23,7%), жылкы 7,4% (4,4%), чочко 90% (70,1%) кыскарган; кийинки мезгилде (1996—2000) малдын башынын көбөйгөнү байкалат. 2001-жылдын 1-январына карата бардык чарбаларда кой, эчки 431,5 миң (респ-дагынын 11,4%), уй 96,3 миң (10,2%), сааны 54,7 миң (10,4%), жылкы 11,8 миң (3,3%), чочко 1,0 миң (1,0%), үй кушу 187,3 миң (6,1%) болгон. 2001-ж. 28,1 миң *т* эт (респ-да өндүрүлгөн эттин 8,1%), 93,3 миң *т* (8,1%) сүт, 1,1 миң *т* (9,4%) жүн, 18,8 млн даана (8,6%) жумуртка алынган.

Азыр базар экон-нын шартында мал чарбасынын дээрлик бардык продукциясы жеке менчик чарбаларда, дыйкан (фермер) чарбаларында даярдалууда. 2001-ж. жалпы өндүрүлгөн эттин 55% жеке менчик чарбаларда ж-а 44% дыйкан (фермер) чарбасында өндүрүлгөн. Ушундай эле тартипте сүт 45 ж-а 55%, жумуртка 48 ж-а 52%тен алынган.

Облустун азыркы т р а н с п о р т тармагы: автомобиль, темир жол, аба ж-а куур (трубопровод) транспорту. Аймагындагы тоолуу рельеф автомобиль транспортунун өнүгүшүнө шарт түзөт. Негизги автомобиль жолдору: Ош—Кызыл-Кыя—Пүлгөн—Айдаркен—Баткен—Исфана—Сүлүктү; Кызыл-Кыя—Дароот-Коргон; Кызыл-Кыя—Кубасай (Өзбекстан); Баткен—Исфара (Тажикстан); Кызыл-Кыя—Маркамат (Өзбекстан)—Ош. Бул жолдор (айрыкча биринчиси) «анклавдарды» бир нече жолу кесип өткөндүктөн, транспорт каражаттарынын облустун аймагы б-ча нормалдуу, эркин жүрүшүнө тоскоолдук (бажы тосмосу, чек ара иш-аракеттери, паспорт ж-а документтерди текшерүү ж. б.) кылууда. Бирок ушундай шарттарга карабастан бул жолдор облустун ыраак жайгашкан калктуу пункттарын райондун борбору, о. эле Ош шаары м-н транспорттук-экон. жактан байланыштырып турат.

Облустун аймагындагы автомобиль жолунун уз. 1,2 миң *км*, анын 414 *км*и асфальттанган, 466 *км* таш төшөлгөн жол. Бул жолдордун басымдуу бөлүгү айылдык жерлерде жайгашкан. Каржылоо каражатынын жетишсиздигинен жолдорду реконструкциялоо ж-а капиталдык ремонт жүргүзүү кыйынга турууда. Буга байланыштуу коңшулаш мамлекеттердин «анклавдарынан» айланып өтүүчү жолдорду куруу облустун гана эмес респнын да маанилүү экон. ж-а саясий проблемасы болуп калууда.

Автомобиль транспорту жүк ж-а жүргүнчүлөрдү ташууда маанилүү орунду ээлейт. 2001-ж. 1,8 миң *т* жүк (респ-ныкынан 7,4%), 13,8 миң жүргүнчү (5,5%) ташылган. Алардын ичинен 383,5 миң *т* же 16,4% жүк, 433,3 миң же 31,4% жүргүнчү ж-а менчик автотранспорттор м-н ташылган.

Облустун темир жол транспорту туюк эки темир жол тармагынан турат. Биринчи 1907-ж. Сүлүктүдөгү көмүр кенине Драгомиров (азыркы Тажикстандагы Пролетарск бекети) бекетинен 37 *км* аралыкка курулган. Бул тармак 30-жылдардын башында реконструкцияланган. Экинчиси 1928-ж. курулуп, Кызыл-Кыя шаарын Өзбекстандын темир жол системасы м-н туташтыруучу Фергана—Кувасай (Өзбекстан)—Кызыл-Кыя темир жол тармагы. Уз. 42 *км*.Бул темир жолдор негизинен көмүр ташуу үчүн курулган. Алар тоолуу жерлер м-н өтөт, айрыкча Драгомиров—Сүлүктү кууш темир жолун эки капталынан тоонун тик капталдары тосот. Анын уз. облустун аймгында 30 *км*дей. Ушуга карабастан бул жолдордун (айрыкча Кызыл-Кыя темир жол бекети) облустун аймагында чоң жүктөрдү ташууда айрыкча тоо-кен өнөр жайы үчүн мааниси чоң.

Аба транспорту жүргүнчүлөрдү ташыйт да көбүнчө жергиликтүү мааниге ээ. Аэропорттор Баткенде (1950-ж. курулган), Исфанада, Кызыл-Кыя, Айдаркенде бар. Алар-

дын ичинен биринчи үчөө иштеп жатат. «Кыргызстан аба жолдору» акционердик коому улуттук авиакомпаниясынын курамына кирет. Бул аэропорттордон Ош шаарына күнүгө, Бишкек ш-на 2—3 авиарейстери болуп турат. Жайында Чолпон-Ата шаарына (Ысык-Көл) каттайт.

Облустун аймагында куур транспорту бар. Фергана (Өзбекстан) — Кадамжай (1972) ж-а Урсатьев (Өзбекстан) —Айдаркен (1973) газ кууру курулган. Газ куруу ө. ж. ишканаларын ж-а калкты газ м-н камсыз кылат.

Маданият тармагында 2000-ж. 1 млн нуска китеби болгон китепканалар, облустук драма театры, 2 райондук элдик театр иштеген. Облустук радиоуктуруу ж-а теле көрсөтүүлөр кыргыз, орус, тажик тилиндеринде жүргүзүлөт. Облустук гезит ж-а 3 райондук гезит чыгарылат.

Билим берүү облустун аймагында 5 негизги стадияга бөлүнөт: мектепке чейинки, башталгыч, орто , атайын орто ж-а жогорку билим берүү. Облуста 18 (2353 орундуу) мектепке чейинки мекеме (2001-ж. 2454 бала тарбияланып, 135 тарбиячы иштеген) иштейт. 2001/02-окуу жылында 188 жалпы билим берүүчү мектеп (103,0 миң окуучу), а. и. 14 башталгыч мектеп (2,0 миң), 16 негизги мектеп (3,7 миң), 156 (95,6 миң) орто мектеп, 2 (232) акылы кем балдарды окутуучу мектеп иштеген. Мектептердин бардыгын мамлекет каржылайт. 101,3 миң окуучудан (акылы кем балдардан башкасы) 75,4 миңи (74,3%) кыргыз тилинде, 15,4 миңи өзбек, 7,3 (7,2%) миңи орус тилинде, 3,1 миңи (3,1%) тажик тилинде окушат. Мектептерде иштеген мугалимдердин саны 7474 болгон, а. и. 4687 (62,7%) жогорку билимдүү, 425 (5,8%) толук эмес жогорку, 1517 (20,3%) атайын орто ж-а 835 (11,2%) орто билимдүү. Бир мугалимге 13 окуучу (респ-ка б-ча 15) туура келет. Облуста 2001-ж. 10 кесиптик-тех. окуу жайы (2,5 миң окуучу), 3 атайын орто (1,3 миң студент) окуу жайы болуп, анда 114 окутуучу (а.и. 108 жогорку билимдүү) иштеген. 2001/02-окуу жылында облуста жалгыз жогорку окуу жайы болуп (13,3 миң студент), анын күндүзгү бөлүмүндө 2,5 миң, кечки бөлүмүндө 0,3 миң, сырттан окуу бөлүмүндө 6,0 миң студент окуган. Анда 286 профессор-окутуучулар (а. и. 10 илимдин доктору, 34 илимдин кандидаты) иштейт.

Облустун саламаттык сактоосунда 2001-ж. 810 койкалуу 3 борборлош..,р,,лган оорукана, 66 койкалуу 2 шаардык оорукана, 963 койкалуу 19 участкалык оорукана, 21 врачтык амбулатория, 72 фельдшер-акушердик пункт болгон. Аларда 616 врач, 3003 медициналык кызматкер иштеген. Мындан тышкары 43 үй-бүлөлүк врачтар тобу (Кадамжай р-нунда –21, Лейлекте –8, Кызыл-Кыя ш-нда –8, Баткенде –3 ж-а Сүлүктүдө –3) уюштурулган.


Облустун аймагында көптөгөн тарыхый-маданий объектилер бар. Биздин замандын 1—6-к-дарына таандык Аирбаз, Баткен, Кайрагач, Каракамар, Кожо-Бакырган, Обишир тургун жайларынын калдыктары, 9—16-к-дардагы Булак-Башы, Исфана, Кара-Булак шаар чалдыбарлары, Кокон мезгилиндеги чептердин калдыктары — Кан, Кыштут ж-а Кайрагач айылында архитектуралык эстелик-мечит бар. Рабат айылынан түштүгүрөөк тарапта аты уйкаш байыркы кен казуучулардын тургун жайы, Самаркандык айылында тарыхый рудник, Канигут үңкүрү сакталган.

*Н. Алымкулова, Ө. Бараталиев, А. Мырзаев*

# РАЙОНДОРУ

**БАТКЕН РАЙОНУ** — Баткен облусундагы адм.-аймактык бирдик. Район 1933-ж. уюшулган. Облустун борб. бөлүгүндө жайгашып, түндүгүнөн ж-а түштүгүнөн Тажикстан, батышынан Лейлек, чыгышынан Кадамжай р-ндору, түш.- чыгышынан Ош облусунун Чоң Алай р-ну м-н чектешет. Райондун чыгышында Сох (Өзбекстан), борб. бөлүгүндө Ворух (Тажикстан) анклавдары бар. Аянты 6,2 миң *км*² (Баткен облусунун аймагынын 36,2% түзөт). Калкы 69,6 миң (2009). Район 9 айыл округуна бөлүнгөн. Борбору — Баткен шаары.

Райондун аймагы Баткен өрөөнүн, түндүктөн түштүктү карай созулган чакан өрөөндөрдү, Сох, Исфара капчыгайларын, Алай, Түркстан кырка тоолорунун түн. капталдарын ээлейт. Кен байлыктарынан көмүр, нефелиндүү-сиенит, акиташ теги, курулуш материалдары казылып алынат; о. эле мунай, газ, сурьма, сымап кендери бар. Климаты континенттик. Кышы мелүүн суук; январдын орт. темп-расы –4,1°Сден (өрөөндөрдө)–15С°ге чейин (тоолордо); жайы ысык, кургакчыл (июлдуку 10°Сден 29,2°Сге чейин). Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү өрөөндөрдө 100-200 *мм*, тоолордо 300-450 *мм*. Табигый шарты тамеки м-н бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүгө ыңгайлуу. Райондун аймагында сугат үчүн Төрткүл суу сактагычы курулган. Ири суулары: Сох, Исфара ж. б. Тоо этектериндеги өрөөндөр ачык боз, тоо капталдары күңүрт боз, боз-токой ж-а тоо шалбаа топурактуу. Тоо этегиндеги өрөөндөрдүн айдалбаган жерлеринде чөлдүү талаа өсүмдүктөрү (шыбак, тоо тикен ж. б.), суу бойлорунда тал, терек, бадалдар, тоолордун түн. капталдарында шыбак, эфемер-баялыштуу жарым чөл, айрым жерлеринде (1500-2700 *м* бийиктикте) бетегелүү ж-а бетеге-аккылкандуу талаа өсүмдүктөрү өсөт. 2500 *м* бийиктиктен жогору арча, бадамдан турган токой



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактар | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык *(км)* | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык *(км)* |
|---|---|---|---|---|
| Айгүл-Таш | Суу-Башы | 171 | - | - |
| Ак-Өтөк | Төрткүл | 255 | 37 | 59 (Исфара) |
| Ак-Сай | Ак-Сай | 748 | 45 | 20 (Исфара) |
| Ак-Татыр | Ак-Татыр | 1958 | 40 | 11 (Шураб) |
| Ак-Турпак | Төрткүл | 597 | 30 | 52 (Исфара) |
| Апкан | Суу-Башы | 825 | 57 | 79 -- |
| БазарБашы | Баткен ш. | 1941 | 2 | 20 -- |
| Бозадыр | Суу-Башы | 1880 | 27 | 49 -- |
| Боксай | Суу-Башы | 562 | 53 | 75 -- |
| Бужум | Кара-Булак | 6385 | 6 | 28 -- |
| Булак-Башы | Баткен ш. | 1531 | 5 | 17 -- |
| Газ | Кыштут | 1685 | 47 | 69 -- |
| Говсувар | Ак-Сай | 717 | 41 | 12 -- |
| Достук | Карабак | 301 | 24 | 15 -- |
| Жаңы-Бак | Самаркандык | 931 | 37 | 8 -- |
| Жаңы-Жер | Дара | 1654 | 7 | 29 -- |
| Жаңы-Арык | Дара | 194 | 68 | 90 -- |
| Зарташ | Төрткүл | 597 | 32 | 54 -- |
| Кайыңды | Дара | 751 | 76 | 98 -- |
| Кан | Дара | 570 | 62 | 81 -- |
| Капчыгай | Самаркандык | 522 | 47 | 25 -- |
| Кара-Бак | Кара-Бак | 6434 | 12 | 20 -- |
| Кара-Булак | Кара-Булак | 2878 | 20 | 42 -- |
| Кара-Токой | Суу-Башы | 797 | 32 | 52 -- |
| Коргон-Таш | Дара | 74 | 70 | 92 -- |
| Көк-Таш | Самаркандык | 144 | 29 | 15 (Шураб) |
| Кызыл-Бел | Кара-Бак | 3269 | 9 | 13 (Исфара) |
| Кызыл-Жол | Баткен ш. | 3473 | 3 | 25 -- |
| Кыштут | Кыштут | 936 | 51 | 73 -- |
| Паска-Арык | Самаркандык | 2243 | 32 | 4 -- |
| Рават | Ак-Таш | 1520 | 69 | 40 -- |
| Сай | Кыштут | 1719 | 46 | 68 -- |
| Самаркандык | Самаркандык | 5291 | 32 | 6 (Шураб) |
| Сары-Талаа | Дара | 481 | 63 | 85 (Исфара) |
| Согмент | Кыштут | 1571 | 43 | 65 -- |
| Табылгы | Дара | 381 | 69 | 91 -- |
| Таян | Кыштут | 1262 | 41 | 63 -- |
| Тунук-Суу | Дара | 206 | 59 | 81 -- |
| Үч-Дөбө | Ак-Татыр | 1586 | 45 | 18 -- |
| Чарбак | Кыштут | 366 | 45 | 67 -- |
| Чек | Дара | 2882 | 5 | 27 -- |
| Чет-Булак | Баткен ш. | 378 | | 22 -- |
| Чет-Кызыл | Кара-Бак | 926 | 11 | 28 -- |
| Чоңкара | Төрткүл | 2167 | 36 | 40 -- |
| Чоң-Талаа | Төрткүл | 1238 | 18 | 28 -- |

кездешет, 3000 *м*ден жогору субальп ж-а альп ландшафт алкактары мүнөздүү; алар жайытка пайдаланылат.

Райондо облустун калкынын 16,4%и же 69,6 миң киши жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли (2001) 31,7‰, өлүм-житим - 5,7‰, табигый өсүш – 26,0‰. Калкынын 99,2% кыргыздар. Эмгек жашына чейинкилер 46,4%ти, эмгек жашындагылар 46,7%, эмгек жашынан өткөндөр 6,9%ти түзөт. Калкынын 27,1% деңиз деңг. 1000 мге чейин, 58,9% –1000–1500 *м*, 14,0% –1500–2000 *м* бийиктикте жайгашкан. Орто эсеп м-н 1 *км*²ге 10,4 киши туура келет. Райондо 1 шаар ж-а 45 кыштак бар. Кыштактар жөнөндөгү маалыматтар төмөнкү таблицада берилди.

Баткен р-нунун экон-нын негизин а. ч. түзөт. А. ч-нын негизги тармагы - жүзүмчүлүк ж-а кой чарбасы. Жалпы жер фондусу 615,2 миң *га* (2000), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 217,6 миң *га* (жеринин 35,4%). Айдоо аянты 14,6 миң *га* (анын 9,6 миң *га*сы сугат жер), бак-дарак өсүмдүктөр 3,9 миң га, жайыт 196,9 миң *га*. Дан эгиндери (6,3 миң *га*, а. и.

буудай - 5,2 миң *га*), күрүч (0,3 миң *га*), тамеки (0,5 миң *га*), май берүүчү өсүмдүктөр (1,1 миң *га*), жашылча (0,2 миң *га*) ж. б. өстүрүлөт (2002). Багбанчылык (3,8 миң *га*) ж-а жүзүмчүлүк (0,6 миң *га*) өнүккөн (1999). 2000-ж. райондо 21,9 миң бодо мал (а. и. саан уй 12,0 миң), кой ж-а эчки 120,4 миң (облустагы кой ж-а эчкинин 28,1%), жылкы 2,1 миң, үй канаттуулары 55,3 миң болгон. Район облуста өндүрүлгөн дандын 20,5%ин, жашылчанын 9,3%ин, жүзүмдүн 30,8%ин, эттин 25,5%ин, сүттүн 20,7%ин, жүндүн 18,6%ин берет (2002).

Облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 26,5% Б. р-нда даярдалат (2002). Анын негизин тамак-аш ө. ж. түзөт. Ири ишканалары: «Төрткүл» жоопкерчилиги чектелген ишканасы (ачытылган шарап, спирт чыгарат), Баткен тамак-аш комбинаты (нан, кондитер азыктары, минералдуу суу ж.б.), «Заман» жоопкерчилиги чектелген ишканасы (өсүмдүк майы) ж.б.

Райондун чегиндеги автомобиль жолунун жалпы уз. 370 км; а. и. 101 *кми* эл аралык, 69 *кми* мамл., 200 *кми* жергиликтүү мааниде. Анын аймагынан Баткен - Бишкек (уз. 800 *км*), Баткен - Ош (230 *км*) автомобиль жолдору өтөт. 2002-ж. автомобиль транспорту м-н 134,3 миң *т* жүк, 24,5 млн *км* жүргүнчү ташылган.

Райондо 2002/03-окуу жылында жалпы билим берүүчү 50 мектеп (окуучулардын саны 23,1 миң) ж-а мектепке чейинки 2 мекеме болгон. Улуттук госпиталь, 2 аймактык оорукана, учук диспансери, 23 фельдшер-акушердик пункт, 10 үй-бүлөлүк-дарыгерлер тобу ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2001).

*Н.Алымкулова, И. Егембердиев*

**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ** — Баткен облусундагы адм. район. 1938-ж. 2-мартта уюшулган (1999-ж. чейин Фрунзе району). Облустун чыгыш бөлүгүндө жайгашып, батышынан Баткен р-ну, түштүгүнөн Ош облусунун Чоң Алай, Ноокат р-ндору, түндүгүнөн Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 6,1 миң *км*$^2$. Калкы 157,6 миң (2009). Борбору – Пүлгөн кыштагы (2,5 миң; 2009).

Район Фергана өрөөнүнүн тоо этегиндеги түш. бөлүгүн ж-а Алай кырка тоосунун өрөөнгө караган түн. тарабын ээлейт. Деңиз деңг. эң жапыз жери 700 м (Бүргөндү массивинде), эң бийик жери 5259 *м* (Алай кырка тоосунда). Фергана өрөөнүн адырлар чектеп, айрым жерлеринде түздүктөр кездешет. Адырлардан түштүгүрөөк этек тоолор зонасы жатат. Андан ары Караван-Көк-Жар (батыш бөлүгү), Охна ж-а Айдаркен ойдуңдары жайгашкан. Райондун аймагы табигый кендерге бай. Отун ресурстарынан күрөң көмүрдүн мааниси зор (Кызыл-Кыя, Беш-Буркандын батыш чети). Сурьма ж-а сымаптын (Кадамжай, Айдаркен, Кан ж. б.) запасы б-ча Борб. Азияда алдыңкы орунда. Курулуш материалдары (гипс, мамы таш, кум-шагыл, чопо ж. б.), коргошун, алтын кендери бар. Климаты континенттик. Жайы ысык, кургакчыл, кышы мелүүн суук. Январдын орт. темп-расы түздүктөр м-н адырлар тилкесинде –2,6 –6,4°С, тоолордо -8,9°С, июлдуку түздүктөр м-н адырларда 26,8°С, тоолордо 10,6–19,1°С. Жылдык жаан-чачыны 200-500 мм. Суулары: Исфайрамсай, Шаймерден, Ак-Суу ж. б. Топурак – өсүмдүктөрү бийиктик мыйзам ченемине ылайык өзгөрөт. Тоо этектериндеги түздүктөр, адырлар, тоо арасындагы ойдуңдар деңиз деңг.1600 *м* бийиктикке чейин боз топурактуу келип, чөл жа жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт. Айрым жерлеринде бадалдар да кездешет. Таштуу жарым чөл бийик тоолорго мүнөздүү. Күрөң ж-а коңур тоо топурактуу тоо капталдарында (1600–2500 *м* бийиктикте) талаа ж-а токой өсүмдүктөрү басымдуу. Тоо шалбаа топурактуу 3000–4000 *м* бийиктикте кастаман, доңуз сырты ж. б. бийик тоолуу өсүмдүктөр өскөн субальп ж-а альп шаалбасы мүнөздүү. Орто бийик тоолордогу аскаларда арча өсөт. Арча токоюнун жалпы аянты 34,8 миң *га*. Райондун жеринин жаратылыш шарты мал чарбасына (айрыкча эчки багууга) өнүктүрүүгө ж-а дыйканчылыкка (жашылча, пахта, тамеки ж-а мөмө жемиштерди өстүрүүгө), о. эле туризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Райондун аймагы сейрек кездешүүчү сурьма, сымап ж. б. түстүү металлдарга, көмүргө, цемент ж.б. курулуш материалдарына бай.

Райондо 157,6 миң калк жашайт (2009). Анын 15,2%ин шаар, 84,8%ин айыл калкы түзөт. Орт. жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 26 адам (облуста 24, Кырг-нда 25 адам ). Улуттук курамы б-ча 69,8%ти кыргыздар, 13,9%ти тажиктер,11,6%ти өзбектер, 2,9%ти орустар,

башка улуттар 1,8%ти түзөт. Акыркы жылдарда калктын табигый өсүшүнүн коэффициенти төмөндөө м-н катар калктын миграциялык башка жакка көчүшү азаюуда. Райондун жалпы калкынын 51,3%ин эмгек ресурстары түзүп, анын 57,6%ине жакыны иштеп, калган ишке жарактуу калк жеке менчик чарбаларда ж-а убактылуу табылган иштерде эмгектенет. Иштеген калктын 46%и а. ч-да, 20%и социалдык чөйрөдө, калган 34%и ө. ж-да, транспорт ж-а байланышта о. эле курулушта, соодада ж. б. тейлөө тармактарында да эмгектенет. Райондо 11 айыл округу, 4 шаарча, 93 кыштак бар. Кыштактар жөнүндө маалыматтар таблицада берилди.

Райондун чарбасында ө. ж. тармагы, 2001-ж. 441,7 млн сомдук продукция өндүрүп, респ-да маанилүү орунду ээлеген. Дүйнөгө белгилүү «Кадамжай сурьма комбинаты» ж-а «Айдаркен сымап комбинаты» акционердик коомдору ө. ж-нын 77,5% 247,2 млн сомдук продукциясын өндүрөт (2001). Андан тышкары райондогу 12 ө. ж. ишканасы бар; ирилери: Кадамжай ун тартуу ишканасы (2001-жылы 84,0 млн сомдук ун чыгарган), «Кан ө. ж. комбинаты» (4,8 млн сом) ж-а Кадамжай нан бышыруучу акционердик коомдору (3,5 млн сом), Бүргөндү мөмө-жемиш шарап комбинаты (1,1 млн сом). Өнөр жай ишканалары негизинен Кадамжай, Айдаркен, Совет шаарчаларда, Пүлгөн ж-а Бүргөндү айылдарында жайгашкан. Негизги ө. ж. продукциялары: сымап (2001-жылы 574,4 *т* өндүрүлгөн), сурьма (2456,6 *т*), шарап (7,0 миң дал), өсүмдүк майы (58,5 *т*), ун (10430,0 *т*) ж. б.

Райондун а. ч-га жарактуу жери 215,4 миң *га* (облустун 31,7%и), а. и. айдоо жери 25,7 миң *га* (37,2%), көп жылдык өсүмдүктөр 3,2 миң га (30,8%), чөп чабынды 2,8 миң *га* (29,8%), жайыт 183,1 миң *га* (31,1%) (2002). Райондун а. ч. өндүрүшүндө 524 дыйкан чарба, 94 кичи фермердик чарба, 945 жеке жер ээлери, 5 мамл. үрөнчүлүк чарба иштейт. 2002-ж. 14,1 миң *га* дан эгиндери эгилип, андан 46,7 миң *т* дан (а. и. 29,9 миң *т* буудай, арпа ж. б. 1,6 миң *т* буурчак), 20,2 миң *т* жашылча, 9,9 миң *т* картөшкө, 5,2 миң *т* бакча, 9,8 миң *т* мөмө-жемиш, 2,6 миң *т* жүзүм жыйналган. Райондо 2001-ж. 38,7 миң кара мал, 129,2 миң кой-эчки, 5,1 миң жылкы, 71,3 миң үй канаттуулары болгон. Алардан 9,5 миң *т* эт, 33,8 миң *т* сүт, 7,1 млн даана жумуртка, 308,7 *т* жүн өндүрүлгөн.

Райондун аймагы аркылуу Ош–Кызыл-Кыя–Пүлгөн–Баткен–Исфана, Фергана (Өзбекстан) – Пүлгөн–Шаймерден, Кызыл-Кыя–Дороот-Коргон автомобиль жолдору,



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык *(км)* | Кызыл-Кыя т. ж. бекетине чейинки аралык *(км)* |
|---|---|---|---|---|
| Абдусамат | Халмион | 875 | 18 | 16 |
| Адыр | Алга | 1147 | 33 | 70 |
| Ак-Турпак | Ак-Турпак | 432 | 90 | 127 |
| Алга | Алга | 2374 | 30 | 67 |
| Арпа-Сай | Марказ | 712 | 30 | 45 |
| Аустам | Майдан | 160 | 79 | 32 |
| Бай-Маала | Халмион | 383 | 14 | 51 |
| Бел | Бирлик | 783 | 51 | 90 |
| Бөксө | Алга | 126 | 85 | 122 |
| Бүргөндү ОПХ | Кыргыз-Кыштак | 189 | 96 | 133 |
| Бүргөндү | Кыргыз-Кыштак | 595 | 98 | 135 |
| Валакиш | Үч-Коргон | 1888 | 70 | 16 |
| Валакиш | Кара-Дөбө | 1028 | 37 | 11 |
| Гайрат | Көтөрмө | 1563 | 17 | 54 |
| Галга | Ак-Турпак | 250 | 55 | 8 |
| Гүлдерама | Халмион | 870 | 22 | 58 |
| Гүлстан | Кара-Дөбө | 1895 | 116 | 150 |
| Достук | Марказ | 1064 | 25 | 21 |
| Жал | Бирлик | 895 | 45 | 82 |
| Жаңы-Айыл | Халмион | 819 | 14 | 51 |
| Жаңы-Жер | Халмион | 179 | 90 | 127 |
| Жаңы-Коргон | Бирлик | 993 | 46 | 83 |
| Жаңы-Чек | Алга | 39 | 31 | 68 |
| Исфайрам | Үч-Коргон | 1501 | 39 | 9 |
| Кайтмас | Кыргыз-Кыштак | 1431 | 90 | 126 |
| Какыр | Үч-Коргон | 1544 | 40 | 15 |
| Калача | Үч-Коргон | 1397 | 55 | 8 |
| Калтак | Үч-Коргон | 1790 | 75 | 3 |
| Калыков | Марказ | 668 | 24 | 29 |
| Кара-Дөбө | Марказ | 2831 | 35 | 10 |
| Кара-Дөбө | Кара-Дөбө | 6441 | 34 | 7 |
| Кара-Жыгач | Майдан | 2340 | 60 | 20 |
| Кара-Кыштак | Майдан | 903 | 60 | 20 |
| Кароол | Майдан | 408 | 64 | 39 |
| Кара-Шоро | Көтөрмө | 134 | 14 | 51 |
| Кереге-Таш | Майдан | 408 | 70 | 30 |
| Кескен-Таш | Көтөрмө | 1330 | 18 | 55 |
| Кичи-Айдаркен | Бирлик | 791 | 45 | 82 |
| Кожокорум | Кыргыз-Кыштак | 72 | 90 | 42 |
| Кожо-Какыр | Кара-Дөбө | 1480 | 30 | 25 |
| Конкоко | Кара-Дөбө | 1346 | 33 | 8 |
| Көк-Тал | Халмион | 640 | 20 | 57 |
| Көк-Талаа | Марказ | 1797 | 22 | 30 |
| Көтөрмө | Көтөрмө | 412 | 15 | 52 |
| Кулду | Орозбеков | 4914 | 13 | 48 |
| Курулуш | Халмион | 171 | 20 | 54 |
| Кызыл-Коргон | Ак-Турпак | 506 | 118 | 155 |
| Кызыл-Чарба | Кара-Дөбө | 1895 | 32 | 9 |
| Кыргыз-Кыштак | Кыргыз-Кыштак | 3209 | 90 | 127 |
| Лангер | Көтөрмө | 651 | 14 | 51 |
| Майдан | Майдан | 1784 | 60 | 28 |
| Марказ | Марказ | 5018 | 20 | 19 |
| Миң-Чынар | Ак-Турпак | 4326 | 90 | 127 |
| Моловарган | Бирлик | 401 | 51 | 88 |
| Мыргылжек | Алга | 425 | 64 | 42 |
| Ноогардан | Халмион | 1972 | 24 | 58 |
| Ормош | Бирлик | 1094 | 50 | 87 |
| Орто-Арык | Көтөрмө | 432 | 22 | 57 |
| Охна | Орозбеков | 5217 | 10 | 45 |
| Орон-Терек | Көтөрмө | 510 | 15 | 52 |
| Өтүкчү | Ак-Турпак | 578 | 125 | 80 |
| Өрүкзар | Ак-Турпак | 270 | 120 | 157 |

| 1 | 2 | 3) | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| Пум | Майдан | 855 | 62 | 29 |
| Пүлгөн | Орозбеков | 1712 | - | 37 |
| Пылдырак | Марказ | 104 | 32 | 13 |
| Разъезд | Үч-Коргон | 1394 | 34 | 6 |
| Сайоозу | Көтөрмө | 1865 | 15 | 50 |
| Сары-Камыш | Ак-Турпак | 180 | 135 | 42 |
| Сулайман-Абад | Үч-Коргон | 551 | 38 | 7 |
| Сур | Бирлик | 1432 | 49 | 86 |
| Сухана | Үч-Коргон | 2634 | 75 | 4 |
| Сырт | Бирлик | 1869 | 55 | 92 |
| Тамаша | Көтөрмө | 576 | 25 | 62 |
| Таш-Дөбө | Халмион | 945 | 19 | 53 |
| Ташкыя | Орозбеков | 1234 | 1 | 38 |
| Ташкоргон | Кара-Дөбө | 1571 | 33 | 10 |
| Тескей | Бирлик | 132 | 50 | 87 |
| Токой | Ак-Турпак | 236 | 110 | 45 |
| Үч-Коргон | Үч-Коргон | 14958 | 40 | 8 |
| Факел | Ак-Турпак | 3143 | 87 | 45 |
| Халмион | Халмион | 4185 | 18 | 52 |
| Чалташ | Орозбеков | 1422 | 1 | 36 |
| Чабай | Үч-Коргон | 736 | 50 | 5 |
| Чекелик | Халмион | 1159 | 15 | 57 |
| Чечме | Бирлик | 934 | 51 | 88 |
| Чоңгара | Ак-Турпак | 340 | 105 | 45 |
| Чогорок | Ак-Турпак | 216 | 108 | 45 |
| Шады-Маала | Халмион | 249 | 17 | 53 |
| Шакшак | Алга | 754 | 35 | 72 |
| Шыбраң | Алга | 628 | 60 | 40 |
| Элпек-Секи | Көтөрмө | 786 | 20 | 57 |
| Эшме | Бирлик | 624 | 45 | 83 |
| Ынтымак | Халмион | 1182 | 20 | 57 |

Фергана (Өзбекстан)–Кызыл-Кыя темир жолу, Фергана (Өзбекстан) – Кадамжай (1972-ж. курулган), Сох (Өзбекстан) – Айдаркен (1973-ж.) газ куурлары өтөт. Райондун аймагында 2002-ж. автомобиль транспорту м-н 6,4 млн *т* жүк, 689,0 миң жүргүнчү ташылган.

Райондо 2000/01–окуу жылында жалпы билим берүүчү 62 мектеп болгон, а. и. 51 орто, 6 толук эмес, 3 башталгыч мектептер, 2 гимназия, 2 лицей, балдардын жатак мектеп борбору болгон. Аларда 35,7 миң окуучу окуп, 2,4 миң мугалим иштейт. Райондо 2 кесиптик-тех. окуу жайында 428 окуучулар, тракторист, кийим тигүүчү, айылдык курулуш усталары адистигинде окушат. Райондо айрыкча шаарчаларда маданият үйлөрү, балдардын музыкалык ж-а спорттук мектептери, китепканалар (баардыгы 51) иштейт. 637 орундуу борб. оорукана, 10 участкалык оорукана, 24 фельдшер-акушердик пункт иштеп, аларда 214 жогорку, 895 атайын орто билимдүү медициналык кызматкерлер эмгектенет.

*Н. Алыкулова, А. Мырзаев*


**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ** – Баткен облусундагы адм. район. Район 1928-ж. уюшулган. Түн.-батышынан ж-а түштүгүнөн Тажикстан, чыгышынан Баткен р-ну м-н чектешет. Аянты 4,7 миң км$^2$ (Баткен облусунун аймагынын 27,4%и түзөт). Калкы 116,8 миң (2009). Райондо 2 шаар (Исфана, Сүлүктү), Восточный (Кошбулак) шаарчасы ж-а 8 айыл округу бар. Борбору - Исфана ш. (калкы 18,2 миң; 2009).

Райондун аймагы Фергана өрөөнүнүн бир аз бөлүгү (мында Кырг-ндын деңиз деңг. эң жапыз жери жайгашкан, 401 *м*) ж-а аны түштүккө карай улап жаткан адырлар жана бийик этек тоолор тилкеси (алардын аралыгында Маргун, Даргун, Мадыген, Исфана ж. б. чакан өрөөндөр жайгашкан), Түркстан кырка тоосунун түн. капталы (эң бийик жери 5390 *м*, Сабах чокусу), андагы өрөөн, капчыгайлар Бели-Сынык, Тоожайлоо ж. б. тоолордун түн. капталдарын ээлейт. Кен байлыктарынан Сүлүктү күрөң көмүр , курулуш материалдары кендери бар. Климаты континенттик, жайы ысык, кургак; кышы мелүүн суук. Январдын орт. темп-расы өрөөндөрдө -4°С, июлдуку 25-29°С, тоолордо январдыкы

-9°C, июлдуку 15-20°C. Жылдык жаан-чачыны өрөөндөрдө 150-300 *мм*, тоолордо 400–600 *мм*. Суулары: Ак-Суу (куймалары: Дакатсуу, Сардала, Сумбула), Кара-Суу, Лейлек (куймалары: Ором, Жети-Көпүрө, Кожо-Бакырган). Суулары сугатка кеңири пайдаланылат. Боз, тоолорунда тоо-токой, тоо-шалбаа топурактары мүнөздүү. Жарым чөлдүү талаа (700–1500 *м*), талаа (1500–2700 *м*), арча ж-а сейрек токой (2500–3000 *м*), субальп талаасы, альп (3000–3500 *м*) өсүмдүктөрү өсөт. 3500 *м* бийиктиктен жогору гляциалдык-нивалдык алкак жатат.

Райондо облустун калкынын 26,4%и жашайт (2002). Орт. жыштыгы 1 *км²*ге 22,4 киши. Төрөлүүнүн деңгээли 26,2‰, өлүм-житим -5,2‰, табигый өсүш - 21,0‰ (2001). Калкынын 75,1%и кыргыздар, 14,4% - өзбектер, 6,9%и тажиктер, 1,6%и орустар, 2,0%и башка улуттар. Калкынын эмгек жашына чейинкилери 44,7%, эмгек жашындагылары 48,4%, эмгек жашынан өткөндөрү 6,9%. Райондо 45 кыштак бар. Кыштактар жөнүндө маалыматтар төмөнкү таблицада берилди.

Л. р-нун экон-нын негизин а. ч. түзөт. А. ч-нын нег. тармагы - жүзүмчүлүк ж-а кой чарбасы. Жалпы жер фондусу 466,1 миң *га* (2000-ж.), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 253,0 миң *га* (жеринин 54,3%). Айдоо аянты 34,2 миң *га* (анын 9,7 миң гасы сугат жер), 3,4 миң *га* көп жылдык өсүмдүктөр, 6,6 миң *га* чабынды, 207,6 миң га жайыт. Дан эгиндери 23,0 миң га (а. и. буудай - 17,3 миң *га*), тамеки (0,2 миң га), май берүүчү өсүмдүктөр (1,3 миң га), картөшкө (0,5 миң га), жашылча (0,7 миң га) ж. б. өстүрүлөт. Багбанчылык (2,9 миң га ) ж-а жүзүмчүлүк өнүккөн. 2000-ж. райондо 30,7 миң кара мал (а. и. сааны 15,8 миң), 164,6 миң кой, эчки (облустагы кой, эчкинин 38,5%и), 5,3 миң жылкы, 39,8 миң үй канаттуулары болгон. Район облуста өндүрүлгөн дандын 32,9%ин, картөшкөнүн 30,9%ин, жашылчанын 23,7%ин, жүзүмдүн 25,7%ин, эттин 37,2%ин, сүттүн 39,3%ин, жүндүн 50,2%ин берет (2002). Район обулуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 11,5% даярдайт (2002). Өнөр жайдын негизин тамак-аш ө. ж. түзөт. Ири ишканала-



| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Айбике | - | Тогуз-Булак | 2082 | 27 | 72 |
| Ай-Көл | 1936 | Тогуз-Булак | 798 | 12 | 65 |
| Ак-Булак | - | Исфана | 737 | 5 | 47 |
| Ак-Суу | - | Ак-Суу | 2526 | 26 | 70 |
| Алга | - | Ак-Суу | 885 | 35 | 83 |
| Андарак | 1870 | Сумбула | 5019 | 11 | 56 |
| Андархан | - | Бешкен | 797 | 85 | 60 |
| Арка | 1955 | Жаңы-Жер | 2998 | 86 | - |
| Баул | - | Катраң | 1380 | 72 | 136 |
| Бешкен | 1936 | Бешкен | 3015 | 80 | 55 |
| Булак-Башы | - | Кулунду | 1306 | 30 | 25 |
| Голбо | - | Исфана | 1360 | 7 | 49 |
| Гордой | - | Тогуз-Булак | 252 | 13 | 58 |
| Даргаз | - | Ак-Суу | 170 | 93 | 73 |
| Дархум | - | Ак-Суу | 589 | 97 | 70 |
| Достук | 1981 | Жаңы-Жер | 3111 | 94 | 15 |
| Жаштык | - | Жаңы-Жер | 2816 | - | - |
| Жеңиш | - | Ак-Суу | 1114 | 36 | 85 |
| Интернационал | 1955 | Кулунду | 3261 | 50 | 16 |
| Искра | - | Сумбула | 1874 | 12 | 55 |
| Кайрагач | 1896 | Ак-Суу | 2119 | 72 | 50 |
| Кара-Булак | - | Тогуз-Булак | 1919 | 12 | 63 |
| Кара-Суу | - | Лейлек | 1258 | 60 | 105 |
| Катыраң | - | Катраң | 4609 | 60 | 115 |
| Коммуна | - | Сумбула | 1462 | 13 | 58 |
| Коммунизм | 1955 | Кулунду | 3370 | 40 | 20 |
| Коргон | - | Лейлек | 2446 | 40 | 100 |
| Көк-Таш | - | Сумбула | 3248 | 26 | 76 |
| Кулунду | 1953 | Кулунду | 7562 | 48 | 18 |
| Лайлы | - | Ак-Суу | 324 | 80 | 56 |
| Лейлек | 1870 | Лейлек | 731 | 65 | 125 |
| Ленин | 1954 | Кулунду | 3522 | 45 | 21 |
| Маргун | - | Бешкен | 2075 | 90 | 29 |
| Миң-Жыгач | - | Тогуз-Булак | 1691 | 20 | 65 |
| Мурза-Пачча | - | Исфана | 630 | 8 | 34 |
| Өзгөрүш | - | Катраң | 778 | 90 | 140 |
| Центральный | - | Жаңы-Жер | 4711 | 86 | - |
| Чимген | - | Исфана | 3047 | 5 | 37 |
| Чоюнчу | - | Лейлек | 885 | 40 | 100 |
| Чурбек | - | Бешкен | 797 | 82 | 60 |
| Эскоочу | - | Ак-Суу | 1149 | 68 | 45 |
| Тайлан | - | Исфана | 1173 | 5 | 45 |
| Тогуз-Булак | - | Тогуз-Булак | 1014 | 18 | 62 |
| Самат | - | Исфана | 1933 | 7 | 35 |
| Суу-Башы | - | Ак-Суу | 325 | 20 | 52 |

ры: «Бешкен», «Коминтерн», «Кыргызстандын 60 жылдыгы» атн. (шарап чыгарат) заводдор, «Ынтымак» АК (кийим тигүү цехи) ж. б. Райондун чегиндеги автомобиль жолунун жалпы уз. 405 км, а. и. 123 км эл аралык, 65 км мамл., 217 км жергиликтүү маанидe. Анын аймагынан Ош–Исфара–Сүлүктү–Исфана, Исфана–Сүлүктү–Ош–Бишкек автомобиль жолдору өтөт.

Жалпы билим берүүчү 63 мектеп (окуучулардын саны 29,1 миң) ж-а мектепке чейинки 2 мекеме бар. Райондук оорукана, 5 оорукана, 23 фельдшер-акушердик пункт, 18 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж.б. иштейт.

*Н. Алымкулова, И. Егембердиев*

# ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

Жалал-Абад облусу Кырг-ндын түш.-батыш бөлүгүн ээлейт. 1924–26-ж. округ, 1926–28-ж. кантон болгон; 1928-ж. Ош округуна бириктирилген. 1939-ж. 21-ноябрда облус катары уюшулган; 1959-ж. 27-январда жоюлуп, Ош облусуна кошулган, 1990-ж. 14-декабрда кайра өз алдынча облус болгон. Түндүгүнөн Талас, Чүй, чыгышынан Нарын, түштүгүнөн Ош облустары, түш.-батышынан ж-а батышынан Өзбекстан м-н чектешет. Облус адм.-айм. жактан 8 районго (Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон, Ноокен, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал), 66 айыл округуна бөлүнөт. Анда 7 шаар, 7 шаарча, 420 айыл бар.

Аянты 33,7 миң *км²* (өлкөнүн аянтынын 16,9%и). Калкы 938,6 миң (респ-нын калкынын 18,0%; 2009).

**Табияты.** Облустун аймагынын басымдуу бөлүгү Түш.-Батыш Теңир-Тоонун, бир аз бөлүгү (Тогуз-Торо ойдуңу) Ички Теңир-Тоонун аймактарынан орун алган. Алар негизинен Фергана өрөөнүн түндүгүнөн курчаган бийик, орто бийик ж-а жапыз тоолор, жалдар, дөңсөөлөр, адырлар тилкеси, тоо этегиндеги жантайыңкы түздүктөр ж-а тоо аралык өрөөндөр болуп саналат. Деңиз деңг. эң бийик жери 4503 *м* (Чаткал кырка тоосундагы Авлетим чокусу), эң жапыз жери 600 *м* (Базар-Коргон р-нун аймагында). Облустун түн.-батыш, түн. ж-а чыгыш чет-жакалары б-ча Батыш ж-а Ички Теңир-Тоо системаларына кирген бийик кырка тоолор – Чаткал (бийикт. 4503 *м*), Суусамыртоо, Молдо-Тоо (түш. капталдары) созулуп жатат. Облустун борбордук бөлүгүн Фергана (түн.-батышын), Кочкортөбө, Ат-Ойнок, Исфанжайлоо, Чаактоо, Бабаш-Ата кырка тоолору ээлеп, түш.-батышты карай жайпаң рельефтүү этек тоолорго өтөт. Фергана өрөөнүн түндүктөн торогон тоолордо дарыя өрөөндөрү ж-а салыштырмалуу бийикт. 100–400 *мге* жеткен адыр-дөңсөөлөр кезектешип жайгашат. Дарыя алаптарын – Көгарт (мында облустун борбору – Жалал-Абад ш. жайгашкан), Кара-Үңкүр, Нанай (Пачатанын алабы), Ала-Бука өрөөндөрү ээлейт. Облустун курамына о. эле обочороок жайгашкан тоо аралык ири өрөөндөр — Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо ж-а Чаткал ойдуңдары да кирет. Кетмен-Төбө ж-а Тогуз-Торо ойдуңдары облустун Фергана өрөөнүнө караган негизги бөлүгүнөн Фергана ж-а Ат-Ойнок, Чаткал өрөөнү – Чаткал кырка тоолору аркылуу бөлүнүп турат. Кырка тоолору байыркы кристаллдык тоотектерден (гранит, порфир), ал эми тоо капталдары ж-а тоо аралык ойдуңдары карбон, девон ж-а палеоген-неоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тектерден түзүлгөн.

Кен байлыктарынын ичинен облус отун-энергетикалык ресурстарга бай. Нарын д-нда ГЭС каскады курулган: Күрпсай, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Үч-Коргон; Камбар-Ата ГЭСи курулууда. Таш көмүр кени Көк-Жаңгак, Таш-Көмүрдөн казылып алынат. Мунай м-н табигый газ кендери Чаңгыр-Таш, Майлы-Суу, Избаскен, Кочкор-Атадан чыгат. Андан сырткары сурьма (Терек кени), полиметалл (Сумсар кени), марганец рудасы (Кара-Алма суусунун төмөнкү агымында) ж. б. кендер да бар. Руда эмес кен байлыктардан озокерит (Майлы-Сай), гипс (Сузак районунда) ж. б. кендер чыгат. Ысык ж-а минералдуу булактар чыккан жерлер да арбын (Жалал-Абад, Майлы-Суу ж. б.). Облустун аймагы рекреациялык ресурстарга бай; мында туристтерди кызыктыруучу Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма, Сары-Челек, Пачата сыяктуу кооз жерлер бар.

Облустун климаты жалпы Фергана өңдүрүнө мүнөздүү болгон факторлордун (геогр.,

радиациялык ж-а циркуляциялык) негизинде түзүлөт. Бирок, тоолордун орографиялык түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү арктикалык суук ж-а континенттик аба массаларынын таасирин кыйла жумшартат. Жай мезгилинде бийик кырка тоолор Орто ж-а Борбордук Азия чөлдөрүнүн аптабын кыйла сергүүндөтөт. Бирок, батыштан соккон аба агымы ж-а анын түн.-батыш, түш.-батыш салаалары Түн. ж-а Чыгыш Ферганага тоскоолсуз кирип, облустун аймагына ж-а анын түрдүү ландшафттык зоналарына жагымдуу аба ырайын түзөт. Ички Теңир-Тоодо жайгашкан Кетмен-Төбө ж-а Тогуз-Торо өрөөндөрүнүн климаты облустун Фергана өндүрү жак бөлүгүнө караганда кыйла башкачараак. Бул өрөөндөрдө муздак тоо абасы туруп калат. Бул аймактарда декабрдан мартка чейинки орт. максимум темп-расы Түш. Кырг-ндын башка метеостанцияларыныкына караганда 10°Сге төмөн болот. Жаан-чачын режимине окшош болгондугуна карабастан жааган жаан-чачындын өлчөмү м-н абанын темп-расынын ортосундагы айырмачылык сөзсүз болот. Аймактын деңиз деңг. бийиктигине, тоо капталдарынын экспозицияларына ж-а рельефинин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жайы ысык, жылуу, сергүүн же суук болушу мүмкүн. Июлдун орт. темп-расы этек тоо-адырлуу зонада 25–22°С, жапыз тоолуу зонада 22–15°С, орто бийик тоолуу зонада 15–10°С, бийик тоолуу зонада 10–5°С, нивалдык-гляциалдык зонада 5–0°С. Жайдын биринчи жарымы жаанчыл, экинчи жарымы ж-а күз маалы өтө кургакчыл. Кышы жалпысынан мелүүн-суук, январдын орт. темп-расы –3°Сден –15°Сге чейин. Эң төмөнкү темп-ра бийик тоолуу ойдуңдарда адатта – Кызыл-Жарда (Тар ойдуңу) абс. минимум –40,9°С, Чаткалда –39,8°С, ал эми ушул эле мезгилде муздак аба туруп калган ойдуңдарда – Ошто –25,9°С, Кербенде (1280 *м* бийиктикте) –26,1°С гана болот. Ушундай эле кубулуш кышында Фергана өрөөнүндө да темп-ралык инверсияга байланыштуу пайда болот; тоолордо ойдуңдарга караганда жылуураак келет. Атмосфералык жаан-чачын бийиктик зоналуулук б-ча өзгөрөт ж-а ал ным алып келүүчү аба агымдарына карата жайгашуу экспозициясына байланыштуу. Жаан-чачын Орто Азиянын башка аймактарындагыдай эле тоолордун айрым капталдарында мол жаайт. Фергана, Ат-Ойнок, Талас Ала-Тоолорунун түш.-батыш капталдарында жаан-чачын 500–900 *мм* ж-а андан да мол жаайт. Токой-шалбаалуу талаа алкагында мелүүн-жылуу ж-а нымдуу жер ортолук деңиздик климат мүнөздүү, жаан-чачындын жылдык өлчөмү 500 *мм*ден 900 *мм*ге чейин, анын 50%и вегетациялык мезгилге туура келет. Чаткал системасына кирген тоолор орографиялык жактан ыктоодо жайгашкандыктан жаан-чачынга салыштырмалуу жарды (400–500 *мм*), ал эми Чаткал кырка тоосунун түш.-батыш капталына тоо аралык ички ойдуңдарындагыдай эле 300—400 *мм* гана жаан-чачын жаайт. Жаан-чачын эң мол жааган мезгили жаз маалы, анын жылдык өлчөмүнүн 60%тен ашыгы кыш-жаз мезгилине туура келет, август-сентябрь эң аз жааган мезгил. Жаан-чачын көбүнчө жамгыр түрүндө жаайт. Тоолордо 2500—3000 *м*ден жогору кардын өлчөмү кыйла зор (жылдык жаан-чачындын 30—50%). Кар катмарынын калыңдыгы тоо этеги-адырлуу зонада 20—25 *см*ден, бийик тоолордо 90—100 *см*ге чейин жетет. Фергана тоо тизмегининин кыр бөлүгүнө жакын кардын калыңдыгы 150 *см*дей болот.

Облустун аймагы, айрыкча Фергана тоо тизмегининин капталдары агын суу тармагынын жыштыгы ж-а алардын суусунун молдуулугу м-н айырмаланат. Ири дарыялары: Нарын, Чаткал, Кара-Дарыя. Нарын д. Фергана тоо тизмегининин тармактарын ж-а Чаактоону кесип агат. Облустун чегинде Нарынга сол тараптан Көгирим, Кемпирата, Ничке-Сай ж. б., оң тараптан Толук, Торкен, Чычкан, Узун-Акмат, Кара-Суу ж. б. суулар куят. Бул суулар терең өрөөндөр м-н шар агат, нуктарында босоголор көп. Фергана тоо тизмегининин түш.-батыш капталынан агып түшкөн суулардын бардыгы Кара-Дарыянын оң куймалары болуп саналат; алар — Чаңгет, Көгарт, Кара-Үңкүр, Майлы-Суу ж. б. Ал эми облустун батышындагы Пачата, Чанач, Касан-Сай, Сумсар суулары Сыр-Дарыяга оң тараптан куят. Чаткал дарыясы Талас Ала-Toocунун түш.-батыш капталынан башталган Каракасмак ж-а Кара-Кулжа сууларынын кошулушунан түзүлүп, төмөнкү агымында кууш ж-а терең шаңшаардан чыга беришинде Пскем суусу м-н кошулуп, Чырчык д-н пайда кылат. Анын ири куймалары: Чаңдалаш, Терс, Кара-Корум, Теректи-Сай ж. б. Сууларынын режими туруксуз: алар тоолордогу кар, мөңгүлөрдүн эришинен жазында, негизинен жайында суусу кирет. Облустун дарыялары суу энергиясына өтө бай; Нарын д-на ГЭС каскады суу сактагычтары м-н курулган. Дарыя суулары дээрлик

сугатка пайдаланылат. Чаткал кырка тоосунун түн.-чыгышындагы этек тоолорунда – Сары-Челек, Көгала, Кара-Суу ж. б., Чаактоонун түш. капталдарында Кара-Көл ж. б. көлдөр жайгашкан. Бул тоо көлдөрү дарыя өрөөндөрүн көчкү бөгөп калышынан пайда болгон.

Облустун топурак-өсүмдүктөрү өтө ар түрдүү келип, таралышына бийиктик алкактуулук мүнөздүү. Облустун аймагынын эң жапыз бөлүгүн (деңиз деңг. 500–900 *м* бийиктикте) чөл ж-а жарым чөл зонасы ээлейт. Бул зонада шыбак-эфемердүү чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү өсүп, ачык боз ж-а кадимки боз топурактары өөрчүйт. Бул топурактарга аз кесекчелүү борпоң структура мүнөздүү келип, чириндиси салыштырмалуу аз, ал эми минералдык сиңимдүү заттары арбын болот. Сугарганда түрдүү маданий өсүмдүктөр жакшы өсөт. Бул зонага ыраң, ак шыбак мүнөздүү, о. эле Орто Азияда кеңири таралган баялыштын түрлөрү өзүнчө баялыш-шыбактуу чөлдү түзөт. Талаа өсүмдүктөрү бийик адырларды, айрым жерлерде жапыз тоолорду ээлеп, деңиз деңг. 900–1300 *м* бийиктиктеги кеңири тилкени камтыйт. Кыртышында салыштырмалуу чириндиси мол келген күңүрт боз топурактары басымдуулук кылат. Өсүмдүктөрдөн пияз, түктүү арпа, түктүү буудайык, кызылот, ошондой эле шыбак, сарындыз өсөт. Ушул эле зонада талаа ж-а шалбаа өсүмдүктөрүнүн фонунда кеңири аймакты ксерофиттик сейрек токой, жыгач мистенин айрым массивдери, сейрек долоно дарактары ж. б. ээлейт.

Деңиз деңг. 1000–2200 *м* бийиктикте токойлуу талаа зонасы жайгашкан. Мында жаңгак-мөмө жемиш токою талаалашкан шалбаалуу, бадалдуу, сейрек алмалуу жерлер м-н кезектешип жатат. Токой астында кара-коңур токой, бадалдар, шалбаа ж-а талаа өсүмдүктөрүнүн астында күңүрт боз тоо талаа топурактары өөрчүйт. Жаңгак токоюнун астында өөрчүгөн топурак өзгөчө касиетке ээ: чириндиге бай, ал топуракка каралжын өң берип турат, жаңгак сымал структуралуу, ным сыйымдуулугу өтө зор ж. б. Ошого байланыштуу, капталдардын кыйла эңкейиштигине карабай агын суулар жокко эсе, кар ж-а жамгыр суулары бүт кыртышка сиңип кетет. Облустун аймагынын зор аянтын (700 миң *га*) ээлеген жаңгак-мөмө-жемиш токоюнун чарбалык мааниси өтө зор. Ал токойлор Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун Фергана өрөөнүн караган этек тоолорун ээлейт. Айрым жаңгак дарактары бириндеп 800 *м* бийиктиктен эле кездеше баштайт. Жаңгак токою деңиз деңг. 1000–1200 *м*ден 1800–1900 *м* бийиктикке чейин эң кеңири таралган. Жаңгак токоюнун 2-ярусун алма, андан төмөн алча, карагат, ит мурун ж. б. дарак-бадал өсүмдүктөрү түзөт. Андан жогору 2200 *м* бийиктикке чейин да төмөнкү зоналардагыдай эле жаңгак дарагынын бирин-серин түптөрү кездешет. Жаңгак токоюнун чет-жакаларында жапайы мөмө-жемиш дарактары – алмурут, алча, бадам, жүзүм ж. б. өсөт. Токой өсүмдүктөрү тоо капталдарынын түш., о. эле чыгыш экспозицияларынан башка бүт беттеринде өсүп, алар негизинен жаңгак ж-а жапайы мөмө-жемиш дарактарынан турат. Токойлуу талаа зонасынын ачык түш. ж-а бир аз чыгыш капталдары эфемероиддүү шалбаа ж-а талаа м-н капталган; аюу чачы, пияз түптүү арпа, үлпүлдөк-машактуу буудайык, кызылот, аксокто, кылкансыз түбү бош ж. б. үстөмдүк кылат. Түрдүү чөп өсүмдүктөрдөн бийик чатыр гүлдүүлөр – аюу чачы, шашыр өсөт. Кеңири аймакты ээлеген шалбаалуу талаанын бул участокторү негизинен кечки жаздык ж-а жайкы жайыт катары пайдаланылат. Бул зонанын жантайыңкы капталдарында ж-а жайык кырларында кайрак эгин эгилет.

Субальп зонасы 2000–3000 *м* бийиктикти ээлейт. Мында субальп шалбаасы ж-а карагай, көк карагай, арча, кайың ж. б-дан турган токой өсүмдүктөрү кеңири таралган. Субальп зонасында күңүрт түстөгү тоо-токой ж-а тоо-шалбаа-талаанын күрөң, чанда кара топурак сымал топурак типтери өөрчүйт. Чөп өсүмдүктөрдөн флёмис, крестовник, шимүүр, түлкү куйрук, аксокто ж. б. өсөт. Субальп шалбаасы жайкы жайыт катары кеңири пайдаланылат. Альп зонасы кырка тоолордун бийик (3000 *м*ден жогору) бөлүгүн ээлейт. Анда чымдак-чала чымдашкан тоо-шалбаа альп топурактары өөрчүйт. Зонанын басымдуу бөлүгүн аска, корум таш-шагылдар, чакан бөлүгүн альп шалбаасы ээлейт. Альп өсүмдүктөрүнүн ичинен эң кеңири таралганы көбүргөн басымдуулук кылган фитоценоздор болуп саналат. Көбүргөн м-н кошо казтаман, козукулак, таран ж. б. да өсөт. Альп шалбаа зонасы кыска мезгилге жайыт катары пайдаланылат.

**Калкы.** Облустун калкы респ-нын калкынын 18,0%ин (938,6 миң) түзөт. Анын 22,6%и (211,7 миңи) шаарларда, калган 77,4%и (726,9 миңи) айылдарда турат. Калкынын саны б-ча

респ-да Ош облусунан кийин 2-орунда турат. Көп улуттуу; басымдуу бөлүгү кыргыздар (69,8%), алардан сырткары өзбек (24,4%), орус (2,1%), украин (0,3%), тажик (0,6%), татар (0,8%), түрк (0,6%) ж. б. улуттардан да жашашат. Калктын жыштыгы жалпы респ-ныкына караганда бир аз жогору: 1 *км²* жерге 26 адам (респ-да 24) туура келет. Шаарлары: Жалал-Абад (облустун борбору 89,0 миң), Кара-Көл (20,8 миң), Көк-Жаңгак (10,5 миң), Майлы-Суу (28 миң), Кочкор-Ата (14,8 миң), Таш-Көмүр (34,8 миң); шаарчалары: Кетмен-Төбө (2,0 миң), Кызыл-Жар (2,6 миң), Көк-Таш (2,7 миң), Сумсар (5,4 миң), Терек-Сай (2,5 миң), Токтогул (16,1 миң), Шамалды-Сай (9,3 миң). Облустун калк көп жашаган айылдары: Базар-Коргон (1999-ж. эл каттоодо 25,7 миң калк жашаган), Сузак (19,6 миң), Кербен (13,9 миң), Масы (12,2 миң), Казарман (10,9 миң), Ала-Бука (9,9 миң), Арстанбап (8,9 миң), Абдраимов (8,4 миң), Октябрь (8,0 миң), Нарын (7,0 миң), Каныш-Кыя (3,1). 2000-ж. облуска келгендердин саны 4391 адам, кеткендер – 6231 адам болуп, калктын азайышы 184 адамды түзгөн. Башка жакка кеткендердин ичинен респ-нын чегинен тышкары 4055 адам, а. и. алыскы чет өлкөлөргө, б.а. КМШдан тышкары кеткендер 61 адам эле.

Облустун жалпы калкынын жаш курактары б-ча бөлүнүшү: 16 жашка чейинки жаштардын саны 1999-жылкы эл каттоодо 378,7 миң адам (жалпы калктын 43,5%и), эмгекке жарактуу куракпагылар – 425,7 миң (49,0%), эмгек жашынан жогору курактагылар – 64,9 миң (7,5%).

**Экономикасы.** Ж. о. экон. жактан өнүгүү деңгээли б-ча респ-да Чүй облусунан кийинки 2-регион. Анын өнүгүшүн ө. ж., а. ч., курулуш, транспорт ж-а байланыш, соода ж-а коомдук тамактануу тармактары, ал эми социалдык өсүшүн турмуш-тиричилик жактан тейлөө, билим ж-а илим, саламаттыкты сактоо, маданият ж. б. тармактарынын деңгээли аныктайт. Экон. ушул тармактары базар экономикасынын шартына ылайык ар түрлүү менчикке тиешелүү өндүрүштүк же тейлөөчү ишкана ж-а мекемелерден (өнөр жай, чакан ж-а өнөктөш ишканалар, кооперативдер, акционердик коомдор, биржа ж-а фирмалар, дыйкан ж-а фермер чарбалары, о. эле жеке дыйкан чарбалары) ж. б. өзүнчө ээлик кылуучу субъектилерден турат.

Облуста 2001-жылдын башында катталган ээлик кылуучу субъектилердин 5250сү юридикалык жактарга таандык. Алардын 2,2%и мамлекеттик менчиктеги, 2,1% – коммуналык ж-а 95,7% жеке менчиктеги ишканалар. Ишканалар түрлөрү б-ча ири (7,4%и), орто (15,9%) ж-а чакан (76,7%) болуп бөлүнүшөт. Алардын ичинен чакан ишканалардын 82,0% жеке менчик ишканалар ж-а 40%ке жакыны Жалал-Абад шаарында катталган. Облуста юридикалык жактардан башка жеке ишкердик кылышкан 15,4 миң жеке адамдар катталган. Алардын 6,3 миңи дыйкан (фермер) чарбаларына (жеке ишкерлердин 7,5% – ө. ж-га, 6,4% – транспортко, 8,3% – башка тармактарга) таандык.

Өнөр жай тармагында (1999) бардыгы 119 (башка ишканалардын ө. ж. б-ча иштеген цехтерин ж. б. кошуп эсептегенде), алардын ичинен өзүнчө балансада турган 86 ө. ж. ишканалары болгон. Аларда 13 миңдей жумушчу иштеп, 2000-ж. 9960,6 млн сомдук (респ-нын 23,2%) продукция өндүрүп, анын көлөмү а. ч., аңчылык ж-а токой чарбасы өндүргөн продукциялардан 1,5 эсе көп болгон. Өнөр жайдын негизги тармактары: электр-энергетика (өнөр жай продукциясынын 58,6%ин түзөт), түстүү металлургия (6,4%), отун (16,3%), жеңил (5,7%), машина куруу (7,9%) ж-а тамак-аш (3,5%) ө. ж-лары. Облустун ө. ж-ында (электр-энергетика, отун ж-а түстүү металлургия тармактары) республикадагы орду кыйла жогору.

Э л е к т р – э н е р г е т и к а облустун ө. ж-нын 57,6% продукциясын өндүрүп (респ-нын электр-энергетикасынын 83,3%), 4 ишканадан турат: Токтогул ГЭС каскаддары (2002-ж. 3,0 млн сомдук продукция өндүргөн), Таш-Көмүр ГЭСи (2001-ж. ишке киргизилген), Шамалды-Сай шаарчасындагы курулуп жаткан ГЭС ишканасы ж-а Жалал-Абадтагы ПЭС. Бул тармакта облустун жалпы ө. ж-нда иштеген калктын 18,8%и эмгектенип, ө. ж. өндүрүш фондунун 66,6% топтолгон. Облуста 2000-ж. 13,4 млрд. *кВт•с* электр энергиясы (респ-дагы электр энергиянын 90,0%) өндүрүлгөн. Өндүрүлгөн электр энергиянын басымдуу бөлүгү респ-нын башка региондорунда ж-а чет өлкөлөрдө пайдаланылат.

О т у н ө. ж. облустун ө. ж-нын 2-тармагы. Бул тармакта 2000-ж. ө. ж-дын 15,1% продукциясы өндүрүлгөн. Отун ө. ж. структурасына көмүр казып алуу, мунай ж-а жаратылыш газын өндүрүү, мунайды кайра иштетүү тармактары кирет. Көмүр казып алуу

тармагында 4 ишкана иштеп, аларда 647 адам эмгектенген. 2000-ж. 59,6 миң *т* көмүр казылып алынган (респ-да казылып алынган көмүрдүн 14,2%), 2000-ж. «Тегене» АКнын кубаттуулугунун 78,0%, «Көк-Жаңгак шахтысы» МАКнын 20,7%, «Таш-Көмүр» МАКнын 9,2%и гана пайдаланылган. Көмүр казып алуудагы мындай акыбал биринчиден өндүрүлгөн көмүрдүн өздүк наркынын кымбаттыгы, экинчиден алардын сапатынын начардыгы, үчүнчүдөн аларды сатуудагы рыноктун тардыгы же жоктугу себеп болууда.

Мунай ж-а табигый газын өндүрүү тармагында облустагы ж-а респ-кадагы жалгыз ишкана «Кыргызмунайгаз» АКсы иштейт. Ал Кочкор-Ата ш-нда жайгашып, 2000-ж. 77,0 миң *т* мунай (респ-нын 100%) ж-а 31,9 млн $м^3$ табигый газын өндүргөн. Отун ө. ж-нда өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн 23,1% ушул тармакка таандык. Облуста өндүрүлгөн жаратылыш газы Жалал-Абад, Кочкор-Ата ш-на берилип, азыраак бөлүгү Тажикстанга экспорттолот (2003). Отун ө. ж-нын маанилүү тармактарынын бири – мунайды кайра иштетүү. «Кыргыз Петролеум Компани» (КПК) биргелешкен ишканасы облуста өндүрүлгөн ж. б. өлкөлөрдөн ташылып келинген мунайды кайра иштетип, бензин (2000-ж. 53,1 миң *т* же респ-нын 85,1%и), дизелдик күйүүчү май (34,0 миң *т* же 100%), мазут (44,9 миң *т* же 100%) өндүргөн. Ишкана чыгарган мунай продуктулары респ-нын түш. райондорун толук камсыздандыра алат.

Жалпы ө. ж. продукциясынын 4,8%ин т ү с т ү у м е т а л л у р г и я өндүрүп, тармактардын ичинен 5-орунда турат. Бул тармактын 3 ишканасы бар, алар: Макмал алтын кен комбинаты (2000-ж. 166,2 млн сомдук киреше алган; 872 адам иштеген); «Макмал» алтын МАК; «Кристалл» МАК (жарым өткөргүчтүү кристаллдык кремний ж. б. түрлөрүн чыгаруучу КМШ өлкөлөрүндөгү жалгыз ишкана).

М а ш и н а к у р у у ж – а м е т а л л и ш т е т ү ү ө. ж. тармактарынын ичинде 6,9%, продукция өндүрүлүп, электр-энергетика, отун ж-а жеңил ө. ж-нан кийинки 4-орунду ээлейт. 2000-ж. 468,9 млн сомдук (респ-нын машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж-нын 35,4%и) ө. ж. өнүрүшүнүн негизги фонду топтолуп, 4656 (23,4%) жумушчу эмгектенген ж-а 689,1 млн сомдук (35,4) ө. ж. продукциясы өндүрүлгөн. Тармактын 19 ишканасы бар; ирилери: «Майлы-Суу электр, лампа заводу» АК, «Нур» АК, ТТО заводу, «Достук» АК, Гидросталь-конструкция АК, «Кыргызэлектроизолит» заводу, ОП – 36/10 ишканасы, «Жетиген» АК, «Анар» заводу, «Ротор» чакан ишканасы ж. б. Облустун машина куруу ө. ж. респ-нын масштабында ушул тармактын 46,1% продукциясын өндүрүп, облустардын ичинен 1-орунда турат. Негизги продукциялары: электр лампалары, электр тогун өткөрбөөчү (изоляциялоочу) материалдар (тасмалар) ж-а түтүкчөлөр, электр жылыткычтар, насостор, автомобиль тетиктери. Бул тармакта өндүрүлгөн продукциянын көп түрү экспортко ылайыкташтырылып чыгарылат. «Майлы-Суу электр лампа заводу» АКнын продукциясынын 80,0%ке жакыны, «Нур» АКнын 60,0%тен ашык продукциясы экспорттолот. Негизги ишканалары Жалал-Абад, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Кочкор-Ата ш-нда, Сумсар шаарчасында жайгашкан.

Токой, жыгаччылык ж-а целлюлоза-кагаз ө. ж-нда 23 ишкана иштеп (2000-ж.), анын 18и токой өстүрүп, жыгач отундарын, эмерек ж. б. буюмдарды жасоого жарактуу жыгачтарды даярдайт. Ал эми 5 ишкана жыгачтан эмерек ж. б. буюмдарды жасоого ылайыкташкан. Негизги ишканалары: Жалал-Абад ш-ндагы «Эмерек», «Көгарт» АК, Базар-Коргон р-нундагы «Кыргыз-түрк вуд ИНДАСТРИ» биргелешкен ишканасы, токой чарбачылыгындагы чакан ишкана-цехтер ж. б. Облустун аймагында жайгашкан ири жаңгак токоюнун негизинде жаңгак жыгачынан, айрыкча анын уюлунан (каптан) жогорку сапаттагы, баалуу, дүйнөлүк рынокко өтүмдүү эмеректерди ж. б. буюмдарды жасоого жетишүүгө болот.

Курулуш материалдарын өндүрүү тармагында 12 ишкана иштейт (2003); негизги ишканалары: «Кыргыз курулуш материалдар» АК, «Темирташ» АК, темир-бетон заводу (Жалал-Абад ш-нда), Ока-Керамика жоопкерчилиги чектелген коому (Кочкор-Атада), «Береке» АК (Майлы-Сууда), «Таш-Рабат» жоопкерчилиги чектелген коому (Токтогул шаарчасында); чыгарган негизги продукциялары: темир-бетон конструкциялары, кыш, карапа, черепица, бетон, курулуш аралашмалары ж. б. Айрым курулуш материалдар (кыш ж. б.) Өзбекстанга (Анжиян, Наманган облустарына) сатылат.

Жеңил ө. ж. тармагы өндүргөн продукциясынын көлөмү б-ча облустун ө. ж-нын структурасында 7,1%ти түзүп, энергетика ж-а отун ө. ж-нан кийинки 3-орунду ээлейт.

иштеген адамдардын саны б-ча тармактын республикадагы үлүшү 7,9%, өндүргөн продукциясынын көлөмү б-ча 29,2%ти түзгөн. 2000-ж. жеңил ө. ж. тармагында 28 ишкана иштеген. Ири ишканалары: «Кыргызпахтасы» АК, «Актилек-А» жоопкерчилиги чектелген коому, «Мата» АК, «Акалтын», «Этем Озсой», «Юнисеп Каттон-Рефинери», «Глейзер-Дунай-Нарын» биргелешкен ишканалары ж. б. Жеңил ө. ж. ишканалары негизинен Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Майлы-Суу ш-нда, Аксы, Базар-Коргон, Ноокен, Токтогул р-ндорунда жайгашкан. Алардын чыгарган негизги продукциялары: чигитинен тазаланып таңылган пахта буласы (2000-ж. 19,3 миң *т,* респ-дагы үлүшү 66,1%), токулбаган кездемелер (752,8 миң $м^2$ ж-а 90,6%), о. эле көйнөк, шым, төшөк, бут кийим ж. б. Пахта буласы экспортко (негизинен Орусияга) чыгарылат.

Тамак-аш ө. ж. облустун а. ч-нда өндүрүлгөн продукцияларды кайра иштетип, эл керектөөчү товарларды, айрыкча азык-түлүктү өндүрүп, калктын муктаждыгын камсыз кылып туруучу маанилүү тармак. Анда 2000-ж. 54 ишкана иштеген. Ири ишканалары: «Сарыалтын» (Таш-Көмүр ш-нда, ферменттелген тамеки өндүрөт), «Айыпбулак» (ферменттелген тамеки), «Арак заводу», «Таттуусуу» (кондитер азыктары) акционердик коомдору, Ала-Бука тамеки ферменттөөчү заводу, «Азизтабак» жоопкерчилиги чектелген коому (ферменттелген тамеки). Ири ишканалары негизинен Жалал-Абад, Таш-Көмүр ш-нда ж-а Ала-Бука р-нунда жайгашкан. Облустун тамак-аш ө. ж. ишканалары 2000-ж. респ-нын эт азыктарынын 18,0%, өсүмдүк майынын 46,5%, кондитер азыктарынын 36,8%, унунун 10,3%, спирт ичимдигинин 12,6%, жүзүм шарабынын 36,8%, минералдуу суусунун 20,8%, ферменттелген тамекисинин 10,3%ин ж. б. өндүргөн.

Ун-акшак ж-а аралаш тоют чыгаруу ө. ж-нда 2000-ж. 7 ишкана иштеп, аларда жалпы ө. ж-ндагы калктын 4,6% эмгектенген. Негизги ишканалары Жалал-Абад ш-нда жайгашкан; ири ишканалары: «Дан-ЮГ» жоопкерчилиги чектелген коому (жылдык орт. кубаттуулугу 48,0 миң *т* ун), Азретайып (36,6 миң *т*), «Даназык» (52,1 миң *т* ун ж-а 87,3 миң *т* аралаш тоют), Таш-Көмүр ш-ндагы «Техник» (29,3 миң *т*) акционердик коомдору ж. б. Облустун башка ишканалары да бул тармактын кошумча продукцияларын чыгарат; о. эле облустун шаарларында, райондорунда, айыл-кыштактарында жеке менчик тегирмендер ун-акшак тартышат.

Полиграфия ө. ж-нда 5 ишкана иштейт; алар Жалал-Абад, Таш-Көмүр ш-ндагы басмаканалар ж-а чакан ишкана. Негизги продукциялары: китеп, гезит, бланк, этикетка ж. б.

Ички дүң продукциясынын 49,9% айыл чарбасына туура келет. 2001-ж. 46 а. ч. кооперативи, 2 орток дыйкан чарбасы, 4 акционердик коом, 8,2 миң жеке дыйкан (фермер) субъекттери катталып, алар 7286,6 млн сомдук продукция өндүргөн. Айыл чарбадан өндүрүлгөн продукциянын көбүн (2001-ж. — 62,4 %) дыйканчылык өндүрүп, ал пахта, тамеки ж-а жашылча өстүрүүгө адистешкен. Кийинки жылдарда облустун жеринде кант кызылчасы ж-а май өсүмдүктөрү өстүрүлө баштады.

Айыл чарбага жарактуу жери 1835,5 миң *га,* анын 8,6% (158,3 миң *га*) айдоо жер, 0,3% (4,9 миң *га*) көп жылдык мөмө-жемиш дарактар, 2,1% (39,1 миң *га*) чөп чабынды ж-а 88,7% (1628,1 миң *га*) жайыт (1999). Эгин эгилген жердин аянты 875,5 миң *га* болуп (респ-дагы эгиндин 14,6%), анда 72,9 миң *га* дан (12,4%), 22,9 миң *га* пахта (67,5%), 4,5 миң *га* тамеки (31,0%), 5,6 миң *га* картөшкө (8,1%), 7,2 миң *га* жашылча (15,3%), 13,5 миң *га* тоют (8,0%), 19,9 миң *га* май өсүмдүктөрү (34,8%); калган 1,1 миң *га* жерге бакча эгилген. Булардан башка облустун жеринде 6,8 миң *га* мөмө-жемиш бактары (14,0%), 1,3 миң *га* жүзүм (16,7%) аянты болгон. Дыйканчылыктан 2000-ж. 214,7 миң *т* дан (респ-нын 13,7%), 58,4% миң *т* пахта (66,4%), 10,5 миң *т* тамеки (30,3%), 62,2 миң *т* картөшкө (5,9%), 112,2 миң *т* жашылча (15,0%), 18,9 миң *т* бакча (28,8%), 26,1 миң *т* мөмө-жемиш (16,2%) ж-а 6,2 миң *т* жүзүм (23,4%) алынган.

Мал чарба тармагы а. ч-нын 37,1% продукциясын өндүрөт. Облустун бардык чарбаларында 2001-жылдын 1-январында малдын саны миң баш м-н эсептегенде: уй 157,9 (респ-нын 16,7%), кой м-н эчки 617,5 (16,3%), жылкы 56,6 (16,0%), чочко 2,3 (2,3%), үй канаттуулары 474,0 (15,5%) болгон. Облустун мал чарбасынан 2000-ж. тирүү салмакта эсептегенде 43,4 миң *т* эт (респ-да өндүрүлгөн эттин 12,5%), 175,9 миң *т* чийки сүт (15,7%), физикалык салмактагы 1,7 миң *т* жүн (14,5%) ж-а 22,6 млн даана жумуртка (10,9%) өндүрүлгөн.

Жалал-Абад облусунда автомобиль, темир, аба жол ж-а куур транспорту бар. Алардын ичинен негизги орунду автомобиль транспорту ээлейт. 2000-ж. автомобиль транс-

порту м-н 4971,9 миң *т* жүк (респ-дагы жүктүн 13,6%), 461,6 млн жүргүнчү (10,6%) ташылган. Автомобиль жолунун негизин Бишкек–Ош жолу түзөт. Андан башка облуста Жалал-Абад – Казарман, Үч-Коргон–Кербен–Ала-Бука–Каныш-Кыя ж. б. жолдор бар.

Облустун жеринде Кара-Суу–Жалал-Абад–Көк-Жаңгак ж-а Наманган (Өзбекстан)–Үч-Коргон–Таш-Көмүр темир жол линиялары бар. Алардын узундугу аз эле болгонуна карабастан башка өлкөлөр м-н экон. байланыш түзүүдө мааниге ээ. Кочкор-Ата шаарчасынан Жалал-Абад ш-на чейин газ кууру жеткирилген. Жалал-Абад ш-нда, Казарман, Кербен, Каныш-Кыя кыштактарында аэропорттор иштеп, алардын Бишкек м-н аба жол катташы бар. Алардан башка Жалал-Абад ш. Каракол, Чолпон-Ата ш. ж-а Казарман кыштагы м-н аба жолдору аркылуу байланышат. Облустагы бардык шаарлар ж-а райондун борборлору облустун борбору – Жалал-Абад ш. м-н аба, кабель ж-а радиореле линиясы аркылуу байланышат.

**Маданий турмушу.** 13 жогорку окуу жайында 22,3 миң студент билим алып, аларда 970 окутуучу, (алардын 9у илимдин доктору, 67 илимдин кандидаты) иштеген. Алардан башка 8 атайын орто окуу жайларында 3,5 миң студент окуп, 292 окутуучу иштейт, 22 кесиптик-техникалык окуу жайларда 5,0 миң окуучу билим алган. Облуста 2000/01-окуу жылында 416 жалпы билим берүүчү мектепте 221,3 миң окуучу билим алган, 14,1 миң мугалим эмгектенген. Облус б-ча 293 мектепте кыргыз, 6 мектепте орус ж-а 38инде өзбек тилдеринде, ал эми 74 мектепте сабактар кыргыз, орус, өзбек тилдеринде окутулат.

Облус б-ча 92 клуб тибиндеги мекемелер, 3 автоклуб, 189 массалык китепканалар (2,0 млн нуска китеп ж-а журналдары м-н), 11 ар түрдүү музейлер, а. и. Аксыдагы ж-а Тогуз-Тородогу тарыхый-чөлкөм таануу музейлери, Сузак р-нда Барпынын үй музейи ж. б. бар. Алардан башка балдардын 14 музыкалык, 4 көркөм өнөр, 1 көркөм сүрөт мектептери, Жалал-Абад ш-дагы Барпы атн. кыргыз драма театры, Т. Тыныбеков атн. филармония ж. б. бар. Облустук радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү студиясы иштейт.

2001-ж. облуста 309 медициналык дарылоо мекемелери болуп, анын 261и айылдык амбулаториялар, ооруканалар, фельдшердик-акушердик пункттар. Бардык медициналык мекемелеринде 1664 врач (10 миң адамга 19 врач), 7066 медициналык орто билимдүү кызматкер (81), 7700 орундуу койка (10 миң адамга 89 койка) болгон. Кийинки жылдарда рыноктук экономиканын шартына ылайык, ири ооруканаларда каалоочулар үчүн акы алып дарылоо максатында атайын 1–2 оорулууга ылайык, бардык шарты бар палаталар иштей баштады.


Жалал-Абад ш-нын жанында дарылык касиети жогору болгон минералдуу суунун базасында атактуу *Жалал-Абад курорту* иштейт. Облустун аймагы жаратылыш шартынын коодугу, кен байлыктарынын ар түрдүүлүгү ж-а тарыхый эстеликтеринин сакталышы м-н белгилүү. Дүйнө жүзүндөгү жаңгак токойлордун ичинен эң көп аянтты ээлеген белгилүү Түш. Кырг-н жаңгак ж-а жемиш токоюнун 90% аянты облустун жеринде. Сары-Челек көлүнүн айланасы, Аркыт, Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма ж. б. жерлердин кооздугун айрыкча белгилөөгө болот. Облустун жеринде Таш доорунда адам жашаган Кара-Суу туругу, Саймалыташ (б.з.ч. 2 к.—б.з. 8-к.) ж-а Чаар-Таштагы таш бетине чегилген сүрөт-эстеликтер, Торкен көрүстөнүнүн (1—5-к.) калдыктары, 10—12-к-дардагы Күлбөс-Хан, Чанчар-Хан ж-а Тогуз-Торо шаар-чептеринин чалдыбарлары, Фазил-Шахтын (12-к.), Арстанбабанын (16-к.) мүрзөлөрү, Ыдырыс Пайгамбардын күмбөзү (19-к-дын башы) ж-а акыркы жылдарда калыбына келтирилип, кайра курулган Курманбек баатырдын күмбөзү бар.

*Ө. Бараталиев, А. Молдомусаева*

# РАЙОНДОРУ

**АКСЫ РАЙОНУ** — Жалал-Абад облусунун түн.-батышында жайгашкан адм. район. 1928-ж. негизделип, Кызыл-Жар р-ну деп аталган. Курамына Чаткал, Ала-Бука, Кербен, Таш-Көмүр аймактары кирип, Жалал-Абад кантонуна баш ийген. Райондун борбору Кербен кыштагы болгон. 1936-ж. Ала-Бука, Чаткал, Караван, Таш-Көмүр өз алдынча район болуп түзүлүп, Кызыл-Жар р-ну жоюлуп кеткен. 1943-ж. Таш-Көмүргө шаар статусу берилгенине байланыштуу Таш-Көмүр р-ну Жаңы-Жол р-ну деп аталып, райондун борбору Таш-Көмүрдөн Малкалды (азыркы Жаңы-Жол) айылына көчүрүлгөн. 1958-ж. районго Караван, 1963-ж. Чаткал, Ала-Бука р-ндору кошулуп, борбору Караван айылы болуп калат. 1969-ж. Ала-Бука, Чаткал р-ндору кайрадан бөлүнүп чыккан. 1991-жылдан Жаңы-Жол р-ну Аксы р-ну деп аталат. Түш-түгүнөн ж-а түш.-батышынан Өзбекстан, батышынан Ала-Бука, түн.-батышынан Чаткал, түн.-чыгышынан Токтогул, чыгышынан Ноо-кен р-ндору м-н чектешет. Аянты 3,5 миң $км^2$. Калкы 106,1 миң (2009). Райондо 67 кыштакты бириктирген 12 айыл округу (Авлетим, Ак-Жол, Ак-Суу, Жаңы-Жол, Жерге-Тал, Кара-Жыгач, Кара-Суу, Кашка-Суу, Кербен, Кызыл-Туу, Кош-Дөбө, Үч-Коргон) бар. Борбору — Кербен айылы (калкы 14,1миң; 2009).

Райондун аймагы Кара-Суунун алабын (Нарын дарыясынын оң куймасы) бүт ээлейт. Жери тоолуу. Түн., түн.-батыш тарабында Чаткал, түштүгүндө Бозбу-Тоо, чыгышында Ат-Ойнок кырка тоолору жайгашкан. Алардын ортосунда батыштан чыгышка Кербен түздүгү созулуп жатат. Кен байлыктары: таш көмүр, курулуш материалдары. Климаты



континенттик. Жайы ысык, кышы анча суук эмес. Январдын орт. температурасы тоо этегиндеги ж-а тоо арасындагы дыйканчылык зоналарында —2... —3°С, июлдуку 24—25°С; тоолорунда январдыкы —4...—5°С, июлдуку 18—22°С. Жылдык жаан-чачыны райондун түш. бөлүгүндө 290 *мм*, түн. ж-а түн.-чыгыш бөлүгүндө 600— 650 *мм*ге чейин. Райондун аймагынан Пачата, Кара-Суу ж-а анын куймалары — Авлетим, Ит-Агар, Аркыт ж.б. суулары агат. Алты көл бар; эң ириси — Сары-Челек, анын тегерегинде Ийрикөл, Ала-Көл, Бака-Көл, Кылаа-Көл сыяктуу көлдөрү бар. Өрөөндөрдө боз топурак басымдуу, мында шыбак, эрмен, адырашман, жылгын, камгак, ажырык чөптөр, о. эле мисте, бадам сыяктуу жемиш бактары өсөт. Тоолору (Чаткал) күрөң ж-а кара топурактуу келип, чекилдек, алма, алча, жаңгак, карагай ж. б. өсөт. Сарычелек коругу уюшулган.

Негизинен кыргыз (1999-жылдагы эл каттоо б-ча 91,6%), о. эле өзбек, орус, татар, украин, тажик, уйгур ж. б. улуттар да жашайт. Калкынын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 15 адам туура келет.

Райондун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкы-нын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Авлетим | Авлетим | 1922 | 2800 | 24 | 90 |
| Ак-Дөбө | Кербен | - | 3393 | 4 | 80 (Шамалды-Сай) |
| Ак-Жол | Ак-Жол | - | 1858 | 70 | 40 (Таш-Көмүр) |
| Ак-Сай | Ак-Суу | - | 1202 | 72 | 30 |
| Ак-Суу | Ак-Суу | 1930 | 2287 | 75 | 35 |
| Аркыт | Кызыл-Туу | - | 833 | 68 | 66 |
| Атана | Кош-Дөбө | - | 2298 | 18 | 60 |
| Бай-Кашка-Терек | Авлетим | - | 402 | 28 | 94 (Шамалды-Сай) |
| Бозпиек | Жерге-Тал | - | 1354 | 10 | 86 |
| Дардак-Дөбө, Сынынын оозу | Кара-Жыгач | - | 432 | 45 | 86 |
| Жаңгак | Кош-Дөбө | - | 1261 | 18 | 45 |
| Жаңгакты-Булак | Авлетим | 1959 | 105 | 20 | 85 |
| Жаңы-Жол, Малкалды | Жаңы-Жол | - | 3052 | 55 | 40 |
| Жерге-Тал | Жерге-Тал | 1890 | 3921 | 12 | 84 (Шамалды-Сай) |
| Жетиген | Кербен | 1930 | 1683 | 2 | 80 |
| Жолборсту | Ак-Жол | - | 783 | 80 | 50 |
| Жол-Сай | Кызыл-Туу | - | 1206 | 55 | 110 (Үч-Коргон) |
| Жүзүмжан | Кара-Суу | - | 1385 | 65 | 43 |
| Жылгын | Кызыл-Туу | - | 970 | 61 | 61 |
| Жылкол | Үч-Коргон | - | 832 | 70 | 11 |
| Ит-Агар | Авлетим | - | 918 | 22 | 80 |
| Кара-Дөбө | Кашка-Суу | - | 413 | 2 | 76 |
| Кара-Жыгач | Кара-Жыгач | - | 1557 | 35 | 60 |
| Кара-Ой | Кара-Жыгач | - | 285 | 40 | 65 |
| Кара-Суу | Кара-Суу | - | 1190 | 67 | 50 |
| Кара-Тыт | Ак-Жол | 1930 | 1000 | 80 | 40 |
| Кашка-Суу | Кашка-Суу | - | 3955 | 15 | 87 |
| Кезарт | Кара-Суу | - | 435 | 69 | 50 |
| Кербен | Кербен | 1870 | 13077 | - | 80 (Шамалды-Сай) |
| Кечүү | Ак-Жол | - | 587 | 83 | 50 |
| Кой-Таш | Жаңы-Жол | 1931 | 1298 | 50 | 55 |
| Коргон | Авлетим | 1930 | 1672 | 25 | 90 |
| Коргон-Дөбө, Жаңыталап | Ак-Суу | - | 1518 | 80 | 35 |
| Кум | Үч-Коргон | - | 2196 | 82 | 5 |
| Күлүк-Дөбө | Кербен | 1933 | 2008 | 5 | 80 |
| Күрпсай | Ак-Жол | - | 97 | 130 | 50 |
| Кызыл-Бейит | Ак-Жол | - | 218 | 230 | 100 |
| Кызыл-Жар | Үч-Коргон | - | 5110 | 73 | 4 (Үч-Коргон) |
| Кызыл-Капчыгай, Жер-Капчыгай | Жерге-Тал | 1935 | 1141 | 15 | 91 |
| Кызыл-Көл | Кара-Суу | - | 937 | 80 | 55 |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кызыл-Туу, К о ж о - А т а | Кызыл-Туу | - | 2026 | 58 | 58 |
| Мамай | Кербен | 1932 | 341 | 5 | 80 (Шамалды-Сай) |
| Мукур | Авлетим | - | 1833 | 17 | 80 |
| Муңдуз | Кош-Дөбө | 1947 | 828 | 30 | 57 |
| Нарын | Үч-Коргон | - | 6787 | 70 | 3 (Үч-Коргон) |
| Өлөң-Булак | Кашка-Суу | - | 2163 | 13 | 83 (Шамалды-Сай) |
| Разансай, Р а з а н к ү р п | Ак-Жол | 1931 | 134 | 210 | 30 |
| Райкомол | Ажол | - | 1316 | 70 | 50 |
| Сайбулуң | Кара-Суу | - | 661 | 80 | 85 |
| Сары-Кашка | Кош-Дөбө | - | 3328 | 25 | 50 |
| Сөгөт | Кашка-Суу | - | 483 | 17 | 72 |
| Сыны | Кара-Жыгач | - | 1971 | 40 | 65 |
| Таштак | Жаңы-Жол | - | 688 | 59 | 50 |
| Тегене | Ак-Жол | 1931 | 913 | 80 | 30 |
| Тегирмен-Сай | Авлетим | - | 483 | 32 | 98 |
| Терс | Жаңы-Жол | 1938 | 771 | 80 | 22 |
| Товар-Сай | Авлетим | - | 1772 | 37 | 571 |
| Топ-Жаңгак | Кара-Суу | 1938 | 890 | 42 | 65 |
| Төр-Камыш | Кара-Жыгач | - | 403 | 37 | 60 |
| Торук | Кош-Дөбө | - | 1084 | 15 | 48 |
| Түрдүк | Кара-Суу | - | 87 | 55 | 75 |
| Улук | Кош-Дөбө | - | 1291 | 17 | 50 |
| Устукан | Кербен | 1933 | 210 | 5 | 85 |
| Чалдыбар | Кара-Суу | - | 590 | 50 | 70 |
| Чарба | Кара-Жыгач | 1930 | 722 | 37 | 60 |
| Чат | Кара-Суу | - | 260 | 55 | 75 |
| Чие | Кош-Дөбө | - | 1295 | 20 | 43 |

Райондук чарбанын негизги тармагы айыл чарбасы. Негизинен дыйканчылыгы өнүккөн. Айдоо аянты 17690 *га*, анын 6439 *га*сы сугат, 11251 *га*сы кайрак жер. Жер ж-а агрардык реформанын негизинде райондо 5 колхоз, 4 совхоздун ордуна 230 дыйкан, 30 фермердик, 937 жеке, 3 мамл. үрөн чарбалары түзүлгөн. 2000-жылга карата 19412 *т* дан эгиндери, 1980 *т* тамеки, 13354 *т* картошка, 5600 *т* пахта, 7931 *т* жашылча, 3365 *т* бахча, 2271 *т* май өсүмдүктөрү, 12232 *т* мөмө-жемиш жыйналган. 2001-ж. 19773 кара мал, 73911 кой-эчки, 10102 жылкы, 42137 үй куштары болгон; 6118 *т* эт, 24750 *т* сүт, 176 *т* жүн, 2,6 млн жумуртка даярдалган. Өнөр жай ишканаларынан «Ыманата» акционердик коому (1993-ж. «Кербен» сүт-май заводунун базасында уюшулган), «Гүлазык» жоопкерчилиги чектелген коому (1993-ж. «Кербен» вино цехинин базасында уюшулган), «Мадина» чакан ишканасы (1992-жылдан иштейт; пахта тазалайт, ун чыгарат, жыгач иштетет), «Глейзер-Дунай — Нарын» биргелешкен ишканасы (1997-ж. уюшулган; пахта тазалайт; кубаттуулугу 10 миң *т*) иштейт.

Райондо алгачкы мектептер 1919-ж. Сыны, 1923-ж. Ак-Суу (жетим балдар үчүн жатак-мектеп), 1928-ж. Кербен айылдарында ачылган. 2001/02-окуу жылында 44 орто, 5 негизги, 8 башталгыч мектепте 26053 окуучу окуп, 2154 мугалим эмгектенген. Мындан тышкары райондун аймагында жатак-лицей, 11 бала бакча, спорт мектеби, муз. мектеп, 2 кесиптик-техникалык окуу жайы, 2 балдардын эс алуу жайы, 16 маданият үйү, кинотеатр, музей, эс алуу багы, 20 мечит бар. Райондун калкын борбордук, 6 айылдык оорукана, 3 айылдык врачтык амбулатория, 29 фельдшер-акушердик пункт, 14 дарыкана, СЭС тейлейт. Аларда 127 врач, 565 мед. орто билимдүү адис иштейт (2001). Райондук «Аксы турмушу» гезити кыргыз тилинде чыгат.


*Т. Төробекова*

**АЛА-БУКА РАЙОНУ** — Жалал-Абад облусунун батыш бөлүгүн ээлеген админ. район. 1936-ж. Кызыл-Жар р-нунан бөлүнүп, өзүнчө район болуп уюшулган. 1956-ж. ага Чаткал р-ну кошулган. 1963-ж. Жаңы-Жол (Аксы) р-ну м-н биригип, 1969-ж. кайра бөлүнгөн. 1980-ж. Чаткал р-ну андан бөлүнүп кеткен. Түндүгүнөн Чаткал, чыгышынан

Аксы р-ндору, түштүгүнөн ж-а батышынан Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 3 миң *км²*. Калкы 87,5 миң (2009). Райондо 41 кыштак, 8 айыл округу (Ала-Бука, Ак-Коргон, Актам, Биринчи-Май, Көк-Серек, Көк-Таш, Өрүктү, Ызар айыл округдары) бар. Борбору — Ала-Бука кыштагы (10,8 миң).

Райондун аймагы көбүнчө Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш тармактарын ж-а Фергана тоо тизмегинин этегиндеги адырларды ээлейт. Рельефи негизинен тоолуу. Чаткал кырка тоосунун капталдарынан түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металл кендери ачылган. Сумсар ж-а Каба-Сай кендеринин мааниси зор. Курулуш материалдарына да бай. Климаты континенттик, кургакчыл. Адырларда январдын орт. температурасы —10° С, июлдуку 30° С, тоолордо январдыкы —20° С, июлдуку 20°С. Жылдык жаан-чачыны тоо этектеринде 300—400 *мм*, тоолордо 600 *мм*ге чейин. Райондун аймагынан Ала-Бука, Чанач-Сай, Терек-Сай, Сумсар, Каба-Сай суулары агып өтөт. Бул суулар райондун ж-а Өзбекстандын жерлерин сугарууда пайдаланылат. Касан-Сай суусунда суу сактагыч курулган. Райондун деңиз деңг. 1500 *м* бийиктикте ачык, кара боз, 2600 *м* бийиктикте кара кочкул, айрым жерлеринде кара топурак тараган. 1300—2500 *м* бийиктикте (Чаткал кырка тоосунун капталдарында) тоо-токой топурагы басымдуу. Андан жогору тоо шалбаа топурагы мүнөздүү. Тоо этектериндеги түздүктө ж-а адырларда чекенди, улам жогорулаган сайын шыралжын, эрмен-шыбак, бетеге ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Тоо капталдарында алча, алма ж. б. аралаш жаңгак, деңиз деңг. 3000 *м* бийиктикте арча токою, андан жогору субальп шалбаасы-жайыт ээлейт.

Калкы көп улуттуу (25 улуттун өкүлү жашайт), көбү кыргыздар (62%), о. эле өзбектер, тажиктер ж. б. Орт. жыштыгы — 1 *км²*ге 18 киши. Калктын негизги бөлүгү тоо этектериндеги түздүктөрдө ж-а суу бойлорунда отурукташкан.



Райондун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкы-нын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Наманган т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ажек (Комсомол) | Биринчи Май | 1954 | 1592 | 46 | 55 |
| Айыртам | -»- | 1950 | 3417 | 56 | 55 |
| Ак-Башат | -»- | - | 842 | 55 | 85 |
| Ак-Коргон | Ак-Коргон | 1900 | 5570 | 15 | 65 |
| Актайлак | Көк-Серек | - | 668 | 63 | 80 |
| Актам | Актам | 1900 | 3729 | 13 | 65 |
| Ала-Бука | Ала-Бука | 1900 | 10081 | облустун борб-нан 230 | 65 |
| Алма-Бел | Биринчи-Май | 1960 | 215 | 55 | 59 |
| Баймак | Ызар | 1932 | 1716 | 12 | 53 |
| Баястан | Ак-Коргон | 1945 | 4000 | 19 | 62 |
| Бирлешкен, Көк-Серек | Көк-Серек | 1935 | 790 | 170 | 370 |
| Булак-Башы | Көк-Таш | - | 369 | 66 | 40 |
| Жалгыз-Өрүк | Актам | - | 455 | 76 | 60 (Чуст) |
| Жаңы-Шаар | Биринчи-Май | 1953 | 1886 | 42 | 52 |
| Жапасалды | Актам | 1850 | 1486 | 8 | 73 |
| Жойбелент | Өрүктү | - | 2520 | 8 | 73 |
| Кара-Үңкүр | Биринчи-Май | - | 516 | 39 | 56 |
| Кашкалак | Ызар | - | 2514 | 12 | 63 |
| Кош-Алмурут | Ызар | 1919 | 1575 | 10 | 60 |
| Кошболот | Көк-Серек | 1939 | 670 | 48 | 67 |
| Кош-Терек | Ызар | 1939 | 1637 | 5 | 56 |
| Көк-Таш | Көк-Таш | - | 412 | 110 | 40 (Чуст) |
| Күйгүмөн, Кең-Кол | Өрүктү | - | 487 | 13 | 70 |
| Күллөксай | Көк-Таш | 1934 | 259 | 72 | 107 (Чуст) |
| Кызыл-Ата | Актам | - | 1769 | 5 | 70 |
| Орто-Суу | Көк-Таш | - | 428 | 78 | 70 (Чуст) |
| Орто-Токой | Өрүктү | - | 480 | 9 | 74 |
| Өрүктү | Өрүктү | - | 1447 | 14 | 79 |
| Падек | Ак-Коргон | - | 2600 | 18 | 68 |
| Сапалак | Ала-Бука | - | 220 | 2 | 67 |
| Сары-Талаа | Ала-Бука | - | 2997 | 3 | 68 |
| Совет-Сай | Биринчи-Май | 1935 | 977 | 35 | 50 |
| Төлөкө | Көк-Серек | - | 271 | 71 | 31 |
| Чолоктума | Өрүктү | - | 487 | 9 | 74 |
| Чоң-Сай | Көк-Таш | - | 276 | 90 | 60 (Чуст) |
| Ызар | Ызар | - | 1334 | 7 | 58 |

Чарбасынын негизин дыйканчылык ж-а мал чарбасы түзөт. Айыл чарбага жарактуу жери 141,8 миң *га*, а. и. 21,3 миң *га* айдоо жер (анын 15,1 миң *га*сы сугат, 6,2 миң *га*сы кайрак жер), 24 миң *га* чабынды, 120,7 миң *га* жайыт, 563 *га* бак-дарак; 16 *га* саздак жери бар. Айдоо аянтында а. ч. өсүмдүктөрүнүн 20дан ашык түрү өстүрүлөт. 2001-жылдын 1-январына карата райондо 2648 жеке, 439 дыйкан, 42 фермердик чарба, 22 а. ч. кооперативи уюшулган. Аларды Зеңгиата, Падек, Ак-Коргон үрөнчүлүк чарбалары үрөн м-н камсыздайт. 2000-ж. 10833 *га* жерге дан эгилип, ар *га*дан 37,6 *ц*, дүң жыйымы 33229 *т*; 2205 *га* жердеги жүгөрүнүн ар *га*сынан 60,1 *ц*, дүң жыйымы 13261 *т*; 1193 *га* жердеги тамекинин ар *га*сынан 24 *ц*, дүң жыйымы 2858 *т*, 2781 *га* жердеги май алынуучу өсүмдүктөрдүн ар *га*сынан 9,6 *ц*, дүң жыйымы 2668 *т*; 828 *га* жердеги картошканын ар *га*сынан 124 *ц*, дүң жыйымы 10273 *т*; 929 *га* жердеги жашылчанын ар *га*сынан 124,4 *ц*, дүң жыйымы 11557 *т*; 868 *га* мөмө-жемиш багынын ар *га*сынан 33,1 *ц*, дүң жыйымы 2871 *т* түшүм алынган. Райондо 2000-ж. 18 миң карамал (а. и. 9,1 миң уй), 103,3 миң кой-эчки, 5330 жылкы (а. и. 1430 бээ), 61,1 миң үй кушу болгон. Район б-ча 5436 *т* эт (тирүүлөй салмак), 20 миң *т* сүт, 275 *т* жүн, 3756 миң даана жумуртка даярдалып, малдын ар 100 тубарынан 85 музоо, 100 козу-улак, 69 кулун алынган (2000).

Өнөр жай ишканаларынан «Техник» акционердик коому, «Достук-Калача» фирмасы, кыш заводу, тамеки ферменттөөчү завод ж. б. иштейт. 2000-ж. «Техник» акционердик коому 9,1 *т* макарон, «Достук-Калача» фирмасы 57,4 миң *л* вино, кыш заводу 200 миң даана кыш даярдаган, тамеки ферменттөөчү завод 572 *т* тамеки ферменттеген.

Райондун аймагында алгачкы мектептер 1927-ж. Достук, Кызыл-Ата айылдарында ачылган. 2000/01-окуу жылында райондогу 36 мектепте (а. и. 27 орто, 6 негизги, 3 башталгыч) 19637 окуучу окуп, 1308 мугалим иштеген. 12 мектеп толук компьютерлешкен. Айрым мектептерде гимназиялык класстар, музейлер уюшулган. Райондун борборундагы 3 бала бакчада 520 бала тарбияланган, 29 тарбиячы, мугалим иштеген. Мындан тышкары райондун аймагында 10 бала бакча (892 бала тарбияланган, 50 тарбиячы, мугалим иштеген), балдардын «Жоогазын» эс алуу лагери (Чанач-Сай айылында, 500 орундуу), «Ак-Коргон» лицейи (1970-ж. уюшулган), спорт мектеби (1973-ж. уюшулган, 832 окуучу машыккан, 14 машыктыргыч-мугалим иштеген), 3 муз. мектеп (400 окуучуга 28 мугалим сабак берген), 1997-ж. ачылган балдардын билим берүү борбору (250 окуучу ийримдерге катышкан, 12 мугалим иштеген), балдардын чыгармачылык үйү бар. Райондук «Айыл акыйкаты» гезити чыгат. Райондо 128 орундуу борборлоштурулган оорукана, 4 участкалык оорукана, 17 фельдшер-акушердик пункт, район аралык учук оорулар диспансери, санитардык-эпидемиологиялык станция, 7 бейтапкана, 19 дарыкана иштейт. Райондун аймагында «Шахфазил» тарыхый-мемориалдык ансамбли бар.

*Т. Торобекова*


**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ** – Жалал-Абад облусундагы админ.-бирдик. 1934-ж. чейин анын курамында Масы р-ну да болгон. 1937—78-ж-дын аралыгында Масы ж-а Базар-Коргон р-ндору эки жолу биригип, кийин Ленин р-ну аталган. 1978-жылдан Базар-Коргон өзүнчө район. Батышынан Ноокен, түндүгүнөн Токтогул, түн.-чыгышынан Тогуз-Торо, чыгышынан ж-а түштүгүнөн Сузак райондору, түш.-батышынан Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 2,0 миң *км²*. Калкы 142,9 миң (2009). Борбору — Базар-Коргон кыштагы (калкы 33,4 миң). Ал облустун борбору ж-а темир жол бекети Жалал-Абад ш-нан ж-а аэропортунан 33 *км* аралыкта.

Райондун аймагы негизинен Кара-Үңкүр өрөөнү ж-а аны курчап турган Бабаш-Ата кырка тоосунун түш.-чыгыш, Кеңкол, Фергана тоолорунун түш. капталдарын, о. эле Фергана өрөөнүнүн түн.-чыгыш өндүрүнүн бир аз бөлүгүн ээлейт. Өрөөндүн жогорку бөлүгү кууш, капчыгайлуу, Чарбак кыш. тушта эки айрыкка — Кызыл-Үңкүр өрөөнүнө ж-а Арстанбап өрөөнүнө бөлүнөт. Бул аймактар жапайы жаңгак-жемиш токою м-н капталып, табияты кооз. Өрөөндүн оoз тарабы (түш.-батыш бөлүгү) жайык (жазылыгы 70 кмге чейин), акырындап Фергана өндүрүнө өтөт. Өрөөндүн таманынын деңиз деңг. бийиктиги 600—1400 м. Райондун табигый байлыгынын негизин Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Каба, Ачы жапайы жаңгак-жемиш токой массивдери, курулуш материалдары, минералдуу суулары түзөт. Климаты мелүүн континенттик, жер ортолук деңиз тибиндеги климатка окшош. Кышы мелүүн суук, январдын орт. темп-расы —3... —10°C; жайы кургакчыл, ысык, тоолуу бөлүгүндө салкын, июлдун орт. температурасы 10—20°C. Жылдык жаан-чачынынын өлчөмү түзөң бөлүгүндө 300—400 *мм*, тоолуу бөлүгүндө 1100 *мм*ге чейин. Өрөөн аркылуу Кара-Үңкүр суусу агат; ал Фергана (Миң-Теке, Муз-Төр) ж-а Бабаш-Ата тоолорунан башталып, Кызыл-Үңкүр, Жаз-Кечүү ж-а Арстанбап сууларынын кошулушунан түзүлөт. Көлдөрүнөн Кеңкол, Кутманкөл, Каракол сыяктуу ж. б. чакан көлдөрү бар. Жери негизинен боз, кара күрөң ж-а күрөң-тоо топурактуу. Райондун аймагына ландшафтын бийиктик алкактуулугу мүнөздүү. Деңиз деңг. 600—900 *м* бийиктикте ландшафт ж-а чөл өсүмдүктөрү, андан жогору (800—1200 *м*) жарым чөл, 1000—2000 *м*де талаа ж-а бадал, 1100—2500 *м*де жаңгак-жемиш токою, шалбаа ж-а бадал, 2600—3200 *м*де шалбаалуу альп, 3200—3500 *м*де шалбаалуу альп, 3500 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары таралган. Б. р-нун аймагында Түш. Кырг-ндагы жапайы жаңгак-жемиш токоюнун эң жыш массивдери (Арстанбап, Кызыл-Үңкүр) жайгашкан. Ал массивдер-дүйнөдөгү эң кооз жерлердин бири. Коздукту жыш өскөн жапайы жаңгак-жемиш токою түзөт. Жаңгакка аралаш алча, алмурут, карагат, кайналы, айвансари, алма ж. б. мөмө-жемиштер, о. эле шилби, итмурун, асамуса, карамарт, ыргай, четин өсөт. Токой арасындагы ачык аянттарды бийик өскөн шалбаа

өсүмдүктөрү ээлейт. Суу боюнда терек, тал, чычырканак ж. б. өсөт. Жаңгак токоюнун жогорку чегинде карагай, акчечек, кайың, шилби, табылгы кездешет. Токойду калыбына келтирүү ж-а көбөйтүү максатында жаңы көчөттөр отургузулуп турулат. Район рекреациялык ресурстарга бай; анын табиятынын өзгөчөлүгү, климатынын жагымдуулугу туристтерди, эс алуучуларды өзүнө тартат. Айтылуу Арстанбап, Кызыл-Үңкүр өрөөндөрүндөгү эс алуу жайларына, табият эстеликтерине (жапайы жаңгак жемиш токойлуу ландшафтына, шаркыратмаларына ж. б.) жылына миңдеген туристтер келип эс алып кетишет.

Райондун калкы көп улуттуу; көбү кыргыздар, андан сырткары орус, өзбек, уйгур, тажик, украин, корей, башкырт, татар ж. б. 24 улут өкүлү жашайт (1999-ж. эл каттоо б-ча). Калкынын орт. жыштыгы респ-нын жалпы жыштыгынан жогору, 1 *км²* жерге 40тай адам туура келет. Калкы эң көп айыл — Базар-Коргон, анда 33 миңден ашык калк жашайт. Райондо 9 айыл округу, 55 кыштак, 4 токой чарбасы бар.

Райондун экон-нын негизин а. ч. түзөт. А. ч-нын негизги багыты пахтачылык, дан чарбасы ж-а тамекичилик. Район б-ча 2000-ж. 6130 чарбалык субъект иштеп, анын 5701 үй бүлөлүк, 85 фермердик, 318 дыйкан чарба, 4 үрөнчүлүк чарбасы болгон. А. ч-га жарактуу жери 104,6 миң *га*, анын 6,9 миң *гасы* кайрак, 13,3 миң *гасы* сугат жер, 5543 *гасы*



**Р а й о н д у н   а й ы л - к ы ш т а к т а р ы**

| Айыл-кыштактардын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негизделген жылы | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жалал-Абад т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Абдраимов (Арпачы, Совет) | Кеңеш | 1886 | 8400 | 3 | 35 |
| Ак-Булак | Кызыл-Үңкүр | 1932 | 430 | 56 | 92 |
| Ак-Терек, (Жалпак-Таш, Кара- | Талды-Булак | - | 480 | 35 | 68 |
| Ой) | Талды-Булак | - | 370 | 40 | 72 |
| Актыт | Сейдикум | - | 1450 | 10 | 40 |
| Аркалык | Арстанбап | - | 9000 | 53 | 87 |
| Арстанбап | Кеңеш | 1932 | 2500 | 6 | 36 |
| Аук | Базар-Коргон | 1850 | 27,8 | - | 33 |
| Базар-Коргон | Бешик-Жон | 1932 | 2500 | 10 | 36 |
| Баймундуз (Интернационал) | Арстанбап | 1936 | 840 | 55 | 88 |
| Бел-Терек (Жапаш) | Базар-Коргон | 1928 | 1200 | 20 | 54 |
| Беш-Бадам | Бешик-Жон | 1900 | 4000 | 6 | 32 |
| Бешик-Жон | Кеңеш | 1930 | 3900 | 8 | 40 |
| Биринчи-Май | Могол | 1950 | - | 43 | 79 |
| Бувакол | Арстанбап | 1932 | 1540 | 47 | 80 |
| Гүмкана | Арстанбап | - | - | 60 | 92 |
| Дашман | Сейдикум | 1950 | 280 | 14 | 47 |
| Дөш (Төш) | Сейдикум | 1950 | 450 | 20 | 53 |
| Дүкүр | Кызыл-Үңкүр | 1920 | 400 | 20 | 116 |
| Жаз-Кечүү | Арстанбап | 1905 | 2000 | 48 | 80 |
| Жай-Терек | Сейдикум | 1937 | 1400 | 16 | 49 |
| Жаңы-Абад | Акман | - | 2300 | 6 | 20 |
| Жанакман | Арстанбап | - | 460 | 47 | 80 |
| Жарадар | Акман | 1930 | 1930 | 11 | 24 |
| Жараке | Сейдикум | 1937 | 900 | 8 | 41 |
| Жаш-Ленин | Базар-Коргон | 1900 | 650 | 6 | 39 |
| Жетикошкон | Бешик-Жон | 1917 | 1340 | 8 | 25 |
| Жон | Талды-Булак | - | 900 | 23 | 55 |
| Каба | Сейдикум | 1950 | 2000 | 45 | 13 |
| Кажырабат | Могол | 1905 | 24 үйбүлө | 40 | 72 |
| Кайнар | Акман | 1900 | 1700 | 7 | 23 |
| Кайырма | Кеңеш | 1915 | 1060 | 22 | 55 |
| Каражыгач | Могол | 1950 | 732 | 31 | 65 |
| Кара-Ой | Бешик-Жон | 1900 | 2200 | 8 | 36 |
| Карача (Калинин) | Кызыл-Үңкүр | 1932 | 680 | 62 | 95 |
| Катар-Жангак | Талды-Булак | | 480 | 35 | 65 |
| Катар-Жаңгак | Акман | 1910 | 1800 | 13 | 25 |
| Колот | Акман | 1930 | 2000 | 13 | 25 |
| Кош-Коргон | Талды-Булак | | | 60 | 90 |
| Көгалма | Могол | 1932 | 3509 | 32 | 65 |
| Көктонду (Правда) | Кызыл-Үңкүр | 1932 | 800 | 64 | 96 |
| Көсө-Терек | Сейдикум | 1937 | 4300 | 6 | 38 |
| Кызылай (Көк-Айдар) | Кеңеш | 1900 | 2500 | 10 | 42 |
| Кызыл-Октябрь | Могол | 1914 | 500 | 41 | 73 |
| Кызыл-Суу | Кызыл-Үңкүр | 1900 | 1000 | 64 | 97 |
| Кызыл-Үңкүр, Кордон | Талды-Булак | - | 500 | 27 | 50 |
| Кыргоо | Кеңеш | 1934 | 1200 | 5 | 37 |
| Могол-Коргон | Могол | 1850 | 2244 | 42 | 75 |
| Ооган-Талаа | Талды-Булак | 1900 | | 30 | 62 |
| Сары-Жайык (Кыргызкаба) | Акман | 1930 | 400 | 16 | 16 |
| Таш-Булак | Сейдикум | 1932 | 450 | 4 | 37 |
| Тойчу-Бекчек | Сейдикум | 1955 | 500 | 12 | 44 |
| Турпак-Коргон | Талды-Булак | 1933 | 2700 | 43 | 74 |
| Үчбулак | Могол | 1878 | 4043 | 40 | 72 |
| Чарбак | Сейдикум | 1939 | 700 | 20 | 62 |
| Чек | Могол | 1910 | 1135 | 32 | 52 |
| Чкалов, Сары-Булак, Бешкыштак | Сейдикум | 1932 | 850 | 10 | 42 |
| Чонкурулуш | Кеңеш | 1907 | 3000 | 10 | 42 |
| Шыдыр (Коткор, Таштак, Тандоо) | | | | | |

чабынды, 78,3 миң *га*сы жайыт, 791 *га*сы көп жылдык бак-дарактар. Айдоо жерлеринен 2001-ж. 21,4 миң *т* буудай, 14,8 миң *т* пахта, 2,0 миң *т* тамеки, 9,3 миң *т* картошка, 3,6 миң *т* мөмө-жемиш, 16,3 миң *т* жашылча, мал чарбасы үчүн 12,4 миң *т* тоют жыйналган. 2000-ж. буудай 7042 *га*, жүгөрү 1178 *га*, күрүч 524 *га*, башка дан өсүмдүктөрү 354 *га*, пахта 5350 *га*, тамеки 838 *га*, май алынучу өсүмдүктөр 4451 *га*, картошка 787 *га*, жашылча 960 *га*, бакча 206 *га* жерге өстүрүлгөн. Райондо 2001-ж. 55,6 миң кой, эчки, 4,6 миң бодо мал, 6,9 миң баш жылкы, 7,0 миң үй кушу асыралган, 5,5 миң *т* эт, 26,6 миң *л* сүт, 151 *т* жүн өндүрүлгөн. 1990—95-ж. райондогу колхоз, совхоздор жоюлуп, алардын менчиктери жеке менчиктерге өткөрүлүп берилген.

Райондун экон-нда ө. ж-дын үлүшү да кыйла маанилүү. 2000-ж. райондун жалпы ө. ж-нда 193671 миң сомдук продукция өндүрүлгөн. Райондо ө. ж. ишканаларынан пахтаны кайра иштеп чыгуучу «Актилек-А», «Алтынкемер» жоопкерчилиги чектелген ишканалары, «Кыргыз — Түрк Этем Озсой» заводу, жаңгак жыгачынан үй буюмдарына керектүү материалдарды иштеп чыгаруучу Кыргыз-Түрк Вуд Индастри ишканасы иштейт. Ал эми Кыргыз-Америкалык «Дюбек холдинг» тамеки ферменттөөчү, Кыргыз-Корей жибек өндүрүүчү биргелешкен ишканалары өз продукцияларын чет өлкөлөргө сунуш кылууда. Ошондой эле райондо «Байлык», «Кенч», «Айыл курулуш», «Кара-Үңкүр» акционердик коомдору, сүт, нан заводдору, 138 тегирмен, 58 май тегирмен, 31 ак жуаз чакан ишканалары иштейт. Базар-Коргон кыш-нда жеке менчик 8 базар бар. Райондун токой чарбаларында (Арстанбапата, Ачы, Каба, Кызыл-Үңкүр) жапайы жаңгак жемиш токоюнун жаңгак, алма, алча, мисте ж. б. мөмөлөрү чогултулуп, ишканаларда кайра иштетилип чыгарылат. Токой чарбаларында аарычылык да өнүккөн; андан алынган бал чет өлкөлөрдө жогору бааланып, келишим б-ча Германия, Япония ж. б. ири өлкөлөр көп жылдар бою алып турат.

Райондогу транспорт каттамынын негизги түрү — автомобиль жолу. Андагы жолдордун жалпы уз. 194 *км*, анын асфальтталганы 147 *км*. Райондун борбору — Базар-Коргон кыш. жолдор тоому болуп саналат. Ал аркылуу Бишкек — Жалал-Абад — Ош автомобиль жолу өтөт. Андан сырткары Базар-Коргон — Арстанбап, Базар-Коргон — Кызыл-Үңкүр, Базар-Коргон — Жалал-Абад ж. б. автомобиль жолдору бар.


Билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1920-ж. Жалал-Абад кантонуна караштуу Базар-Коргон чөлкөмүндө сабатсыздыкты жоюу б-ча комиссия ишке киришип, жер-жерлерге мектеп ачыла баштаган. Аймактагы кыргыз айылдарындагы 1-мектеп 1925-ж. Жон айылында Карымшак уулу Чыйбыл тарабынан анын өз үйүндө ачылган; ал 1-баскычтагы башталгыч мектеп болгон. 1926—27-окуу жылында Базар-Коргондо алгачкы жатак мектеп (интернат) ачылып, ал «Коммунисттик жаштар мектеби» деп аталган. Райондо 2001/02-окуу жылында 2 кесиптик лицей (Базар-Коргон, Кажырабат кыш-нда; аларда 465 окуучу окуп, 21 мугалим, 16 мастер иштеген), 44 орто, 7 негизги, 5 башталгыч мектеп (жалпы билим берүүчү мектептерде 32987 окуучу окуп, 2253 мугалим иштейт), 13 мектепке чейинки мекеме (анда 900 бала тарбияланат) болгон. Андан сырткары райондук спорт (357 окуучу), муз. мектептер (115 окуучу), гимназия жатак мектеби, 4 гимназия багытында иштеп жаткан мектеп (жалпы гимназиялык мектептерде 4758 окуучу окуйт), балдар ж-а өспүрүмдөрдүн «Жаш талант» чыгармачыл борбору (210 окуучу) иштейт. Арстанбап, Кызыл-Үңкүр аймактарында окуучулар жайында эс алуучу жайлар бар. Райондо 2000-ж. борборлоштурулган китепкана (китеп фондусу 25,2 миң нуска), 27 айылдык китепкана, 8 маданий-социалдык комплекс, 13 маданият үйү, аваздык аспаптык ансамбль («Асман»), 26 ийрим, маданий эс алуу паркы (саябак), кино-театр, борборлоштурулган оорукана, 6 айылдык оорукана, бейтапкана, учук оорулар диспансери, 16 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 17 фельдшер-акушердик пункт, 5 айылдык төрөт үйү, санитардык эпидемиологиялык станция, кан куюу бөлүмү, балдар санаторийи болгон. Райондук саламаттыкты сактоо мекемелеринде 932 адис иштейт. Райондук калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү «Айпери», «Базар-Коргон мээнет» ишканалары, 24 чачтарач, 16 бут кийимдер ж-а кийим тигүү мастерскою иштейт. Райондо да арбын, алар Арстанбапата, Актайлаката, Көлкупаната тарыхый эстеликтери ж.б. мазарлары. Райондук «Арстанбап таңы» гезити чыгат.

*Ө. Бараталиев, А. Молдомусаева*

**НООКЕН РАЙОНУ** — Жалал-Абад облусундагы адм.-айм. бирдик. Фергана өрөөнүнүн түн. чет-жакасын, Алаштоо, Бабаш-Ата кырка тоолорунун түш. капталдарын ж-а алардын этектериндеги түздүктү ээлейт. Батышынан ж-а түн.-батышынан Аксы, түндүгүнөн Токтогул, чыгышынан Базар-Коргон р-ндору, түштүгүнөн Өзбекстандын Анжиян, Наманган облустары м-н чектешет. Аянты 2,5 миң *км²*. Калкы 117,0 миң (2009). Райондо 8 айыл округу (Арал, Бүргөндү, Достук, Масы, Момбеков, Ноокен, Сакалды, Шайдан айыл округдары), 950гө жакын дыйкан чарбасы, Кочкор-Ата шаары, 55 кыштак бар. Борбору — Масы кыштагы (калкы 13,9 миң; 2009).

Район 1928-ж. Базар-Коргон р-нун курамында түзүлгөн; анда анын аянты 4,5 миң *км²*, калкы 60 миң адамды түзгөн; 1935-ж. Масы р-ну болуп, өзүнчө бөлүнүп, аянты 2,5 миң *км²*, калкы 40 миңдей болгон. Масы р-ну Базар-Коргон м-н биригип, 1937-ж. Ленин р-ну аталган. Борбору — Ленин-Жол аталат. 1945—50-ж. райондун аймагында Майлы-Суу шаары ж-а Кочкор-Ата (2003-жылдан шаар), Көк-Таш шаарчалары пайда болгон. 1952-жылдан Майлы-Суу ш. облуска баш ийген шаар. 1978-ж. кайрадан бөлүнгөн. 1992-жылдан Н. р.

Н. р-нун аймагы Фергана өрөөнүнүн түн. чет-жакасындагы түздүктү, Бабаш-ата кырка тоосунун түш. капталын ээлейт. Түзөң бөлүгү деңиз деңг. 600—800 *м* бийиктикте жайгашып, Майлы-Суу, Нарын д-нын өрөөндөрү м-н тилмеленген. Түздүк түн.-чыгышты карай улам өрдөп, адырлар тилкесине (бийикт. 800—1200 *м*), андан ары Бабаш-Ата кырка тоосуна (4485 *мге* чейин) өтөт. Онтомо, Алаштоо, Ангиректоо массивдери да райондун аймагында жайгашкан. Тоолуу бөлүгү кокту-колоттуу; батыштан чыгышты карай Шың-Сай, Кудук-Сай, Кара-Мисте, Майлы-Суу, Бака-Терек, Жорголот, Көлмөн, Шаркыратма, Кош-Тал, Жылгынды, Жолборс-Мазар, Уялуу-Терек, Алаш, Шыңгырама, Газалымазар, Алчалы-Майдан, Шайдан-Сай ж.б. өрөөндөр жайгашкан. Райондун аймагында элдин эс алуусу ж-а туризм үчүн ылайыктуу Тоскоол-Ата, Алашата, Сере, Каракол сыяктуу табияты кооз жерлери, жайлоолору бар. Кен байлыктары: мунай, газ (Майлы-Суу), курулуш материалдары (айнек жасоого жарамдуу кум, шагыл, чопо ж. б.),



### Райондун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Алма | Шайдан | - | 2666 | 6 | 46 |
| Апыртан | Масы | - | 1527 | 3 | 48 |
| Арал (Жогорку Арал ж–а Төмөнкү Арал) | Арал | - | 935 | 8 | 48 |
| Аримжан | Сакалды | - | 1450 | 9 | 57 |
| Беш-Жыгач | Масы | 1935 | 407 | 4 | 51 |
| Бирдик | Шайдан | - | 2200 | 5 | 43 |
| Богот | Масы | 1896 | 1327 | 18 | 66 |
| Бостон | Момбеков | 1935 | 1200 | 2 | 48 |
| Бөбүй | Сакалды | - | 500 | 15 | 63 |
| Бүргөндү | Бүргөндү | - | 1820 | 40 | 88 |
| Достук | Достук | - | 920 | 60 | 5 |
| Жазгак | Момбеков | - | | 23 | 55 (Шамалды-Сай) |
| Жаңы-Арык (Жаңы-Акман) | Бүргөндү айыл өкмөтүнүн борбору | - | 3825 | 30 | 78 |
| Жаңырык | Шайдан | - | 957 | 4 | 40 (Тентексай) |
| Жаңыкыштак | Момбеков | 1953 | 489 | 16 | 54 |
| Жеңиш (1945-ж. чейин Ыңырчак) | Бүргөндү | - | 910 | 45 | 93 |
| Жон-Арык | Шайдан | - | 1683 | 4 | 52 |
| Интернационал | Арал | - | 2100 | 10 | 60 |
| Кагазды | Сакалды | - | 870 | 6 | 54 |
| Кара-Булак | Ноокен | - | 900 | 29 | 77 |
| Кичи-Бүргөндү | Бүргөндү | - | 905 | 21 | 27 |
| Кокондук (Ыңырчак) | Бүргөндү | - | 350 | 48 | 94 |
| Ноокен | Момбеков | 1905 | 240 | 25 | 73 |
| Көк-Айдар | Шайдан | - | 530 | 4 | 41 (Тентексай) |
| Көк-Таш | Момбеков | - | - | 48 | 93 |
| Кудук-Сай | Достук | 1924 | 177 | 80 | 125 |
| Курама | Бүргөндү | - | 550 | 50 | 95 |
| Курулуш (Каш-Кулак) | Ноокен | 1931 | 2524 | 8 | 53 |
| Курулуш (Уч) | Момбеков | 1958 | 2687 | 15 | 60 |
| Кызыл-Жылдыз | Ноокен | 1935 | 714 | 11 | 56 |
| Кызыл-Кыштак | Масы | - | 290 | 25 | 50 |
| Кызыл-Кыя | Бүргөндү | 1936 | 1100 | 40 | 90 |
| Кызыл-Туу | Достук | 1959 | 1097 | 59 | 10 (Шамалды-Сай) |
| Кызыл-Туу | Масы | - | 2554 | 5 | 55 |
| Кыргызстан (1916-ж. чейин Кызыл-Кыргызстан) | Сакалды | - | 2424 | 12 | 57 |
| Масы (1937-91-ж. Ленин-Жол) | Масы | - | 12161 | - | 45 |
| Момбеков (1985-ж. чейин Кыла айылы) | Момбеков айыл өкмөтүнүн борбору, кыштак | - | 3014 | 20 | 20 (Тентексай) |
| Ноокен (Коминтерн) | Ноокен | - | 2864 | 5 | 50 |
| Ноошкен (Нооушкен) | Бүргөндү | - | 2850 | 52 | 97 |
| Орто-Сай (Рассвет) | Арал | - | 494 | 8 | 45 |
| Параканда | Ноокен | 1935 | 394 | 3,5 | 48,5 |
| Рахманжан (1946-ж. чейин Кара-Жыгач) | Ноокен айыл өкмөтүнүн борбору | - | 2360 | 10 | 55 |
| Сай-Маала | Масы | - | 903 | 3 | 45 |
| Сары-Камыш | Достук | - | 892 | 85 | 13 |
| Сарысия | Ноокен | - | 1100 | 7 | 47 |
| Теңдик (Базылата) | Таш-Көмүр ш-на караштуу кыштак | | 3542 | 12 (Таш-Көмүр) | |
| Тоскоол | Шайдан | - | 1100 | 17 | 60 |
| Тотонбай | Шайдан | - | 450 | 10 | 50 |
| Ууру-Жар | Бүргөндү | - | 390 | 43 | 15 |
| Чек | Момбеков | 1905 | 1350 | 25 | 45 (Шамалды-Сай) |
| Черемушка | Арал | - | 390 | 15 | 57 |
| Чертек-Сай | Арал | - | 775 | 12 | 52 |
| Чоң-Багыш | Сакалды | - | 3400 | 13 | 58 |
| Шалка | Ноокен | - | 2326 | 14 | 57 |
| Шамалды-Сай | Достук айыл өкмөтүнүн борбору | - | 3720 | 65 | 2 |
| Шыңсай | Достук | - | 80 | 97 | 32 (Шамалды-Сай) |
| Эскимасы | Шайдан | - | 1508 | 5 | 47 |

минералдуу суулар (Эски Кочкор-Атадагы — Беш-Коргон, Досу, Үч-Эмчек минералдуу суулары). Райондун климаты мелүүн континенттик, жапыз, бөксө тоолуу бөлүгүндө субтропик климатына окшош. Кышында түш. циклондордун таасири астында турат. Батыштан ж-а түн.-батыштан мелүүн кеңдиктин нымдуу аба массалары, жайында түштүктөн, түш.-батыштан тропиктик кургак аба массалары да кириши мүмкүн. Ал эми түндүктөн ж-а түн.-чыгыштан соккон Арктика абасын ж-а Сибирь антициклонунун абасын Фергана ж.б. тоолор өрөөнгө дээрлик өткөрбөй тосуп калат. Натыйжада бул региондо кышы жумшак, нымдуу, жайы ысык, кургакчыл аба ырайы түзүлөт. Январдын орт. температурасы —1,4°C, эң төмөнкүсү —16°C, июлдуку 27,5 —28°C, эң жогоркусу 41°C. Жылдык жаан-чачынынын өлчөмү 450 *мм*, тоолуу бөлүгүндө 1000 *мм*ге чейин; басымдуу бөлүгү кышында түшөт. Ири суулары: Алаш-Сай, Майлы-Суу, Шайдан-Сай. Топурак өсүмдүктөрү бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Тоо этегиндеги деңиз деңг. 721—1000 *м* бийиктикте жайгашкан түздүктөрү боз топурактуу келип, дээрлик өздөштүрүлгөн. 1000—1100 *м* бийиктикте адырлар тилкеси жатып, боз топурактуу келет. 1100—1300 *м* бийиктикте эфемер өсүмдүктүү кургак талаа, талаа ж-а мистелүү сейрек токой мүнөздүү, алардын астында күңүрт боз ж-а күрөң топурактары өөрчүгөн. Андан жогору орто бийиктикке (1300—2800 *м*) бөксө тоолор кара күрөң тоо токой тибиндеги топурактуу келип, алкактын төмөнкү бөлүгүндө жапайы жаңгак-жемиш токою (жаңгак, алма, алча, ж. б.), жогорку бөлүгүн карагат, арча, түркүн чөптүү шалбаа өсүмдүктөрү ээлейт. Токой тилкесинен жогору субальп, альп шалбаалары, 3100 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык алкактар мүнөздүү.

Райондун аймагында 1999-жылкы эл каттоо б-ча кыргыз (65,52 %), өзбектер (29,32%), орус (1,02%), уйгур (1,32%), о. эле тажик, татар, түрк, беларус, украин, корей, немец ж.б. улуттар жашайт. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 30 киши туура келет. Шаар калкы 16,1%ти түзөт.


Райондун экон-нын негизин а. ч. тармагы түзөт. Айыл чарбасынын ичинен дыйканчылык, а. и. пахтачылык, дан өсүмдүктөрүн өстүрүү, тамекичилик өнүккөн. Райондо 950дөн ашык дыйкан чарбасы иштейт. Райондун а. ч-га жарактуу жеринин жалпы аянты 247,4 миң *га* болсо, анын 18,3 миң *га*сы сугат, 1,7 миң *га*сы кайрак жер, 118,3 миң *га*сы жайыт. Айдоо жерлерине дан өсүмдүктөрү (8214 *га*; а.и. буудай 6330 *га*), картошка (397 *га*), жашылча (1312 *га*), бакча (466 *га*) ж. б. айыл чарба өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Мал чарбасында негизинен жүн багытындагы кой, эт-сүт багытындагы уй асыралат. Райондо 2000-ж. 19,5 миң карамал (а. и. 10,5 миңи саан уй), 72,9 миң кой, эчки, 540 чочко, 5,1 миң жылкы болгон. Райондун ө. ж. ишканаларына Кочкор-Атадагы *«Кыргызмунайгаз» акционердик коому*, Ноокен айыл өкмөтүндөгү жашылча-жемиш консерва заводу, Момбеков айыл өкмөтүндөгү «Кыргыз-Түрк», Сакалды айыл өкмөтүндөгү «Лимбатыш», Арал айыл өкмөтүндөгү пахтаны кайра иштетүүчү заводдор, Кочкор-Ата шаарчасындагы керамика ж-а фарфор буюмдарын чыгаруучу «Анар» акционердик коому, кыш чыгаруучу «Ока-Керамика» заводу, Достук айылындагы томат пастасын иштеп чыгаруучу «Мүрөө» заводу ж.б. кирет. Райондо *Тоскоол-Ата токой чарбасы* ж-а *Кочкор-Ата токой чарбасы* бар. Райондогу автомобиль жолунун жалпы уз. 310 *км*, анын асфальтталганы 220 *км*. Райондун аймагынан Бишкек – Ош, Майлы-Сай – Кочкор-Ата – Масы автомобиль жолдору, Үч-Коргон – Таш-Көмүр темир жолу, Майлы-Суу – Жалал-Абад газ кууру өтөт.

50 мектеп (гимназия, көмөкчү жатак-мектеп, 36 орто, 7 негизги, 7 башталгыч мектеп) иштеп, анда 27,7 миң окуучу окуган. 1982-ж. ачылган сүрөт өнөр мектеби (170тей окуучу окуйт), 1968-ж. негизделген Кочкор-Ата муз. мектеби бар. Райондо борборлоштурулган оорукана (240 орундуу), райондук номерлүү оорукана (245 орундуу), ден соолукту калыбына келтирүүчү облустук оорукана (105 орундуу), 4 айылдык врачтык амбулатория, 4 участкалык оорукана, 19 фельдшер-акушердик пункт, балдар бейтапканасы, стоматологиялык бейтапкана, Карылар үйү (Кочкор-Ата шаарчасы), иштейт. Райондук саламаттыкты сактоо мекемелеринде 1591 мед. кызматкер эмгектенген. Райондук санитариялык-эпидемиологиялык станцияда 49 медициналык кызматкер, борбордук дарыкана, 18 дарыкана пункту иштейт. 2001-ж. райондо 19 маданият үйү, 2 муз. мектеп, 6 көчмө клуб, музей иштеп, өздүк көркөм чыгармачылык ийримдери уюшулган.

*А. Молдомусаева, Э. Садыкова*

**СУЗАК РАЙОНУ** — Жалал-Абад облусуна караштуу адм.-айм. бирдик. Район 1919-ж. Жалал-Абад р-ну болуп түзүлүп, 1940-ж. Сузак р-ну деп өзгөргөн. Мурда С. р-нун аймагында 3 район болгон: 1935-ж. Көгарт району уюшулуп, ал 1937-ж. Октябрь р-ну болуп өзгөргөн; 1944-ж. Ачы р-ну уюшулуп, 1954-ж. чейин өзүнчө район болгон. 1959-ж. бул райондор биригип, Сузак р-ну аталган. С. р. батышынан ж-а түн.-батышынан Базар-Коргон, түш.-чыгышынан Өзгөн, түн.-чыгышынан Тогуз-Торо, түштүгүнөн ж-а түш.-батышынан Өзбек Респ. м-н чектешет. Аянты 2,8 миң *км*$^2$. Калкы 241,2 миң (2009). Райондо 13 айыл округу (Атабеков С., Багыш, Барпы, Кара-Алма, Кара-Дарыя, Көгарт, Курманбек, Кыз-Көл, Кызыл-Туу, Ленин, Сузак, Таш-Булак, Ырыс), 128 айыл (кыштак), Көк-Жаңгак 1 шаар бар. Райондун борбору — *Сузак* кыштагы (калкы 24,0 миң; 2009).

С. р-нун аймагындагы эң ири орографиялык бирдик – Көгарт өрөөнү. Ал Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан Кара-Дарыя өрөөнүнө чейин 80 *км*ге созулат. Туурасы 20 *км*. Таманынын абс. бийикт. 700–2000 *м*. Жогорку тоолуу бөлүгү Фергана тоо тизмегинин негизги суу бөлгүчү ж-а анын айрыктары м-н чектелген бир нече өрөөн, капчыгайларга (Жошо, Орток, Кара-Алма, Үрүмбаш, Кызыл-Суу ж. б.) бөлүнүп кетет. Төмөнкү түзөң бөлүгү (уз. 55 *км*) жайык (таманынын туурасы 6–8 *км*). Түш.-чыгыш тарабынан Серүүндөбө, Айыптоо (бийикт. 1300–2400 *м*) түн.-батышынан Чаңгыр-Таш (1300–1800 *м*) тоолору м-н чектешет. Тектон. жактан К. ө. аллювий чөкмө тектери толгон синклиналь. Адырлар негизинен неоген мезгилинин конгломерат, мергелдүү чопо, тоолуу бөлүгү юранын чополуу сланец тектеринен турат. Климаты мелүүн континенттик, тоо тарабында мелүүнүрөөк. Түздүгүндө январдын орт. темп-расы — 4,3° С, июлдуку 25° С. Эң жогорку темп-ра 41,1° С; эң төмөнү— 28° Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 468–900 *мм*. Сууларынын ириси— *Көгарт* суусу (орт. чыгымы 18,3 *м*$^3$*/сек*). Жарым чөл ж-а кургак талаа (700–1000 *м* бийикте, боз топурактуу келип, ак шыбак, эбелек, камгак ж. б. өсүмдүктөр өсөт), талаа (1000–1400 *м*; бозомук күрөң топурактуу, бадалдар, буудайык, кызылот ж. б.), жаңгак-жемиштүү токой (1400–2400 *м* күрөң ж-а кара күрөң топурактуу), шал-баалуу талаа, субальп ж-а альп шалбаа ландшафттары мүнөздүү. Бийик бөлүгү аска-зоокалуу, шагыл таштуу. Өрөөндө Жалал-Абад ш., Сузак, Бегабад, Октябрь, Жийде ж. б. кыш. жайгашкан.



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкы-нын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жалал-Абад (о. эле Багыш т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Баш (Спассовка) | Кызыл-Туу | - | 723 | 13 | 9 |
| Ак-Булак | Кызыл-Туу | - | 692 | 43 | 41 |
| Ак-Терек | Кызыл-Туу | - | 350 | 27 | 25 |
| Актоок | Кыз-Көл | - | 1744 | 35 | 32 |
| Акчалуу (Акчалы) | Кызыл-Туу | - | 521 | 23 | 20 |
| Алмалуу, Алмалуу-Булак | Кызыл-Туу | - | 633 | 32 | 28 |
| Алчалуу | Кызыл-Туу | - | 278 | 44 | 41 |
| Арал | Кара-Дарыя | - | 5100 | 28 | 36 |
| Арал | Сузак | - | 1097 | 2 | 9 |
| Арал | Таш-Булак | - | 230 | 13 | 8 |
| Арал-Сай | Ырыс | - | 1691 | 4 | 8 |
| Ачы | Барпы | - | 460 | 31 | 23 |
| Багыш | Багыш | - | 2263 | 26 | 18 |
| Балтагазы | Сайпидин Атабеков | - | 856 | 17 | 13 |
| Бегабад (Бешбанги) | Сайпидин Атабеков | - | 7850 | 16 | 12 |
| Беш-Бала | Багыш | - | 1145 | 15 | 22 |
| Беш-Мойнок | Барпы | - | 1066 | 21 | 13 |
| Благовещенка | Сузак | 1897 | 3086 | 10 | 7 |
| Боз-Чычкан | Барпы | - | 1094 | 22 | 14 |
| Бостон | Сайпидин Атабеков | - | 420 | 17 | 14 |
| Бөкөй | Сайпидин Атабеков | - | - | 23 | 16 |
| Дмитровка (Сузак-Маала) | Таш-Булак | 1928 | 3200 | 8 | 2 |
| Доскана | Таш-Булак | - | 650 | 14 | 7 |
| Достук | Сузак | - | 1527 | 3 | 10 |
| Дөмөр (Кемпир-Абад) | Ырыс | - | 1751 | 7 | 3 |
| Жалгыз жаңгак, Комсомол | Көгарт | - | 3700 | 34 | 26 |
| Жаңы-Айыл | Барпы | - | 800 | 10 | 7 |
| Жаңы-Арык | Кыз-Көл | - | 260 | 24 | 22 |
| Жаңы-Дыйкан | Сузак | - | 2100 | 8 | 15 |
| Жаңы-Жер | Сайпидин Атабеков | - | 2050 | 20 | 27 |
| Жапалак | Ырыс | - | 85 | 15 | 7 |
| Жар-Кыштак | Барпы | - | 850 | 15 | 7 |
| Жар-Кыштак | Ырыс | - | 3865 | 5 | 7 |
| Жашасын | Ырыс | - | 831 | 17 | 15 |
| Жерге-Тал (Михайловка) | Көгарт | - | 4569 | 40 | 35 |
| Жийде | Сайпидин Атабеков | - | 3094 | 12 | 21 |
| Жоон-Күнгөй | Курманбек | - | 2379 | 67 | 30 |
| Жыгач-Коргон (Фрунзе, Сымкат) | Ленин | 1915-20 | 2273 | 42 | 27 (Багыш) |
| Жылан-Темир | Кыз-Көл | - | 215 | 50 | 40 |
| Ирригатор | Таш-Булак | 1984-85 | 540 | 9 | 8 |
| Каду | Кыз-Көл | 1860 | 1150 | 64 | 62 |
| Калмак-Кырчын | Курманбек | - | 1386 | 67 | 40 (Багыш) |
| Камыш-Башы | Сузак | - | 927 | 7 | 12 |
| Канды | Барпы | - | 412 | 19 | 7 |
| Канжыга | Курманбек | - | 465 | 87 | 50 |
| Кара-Алма | Кара-Алма | - | 1240 | 62 | 40 (Багыш) |
| Кара-Булак | Кыз-Көл | - | 1060 | 47 | 45 |
| Каринген | Кызыл-Туу | - | 211 | 34 | 32 |
| Каракөл | Кызыл-Туу | 1880 | 611 | 32 | 30 |
| Карамарт | Кыз-Көл | - | 2765 | 39 | 37 |
| Кара-Чолок (Люблинко) | Курманбек | - | 1734 | 48 | 30 (Багыш) |
| Катыраңкы | Кыз-Көл | - | 700 | 60 | 55 |
| Качкынчы | Жалал-Абад ш., Тайгараев атн | - | 3332 | - | 12 |
| Кашкар-Маала | Сайпидин Атабеков | - | 451 | 20 | 17 |
| Кашка-Терек | Кыз-Көл | 1896 | 670 | 27 | 25 |
| Комсомол (Кыпчак) | Барпы | 1927 | 1895 | 11 | 3 |
| Курук-Көл | Ырыс | - | 3550 | 4 | 6 |

*Таблицанын уландысы*

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Күмүшазиз | Ырыс | - | 5316 | 2 | 6 |
| Кыз-Көл | Кыз-Көл | 1800 | 600 | 31 | 29 |
| Кызыл-Алма | Кызыл-Туу | - | 400 | 46 | 39 |
| Кызылбагыш | Сайпидин Атабеков | - | 681 | 10 | 7 |
| Кызыл-Байрак (Бостон, Гүлстан) | Кызыл-Туу | 1880 | 1900 | 14 | 9 |
| Кызыл-Кыргызстан (Дөгдүр) | Тайгараев атн. | - | 710 | 10 (Жалал-Абад) | 10 |
| Кызыл-Кыя (Чоңорток, Тоокен) | Кызыл-Көл | - | 740 | 65 | 60 |
| Кызыл-Сеңир | Кызыл-Туу | - | 2590 | 18 | 15 |
| Кызыл-Суу | Тайгараев атн. | - | 710 | 70 (Жалал-Абад) | 70 |
| Кызыл-Туу | Багыш | - | 948 | 24 | 17 |
| Кыпчак | Барпы | - | 830 | 15 | 10 |
| Кыргызабат | Сайпидин Атабеков | - | 560 | 13 | 10 |
| Кыр-Жол | Сузак | - | 900 | 50 | 45 |
| Кыр-Жол (Үчкечүү) | Ырыс | - | 200 | 35 | 28 |
| Ладанкара (Кара-Жыгач) | Ырыс | - | 2440 | 5 | 7 |
| Ленин | Ленин | 1951 | 2400 | 30 | 20 |
| Мазар-Булак (Подгорный) | Көгарт | - | 580 | 38 | 30 |
| Маркай | Барпы | - | 300 | 35 | 27 |
| Масадан | Ырыс | - | 1630 | 7 | 5 |
| Миңөрүк | Барпы | - | 800 | 18 | 6 |
| Мундуз (Благовещенка) | Кызыл-Туу | 1897 | 1650 | 12 | 7 |
| Мундуз | Сайпидин Атабеков | - | 1656 | 11 | 18 |
| Найман | Сайпидин Атабеков | - | 420 | 18 | 25 |
| Октябрь (Ивановка) | Багыш | - | 8160 | 27 | 20 |
| Орто Азия | Кызыл-Туу | 1932 | 2500 | 11 | 7 |
| Орток | Кара-Алма | - | 857 | 54 | 25 |
| Орто-Сай, Гавриловка | Ленин | 1914 | 1553 | 37 | 6 (Багыш) |
| Осмонов (Жылгын кечүү, Чангетсай) | Барпы | - | 600 | 18 | 7 |
| Өзбекабат | Сайпидин Атабеков | - | 486 | 10 | 13 |
| Садда | Сузак | - | 630 | 5 | 12 |
| Сай | Барпы | - | 335 | 32 | 25 |
| Сары-Булак | Курманбек | - | 260 | 70 | 60 |
| Сары-Булак | Багыш | - | 929 | 25 | 18 |
| Сары-Булак | Кыз-Көл | - | 660 | 42 | 30 |
| Сасык-Булак (Сасыкбайдын булагы) | Ырыс | - | 74 | 8 | 20 |
| Соку-Таш | Кызыл-Туу | - | 807 | 30 | 25 |
| Талаабулак | Кызыл-Туу | 1970 | 1436 | 17 | 15 |
| Таранбазар (Дмитриевка | Курманбек | - | 2146 | 55 | 28 (Багыш) |
| Таш-Булак | Таш-Булак | 1888 | 5200 | 12 | 5 |
| Ташкутчу (Төшкутчу) | Тайгараев | - | 1450 | | 6 |
| Таштак | Барпы | - | 840 | 20 | 7 |
| Таштак | Кызыл-Туу | - | 2130 | 16 | 12 |
| Тепличный | Таш-Булак | 1986-90 | 950 | 8 | 7 |
| Тотуя | Ырыс | - | 2120 | 7 | 6 |
| Төбөй | Барпы | - | 1300 | 16 | 9 |
| Төөлөс | Барпы | - | 800 | 20 | 9 |
| Тукубай (Кедейарык) | Багыш | - | -956 | 18 | 10 |
| Түркабат | Барпы | - | 420 | 16 | 12 |
| Түркабат | Сайпидин Атабеков | - | 1206 | 22 | 12 |
| Түркмаала | Барпы | - | 574 | 18 | 15 |
| Үлгү (Кызыл-Аяк) | Барпы | 1932 | 1680 | 10 | 5 |
| Үрүмбашы | Кара-Алма | - | 942 | 65 | 35 (Багыш) |
| Үч-Малай | Көгарт | - | 970 | 35 | 29 |
| Чаңгыр-Таш (Чаңыл-Таш) | Кара-Дарыя | - | 1750 | 18 | 25 |
| Чек | Сайпидин Атабеков | - | 881 | 18 | 25 |
| Чокмор | Барпы | - | 960 | 19 | 12 |
| Чөкө-Дөбө (Пригородный) | Барпы | - | 2920 | 12 | 3 |
| Чымчык-Жар (Жашасын) | Ырыс | - | 996 | 31 | 24 |
| Шатырак | Кызыл-Туу | - | 820 | 24 | 22 |
| Ширин | Сайпидин Атабеков | - | 563 | 4 | 11 |
| Ынтымак | Таш-Булак | - | 2030 | 12 | 7 |
| Ырыс | Ырыс | - | 1300 | 8 | 8 |
| Эшме | Таш-Булак | - | 70 | 22 | 10 |

Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында жайгашкан кооз аймак – Кара-Алма өрөөнү. Көгарт суусунун алабында. Өрөөн аркылуу Көгарттын оң куймасы – Кара-Алма суусу агат. Жалпы аянты 192 *км²*, уз. 28 *км*. Деңиз деңг. 1380–3705 *м* бийикте. Рельефи б-ча экиге бөлүнөт: Фергана тоо тизмегинин кырына жакын жаткан бийик жагы аскалуу, корум-шагылдуу, төмөнкү бөлүгүнүн рельефи жылма келип тегизделген жондордон, адырлардан турат. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы – 2,3°C, июлдуку 23,5°C. Жылдык жаан-чачыны 900–1000 *мм*. Төмөнкү бөлүгүнүн (1000–2200 *м* бийикте) көбүн жыш жаңгак, мөмө-жемиш токою, түрдүү бадалдар ээлейт. Андан жогору субальп, альп шалбаалуу ландшафт алкактары жатат. Токоюнда элик, аюу, кашкулак, каман, каракур, кыргоол, кекилик, чүткөр ж. б. жаныбарлар бар. Жаңгак токойлуу Кара-Алма өрөөнү кооздугу жагынан сейрек кездешүүчү жайлардын бири. Эс алуу жайына айланууда. Өрөөндө Кара-Алма, Марча ж. б. кыш. жайгашкан.

Райондун жери облустагы калк жыш жайгашкан аймактардын катарына кирет. Калкынын орт. жыштыгы: 1 *км²* жерге 50дөн ашык киши туура келет. Негизинен кыргыздар (126 миң), о. эле өзбек (68 миң), орус (140), украин, татар, тажик, уйгур, казак, дунган ж. б. улутун өкүлдөрү жашайт (1999). Калкынын көбү Көгарт өрөөнүндө.

Райондун чарбасынын негизин дыйканчылык (а. и. дан, пахта, тамеки, жашылча, жүзүм ж. б. өстүрүү) ж-а мал чарбасы (кой, эчки, уй, жылкы, чочко ж. б. асыроо) түзөт. Райондо 410 дыйкан чарбасы, 8200дөй жеке менчик чарбасы, 45 фермердик сүт товар чарбасы иштейт (2001). А. ч-на жарактуу 206,4 миң *га* жердин 46,1 миң *га*сы айдоо (а. и. сугат жери 28,0 миң *га*, кайрак жери 18,1 миң *га*), 12,7 миң *га*сы чабынды, 143,5 миң *га*сы жайыт. 8,4 миң *га*сы бак-дарак, 106 *га* саздак жер, 5315 *га*сы тамарка (огород). Айдоо жерлерине дан эгиндери (24,2 миң *га*), а. и. буудай (20,3 миң *га*; 2001-жылкы дүң жыйымы 57,3 миң *т*), арпа (220 *га*; 450 *т*), жүгөрү (2071 *га*; 11,8 миң *т*), шалы (1645 *га*; 4311 *т*); пахта (5895 *га*; 15,3 миң *т*), тамеки (694 *га*; 1700 *т*); картошка (1340 *га*; 12,9 миң *т*), жашылча (2565 *га*; 43,7 миң *т*), коон-дарбыз (110 *га*; 2200 *т*), май өсүмдүктөрү (7818 *га*; 8055 *т*); мөмө жемиш (685 *га*; 4580 *т*) өстүрүлөт (2001). Райондо 2001-ж. 41,2 миң кара мал (а. и. 24,4 миңи уй), 152,9 миң кой (а. и. 97,5 миңи соолук кой), 11,7 миң жылкы (а. и. 4,5 миң бээ), 131,5 миң төөк асыралып, 10 миң *т* эт, 45,5 миң *т* сүт, 443 *т* жүн, 57 миң даана жумуртка даярдалган. Райондо жүзүмчүлүк да өнүккөн, 1293 *га* жерге жүзүм өстүрүлөт (2001-ж. дүң жыйымы 5900 *т* болгон). Сугатта Кемпир-Абад суу сактагычынын ж-а райондун аймагы аркылуу өткөн Кара-Дарыя каналынын мааниси зор. Өнөр жай ишканаларынан райондун аймагында жайгашкан Көк-Жаңгак ш-ндагы «Көк-Жаңгак» шахтысы, «Гүлазык» (нан чыгарат), «Жетиген» (электр жылыткычтарды, балдардын велосипедин ж. б. чыгарат) акционердик коомдору, «Кенже» жеке менчик ишканасы, Сузак кыштагындагы пахта заводу ж. б. иштейт. С. р-нун аймагынан Бишкек—Ош, Жалал-Абад—Казарман автомобиль жолдору, Көк-Жаңгак—Жалал-Абад—Кара-Суу, Канабат—Ташкен темир жолдору өтөт.


Райондо 95 мамл. мектеп, 2 жеке менчик лицей иштейт. Алардын 70и орто, 23ү негизги, 2өө башталгыч мектеп. Мамл. жалпы билим берүүчү мектептерде 49,5 миң окуучу окуп, 3096 мугалим, жеке менчик лицейлерде 416 окуучу окуп, 45 мугалим иштейт. Райондогу алгачкы ачылган мектептер: Сузак кыштагында —1924-ж., Октябрь айылында мектеп 1927-ж., Жалгыз-Жаңгакта, Таштак кыштагында 1938-ж., Орто Азия кыштагындагы мектеп 1937-ж. ачылган. Райондо о. эле 3 гимназия (Таштак, Көгарт, Бабур; 2997 окуучу окуп, 211 мугалим иштейт), жатак-лицей, балдар үйү (240 окуучу, 31 мугалим), 3 спорт мектеби (Кара-Дарыя, Октябрь, Балговещенка айылдарында; 1169 окуучу, 24 мугалим), 2 балдардын чыгармачылык үйү (866 окуучу, 18 мугалим, 22 кружок) бар. Кара-Алмада, Жылан-Темирде балдар эс алуучу лагерлер жайгашкан. Эки кесиптик лицей, 2 муз. мектеп, 2 билим берүү борбору иштейт. Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү 80 пункт, 17 чакан ишкана, «Учкун» фирмасы бар; 24 байланыш бөлүмү иштейт. Райондо 2001-ж. 12 оорукана (833 орундуу), төрөт үйү, айылдык врачтык амбулатория, 45 фельдшер-акушердик пункт, санитариялык-эпидемиологиялык станция, балдар санаторийи, карылар үйү, кан куюучу бөлүм болгон. Сузак кыш-нда борборлоштурулган мечит бар. Маданий-агартуу мекемелерден 18 маданият үйү, 32 китепкана, 4 мемориалдык музей (анын 3өө үй музей:

Б. Аликулов, Т. Тайгараев, А. Юнусовдун; о. эле Т. Байзаковдун мектептеги музейи), Сузак кыш-нда эс алуу паркы бар. Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулуп, колхоздоштуруу мезгилинде курман болгондорго аллея салынган. Райондук *«Көгарт» нуру* гезити чыгат.

*Ө. Бараталиев*

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ** — Жалал-Абад облусунун түн.-чыгышындагы адм. район. 1935-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Нарын облусунун Жумгал, чыгышынын Ак-Талаа р-ндору, түн.-батышынан Токтогул, батышынан Базар-Коргон, Сузак р-ндору, түштүгүнөн Ош облусунун Өзгөн р-ну м-н чектешет. Аянты 3962 *км²*. Калкы 22,1 миң (2009). Орт. жыштыгы 1 *км²* жерге 4,1 киши туура келет. Райондо 4 айыл округу (Атай, Кара-Суу, Каргалык, Тогуз-Торо), 13 кыштагы бар, борбору — Казарман айылы (калкы 9,5 миң).

Район жайгашкан Тогуз-Торо ойдуңу түндүгүнөн Молдо-Тоо, Кабак, Көгирим, батышынан Фергана, түш.-чыгышынан Ак-Шыйрак кырка тоолору м-н курчалган. Уз. 66 *км*, таманынын жазылыгы 30 *км*, деңиз деңг. бийикт. 1200–2000 *м*. Ойдуң туура эмес үч бурчтук формасында. Таманы кенен, рельефи адырлуу түздүк; анда төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон 8 дарыя тектири бар. Тектирлер Фергана ж-а Ак-Шыйрак кырка тоолорунун этегин көздөй созулуп, кенен тегиздикти түзөт. Ал тайыз суу нуктары м-н тилмеленип, дыйканчылыкка ыңгайлуу. Ойдуңдун чыгышы м-н батышында адырлар басымдуу. Курчап жаткан тоо капталдарындагы терең ж-а кууш, капчыгайлар (деңиз деңг. 2000–3500 *м* бийиктикте) жогорулаган сайын мөңгүлөрдүн жылышынан пайда болгон тепши сымал өрөөн, туюк же ачык төрлөр м-н бүтөт. Түн.-чыгыштан түш.-батышты карай диагональ б-ча созулган Кызыл-Кыр, Ак-Шыйрак, Чаар-Таш тоолору неогенде-антропогенде көтөрүлүп, ойдуңду Орто Нарын өрөөнүнөн бөлгөн. Бул тоолордун Тогуз-Торого караган капталдары кыска ж-а тик. Ойдуңдун түн. тарабынан чектеген Молдо-Тоо, Кабак, Көгирим тоолорунун түш. капталдары узун ж-а жантайыңкы келип, байыркы түздүктөрдүн калдыктары кайнозой тектеринин алдында ийилип жатат. Батышындагы диагональ б-ча созулган Фергана тоосу ойдуңду Фергана өрөөнүнөн



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкы-нын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Арал | Атай | | 1685 | 18 | 428 (Балыкчы) |
| Атай | Атай | 1909 | 1231 | 25 | 435 -«- |
| Бирдик | Атай | | | 21 | 431-«- |
| Дөдөмөл | Тогуз-Торо | | 1100 | 45 | 151 (Багыш) |
| Казарман | райондун борбору | | 11020 | | 124 (Көк-Жаңгак) |
| Кара-Суу | Кара-Суу | 1930 | 1647 | 3 | 380 (Балыкчы) |
| Кош-Булак | Тогуз-Торо | | 400 | 45 | 108 -«- |
| Ленин | Тогуз-Торо | - | 2120 | 2 | 108 (Батыш) |
| Макмал | Каргалык | 1977 | 200 | 47 | 146 -«- |
| Өрнөк | Тогуз-Торо | - | 103 | 20 | 360 (Балыкчы) |
| Табылгыты | Кара-Суу | 1934 | 7 | 7 | 120 (Көк-Жаңгак |

бөлүп турат. Анын Тогуз-Торого караган капталы тик ж-а кыска келип, ал б-ча Талас — Фергана жаракасы өтөт. Палеозой, мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон кумдук, акиташ, конгломерат, алевролит, филлит ж-а чопо тектеринен турат. Таманында ж-а тоо таянган эңкейиш түздүктөрүндө төртүнчүлүк мезгилдин кум, шагыл ж. б. тектери кеңири таралган. Кендери — таш туз, курулуш материалы жерг. керектөөгө пайдаланылат. Климаты кескин континенттик, январдын орт. темп-расы —17°... —19°C, июлдуку 21–22°C. Жылдык жаан-чачыны 320–350 *мм*. Көгирим м-н Фергана тоо тизмеги бириккен жерде анча чоң эмес мөңгүлөр бар. Ойдуң аркылуу Нарын д. агат; анын ойдуң аймагындагы ири куймалары: Көгирим, Көгарт, Атай, Аскалуу, Табылгыты ж. б. Эң ири көлү — Беш-Көл (Ак-Шыйрак кырка тоосунда, 1975 *м* бийикте). Өрөөнгө жарым чөл (1200–1300 *м*), талаа ландшафттары мүнөздүү. Ак-Шыйрак, Молдо-Тоо, Кабак тоолорунда 2500–3100 *м* бийикте карагай токоюна аралаш четин, табылгы, арча, бадал, итмурун ж. б. өсөт. 3100 – 3800 *м* бийикте субальп, альп шалбаалуу талаа ландшафттары таралган.

Чарбасынын негизги тармагы айыл чарбасы, а. и. мал чарбасы өнүккөн. Райондо уяң ж-а чала уяң жүндүү кой өстүрүлөт. 1985-ж. чейин топоз да багылган. Район б-ча 2000-ж. 5684 баш кара мал, 25773 кой-эчки, 4232 жылкы, 13301 үй кушу асыралып, 1840 *т* эт, 6300 *т* сүт, 52 *т* жүн, 637 миң даана жумуртка өндүрүлгөн. А. ч. жарактуу жери 236,9 миң *га*, а. и. 9355 *га* айдоо, 3530 *га* чабынды, 224,1 миң *га* жайыт жерлерди түзөт. Район б-ча кылкандуу дан эгин (3171 *га*), май өсүмдүктөрү (200 *га*), жашылча (117 *га*) айдалып, 4288 *т* буудай, 228 *т* арпа, 25 *т* жүгөрү, 1480 *т* өсүмдүк майы, 2008 *т* картошка, 1784 *т* жашылча жыйналып алынган (2001). Өнөр жай ишканаларынан *Макмал алтын комбинаты*, Туз өндүрүүчү Тунук» фирмасы, «Макмал» механикалаштырылган көчмө колоннасы, токой чарбасы иштейт. Маанилүү автомобиль жолдору: Казарман — Бишкек, Казарман — Жалал-Абад.

Райондун аймагында алгачкы мектептер 1930—34-ж. Арал, Кайыңды айылдарында ачылган. 2000/01-окуу жылында 12 орто, 1 негизги мектеп, 3 бала бакча (245 бала тарбияланат), 1 кесиптик-тех. окуу жайы иштеген. 2779 окуучу окуп, 480 мугалим (а. и. 1 мугалим Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими, 45и эл агартуу отличниги) эмгектенет. Макмал орто мектебинин базасында лицей класстары, айрым мектептерде математика, англис тили б-ча терендетип окута турган атайын класстар, компьютер м-н жабдылган класстар ачылган. Борборлоштурулган китепкана, анын 13 филиалы, 5 клуб, маданият үйү, Тогуз-Торо тарыхый-этнографиялык музейи иштеген (2001). Райондун калкын борбордук оорукана, 3 айылдык врачтык амбулатория, 8 фельдшер-акушердик пункт тейлейт.

*К. Нарынбек уулу*

**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ** (1939-ж. чейин Кетмен-Төбө р-ну) 1926-ж. уюшулган. Чыгышынан Тогуз-Торо, Жумгал, түндүгүнөн Панфилов, Талас, батышынан Ала-Бука, Аксы, түштүгүнөн Ноокен, Базар-Коргон р-ндору м-н чектешет. Облустун борбору Жалал-Абад ш-нан 327 *км* аралыкта жайгашкан. Аянты 6944,5 *км²*. Калкы 86,3 миң (2009). Райондо 11 айыл өкмөтү (Белалды, Жазы-Кечүү, Жаңы-Жол, Кетмен-Төбө, Кызыл-Өзгөрүш, Ничке-Сай, Сары-Камыш, Толук, Торкен, Үч-Терек, Чолпон-Ата айыл округдары), 53 айыл, 2 шаарча бар. Борбору — Токтогул шаарчасы (калкы 16,4 миң; 2009).

Район толугу м-н *Кетмен-Төбө өрөөнүн* камтыйт. Ал түндүгүнөн Талас ж-а Суусамыр, батыш ж-а түн.-батышынан Узун-Акмат, Ат-Ойнок тоолору, түштүгүнөн Фергана, түш.-чыгышынан Көгирим кырка тоолору м-н курчалат. Эң бийик жери деңиз деңг. 4165 *м* (Талас Ала-Тоосунда), таманыныкы 500—850 *м* бийиктикте жайгашкан. Кен байлыктардан таш тузу (к. *Кетмен-Төбө кени*), мрамор ж. б. курулуш материалдары бар. Климаты континенттик. Өрөөн Фергана ж-а Борбордук Теңир-Тоо климаттык провинциялары чегинде жайгашкан. Климаты суук мезгилдин температуралык шарты б-ча Борбордук Теңир-Тоого, ал эми жайкысы Фергана өрөөнүнүкүнө жакын. Январдын орт. температурасы —15°С, июлдуку 24°С. Жылдык жаан-чачыны 367 *мм*. Аймагынан Нарын дарыясы агып өтөт; анын ири куймалары: Чычкан, Узун-Акмат, Кара-Кулжа, Торкен, Толук, Коңурөгүз, Саргата, Камбар-Ата ж. б. Тоо арасындагы өрөөндөргө, суу тектирлерине ж-а түзөң жерлерге негизинен майда таштар м-н кумдан туруучу аллювий-пролювий тектери, өрөөндүн жогорку бөлүктөрүнө мөңгүнүн аракетинен пайда болгон морена ж-а таш сыныктары мүнөздүү. Топурагы м-н өсүмдүгүнө бийиктик алкактуулук мүнөздүү. Топурактын бир нече түрлөрү кездешет (боз, жука скелеттүү гипстелген боз, шордуу боз, тоолуу ачык күрөң, күңүрт күрөң, тоолуу кара топурак ж. б.). Өсүмдүктөрү эбелек, чекенди, төө куйрук, ит мурун, карагаттын түрлөрү, четин, чие, долоно, кайың, кожогат, көк карагай, карагай, арча, жаңгак, буудайык, каз таңдай, кымыздык, мамыры ж. б. Жаныбарлар дүйнөсү да ар түрдүү. Токтогул суу сактагычында, көлдөрдө, сууларында маринка, форель, чабак, сазан ж. б. балыктар бар. Райондо кыргыз, орус, өзбек, дунган ж. б. улуттардын өкүлдөрү жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км²*ге 8 киши туура келет.



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкы-нын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Таш-Көмүр т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Тектир | Чолпон-Ата | 1972 | 1834 | 55 | 245 |
| Алмалуу | Толук | - | 1530 | 110 | 330 |
| Аңарык | Кызыл-Өзгөрүш | - | 540 | 72 | 155 |
| Арал | Жаңы-Жол | - | 1733 | 5 | 189 |
| Бала-Чычкан | Жаңы-Жол | 1936 | 1399 | 3 | 186 |
| Бел-Алды | Белалды | 1900 | 958 | 45 | 180 |
| Бел-Кара-Суу, Таш-Кечүү | Кызыл-Өзгөрүш | - | 251 | 72 | 154 |
| Жаз-Кечүү | Жаз-Кечүү | - | 1484 | 6 (Каракөл) | 74 |
| Жаңы-Жол | Жаңы-Жол | - | 1666 | 3 | 186 |
| Жетиген | Үч-Терек | 1970 | 2376 | 75 | 170 |
| Камыш-Башы | Кызыл-Өзгөрүш | - | 412 | 19 | 7 |
| Кара-Жыгач (Кызыл-Жазы) | А. Сүйөркулов атн. | 1936 | 2537 | 35 | 165 |
| Кара-Күнгөй | Чолпон-Ата | 1974 | 1196 | 64 | 294 |
| Кара-Суу | Жаңы-Жол | - | 1285 | 2 | 185 |
| Кара-Тектир | Жаңы-Жол | 1927 | 3097 | 5 | 175 |
| Кишен | Белалды | 18-к-дын башы | 120 | 43 | 200 |
| Коңур-Өгүз | Кызыл-Өзгөрүш | 1924 | 400 | 80 | 180 |
| Көтөрмө | Торкен | 1967 | 1150 | 11 | 169 |
| Көтөрмө | Сары-Камыш | - | 583 | 140 | 340 |
| Кызыл-Октябрь | Сары-Камыш | 1930 | - | 200 | 400 |
| Кызыл-Өзгөрүш | Кызыл-Өзгөрүш | 1926 | 2475 | 85 | 147 |
| Кызыл-Туу | Жаңы-Жол | - | 2685 | 1 | 185 |
| Кызыл-Ураан | Үч-Терек | 1927 | 2313 | 55 | 150 |
| Мазар-Суу (Ташбараң мазары) | Чолпон-Ата | - | 1407 | 45 | 275 |
| Ничке-Сай (Тельман) | Ничке-Сай | - | 1716 | 60 | 185 |
| Орто-Жон | Кызыл-Өзгөрүш | - | 1258 | 82 | 200 |
| Саргата | Үч-Терек | 1928 | 1912 | 47 | 142 |
| Сары-Камыш | Сары-Камыш | - | - | 170 | 370 |
| Сары-Сөгөт | Белалды | 1920 | 1831 | 40 | 175 |
| Терек-Суу | Кетмен-Төбө | 1968 | 4560 | 30 | 260 |
| Толук | Толук | 1927 | 825 | 90 | 282 |
| Торкен | Торкен | 1936 | 4500 | 20 | 160 |
| Үч-Терек | Үч-Терек | - | 2700 | 45 | 140 |
| Чаар-Таш | Толук | - | 552 | 114 | 270 |
| Чеч-Дөбө | Кызыл-Өзгөрүш | - | 308 | 73 | 149 |
| Чолпон-Ата | Чолпон-Ата | - | 1538 | 43 | 273 |
| Чоргочу | Ничке-Сай | 1935 | 1300 | 49 | 168 |
| Шайык | Кызыл-Өзгөрүш | - | 408 | 68 | 143 |
| Эшсай | Кетмен-Төбө | 1830 | 107 | 170 | 90 |

Дыйканчылыгы өнүккөн. 2001-ж. айыл чарбага ылайык жери 443,8 миң *га*ны түзгөн; а. и. 18 миң *га* айдоо, 10,6 миң *га* чөп чабынды, 360 миң *га* жайыт, 206 *га* бак-дарактар болгон. Тоют өсүмдүктөрү, тамеки, жүгөрү өстүрүлөт. Райондо 2001-ж. 610 дыйкан чарбасы ж-а 3 чакан сүт-товар фермалары бар. Район б-ча 82115 кой-эчки, 14765 бодо мал, 9470 жылкы катталган (2001). Өнөр жай ишканаларынан Токтогул май заводу акционердик коому, «Айпери», «Терме» чакан ишканалары, «Таш-Рабат» кыш чыгаруучу жоопкерчилиги чектелген коому ж. б. иштейт. Райондо Токтогул суу сактагычы бар, Күрпсай, Токтогул ГЭСтери иштейт. Райондун аймагы аркылуу Бишкек—Ош, Токтогул—Толук— Сары-Камыш автомобиль жолдору өтөт.


2000/01-окуу жылында райондогу 42 мектепте (36 орто мектеп, а. и. 1 лицей, 2 гимназия ж-а 1 гимназия класстары бар мектеп, 4 негизги, 2 башталгыч) 19404 окуучу окуп, 1288 мугалим иштеген. Алты мугалим Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими, бирөө Кыргыз Респ-нын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, 218и Кыргыз Респ-нын агартуу отличниги. Райондун айрым мектептеринде (Бөкөнбаев атн. мектебинде Ж. Бөкөнбаевдин, тарых-биология, Бримкулов атн. гимназияда Н. Бримкуловдун, Турдумамбетов атн. мектепте Д. Турдумамбетовдун, Чодошев атн. мектепте тарых,

Манас орто мектебинде Манастын ж. б.) музейлер уюшулган. Ошондой эле Жалал-Абад мамл. ун-тинин, Ош тех. ун-тинин филиалдары, 5 бала бакча (420 бала тарбияланат, 26 тарбиячы эмгектенет), балдар муз. мектеби (1968-ж. ачылган; 65 окуучу окуйт, 7 мугалим иштейт), спорт мектеби (спорттун 6 түрү б-ча 15 машыктыргыч иштейт, 848 окуучу катышат), балдар чыгармачылык үйү (350 окуучу катышат, 6 педагог иштейт), райондук маданият үйү, 4 клуб, стадиону бар. Токтогул элдик театры иштейт. Райондун калкын 33 мед. мекеме (6 оорукана, 7 айылдык врачтык амбулатория, 17 фельдшер-акушердик пункт ж. б.) тейлейт. Аларда 92 врач, 370 мед. орто билимдүү адистер иштейт. Райондук «Шамшыкал» гезити чыгат.

*М. Дүйшөнакунов*

**ЧАТКАЛ РАЙОНУ** — Жалал-Абад облусундагы адм.-айм. бирдик. Облустун батыш тарабында жайгашкан. 1935-ж. уюшулган. 1944—56-ж. Талас облусунун карамагында болгон. 1956—60-ж. Ала-Бука, 1960—69-ж. Аксы р-нун курамында, 1969—80-ж. кайрадан Ала-Бука р-нуна кошулган. 1980-жылдан өз алдынча район. 1980—84-ж. Талас, 1984—91-ж. Ош облусунун, 1991-жылдан Жалал-Абад облусунун карамагында. Түштүгүнөн Ала-Бука р-ну, чыгышынан Аксы р-ну, түн.-чыгышы ж-а түндүгүнөн Талас облусу түш.-батышы ж-а батышынан Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 6,2 миң *км²*. Калкы 22,5 миң; (2009); 12 айылды бириктирген 2 айыл (Каныш-Кыя, Чаткал), 2 шаарча (Сумсар, Терек-Сай) округдарына бөлүнөт. Борбору — Каныш-Кыя кыштагы (1988-ж. чейин Жаңы-Базар айылы). Райондун аймагында Сумсар, Шакафтар, Терек-Сай шаарчалары жайгашкан.

Чаткал ж-а Пскем кырка тоолорунун аралыгында 900–2500 *м* бийиктикте Чаткал өрөөнү жайгашкан. Анын уз. 200 *км*, туурасы 20 *км*дей. Өрөөндүн төр жагы кууш. Чаткал суусун бойлото кеткен ичке тилкелер акырындап кууш капчыгайга, анан кенен төрлөргө өтөт. Чаткал, Чандалаш суулары кошулган жеринде Чаткал түш.-батышты көздөй кеңейип жазы түздүккө айланат. Бул түздүктөр айрыкча Чаткал суусунун оң өйүзүндө бир кылка болуп созулат. Алардын чет-жакалары акырындап тоо таянган байыркы конус шилендилерине ж-а тоо капталдарына өтөт. Өрөөндө шагыл, кум, чопо м-н төшөлгөн 4 тектир бар. Алардын үстүнкү беттери майда суулардын өзөндөрү м-н тилмеленген. Өрөөндүн сол жээгиндеги жантайыңкы түздүктөр байыркы конус шилендиле-



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактын аты | Адм.-айм. бирдиги (айыл округу) | Негиздел-ген жылы | Калкы-нын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Айгыр-Жал | Каныш-Кыя | - | 2754 | 10 | 387 |
| Ак-Таш (Тегирмен-Сай) | Чаткал | - | 863 | 50 | 177 |
| Башкы-Терек | Каныш-Кыя | - | 608 | 32 | 419 |
| Жаңы-Базар | Чаткал | - | 2075 | 25 | 362 |
| Каныш-Кыя | Каныш-Кыя | - | 3144 | - | - |
| Коргон-Сай, Карл Маркс | Каныш-Кыя | - | 662 | 16 | 404 |
| Курулуш | Чаткал | - | 1180 | 33 | 354 |
| Кызыл-Токой | Терек-Сай шаарча өкмөтүнө караштуу | - | 951 | 115 | 272 |
| Сумсар, шаарча | Сумсар шаарча кеңешинин борб. | 1935 | 2554 | 145 | 270<br>85 (Шамалды-Сай) |
| Терек-Сай | Терек-Сай шаарча кеңешинин борб. | 1940 | 2500 | 90 | - |
| Чакмак-Суу | Каныш-Кыя | - | 329 | 40 | - |
| Шакафтар | Сумсар шаарча өкмөтүнө караштуу | 1949 | 3441 | 160 | 120 |

ринен, делювий, пролювий ж-а элювий чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Тоо таянган чет-жакаларында неогендин кызыл түстүү чөкмөлөрү жердин үстүнө чыгат. Кумбел тоосунун түн.-чыгыш четинен кесип өткөн жерде кууш капчыгайга айланып, интрузия тоо тектери жатат. Төмөнүрөөк өрөөн 10 *км*ге кеңейип (Ак-Таштан ылдый) кайра капчыгай болуп кетет. Чаткал структурасы б-ча синклиналдык бүктөлүү; ийилүүгө палеозой фундаменти ж-а анын үстүндөгү кайнозой тектери да дуушарланган. Климаты мелүүн континенттик, жайы салкын, кышы суук. Жылдык орт. темп-расы өрөөндүн таманында 2,1°С, январдыкы –10,5°С, июлдуку 16,7°С. Жылдык жаан-чачыны төмөн жагында 350–450 *мм,* башында 700 *мм.* Агын суулары — Чаткал ж-а анын куймалары. 2500 *м* бийиктикке чейин шыбак-трагакант-төө тапандуу шыбак кылкандуу кургак талаа, 2000–3000 *м*де шыбактуу кылканактуу талаа, бадал аралаш шалбаалуу талаа, сейрек арча токою, 3000–3500 *м*де кылкандуу (негизинен бетегелүү), түркүн чөптүү, өлөң-шалбаалуу талаа, субальп шалбаасы, аска-зоока, шагыл таш, кар-мөңгү жатат. 3000 *м* бийиктикке чейин аюу чач, шашыр кеңири таралган. Өрөөндүн жогорку бөлүгүндө (Каратокодо) карагай токоюнун массиви бар. Чаткал респ-кадагы маанилүү тоют базасы катары белгилүү. Мында Ош облусунун, Талас р-нун ж-а Өзбекстандын малы жайылат. Өрөөндө Жаңы-Базар, Тегирмен-Сай, Каныш-Кыя, Айгыр-Жал кыш. жайгашкан.

Пскем ж-а Чандалаш кырка тоолорунун аралыгында Чандалаш өрөөнү жайгашкан. Анын уз. 75 *км,* жазылыгы 3–20 *км.* Деңиз деңг. бийикт. баш жагында (Чакмактын чатында) 2600 *м,* оозунда (Жаңы-Базар кыш. тушта) 1500 *м.* Өрөөнү капчыгай сымал, кууш, айрым жерлери тектирлүү Ч. ө. палеозой фундаментинин жантайыңкы синклиналдык бүктөлүүсү. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 15–20° С, январдыкы –6... –12° С. Жылдык жаан-чачыны 437–900 *мм.* Өрөөн аркылуу Чандалаш суусу ж-а анын куймалары (Ачыкташ, Токмоксалды ж. б.) агат. Өрөөндүн таманына ж-а бөксөлөргө (1500–2000 *м* бийиктикте) шыбак-кылкандуу, ачык күрөң топурактуу кургак талаа, суу бойлорунда токой ж-а бадал (терек, тал, кайың, шилби, итмурун, бөрүкарагат, жылгын ж. б.), 2000–2900 *м* бийиктикке талаа ландшафты (буудайык, бетеге, аюучач, шашыр, көкөмерен, аккылкан ж. б.) мүнөздүү. Андан жогору (2900–3700 *м)* альп ж-а субальп шалбаасы, гляциалдык-нивалдык (3500–3600 *м*ден өйдө) алкактар жайгашкан. Жайыт катары пайдаланылат.

Талас Ала-Тоосу м-н Ат-Ойнок кырка тоосунун бириккен жеринен түш.-батышты карай 225 *км* аралыкта Чаткал кырка тоосу созулуп жатат. Анын туурасы борб. бөлүгүндө 50–60 *км,* орт. бийикт. 3500 *м,* эң бийик жери 4503 *м* (Авлетим чокусу). Тоо батыштан чыгышты карай бийиктейт. Түн.-батыш капталдары кыска, түш.-чыгышы жазы.

Суу бөлгүч кырлары тик аска-зоокалуу, алардан бир нече майда тоолор тарайт. Чапчыма ашуусуна жакын тоо жапыздап, Ангрен м-н Касан-Сайдын суу бөлгүчтөрүндө кыр тилкелери кеңейип, үстү тегиз жондорго айланат. Чыгыш бөлүгү бийик, тик, кырлуу болуп, чокулары арсак-терсек (өзгөчө Терек, Ала-Бука сууларынан чыгышты карай). Ашуулары: Ак-Таш, Кең-Саз, Чапчыма. Капталдары, айрыкча түш. тарабы өтө тилмеленген.

Рельефинин тоолуу ж-а климатынын катаал болушуна байланыштуу калк сейрек отурукташкан. Орт. жыштыгы 1 *км²* жерге 3 киши. Калкы 20848 (2001); негизинен кыргыздар, о. эле өзбек, орус, тажик ж. б. улуттар жашайт.

Райондун чарбасынын негизин а. ч. түзөт. 186 фермердик, 132 дыйкан чарбалары түзүлгөн. 7101 *га* айдоо аянты (а. и. 2548 *га* кайрак, 4553 *га* сугат жери), 317075 *га* жайыты, 1710 *га* чабындысы бар. 2001-ж. 4200 *га* жер айдалып, 8087 *т* түшүм алынган. Негизинен буудай, картошка, арпа, жүгөрү, жашылча ж. б. өстүрүшөт. 2000-жылдын 10-январына карата райондо 4375 бодо (а. и. 180 топоз, 4195 уй), 3080 жылкы (1770 бээ), 24162 кой-эчки (тубары 20 миң) 22950 үй кушу багылган. Транспорттун негизи түрү — автомобиль. Район аркылуу Ала-Бука — Чаткал — Карабуура автомобиль жолу өтөт. Райондун аймагындагы бардык автомобиль жолдорун 1972-ж. уюшулган №27 жол эксплуатациялоо ишканасы тейлейт.

Чаткал өрөөнүндө алгачкы мектептер 1930-жылдары Сары-Булак, Жаңы-Базар, Айгыр-Жол, Каныш-Кыя, Ак-Таш, Коргон-Сай айылдарында ачылган. 1980-ж. Чаткал р-пу кайрадан уюшулганына байланыштуу райондук элге билим берүү бөлүмү түзүлгөн. 2000/01-окуу жылында 11 орто, 5 негизги, 2 башталгыч мектепте 5813 окуучу окуп, 526 мугалим иштеген. О. эле мектепке чейинки балдар мекемелеринде (7 бала бакча) 313 бала тарбияланып, анда 23 педагог эмгектенген. Райондо спорт мектеби, балдар чыгармачылык үйү, балдардын билимин өркүндөтүүчү борбор, 2 муз. мектеп, балдардын эс алуу жайы (250 орундуу), райондук борбордук китепкана, анын 13 филиалы, балдар китепканасы, 8 клуб мекемелери, маданият үйү бар. Райондун калкын 3 ооруkана (126 орундуу), райондук СЭС, 2 айылдык врачтык амбулатория, 6 фельдшер-акушердик пункт, дарыкана тейлейт. Кыргыз тилинде «Чаткал оттору» гезити чыгат.

*Н. Теңирбердиев*

# НАРЫН ОБЛУСУ

Облус Кырг-ндын борб. ж-а түш.-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Алгач «Тянь-Шань облусу» деген ат м-н 1939-ж. 21-ноябрда уюшулган. 1962-ж. 30-декабрда жоюлуп, респга баш ийген райондор болуп калган. 1970-ж. 11-декабрда Нарын облусу деген ат м-н кайра уюшулган. 1988-ж. 5-октябрда Ысык-Көл облусуна биригип, 1990-ж. 14-декабрда бөлүнүп, азыркы Нарын облусу кайра уюшулган. Чыгышынан Ысык-Көл, түндүгүнөн Чүй, батышынан Жалал-Абад ж-а Ош облустары, түштүгүнөн Кытай м-н чектешет. Аянты 45,2 миң *км²* (Кырг-ндын аймагынын ¹/₄ бөлүгү). Калкы 245,3 миң (2009; республиканын калкынын 5,2%ин түзөт). Курамында 5 район (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын), 1 шаар (Нарын), 2 шаарча (Достук, Миң-Куш), 61 айыл округу, 134 айыл бар (2009).

**Табияты.** Облус татаал рельефтүү тоолуу аймакта жайгашкан. Деңиз деңг. 1000 *м*ден (Көкөмерен, Нарын суулары кошулган жерде) 5982 *м*ге чейинки (Какшаал тоо тизмегиндеги Данков чокусу) бийиктикте жатып, аймагынын 70%ке жакынын кырка тоолор ээлейт. Алардын ирилери: Какшаал (Кырг-н м-н Кытайды чектеп жаткан эң узун тоо тизмеги), Ат-Башы, Нарын, Жетим, Молдо-Тоо, Жумгал, Суусамыр. Кырка тоолордун басымдуу бийиктиктери 3000–4000 *м*. Орографиялык түзүлүшү кеңдик багытта жарыш созулган тоо кыркалары м-н аларды бөлүп турган тоо аралык өрөөндөрдөн турат. Эң ири өрөөнү – Нарын. Аны түштүктөн Байбиче, Нарын, түндүктөн Кабак, Жетим тоолору курчап жатат. Бул кырка тоолор чыгышта бири-бирине жакындашып, Кичи ж-а Чоң Нарындын кошулган жеринде биригишет; ал эми батышты карай Нарын өрөөнү Алабуганын чатына чейин кеңейе берет. Байбичетоо, Жаман-Тоо, Ак-Шыйрак, Ала-Мышык тоолорунун капталдары тик, капчыгайлары чолок, ал эми оң жээгиндеги Жетимтоо, Нура, Боор-Албас, Кабак, Молдо-Тоо, Соңкөл тоолорунун беттери жантайыңкы, капчыгайлары узун, Молдо-Тоо батышта Көгирим тоосунан Нарын д-нын капчыгайы м-н бөлүнөт. Ак-Шыйрак (Чаар-Таш) кырка тоосу Нарын өрөөнүн экиге (Алабуга, Тогуз-Торого) бөлөт. Ат-Башы өрөөнүн түштүктөн Ат-Башы кырка тоосу, түндүктөн Нарын-Тоо м-н Байбичетоо, батыштан Жаман-Тоо чектейт. Ат-Башы кырка тоосунун түштүгүндө Ак-Сай ж-а Чатыр-Көл өрөөндөрү, батышта Арпа өрөөнү жайгашкан. Облустун түндүгүндө Каражорго, Соңкөл, Кабак, Жумгал тоолору, Жумгал ж-а Кочкор тоо аралык өрөөндөрү жайгашкан.

Облустун аймагы кенге бай. Анда кара, түстүү, сейрек ж-а баалуу металлдардын, таш көмүрдүн, курулуш материалдарынын, хим. сырьёлордун, асыл ж-а кооз таштардын кендери, о. эле жер астындагы суулардын бассейндери, ысык ж-а минералдуу суулардын булактары табылган. Көмүрдүн ири кендери Жумгал р-ндагы Кабак күрөң көмүр бассейнинде топтолгон. Экисуунун башатында жайгашкан Жетим темир кени – Орто Азиядагы темир рудалуу бирден бир бассейн. Сандык нефелиндүү сиенит кени, коргошун, цинк (Арсы, Акташ-Коро, Кубакы, Ак-Көл), алтын (Солтонсары ж. б.) ж. б. кендер бар. Таш туздун ири кени Кочкор өрөөнүндө жайгашкан. Түрдүү курулуш материалда-

рынын (чопо, кум, шагыл, майда шагыл, мрамор) кендери, ысык ж-а минералдуу суу булактары көп.

Облустун климаты континенттик. Кышы суук, узак, жайы салкын. Январдын орт. темп-расы Кочкордо –10,1°С, Ак-Сайда –27,7°С , эң төмөнкү темп-ра (–50°С) Ак-Сай өрөөнүндө, Чатыр-Көлдүн аймагында катталган. Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүндө, Нарындын башында, Соңкөлдө кыш дайыма суук, жайы жылуу, бирок кыска болот. Нарын ж-а Жумгал өрөөндөрүнүн батышында вегетациялык мезгил 5 айга созулуп, эң жогорку темп-расы –34°Сге чейин жетет. Нарын, Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө, Ат-Башы өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө июлдун орт. темп-расы 15°Сге жакын. Суусамыр өрөөнүндө январдыкы –22°С, июлдуку 13°С. Жылдык жаан-чачыны басымдуу бөлүгүндө 200–300 *мм*, тоолордо арбыныраак жаайт. Кардын калыңдыгы Нарын, Жумгал өрөөндөрүндө 15–20 *см*. Арпа өрөөнүндө 60 *см*ге чейин; Кочкор өрөөнүндө катуу шамалдын таасиринен кар аз жаайт ж-а көпкө жатпайт.

Мөңгүлөрү 4000 *м*ден жогору жайгашкан. Жалпы аянты 500 *км*²ге жакын. Мөңгүлөрдүн көбү Какшаал тоо тизмегинен орун алган. Ирилери: Ак-Сай, Ай-Талаа, Орто-Таш (Мушкетов), Петров, Наливкин ж. б.

Облустун суулары Сыр-Дарыя, Тарим, Чүй д-нын ж-а Чатыр-Көлдүн алаптарына кирет. Ири дарыясы – Нарын. Анын облустун аймагындагы уз. 400 *км*ден ашык. Ири куймалары: Чоң ж-а Кичи Нарын, Он-Арча, Ат-Башы, Алабуга, Көгирим, Көкөмерен. Чүй дарыясы Жоон-Арык ж-а Кочкор сууларынын кошулушунан пайда болот. Ак-Сай суусу (Мүдүрүм куймасы м-н кошо) Таримдин алабына кирет. Ак-Сай м-н Мүдүрүм кошулуп, Какшаал дарыясын түзөт. Суулары негизинен кар-мөңгү сууларынан куралат. Респ-канын гидроэнергия ресурстарынын $^1/_3$и облустун сууларына таандык. Нарын ж-а анын куймаларынын жылына 36477 млн *квт•с* электр энергиясын берүү мүмкүнчүлүгү бар. Ири көлдөрү: Соңкөл, Чатыр-Көл.

Облустун аймагынын топурак-өсүмдүгү ар түрдүү. Тоо капталдарына бийиктик алкактуулук мүнөздүү. Тоонун чөл ж-а жарым чөл алкактары Кочкор, Жумгал, Ат-Башы өрөөндөрүнүн тамандарын, тоо этектерин, Ак-Сай суусунун жээгиндеги талааларды, Чатыр-Көл өндүрүнүн түзөң бөлүктөрүн ээлейт. Мындагы боз топурактуу жерлерде негизинен шыбак, айрым жерлерде бетеге баялыш, эфемер, ксерофит өсүмдүктөрү өсөт. Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Көкөмерен, Кочкор ж-а Алабуга сууларынын жайылмаларын бадалдуу токой ээлейт. Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Кара-Кужур, Нарын, Соңкөл өрөөндөрүндөгү кыйла аянт тоонун талаа алкагына кирет. Мындагы коңур ж-а ачык коңур топурактуу жерлерди бетеге түктүү буудайык, доңуз сырты, шыбак ж-а эфемерлүү тоолуу талаа ээлейт. Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Кара-Кужур, Нарын, Соңкөл өрөөндөрүндөгү кыйла аянт тоонун талаа алкагына кирет. Мындагы конур ж-а ачык коңур топурактуу жерлерди бетеге, түктүү буудайык, доңуз сырты, шыбак ж-а эфемерлүү тоолуу талаа ээлейт. Өрөөндөрдү курчаган тоолордун капталдары субальп алкагына кирет. Тоолуу шалбаа топурактарында ар кыл чөптүү субальп шалбаасы өсүп, тоолордун түн. капталдарында бадал ж-а карагайлуу токой кездешет. Кырка тоолордун эң бийик бөлүктөрүн альп алкагы ээлейт. Мында тоонун талаа топурактары таралган; түрдүү кыска чөптүү альп шалбаасы ж-а бетегелүү талаа басымдуу. Облустун аймагынын 3%ин токой ж-а бадал ээлейт. Алар негизинен Нарын, Жумгал, Ат-Башы р-нда таралып, ийне жалбырактуу (Ат-Башы, Кабак тоолорунун түн. капталдарында) ж-а бадалдуу (Нарын, Көкөмерен, Алабуга, Ат-Башы, Кочкор сууларынын жээктеринде) токойлорго бөлүнөт.

**Калкы.** 2002-ж. облустун аймагында респ-нын калкынын 5,2%и (257,9 миң) жашаган. Алардын 98,8% кыргыздар, калгандары орус (0,2%), өзбек (0,3%) ж. б. улуттар. Респ-да калкы эң сейрек отурукташкан облус, анын калкынын орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 5,7 адам туура келет (респ-да бул көрсөткүч 24 адамды түзөт). Жумгал, Кочкор ж-а Нарын өрөөндөрүндө калк салыштырмалуу жышыраак отурукташкан. Негизинен автомобиль жолдорду ж-а сууларды бойлой жайгашкан. Шаар калкы облустун калкынын 18,1%ин түзөт (46,8 миң адам), алар Нарын ш-нда (41,4 миң), Достук (0,8 миң), Миң-Куш (4,6 миң) шаарчаларында жашайт. Облустун ири кыштактары – Ат-Башы (11,9 миң), Кочкор (8,5 миң), Баетов (9,4 миң), Чаек (12,6 миң), Байзак (4,9 миң), Кара-Суу

(4,1 миң), Кош-Дөбө (3,3 миң адам) ж.б. Облустун калкынын 42,7%ин эмгек курагына жете элек жаштар, 50,5%ин эмгек курагындагы адамдар, 8,8%ин улуу муундагы карылар түзөт. 2002-ж. атайын катталган жумушсуздардын саны 8,4 миң адамды түзгөн. Калктын миграциясы: облуска келгендер 2001-ж. 1388 адам, кеткендер 2575, миграциялык азаюу 1187 адамды түздү. Алардын дээрлик бардыгы Чүй облусуна же Бишкек шаарына кетишкен.

**Экономикасы.** Облус респ-дагы бийик тоолуу, социалдык ж-а экон. жактан салыштырмалуу анча өнүкпөгөн аймак. Акыркы жылдарда облуста базар экон-нын шартына ылайык менчиктин түрдүү формасындагы өндүрүш ж-а тейлөө ишканалары пайда боло баштады. Облустун аймагында 1991-ж. атайын мыйзам м-н респ-дагы биринчи Нарын эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) түзүлгөн. Мында өндүрүш ж-а тейлөө тармактарын өстүрүү үчүн чет өлкөлөрдүн каражаттары, о. эле дүйнөдөгү алдыңкы өндүрүштүк технологияны пайдаланууда көп жеңилдиктер (бажы акы, салык төлөө ж.б.) берилип, облустун экон. ж-а социалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн. ЭЭАда субъект катары 54 биргелеш ишкана катталган. Алардын 19 ишканасы экон-нын ар түрдүү тармактарында иштешип, алтын концентратын этиленге каптоо, минералдуу суу чыгаруу, а. ч. сырьёлорун, айрыкча жүндү жууп тазалоо, ун тартуу, жашылча консервалоо ж. б., продукцияларды өндүрөт. Ишканалар Кытай, АКШ, Ливан, Кипр, Мальта, Болгария ж-а Орусия м-н биргелешип уюшулган. «Нарын» ЭЭАнын ишканаларында 1999-ж. 938 адам иштеп, алар 13,4 млн сомдук продукция өндүргөн, б. а. Н. обл-нун ө. ж-нда өндүргөн продукциянын 11,0%ин түзгөн.

Облуста 2003-жылга карата базар экон-нын шартында чарба жүргүзүүнүн жаңы формасында уюшулган статистикалык бирдиктин мамл. регистрине киргизилген ээлик кылуучу субъекттерден (юридикалык жактар) 2133 ишкана, уюм ж-а мекемелер катталган (алардын ичинен иштегендери 985). Бул ишканалар түрдүү менчикте болуп, экон-нын дээрлик бардык тармактарына тиешелүү. Жогоруда көрсөтүлгөн 2133 ишкананын 294 (иштегендери 245) мамл. менчикке, 209 (177) коммуналык ж-а 1630 (563) жеке менчикке таандык. Ишканалардын түрлөрү б-ча жалпы 2133 (иштегендери – 985) субъекттердин 1712 (744) чакан, 323 (180) орто ж-а 98 (61) ири ишкана, уюм, мекемелерге тиешелүү.

Облустун ө. ж. тармагы начар өнүккөндүктөн республикадагы орду да төмөн. 2000-ж. облуста анча чоң эмес 26 ө. ж. ишканасы болуп, аларда 1527 жумушчу иштеген (республикадагы жумушчулардын 2,1%и). Облуста 2003-ж. 367,7 млн сомдук продукция өндүрүлгөн. Өнөр жай ишканаларынын салыштырмалуу ирилери: Ат-Башы ГЭСи, «Солтонсары» рудниги, Миң-Куштагы «Оргтехника», «Нарын-Даназык» акционердик коомдору, Акулак көмүр кени мамл. акционердик коому, Ак-Талаа р-ндагы «Турук», Баетов атн. чакан ишканалар, «Эверест» кени, «Эверест-Алко» жоопкерчилиги жеңилдетилген коомдору. Өнөр жайынын негизги тармактары: электр-энергетика, отун өнөр жайы, тамак-аш, ун ж-а жем тартып чыгаруу, машина куруу. Ө. ж. тармактары чыгарган негизги продукциялар: электр энергия (2003-ж. 84,3 млн *кВт·с* ), көмүр (43,2 миң *т*), тигилүү кийимдер (500,2 миң сомдук), токулган трикотаж кийимдер (1,2 миң даана), арак ж-а спирт ичимдиктери (237,5 миң литр), ун (16,9 миң *т*), минерал суулары (272,2 миң бөтөлкө).

Облустун жери бийик тоолуу аймак болгондуктан, ага ылайык а. ч. тармагы – мал, а. и. кой, жылкы ж-а топоз асыроого адистешкен. Дыйканчылык болсо акыркы жылдарга чейин негизинен мал чарбасын тоют м-н камсыздандырууга ылайыкташтырылып, арпа ж-а тоют өсүмдүктөрүн өстүрүп келген. Базар экон-нын шартына ылайык ар бир аймак түрдүү азык-түлүктөр м-н өзүн өзү камсыздоого мажбур болуп, кийинки жылдарда облуста буудай, картөшкө, жашылча, май өсүмдүктөрүн өстүрүүгө көбүрөөк көңүл бурула баштады.

Облустун а. ч. тармагында 2000-ж. 8 мамл. чарба, 5 а. ч. кооперативи, 7 акционердик коом, 12 дыйкан чарба ассоциациясы ж-а бирикмелери, 14 коллективдүү, 6242 дыйкан (фермерлер) чарбалары болуп аларда 3329,9 млн сомдук а. ч. азык-түлүктөрү (республиканын 8,0%) өндүрүлгөн.

2002-жылдын башында айыл чарбага жарактуу жердин аянты 2818,0 миң *га* (жал-

пы аянттын 62,7%) болгон, а. и. айдоо аянты 111,5 миң, көп жылдык мөмө-жемиш дарактары 0,2 миң *га* (0,01 %), кысыр жер 9,2 миң *га* (0,3%), чабынды 12,3 миң *га*, жайыт 2675,5 миң *га* болгон. Эгин эгилген жердин аянты 122,3 миң *га*, анын 57,6 *га*сына (47,2%) дан, 8,1 миң *га*сына картөшкө (6,6%), 2,0 миң *га*сына жашылча (1,6%), 0,4 миң *га*сына май өсүмдүктөрү (0,3%), 542 миң *га*сына тоют өсүмдүктөрү (44,3%) өстүрүлгөн. Дыйканчылыктан 2000-ж. 122,6 миң *т* дан (респ-нын 7,8%), 131,6 миң *т* картөшкө (12,6%), 23,5 миң *т* жашылча (3,1%) өстүрүлгөн.

Облустун бардык категориядагы чарбаларында 2003-жылдын башында 109,8 миң уй, 620,3 миң кой, эчки, 91,8 миң жылкы 91,8 ж-а 157,1 миң үй куштары болгон. Алардан 2003-ж. тирүү салмакта эсептегенде 50,6 миң *т* эт, 125,0 миң *т* сүт (10,5%), 1,9 миң *т* жүн (125,0%), 5,7 млн даана жумуртка алынган.

Облуста жүргүнчүлөрдү ж-а эл чарба жүктөрүн ташууда, сырткы ж-а ички экон. байланыштарды тейлөөдө авт. транспортунун мааниси зор. Ал аркылуу 2003-ж. 326,4 миң *т* жүк ташылып ж-а 48,9 млн жүргүнчү- километрди (1,3%) түзгөн. Негизги автомобиль жолдору: Бишкек–Балыкчы–Нарын–Торугарт–Кашкар (Кытай), Балыкчы–Кочкор–Чаек–Тунук (Суусамыр өрөөнү); Нарын–Куланак–Баетов–Кош-Дөбө; Нарын–Казарман–Көгарт–Жалал-Абад ж. б. 1994-ж. облустун борбору – Нарын ш-нда троллейбус линиясы курулган. 2000-ж. троллейбус транспорту м-н 925,4 миң жүргүнчү ташылган (облустагы жүргүнчүлөрдүн 12,3%). Аба жолу аркылуу Нарын ш. Бишкек, Каракол, Жалал-Абад ж. б. шаарлар м-н катташат.

**Маданий турмушу.** Нарын ун-тинде (1996-ж. ачылган). 1999/2000-окуу жылында 3139 студент окуп, 200дөй мугалим, а. и. илимдин докторлору ж-а кандидаттары иштеген. Облустагы 3 атайын орто окуу жайында бардыгы болуп 1002 студент окуйт. Алардан башка облустун райондорунун борборлорунда 10 кесиптик-тех. окуу жайлары иштеп, аларда 1720 окуучу билим алган. Облуста 2002/03-окуу жылында жалпы билим берүүчү 141 мектепте 71045 миң окуучу окуп, 5489 миң мугалим иштеген, а. и. 4272 жогорку, 344 толук эмес жогорку, 841 атайын орто, 32 жалпы орто мектебин бүткөн адистер. Облуста окуучулардын 90,0%ке жакыны кыргыз тилинде, калганы орусча окуйт. Облус б-ча 2894 класс болсо, ар бир класста орто эсеп м-н 24,5 окуучу окуйт. Сабактарды тереңдетип окуткан 14 мектеп, 1 гимназия ж-а Кыргыз-Түрк ж-а облустук мектеп лицейлери иштейт. Көп мектептерде информатика кабинеттери бар.

Облуста улуттук госпиталь, 2 чоң кишилердин шаардык ооруканасы, 5 райондук борб., 18 участкалык оорукана, 2 диспансер, стоматологиялык поликлиника, 69 ФАП, 8 санитардык-эпидемиологиялык станция (СЭМ), 59 үй бүлөлүк дарыгерлер тобу, Кочкор р-нда «Чоңтуз» спелеосанаторийи иштейт (2001-ж.).

1991-жылдан Нарын радиосу 1-программада жумасына 4 жолу эфирге чыгат. Облустун «Нарын-ТВ» телестудиясы 1993-жылдын 1-февралынан баштап иштейт. Жумасына 1 жолу жекшемби күнү 4–5 саат көрсөтүүлөрдү уюштурат. 1996-жылдан «Аян» эркин телестудиясы көрсөтөт.


2000-ж. облуста 127 китепкана (1185,5 миң нуска китеби бар), облустук муз. драма театры (Нарын ш-нда), маданият үйү ж-а клубдук мекемелер, о. эле 3 мамл., 2 мектепте музей болгон. Облустук «Теңир-Тоо» (1938-жылдан), 5 райондук ж-а эркин гезит чыгат. Облустун аймагында Кошой-Коргон шаар чалдыбары (7–8-к.), Кербен сарайы (10–15-к.) ж-а Шырдакбектин чебинин (10–12-к.) урандылары, Тайлак баатырдын күмбөзү (19-к.), таш доорундагы тургун жай (Он-Арча), Таш-Рабат ж. б. тарыхый эстеликтер бар.

*М. Дүйшөнакунов, Ж. Чуңгулов, А. Мырзаев*

# РАЙОНДОРУ

**АК-ТАЛАА РАЙОНУ** Нарын облусундагы адм.-айм. бирдик. Облустун түш.-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Чыгышынан Нарын, түндүгүнөн Жумгал, түштүгүнөн Ат-Башы, батышынан Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо р-ндору м-н чектешет. Аянты 6,4 миң *км²* (Нарын облусунун аймагынын 14,2% түзөт). Район 1939-ж. түзүлгөн. Калкы 30,6 миң (2009). Район 11 айыл округуна бөлүнгөн. Райондун борбору — Баетов кыш. (калкы 8,4 миң; 2009).

Райондун аймагы Ортоңку Нарын өрөөнүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Молдо-Тоо, түштүгүнөн Жаман-Тоо, түш.-батышынан Фергана тоо тизмеги м-н курчалган. Райондун аймагы деңиз деңг. 1170–4737 *м* бийиктикте. Кен байлыктарынан курулуш материалдардын кени бар. Климаты континенттик, кышы суук, узак, кар аз түшөт, жайы мелүүн, жылуу. Январдын орт. темп-расы –25°C... –30°C, июлдуку 25°Cге чейин. Жылдык жаан-чачыны 300–500 *мм*. Суу тармактары жыш; ирилери: Нарын, Алабуга, Ак-Сай, Жаман-Даван, Жерге-Тал, Коңорчок, Мазар, Ак-Тал, Коргон, Куртка ж. б. Райондун түн. бөлүгүндө *Соңкөл* жайгашкан. Боз ж-а күрөң топурак басымдуу. Боз топурактуу жерлеринде шыбак, эрмен, кара бүргөн, эбелек ж. б., тоолуу бөлүгүндө бетеге өсөт.




Климаттын кургак болгондугуна байланыштуу чөл, жарым чөл ж-а талаа ландшафттары кеңири таралган. Түзөңдөрдө ж-а тектирлерде шыбак-эфемер өсүмдүктүү чөл, жарым чөл басымдуу; топурагы агыш коңур же бозомтук күрөң топурактуу. Чаптуу жерлерде өсүмдүктөр өтө сейрек, бирин-серин баялыш, кара бүргөн, адырашман, чекенде, терескен, эбелек ж. б. өсүмдүктөр; батыш жагында ж-а Алабуга өрөөнүндө, таш-шагылдуу жерлерде төөтаман, тикендүү куурай кезигет.

Райондо облустун калкынын 11,7% жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли (2001-ж.) 24,7‰, өлүм-житим – 7,8‰, табигый өсүш – 16,9‰. Калкынын 99,9% кыргыздар; 45,8%и эмгек жашына чейинкилер, 46,1% эмгек жашындагылар, 8,1% эмгек жашынан өткөндөр. Орт. жыштыгы: 1 *км²* жерге 4,7 киши туура келет. 2002-ж. районго көчүп келгендердин саны 154, кеткендердики 350 адам болгон. Миграциялык азаюу 196 түзгөн. 13,5 миң эмгек жашындагы кишинин ичинен 1087 билим берүү, 536сы саламаттыкты сактоо, 204 байланыш ж-а транспорт, 185 коммуналдык ж-а курулуш чөйрөлөрүндө, 6790 дыйкан ж-а фермер чарбаларында ж. б. иштейт. Райондо 18 кыштак бар (к. таблицаны).

Ак-Талаа районунун экон-сынын негизин мал чарбасы түзөт. Райондо 2001-ж. 106,1 миң кой ж-а эчки, 12,6 миң бодо мал, 11,2 миң жылкы, 18,8 миң үй канаттуулары болгон; 7,6 миң *т* эт (облуста өндүрүлгөн эттин 15,1%), 18,1 миң *т* сүт (14,5%), 295 *т* жүн (14,8%) өндүрүлгөн. Жалпы жер фондусу 1592 миң *га* (2001-ж.), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 390,6 миң *га* (жеринин 60,8%). Көпчүлүк жери (368,7 миң *га*) жайыт, 15,0 миң *га* жайлоо. Айдоо аянты 17,8 миң *га*, анын 16,4 миң *га*сы сугат жер, 0,4 миң *га* чабынды, 9,0 *га* көп жылдык өсүмдүктөр, 23,4 миң *га*сы токой. Дан (17318,2 *т*), а. и. буудай

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-аймактык баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (км) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (км) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Кыя | 1935 | Көк-Жар | 804 | 62 | 292 |
| Ак-Тал | 1957 | Ак-Тал | 1056 | 40 | 260 |
| Ак-Чий | 1900 | Ак-Чий | 571 | 13 | 313 |
| Баетов | 1928 | Баетов | 9399 | 120 | 310 |
| Байгөнчөк | 1945 | Үгүт | 567 | 8 | 282 |
| Жаңы-Талап | 1931 | Жаңы-Талап | 2058 | 45 | 255 |
| Жаңы-Тилек | 1936 | Ак-Чий | 498 | 12 | 312 |
| Жерге-Тал | 1931 | Конорчок | 253 | 80 | 380 |
| Кайыңды-Булак | 1946 | Баетов | 977 | 3 | 297 |
| Кадыралы | 1930 | Кызыл-Белес | 1166 | 6 | 305 |
| Кара-Бүргөн | 1929 | Кара-Бүргөн | 2131 | 28 | 328 |
| Кара-Ой | 1914 | Кара-Ой | 2883 | 55 | 245 |
| Коңорчок | 1929 | Коңорчок | 1309 | 45 | 354 |
| Кош-Дөбө | 1929 | Кош-Дөбө | 3256 | 86 | 386 |
| Көк-Жар | 1932 | Көк-Жар | 703 | 65 | 300 |
| Терек | 1924 | Баетов | 1042 | 8 | 318 |
| Үгүт | 1981 | Үгүт | 754 | 25 | 275 |
| Чолок-Кайың | 1931 | Конорчок | 1711 | 70 | 370 |

(16802,8 *т*), картошка (2914,1 *т*), тоют өсүмдүктөрү ж-а жашылча (321,3 *т*), арпа (16802,8 *т*) жыйналган (2002).

Райондо мамл., 5176 дыйканчылык (фермердик) чарбалар, 9 биргелешкен чарбалар иштейт. Район 2002-ж. 38816,9 миң сомдук ө. ж. продукциясын өндүргөн (2001-жылга салыштырмалуу 10,8%ке өскөн). Район облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 5,4% берет. Райондо негизинен авт. транспорту өнүккөн. 2002-ж. жүк ташуу 83,8 миң *т*, жүргүнчү 436,8 миң адам (а. и. автобус м-н 429,7 миң, такси м-н 7,1 миң адам) ташылган.

Райондо 2001/02-окуу жылында 18 орто (9279 окуучу, 854 мугалим), 3 башталгыч мектеп (220 бала, 8 мугалим), кесиптик-тех. лицей (287 окуучу, 39 мугалим) болгон. Райондо борб. оорукана, 3 участкалык оорукана, диспансер, санитардык-эпидемиологиялык станция, 10 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 9 фельдшер-акушердик пункт (2001-ж.), 19 китепкана, 19 клуб, 2 кинотеатр иштейт (2002). Райондук «Айыл турмушу» гезити чыгат.

*Э. Жолочиева*

**АТ-БАШЫ РАЙОНУ** – Нарын облусунун түш. бөлүгүндөгү адм. район. 1930-ж. уюшулган. Түш. ж-а түш.-чыгышынан Кытай, чыгышынан Жети-Өгүз, түндүгүнөн Нарын, түн.-батышынан Ак-Талаа, батышынан Ош облусунун Өзгөн, Кара-Кулжа р-ндору м-н чектешет. Аянты 19,1 миң *км²*. Калкы 49,2 миң (2009). Райондо 11 айыл округу, 19 кыштак бар. Борбору – *Ат-Башы* кыштагы (калкы 10,8 миң; 2009).

Райондун аймагын Ички Теңир-Тоонун бийик тоолуу бөлүгүндө жайгашкан Ат-Башы, Ак-Сай, Арпа өрөөндөрү, Чатыр-Көл ойдуңу ж-а аларды чектеп жаткан Байбиче, Кара-Тоо, Ала-Мышык, Нарын, Ат-Башы, Какшаал сыяктуу бийик кырка тоолор ээлейт. Өрөөндөрү 2000–3800 *м* бийиктикте жатат. Эң бийик жери – Какшаал тоо тизмегиндеги Данков чокусу (5982 *м*). Кен байлыктары: мрамор, чопо, мергель, туз, сымап ж-а калай. Ошондой эле курулуш материалдары, минералдуу суу булактары ж. б. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы дыйканчылык өрөөндөрүндө 12–18°С, бийик тоолуу сырттарда (Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүндө) 10–15°С; кышы суук, январдын орт. темп-расы –18... –29°С. Ак-Сай өрөөнү – Орто Азиянын «суук уюлу» (абс. минимуму – 53,6°С). Жылдык жаан-чачыны өрөөндөрдө 300–350 *мм*, тоолордо 400–450 *мм*. Кыш 5–8 айга созулуп, кар 20–30 *см* калыңдыкта түшөт. Ат-Башы кырка тоосунда, Какшаал, Фергана тоо тизмектеринде, Арпа, Чатыр-Көл, Ак-Сай өрөөндөрүндө (300 *м* бийиктиктен жогору) түбөлүк тоң жатат. Ири суулары: Ат-Башы, Ак-Сай, Кара-Коюн, Арпа ж. б.




Райондун түш.-батышында респ-дагы ири көлдөрдүн бири – *Чатыр-Көл* жайгашкан. Тоолоордун нымдуу түн. капталдарында токой (карагай, бай терек), бадал ж-а шалбаа өсүмдүктөрү, түш. капталдары кургакчыл келип, көбүнчө бетеге, шыбак өсөт.

Калкынын негизин кыргыздар түзөт, о. эле өзбек, дунган, уйгур, татар, орус, казак ж. б. улуттар да бар. Орт. жыштыгы 1 *км²* жерге 1,5 киши.

Райондо негизинен мал чарбасы өнүккөн. Өрөөндөрүнүн бир аз гана бөлүгү дыйканчылыкта пайдаланылып (Ат-Башы өрөөнү), көбү жайыт (Кырг-ндын жалпы жайытынын 12%ке жакыны). 2002-ж. райондо 116903 кой, эчки, 23366 уй (а. и. сааны – 13915), 17892 жылкы, 26 чочко, 31152 үй канаттуусу, 88 коён, 22 төө болгон. Райондо чарбанын бардык тармактары 6-ча 9106 *т* эт (тирүүлөй салмактагы), 22986 *т* сүт, 900 миң даана жумуртка, 386 *т* жүн өндүрүлгөн. Айыл чарбасына жарактуу жери 1081,1 миң *га*, а. и. сугат жери 31,6 миң *га*, айдоо 30,2 миң *га*, чабынды 5,2 миң *га*, жайыт 1040,7 миң *га*, коңшу райондор жайыт үчүн пайдалануучу жер 243,8 миң *га*. Дан өсүмдүктөрү 12,8 миң *га*, а. и. буудай 7,9 миң *га*, картөшкө 1,2 миң *га*, жашылча 251 *га* жерге эгилет. Өнөр жай ишканаларынан кыш з-ду ж-а турмуш тиричилик жактан тейлөөчү кичи ишкана бар. Өнөр жай продукциясынын көлөмү 6,5 млн сомду түзөт (2003-ж.). Райондун аймагы аркылуу Бишкек–Балыкчы–Нарын–Торугарт (Кырг-нды Кытай м-н байланыштырат), облустук маанидеги Нарын–Бешбелчир–Чатырташ автомобиль жолдору өтөт.

Райондун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калктын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Жар | - | Ак-Жар | 4180 | 2,5 | 230 |
| Ак-Моюн | 1930 | Ак-Моюн | 2208 | 23 | 270 |
| Ак-Муз | 1930 | Ак-Муз | 3289 | 32 | 280 |
| Ат-Башы | 1888 | Ат-Башы | 11949 | - | 226 |
| Ача-Кайыңды | 1932 | Ача-Кайыңды | 3485 | 3 | 250 |
| Баш-Кайыңды | 1932 | Баш-Кайыңды | 3555 | 10 | 257 |
| Биринчи Май | 1934 | Талды-Суу | 909 | 30 | 260 |
| Бирлик | 1930 | Ак-Моюн | 1263 | 12 | 260 |
| Большевик | 1933 | Баш-Кайыңды | 735 | 15 | 262 |
| Дыйкан | 1929 | Кара-Суу | 655 | 6 | 236 |
| Жаңы-Күч | 1945 | Казыбек | 850 | 28 | 250 |
| Казыбек | 1930 | Казыбек | 3310 | 39 | 259 |
| Калинин | - | Ак-Талаа | 2760 | 15 | 241 |
| Кара-Булуң | 1926 | Кара-Коюн | 1534 | 35 | 258 |
| Кара-Суу | 1929 | Кара-Суу | 4145 | 18 | 263 |
| Кызыл-Туу | 1923 | Кара-Коюн | 1759 | 38 | 265 |
| Өзгөрүш | 1930 | Талды-Суу | 612 | 45 | 263 |
| Талды-Суу | 1927 | Талды-Суу | 1413 | 39 | 259 |
| Терек-Суу | 1931 | Ак-Талаа | 1607 | 18 | 232 |

2001/02-окуу жылында 21 жалпы билим берүүчү мектеп, 2 мектепке чейинки балдар мекемелери, муз. ж-а спорт мектептери, 20 китепкана, маданият үйү, 12 клуб, кинотеатр иштеген. Борбордук райондук, 3 участкалык оорукана, 15 фельдшер-акушердик пункт, санитардык-эпидемиологиялык станция, 10 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт (2001-ж.). Маанилүү тарыхый эстеликтери: Таш-Рабат, Кошойкоргон. Рекреациялык маанидеги Босого, Улан, Жаңы-Жер, Таш-Рабат, Бешбелчир сыяктуу кооз жерлери бар. Райондук «Кошой Ордо» гезити чыгат.

*М. Дүйшонакунов*

**ЖУМГАЛ РАЙОНУ** – Нарын облусундагы адм.-айм. бирдик. 1932-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Чүй облусу, түштүгүнөн Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Нарын, батышынан Токтогул, чыгышынан Кочкор р-ндору м-н чектешет. Чүй өрөөнүнөн Кыргыз Алатоосу бөлүп турат. Аянты 5221 *км²*, батыштан чыгышка 100–120 *кмге*, түндүктөн түштүккө 70–80 *кмге* созулат. Калкы 40,8 миң (2009). Борбору – Чаек кыштагы (калкы 7,0 миң).

Район толугу м-н Ички Теңир-Тоодо жайгашкан. Жери тоолуу, деңиз деңг. 2000 *мден* жогору жатат. Түндүгүнөн Жумгал кырка тоосу, түштүгүнөн Молдо-Тоо, чыгышынан Сандык тоосу, батышынан Суусамыр кырка тоосу чектейт. Бийик чокусу – 4185 *м*, Миң-Куш суусунун башында. Молдо-Тоонун Көкөмерен капчыгайына ж-а Миң-Куш өрөөнүнө караган түн. капталдары жазы, батышы тик ж-а аскалуу. Райондун аймагы кен байлыктарга бай. Кара-Кече, Кабак, Миң-Куш, Көк-Мойнок, Кара-Суу күрөң көмүр, курулуш материал кендери, минералдуу суу булактары ж. б. бар. Климаты континентик. Кышы суук ж-а узак; январдын орт. темп-расы –15...–16°С, жайы ысык (өрөөндө 30–32°С). Жылдык жаан-чачыны тоолорунда 250–500 *мм*, өрөөнүндө 350–370 *мм*. Ири суулары: Көкөмерен, Жумгал, Суусамыр, Каракол ж. б., көлдөрү: Соңкөл, Аккөл, Сарыкөл, Баш-Куугандыкөл, Сандык ж. б. Райондун аймагында ачык куба, коңур, тоо шалбаалуу талаа субальп, тоо шалбаалуу каралжын, тоо токойлуу, тоо чым-чалачым көңдүү альп топурактары таралган. Ачык куба күрөң топурак өрөөндүн таманын ээлеп, негизги жер фондусун түзөт. Өсүмдүктөрү тоолуу рельефине ж-а климаттык шарттарынын бийиктикке жараша өзгөрүшүнө байланыштуу ар түрдүү. Өрөөндүн таманында ж-а тоо этектеринде чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү таралган. Жалпысынан эфемерлер, эфемероиддер басымдуулук кылат. Алар бетеге, аккылкан, эрмен, кой тикен, төө таман, чий, кокуй тикен, чекенди ж. б. Өрөөндүн 2000 *м* бийиктикте жаткан түзөң жерлери м-н тоо этектерин чөл ж-а жарым чөл зоналары ээлейт; мындагы боз топуракта чий, шыбак, эрмен, суу жээктеринде шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Өрөөндөрдү курчаган тоолордун капталдарына субальп, альп (3300 *м*) шалбаалары мүнөздүү; алар негизинен жайытка пайдаланылат. Кабак тоосунун тескей беттеринде карагай, бадалдуу токой, Суусамыр, Батыш Караколдун төмөнкү агымдарын бойлой тал, терек, чычырканак ж. б. өсөт. Жеринин басымдуу бөлүгү таштуу, жылаңач дөңсөөлүү аймакты түзөт. Дыйканчылыкка ыңгайлуу жери деңиз деңг. 1400–2300 *м* бийиктикте жайгашкан.

Калкынын негизин кыргыздар түзөт; о. эле орус, татар, украин, өзбек, уйгур, тажик, дуңган ж. б. улуттар да жашайт. Шаар калкы Миң-Куш шаарчасында, орт. жыштыгы 1 *км²* жерге 7 киши. Райондо 10 айыл округу, 26 кыштак, Миң-Куш шаарчасы бар. Райондо төрөлүү коэффициенти 23,9‰ни, өлүм-житим 8,8‰ни түзөт.

Райондун чарбасы негизинен а. ч. багытында. Дан эгиндери, тоют, картөшкө, жашылча, бир аз жер жемиш (бакча) өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Колхоз-совхоздор 1990–95-ж. толук бойдон реформа болгон. 1997-ж. бардыгы 6564 чарбалык субъект, а. и. үй-бүлөлүк фермер-чарбасы, 134 ирилешкен дыйкан чарбасы, ортолук менчикте иштөөчү 11 үрөн чарбасы (техсервис жайы), жеке менчик негизиндеги 24 чакан мал чарба ишканалары иштеген. Булардан сырткары Миң-Куш шаарчасында Чаек, Чоңарал кыш-нда 3087 өздүк чарба бар. 2002-ж. 110,1 миң кой, эчки, 21,5 миң уй, 617 топоз, 18,6 миң жылкы, 31,1 миң үй канаттуусу болгон. 2002-ж. райондун чарбалары 9,8 миң *т* эт (тирүүлөй салмагы), 27,4 миң *т* сүт, 360 *т* жүн өндүргөн. Ушул эле жылы а. ч-га жарактуу жери 383,6 миң *га*, чабынды 2653 *га*, жайыт 361,0 миң *га* болгон. Дан эгиндери (9580 *га*), картөшкө (112 *га*), жашылча (27 *га*) айдалган.




Өнөр жай ишканаларынан Миң-Куш оргтехника бирикмеси мамл. акционердик коому, Миң-Куш нан заводу, Миң-Куш көмүр кени (разрези), Жумгал токой чарбасы, Чаек эт комбинаты (Береке» акционердик коому), а. ч. техникаларын ремонттоочу чакан ишкана, суткасына 5 *т* ун чыгаруучу электр тегирмен, 23 чакан, бир чоң тегирмен, 2 колбаса ж-а консерва чыгаруучу цех, жашылча-жемиш кургатуучу цех, макарон (кесме) ж-а өсүмдүк майын чыгаруучу цех, суткасына 1,5 миң бөтөлкө минералдык суу куючу «Чабыт» биргелешкен ишканасы ж. б. иштейт. 1995–96-ж. Миң-Куш шаарчасындагы турак үйлөрдү электр кубаты м-н жылытууга өткөрүүнү ишке ашыруу максатында ВЛ-10 (жогорку вольттуу линия) курулган, калк жашаган айылдардагы электр тармактарын оңдоо, реконструкциялоо ж-а ТП (трансформатордук чакан станция) орнотуунун биринчи кезегинде 1994-ж. 12, 1995–96-ж. 11 ТП коюлуп, ЛЭП (электр

Райондун айыл - кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Актатыр | 1925 | Чаек | 2600 | 3 | 180 |
| Арал | 1930 | Кабак | 340 | 18 | 198 |
| Базартурук | - | Жаңы-Арык | 1096 | 48 | 146 |
| Байзак | 1930 | Байзак | 4916 | 10 | 175 |
| Баш-Кууганды | 1930 | Баш-Кууганды | 2388 | 15 | 200 |
| Ьеш-Терек | - | Чаек | 752 | 4 | 184 |
| Доскулу (Жумгал) | 1930 | Жумгал | 1559 | 55 | 140 |
| Жаңы-Арык | 1928 | Жаңы-Арык | 938 | 45 | 145 |
| Кичи-Арал | - | Көкой | 226 | 16 | 196 |
| Көкой | 1925 | Көкой | 1714 | 12 | 192 |
| Куйручук | 1924 | Куйручук | 2088 | 35 | 145 |
| Кызарт | - | Жаңы-Арык | 1274 | 51 | 144 |
| Кызыл-Жылдыз | 1920 | Чаек | 1705 | 4 | 184 |
| Кызыл-Коргон | 1948 | Кабак | 704 | 29 | 227 |
| Кызыл-Эмгек | - | Жаңы-Арык | 1902 | 39 | 152 |
| Лама | - | Жумгал | 518 | 50 | 140 |
| Сары-Булуң | 1939 | Кабак | 311 | 35 | 233 |
| Табылгыты | 1948 | Кабак | 465 | 28 | 226 |
| Таш-Добо | 1934 | Түгөл-Сай | 1714 | 42 | 190 |
| Түгөл-Сай | - | Түгөл-Сай | 1442 | 30 | 190 |
| Чаек | - | Чаек | 7499 | | 180 |
| Чоң-Добо | 1936 | Куйручук | 1070 | 47 | 192 |
| Эпкин | 1930 | Түгөл-Сай | 349 | 30 | 200 |

өткөрүүчү линия) ремонттон өткөрүлгөн. Райондун аймагы аркылуу Кочкор–Чаек–Миң-Куш, Тунук–Суусамыр–Арал автомобиль жолдору өтөт. Чаек–Бишкек, Чаек–Нарын маршруттары иштейт. 2001/02-окуу жылында райондогу 27 мектепте (а. и. 23 орто, бир негизги мектеп, 3 башталгыч) 10800 окуучу окуп, 870 мугалим иштеген. Бир катар мектептерде англис тилин окутуу б-ча топтор, ЭЭМ (электрондук эсептегич машина), математика ж. б. сабактары б-ча лицей, гимназиялык класстар түзүлгөн. Балдардын спорт мектеби ж-а «Жалын» эс алуу лагери иштейт. Райондо кесиптик-тех. окуу жайы, кесиптик лицей, муз. мектеп, 6 бала бакча, 11 клуб, 22 китепкана, маданият үйү ж-а кинотеатр бар. Жумгал элдик театры, райондук билим берүү бөлүмүнүн алдында «Таттыбүбү» ыр-бий ансамбли, «Жумгал инсандары» көркөм-этнографиялык тарых музейи, райондун ичинде болуп жаткан күндөлүк жаңылыктарды, экон. ж-а социалдык маданий турмушту реформа кылуу абалын элге жеткирүү максатында «Жумгалата» телекөрсөтүүсү уюштурулган. Райондун калкын 195 орундуу борбордук , 95 орундуу 2 айылдык оорукана, шаардык оорукана, 4 айылдык-врачтык амбулатория ж-а 10 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 8 фельдшер-акушердик пункт, айылдык врачтык амбулатория ж-а санитардык-эпидемиологиялык станция, 2 дарыкана тейлейт. Аларда 75 врач, 387 мед. орто билимдүү адис эмгектенет. Райондук «Демилге» гезити кыргыз тилинде чыгат.

*К. Аттокурова.*

**КОЧКОР РАЙОНУ** – Нарын облусундагы адм.-айм. бирдик. 1930-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Чүй, Ысыката, түн.-батышынан ж-а батышынан Жумгал, түштүгүнөн Нарын, чыгышынан ж-а түн.-чыгышынан Тоң р-ндору м-н чектешет. Аянты 6,4 миң *км*². Калкы 58,3 миң (2009), аймагында 11 айыл округу, 31 кыштак бар. Борбору — Кочкор кыштагы (калкы 9,9 миң; 2009).

Район Ички Теңир-Тоодо жайгашкан. Көп бөлүгүн *Кочкор өрөөнү* ээлейт. Жери тоолуу. Түн. тарабында Кыргыз Ала-Тоосу (бийикт. 4000 *м*ге чейин), батышында Жумгал, түштүгүндө Соңкөл, Боор-Албас тоолору, алардын арасында бийик тоолуу Кочкор, Кара-Кужур ж-а Соңкөл өрөөндөрү жатат. Кен байлыктардан Таш тузунун, нефелиндүү сиениттин (Сандык кени) ж-а табигый курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –10°С, июлдуку 16,5°С (Кара-Кужурда январдыкы –12°С, июлдуку 16°С). Жылдык жаан-чачыны Кочкор өрөөнүндө 190–200 *мм*, тоолордо ж-а Кара-Кужурда 400–500 *мм*. Ири суулары: Кочкор, Жоон-Арык (куймалары: Сөөк, Каракол, Төлөк, Кара-Кужур). Ири көлү – Соңкөл; андан башка бир нече майда көл бар. Райондун аймагында Орто-Токой суу сактагычы жайгашкан. Жарым чөлдүү. Кочкор ж-а Кара-Кужур өрөөндөрүнө боз, тоолоруна күрөң топурак мүнөздүү. Өсүмдүктөрдөн чий, шыбак, эрмен, ак кылкан, казтаңдай, буудайык, шимүүр, бетеге,



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл өкмөтү) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Жар | - | Кум-Дөбө | 1641 | 15 | 81 |
| Ак-Кыя | 1946 | Сары-Булак | 838 | 57 | 117 |
| Ак-Талаа | 1940 | Кара-Суу | 547 | 42 | 102 |
| Ара-Көл | 1935 | Чолпон | 586 | 32 | 92 |
| Арсы | 1930 | Семиз-Бел | 470 | 5 | 65 |
| Большевик | - | Кочкор | 1678 | 7 | 67 |
| Бугучу | - | Кум-Дөбө | 691 | 19 | 85 |
| Дөң-Алыш | 1935 | Талаабулак | 2217 | 56 | 116 |
| Жаңы-Жол | 1930 | Ак-Кыя | 2221 | 3 | 60 |
| Кара-Күнгөй | 1930 | Кош-Дөбө | 1284 | 18 | 78 |
| Кара-Мойнок | - | Кара-Суу | 998 | 51 | 111 |
| Кара-Саз | 1930 | Кош-Дөбө | 1355 | 16 | 76 |
| Кара-Суу | 1938 | Ак-Кыя | 2456 | 7 | 65 |
| Кара-Тоо | 1927 | Семиз-Бел | 1730 | 3,5 | 65 |
| Комсомол | 1935 | Талды-Булак | 1309 | 56 | 119 |
| Кочкор | 1911 | Кочкор | 8488 | - | 60 |
| Көк-Жар | 1930 | Төлөк | 2183 | 10 | 70 |
| Кум-Дөбө | - | Кум-Дөбө | 4677 | 18 | 84 |
| Кызыл-Дөбө | 1935 | Кара-Суу | 1510 | 47 | 97 |
| Мантыш | - | Кара-Суу | 936 | 45 | 105 |
| Орток | 1930 | Кара-Суу | 920 | 55 | 110 |
| Осовнахим (Молдо Кылыч) | 1920 | Чолпон | 942 | 23 | 90 |
| Сары-Булак | 1920 | Сары-Булак | 256 | 37 | 97 |
| Семиз-Бел | 1929 | Семиз-Бел | 973 | 7 | 60 |
| Теңдик | - | Кочкор | 3407 | 2 | 62 |
| Төлөк | 1929 | Соңкөл | 12221 | 55 | 120 |
| Туз | 1932 | Чолпон | 1242 | 40 | 100 |
| Чекилдек | 1929 | Семиз-Бел | 936 | 20 | 80 |
| Чолпон | 1930 | Чолпон | 3106 | 30 | 90 |
| Шамшы | - | Кум-Дөбө | 2087 | 35 | 100 |
| Эпкин | 1930 | Чолпон | 1572 | 42 | 102 |

козу кулак, доңуз сырты, арча ж. б. басымдуу. Өрөөндөрдөгү суу жээктеринде саздуу шалбаа, айрым жерде тал токойлору кездешет. Аймагында Кочкор мамл. зоология заказниги бар. Ошондой эле к. *Кочкор өрөөнү, Кара-Кужур өрөөнү* макалаларын.

Калкы көп улуттуу, негизинен кыргыз (98,0%), о. эле орус, өзбек, дуңган, уйгур ж. б. жашайт. Орт. жышт. 1 *км*²ге 8 киши.

Райондо мал чарбасы өнүккөн. Негизги тармагы уяң жүндүү кой асыроо, о. эле эт багытындагы уй чарбасы. Райондо 2002-ж. 265 фермердик, 668 дыйкан, 47 жамааттык чарбалары, Кочкор асыл-тукум кой өстүрүү з-ду, Соңкөл «Асыл мал» з-ду, «Теңдик» үрөнчүлүк, «Соңкөл балыгы» чарбалары иштеген. «Агрохим» акционердик коому 1980-ж. а. ч. бирикмеси катары түзүлүп (1995-жылдан АК), дыйкан чарбаларына жер айдоо, эгин себүү, жыйноо, жер семирткич чачуу ж. б. кызматтарды көрсөтөт. 1997-ж. 3000 *га* жерге отоо чөпкө каршы гербицид чачкан. 2002-ж. 172767 кой, эчки, 24871 уй (а. и. сааны 15,6 миң), 16573 жылкы болгон. Райондун чарбалары жеке менчикти кошкондо 11,2 миң *т* эт, 28,1 миң *т* сүт, 640 *т* жүн, 1402 миң даана жумуртка даярдаган. 2002-ж. а. ч-га жарактуу жери 480,6 миң *га*, а. и. 29,7 миң *га*сы айдоо, 448,2 миң *га*сы жайыт болгон. Дан эгиндери 15 миң *га*, тоют өсүмдүктөрү 11,7 миң *га*, картөшкө 2500 *га*, жашылча 450 *га*. «Чоң Туз» туз шахтасы, турмуш тиричилик комбинаты ж. б. тамак-аш, соода, ө. ж. ишканалары бар. Райондун аймагы аркылуу Бишкек–Балыкчы–Нарын, Балыкчы–Кочкор–Чаек–Миң-Куш авт. жолдору өтөт.

№15 кесиптик лицейи (700 окуучу, 77 инженер-пед. кадр), 29 жалпы билим берүүчү (а. и. 27 орто, 2 башталгыч) мектепте 13313 окуучу окуп, 1120 мугалим эмгектенген. 15 мектепте компьютер класстары, 6 мектепте 5 гимназия, 1 лицей класстары иштеген.

6 бала бакчада 265 бала тарбияланган. Спорт (536 окуучу) ж-а муз. мектептер, жатак-мектеп, менчик мектеп, 28 китепкана, 11 маданият үйү, 9 клуб, борбордук райондук, 5 участкалык оорукана, 9 диспансер, 17 фельдшер-акушердик пункт, санитардык-эпидемиологиялык станция, 14 үй бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт (2001-ж.). Райондук «Эмгек Туусу» гезити чыгат. Кочкор айылында тарыхый-жер таануу музейи бар. Райондун аймагында Кочкор шаар чалдыбары, Туура-Суу коргону ж-а оймо-чиймелери, Алтын-Булак аска бетиндеги сүрөттөр сакталган.

*Ж. Чыңгылов*

**НАРЫН РАЙОНУ** – Нарын облусундагы адм.-аймактык бирдик; облустун түн.-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Чыгышынан ж-а түн.-чыгышынан Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз ж-а Тоң, түндүгүнөн Кочкор, батышынан Ак-Талаа р-ндору м-н чектешет. Аянты 7,8 миң *км²* (Нарын облусунун аймагынын 17,3%). Калкы 41,7 миң (2009). Борбору – Нарын ш.(калкы 34,8 миң; 2009). Район 1930-ж түзүлүп (1957-ж. ага Куланак району кошулган), 1962–96-ж. Тяньшань р-ну аталган. Район 14 айыл округуна бөлүнгөн.

Райондун аймагы негизинен Ортоңку Нарын өрөөнүн ж-а аны курчап турган тоолорду ээлейт. Өрөөндүн туурасы чыгышында 30 *км*, батышында (Кажырты суусу куйгандан тартып) 85 *км*ге чейин, таманы чыгыштан батышка карай төмөндөйт (2300 *м*ден 1600 *м*ге чейин). Нарын д-нын оң жээгине чаптар (бедленд) мүнөздүү. Алар терең, кууш ж-а тик капталдуу келип, кыртышы ж-а өсүмдүгү өөрчүбөгөн, чарбага жараксыз. Аймагында кенен (айрымдарынын туурасы 10 *км*ге чейин), түз тектирлер да кездешет, алар деңиз деңг. 1700–2500 *м* бийиктикте жатып, көбүнчө Нарынга куйган ири суулардын боюнан орун алган. Мында райондун айылдары жайгашкан. Аймагынын түн. бөлүгүн Молдо-Тоо (бийик чокусу 4418 *м*), Боор-Албас (3980 *м*), Ителгиуя (3842 *м*), Нура-Тоо (4228 *м*), Каражорго (3833 *м*), Баук (3391 *м*), Ача-Таш (3980 *м*), Жетим (4931 *м*) кырка тоолорунун аскалуу тик түш. капталдары ж-а алардын ортосун Соңкөл, Солтонсары өрөөндөрү, ал эми түштүгүн Нарын-Тоо (4500 *м*), Ала-Мышык (3379 *м*), Кара-Тоо (4066 *м*), Байбиче (3500 *м*) тоолорунун жантайыңкы беттери ж-а байыркы түздүктөр ээлейт. Климаты континенттик, кургак. Июлдун орт. темп-расы 17°С, январдыкы –7,4°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 200–300 *мм*дей. Райондун аймагынан Нарын д. ж-а анын куймалары агат. Өрөөндүн куба күрөң топурактуу чөлдүү талаасында негизинен жарым чөл ж-а талаа өсүмдүктөрү өсөт. Курулуш материалдарынын (кум, чопо, гипс) кендери бар. Нарын д-нын жайылмасын тугай токою, тектирчелеринде баялыш-шыбактуу чөл, шыбак-ак кылкандуу баялыштуу жарым чөл өсүмдүктөрү, тоо этектерин ар түрдүү чөптүү, дан өсүмдүктүү талаа ээлейт. Нарын-Тоонун түн. капталында (2500-3200 *м*) жапалак арча, карагай өсөт. Райондун аймагында *Нарын мамлекеттик коругу* ж-а *Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу* уюшулган.

Райондо облустун калкынын 15,9% жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли 18,6‰, өлүмжитим – 7,1‰, табигый өсүүсү – 11,5‰ (2002 ж.). Калкынын 99,8% кыргыздар; эмгек жашына чейинкилер 43,4%и, эмгек жашындагылар 45,7%, эмгек жашынан өткөндөр 10,9%ти түзөт. Калкынын орточо жыштыгы: 1 *км²* жерге 5,3 адам туура келет. Райондун



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Булуң | 1930 | Чет-Нура | 263 | 33 | 216 |
| Ак-Кыя | 1930 | Чет-Нура | 622 | 15 | 195 |
| Ак-Кудук | 1930 | Ак-Кудук | 556 | 72 | 195 |
| Алыш | 1928 | Дөбөлү | 434 | 19 | 199 |
| Ак-Талаа | 1930 | Эмгек | 1784 | 30 | 215 |
| Дөбөлү | 1929 | Дөбөлү | 1285 | 19 | 205 |
| Жалгыз-Терек | 1929 | Дөбөлү | 1285 | 19 | 205 |
| Жан-Булак | 1907 | Жан-Булак | 2215 | 30 | 210 |
| Жерге-Тал | 1930 | Жерге-Тал | 3335 | 45 | 170 |
| Жер-Көчкү | | Кара-Кужур | 600 | 132 | 142 |
| Жылан-Арык | 1924 | Сарой | 1211 | 75 | 244 |
| Ийри-Суу | 1930 | Чет-Нура | 918 | 45 | 218 |
| Кайыңды | 1915 | Орток | 317 | 37 | 217 |
| Казан-Куйган | 1915 | Казан-Куйган | 1046 | 35 | 115 |
| Кара-Үңкүр | 1877 | Казан-Куйган | 96 | 53 | 127 |
| Кеңеш | 1929 | Дөбөлү | 616 | 9 | 189 |
| Куланак | 1907 | Учкун | 2235 | 45 | 225 |
| Кызыл-Жылдыз | 1965 | Жерге-Тал | 1265 | 35 | 160 |
| Лакол | | Кара-Кужур | 946 | 121 | 131 |
| Миң-Булак | 1931 | Миң-Булак | 923 | 38 | 176 |
| Орто-Нура | 1930 | Чет-Нура | 1216 | 25 | 208 |
| Орто-Саз | 1930 | Чет-Нура | 559 | 7 | 187 |
| Оттук | 1932 | Он-Арча | 1254 | 39 | 141 |
| Оорук-Там | 1956 | Чет-Нура | 101 | 130 | 320 |
| Сегизинчи Март | 1930 | Ак-Кудук | 2244 | 63 | 186 |
| Таш-Башат | 1928 | Дөбөлү | 1547 | 35 | 212 |
| Таш-Дөбө | 1931 | Жерге-Тал | 3150 | 32 | 170 |
| Тегерек | 1930 | Эмгек-Талаа | 78 | 48 | 233 |
| Учкун | 1929 | Учкун | 2216 | 62 | 242 |
| Чет-Нура | 1930 | Чет-Нура | 614 | 21 | 201 |
| Шоро | 1930 | Ак-Кудук | 635 | 51 | 174 |
| Эки-Нарын | 1930 | Эмгек-Талаа | 526 | 45 | 218 |
| Эмгек-Талаа | 1930 | Эмгек-Талаа | 1397 | 35 | 220 |
| Эмгекчил | 1928 | Он-Арча | 2842 | 26 | 160 |
| Эчки-Башы | 1932 | Он-Арча | 1520 | 35 | 145 |

калкынын миграциясы: 2002-ж. келгендердин саны 340, кеткендер 814 адамга жеткен. Миграциялык азайуу 474 адамды түзгөн. Эмгек жашындагы 17,3 миң кишинин 1162си билим берүү, 297си саламаттыкты сактоо, 79у байланыш ж-а транспорт, 116сы коммуналык ж-а курулуш чөйрөлөрүндө, 12,5 миңи дыйкан ж-а фермер чарбаларында ж. б. иштейт. Райондо Достук шаарчасы, 35 кыштак бар (к. таблицаны).

Н. р-нун экон-нын негизин мал чарбасы түзөт. Райондо 2002-ж. 123,5 миң кой ж-а эчки, 25,5 миң бодо мал, 25,8 миң жылкы, 34,2 миң үй канаттуулары, 638 баш топоз болгон; 12,8 миң *т* эт (облуста өндүрүлгөн эттин 25,4%), 28,4 миң *т* сүт (22,4%), 323 *т* жүн (16,3%) өндүрүлгөн. Жалпы жер фондусу 788,1 миң *га* (2002-ж.), а.и. айыл чарбага жарактуу жери 480 миң *га* (жеринин 61,1%). Көпчүлүк жери (455,8 миң *га*) жайыт. Айдоо аянты 19,4 миң *га*, анын 18,3 миң *га*сы сугат жер, 0,8 миң *га*сы кайрак жер; 2,2 миң *га* чабынды, 59 *га* көп жылдык өсүмдүк. Дан (11,4 миң *га*, а. и. буудай – 9,7 миң *га*), картошка (1,6 миң *га*), жашылча (389 *га*) айдалат (2002). Токой фондусунун аянты 142,4 миң *га*. Райондо 10 коллективдүү, 6 мамл., 738 дыйкан (фермер) чарбалары иштейт.

**Өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрү**

| | Өлчөө бирдиги | 2000 | 2001 | 2002 |
|---|---|---|---|---|
| Чалган май | *т* | 1,2 | 5,0 | 0,4 |
| Ун | миң *т* | 16,0 | 16,5 | 5,3 |
| Өсүмдүк майы | *т* | 3,7 | - | - |
| Нан | миң *т* | 0,19 | 0,16 | 0,2 |
| Кондитер азыктары | *т* | 27,4 | - | 0,4 |
| Арак ж-а шарап | миң *л* | 666,0 | 856,3 | 557,2 |
| Тигилген буюмдар | миң сом | 277,7 | 389,0 | 124,8 |
| Бут кийим | жуп | 483,0 | - | - |
| Электр энергиясы | млн *кВт/саат* | 143,5 | 150,0 | 168,1 |

Жалпы ө. ж. өндүрүшүндө электр энергиясын өндүрүү, терини кайра иштетүү тармактары басымдуулук кылат. Райондо 2002-ж. 104,2 млн сомдук продукция өндүрүлгөн. Район облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 69,4%оин берет (к. таблицаны).

Нарын облусун экон. ж-а социалдык жактан өнүктүрүү максатында «Нарын» Эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) түзүлгөн. 36 субъектиси бар. Каттоодон өткөн 14 орток ишкананын 7си продукция чыгарат. Н. р-нда «Чабыт», «Кенч», «Арашан», «Аида» ишканалары иштейт. Алар жакын ж-а алыскы чет мамлекеттер м-н алака жүргүзөт (Кытай, Англия, Түркия, Казакстан).

Райондун аймагынан Бишкек–Балыкчы–Торугарт автомобиль жолу өтөт. 2002-ж. авт. транспорту м-н 213,0 миң *т* жүк ташылып, жүргүнчү ташуу 45290,0 жүргүнчү-километр түзгөн. Жүргүнчүлөрдүн негизги бөлүгү автобус м-н ташылат (ал 2001-ж. салыштырмалуу 12,2%ке өскөн). Нарын шаарында троллейбус каттайт.

Райондо 2001–2002–окуу жылында 1 жогорку жайында 4492 студент окуп, аларда 99 окутуучу иштеген. Облустун 33 орто мектебинде 13160 окуучу окуп, 1037 мугалим эмгектенген. Эки кесиптик-тех. окуу жайларында 321 окуучу ж-а 40 мугалим болгон. Нарын р-ну б-ча борб. райондук, 6 участкалык оорукана, 20 фельдшер-акушердик пункт, санитардык-эпидемиологиялык станция, 11 үй бүлөлүк дарыгерлер тобу ж-а мед. окуу жайы иштейт.

Райондо 32 китепкана, 24 клуб, 4 мончо, 4 мейманкана иштейт (2002). Райондук «Жибек-Жолу» гезити кыргыз тилинде чыгат. Райондун аймагында 9 туризм ж-а эс алуу уюмдары, балдардын ден-соолугун чыңдоочу комплекс, «Салкын төр» эс алуучу жайы ж. б. бар.

*Э. Жолочиева*

# ОШ ОБЛУСУ

**ОШ ОБЛУСУ** – Кырг-ндагы ири адм.-айм. бирдик. Кыргыз Респ-нын түштүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Жалал-Абад облусунун Сузак р-ну, түн.-батышынан Өзбекстан, батышынан Баткен облусу, түштүгүнөн Тажикстан, түн.-чыгышынан ж-а чыгышынан Нарын облусу, Кытай м-н чектешет. Ош облусу 1939-ж. 21-ноябрда уюшулган. 1959-ж. 27-январда Жалал-Абад облусу м-н биригип, 1990-ж. 14-декабрда кайра эки облуска – Ош ж-а Жалал-Абад облустарына ажыраган. 1999-ж. Ош облусунун курамынан Баткен облусу бөлүнгөн.

Облус адм.-аймактык жактан 7 районго (Алай, Араван, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн, Чоң Алай), 3 шаарга (а. и. Ош шаары облуска, Кара-Суу, Өзгөн районго баш ийет), 2 шаарчага (Найман, Сары-Таш), 86 айыл округуна, 474 айылга бөлүнөт. Аянты 29,2 миң *км²*. Калкы 1000,0 миң (2009). Борбору – Ош шаары (калкы 243,2 миң; 2009).

**Табияты.** Ош облусу Памир–Алай ж-а Батыш Теңир-Тоо аймагында, Амударыя м-н Сыр-Дарыянын алаптарында жайгашкан. Тоолуу рельеф мүнөздүү, деңиз деңг. бийиктиги түндүгүндө 500 *м*ден түштүгүндө 7000 *м* бийиктикке чейин өзгөрөт; тоо аралык өрөөндөрү ж-а ойдуңдары 900 *м*ден 3000 *м*ге чейинки бийиктиктерде жайгашкан. Түрдүү абс. бийиктиктерде жайгашкан бийик тоолор м-н адырлардын, тоо аралык ойдуңдардын татаал айкалышы аймактын рельефинин өзгөчөлүгүн түзөт. Ош облусунун түш. бөлүгүн Памир-Алай тоо системасына кирген Алай, Чоң Алай кырка тоолору, түн.-чыгышын Батыш Теңир-Тоо системасындагы Фергана тоо тизмеги, түндүгүн Фергана ойдуңунун түш. чет жакасы ж-а аны чектеп турган кырка тоолорду этек тоолору ээлейт. Алай кырка тоосунун (бийикт. 6000 *м*ге чейин) Фергана өрөөнүн караган түн. капталы жантайыңкы келип, узатасынан созулган бир нече тоолор м-н татаалданган. Аны түштүктө Алай өрөөнү (деңиз деңг. орт. бийиктиги 3000 *м*) Чоң Алай кырка тоосунан бөлүп турат. Чоң Алай кырка тоосунун эң бийик чокусу – Ленин – 7134 *м*ге чейин көтөрүлөт; түн. капталы Ош облусуна, түш. капталы Тоолуу Бадакшанга карайт. Бул кырка тоолор негизинен кумдук-чопо, акиташ тектери ж-а аларды жиреп чыккан магма тоо тектеринен түзүлүп, альп тибиндеги рельеф мүнөздүү; алардын капталдары дарыя өрөөндөрү м-н тилмеленген, бийик кыркаларын түбөлүк кар, мөңгүлөр ээлейт. Облустун түн.-чыгыш чегин Фергана тоо тизмеги түзүп (эң бийик жери Тар суусунун алабындагы Үчсейит массивинде, 4948 *м*), анын структурасында кристаллдык тектер басымдуулук кылат. Анын жазы, жантайыңкы түш.-батыш капталы дарыя өрөөндөрү м-н тилмеленген. Фергана тоо тизмегинен түш.-чыгышты карай Алайкуу (эң бийик жери 4733 *м*) ж-а Академик Адышев (4745 *м*) кырка тоолору созулуп жатат. Облустун эң түн. бөлүгүн, Фергана өрөөнүнүн чет-жакасын адырлар тилкеси ээлейт; адырлардын негизин конгломерат тектери түзүп, үстү лёсс ж-а лёсс сымал тектер м-н капталып, Алай кырка тоосунан агып түшкөн суулар м-н тилмеленген; облустун аймагынан күрөң ж-а таш көмүр (Алмалык, Өзгөн ж. б.), ысык ж-а минералдуу суулар (Өзгөн, Кара-Шоро ж. б.), курулуш материалдары ж. б. кендер чыгат.

Облустун климаты негизинен мелүүн ж-а тропик кендиктеринин аба массаларынын таасиринен түзүлгөн; мелүүн алкактын аба массалары негизинен кыш, тропиктик аба массалары жай мезгилдеринде үстөмдүк кылат. Аймактын климатына батыштан соккон аба агымынын мааниси зор, ал 3000 *м* ж-а андан жогорку бийиктиктерде үстөмдүк

кылып, тоолордун шамал агымын караган батыш ж-а түш.-батыш капталдарына жаан-чачынды мол алып келет (мис., Фергана тоо тизмегине ж. б.). Климатынын негизги өзгөчөлүгүн анын бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрүүсү түзөт. Деңиз деңг. 600–1000 *м* бийиктикте жайгашкан жерлердин климаты жылуу, жарым чөлдүү; кышы мелүүн, жылуу (январдын орт. темп-расы –3... –4°С), кыска. Жайы ысык (июлдуку 24–25°С), кургакчыл. Аптап ысыкта 40°Сге чейин көтөрүлөт. Жылдык жаан-чачындын өлчөмү 200 *мм*дей; көбүнчө кышында жаайт. Вегетация мезгили 210–215 күн. 1100–2000 *м* бийиктикте мелүүн, жылуу климат өкүм сүрөт. Кышы мелүүн суук ( январдын орт. темп-расы –3... –7°С), жайы жылуу (июлдуку 20°С). Жылдык жаан-чачыны 400–600 *мм*, басымдуу бөлүгү жазында жаайт. Вегетация мезгили 142–195 күн. 2000 *м* бийиктиктен жогору ж-а 3000 *м*ге чейин климаты мелүүн. Кышы салыштырмаалуу суук келип, узакка созулат. Жайы салкын (июлдун орт. темп-расы 18–11°С). Жаан-чачындын жылдык өлчөмү 600 *мм*ден ашат. Вегетация мезгили 95–110 күн. Тоолордун кыр бөлүктөрүндө (3000 *м*ден жогору) климаты катаал, суук (июлдун орт. темп-расы 10°Сден төмөн).

Облустун эң ири дарыясы – Кара-Дарыя; ал Фергана тоо тизмегинен башталган Кара-Кулжа ж-а Тар сууларынын кошулушунан пайда болуп, Өзбекстандын аймагында Нарынга куюп, Сыр-Дарыяны түзөт. Анын ири куймалары: Жазы, Куршаб, Кара-Дарыя ж. б. Фергана тоо тизмегинен башталган дарыялар негизинен кардын эриген сууларынан куралат. Ал эми Сыр-Дарыянын алабына кирген Алай, Кичи Алай кырка тоолорунан башталган башкы суулары (Ак-Буура, Араван-Сай ж. б.) негизинен мөңгү сууларынан куралып, суусу июнь-июль айларында кирет. Алар Сыр-Дарыяга жетпей Фергана өрөөнүнө чыга бериште Өзбекстан, Тажикстандын жерлерин сугаруу үчүн сугат тармактарына бөлүнүп кетет. Алай өрөөнү аркылуу батышты (Батыш Кызыл-Суу) ж-а чыгышты (Чыгыш Кызыл-Суу) карай аккан ири суулар Амударыянын ж-а Таримдин алабына кирет.

Облустун аймагында жайгашкан тоолордо жалпы аянты 1546,3 *км*² болгон 1,5 миңден ашык мөңгү бар. Алардын көбү Алай кырка тоосунун түн. (жалпы аянты 538,1 *км*²) ж-а түш. (138,3 *км*²) капталдарында жайгашкан. Ири мөңгүлөрү Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталынан орун алган; мында жалпы аянты 693,3 *км*² жеткен 215 мөңгү бар; ирилери: Корженевский, Ленин, Корумду ж. б.

Облустун оёң бөлүктөрүндөгү лёсс сымал кумай топурактарда деңиз деңг. 1500 *м* бийиктикке чейин боз (ачык боз, күңүрт, боз) ж-а кадимки боз топурактары тараган. 1500–3000 *м* бийиктиктерде күрөң топурактардын түрдүү (кадимки, карбонаттуу) типтери, нымдуурак жерлеринде, арчалуу токойлордун астында жегичтүү күңүрт күрөң топурактары өөрчүгөн. Субальп алкагында шалбаалуу талаа ж-а тоонун шалбаа топурактары мүнөздүү. Алай өрөөнүндө тоо шалбаа топурактарынан сырткары коңур (каштан) топурактары да кездешет.

Өсүмдүктөрү да бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Түндүгүндөгү адырларда 1500 *м* бийиктикке чейин шыбак-эфемер-баялыш өсүмдүктүү жарым чөл үстөмдүк кылат. Тоо этектеринде, адырларда ж-а жапыз тоолордо 2000 *м* бийиктикке чейин бетеге-аккылкандуу талаа (батышында түктүү буудайык, пияз түптүү арпа, чыгышында сарындыз) өсүмдүктөрү таралган. 3000 *м* бийиктиктен жогору субальп ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү ээлейт; айрым жерлеринде аскалар чыгып жатат. Жаан-чачын мол жааган чыгыш бөлүгүндө бетеге-аккылкандуу талаадан жогору бийик тоолуу шалбаа (анда аксокто, таран ж. б.), шалбаалуу талаа (пияз түптүү арпа, бадалдар – итмурун, шилби, ыргай, чычырканак) зоналары жатат. Андан жогору токой тилкеси, жаңгак-мөмө жемиш токою (негизинен Фергана кырка тоосунун капталында), акчечек, арча ж-а карагай токойлору ээлейт. 3000 *м*ден жогору субальп шалбаасы ж-а шалбаалу талаа таралып, анда аскалуу кырлар көтөрүлүп жатат, капталдары корум-таштуу. Облустун түштүгүндө , Алай өрөөнүндө, 3000 *м* бийиктикке чейин субальп, альп шалбаалары, талаа өсүмдүктөрү, шалбаалуу талаа ж-а бийик тоо чөлдөрү кездешет.

**Калкы.** Облустун калкы (1000,0 миң) респ-нын калкынын 25,0%ин түзөт, а. и. 82,8 миңи (облустун калкынын 8,3%и) шаар калкы, 917,2 миңи (91,7%и) айыл калкы. Төрөлүүнүн жалпы коэффициенти 21,7‰, өлүм-житими – 5,0‰, табигый өсүшү – 16,7‰ (2001). Калкынын 40,7%и эмгек жашына чейинкилер, 52,5%и – эмгек жашындагылар, 6,8% – эмгек жашынан өткөндөр (2002). 1000 аялга 988 эркек (шаарларда – 931, айылдарда –

1006) туура келет. Калктын орточо жашы 24,0 (эркектердики – 23,5, аялдардыкы – 24,6). Калкы көп улуттуу: кыргыздар 64,2%, өзбектер 31,1%, орустар 1,1%, түрктөр 0,9%, уйгурлар 0,9%, башка улуттар – 2,9%ти түзөт (2002). 1990–2001-ж. облустан 98,2 миң киши көчүп кеткен (миграциялык сальдо – 64,8 миң киши), алардын 98,8%ти КМШ өлкөлөрүнө (алардын 54,5% Орусияга, 32,7% Өзбекстанга), 1,2%и алыскы чет өлкөлөргө кетишкен. Ошол эле мезгилде ички миграция да күчөп Кыргызстандын башка облустарына (айрыкча Чүй облусу м-н Бишкекке) 32,2 миң киши кеткен (миграциялык сальдо – 24,5 миң киши). Облустун эмгек ресурстары 624,4 миң киши (облустун калкынын 51,5%ин, респ-нын – 23,2%ин түзөт). 479,3 миң экономикалык активдүү калктын 456,6 миңи облустун чарбасынын ар түрдүү тармактарында иштейт. Иштегендердин 17,0%и мамл., 83,0%и мамл. эмес мекемелерде эмгектенет. Алардын 84,5% – материалдык өндүрүштө (а. и. 5,0% – ө. ж-да, 66,8% – а. ч-да, 2,5% – транспорт м-н байланышта, 7,3% – соода, коомдук тамактануу, материалдык-тех. жабдуу, товар өткөрүү ж-а даярдоо, 1,7% – материалдык өндүрүштүн башка тармактарында), 15,5% – тейлөө чөйрөсүндө (а. и. 7,8% – билим, маданият ж-а илимде, 3,8% – ден соолукту чыңдоо тармагында, 2,4% – башкаруу органдарында, 0,7% – турак-жай, коммуналык чарбасында, 0,8% – тейлөө чөйрөсүнүн башка тармактарында) иштейт (2000). Облустун калкынын 25,0% – Кара-Суу, 16,8% – Ноокат, 16,5% – Өзгөн, 7,8% – Араван, 6,8% – Кара-Кулжа, 5,6% – Алай, 1,9%и – Чоң Алай р-нда, 19,6% – Ош ш-нда (шаардык кеңешинде) (2002). Калктын 51,7% – деңиз деңг. 1000 *м*ге чейинки бийиктикте, 33,7% – 1001–1500 *м*де, 9,3% – 1501–2000 *м*де, 4,1% – 2001–2500 *м*де, 1,2% – 2501–3000 *м* бийиктикте отурукташкан (1999). Калктын орт. жыштыгы: 1 *км²*ге 42,7 киши. Шаарлары: Ош (калкынын саны 243,2 миң), Өзгөн (43,5 миң), Ноокат (13,3 миң), Кара-Суу (20,8 миң); шаарчалары: Найман (1,9 миң), Сары-Таш (1,6 миң); ири кыштактары: Араван ( 23,2 миң), Жаңы Ноокат (19,4 миң), Куршаб (15,3 миң), Гүлчө (13,0 миң), Мырзаке (14,5 миң), Таштак (10,8 миң), Кашкар-Кыштак (15,0 миң), Кызыл-Кыштак (8,4 миң), Дыйкан-Кыштак (8,0 миң), Ылай-Талаа (7,2 миң), Эски Ноокат ( 5,9 миң), Отуз-Адыр (5,5 миң), Жаңы-Арык (5,8 миң), Дароот-Коргон (4,4 миң) ж. б. (2002).

**Чарбасы.** Ош облусу Кырг-нда социалдык-экон. жактан орточо өнүккөн региондун катарына кирет. 2000-ж. облустун жалпы дүң продукциясы 9,2 млрд сомду (респ-нын ички дүң продукциясынын 13,0%и), анын 5,6% – ө. ж., 44,0% – а. ч., 19,7% – соода ж-а

*1-таблица*

Өнөр жай продукциясынын негизги көрсөткүчтөрү (2001-ж.)

| | Өлчөө бирдиги | Ө. ж. продукциясын өндүрүү | Облустун ө.ж. продукциясын өндүрүү б-ча респ-дагы үлүшү |
|---|---|---|---|
| Электр энергиясы | млн *кВт · с* | 49,4 | 0,4 |
| Көмүр | миң *т* | 14,3 | 2,9 |
| Борбордон четтөөчү насос | даана | 824 | 100 |
| Кубаттулугу 75 кВтдан ашпаган өзгөрүлмө токтун электр кыймылдаткычтары | миң даана | 823 | 100 |
| Бетондон жасалган курулуш конструкциялары | миң *м³* | 5,5 | 12,7 |
| Дубал материалдары | млн шарттуу кыш | 12,7 | 19,7 |
| Кебез буласы | миң *т* | 13,5 | |
| Кебез кездеме | миң *м²* | 5,4 | 100 |
| Жибек кездеме | миң *м²* | 0,3 | 100 |
| Тигилүү буюмдар | млн *сом* | 37,6 | 7,7 |
| Бут кийим | миң жуп | 39,4 | 28,8 |
| Ферменттелген тамеки | миң *т* | 12,6 | |
| Эт, I-категориядагы субпродуктуну кошкондо | *т* | 41 | 2,3 |
| Чалган май | *т* | 51 | 2,7 |
| Ун | миң *т* | 107,7 | 23,1 |
| Иштелген сүт ж. б. сүт азыктары | *т* | 234 | 2,1 |
| Өсүмдүк майы | миң *т* | 3,5 | 40,2 |
| Нан ж-а нан азыктары | миң *т* | 9,9 | 7,8 |

коомдук тамактануу, 30,7% – курулуш, транспорт, билим берүү, башкаруу тармактары түзгөн. 2001-ж. 1-январында облуста катталган чарбалык субъектилердин жалпы саны 40461, алардын 8,4% – мамл., 6,9% – коммуналык, 84,7% – жеке менчиктеги ишканалар. Облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын жалпы көлөмү 3,2 млрд сом (респ-да өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 7,2%) (2003). Өнөр жай продукциясынын 30,9% – жеңил, 30,7% – ун-акшак ж-а аралаш тоют, 23,1% – тамак-аш, 10,5% – энергетика, 1,8% – курулуш, 1,5% – машина куруу, 0,2% – отун, 0,7% – ө. ж-дын башка тармактарында өндүрүлөт. Отун-электр-энергетикалык тармагында (Ош жылуулук электр борбору; кубаттулугу 50 мВт) 55,9 млн *кВт•с* электр энергиясы, 45,3 миң *т* көмүр өндүрүлөт (2002). Машина куруу ө. ж-нын негизин «Ош насос заводу» жоопкерчилиги чектелген ишкана (2001-ж. – 824 даана насос чыгарган) ж-а автоунаа жөндөө заводдору түзөт. Курулуш материалдары ө. ж. негизин курулуш материалдар комбинаты (ири ишканасы «Ош-Ак-Таш» АК), темир-бетон, гипс, черепица жасоочу, асфальт-бетон заводдору түзөт. Облустун эң ири ө. ж. тармагы болуп жеңил ө. ж. (2001-ж. 36 ишкана иштеген, өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 1006,9 млн сом, 8,2 миң киши иштейт) эсептелет. Жеңил өнөр жайынын негизин текстиль ө. ж. (99,3%) түзөт. Ири ишканалары: «Текстильщик» АК (пахтадан кездеме токуу; 2000-ж. 6,0 млн $м^2$), «Ошжибек» (жибек кездеме; 136 миң $м^2$), пахтаны кайра иштетүүчү: «Акалтын» АК (Кара-Суу ш.), «Акбула» АК (Араван кыштагы). Мындан тышкары кийим тигүү, тери ашатуу ж-а боёо, тери буюмдарын жасоочу, бут кийим тигүү ж. б. ишканалар иштейт. Тамак-аш ө. ж-нда катталган 64 ишканада 4,6 миң киши иштейт, 1755,0 млн сомго продукция өндүрүлөт. Тамак-аш ө. ж-нын негизин тамеки-махорка (51,0%; ири ишканасы – «Ош-Дюбек» АК ), эт («Келечек» АК), өсүмдүк майын («Аска» АК), ж. б. продукцияларды өндүрүүчү тармактар түзөт. Ун-акшак ж-а аралаш тоют тармагынын эң ири ишканасы болуп «Кара-Суу Дан-Азык» АК эсептелет. Жалпысынан алганда ун-акшак ж-а аралаш тоют ө. ж-нын респ-дагы үлүшү 36,2%, жеңил ө. ж-ныкы 32,0%, тамак-аш өнөр жайыныкы 11,4%.

Айыл чарбасы облустун экон-нын негизги тармагы. 2001-ж. а. ч-нын дүң продукциясы 8591,6 млн сомду (респ-нын 18,0%ин), а. и. дыйканчылык – 4551,7 млн сомду (17%), мал чарбасы – 3959,5 млн сомду (19,1%) түзгөн. Облус а. ч. продукциясын өндүрүү б-ча республикада экинчи (Чүй облусунан кийин) орунда турат. 2001-ж. айыл чарбасында катталган 20578 субъектинин 13 мамл., 1 агрофирма, 2 акционердин коом, 10 коллективдик дыйкан чарбасы, 165 а. ч. кооперативи, 20387 дыйкан (фермер) чарбасы. Калктын жеке менчик чарбаларынын саны 39,0 миң. Облустун а. ч-га жарактуу жери 1635,6 миң *га*ны (жалпы аянтынын 56,0%) түзөт. Анын 182,7 миң *га*сы айдоо, 73,4 миң *га*сы чабынды, 7,8 миң *га*сы көп жылдык өсүмдүк, 2,8 миң *га*сы айдалбаган жер, 1368,9 миң *га*сы жайыт. Тармактын структурасында дыйканчылык басымдуу орунду ээлейт (53,0%). Айдоо аянты 174,4 миң *га*, а. и. дан эгиндери 104,6 миң *га* (буудай 84,3 миң *га*, жүгөрү – 13,7 миң *га*), тех. өсүмдүктөр 17,9 миң *га* (пахта – 11,7 миң *га*, тамеки – 6,2 миң *га*), картошка ж-а жашылча 15,5 миң *га*, тоют өсүмдүктөрү 17,9 миң *га*ны түзөт (2001). Мындан сырткары мөмө-жемиш бактары 7,6 миң *га*, жүзүм 0,7 миң *га*га эгилген. 2001-ж. облуста 32,6 миң *т* пахта (Кара-Суу р-ну 66,0%ин, Араван – 34,0%; респ-дагы үлүшү 33,0%), 7,5 миң *т* тамеки (57,0%), 294 миң *т* дан (16,1%), 100,2 миң *т* картошка (8,6%), 136,0 миң *т* жашылча (16,7%) өндүрүлгөн. Мал чарбасында айыл чарбанын дүң продукциясынын 46,0%и өндүрүлөт. 2002-ж. облустун бардык чарба субъектилеринде 234,1 миң бодо мал (а. и. саан уй – 125,1 миң), 847,2 миң кой, эчки, 73,5 миң жылкы, 440,1 миң үй канаттуулары болгон. Бодо малдын жалпы санынын 55,1%и, кой-эчкинин 62,4%и калктын жеке чарбаларына тиешелүү. 2001-ж. облуста 75,3 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта; респ-дагы үлүшү 37,7%), 228,6 миң *т* сүт (20,0%), 33,3 миң даана жумуртка (14,6%), 2,6 миң *т* жүн (22,2%) өндүрүлгөн.

Облуста автомобиль, темир жол, аба ж-а куур транспорттору өнүккөн. Эң маанилүүсү автомобиль транспорту. Автомобиль жолдорунун жалпы уз. 2345 *км*, анын 781 *км*и эл аралык, 402 *км*и мамл., 1162 *км*и жергиликтүү маанидеги жолдор. Эл аралык маанидеги жолдору: Ош–Сары-Таш–Эркечтам–Кашкар (Кытай), Ош–Сары-Таш–Хорог (Тажикстан); мамлекеттик маанидегилери: Бишкек-Ош (анын 100 *км* облустун аймагында), Жалал-Абад–Өзгөн–Ош; жергиликтүү маанидегилери: Ош–Өзгөн–Кара-Кулжа–Алайкуу, Ош–Сары-Таш–Дароот-Коргон–Карамык, Ош–Кара-Суу–Жалал-Абад, Ош–Ноо-

кат–Кызыл-Кыя ж. б. Автомобиль жолдорунун 31,5% – асфальт-бетондолгон, 61,0% – таш төшөлгөн, 7,5% – таш төшөлбөгөн. Автомобиль транспортунда 200 чарбалык субъект иштейт. 2001-ж автомобиль транспорту м-н 5522,5 миң *т* жүк, 31768,4 миң жүргүнчү ташылган (2001). Ош-Кара-Суу темир жолу (уз. 30 *км*) Өзбекстандын темир жолу м-н жалгашкан. Темир жол м-н чоң габариттүү жүк (айрыкча Ош ЖЭБна) ж-а Бишкек, Жалал-Абад, Хожент (Тажикстан), Ташкен (Өзбекстан), Арыс (Казакстан) бекеттерине жүргүнчү ташылат. Аба трансп. «Кыргызстан Аба жолдору» улуттук авиакомпаниясына кирген Ош авиаишканасы ж-а аэропорттон турат. Ош аэропорту аркылуу Бишкек, Чолпон-Ата, Каракол шаарларына ж-а Алматы (Казакстан), Омск, Москва, Новосибирск (Орусия), Пекин (Кытай), Дели (Индия), Пакистан, Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмирликтерине жүргүнчүлөр ташылат. 2001-ж. аба транспорту м-н 62,2 миң жүргүнчү ташылган. Куур транспорту аркылуу облустун калкы газ м-н камсыз кылынат (Өзбекстандын Анжиян облусунан алып келинет). Электр трансп. (троллейбус) м-н 3207,0 миң жүргүнчү ташылган (2001).

**Маданий турмушу.** Облустун б и л и м б е р ү ү системасы мектепке чейинки, жалпы билим берүү, башталгыч, орто, кесиптик-тех., атайын орто ж-а жогорку окуу жайларынан турат. Облуста 65 мектепке чейинки мекеме (8,2 миң бала тарбияланат), 544 жалпы билим берүүчү мектеп (310,7 миң окуучу окуйт), 15 кесиптик-тех. окуу жайы (2,7 миң), 7 атайын орто окуу жайы (3,3 миң студент), 4 жогорку окуу жайы (58,6 миң) бар. Жалпы билим берүүчү орто мектептердеги окуучулардын 63,8% – кыргыз, 28,7% – өзбек, 7,4% – орус, 0,1% – тажик тилдеринде окуйт. Облуста Ош соода колледжи, Ош курулуш колледжи, Ош айыл-чарба техникуму, Ош, Өзгөн мед. окуу жайлары (атайын орто билим берүүчү), Ош мамл. ун-ти, Ош технол. ун-ти, Кыргыз–Өзбек ун-ти, Гуманитардык-пед. ин-ту, Москва мамл. социалдык ун-тинин, Ж. Баласагын атн. Кыргыз ул. ун-тинин, ж-а Кыргыз эл аралык университетинин филиалдары иштейт.

Облустук ул. госпиталь, 4 шаардык, 1 шаардык балдар, 3 учук, инфекциялык, 7 райондук, 4 номердик, 39 участкалык оорукана, төрөт үйү, 7 учук, 3 тери-венерологиялык, онкологиялык, психоневрологиялык, наркологиялык диспансерлер, 11 поликлиника, 6 тиш поликлиникасы, 233 фельдшер-акушердик пункт, 173 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. иштейт (2001). Аталган мекемелерде 2330 врач, 9168 мед. орто билимдүү кызматкерлер эмгектенет (2000).

Облуста улуттук мааниге ээ театрлар, музейлер, көркөм-сүрөт мастерскойлору бар. Ош облустук маданий башкармасына караштуу 13 райондук ж-а шаардык бөлүмдөр, 8 облустук маданий мекемелер, 222 китепкана, 157 маданият үйү, 3 театр, 7 эс алуу паркы, 24 муз. мектеп, мамл. муз. окуу жайы иштейт (2001).

Облустун аймагындагы байыркы тарыхый-архит. эстеликтер: байыркы аңчылардын тургун жайлары, шаар чалдыбарлары, байыркы мүрзөлөр, мавзолейлер, мечиттер, кербен-сарайлар, чептер ж. б. Байыркы *Ош* шаары (б. з. ч. 4-к., б. з. 5-к.) ж-а ага жакын жаткан аймактарда Жибек жолундагы маанилүү пункттар – Мырзалимдөбө, Чаяндөбө, Отуз-Адыр, Мады, Коргошун-Дөбө, Ак-Буура, Шалтак-Дөбө, Шоро-Башат Куршаб ж. б чептер жайгашкан. Ош ш-нын аймагындагы «Сулаймантоо» (Тахт-и-Сулайман) эстелиги, Рават Абдуллахандын мечити (16–17 к.), Асаф ибн Бурхия мавзолейи (17–18-к.), Алымбек датканын (19-к.) ж-а Мухамад Юсуп Байкожо уулунун мечиттери (20-к.), орто кылымдарга таандык архит. эстеликтердин бири Өзгөн архит. комплексинини (3 мавзолей ж-а минареттен турат) ж. б-дын мааниси зор. Кокон хандыгынын тушундагы эстеликтерге – Дароот-Коргон, Соголон кербен-сарайы (чептердин калдыктары) таандык. Облустун табигый объектилери туризм м-н альпинизмди өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ. Кара-Шоро минералдуу суулары, Салам-Алик жаңгак-мөмө токою, Абшыр-Сай шаркыратмасы, Ажыдаарүңкүр, Баритүү, Ферсман үңкүрлөрү ж. б. рекреациялык мааниге ээ. Алай ж-а Чоң Алай тоолорунун бийик бөлүктөрү туризм ж-а алпинизмди өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу. Алай өрөөнүндө ж-а Чоң Алай кырка тоосунда 4 туристтик маршрут иштейт. Чоң Алай кырка тоосунун эң бийик – Ленин атн. чокусунун этегинде Ачыкташ альплагери орун алган. 2001-ж. Алай ж-а Чоң Алай райондоруна келген туристерден 112,8 миң сом киреше түшкөн. Жалпысынан алганда облустагы 83 туристтик объектинин: 16сы – табигый, 17си – тарыхый-маданий, 8и – аңчылык, 7си – дарылоо-бальнеологиялык, 4өө – курорттук, 15и – рекреациялык, 4өө - интераңчылык, 12си – археол. объектилер.


*И. Егембердиев, К. Матикеев*

## РАЙОНДОРУ

**АЛАЙ РАЙОНУ** Ош облусундагы адм.-аймактык бирдик. Ал облустун эң түштүгүндө жайгашып, чыгышынан Кытай, түндүгүнөн ж-а түн.-чыгышынан Кара-Кулжа ж-а Өзгөн, батышынан ж-а түн.-батышынан Кара-Суу, Ноокат ж-а Чоң Алай р-ндору, түштүгүнөн Тоолуу Бадакшан (Тажикстан) м-н чектешет. Аянты 7,6 миң *км²* (Ош облусунун аймагынын 26,0%). Калкы 72,6 миң (2009). Борбору – Гүлчө кыштагы (калкы 11,7 миң; 2009). Район 12 айыл округуна бөлүнөт.

Район 1928-ж. Алай-Гүлчө району болуп уюшулган; 1936-ж. андан эки район бөлүнгөн – Алай р-ну ж-а Чоң Алай району; 1959-ж. алар кайра биригип, Алай р-ну болгон. 1992-ж кайра эки районго – Алай (бор. – Гүлчө кыш.) ж-а Чоң Алай (борб. – Дароот-Коргон кыш.) райондоруна бөлүнгөн.

Район бийик тоолуу *Алай ороону* (чыгыш бөлүгү) м-н *Гүлчө ороонундо* жайгашкан.



Алай өрөөнү түн. бөлүгүнөн *Алай кырка тоосу,* түштүгүнөн Чоң Алай кырка тоосу (эң бийик жери – 7137 *м*., Ленин атн. чоку) м-н курчалган. Райондун деңиз деңг. эң жапыз жери 1560 *м* (Гүлчө өрөөнүндө). Кен байлыктары: көмүр, кайнатма туз, сымап, сурьма, вольфрам, чым-көң, мрамор, курулуш материалдары, минералдуу ж-а ысык булактар ж. б. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы Гүлчө өрөөнүндө – 7,5°С, Алай өрөөнүндө – 14,4… – 17,5°С, июлдуку Гүлчөдө 18,9°С, Алайда 9–15,4°С. Жылдык жаан-чачыны 300–500 *мм*. Ири мөңгүлөрү: Корженевский, Ленин ж. б. Суу тармактары жыш; ирилери: Гүлчө, Кызыл-Суу, Көк-Суу ж. б. Райондун түн.-чыгыш бөлүгүн ж-а орто бийиктиктеги тоолордун түн. капталдарын карбонаттуу күрөң топурак ээлеп, буудайыктуу талаа ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өсөт. Ушул эле бийиктиктеги тоо капталдарынын чыгыш экспозицияларын майда дүңгөлүү, бетегелүү ж-а бетеге-түрдүү чөптүү талаа ээлейт. Талаа ж-а шалбаалуу талаа алкактары бийиктеген сайын токой ж-а шалбаа алкактарына өтөт. Тоо капталдарынын түн. ж-а чыгыш экспозицияларынын тескей беттеринде (күңүрт-коңур тоо токой топурагында) арча ж-а сейрек токой өсөт. Тоо-талаа топурактуу субальп ж-а альп алкактарында субальп ж-а альп шалбаалуу талаа ж-а талаа өсүмдүктөрү басымдуу. Кууш капчыгайларда бадал (итмурун, табылгы, изирик ж. б.), суу жайылмаларында чычырканак, тал, терек ж. б. кездешет. Нивалдык алкакта рихтерия, мамыры чөп ж. б. өсөт. Баалуу айбанаттарды коргоо ж-а көбөйтүү максатында Куршаб суусунун жайылмасында *Гүлчө заказниги* уюшулган.

Райондо облустун калкынын 5,6% жашайт (2002). Төрөлүүнүн деңгээли 20,3‰, өлүм-житим –41,1‰, табигый өсүш –16,2‰ни түзөт. Калкынын 44,7%и эмгек жашына чейинкилер, 47,5%и эмгек жашындагылар, 7,8% – эмгек жашынан өткөндөр (1999). Калкынын 69,2%и деңиз деңг. 1500–2000 *м*, 20,0% –2000–2500 *м*, 10,8–2500–3000 *м* бийиктиктерде отурукташкан. Орт. жыштыгы: 1 *км²* жерге 9,0 киши туура келет. Райондо 1 шаарча (Сары-Таш), 57 кыштак бар (к. төмөнкү таблицаны).

**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш нйүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Ош т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Ак-Босого | | Үч-Дөбө | 1093 | 81 | 163 |
| Ак-Жай | | Үч-Дөбө | 1014 | 60 | 128 |
| Арпа-Тектир | | Коңур-Дөбө | 1730 | 9 | 89 |
| Арча-Булак | | Талды-Суу | 372 | 125 | 205 |
| Аскалы | | Алай | 610 | 46 | 125 |
| Аюу-Тапан | | Жошолу | 1243 | 30 | 130 |
| Биринчи Май | | Корул | 1403 | 8 | 89 |
| Боз-Караган | | Коңур-Дөбө | 1005 | 7 | 80 |
| Гүлчө | | Гүлчө | 12998 | - | 81 |
| Жаңы Алай | | Жаңы Алай | 1713 | 80 | 15 |
| Жаңы-Арык | | Жаңы Алай | 954 | - | - |
| Жаңы-Турмуш | | Жошолу | 1080 | 15 | 97 |
| Жар-Кыштак | | Коңур-Дөбө | 526 | 1 | 81 |
| Жерге-Тал | | Алай | 481 | 46 | 125 |
| Жылуу-Суу | | Гүлчө | 604 | 1 | 82 |
| Каблан-Көл | | Коңур-Дөбө | 2488 | 24 | 53 |
| Кайнама | | Будалык | 511 | 19 | 102 |
| Кара-Булак | 1920 | Гүлчө | 120 | 10 | 73 |
| Кара-Суу | 1938 | Будалык | 734 | 18 | 101 |
| Кара-Шоро | | Коңур-Дөбө | 1208 | 6 | 80 |
| Кежиге | | Үч-Дөбө | 136 | 61 | 129 |
| Кичи Каракол | | Үч-Дөбө | 1181 | 62 | 130 |
| Кичи Бүлөлүү | | Бүлөлү | 804 | 38 | 120 |
| Коммунизм | | Жошолу | 768 | 10 | 93 |
| Кошулуш | | Бүлөлү | 84 | 34 | 114 |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Көк-Булак | | Талды-Суу | 27 | 132 | 212 |
| Көк-Суу | | Сары-Таш | 52 | 182 | 265 |
| Көлдүк | | Алай | 632 | 43 | 123 |
| Көл-Чаты | | Бүлөлү | 269 | 32 | 115 |
| Кең-Жылга | | Корул | 2033 | 20 | 100 |
| Кум-Шоро | | Будалык | 756 | 13 | 96 |
| Күн-Элек | | Ленин | 1280 | 22 | 103 |
| Кызылой | | Коңур-Дөбө | 218 | 11 | 82 |
| Кургак | | Талды-Суу | 24 | 132 | 213 |
| Курманжан датка | 1937 | Гүлчө | 772 | 5 | 76 |
| Кызыл-Алай | | Үч-Дөбө | 831 | 80 | 168 |
| Кызыл-Коргон | | Ленин | 2418 | 17 | 101 |
| Ленин-Жол | | Жошолу | 891 | 12 | 95 |
| Мыязды | 1975 | Жошолу | 554 | 17 | 100 |
| Мурдаш | | Ленин | 2528 | 22 | 103 |
| Нура | | Сары-Таш | 628 | 170 | 253 |
| Октябрь | 1936 | Будалык | 970 | 18 | 101 |
| Оро-Дөбө | 1966 | Будалык | 263 | 6 | 89 |
| Осоавиахим | | Жошолу | 1284 | 20 | 103 |
| Сопу-Коргон | | Алай | 6483 | 40 | 120 |
| Талды-Суу | | Талды-Суу | 1253 | 140 | 220 |
| Тамга-Терек | 1936 | Будалык | 530 | 10 | 93 |
| Таш-Короо | 1920 | Гүлчө | 1447 | 18 | 63 |
| Таргалак | | Алай | 223 | 40 | 120 |
| Терек | | Алай | 1091 | 46 | 126 |
| Тогуз-Булак | 1936 | Корул | 1711 | 13 | 93 |
| Тоо-Ашкан | | Ленин | 273 | 35 | 123 |
| Туура-Булак | | Талды-Суу | 39 | 148 | 228 |
| Чакмак | 1930 | Гүлчө | 83 | 1 | 80 |
| Чий-Талаа | | Алай | 1396 | 46 | 126 |
| Чоң Бүлөлү | | Бүлөлү | 586 | 38 | 118 |
| Чоң Каракол | 1936 | Үч-Дөбө | 1174 | 72 | 155 |

Алай р-нун экон-сынын негизин мал чарбасы ж-а дыйканчылык түзөт. Райондо 2001-ж. 116,3 миң кой, эчки, 17,2 миң бодо мал, 9,4 миң жылкы, 20,7 үй канаттуулары болгон. 2001-ж. 6,4 миң *т* эт (облуста өндүрүлгөн эттин 8,5%), 16,0 миң *т* сүт (7%), 33 *т* жүн (12,8%) өндүрүлгөн. Жалпы жер фондусу 7582,0 миң *га* (2001), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 396,3 миң *га* (жеринен 52,3%). Анын басымдуу бөлүгү (383,0 миң *га*) жайыт. Айдоо аянты 5,4 миң *га*, анын 1,9 миң *га*сы сугат жер, 3,5 миң *га*сы кайрак жер; 38 *га* көп жылдык өсүмдүк, 7,9 миң *га* чабынды. Дан (4,4 миң *га*, а. и. буудай – 3,2 миң *га*), картөшкө (0,5 миң *га*), май алынчу өсүмдүктөр (227 *га*), жашылча (244 *га*) айдалат (2002).

Райондо 5 өндүрүштүк (макарон, самын чыгаруучу, жыгач иштетүүчү, көмүр казып алуучу) ж-а дан эгиндерин кайра иштетүүчү 38 кичи ишкана иштейт. Район облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 0,8%ин берет.

Негизги транспорту – автомобиль жолу. Анын аймагынан эзелтен эле Орто Азия өлкөлөрүн Кытай, Индия, Пакистан, Ооганстан м-н байланыштырган Улуу Жибек жолу өткөн. Негизги автомобиль жолдору: эл аралык маанидегилери Ош–Хорог, Сары-Таш–Дароот-Коргон–Дүйшөмбү, жергиликтүү маанидегиси Сары-Таш–Эркечтам. 2000-ж. автомобиль транспорту м-н 0,1 млн *т* жүк ташылган.

Райондо 2001/02-окуу жылында 38 орто, 4 толук эмес орто, 6 башталгыч мектеп, 1 кесиптик-тех. лицей, Ош мамл. ж-а тех. ун-ттеринин сырттан окуу бөлүмдөрү болгон. Райондо 4 оорукана, 25 фельдшер-акушердик пункт ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2002). Райондогу 32,3 миң эмгекке жарамдуу кишинин ичинен 1751 билим берүү, 410 ден соолук, 110 маданият, 261 байланыш ж-а транспорт, 246 коммуналык ж-а курулуш чөйрөлөрүндө, 4112 дыйкан ж-а фермер чарбаларында ж. б. иштейт.


*И. Егембердиев, А. Аданова*

**АРАВАН РАЙОНУ** Ош облусундагы адм.-аймактык бирдик. Ал облустун түн.-батышында жайгашып, түндүгүнөн ж-а түн.-батышынан Өзбекстан, түштүгүнөн Ноокат, чыгышынан Кара-Суу р-ндору м-н чектешет. Аянты 1259 *км*² (облустун аймагынын 2,1%). Калкы 106,1 миң (2009). Район 6 айыл округуна бөлүнөт. Борбору – Араван кыштагы (калкы 17,7 миң; 2009). Район 1935-ж. уюшулган.

Район Фергана өрөөнүнүн өндүрүнөн орун алган. Аймагы адырлуу. Түн. бөлүгү дениз денг. 500–700 *м*, түштүгү 700–1500 *м* бийиктикте. Курулуш материалдарынын кени бар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –2… –3°С, июлдуку 28°С. Жылдык жаан-чачыны 290–300 *мм*. Ири суусу – Араван-Сай (Ноокат р-нун аймагында Кыргыз-Ата аталат). Сугатка пайдаланылат. Райондун түн. бөлүгүнөн Түш. Фергана каналы өтөт. Кыртышы боз топурактуу. Аймагынын көп бөлүгү айдалган, айдалбаган түзөң бөлүгү шыбак-баялыштуу, адырлар эфемер-шыбактуу келип, жарым чөлгө мүнөздүү өсүмдүктөр өсөт.

Райондун аймагында облустун калкынын 7,8% жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли 203,0‰, өлүм-житим – 5,0‰, табигый өсүшү – 18,0‰ (2001). Калкынын 38,9%и кыргыздар, 58,8%и өзбектер, 0,8%и азербайжандар, 0,6%и тажиктер, 0,9%и башка улуттар. Эмгек жашына чейинкилер 43,8%, эмгек жашындагылар 48,8%, эмгек жашынан өткөндөр 7,4%. Калкынын 98,8% дениз денг. 100 *м*ге чейинки, 1,2%и 2000–2500 *м* бийиктиктерде отурукташкан. Райондо 48 кыштак бар, алар жөнүндөгү маалыматтар төмөнкү таблицада.

Араван р-нун экон-нын негизин дыйканчылык (негизинен пахтачылык) түзөт. Жалпы жер фондусу 62,0 миң *га* (2001), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 47,1 миң *га* (жеринин 76,0%). Айдоо аянты 19,7 миң *га* (анын 16,1 миң *га*сы сугат жер), 1,1 миң *га* көп жылдык дарактар, 0,2 миң *га* чабынды, 25,1 миң *га* жайыт. Айдоо жердин 3,4 миң *га*сын пахта,10,2 миң *га*сын дан эгиндери (а. и. буудай – 8,4 миң *га*), 132 *га*сын тамеки, 1,6 миң *га*сын жүгөрү, 1,2 миң *га*сы май алынчу өсүмдүктөр (1,3 миң *га*сын), жашылча ж. б. ээлейт (2002). Багбанчылык (547 *га*), жүзүм-чүлүк (195 *га*), жибекчилик өнүккөн. 2002-ж. 10,8 миң *т* пахта (облустагы үлүшү – 34,4%), 45,6 миң *т* дан (14,1%),



Райондун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш нйүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Аграном | 1925 | Чек-Абад | 665 | 14 | 44 (Ош) |
| Ак-Шор | 1968 | Төө-Моюн | 2237 | 32 | 33 (Кызыл-Кыя) |
| Араван | 1870 | Алляанаров | 7803 | - | 30 (Ош) |
| Араван (бир бөлүгү) | 1870 | Араван | 16370 | - | 30 (Ош) |
| Арап | 19-к. | Төбө-Коргон | 1863 | 15 | 45 (Ош) |
| Ачы | 1929 | Алляанаров | 1552 | 7 | 28 (Ош) |
| Гулбахар | 1956 | Керме-Тоо | 6858 | 12 | 20 (Ош) |
| Жакшылык | 1977 | Чек-Абад | 1791 | 11 | 41 (Ош) |
| Жаңы-Абад | 1928 | Төбө-Коргон | 1357. | 10 | 34 (Ош) |
| Жаңы-Арык | - | Маңгыт | 1637 | 12 | 30 (Ош) |
| Жаңы-Жол | 1935 | Төбө-Коргон | 1980 | 13 | 41 (Ош) |
| Жаңы Араван | 1930 | Алляанаров | 2155 | 7 | 30 (Ош) |
| Жар-Кыштак | 1916 | Чек-Абад | 676 | 14 | 44 (Ош) |
| Жеке-Мисте | 1900 | Төө-Моюн | 2286 | 30 | 35 (Кызыл-Кыя) |
| Интернационал | 1927 | Төбө-Коргон | 930 | 8 | 40 (Ош) |
| Кара-Булак | 1940 | Алляанаров | 90 | 10 | 40 (Ош) |
| Кайрагачарык | - | Төбө-Коргон | 1720 | 10 | 33 (Ош) |
| Какыр | 1935 | Төбө-Коргон | 1375 | 10 | 40 (Ош) |
| Каррак | 1940 | Араван | 625 | 4 | 31 (Ош) |
| Кесов | 19-к. | Төбө-Коргон | 2259 | 12 | 35 (Ош) |
| Кесек | - | Маңгыт | 835 | 12 | 26 (Ош) |
| Керкидон | 1900 | Төө-Моюн | 1485 | 50 | 50 (Кызыл-Кыя) |
| Кичи Алай | 1930 | Керме-Тоо | 405 | 130 | 110 (Ош) |
| Кочубаев | 1850 | Чек-Абад | 4577 | 8 | 40 (Ош) |
| Көгала-Баш | 1922 | Чек-Абад | 695 | 7 | 30 (Ош) |
| Күндөлүк | 1929 | Керме-Тоо | 146 | 90 | 70 (Ош) |
| Кызыл-Коргон | - | Маңгыт | 873 | 16 | 39 (Ош) |
| Лангер | 1870 | Төбө-Коргон | 3237 | 13 | 40 (Ош) |
| Майдан-Тал | 1929 | Керме-Тоо | 29 | 95 | 75 (Ош) |
| Максым-Топу | 1912 | Чек-Абад | 503 | 12 | 42 (Ош) |
| Мангыт | - | Маңгыт | 1902 | 14 | 41 (Ош) |
| Миң-Теке | - | Керме-Тоо | 46 | 84 | 120 |
| Найман | 1870 | Төө-Моюн | 2391 | 35 | 26 (Кызыл-Кыя) |
| Октябрь | 1932 | Араван | 2010 | 3 | 35 (Ош) |
| Пахтачы | 1930 | Чек-Абад | 2217 | 6 | 32 (Ош) |
| Сары-Булак | 1929 | Керме-Тоо | 16 | 93 | 73 (Ош) |
| Сары-Таш | 1963 | Төө-Моюн | 1572 | 47 | 20 (Кызыл-Кыя) |
| Сасык-Үңкүр | 1928 | Алляанаров | 1505 | 5 | 35 (Ош) |
| Сүткөр | - | Араван | 304 | 7 | 31 (Ош) |
| Сырт | 1962 | Төө-Моюн | 1170 | 42 | 30 (Кызыл-Кыя) |
| Төбө-Коргон | 20-к-дын башы | Төбө-Коргон | 6157 | 12 | 37 (Ош) |
| Төлөйкөн | - | Маңгыт | 2411 | 11 | 30 (Ош) |
| Төлөйкөн | 1920 | Чек-Абад | 429 | 6 | 45 (Ош) |
| Уйгур-Абад | 1932 | Төбө-Коргон | 1725 | 14 | 45 (Ош) |
| Хауз | 1912 | Төө-Моюн | 1569 | 45 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Чертик | 1870 | Төбө-Коргон | 1105 | 14 | 45 (Ош) |
| Чогом | - | Керме-Тоо | 527 | 120 | 100 (Ош) |
| Эрке-Кашка | - | Араван | 181 | 6 | 45 (Ош) |

22,9 миң *т* жашылча (16,8%) өндүрүлгөн. Мал чарбасы жайыттын жетишсиздигинен анча өнүккөн эмес. Райондо 2001-ж. 23,6 миң бодо мал (а. и. 10,8 миң башы саан уй), 56,7 миң кой, эчки, 2,2 миң жылкы, 52,7 миң үй канаттуулары болгон.

Район облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 10,8%ин берет. Ири ө. ж. ишканалары: «Акбула» АК (пахта тазалоочу з-д), нан з-ду, «Элегант» АК (тигүү ф-касы) кирет. Район жылына 3,8 миң *т* пахта буласын (облуста өндүрүлгөн буланын 38%) даярдайт.


Райондо негизинен автомобиль транспорту өнүккөн. Анын аймагынан эл аралык маанидеги Ош–Араван–Мархамат (Өзбекстан) – Кызыл-Кыя, жергиликтүү маанидеги Ош–Ноокат автомобиль жолдору өтөт. 2000-ж. автомобиль транспорту м-н 0,4 млн *т* жүк ташылган.

Райондо 2001/02-окуу жылында 50 жалпы билим берүүчү мектеп, 30 мектепке чейинки мекемелер, китепканалар болгон. Райондо райондук оорукана, 2 участкалык оорукана, 19 фельдшер-акушердик пункт, 15 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2001).

*И. Егембердиев*

**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ** – Ош облусундагы админ. бирдик. Түн. ж-а түн.-батышынан Өзгөн, чыгышынан Нарын облусунун Ат-Башы, батышынан Алай р-ндору, түштүгүнөн Кытай м-н чектешет. Аянты 5,7 миң *км²* (Ош облусунун аймагынын 19,6%). Калкы 87,7 миң киши (2009). Район 11 айыл округуна бөлүнгөн. Борбору – Кара-Кулжа кыштагы (калкы 11,8 миң; 2009). Район 1937-ж. уюшулган.

Жери негизинен тоолуу, Кара-Кулжа ж-а Тар сууларынын алабынан орун алган. Эң бийик жери 4900 *м* (Үчсейит массивинде), эң жапызы – 780 *м*. Райондун аймагында Фергана тоо тизмегинин чыгыш тармактары ( Үчсейит, Тасыр-Акай ж. б.), Академик Адышев, Алайкуу кырка тоолору, Алайкуу, Кара-Кулжа, Кулун, Капчыгай, Ажыке өрөөндөрү жайгашкан. Табигый ресурстарынан Кара-Кулжа, Кулун, Терек ж. б. минералдуу суулары, курулуш материалдардын кендери бар. Климаты континенттик. Кышы суук, кар арбын жаайт. Январдын орт. темп-расы –10…–14,8°С; жайы ысык, кургак, июлдуку 25 – 15,3°С. Жылдык жаан-чачыны 350–571 *мм*. Ири суулары: Тар (куймалары: Кулун, Терек, Алайкуу, Акбогуз ж.б.), Кара-Кулжа (Сур-Таш, Тасыр-Акай ж. б.). Көлдөрү: Кулун, Көл-Кайыңды ж. б. Эгилме ландшафт 780–1000 *м* бийиктикти ээлейт. Андан жогору каралжын боз топурактуу талаа (1000–2000 *м*), кара топурактуу бийик тоо талаасы, токой (2500–3000 *м*), альп ж-а субальп, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү.



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык *(км)* | Кара-Суу т. ж. бекетине чейинки аралык *(км)* |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Кыя | | Кара-Кочкор | 2684 | 6 | 92 |
| Алтын-Күрөк | | Карагуз | 407 | 18 | 106 |
| Биймырза | | Кара-Кулжа | 3811 | 1 | 86 |
| Биринчи-Май | | Кара-Кулжа | 5983 | 6 | 94 |
| Буйга | | Чалма | 1620 | 37 | 125 |
| Жаңы-Талаа | | Карагуз | 1387 | 12 | 100 |
| Жаңы-Талап | | Кашка-Жал | 1613 | 18 | 72 |
| Жети-Дөбө | | Карагуз | 1355 | 18 | 103 |
| Жийде | | Кашка-Жал | 927 | 18 | 79 |
| Кайың-Талаа | | Кызыл-Жар | 1272 | 107 | 195 |
| Кан-Коргон | | Алайкуу | 2673 | 112 | 200 |
| Калматай | | Карагуз | 1156 | 13 | 102 |
| Кара-Булак | | Сары-Булак | 849 | 31 | 120 |
| Кара-Жыгач | | Карагуз | 1330 | 23 | 111 |
| Кара-Кочкор | | Кара-Кочкор | 3460 | 8 | 80 |
| Кара-Кулжа | | Кара-Кулжа | 11224 | - | 88 |
| Кара-Таш | | Капчыгай | 751 | 55 | 143 |
| Кеңеш | | Карагуз | 2217 | 16 | 106 |
| Көгарт | | Алайкуу | 2743 | 120 | 208 |
| Көңдүк | | Ой-Тал | 1047 | 70 | 158 |
| Коо-Чаты | | Кызыл-Жар | 2047 | 110 | 198 |
| Кызыл-Булак | | Сары-Булак | 387 | 31 | 119 |
| Кызыл-Жар | | Кызыл-Жар | 625 | 105 | 193 |
| Насирдин | | Карагуз | 443 | 18 | 65 |
| Ой-Тал | | Ой-Тал | 1562 | 70 | 158 |
| Октябрь | | Кашка-Жал | 2155 | 13 | 78 |
| Пор | | Карагуз | 1215 | 18 | 138 |
| Сай | | Ылай-Талаа | 2282 | 13 | 101 |
| Сары-Булак | | Кара-Кочкор | 1749 | 4 | 84 |
| Сары-Булак | | Сары-Булак | 962 | 25 | 118 |
| Сары-Бээ | | Капчыгай | 908 | 42 | 130 |
| Сары-Камыш | | Кара-Кулжа | 911 | 8 | 93 |
| Сары-Күнгөй | | Сары-Булак | 1076 | 31 | 117 |
| Тегерек-Саз | | Сары-Булак | 698 | 30 | 115 |
| Терек | | Кызыл-Жар | 1209 | 100 | 187 |
| Терек-Суу | | Капчыгай | 736 | 36 | 124 |
| Тоготой | | Кашка-Жал | 2148 | 16 | 72 |
| Тогуз-Булак | | Сары-Булак | 777 | 32 | 116 |
| Токбай-Талаа | | Чалма | 3881 | 25 | 115 |
| Токбай-Талаа | | Сары-Булак | 660 | 38 | 115 |
| Чычырканак | | Кызыл-Жар | 1158 | 107 | 195 |
| Ылай-Талаа | | Ылай-Талаа | 7152 | 10 | 98 |
| Ынтымак | | Кашка-Жал | 310 | 19 | 78 |

Райондун аймагында облустун калкынын 6,8% жашайт (2002). Төрөлүүнүн деңгээли 22,8‰, өлүм-житим 5,2‰, табигый өсүш 17,6‰ (2001). Калкынын 46%и эмгек жашына чейинкилер, 45,9%и эмгек жашындагылар, 7,6%и эмгек жашынан өткөндөр. Калкынын 60,9%и деңиз деңг. 1000–1500 *м,* 18,0% – 1500–2000 *м,* 21,1% – 2000–2500 *м* бийиктиктерде отурукташкан. Калктын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 15 киши туура келет. Райондо 43 кыштак бар; к. таблицаны.

Кара-Кулжа р-нун экон-нын негизин мал чарбасы түзөт. Райондо 2002-ж. 22,5 миң бодо мал (а. и. 12,5 миң башы саан уй), 116,3 миң кой, эчки, 15,4 миң жылкы, 25,1 миң үй канаттуулары болгон; 9,5 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 19,5 миң *т* сүт, 342 *т* жүн өндүрүлгөн. Жалпы жер фондусу 571,2 миң *га* (2000), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 340,1 миң *га* (жеринин 59,4%). Айдоо аянты 13,6 миң *га* (анын 4,0 миң *га*сы сугат

жер), 0,2 миң *га* бак-дарактар, 16,1 миң *га* чабынды, 310,0 миң *га* жайыт. Дан эгиндери (7,8 миң *га*, а. и. буудай – 5,0 миң *га*), картөшкө (0,9 миң *га*) ж. б. өстүрүлөт (2002).

Өнөр жай тармагы райондун татаал экон. геогр. абалына байланыштуу өнүккөн эмес (облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 0,6% берет). «Ак-Терек» АК (тейлөө үйү) иштейт.

Райондо негизинен автомобиль транспорту өнүккөн. Анын аймагынан Өзгөн–Кара-Кулжа–Кызыл-Жар, Кара-Кулжа–Сары-Булак–Гүлчө автомобиль жолдору өтөт. 2000-ж. автомобиль транспорту м-н 0,1 млн *т* жүк, 21,0 млн жүргүнчү ташылган.

Райондо 2001/02-окуу жылында 49 жалпы билим берүүчү мектеп, 2 мектепке чейинки мекеме, муз. мектеп, китепкана болгон. Райондук оорукана, 12 участкалык оорукана, учук диспансери, 24 фельдшер-акушердик пункт, 17 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2001).

*И. Егембердиев*

**КАРА-СУУ РАЙОНУ** – Ош облусунун борб. бөлүгүндө жайгашкан адм. район. Чыгышынан Өзгөн, түштүгүнөн ж-а түш.-чыгышынан Алай, батышынан Ноокат ж-а Араван р-ндору, түндүгүнөн Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 2,8 миң *км²* (Ош облусунун аймагынын 9,7%). Калкы 348,3 миң (2009-ж.; облустун калкынын 25,0%). Район 15 айыл округуна бөлүнгөн. Борбору – Кара-Суу шаары. Район 1935-ж. уюшулган.




Район Ош-Кара-Суу түздүгүн, Алай кырка тоосунун түн. тармактарын, адырларды ж-а Кичи Алай өрөөнүнүн бир аз бөлүгүн ээлейт. Ош-Кара-Суу түздүгү деңиз деңг. 800–1200 *м* бийиктикте жатып, Ортотоо (бийикт. 1184 *м*), Кароол-Тоо (1115 *м*), Сулайман (1167 *м*) тоолору ж-а Отуз-Адыр адырлары м-н курчалган. Аймагында көмүрдүн (Алмалык) ж-а курулуш материалдарынын кендери чыгат. Климаты континенттик, түзөң бөлүгүндө жайы ысык. Январдын орт. темп-расы –3,3°Сден (өрөөндөрүндө) –6,9°Сге чейин (тоолордо), июлдуку 15–24,4°С. Жылдык жаан-чачыны 300–500 *мм*. Ири суулары: Ак-Буура, Куршаб, Талдык ж. б. Түзөң бөлүгүндө боз, тоо жагында күрөң топурак басымдуу. Деңиз деңг. 800–1500 *м* бийиктикте жарым чөл, 1400–3000 *м*де талаа, 1800–3500 *м*де шалбаалуу талаа, 1800–3000 *м*де шалбаа, 1000–2700 *м*де бадал өсүмдүктөрү, 1700–3000 *м*де токой (көбүнчө арча) өсөт.

**Райондо облустун калкынын 25,0% же 348,3 миң киши жашайт (2009-ж.). Төрөлүүнүн деңгээли 21,9‰ (2001), өлүм-житим – 4,9‰, табигый өсүш – 17,9‰ни түзөт. Анын 54,9% кыргыздар, 37,7% өзбектер, 3,0% уйгурлар, 1,6% тажиктер,1,0% түрктөр, 1,8% башка улуттар. Калкынын 43,8% эмгек жашына чейинки, 49,2% эмгек жашындагылар, 7,0% эмгек жашынан өткөндөр. Калкынын 75,1% деңиз деңг. 1000 *мге* чейинки, 22,6% – 1000–1500 *м*, 2,0% – 1500–2000 *мде*, 0,3% – 2000–2500 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 110 киши туура келет. Райондо 1 шаар ж-а 120 кыштак бар (к. таблицаны)**

**Райондун экон-нын негизин а. ч. ж-а иштеп чыгаруучу ө. ж түзөт. А. ч-нын негизги тармагы катары – пахтачылык ж-а кой чарбасы. Жалпы жер фондусу 292,3 миң *га* болсо (2002-ж.), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 189,0 миң *га* (жеринин 64,7%). Айдоо аянты 53,2 миң *га* (анын 31,0 миң *гасы* сугат жер), 2,9 миң *га* көп жылдык өсүмдүк,**

**Р а й о н д у н  а й ы л - к ы ш т а к т а р ы**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Агартуу | | Жоош | 1986 | 14 | 14 (Кара-Суу) |
| Ак-Жар | | Жоош | 1050 | 40 | 35 (Ош) |
| Ак-Колот | | Отуз-Адыр | 995 | 29 | 29 (Кара-Суу) |
| Ак-Таш | | Ак-Таш | 3482 | 9 | 9 (Кара-Суу) |
| Ак-Терек | | Жаңы-Арык | 580 | 35 | 35 (Кара-Суу) |
| Ак-Терек | | Папан | 790 | 83 | 40 (Ош) |
| Алгабас | | Кашкар-Кыштак | 1272 | 69 | 69 (Кара-Суу) |
| Алиордо | | Кызыл-Суу | 901 | 75 | 75 (Кара-Суу) |
| Алим-Төбө | | Нариман | 1694 | 25 | 25 (Кара-Суу) |
| Алчалуу | | Папан | 1482 | 85 | 61 (Ош) |
| Анжиян | | Кызыл-Кыштак | 3760 | 23 | 4 (Ош) |
| Анжиян-Маала | | Кашкар-Кыштак | 591 | 8 | 8 (Кара-Суу) |
| Атамерек | | Папан | 95 | 110 | 86 (Ош) |
| Асанчек | | Мады | 4473 | 28 | 8 (Ош) |
| Ачы | | Катта-Талдык | 877 | 68 | 50 (Ош) |
| Барак | | Ак-Таш | 562 | 16 | 16 (Кара-Суу) |
| Баш-Булак | 1896 | Катта-Талдык | 4916 | 45 | 45 (Кара-Суу) |
| Баш-Мойнок | | Нариман | 788 | 40 | 16 (Ош) |
| Бел-Кыштак | | Кызыл-Кыштак | 1427 | 32 | 7 (Ош) |
| Бек-Жар | | Кашкар-Кыштак | 1306 | 59 | 41 (Ош) |
| Бирлешкен | | Төлөйкөн | 2358 | 35 | 6 (Ош) |
| Бирлик | | Жоош | 950 | 13 | 13 (Кара-Суу) |
| Большевик | | Жоош | 3822 | 8 | 8 (Кара-Суу) |
| Бөрү | | Папан | 1853 | 82 | 38 (Ош) |
| ВЛКСМ | | Нариман | 3267 | 29 | 29 Кара-Суу |
| Достук | | Жаңы-Арык | 570 | 23 | 23 (Кара-Суу) |
| Дыйкан-Кыштак | | Төлөйкөн | 8031 | 28 | 2 (Ош) |
| Жим | | Нариман | 1723 | 19 | 5 (Ош) |
| Жоош | | Мады | 1272 | 31 | 12 (Ош) |
| Жыл-Келди | | Ак-Таш | 3380 | 6 | 2 (Ош) |
| Жаңы-Арык | 1896 | Жаңы-Арык | 5839 | 25 | 25 (Кара-Суу) |
| Жаңы-Кыштак | | Кызыл-Кыштак | 4570 | 25 | 5 (Ош) |
| Жаңы-Маала | | Нариман | 2503 | 0,5 | 0,5 (Ош) |
| Жаңы-Турмуш | | Катта-Талдык | 664 | 29 | 29 (Кара-Суу) |
| Жар-Ооз | | Кашкар-Кыштак | 1907 | 30 | 30 (Кара-Суу) |
| Жийделик | | Нариман | 8914 | 33 | 9 (Ош) |
| Зарбилик | | Жоош | 1435 | 10 | 15 (Ош) |
| Зарбдар | | Нариман | 3450 | 18 | 5 (Ош) |
| Имам-Ата | | Шарк | 3689 | 28 | 28 (Кара-Суу) |
| Каарман | | Мады | 2592 | 29 | 12 (Ош) |
| Кайрат | | Жоош | 1879 | 10 | 10 (Кара-Суу) |
| Калинин | | Жоош | 2034 | 20 | 3 (Ош) |
| Карагур | | Папан | 380 | 115 | 80 (Ош) |
| Кара-Дөбө | | Отуз-Адыр | 1788 | 18 | 18 (Кара-Суу) |
| Кара-Сөгөт | | Катта-Талдык | 1513 | 66 | 21 (Ош) |
| Каратай | | Нариман | 2323 | 52 | 22 (Ош) |
| Карл Маркс | | Кызыл-Кыштак | 1940 | 26 | 2 (Ош) |
| Кенжегул | | Кашкар-Кыштак | 2109 | 15 | 15 (Кара-Суу) |
| Кең-Сай | | Савай | 4575 | 2 | 2 (Кара-Суу) |
| Кожокелең | | Папан | 1387 | 120 | 90 (Ош) |

*Таблицанын уландысы*

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Коммунист | | Кызыл-Кыштак | 1559 | 29 | 8 (Ош) |
| Коммунизм | | Жоош | 859 | 8 | 8 (Кара-Суу) |
| Коргон | | Кызыл-Суу | 469 | 66 | 54 (Ош) |
| Коңурат | | Сарай | 1335 | 36 | 36 (Кара-Суу) |
| Киров | | Сарай | 7326 | 0,5 | Кара-Суунун чети |
| Куранкол | | Нариман | 230 | 58 | 32 (Ош) |
| Курбанкара | | Отуз-Адыр | 1020 | 14 | 14 (Ош) |
| Курбанкара | | Савай | 1924 | 6 | 6 (Кара-Суу) |
| Кыдырша | | Савай | 2298 | 8 | 9 (Кара-Суу) |
| Кызыл-Абад | | Отуз-Адыр | 1146 | 20 | 20 (Кара-Суу) |
| Кызыл-Байрак | | Кызыл-Кыштак | 1207 | 23 | 4 (Ош) |
| Кызы-Кошчу | | Жоош | 2258 | 11 | 11 (Кара-Суу) |
| Кашкар-Кыштак | 1870 | Кашкар-Кыштак | 14971 | 10 | 0,5 (Ош) |
| Кызыл-Мехнат | | Кызыл-Кыштак | 2210 | 22 | 14 (Ош) |
| Кызыл-Ордо | | Катта-Талдык | 1199 | 57 | 27 (Ош) |
| Кызыл-Сарай | | Жоош | 1185 | 12 | 12 (Кара-Суу) |
| Кызыл-Суу | | Отуз-Адыр | 2752 | 12 | 12 (Кара-Суу) |
| Кызыл-Туу | | Папан | 1733 | 82 | 59 (Ош) |
| Кызыл-Шарк | | Савай | 4506 | 7 | 7 (Кара-Суу) |
| Кыргыз-Чек | | Мады | 4108 | 28 | 7 (Ош) |
| Кышабад | | Отуз-Адыр | 1979 | 9 | 9 (Кара-Суу) |
| Лаглан | | Мады | 1120 | 87 | 87 (Ош) |
| Лангар | | Нариман | 1526 | 58 | 48 (Ош) |
| Маданият | | Жоош | 2192 | 14 | 14 (Кара-Суу) |
| Маданият | | Шарк | 2517 | 12 | 9 (Ош) |
| Мады | 1870 | Мады | 1446 | 31 | 12 (Ош) |
| Мамажан | | Жоош | 2443 | 14 | 14 (Кара-Суу) |
| Миялы | | Сарай | 450 | 50 | 45 (Ош) |
| Монок | | Кашкар-Кыштак | 3828 | 14 | 14 (Кара-Суу) |
| Нариман | | Нариман | 7078 | 20 | 4 (Ош) |
| Нурдар | | Нариман | 2534 | 27 | 8 (Ош) |
| Октябрь | | Савай | 1946 | 4 | 4 (Кара-Суу) |
| Октябрь | | Мады | 2934 | 32 | 12 (Ош) |
| Осмон | | Нариман | 963 | 42 | 21 (Ош) |
| Отуз-Адыр | | Отуз-Адыр | 5534 | 15 | 15 (Кара-Суу) |
| Өзгүр (бир бөлүгү) | | Төлөйкөн | 1405 | 24 | 5 (Ош) |
| Падаван | 1952 | Шарк | 6372 | 25 | 4 (Ош) |
| Папан | | Папан | 3512 | 75 | 35 (Ош) |
| Питомник | | Жоош | 2149 | 13 | 13 (Кара-Суу) |
| Правда | | Жаңы-Арык | 4529 | 32 | 32 (Кара-Суу) |
| Присавай | | Сарай | 371 | 14 | 14 (Кара-Суу) |
| Савай | | Савай | 3119 | 12 | 12 (Кара-Суу) |
| Савай-Арык | | Отуз-Адыр | 498 | 9 | 9 (Кара-Суу) |
| Садырбай | | Катта-Талдык | 893 | 31 | 31 (Кара-Суу) |
| Сары-Колот | | Отуз-Адыр | 2048 | 12 | 12 (Кара-Суу) |
| Социализм | | Мады | 2609 | 36 | 36 (Кара-Суу) |
| Тажик-Абад | | Нариман | 1820 | 19 | 0,5 (Ош) |
| Тажик-Маала | | Кашкар-Кыштак | 648 | 15 | 15 (Кара-Суу) |
| Талаа | | Кызыл-Суу | 898 | 70 | 60 (Ош) |
| Талдык | | Катта-Талдык | 1789 | 86 | 86 (Кара-Суу) |
| Таш-Арык | | Жаңы-Арык | 1723 | 20 | 20 (Кара-Суу) |
| Таштак | | Шарк | 10752 | 24 | 24 (Кара-Суу) |
| Тельман | | Сарай | 3538 | 2 | 2 (Кара-Суу) |
| Төлөйкөн (бир бөлүгү) | | Төлөйкөн | 2932 | 5 | 5 (Ош) |
| Тогуз-Булак | | Папан | 352 | 110 | 90 (Ош) |
| Топ-Терек | | Шарк | 672 | 28 | 28 (Кара-Суу) |
| Тынчтык | | Отуз-Адыр | 480 | 25 | 25 (Кара-Суу) |
| Тээке | | Мады | 616 | 97 | 95 (Ош) |
| Учар | | Төлөйкөн | 3034 | 33 | 5 (Ош) |
| Учкун | | Мады | 1419 | 30 | 30 (Кара-Суу) |
| Учкун | | Жаңы-Арык | 221 | 46 | 46 (Кара-Суу) |
| Хорог | | Кызыл-Суу | 625 | 64 | 56 (Ош) |
| Чагыр | | Мады | 1256 | 3 | 3 (Кара-Суу) |
| Чайги | | Кызыл-Суу | 1392 | 40 | 35 (Ош) |
| Шарк | | Шарк | 8092 | 21 | 2 (Ош) |
| Ынтымак | | Савай | 1944 | 14 | 14 (Кара-Суу) |
| Ынтымак | | Отуз-Адыр | 646 | 22 | 22 (Кара-Суу) |
| Эркин | | Сарай | 2600 | 4 | 4 (Кара-Суу) |
| Эшме | | Катта-Талдык | 784 | 27 | 27 (Кара-Суу) |

10,1 миң *га* чабынды, 113,6 миң *га* жайыт. Пахта (7,8 миң *га*; облустагы үлүшү – 69,0%), дан эгиндери (27,8 миң *га*, а. и. буудай – 24,5 миң *га*), жүгөрү (2,9 миң *га*), тамеки (0,2 миң *га*), май берүүчү өсүмдүктөр (4,2 миң *га*), картөшкө (0,8 миң *га*), жашылча (2,3 миң *га*) ж. б. өстүрүлөт (2002). Багбанчылык (1,4 миң *га* ) ж-а жүзүмчүлүк (0,4 миң *га*) өнүккөн. 2002-ж. райондо 67,1 миң бодо мал (а. и. 35,2 миң башы саан уй), 231,1 миң кой ж-а эчки (облустагы кой-эчкинин 27,3%), 12,6 миң жылкы, 152,1 миң үй канаттуулары (34,8%) болгон. Район облуста өндүрүлгөн дандын 27,7%ин, пахтанын 65,3%ин, өсүмдүк майынын 24,0%ин, жашылчанын 30,7%ин, жүзүмдүн 73,3%ин, эттин 22,2%ин, сүттүн 31,4%ин, жүндүн 33,7%ин берет (2002).

Райондун ө. ж. продукциясынын облустагы үлүшү 31,8%. Өнөр жайынын негизин кайра иштетүү тармактары түзөт; а. и. пахтаны кайра иштетүүчү (облустагы үлүшү 52,0%), өсүмдүк майын өндүрүүчү, тамекини ферменттөөчү ж-а ун-акшак чыгаруучу ишканалар өзгөчө орун алат. Пахтаны кайра иштетүүчү ири ишканалары: «Акалтын» АК (жылына 90 миң *т*га чейин) ж-а «Бектур» жоопкерчилиги чектелген ишканасы ж. б. Өсүмдүк майын өндүрүүчү эң ири ишканасы – «Аска» АК (жылына 380 *т* чигит, 150 *т* күнкараманын данын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгү бар). Ири ишканалардын катарына о. эле «Ош-Дюбек» АК (тамеки ферменттөөчү; Жаңы-Арык кыштагында) ж-а «Кара-Суу – Даназык» АК (ун-акшак чыгаруучу) кирет.

Райондо автомобиль (автомобиль жолунун уз. 1850 *км*) ж-а т. ж. транспорту өнүккөн. Анын аймагынан Ош–Хорог (Памир тракты), Ош–Кара-Суу–Мырзаке–Өзгөн–Бишкек, Кара-Суу–Анжиян автомобиль жолдору ж-а Ош–Кара-Суу–Жалал-Абад т. ж. өтөт. Жакынкы жылдары Кара-Суу т. ж. түйүнү аркылуу кытай-кыргыз-өзбек т. ж. кошкон Кара-Суу-Торугарт т. ж. курулмакчы.


Райондо 2001/02-окуу жылында 124 жалпы билим берүүчү мектеп (окуучулардын саны 73,4 миң) ж-а 958 орундук 9 мектепке чейинки мекемелер иштеген. Райондо 13 оорукана, 2 диспансер (учук, венералогиялык), стоматологиялык поликлиника, 4 үй-бүлөлүк медицина борбору, 58 фельдшер-акушердик пункт, 35 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2001).

*И. Егембердиев*

**НООКАТ РАЙОНУ** – Ош облусундагы адм.-айм. бирдик. Түн.-батышынан Өзбекстан, түндүгүнөн Араван, чыгышынан Кара-Суу, батышынан Баткен облусунун Кадамжай, түштүгүнөн Алай ж-а Чоң Алай р-ндору м-н чектешет. Аянты 4,04 миң *км*$^2$ (облустун аймагынын 13,9%). Калкы 236,4 миң (2009). Район 15 айыл округуна бөлүнөт. Борбору – Ноокат шаары. Район 1928-ж. 24-декабрда уюшулган.

Райондун рельефинде адырлуу тоо этектери ж-а тоо аралык депрессиялар басымдуу. Аймагында Ноокат өрөөнү (деңиз деңг. бийикт. 1200–1700 *м*) ж-а ага туташ адырлар, Кичи Алай кырка тоосу (4454 *м*), Кичи Алай өрөөнү (1200–2800 *м*), Караван түздүгү (Караван-Көк-Жар) жатат. Көмүр (Абшыр, Алмалык, Беш-Буркан кендери), курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты континенттик. Жайы ысык, кургак, кышы мелүүн суук, кар аз түшөт. Ноокат өрөөнүндө январдын орт. темп-расы –2,6°С, июлдуку 24,4°С, Кичи Алай өрөөнүндө январдыкы – 6,9°С, июлдуку 15,5°С. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 270–300 *мм*. Ири суулары: Кыргыз-Ата, Абшыр-Сай, Ак-Буура, Кичи Алай, Косчан, Шанкол, Чечме, Чили-Сай. Суулары сугатка кеңири пайдаланылат. Найман суу сактагычы курулган. Каралжын боз, күрөң, кара күрөң (тоо капталдарында), шалбаалуу тоо топурактары басымдуу. Деңиз деңг. 1200–1500 *м* бийиктикте эфемер-шыбактуу талаа, андан жогору (500–1800 *м*) аккылкан шыбактуу талаа, дан өсүмдүк-шыбактуу талаа (1800–2200 *м*), арчалуу шалбаа (2000–2800 *м*), субальп, альп шалбаалуу талаасы (2800–3400 *м*) ж-а гляциалдык-нивалдык алкактары бар.

Райондун аймагында облустун калкынын 16,8% жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли 24,3‰, өлүм-житим 4,6‰, табигый өсүш 19,7‰ (2001). Калкынын 71,4% кыргыздар, 27,8% өзбектер, 0,8% башка улуттар. Эмгек жашына чейинкилер 45,6%, эмгек жашындагылар 47,7%, эмгек жашынан өткөндөр 6,7%. Калкынын 87,9% деңиз деңг. 1000–1500 *м*, 11,9% – 1500–2000 *м*, 0,2% – 2000–2500 *м* бийиктиктерде отурукташкан. Калктын орт. жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 51 адам туура келет. Райондо 75 кыштак бар, алар жөнүндө к. төмөнкү таблицаны.




Н. р-нун экон-нын негизин дыйканчылык (тамекичиликке адистешкен) ж-а эт-сүт багытындагы мал чарбасы түзөт. Жалпы жер фондусу 404,4 миң *га* (2000), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 191,4 миң *га* (жеринин 47,3%). Айдоо аянты 38,0 миң *га* (анын 18,6 миң *га*сы сугат жер), 1,4 миң *га* бак-дарактар, 3,3 миң *га* чабынды, 148,6 миң *га* жайыт. Тамеки (айдоо жердин 2,5 миң *га*сы), дан эгиндери (22,9 миң *га*, а. и. буудай – 19,7 миң *га*), жүгөрү (3,1 миң *га*), май алынчу өсүмдүктөр (2,1 миң *га*), картошка (3,0 миң *га*), жашылча (1,4 миң *га*) ж.б. өстүрүлөт. Багбанчылык (2,8 миң *га*) өнүккөн (2002). 2002-ж. 6,2 миң *т* тамеки (облустагы үлүшү – 82,9%), 65,3 миң *т* дан эгиндери (20,1%), 28,9 миң *т* жашылча (21,2%) өндүрүлгөн. Райондо 2001-ж. 46,0 миң бодо мал (а. и. 25,2 миң башы саан уй), 115,7 миң кой ж-а эчки, 10,9 миң жылкы, 80,4 миң үй канаттуулары болгон.

Район облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 4,8%ин берет (2003). Өнөр жай ишканалары: тамеки ферменттөөчү «Максат», «Баргы» акционердик коомдору, «Астарта-Дюбек», жоопкерчилиги чектелген ишканалары: «Дары-Булак-Абшыр», «Ноокат-Намеда» АК, «Ноокат-Тамекиси» жабык типтеги АК иштейт. 2001-ж. 6185 *т* тамеки ферменттелген. Нан, калош з-ду (Найман шаарчасында) ж-а Улуутоо рудниги бар.

Райондо негизинен автомобиль транспорту өнүккөн. Анын аймагынан Ош–Ноокат–Кызыл-Кыя, Ноокат–Кызыл-Кыя–Араван автомобиль жолдору өтөт. 2001-ж. автомобиль транспорту м-н 0,5 млн *т* жүк, 50,1 млн жүргүнчү ташылган.

Райондо 2001/02-окуу жылында 108 жалпы билим берүүчү мектеп, 5 мектепке чейинки мекмелер, китепканалар болгон. Райондук оорукана, номердик оорукана, 9 участкалык оорукана, учук диспансери, тиш поликлиникасы, 38 фельдшер-акушердик пункт, 22 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2001).

*И. Егембердиев*

Райондун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш нйүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Айбек | | Т.Зулпуев атн. | 1648 | 7 | 43 (Ош) |
| Ай-Тамга | | Төөлөс | 2119 | 33 | 15 (Кызыл-Кыя) |
| Ак-Булак | | Кыргыз-Ата | 4511 | 10 | 50 (Ош) |
| Ак-Жар | | Ынтымак | 576 | 56 | 7 (Кызыл-Кыя) |
| Ак-Терек | | Кеңеш | 155 | 35 | 25 (Ош) |
| Акчабуу | | Т.Зулпуев атн. | 489 | 12 | 35 (Ош) |
| Акчал | | Кулатов атн. | 2593 | 45 | 17 (Кызыл-Кыя) |
| Алашан | 1890 | Кызыл-Октябрь | 2079 | 25 | 28 (Кызыл-Кыя,) |
| Арал | 1929 | Чачма-Сай | 1521 | 5 | 40 (Ош) |
| Арбын | | Кеңеш | 3183 | 18 | 48 (Ош) |
| Арык-Бою | | Ынтымак | 747 | 56 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Баглан | | Кулатов атн. | 1408 | 49 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Барын | | Чачма-Сай | 3724 | 2 | 40 (Ош) |
| Бел | | Бел | 4332 | 12 | 36 (Кызыл-Кыя) |
| Беш-Буркан | | Ынтымак | 2197 | 55 | 15 (Кызыл-Кыя) |
| Борбаш | 1900 | Кызыл-Октябрь | 3025 | 23 | 30 (Кызыл-Кыя) |
| Борбаш | | Бел | 5202 | 9 | 59 (Кызыл-Кыя) |
| Борко | | Кыргыз-Ата | 3140 | 7 | 50 (Ош) |
| Будайлык | | Чачма-Сай | 85 | 23 | 73 (Ош) |
| Герейшорон | | Төөлөс | 2398 | 33 | 14 (Кызыл-Кыя) |
| Гүлстан | | Гүлстан | 411 | 4 | 43 (Кызыл-Кыя) |
| Додон | | Төөлөс | 1367 | 32 | 17 (Кызыл-Кыя) |
| Доң-Маала | | Ынтымак | 132 | 56 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Жайылма | | Төөлөс | 1624 | 31 | 18 (Кызыл-Кыя) |
| Жаңы-Базар | 1800 | Исанов атн. | 1232 | 15 | 85 (Ош) |
| Жаңы-Ноокат | | Жаңы-Ноокат | 19373 | 6 | 51 (Ош) |
| Жар-Коргон | | Исанов атн. | 2475 | 22 | 83 (Ош) |
| Жийде | 1900 | Кызыл-Октябрь | 3383 | 20 | 30 (Кызыл-Кыя) |
| Жатан | | Т.Зулпуев атн. | 1693 | 11 | 33 (Ош) |
| Интернационал | | Т.Зулпуев атн. | 2207 | 5 | 38 (Ош) |
| Капчыгай | 1935 | Чачма-Сай | 218 | 30 | 40 (Ош) |
| Караке | | Т.Зулпуев атн. | 1136 | 5 | 47 (Ош) |
| Кара-Кокту | | Чачма-Сай | 658 | 8 | 48 (Ош) |
| Каранай | 1885 | Кызыл-Октябрь | 1467 | 23 | 30 (Кызыл-Кыя) |
| Кара-Ой | | Кыргыз-Ата | 282 | 16 | 66 (Ош) |
| Кара-Таш | | Кыргыз-Ата | 21 | 25 | 20 (Ош) |
| Кара-Таш | | Кара-Таш | 7516 | 6 | 56 (Ош) |
| Кеңеш | | Төөлөс | 2661 | 33 | 14 (Кызыл-Кыя) |
| Кичи Алай | | Исанов атн. | 203 | 110 | 170 (Ош) |
| Коммунизм | 1930 | Т.Зулпуев атн. | 3395 | 5 | 35 (Ош) |
| Кош-Дөбө | | Кулатов атн. | 739 | 45 | 17 (Кызыл-Кыя) |
| Көкбел | | Исанов атн. | 5178 | 32 | 87 (Ош) |
| Көк-Жар | | Кызыл-Октябрь | 2529 | 25 | 28 (Кызыл-Кыя) |
| Кожо-Арык | | Кулатов атн. | 6555 | 44 | 19 (Кызыл-Кыя) |
| Кыргыз-Ата | | Кыргыз-Ата | 4535 | 15 | 55 (Ош) |
| Көтөрмө | | Кыргыз-Ата | 2764 | 7 | 47 (Ош) |
| Куу-Майдан | | Кеңеш | 3831 | 15 | 55 (Ош) |
| Күнгөй-Кожоке | | Исанов атн. | 3173 | 20 | 62 (Ош) |
| Кызыл-Булак | | Кулатов атн. | 2486 | 48 | 14 (Кызыл-Кыя) |
| Кызыл-Тейит | 1928 | Жаңы-Ноокат | 1889 | 5 | 50 (Кызыл-Кыя) |
| Меркит | | Төөлөс | 2810 | 35 | 11 (Кызыл-Кыя) |
| Муркут | | Төөлөс | 2447 | 38 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Нарай | 1885 | Онеки-Бел | 1821 | 28 | 28(Кызыл-Кыя) |
| Ничке-Суу | | Ынтымак | 987 | 56 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Нойгут | | Кара-Таш | 2671 | 1 | 51 (Ош) |
| Онеки-Бел | | Онеки-Бел | 3038 | 32 | 19 (Кызыл-Кыя) |
| Өсөр | | Т.Зулпуев атн. | 1980 | 8 | 30 (Ош) |
| Сарканды | 1885 | Кызыл-Октябрь | 2168 | 28 | 27 (Кызыл-Кыя) |
| Таш-Булак | | Кулатов атн. | 1202 | 47 | 120 (Кызыл-Кыя) |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Таш-Булак | | Кыргыз-Ата | 5 | 14 | 54 (Ош) |
| Таш-Булак | | Ынтымак | 119 | 46 | 5 (Кызыл-Кыя) |
| Таштак | | Т.Зулпуев атн. | 719 | 3 | 40 (Ош) |
| Темир-Корук | 1902 | Жаңы-Ноокат | 774 | 9 | 45 (Кызыл-Кыя) |
| Тескей-Кожоке | | Исанов атн. | 3363 | 20 | 62 (Ош) |
| Тельман | | Төөлөс | 1298 | 38 | 13 (Кызыл-Кыя) |
| Фрунзе | 1937 | Гүлстан | 12171 | 50 | 40 (Кызыл-Кыя) |
| Үч-Бай | | Т.Зулпуев атн. | 1796 | 10 | 32 (Ош) |
| Чапаев | 1929 | Чачма-Сай | 13082 | 2 | 40 (Ош) |
| Чегеден | | Кеңеш | 226 | 25 | 65 (Ош) |
| Челекчи | | Ынтымак | 333 | | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Чеч-Дөбө | | Исанов атн. | 2010 | 20 | 62 (Ош) |
| Чучук | | Т.Зулпуев атн. | 1544 | 6 | 45 (Ош) |
| Шанкол | | Кеңеш | 3598 | 33 | 14 (Кызыл-Кыя) |
| Ынтымак | 1936 | Ынтымак | 1502 | 52 | 10 (Кызыл-Кыя) |
| Эски-Ноокат (азыр Ноокат ш.) | 1870 | Эски-Ноокат | 5879 | - | 50 (Ош) |

*И. Егембердиев*

**ӨЗГӨН РАЙОНУ** – Ош облусундагы адм.-айм. бирдик. Түндүгүнөн Жалал-Абад облусунун Сузак, батышынан ж-а түш.-батышынан Кара-Суу, түштүгүнөн Алай ж-а Кара-Кулжа р-ндору м-н чектешет. Аянты 3,4 миң *км²* (облустун аймагынын 11,8%). Калкы 228,6 миң (2009). Район 17 айыл округуна бөлүнөт. Борбору – Өзгөн шаары (калкы 49,4; 2009). Район 1928-ж. уюшулган.

Тоолуу район. Тоо капталдары өрөөн, жылга-жыбыттуу. Көп бөлүгүн Өзгөн-Куршаб өрөөнү (деңиз деңг. 800–1200 *м* бийиктикте) ээлеп, аны батыштан Отуз-Адыр ж. б. адырлар Фергана өрөөнүнөн бөлүп, түштүгүнөн Академик Адышев кырка тоосу, түндүгүнөн Фергана тоо тизмегинин тармактары курчап турат. Аймагы батыштан чыгышты карай бийиктеп (2500 *м*ге чейин), түн.-чыгышында Фер



**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Кара-Суу т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Адыр | | Мырзаке | 1609 | 19 | 25 |
| Айгыр-Жал | | Баш-Дөбө | 2091 | 8 | 64 |
| Ак-Жар | 1925 | Ак-Жар | 1889 | 24 | 60 |
| Ак-Кыя | | Кызыл-Тоо | 1153 | 22 | 72 |
| Ак-Терек | | Жалпак-Таш | 569 | 44 | 40 |
| Ак-Терек | | Ийри-Суу | 460 | 23 | 73 |
| Ак-Терек | | Салам-Алик | 915 | 38 | 103 |
| Алга | | Кызыл-Октябрь | 1330 | 23 | 21 |
| Алтын-Булак | | Мырзаке | 783 | 30 | 80 |
| Анакызыл | | Төрткүл | 2017 | 17 | 61 |
| Аракөл | | Салам-Алик | 952 | 48 | 92 |
| Аюу | | Зергер | 895 | 31 | 81 |
| Бабаш-Уулу | | Дөң-Булак | 385 | 10 | 54 |
| Бабыр | | Мырзаке | 927 | 7 | 60 |
| Бакмал | | Дөң-Булак | 961 | 7 | 51 |
| Беш-Абышка | | Кызыл-Октябрь | 207 | 40 | 84 |
| Большевик | | Ак-Жар | 2514 | 27 | 77 |
| Бостон | 15-16 к. | Төрткүл | 1117 | 18 | 68 |
| Бөксө-Жол | | Дөң-Булак | 412 | 6 | 50 |
| Гузар | | Кызыл-Октябрь | 579 | 25 | 17 |
| Дөң-Булак | | Дөң-Булак | 1221 | 11 | 61 |
| Донузтоо | | Кызыл-Тоо | 258 | 32 | 82 |
| Жазы | | Ильич | 1226 | 7 | 57 |
| Жазы | | Жыланды | 350 | 7 | 57 |
| Жаңы-Абад | | Дөң-Булак | 1167 | 2 | 52 |
| Жаңы-Айыл | | Зергер | 775 | 13 | 71 |
| Жаңгакты | | Ийри-Суу | 959 | 27 | 77 |
| Жийде | 1870 | Ийри-Суу | 2405 | 22 | 72 |
| Жыланды | 1908-10 | Жыланды | 2017 | 9 | 59 |
| Жээренчи | 1930 | Ильич | 2484 | 14 | 64 |
| Зергер | 1908-10 | Зергер | 1034 | 25 | 75 |
| Ийрек | | Кара-Таш | 328 | 64 | 84 |
| Кайрат | | Зергер | 1240 | 18 | 68 |
| Какыр | | Ак-Жар | 1380 | 24 | 68 |
| Калта | | Жыланды | 2547 | 16 | 66 |
| Кандава | 1925 | Ак-Жар | 932 | 21 | 16 |
| Карчабек | | Кызыл-Тоо | 390 | 26 | 76 |
| Кара-Баткак | | Ак-Жар | 201 | 29 | 15 |
| Кара-Дарыя | | Дөң-Булак | 368 | 5 | 35 |
| Кара-Дыйкан | | Ильич | 5459 | 9 | 59 |
| Кара-Колот | | Ийри-Суу | 289 | 20 | 72 |
| Кароол | | Кароол | 2876 | 7 | 42 |
| Карл Маркс | | Жалпак-Таш | 910 | 24 | 35 |
| Кенеш | 1930 | Баш-Дөбө | 1129 | 6 | 60 |
| Киров | | Жалпак-Таш | 710 | 25 | 29 |
| Коргон | | Кара-Таш | 289 | 62 | 81 |
| Корсетти | | Ийри-Суу | 1227 | 22 | 72 |
| Кочкор-Ата | | Кызыл-Октябрь | 570 | 23 | 30 |
| Кош-Коргон | | Баш-Дөбө | 447 | 3 | 41 |
| Кошетер | | Салам-Алик | 829 | 49 | 99 |
| Красный-Маяк | | Жыланды | 870 | 8 | 58 |
| Кремль | | Кызыл-Октябрь | 523 | 27 | 29 |
| Куршаб | 1924 | Куршаб | 15295 | 16 | 34 |
| Куршаб | | Кызыл-Октябрь | 364 | 12 | 32 |
| Курбу-Таш | | Жалпак-Таш | 1284 | 29 | 19 |
| Кутурган | | Зергер | 1682 | 26 | 76 |
| Кызыл-Байрак | | Салам-Алик | 709 | 32 | 102 |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кызыл-Дыйкан | | Ильич | 3104 | 11 | 57 |
| Кызыл-Кырман | | Баш-Дөбө | 1548 | 8 | 62 |
| Кызыл-Октябрь | | Кызыл-Октябрь | 2326 | 23 | 30 |
| Кызыл-Сеңир | | Кызыл-Октябрь | 3814 | 23 | 28 |
| Кызыл-Тоо | | Кызыл-Тоо | 3019 | 25 | 75 |
| Кызыл-Чарба | | Салам-Алик | 970 | 28 | 78 |
| Кыймыл | | Төрткүл | 445 | 11 | 61 |
| Кыргызстан | | Ийри-Суу | 2192 | 18 | 68 |
| Кысык-Алма | | Жалпак-Таш | 531 | 25 | 43 |
| Макаренко | | Төрткүл | 2201 | 8 | 58 |
| Макаренко | | Жыланды | 965 | 6 | 50 |
| Мичурин | | Дөң-Булак | 214 | 14 | 36 |
| Мырзаке | | Төрткүл | 2201 | 12 | 62 |
| Мырза-Арык | | Кароол | 4504 | 9 | 41 |
| Ничке-Сай | | Зергер | 2106 | 20 | 64 |
| Онбеш-Жаш | | Салам-Алик | 566 | 66 | 116 |
| Ор-Казган | | Ийри-Суу | 295 | 41 | 91 |
| Орто-Арык | | Кароол | 574 | 7 | 43 |
| Өстүрүү | | Ийри-Суу | 1313 | 28 | 72 |
| Өзгөрүш | | Дөң-Булак | 2491 | 7 | 51 |
| Прогресс | | Жыланды | 393 | 5 | 55 |
| Салам-Алик | | Салам-Алик | 1513 | 40 | 90 |
| Сасык-Булак | | Ак-Жар | 354 | 29 | 15 |
| Семиз-Көл | 1925 | Ак-Жар | 736 | 31 | 75 |
| Старая Покровка | | Кызыл-Октябрь | 1589 | 20 | 30 |
| Токтогул | | Зергер | 1140 | 11 | 61 |
| Төөлөс | | Дөң-Булак | 685 | 10 | 54 |
| Түз-Бел | | Жалпак-Таш | 1464 | 38 | 55 |
| Үңкүр | | Кара-Таш | 538 | 33 | 83 |
| Үчкапчал | | Жалпак-Таш | 1258 | 32 | 54 |
| Чалкөйдө | | Көлдүк | 1654 | 30 | 80 |
| Чаңгет | | Ийри-Суу | 1787 | 30 | 74 |
| Чечебай | | Мырзаке | 765 | 25 | 29 |
| Чымбай | | Дөң-Булак | 2471 | 8 | 58 |
| Шагым | | Куршаб | 2047 | 30 | 14 |
| Шамал-Терек | | Көлдүк | 2361 | 25 | 75 |
| Шералы | 1896 | Кароол | 3844 | 5 | 45 |
| Шоро-Башат | | Төрткүл | 4555 | 12 | 62 |
| Ынтымак | | Кара-Таш | 267 | 62 | 83 |
| Элчибек | | Кара-Таш | 105 | 66 | 88 |
| Эрдик | | Куршаб | 448 | 15 | 30 |
| Эркин-Тоо | | Кызыл-Тоо | 1951 | 32 | 82 |

гана тоо тизмегине өтөт. Кендерден *Өзгөн көмүр бассейни*, үлүл таштар (Сары-Таш, Куршаб), гипс, акиташ, чымкөң, минералдуу суулар (Кара-Шоро), дары баткак (Чымбай), курулуш материалдары ж. б. бар. Өзгөн ж-а Куршаб өрөөнүндө январдын орт. темп-расы –3,2°С, июлдуку 23,6°С, тоолордо январдыкы –10°С, июлдуку 15°С. Жылдык жаан-чачыны 350–600 *мм*; Фергана тоо тизмегинин капталдарында 900 *мм*ге жетет. Агын суулары көп. Райондун аймагы аркылуу Кара-Дарыя агып, Кара-Кулжа, Жазы, Ийри-Суу ж. б. куят. Кара-Дарыянын Фергана өрөөнүнө чыга беришиндеги Кемпирабад жылгасына Анжиян суу сактагычы курулган. Топурак өсүмдүктөрү бийиктик алкактуулук закон ченемине ылайык өзгөрөт. Кара-Дарыя, Куршаб, Жазы сууларынын өрөөндөрүндө шалбаа, шалбаалуу саз, 1500 *м*ден жогору боз, 1800–2800 *м*де тоо-токой, 2800 *м*ден жогору тоо-шалбаа топурактары басымдуу. Жарым чөл, кургак талаа ж-а шалбаалуу талаа ландшафты мүнөздүү. Түз жерлер толук өздөштүрүлүп, табигый өсүмдүктөр жокко эсе. Алар тоолордун нымдуу капталдарында шалбаа, бадал ж-а токойго, өрдөгөн сайын субальп ж-а альп шалбааларына өтөт. Фергана тоо тизмегинин капталдарын 1000–1800 *м* бийиктикти бетегелүү талаа, 2200 *м*ге чейин жаңгак, алма, алча, шилби,

карагай, арчалар аралаш өскөн жапайы жаңгак-жемиш токою ээлейт. 2800–3000 *м*ден жогору түркүн тулаң чөптүү субальп ж-а альп зоналары тараган. Жазы өрөөнүндө аңчылык заказниги уюшулган.

Райондун аймагында облустун калкынын 16,5% жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли 23,6‰, өлүм-житим – 5,3‰, табигый өсүш – 18,3‰ (2001). Калкынын 73,8% кыргыздар, 21,9% өзбектер, 2,9% түрктөр, 1,4% башка улуттар. Калкынын эмгек жашына чейинкилери 45,9%, эмгек жашындагылар 46,9%, эмгек жашынан өткөндөр 7,2%. Калкынын 63,4% деңиз деңг. 1000 *м*ге чейинки, 28,5% - 1000–1500 *м*, 8,1% – 1500–2000 *м* бийиктиктерде отурукташкан. Калктын орт. жыштыгы 1 *км²* жерге 60 адам туура келет. Райондо 99 кыштак бар (к. таблицаны).

Ө. р-нун экон-нын негизин дыйканчылык (тамекичилик, дан чарбасы) ж-а мал чарбасы түзөт. Жалпы жер фондусу 343,2 миң *га* (2000), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 261,5 миң *га* (жеринин 76,2%). Айдоо аянты 44,3 миң *га* (анын 13,7 миң *га*сы сугат жер), 1,5 миң *га* көп жылдык өсүмдүк, 26,3 миң *га*сы чабынды, 189,0 миң *га*сы жайыт. Дан эгиндери (27,5 миң *га*, а. и. буудай – 20,7 миң *га*), жүгөрү (4,0 миң *га*), тамеки (0,2 миң *га*), май берүүчү өсүмдүктөр (9,9 миң *га*), картөшкө (0,6 миң *га*). ж.б. өстүрүлөт (2002). Багбанчылык өнүккөн (1,6 миң *га*), 2002-ж. райондо 38,8 миң бодо мал (а. и. 22,1 миң башы саан уй), 117,3 миң кой, эчки, 18,7 миң жылкы, 73,1 миң үй канаттуулары болгон.

Район облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 4,5%ин берет (2003). Ири ишканалары: «Кара-Шоро» АК (консерва, шарап, минералдуу суу чыгарат), нан комбинаты, «Өзгөн» мамл. акционердик коому (алкоголсуз ичимдиктер, сүт азыктарын чыгарат), «Тофон-Алтын-Казык» жоопкерчилиги чектелген ишканасы (пиво чыгарат) ж-а «Өзгөн дан-азык» АК (ун чыгарат) ж. б.

Райондо негизинен автомобиль транспорту өнүккөн. Анын аймагынан Ош–Өзгөн–Кара-Кулжа, Өзгөн–Ийри-Суу, Өзгөн–Жалал-Абад, Өзгөн–Мырзаке–Сары-Булак автомобиль жолдору өтөт. 2000-ж. автомобиль транспорту м-н 1,1 млн *т* жүк, 47,7 млн жүргүнчү ташылган.


Райондо 2001/02-окуу жылында 100 жалпы билим берүүчү мектеп, 7 мектепке чейинки мекемелер, спорт мектептери, китепканалар болгон. Райондук оорукана, 2 номердик оорукана, учук диспансери, тери-венерологиялык диспансер, тиш поликлиникасы, 53 фельдшер-акушердик пункт, 26 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. медициналык мекемелер иштейт (2001).

*И. Егембердиев*

**ЧОҢ АЛАЙ РАЙОНУ** – Ош облусундагы админ.-аймактык бирдик. Облустун түш. бөлүгүндө жайгашып, түн. ж-а түн.-батышынан Баткен облусунун Кадамжай р-ну, чыгышында Алай р-ну, батышынан ж-а түштүгүнөн Тажикстан м-н чектешет. Аянты 4,86 миң *км²* (Ош облусунун аймагынын 16,6%). Калкы 25,0 миң (2009). Борбору – Дароот-Коргон кыштагы (калкы 4,7 миң; 2009). Район 3 айыл округуна (Жекенди, Кашка-Суу, Чоң Алай) бөлүнөт. 1936-ж. уюшулган. 1959-ж. Алай р-ну м-н биригип, 1992-ж. кайра өзүнчө район болуп бөлүнгөн.

Район бийик тоолуу *Алай өрөөнүнүн* батыш бөлүгүндө жайгашкан. Алай өрөөнү түн. бөлүгүнөн *Алай кырка тоосу*, түштүгүнөн Чоң Алай *кырка тоосу* (орт. бийикт. 5500 *м*) м-н курчалган. Өрөөндүн жеринин бетинин түзүлүшү жалпысынан батышты карай акырындап жантайган түздүк; ага тектирлүү жайылмалар, тоо этегиндеги шиленди түздүктөр, дөбө-дөңсөөлөр, чуңкурчактар мүнөздүү. Өрөөндү караган Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталынын жазылыгы 25 *км*, орт. бийиктиги 6000 *м*, эң бийик жери 7134 *м* (Ленин атн. чоку). Капталдарында мөңгүлүү тепши сымал терең өрөөндөр көп. Ал эми өрөөндү түндүгүнөн чектеген Алай кырка тоосу Чоң Алайга караганда 1500–2000 *м*ге жапыз; өрөөндүн таманынан салыштырмалуу бийиктиги 1200–2000 *м*; өрөөндү караган түш. капталы кыска ж-а тик. Кен байлыктары: көмүр, күйүүчү сланец, таш туз, курулуш матриалдары ж. б. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –14,4°С, июлдуку 15,4°С. Жылдык жаан-чачыны 271 *мм*. Ири суулары: Кызыл-Суу, Көк-Суу ж. б. Агыш күрөң, коңур, каралжын, тоо шалбаа,

## ЧОҢ АЛАЙ РАЙОНУ




чымдак, аллювий топурактары басымдуу. Физ.-геогр. шартына жараша (түш. тарабынан тоолор м-н курчалышы, деңиз деңг. бийик жатышы) ландшафты өзгөчөлөнүп турат. Өрөөндүн таманынын батышындагы чөл өсүмдүктөрү чыгышты карай талаа, шалбаалуу талаа м-н алмашат. Тоо капталдарына субальп ж-а альп талаасы, шалбаалуу талаа ж-а дүңгөлүү шалбаа, 4500–7000 *м* бийиктикке гляциалдык-нивалдык алкактар мүнөздүү. Батыш четинде сейрек арча токою, суу жайылмаларында тал, бакатерек, бадал өсүмдүктөрү өсөт.

Райондо облустун калкынын 1,9%и жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли 29,7‰, өлүм-житим – 4,1‰, табигый өсүү – 25,6‰ (2001-ж.). Калкынын 49,9%и эмгек жашына чейинкилер, 44,1% – эмгек жашындагылар, 6,0% – эмгек жашынан өткөндөр (1999). Калкынын 73,1%и деңиз деңг. 2000–2500 *м*, 26,9% – 2500–3000 *м* бийиктиктерде отурукташкан. Орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 5,1 киши туура келет. Райондо 17 кыштак бар, алар жөнүндөгү маалыматтарды к. таблицадан.

Чоң Алай р-нун чарбасынын негизин эт-жүн багытындагы кой, эт-сүт багытындагы мал чарбасы түзөт. Айыл чарба продукциясынын негизин дыйкан ж-а менчик чарбалары түзөт. Жалпы жер фондусу 485,7 миң *га* (2001), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 243,2 миң *га* (жеринин 50,1%и). Жеринин басымдуу бөлүгү (227,3 миң *га*) жайыт. Айдоо аянты 14,8 миң *га* (анын дээрлиги сугат жер), 1,1 миң *га*сы чабынды. Дан (3,9 миң *га*, а. и. буудай – 3,3 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү ( 3,9 миң *га*) айдалат (2002). Райондо 2001-ж. 79,3 миң кой, эчки, 12,0 миң бодо мал (а. и. 5,6 миңи саан уй), 3,7 миң жылкы, 0,6 миң канаттуулары болгон. 2001-ж. 4,7 миң *т* эт, 185 *т* жүн даярдалган.

Райондун аймагында келечекте альпинизм өнүкмөкчү.

**Райондун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ачык-Суу | | Кашка-Суу | 1651 | 35 | 300 |
| Дароот-Коргон | | Чоң-Алай | 4532 | Райондун борбору | 286 |
| Жайылма | | Кашка-Суу | 699 | 37 | 245 |
| Жарбашы | | Чоң-Алай | 1659 | 10 | 295 |
| Жаңы-Тилек | | Чоң-Алай | 1186 | 10 | 296 |
| Жекенди | | Жекенди | 1911 | 31 | 317 |
| Кабык | | Кашка-Суу | 797 | 19 | 265 |
| Каракабак | | Кашка-Суу | 688 | 48 | 238 |
| Карамык | | Жекенди | 2482 | 41 | 327 |
| Каратейит | | Жекенди | 1075 | 56 | 342 |
| Кашка-Суу | | Кашка-Суу | 2189 | 44 | 240 |
| Кулчу | | Чоң Алай | 310 | 15 | 302 |
| Кызыл-Туу | | Чоң Алай | 350 | 4 | 280 |
| Кызыл-Эшме | | Чоң Алай | 1195 | 11 | 300 |
| Сары-Булак | | Чоң Алай | 72 | 19 | 303 |
| Чак | | Чоң Алай | 1680 | 9 | 293 |
| Шибээ | | Жекенди | 736 | 30 | 316 |

Райондун негизги транспорту автомобиль жолу өнүккөн. Анын аймагынан эл аралык маанидеги Ош – Сары-Таш – Дароот-Коргон – Дүйшөмбү автомобиль жолу өтөт. 2000-ж. автомобиль транспорту м-н 0,1 млн *т* жүк, 8,5 млн адам ташылган.

Райондо 2001/02-окуу жылында 16 орто, толук эмес орто, башталгыч мектеп, кеспитик-тех. лицей болгон. Райондо 5 оорукана (а. и. райондук, 4 участкалык), 9 фельдшер-акушердик пункт, 5 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт (2003).

*И. Егембердиев*

# ТАЛАС ОБЛУСУ

Облус Кыргыз Респ-нын түн.-батышында жайгашкан Талас өрөөнүн ээлейт. Түндүк ж-а батышынан Казакстан, түш.-батышынан бир аз жери Өзбекстан, түштүгүнөн Жалал-Абад, чыгышынан Чүй облустары м-н чектешет. 1944-ж. 22-июнда уюшулуп, борбору Талас ш. болгон (калкы 32,9 миң; 2009). 1956–62-ж. чейин Фрунзе облусунун курамында, 1962–79-ж. ж-а 1988–90-ж. республикага түз баш ийдирилген; 1980–88-ж. Талас облусу (курамына азыркы Жалал-Абад облусунун Токтогул ж-а Чаткал р-ндору да кирген), 1990-ж. 14-декабрда кайра облус болуп түзүлгөн. Курамына Талас (борбору – Көгой айлы), Бакай-Ата (Бакай-Ата), Кара-Буура (Кызыл-Адыр), Манас (Покровка) р-ндору, Талас ш., Маймак шаарчасы, 36 айыл округу ж-а 90 айыл кирет. Аянты 11,4 миң *км²* (респ-нын аянтынын 5,7%). Калкы 226,8 миң (2009-ж.); респ-нын калкынын 4,2%ин түзөт.

**Табияты.** Облустун аймагындагы Талас өрөөнү өзүнүн түзүлүшү б-ча үч бурчтукка окшоп кетет, анын төрү Талас ж-а Кыргыз Ала-Тоолорунун тутумдашкан жериндеги Ак-Суу тоо тоомуна такалат. Ал эми батышты карай өрөөн кеңейип, түн.-батышта Турандын чөлдүү ж-а жарым чөлдүү аймактары м-н чектелет. Талас өрөөнү ж-а аны курчап турган тоо кырлары тоолуу, тоо этектериндеги жантайыңкы түздүктүү ж-а түздүктүү геоморфологиялык комплекстерди түзөт.

Талас ж-а Кыргыз Ала-Тоолорунун рельефинин түзүлүшү татаал. Облустун жеринин деңиз деңг. бийиктиги 700 *мден* (Манас р-нун Казакстан м-н чектеш жеринде) 4482 *мге* (Манас чокусу) чейин. Алар кембрийге чейинки ж-а палеозойдун тоо тектеринен туруп, бийик тоолуу структуралык-денудациялык, орто ж-а жапыз тоолуу структуралык-эрозиялык рельефтин типтерин пайда кылат. Талас Ала-Toосунун тоо этектеринде палеоген ж-а неоген мезгилдеринде пайда болгон тектон., эрозиялык, аккумуляциялык рельефтин типтери – адырлар, чаптар кеңири таралган. Түзөңүрөөк бөлүгүндө аллювий, пролювий тектеринен түзүлгөн тик капталдуу, таманы айдөш тартып жаткан өтөк жерлер, бир аз эңкейиш түздүктөр кезигет.

Талас өрөөнү мелүүн климаттык алкакта жатат. Өрөөндүн дээрлик туш тарабы тоо кыркалары, чөлдөр м-н курчалып турушу, татаал түзүлүштөгү рельефи анда кургакчыл, континенттик климаттын түзүлүшүнө шарт түзөт. Июлдун орт. темп-расы 15–23°С, январдыкы –6... –14°С. Темп-ранын суммасы 3150–3400°С. Ал эми 1400 *м* бийиктикте 2500°Сге барабар. Аязсыз мезгил 157–163 күнгө созулат. Өрөөндүн батышынан чыгышын карай ж-а тоо этектеринен тоо капталдарына өрдөгөн сайын жаан-чачындын өлчөмүнүн өсүшү байкалып, жылдык жаан-чачын өрөөндө 300–400 *мм* түзөт. Өрөөндө жаан-чачындын басымдуу бөлүгү апрель–май, ал эми тоо капталдарында май-июнда жаайт. Жай айлары кургакчыл. Туруктуу кар катмары түздүктөрдө декабрда, тоо этектеринде ноябрдын ортосунда пайда болот.

Ири дарыясы – Талас, ал Каракол ж-а Үч-Кошой сууларынын кошулушунан пайда болуп, батышты карай агып, Моюнкумдун чөлдөрүнө сиңип жок болот. Ири куймалары: Үрмарал, Кара-Буура, Кеңкол, Беш-Таш, Күмүштак, Нылды, Калба ж.б. Өрөөндүн батышында Асса суусунун оң курамы – Күркүрөө суусу агат. Облустун аймагында көл аз. Эң ириси – Беш-Таш, ал бөгөт көлдөрүнө кирет. Мөңгүлөрүнүн басымдуу бөлүгү Талас Ала-Тоосунун түн. капталында жайгашкан. Мөңгүлөрдүн жалпы саны 281, аянты 164,4 *км²*; эң ирилери: Вокруг Света (6,8 *км²*), Манас (6,4 *км²*), Муз-Бел (3,6 *км²*), Күрүчкө (3,8 *км²*), Ак-Таштуу (3,6 *км²*).

Талас өрөөнүнүн топурагы түздүктүү аймакта кеңдик, тоолордо бийиктик б-ча өзгөрөт. Түздүктүү жарым чөл зонасына (700–1000 *м* бийиктикте) түздүктүн кадимки боз топурактары, кургак талаа, талааларга (1100–1600 *м*), жапыз ж-а айдөш тоо этектерине тоо өрөөн коңур топурактары мүнөздүү. Тоонун ачык коңур ж-а кара коңур топурагы деңиз деңг. 1400–2100 *м*, кара топурактары 2200–2600 *м* бийиктикте жатат. Тоонун каралжын күңүрт түстөгү токой топурактары токой массивдеринде өөрчүгөн. Шалбаалуу субальп (деңиз деңг. 2800–3100 *м* бийиктикте), субальп шалбаалуу талаа (2700–3400 *м*), альп шалбаа (3100–4300 *м*) топурактары мүнөздүү.

Өсүмдүктөрү да бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Чөл өсүмдүктөрү өрөөндүн чегинде 700–1000 *м* бийиктиктеги түзөңдөрдө өсөт. Негизинен Теңир-Тоо шыбагы, Ала-Тоо төөтаманы, жамбыл тыйын чанагы, тикенектүү эспарцет кезигет. Эфемер ж-а эфемероид өсүмдүктөрү жаз мезгилинде басымдуулук кылып, жайында негизинен шыбак өсөт. Талаа өсүмдүктөрү деңиз деңг. 1000–2300 *м* бийиктиктерде жапыз ж-а орто бийиктиктеги тоолордо кеңири таралган. Өрөөндүн аймагында талаа өсүмдүктөрүнүн 40тан ашык түрү кезигет. Алардын ичинен аккылкан, бетеге, ыраң, шыбак, коңур баш, кызылот өсүмдүктөрү басымдуулук кылат. Айрым жерлерде бадалдар кеңири таралган. Шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өрөөндүн аймагында 1800–2800 *м* бийиктикте өсөт. Өрөөндүн чегинде өсүмдүктөрдүн 114кө жакын түрү бар. 2200–3000 *м* бийиктиктеги тоолордун тигирээк капталдарында карагай, көк карагай, арчадан турган токой (Беш-Таш, Үрмарал, Калба), ал эми Талас суусунун боюнда, Кеңкол капчыгайында бадал аралаш талтеректүү токой өсөт. Карагай токойлорунун арасында шилби, ыргай, итмурун, табылгы бар. Шалбаа өсүмдүктөрү тоо капталдарында чакан аянттарда гана (Беш-Таш, Үрмарал, Ныллы, Үч-Кошой) кезигет. Субальп шалбаасы 2600–3200 *м* бийиктикте, тоолордун түн. капталдарында тогузтөбөл, казтаман, флёмистүү формациялар басымдуулук кылат. Ошондой эле шимүүр, чекилдек, алтай троллиусу кеңири таралган. 3000–3200 *м* бийиктиктен жогору альп шалбаасы таралган. Өсүмдүк катмарынын негизин доңуз сырттуу формациялар түзөт. Ошондой эле ыраң, примула, казтаман, кара гүлдүү ыраң кезигет. Бийик тоолуу альп талаалары тоо кыркалардын түш., түн.-чыгыш бетинде чакан массивдерде кезигет. Аларды негизинен бетегелүү, бетеге-жылгамдуу өсүмдүк формациялары түзөт.

**Калкы.** Облуста респ-нын калкынын 4,2%и (же 226,8 миң адам) жашайт. Анын 35,3 миңи же 17,0%и шаар, 172,8 миңи же 83,0%и айыл калкы. Калкы көп улуттуу, басымдуу бөлүгү кыргыздар (жалпы калктын 90,0%и), а. и. орус (3,1%), казак (1,6%), өзбек (0,9%), түрк (0,7%), татар (0,2%), немец (0,7%) ж. б. улуттардан да бар. Калктын орт. жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 18 адам (респ-да – 24 адам). Облустун борбору Талас ш-нда 34,4 миң адам, Маймак шаарчасында 0,9 миң адам жашайт (2003). Калк көп жашаган ири айылдар: Кызыл-Адыр (10 миң адам), Покровка (6,9 миң), Бакай-Ата (6,6 миң), Көгой (5,7 миң). Жалпы калктын 41,4% (86,1 миң адам) иш курагына жете элек жаштар, 51,9% (107,9 миң) эмгек курагындагылар, 6,8% (14,1 миң) эмгек курагынан өткөндөр түзөт. 2002-ж. калктын миграциясында облуска келген элдин саны 865 адам, кеткендер – 2545 адам болуп, калктын азайуусу 1680 адамды түзгөн. Алардын ичинен 1516 адам өлкөнүн башка региондоруна, негизинен Бишкек ш-на ж-а Чүй облусуна, 1014 адам КМШнын өлкөлөрүнө, ал эми 15 адам алыскы чет өлкөлөргө кеткен.

**Экономикасы.** Облус Кыргыз Респ-ндагы экономикасы ортодон төмөнүрөөк деңгээлде өнүккөн чакан регион. 1991-жылдан экон. ж-а социалдык реформалар жүргүзүлүп, базар экономикасына багыт алынды. Натыйжада облустун экон-нын тармактарына структуралык өзгөрүүлөр киргизилип, түрдүү менчиктеги жаңы ишканалар пайда болду. 2003-ж. 1-январына карата статистикалык бирдиктин мамл. регистрине киргизилген ээлик кылуучу субъекттердин (юридикалык жактардын) катталганынын саны 1423 (а. и. иштегендери 811) жеткен. Алардын ичинен мамл. менчикте 198 (169), коммуналык – 177 (137) ж-а жеке менчикке 1048 (505) тиешелүү болгон. Субъекттердин түрлөрү б-ча 1423 ишкананын ичинен чакан ишканалар – 1136 (585), орточосу – 208 (165) ж-а ири ишканалар – 79 (61) болгон. Бул субъекттерден башка жеке ишкердикке тиешелүү көптөгөн субъекттер уюшулган. Жогоруда көрсөтүлгөн субъекттер облустун экон-нын дээрлик бардык тармактарында (өнөр жай, айыл чарба, курулуш, соода, транспорт ж-а

байланыш, о. эле калкка социалдык жактан кызмат көрсөтүү ж-а тейлөө ж. б.) катталып, ар бири өз багыттары б-ча иштейт.

Облустун экон-нын негизин, анын жаратылыш шартына ылайык айыл чарба тармагы ээлеп, кой, уй, жылкы багылып, алардан азык-түлүктөр өндүрүлөт. Дыйканчылыкта негизинен дан эгиндер, тамеки, картөшкө, жашылча өстүрүлүп, кийинки жылдарда облуста кант кызылчасы ж-а май өсүмдүктөрү эгиле баштады. Айыл чарба тармагында 2002-ж. башында 10 дыйкан чарба коллективи, 5 мамл. чарба, 2 акционердик коом, 8 айыл чарба кооперативи, 7747 жеке дыйкан (фермер) чарбалары иштеген. 2001-ж. облустун айыл чарба тармагында 50,1 миң адам эмгектенип (респ-нын 5,3%), 4106,7 млн сомдук азык-түлүк (8,6%) өндүрүлгөн. Анын 66,0%и дыйканчылыктан ж-а 34,0%и мал чарбачылыгынан өндүрүлгөн. Облустун жалпы аянтынын 65,3%и же 745,9 миң *га*ны (респ-нын 7,0%) айыл чарбасына жарактуу жерлер ээлейт. Анын 14,6%и же 108,7 миңи (респ-нын айдоо аянтынын 8,8%и) айдоо, 0,3%и же 2,2 миңи (5,6%) мөмө-жемиш дарактары, 0,4%и же 2,7 миңи (1,6%) чөп чабынды ж-а 84,7%и же 631,7 миңи (6,8%) жайыт.

**Облустун мал чарба продукцияларын өндүрүүдө райондордун үлүшү**
(2002-ж.; % м-н)

| | Эт | Сүт | Жумуртка | Жүн |
|---|---|---|---|---|
| Облус б-ча, анын ичинен: | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Бакай-Ата | 20,6 | 22,0 | 17,7 | 26,2 |
| Кара-Буура | 26,9 | 23,7 | 35,3 | 34,4 |
| Манас | 22,9 | 19,7 | 22,2 | 14,0 |
| Талас | 28,0 | 32,8 | 19,7 | 24,2 |
| Талас ш. | 1,6 | 1,8 | 5,1 | 1,2 |

Облуста 2001-ж. 100,4 миң *га* жерге эгин (респ-дагы эгин аянтынын 8,3%), анын 54,1% же 54,3 миң *га*сына (8,0%) дан, 0,2% же 434 *га*сына (2,1%) тамеки, 1,9% же 3,2 миң *га*сына (8,4%) кант кызылчасы, 12,1% же 12,1 миң *га*сына (16,4%) картөшкө, 4,5% же 4,5 миң *га*сына (9,2%) жашылча ж-а 24,6% же 24,7 миң *га*сына (9,2%) тоют өсүмдүктөрү эгилген. Ошондой эле 3,0 миң *га* жерге мөмө-жемиш бактары отургузулган. Дыйканчылыктан 2001-ж. 156,3 миң *т* дан (респ-нын 8,6%), 0,4 миң *т* тамеки (1,7%), 49,2 миң *т* кант кызылчасы (17,2%), 2,2 миң *т* май өсүмдүктөрүнүн уругу (3,7%), 204,3 миң *т* картөшкө (17,5%), 86,0 миң *т* жашылча (10,5%) ж-а 12,4 миң *т* мөмө-жемиш (7,7%) жыйналган.

**Облустун дыйканчылыгынан түшүм жыйноодо аймактардын үлүшү**
(2002-ж.; % м-н)

| | Дан ж-а буурчак жыйноо | Картөшкө жыйноо | Жашылча жыйноо | Кант кызылчасын жыйноо |
|---|---|---|---|---|
| Облус б-ча, анын ичинен: | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Бакай-Ата | 31,6 | 14,9 | 11,8 | 25,7 |
| Кара-Буура | 31,4 | 18,2 | 16,9 | 37,0 |
| Манас | 18,3 | 5,9 | 49,6 | 31,6 |
| Талас | 18,7 | 58,5 | 19,5 | 5,7 |
| Талас ш. | - | 2,5 | 2,2 | - |

Облустун бардык чарбаларында 2002-жылдын 1-январына 50,0 миң уй (республиканын 5,2%), 330,2 миң кой ж-а эчки (8,8%), 1,9 миң чочко (2,2%), 24,5 миң жылкы (6,9%) ж-а 162,2 миң үй канаттуулары (5,0%) болгон. Айыл чарбада 2002-ж. 25,3 миң *т* тирүү салмактагы эт (респ-нын 7,1%), 73,7 миң *т* чийки сүт (6,3%), 14,7 млн даана жумуртка (6,0%) ж-а 1,2 миң *т* жүн (10,3%) өндүрүлгөн.

Мал чарба азык-түлүктөрүнүн дээрлик бардыгын жеке менчикке тиешелүү чарбалар: калктын жеке чарбалары ж-а дыйкан (фермер) чарбалары өндүргөн. 2000-ж. алардын жалпы үлүшү эт өндүрүүдө 99,8% (катары м-н 66,8 ж-а 33,0%), сүттүн – 99,0% (57,0 ж-а 42,0%), жумуртканын – 100,0% (70,3 ж-а 29,7%), жүн кыркууда – 98,5% (58,3 ж-а 40,2%) түзгөн.

Облуста өнөр жай өндүрүшү респ-га салыштырмалуу начар өнүккөн. 2001-ж. облуста чакан ишканаларды кошуп санаганда 44 ө. ж. ишкана катталып, анын 13 ө. ж. ишканасы өзүнчө балансада турган. Алар өндүргөн өнөр жай продукцияларынын көлөмү 2002-ж. 320,9 млн сомду түзүп, облустун респ-дагы үлүшү болгону 0,7%ке жеткен. Облустун ө. ж-нын 90%тен ашык продукциясын тамак-аш, ун тартуу ж-а жем чыгаруу тармактары берет. Ошондуктан негизги ө. ж. продукциялары: эт (2002-ж. 51,0 *т*), быштак (342,0 *т*), малдын чалган майы 209,5 *т*), ун (11,1 миң *т*), өсүмдүк майы (27,7 *т*).

Облустун аймагында өнөр жай өндүрүшүнүн жайгашуусу (2002.)

| Адм.-айм. бирдиктер | Өнөр жай продукциясынын көлөмү (млн сом) | Райондун ж-а шаарлардын үлүшү (% м-н) |
|---|---|---|
| Жалпы облус б-ча, анын ичинен: .... | 320,9 | 100,0 |
| Бакай-Ата ........ | 13,3 | 4,1 |
| Кара-Буура ........ | 43,7 | 13,6 |
| Манас ........ | 20,4 | 6,4 |
| Талас ........ | 15,6 | 4,9 |
| Талас ш. ........ | 227,9 | 71,0 |

Салыштырмалуу ири ишканалары: Таластагы ун ж-а жем чыгаруучу "Талас даназык" (2002-ж. 14,9 млн сомдук ө. ж. продукциясын чыгарган), Кара-Буура районундагы «Арашан» (15,1 млн), Маймактагы "Максат" (7,6 млн), Таластагы «Талассүт» (2,3 млн) ж-а «Азык» (4,2 млн) акционердик коомдору. Өнөр жай өндүрүшүнүн басымдуу бөлүгүн Талас ш-нын ишканалары өндүрөт.

Талас облусундагы эл чарба жүктөрүн ж-а жүргүнчүлөрүн ташып, сырткы, о. эле ички экон. байланышты тейлөөдө негизги орун автомобиль транспортуна тиешелүү. 2002-ж. автомобиль транспорту м-н 724,0 миң *т* жүк (респ-нын 2,9%) ж-а жүргүнчү ташуунун жүгүртүлүшү 160,2 млн жүргүнчү *км* (3,4%) болгон. Негизги автомобиль жолдору: Тараз (Казакстан)–Кара-Буура–Талас–Чатбазар–Өтмөк (Суусамыр өрөөнү), Талас–Нылды–Покровка–Тараз, Кара-Буура–

Облустун аймактарында автомобиль транспортунун жайгашуусу, 2002-ж.

| Райондор ж-а Талас шаары | Жүк ташуу, миң *тонна* | Аймактардын үлүшү (%) | Жүк ташуунун жүгүртүлүшү, жүргүнчү *км* | Аймактардын үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|
| Жалпы облус б-ча, анын ичинен: .... | 774,0 | 100,0 | 160,2 | 100,0 |
| Бакай-Ата ........ | 112,6 | 14,5 | 19,7 | 12,3 |
| Кара-Буура ........ | 110,4 | 14,3 | 29,4 | 14,6 |
| Манас ........ | 230,8 | 29,8 | 16,1 | 10,1 |
| Талас ........ | 112,3 | 14,5 | 15,8 | 9,9 |
| Талас ш. ........ | 207,9 | 26,9 | 85,2 | 53,1 |

Жаңы-Базар–Ала-Бука, Кара-Буура–Аманбаев–Шекер–Көк-Сай. 1996-жылдын акырында Чоңөр ашуусу аркылуу Талас–Чатбазар–Кулан (Казакстан) жолу курулган эле. Ал жол Талас м-н Бишкектин аралыгын 145 *км*ге кыскартмак. Ал шашылуу м-н сапатсыз курулгандыктан жол татаал ж-а коркунучтуу. Ошондуктан ал азыр пайдаланылбай турат. Облустун батыш чегинен Маймак шаарчасы аркылуу 17 *км*ге жакын темир жол өтөт. Бул жол сыртка жүк ташып чыгаруу ж-а жүк ташып алып келүүдө маанилүү. Ал темир жолду бойлой Өзбекстандан Бишкекке, андан ары Казакстандын экинчи борбору Алматыга чейин тез ташуучу куур транспорту дагы өтөт.

Талас облусунун ушул темир жолунун аймагында 1997-жылдын март айында «Маймак» эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) уюшулган. Бул аймак облустун Кара-Буура р-нун Казакстан м-н чектеш жаткан Жоон-Дөбө т. ж. бекетинин айланасын ээлеп, жалпы аянты 520 *га*ны түзөт. Аймак башка өлкөлөр м-н өндүрүштүк байланышты түзүүгө абдан ыңгайлуу жерде жайгашкан. Кырг-нда ЭЭАларды уюштуруу жөнүндөгү мыйзамга ылайык бул зонага салык төлөө, бажы акы алуу ж. б. б-ча жеңилдиктер берилип, чет өлкөлүк каражаттарды тартып, алдыңкы технологияны пайдалануу жолу м-н сапаттуу ж-а өтүмдүү продукцияларды чыгарган өндүрүштү уюштурууга ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Ошого карабастан «Маймак» ЭЭАсында 2002-ж. карата болгону чарба жүргүзүүнүн 9 субъекти катталып, алардын 2 биргелешкен, 5 чет өлкөлүк ишканалар болгон. Бул ишканалардын иштери чет элдик ж-а ата мекендик экспортко багытталган товарларды өндүрүү үчүн, айрыкча айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүчү өндүрүштөрдү уюштурууга багытталышы керек эле. Бирок алар ар түрдүү себептер м-н өндүрүш иштерин башташа албай уюшуу абалында турат ж-а бул ишканаларда азырынча продукциянын эч кандай түрү өндүрүлө элек (2003). Ошондой болсо да азырынча бул аймакта кампаларды ж-а базаларды ижарага берүү м-н иш жүргүзүлүүдө. Андан башка Чүй облусунун Кайыңды кант чыгаруучу ишканасы м-н түзүлгөн келишимдин негизинде 1998-ждан баштап облустагы жыйналган кант кызылчасын кабыл алып, аны Кайыңды шаарчасына жөнөтүп турат.

**Маданий турмушу**. 2000-ж. облуста калкты турак жай м-н камсыз кылуу, респ-нын орточо көрсөткүчүнө салыштырганда 20,0%, бала-бакчадагы орундар м-н камсыз кылуу 25,0%, ооруканадагы орундар ж-а врачтардын (10 миң адамга эсептегенде) саны 19,0% ж-а элди тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү (адам санына эсептегенде) 60,0%ке төмөн болгон. 2002/03-окуу жылында облуста 55,2 миң окуучуну камтыган 110 жалпы билим берүүчү мектепте 3,7 миң мугалим иштеген. Алардын бирөө жатак мектеп, сабактарды тереңдетип окуткан 3 мектеп, бирөө лицей. Бардык мектептерде информатика кабинеттери бар. Талас облусунда атайын адистик берүүчү 2 орто окуу жайында 1,0 миң студент окуп, аларда 70 мугалим иштеген. 2002/03-окуу жылында облустун жогорку окуу жайында (И. Арабаев атн. пед. ун-тин филиалы) 4,2 миң студент окуп, аларда 121 мугалим иштеген.

Саламаттык сактоо тармагында 4 райондук, 9 участкалык, облустук оорукана, согуш ардагерлерин дарылоочу оорукана, 21 айылдык врачтык амбулатория, 4 фельдшер-акушердик пункт, 4 санитариялык-эпидемиологиялык станция, наркологиялык диспансер, 2 бейтапкана ж. б. медицина мекемелери иштейт. Облус 6-ча 411 дарыгер, 2033 мед. орто билимдүү адис иштеген.

2000-ж. облуста 74 китепкана иштеп, аларда 894 миң нускада китеп журналдар болуп, 27 клуб ж-а маданият ишканалары, 3 музей иштеген. 1991-жылдан «Талас турмушу» деген облустук гезит ж-а райондук гезиттер чыгып турат. 1992-ж. январдан облустук жергиликтүү телекөрсөтүү ар жуманын шейшемби ж-а бейшемби күндөрү эфирге чыгат. Телении жумалык көрсөтүүсү 3 сааттан кем эмес. Радио уктуруу жумасына 4 жолу 45 мүнөттөн жүргүзүлөт. Ар жекшемби сайын «Талас таңшыйт» респ-нын аймагына уктурулат.


Облустун аймагында коло дооруна тиешелүү Таш-Дөбө, Кызыл-Сай, Беш-Таш, Желе-Дөбө, Ташарык көрүстөндөрү, Кеңкол байыркы көрүстөнү (б. з. ч. 3–2-к.), Нушжан шаар чалдыбары (Үч-Булак бекетинин жанында), эпиграфикалык эстеликтерден Кыргыз Респ-нын улуттук Талас байыркы жазуу эстеликтери (таштын бетине байыркы түрк жазуусу чегилген; Айыртамой өндүрү), архитектуралык эстеликтерден «Манас ордосу» комплекси (Манастын күмбөзү, «Манас» музей коругу, «Манас» музейи, мечит ж.б.), байыркы археол. ж-а архитектуралык эстеликтер бар.

*Р. Токторова*

**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ** (1992-ж. чейин Ленинполь р-ну) – Талас облусундагы адм. район. 1936-ж. уюшулуп, 1953-ж. Талас р-нуна кошулган. 1977-ж. кайра бөлүнгөн. Чыгышынан Талас, батышынан Кара-Буура, түш.-чыгышынан Токтогул (Жалал-Абад облусу), түн.-батышынан Манас р-ндору м-н чектешет. Аянты 2,3 миң *км²*. Калкы 44,0 миң (2009). Борб. – Бакай-Ата кыштагы (калкы 6,8 миң; 2009).

Район Талас өрөөнүнүн борб. бөлүгүнөн орун алган. Түштүгүндө *Талас Ала-Тоосу* (эң бийик жери Күмүштак чокусу – 4251 *м*), түндүгүндө Эчкили тоосу (2500 *м*) жатат. Кен байлыктары: күмүш, мрамор, акиташ теги (Эчкили тоосу), курулуш материалдары ж. б. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 20°С, январдыкы –6... –10°С. Жылдык жаан-чачыны 300 *мм*. Ири суулары: Үрмарал, Талас, Күмүштак. Өрөөнү боз, күрөң топурактуу. Тоо бөлүктөрүнө ландшафттын бийиктик алкактуулугу мүнөздүү. Кургак талаа, талаа ж-а шалбаа өсүмдүктөрү өсөт.

Калкынын көбү кыргыз, о. эле орус, украин, немец ж. б. улуттардын өкүлдөрү жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км²*ге 18 киши. Райондо 9 айыл округу, 19 кыштак бар.



Райондун айыл-кыштактары

| Кыштактардын аты | Адм.-айм. баш нйүүсү (айыл округу) | Негизделген жылы | Калкынын саны (2003) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жамбыл т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Дөбө | Ак-Дөбө | 1891 | 4000 | 13 | 95 |
| Бакай-Ата | Бакай-Ата | 1882 | 7215 | 32 (Талас) | 90 |
| Биринчи-Май | Орто | - | 1461 | 28 | 80 |
| Боо-Терек | Боо-Терек | 1891 | 4662 | 25 | 75 |
| Жон-Коргон | Орто | 1928 | 359 | 23 | 78 |
| Кең-Арал | Кең-Арал | 1928 | 2576 | 27 | 90 |
| Көк-Таш | Кызыл-Октябрь | 1926 | 560 | 15 | 100 |
| Кызыл-Октябрь | Кызыл-Октябрь | 1932 | 2183 | 10 | 100 |
| Кызыл-Сай | Ак-Дөбө | 1920 | 1245 | 8 | 80 |
| Кызыл-Чарба | Ак-Дөбө | 1923 | 320 | 15 | 90 |
| Кыргызстан | Орто | - | 2066 | 25 | 55 |
| Маданият | Кызыл-Октябрь | 1932 | 1371 | 8 | 90 |
| Миң-Булак | Миң-Булак | - | 2313 | 12 | 80 |
| Наматбек | Бакай-Ата | - | 663 | 5 | 85 |
| Өзгөрүш | Өзгөрүш | 1924 | 4399 | 15 | 100 |
| Таш-Кудук (Ключевка) | Кызыл-Октябрь (Ключевка) | 1928 | 1088 | 11 | 96 |
| Түйтө | Шадыкан | 1932 | 760 | 21 | 103 |
| Үрмарал | Кызыл-Октябрь | 1932 | 462 | 8 | 90 |
| Шадыкан | Шадыкан | 1951 | 2028 | 18 | 100 |

Райондо мал чарбасы ж-а дыйканчылык (а. и. буудай, буурчак, кант кызылча) өнүккөн. Жалпы жеринин аянты 231,8 миң *га*, а. ч-га жарактуусу 131,6 миң *га* (а. и. айдоо 23,0 миң *га*), 23,0 миң *га* сугат жер, чабынды 35,0 *га* жайыт 108,0 миң *га* (2002). Дан ж-а буурчак (2002-ж. 51,1 миң *т*), картөшкө (31,0 миң *т*), жашылча (9,9 миң *т*), кант кызылчасы (22,4 миң *т*) ж-а тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. 2000-ж. 9,5 миң уй, 89,6 миң кой, эчки, 4,8 миң жылкы, 25,9 миң үй канаттуулары болгон. 2002-ж. тирүүлөй салмакта 5,2 миң *т* эт, 16,2 млн *т* сүт, 2,6 млн даана жумуртка, 304 *т* жүн кыркылып алынган. Кыш заводу, балык чарбасы иштейт. Аймагынан Талас –Тараз–Бишкек автомобиль жолу өтөт.

Райондогу 18 орто, бир башталгыч мектепте 862 мугалим иштеген. Он бир бала бакча, 18 клуб, маданият үйү, көркөм сүрөт музейи, 30 китепкана бар. 1939-жылдан райондук "Айыл жарчысы" гезити кыргыз, орус тилдеринде чыгат. Азыр ал кыргызча айына эки жолу чыгат. Эки оорукана, 2 амбулатория, 16 фельдшер-акушердик пункт, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт.

*И. Оморов*

**КАРА-БУУРА РАЙОНУ** – Талас облусундагы адм. район. 1930-ж. уюшулган. Түндүгүнөн ж-а батышынан Казакстан, чыгышынан Бакай-Ата, түштүгүнөн Чаткал р-ндору, түш.-батышынан бир аз жери Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 2,95 миң *км²*. Калкы 58,1 миң (2009). Борбору – Кызыл-Адыр айылы (10,8 миң; (2009).

Район Талас өрөөнүнүн батыш бөлүгүнөн орун алган. Түн. бөлүгүндө Кыргыз Ала-Тоосунун батыш тармагынын уландысы Эчкили-Тоо, Ак-Таш, Кызыл-Адыр тоолору, түштүгүндө Талас Ала-Тоосу (эң бийик жери Манасата чокусу, 4482 *м*) жатат. Курулуш материалдарынын кени бар. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 22°С, январдыкы –6,1°С. Жылдык жаан-чачыны 300–500 *мм*. Ири суулары: Талас, Кара-Буура, Күркүрөө. Райондун чегинде Кара-Буура (Киров) суу сактагычы курулган (көлөмү 550 млн *м³*). Өрөөн бөлүгү жарым чөл зонасында жаткандыктан топурагы боз, тоо бөлүгүндө күрөң боз, коңур топурак басымдуу. Негизинен талаа ж-а шалбаа өсүмдүктөрү өсөт.

Калкынын көбү кыргыздар, андан башка орус, өзбек, казак, түрк, курд, татар ж. б. улуттар жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км²* жерге 20,1 киши туура келет. Райондо 8 айыл округу, 22 кыштак, Маймак шаарчасы бар.

Райондо мал чарбасы (айрыкча кой) ж-а дыйканчылык өнүккөн. 2003-ж. 12,0 миң уй (а. и. сааны 7,5 миң), 117,8 миң (тууту 85,0 миң) кой, 5,1 миң жылкы, 0,5 миң чочко,




48,5 миң үй канаттуулары болгон. 2002-ж. тирүүлөй салмакта 6,8 миң *т* эт, 17,5 миң *т* сүт, 5,2 млн даана жумуртка, 399 *т* жүн кыркылып алынган. Айдоо аянты 33,7 миң *га* (анын 23,4 *га*сы кайрак жер), көп жылдык өсүмдүк 0,1 миң *га*, чабынды 0,2 миң *га*, жайыт 203,9 миң *га*. Райондун дыйканчылыгында дан ж-а буурчак (2002-ж. 50,8 миң *т*), картөшкө (37,9 миң *т*), жашылча (14,4 миң *т*), кант кызылчасы (33,7 миң *т*) өстүрүлөт. Эгиндердин бардыгы сугарылат. Сугат үчүн Кара-Буура, Күркүрөө сууларынын мааниси чоң. Май-сыр, нан жасоочу ө. ж. ишканалары, автобаза бар. Райондун аймагынан Бишкек–Тараз–Талас, Кара-Буура–Аманбаев–Маймак, Кара-Буура–Жаңы-Базар–Ала-Бука автомобиль жолдору өтөт.

Райондун Жоон-Төбө т. ж. бекетинин айланасындагы 520 *га* жерди ээлеген “Маймак” эркин экономикалык аймак (1997-ж.) түзүлгөн (к. *Талас облусу* макаласын).

Райондо 21 орто, 4 негизги мектеп, башталгыч мектеп (жалпы окуучулардын саны – 12501), кесиптик-тех. окуу жайы, балдардын муз. мектеби, 5 музей, 19 клуб, 13 китепкана иштейт.

1992-жылдан “Кара-Буура кабарлары” гезити чыгат. Чымкент айлында Советтер Союзунун Баатыры Ч. Түлөбердиевдин мемориал музейи уюшулуп, эстелиги тургузулган. 1988-ж. Шекер кыш-нда Кыргыз эл жазуучусу Ч. Айтматовдун музейи уюшулган. Райондун аймагында Садыркоргон (5–15-к.), Жоон-Дөбө (6–12-к.) ж. б. шаар чалдыбарлары бар. Байыркы кен казылмалардын, металл эриткен мештердин орундары кезигет. Борборлошкон ж-а 3 айылдык оорукана, борборлошкон ж-а

Райондун айыл-кыштактары

| Кыштактын аты | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл өкмөтү) | Негизделген жылы | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Маймак т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Башат | Ферма №2 | - | 1427 | | |
| Ак-Жар | Аманбаев | - | 993 | 30 | 20 |
| Аманбаев | Аманбаев | 1870 | 5464 | 35 | 7 |
| Арчагул | Шекер | - | 1882 | 50 | 22 |
| Бакыян | Бейшеке | 1921 | 2424 | 55 | 67 |
| Бейшеке | Бейшеке | 1921 | 1398 | 18 | 85 |
| Жийде | Ак-Чий | 1945 | 1304 | 26 | 20 |
| Жоон-Дөбө | Бейшеке | 1931 | 1985 | 3 | 13 |
| Кайнар | Көк-Сай | 1917 | 1093 | 65 | 52 |
| Кара-Буура | Бейшеке | 1921 | 898 | 19 | 10 |
| Кара-Сай | Кара-Сай | - | 1641 | 12 | 80 |
| Көк-Дөбө | Чымкент | - | 677 | 12 | 26 |
| Көк-Сай | Көк-Сай | 1932 | 3091 | 54 | 19 |
| Куру-Маймак | Аманбаев | - | 359 | 38 | 4 |
| Кызыл-Адыр | Кара-Буура | 1886 | 9964 | 53 (Талас ш.) | 60 |
| Суулу-Маймак | Аманбаев | - | 1547 | 37 | 13 |
| Тамчы-Булак | Бейшеке | - | 311 | | 80 |
| Үч-Булак | Кара-Буура | - | 1304 | 3 | 48 |
| Чоң Кара-Буура | Кара-Буура | - | 2651 | 11 | 56 |
| Чымкент | Чымкент | 1934 | 4581 | 9 | 36 |
| Шекер | Шекер | - | 1500 | 46 | 18 |

5 айылдык дарыкана, 4 амбулатория, 16 фельдшер-акушердик пункт, санитариялык-эпидемиологиялык станция, бир нече үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. мекемелер бар.

*Р. Токторова*

**МАНАС РАЙОНУ** – Талас облусундагы адм. район. 1980-ж. 3-сентябрда Киров (азыр Кара-Буура) р-нунан бөлүнгөн. Талас өрөөнүнүн түн.-батыш бөлүгүнөн орун алган. Түндүгүнөн ж-а батышынан Казакстан, түштүгүнөн Кара-Буура ж-а Бакай-Ата, чыгышынан Талас р-ндору м-н чектешет. Аянты 1,0 миң *км²*. Калкы 32,9 миң (2009). Борбору – Покровка кыштагы (7,1 миң; 2009).

Райондун аймагы Талас өрөөнүнүн Кыргыз Ала-Тоосу м-н Эчкили-Тоо, Ак-Таш, Кызыл-Адыр тоолорунун аралыгында жаткан бөлүгүндө жайгашкан. Жеринин бети негизинен түн.-батышты карай бир аз жантайыңкы, кокту-колоттуу, кургак сайлуу; дөңсөөлөр да бар. Кен байлыктарынан гранит, курулуш материалдары ж. б. кездешет. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы – 8°С, июлдуку 21,3°С. Жылдык жаан-чачыны 250–300 *мм*. Ири суусу – Талас (куймалары: Ныдды, Кайынды, Алмалы, Кара-Арча ж. б.). Өрөөндүн таманында боз, тоо этектеринде ачык күрөң, кара, тоо-шалбаа топурактары басымдуу. Деңиз деңг. 900–1100 *м* бийиктикке чейин шыбак-эфемерлүү жарым чөл, андан жогору шыбактуу, чийлүү кургак талаа (1100–1500 *м*), бетегелүү талаа (1500–2000 *м*), шалбаалуу талаа ж-а шалбаа (2000–2600 *м*), субальп шалбаалуу талаа ж-а талаа өсүмдүктөрү (2700 *м*ден жогору) таралган.

Калкынын көбү кыргыздар; андан башка орус, казак, татар, түрк, курд, немец ж. б. улуттар жашайт. Орт. жыштыгы: 1 *км²*ге 29 киши. Райондо 5 айыл округу, 22 кыштак бар.

Чарбасынын негизги тармагы айыл чарбасы, а. и. дыйканчылык өнүккөн. Айдоо аянтты 20,5 миң *га* (а. и. 14,0 миң *га*сы сугат, 6,5 миң *га*сы кайрак жер), жайыт 62,5 миң *га*. Дыйканчылыкта дан эгиндери ж-а буурчак (2002-ж. 29,6 миң *т*), картөшкө (12,2 миң *т*), жашылча (42,2 миң *т*), кант кызылчасы (28,8 миң *т*) ж-а тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Токой 6,6 миң *га*, бадал 1,3 миң *га* жерди ээлейт. Уяң жүндүү кой чарбасы өнүккөн. 2003-ж. 9,6 миң уй, 43,4 кой, эчки, 3,2 миң жылкы, 0,8 миң чочко, 37,5 миң үй канаттуулары болгон.




Өнөр жайынан гранит ташын иштетүүчү ишкана, курулуш материалдарын жасоочу "Алмаз" акционердик коому (Кызыл-Жылдыз кыш-нда) ж. б. бар. Автомобиль жолунун мааниси зор. Райондун аймагынан Талас–Кызыл-Адыр–Тараз (Казакстан), Талас–Нылды–Покровка–Тараз (Казакстан) мамлекеттер аралык маанидеги автомобиль жолдору өтөт.

Райондо 13 орто, 5 негизги, 3 башталгыч мектеп иштеп, андан 6891 окуучу окуп, 712 мугалим иштейт. Өспүрүмдөрдүн ж-а балдардын чыгармачылык борбору, райондун балдар муз. мектеби, спорт мектеби, 11 бала бакча, 18 китепкана бар. Райондук гезит чыгат. Үч оорукана, 2 бейтапкана, 5 фельдшер-акушердик пункт, санитариялык-эпидемиологиялык станция, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт.

**Райондун айыл-кыштактары**

| Кыштактардын аты | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Негизделген жылы | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жамбыл т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Таш | Үч-Коргон | - | 293 | 12 | 30 |
| Арал | Кайыңды | - | 1203 | 18 | 45 |
| Бала-Сары | Покровка | 1910 | 1355 | 7 | 34 |
| Жайылган | Покровка | 1900 | 6919 | 3 | 30 |
| Жийде | Үч-Коргон | - | 695 | 2 | 23 |
| Кайыңды | Кайыңды | - | 459 | 29 | 56 |
| Кара-Арча | Покровка | 1900 | 579 | 17 | 43 |
| Кеңеш | Үч-Коргон | - | 627 | 8 | 30 |
| Көк-Дөбө | Кыргызстан | 1936 | 993 | 20 | 30 |
| Кызыл-Жылдыз | Үч-Коргон | - | 2239 | 7 | 18 |
| Май | Май | 1936 | 3357 | 16 | 30 |
| Манас | Кыргызстан | 1925 | 574 | 23 | 34 |
| Новодонецкий | Май | 1905 | 435 | 14 | 27 |
| Нылды | Кайыңды | - | 459 | 41 | 68 |
| Сарбулак | Кайыңды | - | 166 | 39 | 66 |
| Сөгөт | Покровка | 1930 | 227 | 23 | 50 |
| Талас | Кыргызстан | - | 3029 | 23 | 18 |
| Таш-Башат | Үч-Коргон | - | 249 | 12 | 30 |
| Үч-Коргон | Үч-Коргон | - | 1095 | 5 | 16 |
| Чеч-Дөбө | Кайыңды | - | 459 | 18 | 45 |
| Чоң-Капка (Пушкин) | Үч-Коргон | - | 1285 | 7 | 25 |

*Р. Токторова*


**ТАЛАС РАЙОНУ** – Талас облусундагы адм. район. 1930-ж. уюшулган. 1953-ж. Ленинполь (азыркы Бакай-Ата) р-ну м-н кошулуп, 1977-ж. кайра бөлүнүп чыккан. Түндүгүнөн Казакстан, чыгышынан Чүй облусу, түштүгүнөн Токтогул, батышынан Бакай-Ата р-ндору м-н чектешет. Аянты 5119 $км^2$. Калкы 58,9 миң (2009). Борб. – Манас кыштагы.

Район Талас өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүнөн орун алган. Түндүгүндө Кыргыз Ала-Тоосунун батыш бөлүгү, түштүгүндө Талас Ала-Тоосу, түн.-батышында Эчкили-Тоо, алардын ортосунда *Талас өрөөнү* жатат. Кен байлыктары: күкүрт колчеданы (Ачыкташ кени), калай, полиметалл, алтын (Жерүй алтын кени), курулуш материалдары ж. б. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 20°С, январдыкы –6,6°С. Жылдык жаан-чачыны 300–350 *мм*. Суулары: Талас, Беш-Таш, Калба, Нылды, Кеңкол, Бала-Чычкан ж. б. Кош көлдөн турган Беш-Таш көлү бар. Аймагында боз, саз-шалбаа, күрөң, тоонун кара ж-а тоо-шалбаа топурактары басымдуу. 2200 *м* бийиктикке чейин талаа, андан жогору (2500 *м*ге чейин) шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү; 2500 *м*ден өйдө субальп ж-а альп шалбаасы өсөт.

Калкы көп улуттуу: кыргыз, орус, өзбек, татар, немец ж. б. улуттар жашайт. Орт жыштыгы 1 $км^2$ге 10 киши. Райондо 13 айыл округу, 27 кыштак бар.

Чарбасында уяң жүндүү кой, эт-сүт багытындагы бодо мал асыралып, кант кызылчасы, буудай, арпа, жүгөрү, буурчак ж. б. өстүрүлөт. Айдоо аянты 31,9 миң *га* (а. и. 26,9 миңи сугат, 5,0 миңи кайрак жер), 2,4 миң *га* чабынды; 0,7 миң *га* жерге бак тигилген. 2000-ж. 14,8 миң уй, 78,5 миң кой ж-а эчки, 10,0 миң жылкы, 112 чочко, 23,2 миң үй канаттуулары болгон. 2002-ж. тирүүлөй салмакта 7,1 миң *т* эт, 24,2 миң *т* сүт, 2,9 млн даана жумуртка даярдалып, 280 *т* жүн кыркылып алынган. Дыйканчылыктан 30,2 миң *т* дан ж-а буурчак, 121,3 *т* картөшкө, 16,6 жашылча, 5,2 *т* кант кызылчасы өстүрүлгөн. Райондун аймагында Бишкек–Талас–Бакай-Таш–Токтогул, Талас–Чоңөр ашуусу–Бишкек, Талас – Өтмөк ашуусу – Бишкек автомобиль жолу өтөт.

Райондо 26 орто, 2 негизги ж-а бир башталгыч мектепте 6,0 миң окуучу окуган. Райондук борб. китепкана ж-а анын 24 бөлүмү (китеп фондусу 257018 нуска) иштеп,



**Райондун айыл-кыштактары**

| Кыштактын аты | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Негизделген жылы | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Маймак т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Жар | Долоно | 1910 | 1506 | 11 | 113 |
| Ак-Коргон | Талды-Булак | 1936 | 509 | 68 | 200 |
| Ак-Сай | Чоң-Алыш | 1926 | 3582 | 34 | 134 |
| Арал | Арал | - | 3524 | 45 | 154 |
| Арашан (Хвинка) | Беш-Таш | 1939 | 709 | 8 | 127 |
| Атай Огонбаев | Калба | - | 2648 | 28 | 140 |
| Балбал | Калба | 1933 | 914 | 10 | 122 |
| Жон-Арык | Кырк-Казык | - | 4103 | 7 | 110 |
| Калба | Кара-Ой | - | 1180 | 24 | 140 |
| Кара-Суу | Кара-Суу | 1926 | 2299 | 30 | 130 |
| Кара-Ой | Кара-Ой | 1924 | 1747 | 37 | 143 |
| Кеңеш | Кара-Ой | 1922 | 406 | 37 | 133 |
| Козучак | Беш-Таш | 1932 | 1116 | 10 | - |
| Көк-Кашат | Жергетал | 1936 | 1225 | 24 | 140 |
| Көк-Токой | Кырк-Казык | 1929 | 1959 | 5 | 110 |
| Көпүрө-Базар | Көпүрө-Базар | 1956 | 3658 | 75 | 115 |
| Кууганды | Кууганды | — | 1984 | 45 | 15 |
| Кызыл-Туу | Жергетал | 1934 | 2342 | 15 | 140 |
| Манас | Кыргызстан | — | 4100 | — | — |
| Орто Арык | Долоно | 1938 | 1277 | 8 | 110 |
| Сасык-Булак | Кара-Ой | 1931 | 1765 | 41 | 137 |
| Талды-Булак | Талды-Булак | 1936 | 2274 | 7 | 192 |
| Чат-Базар (Будёновка) | Чоң-Алыш | 1902 | 1283 | 36 | 136 |

жылына 4200 окурманды тейлейт. Ар бир айылда бала бакча, 13 клуб, фольклордук-этнографиялык музей, тарыхый эстеликтерден Манастын күмбөзү, улуттук "Манас Ордо" комплекси бар. Көпүрө-Базар айлында, Талас ш-нда Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Райондо 335 орундуу райондук оорукана, 3 айылдык оорукана, 7 айылдык врачтык амбулатория, 14 фельдшер-акушердик пункт, санитариялык-эпидемиологиялык станция, борборлоштурулган 5 айылдык дарыкана, үй-бүлөлүк дарыгерлердиң топтору иштейт.

*Р. Токторова*

# ЧҮЙ ОБЛУСУ

Респ-нын түн. бөлүгүн ээлейт. Түн. ж-а батышынан Казакстан, түш.-батышынан Талас, түштүгүнөн Жалал-Абад, Нарын, чыгышынан Ысык-Көл облустары м-н чектешет. Облуста 8 адм. район (Аламүдүн, Жайыл, Кемин, Москва, Панфилов, Сокулук, Чүй, Ысык-Ата), 4 шаар (Токмок, Кант, Кара-Балта, Шопоков), 5 шаарча (Ак-Түз, Борду, Кайыңды, Кемин, Орловка), 104 айыл округу, 327 кыштак бар. Облустун чегинде респ-нын борбору – Бишкек ш. жайгашкан. Аянты 20,2 миң *км*². Калкы 790,7 миң (2009). Борбору – Токмок ш. (калкы 53,1 миң; 2009) 1939-ж. чейин облустун азыркы чегинде түрдүү адм.-аймак. системалар (округ, кантон, болуштук ж. б.) болгон. 1939–59-ж. Фрунзе облусу; 1959-90-ж. респ-га тике баш ийген райондор, 1990-жылдын 14-декабрынан Чүй облусу.

**Табияты.** Облустун аймагын Чүй, тоо аралык Чоң Кемин ж-а Суусамыр өрөөндөрү, о. эле аларды чектеп жаткан Иле, Кыргыз, Күнгөй, Талас Ала-Тоолорунун, Суусамыр, Жумгал кырка тоолорунун капталдары түзөт. Абсолюттук бийиктиги 550 *м*ден (Чүй өрөөнүнүн Камышановка кыш. туштагы түн. чет-жакасы) 4895 *м*ге чейин (Кыргыз Ала-Тоосундагы Аламүдүн чокусу). Облустун аймагынын басымдуу бөлүгүн Чүй өрөөнү ээлейт. Өрөөн негизинен түн.-батышты карай эңкейиш келип, батыш ж-а ортоңку бөлүктөрү Чүй д-на жакындаганда дээрлик жайык түздүккө айланат. Андан жогору адырлар ж-а дөңсөөлөр (айрыкча Бишкек ш. тушта), этек тоолор көтөрүлүп турат. Алардын 1-тилкеси Ала-Арча, Аламүдүн ж-а Норус сууларынын өрөөндөрү м-н тилмеленет, айрым дөңсөөлөрдү – Беш-Күнгөй (бийикт. 1150 *м*ге чейин), Басбөлтөк (1400 *м*), Шоробашат (1750 *м*) ж. б. пайда кылат. Андан түштүгүрөөк, этек тоолордон бийигирээк этек тоо-дөбө-дөңсөөлөрдүн 2-тилкеси созулуп жатат. Аларды 1-тилкеден кеңдик багытта жаткан Байтик өрөөнү бөлүп турат. Кыргыз Ала-Тоосунун капталдары асимметриялык түзүлүштө: түш. капталдары кыска ж-а тик, түндүгү жазы, айрым айрыктары 20 *км*ге жетип, өрөөн капчыгайлуу; ирилери: Ашмара, Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата, Кегети, Шамшы, Коңорчок, Байдамтал, Түн. ж-а Чыгыш Каракол ж. б. 3500 *м* бийиктиктен жогору аска-таштуу, кар-мөңгүлүү алкак башталат. Чүй өрөөнү чыгышта Кичи Кемин өрөөнүнө өтөт. Чыгышта Иле ж-а Күнгөй Ала-Тоолорунун аралыгында Чоң Кемин өрөөнү жайгашкан. Аталган тоолор чыгышта бири-бирине жакындашып, Кемин-Челек тоо тоомун пайда кылат. Чоң Кемин өрөөнүнүн чыгышында Көгойрок жайлоосу бар. Ал эми облустун түш. бөлүгүн Кырг-ндагы ири жайлоолордун бири Суусамыр өрөөнү ээлейт. Ал деңиз деңг. 2000–3200 *м* бийиктикте жайгашкан. Өрөөн батышты карай кууштап, таманы бийиктейт. Батышы Дубанкечүү өрөөнү, борб. бөлүгү – Суусамыр, чыгышы Батыш Каракол өрөөнү деп аталат. Кен байлыктарынан алтын (Талды-Булак, Далпраң, Камоотөр), темир, титан, хром, никель, коргошун, цинк, сейрек кездешүүчү элементтер (Ак-Түз) бар. Металл эмес кендер да арбын: кум, чопо, мергель, туз, тальк, гранит-сиенит, акиташ теги, мрамор, гранит, кварцит. Тектон. жаракаларга тутумдаш жерлерден минералдуу, ысык суулар жер бетине агып чыгат (Ысык-Ата, Аламүдүн, Ак-Суу капчыгайларында).

Климаты ар түрдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Түндүгүндөгү түзөң бөлүгүнүн климаты континенттик, кургак, жайы ысык, кышы мелүүн, суук. Июлдун орт. темп-расы 17–25°С, январдыкы –7°С. Жылдык орт. жаан-чачыны 270-400 *мм*. Бийик жайгашкан Суусамыр

өрөөнүндө июлдун орт. темп-расы 13–14°С, январдыкы –20…–21°С, жылдык жаан-чачыны 350–370 *мм*. Тоо капталдары бийиктеген сайын абанын темп-расы төмөндөп, жаан-чачындын (айрым тоолордун түндүккө ж-а батышка караган капталдарында) өлчөмү арбыйт. Кыргыз Ала-Тоосунда жалпы аянты 520 *км*² жеткен 582 мөңгү бар, көбү борбордук бөлүгүндө. Чоң Кемин суусунун башы мөңгү чордону болуп саналат.

Суулары негизинен Чүй, Нарын д-нын алабына кирет. Чүй д-сы Боом капчыгайынан чыга бергенде ага оң тараптан Чоң Кемин ж-а Кичи Кемин суулары кошулат. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан Чүйдүн сол куймалары – Шамшы, Кегети, Ысык-Ата, Аламүдүн, Кара-Балта ж. б. суулар агып түшөт. Азыркы кезде алар сугатка толук пайдаланылгандыктан Чүй д-на жетпейт. Суусамыр суусу Көкөмеренге куят. Чүй өрөөнүндө ири ирригациялык курулмалар - суу сактагычтар (Чөмүч плотинасы, Төмөнкү Ала-Арча ж. б.), каналдар (Чыгыш, Батыш ж-а Түш. Чоң Чүй) бар.

Топурак өсүмдүктөрү бийиктик алкактуулук б-ча ырааттуу таралган. Чүй, Кичи ж-а Чоң Кемин өрөөндөрүнүн түзөң бөлүктөрүндө, тоо этектериндеги тилкелерде боз ж-а ачык коңур топурактуу жарым чөл-кургак талаа алкагы басымдуу. Мында табигый өсүмдүктөрдөн шыбак-эфемердүү жарым-чөл, шыбак-дан өсүмдүктүү, бетеге-шыбактуу талаа саздуу шалбаа, камыш ж-а бадалдуу (чычырканак, бөрүкарагат, итмурун) жерлер кездешет. Тоо этектерин, жапыз ж-а орто бийиктеги тоо капталдарынын көп бөлүгүн коңур, кара ж-а каралжын, күрөң шалбаа топурактуу талаа ж-а токой-шалбаалуу талаа алкактары ээлейт. Тоо этектеринде негизинен бетегелүү ж-а түктүү буудайык, аркыл чөптүү талаа, андан жогору шалбаалуу талаа ж-а бийик тоо шалбаасы тараган. Күнгөйлөрүндө талаа өсүмдүктөрү, тескейлеринде шалбаа, бадал ж-а сейрек токой басымдуу. Тоо капталдарынын түн. экспозицияларында (1300 *м*ден жогору) бадалдар (итмурун, табылгы, бөрүкарагат ж. б. ) өсөт; токой да бар. Кыргыз Ала-Тоосунун капчыгайларында, Чоң Кемин өрөөнүндө карагай, арча, кайың, зараң, четин ж. б. өскөн токойлор кездешет. Суусамыр өрөөнүнүн көп бөлүгү коңур ж-а ачык коңур топурактуу келип, тоолуу талаа ландшафты (бетеге, түктүү буудайык, доңуз сырты, шыбак ж. б. өсүмдүктөр) мүнөздүү, 2400 *м* бийиктиктен жогору субальп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа башталып, өсүмдүктөрүнүн ар түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Альп шалбаасы 2800 *м* бийиктиктен башталып, доңуз сырты, ар кыл чөп өсөт. Субальп ж-а альп шалбааларында негизинен бетеге басымдуу; бадалдардан кодоо четин, итмурундун айрым түрлөрү, жапалак арча өсөт. 3600 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык алкак жатат.

**Калкы.** Чүй облусунда респ-нын калкынын 16,0%и жашайт (Бишкек ш-нын калкын кошпогондо). Калктын жайгашуусунун орт. жыштыгы кыйла жогору: 1 *км*² жерге 38 адам туура келет (респ-да бул көрсөткүч 24тү түзөт). Чүй өрөөнү аркылуу батыштан чыгышты карай өткөн Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы автомобиль ж-а темир жол магистралдарын бойлой калктуу айыл-кыштактар жыш жайгашкан.

Шаар калкы 143,0 миң (жалпы калктын 18,1%), калган 602,9 миңи (78,1%) айыл-кыштакта жашайт. Облустун калкы көп улуттуу: 46,3% кыргыздар, 29,6% орустар, 6,2% дунгандар, 2,8% украиндер, 2,3% казактар, 1,9% өзбектер,1,9% уйгурлар, 1,4% немистер, 7,6% калган улуттар. Шаарлары: Токмок (56,6 миң адам), Кара-Балта (43,6 миң), Кант (21,4 миң), Шопоков (8,9 миң); шаарчалары: Кемин (11,0 миң), Орловка (9,0 миң), Кайыңды (8,9 миң), Ак-Түз (0,9 миң), Борду (0,2 миң).

Чүй облусунда калктуу ири кыштактар арбын. Алар: Сокулук (22,6 миң адам), Беловодский (21,1 миң), Новопокровка (18,1 миң), Новопавловка (15,3 миң), Лебединовка (15,1 миң), Чүй (12,2 миң), Александровка (11,9 миң), Аламүдүн (11,3 миң), Ивановка (15,1 миң), Военно-Антоновка (10,8 миң), Ленин (10,1 миң), Төмөнкү Ала-Арча (9,3 миң), Ак-Суу (9,2 миң), Панфилов (8,3 миң) ж. б. Облустун жалпы калкынын 228,9 миңи (30,2%и) эмгек жашына жете элек жаштар, 436,9 миң (57,6%) эмгек жашындагылар, 92,3 миңи (12,2%и) эмгек жашынан өткөндөр. Эмгек жашындагылардын ичинен атайын каттоодон өткөн жумушсуздардын саны 2002-ж. облуста 9,4 миң адамды түзгөн. Облустун калкынын миграциясы: 2001-ж. келгендердин саны 2392, кеткендер - 15639 адам болгон. Миграциялык азайуу 13247 адамды түзгөн.

**Экономикасы.** Облустун экон-нын өнүгүшү базар экономика жагына багыт алды. Өндүрүш ж-а тейлөө ишканалары менчиктештирилип, мамл. монополиянын таасири төмөндөдү. Өндүрүштүк тармактык түзүлүшү өзгөрүп, атаандаштык өсө баштады.

Облуста 2002-ж. чарба жүргүзүүнүн базар экон-нын жаңы формадагы, статистикалык бирдиктин мамл. регистрине киргизилген ээлик кылуучу субъекттерден (юридикалык жактар) 5819 ишкана, уюм ж-а мекемелер катталган (а. и. иштегендери 2657). Бул ишканалар түрдүү менчикте болуп, экон-нын дээрлик бардык тармактарына тиешелүү. Мис., жогоруда белгиленген 5819 ишкананын 8,9% (иштеген ишканалардын 13,9%) мамл. менчикте, 4,7% (9,1%) коммуналык ж-а 86,4% (77,6%) жеке менчикке таандык. Ишканалардын түрлөрү б-ча 5819 (иштеген 2657 ишкананын) субъектин 4959 (2018) чакан, 567 (415) орто ж-а 293 (214) ири ишканаларга тиешелүү. 2002-ж. иштеген 2657 ишкананын 17,4%и ө. ж., 12,2%и курулуш, 25,7%и соода ж-а коомдук тамактануу, 8,0%и турмуш тиричилик жактан тейлөө, калган 23,1%и даярдоо, ремонттоо ж. б. социалдык жактан тейлөө багытында иштеген. Облус респ-дагы ө. ж. өнүккөн регион. 2001-ж. облуста жогоруда айтылган ө. ж-га тиешелүү ишканалардын ичинен 140 ө. ж. ишканасы өзүнчө балансада иштеп, анда 19,2 миң (респ-дагы жумушчулардын 22,4%и) адам эмгектенип, 2001-ж. 15786,9 миң сомдук (32,4%) продукция чыгарып, региондун ичинен 1-орунду алган. Өнөр жайдын негизги тармактары түстүү металлургия (ө. ж. продукциясынын 67,3%ин өндүрөт), тамак-аш (17,3%), курулуш материалдарын чыгаруу (6,2%), машина куруу (2,5%) ж-а жеңил ө. ж. (1,5%). Өнөр жай продукцияларынын ичинен тазартылган алтын (Кара-Балта), сейрек кездешүүчү түстүү металл (Ак-Түз, Орловка ж. б. ), кабель буюмдары (Кайыңды), айнектер, картон, кагаз, жүндөн токулган бут кийимдер (Токмок), шифер ж-а асбоцемент түтүктөрү (Кант), линолеум (Кемин шаарчасында), кумшекер (Кайыңды, Шопоков) облуска гана таандык. Булардан башка облуста электр энергия (Кемин, Аламүдүн р-ндору), цемент (Кант), байпак (Лебединовка), колбаса, сүт, ун, макарон, жашылча консервалары, жүзүм шараптары ж. б. чыгарылат.

*1-таблица*

**Өнөр жайда өндүрүлгөн негизги продукциялар**

| | Өлчөм бирдиги | 2001-ж. | 2002-ж. | 2002-ж. өндүрүлгөн прод-н респ-дагы үлүшү, % м-н |
|---|---|---|---|---|
| Эт ж-а эт азыктары | *тонна* | 481,2 | 490,1 | 21,6 |
| Мал майлары | *тонна* | 963,3 | 524,1 | 36,8 |
| Өсүмдүк майы | *тонна* | 374,4 | 311,4 | 3,3 |
| Колбаса | *тонна* | 421,3 | 409,3 | 62,9 |
| Сырдын бардык түрү | *тонна* | 530,9 | 561,0 | 26,6 |
| Сүт азыктары | миң *тонна* | 3,3 | 1,5 | 75 |
| Кондитердик азыктар | миң *тонна* | 1,8 | 2,9 | 50,9 |
| Кумшекер | миң *тонна* | 30,5 | 51,0 | 100,0 |
| Дан уну | миң *тонна* | 85,7 | 49,6 | 17,6 |
| Арак ж-а ликер | миң *литр* | 4072,0 | 7077,2 | 29,6 |
| Жүзүм виносу | миң *литр* | 873,0 | 1033,8 | 52,8 |
| Шампан | миң *литр* | 78,0 | 122,5 | 32,0 |
| Пиво | миң *литр* | 1292,0 | 2121,3 | 29,9 |
| Кездемелер | миң $м^2$ | - | 6,7 | 0,1 |
| Тор-байпак буюмдары | миң жуп | 1427,3 | 614,9 | 13,9 |
| Цемент | миң *тонна* | 466,5 | 532,8 | 100,0 |
| Шифер ж-а асбест цементтен | миң *тонна* | 213,4 | 224,0 | 100,0 |
| жасалган буюмдар | миң даана | 32,7 | 27,1 | 42,6 |
| Кыш | миң $м^2$ | 18,8 | - | - |
| Линолеум | миң $м^2$ | 15,2 | 1,5 | 1,9 |
| Бетондон жасалган курулуш буюмдары | | | | |
| Турак жайлардын электр жылыткычтары даана | даана | 7,0 | 208 | 9,9 |
| Эмерек | млн сом | 4,4 | 1,2 | 0,6 |
| Картон | *тонна* | 162,0 | 155,0 | 100,0 |
| Гигиеналык кагаздар | миң *т* | 1,6 | 1,8 | 100,0 |
| Келки айнек | миң $м^2$ | - | 5491,0 | 100,0 |

Облустун ө. ж-нда өлкөгө белгилүү эң ири ө. ж. ишканалары: Кара-Балтадагы тоокен комбинаты мамл. акционердик коому (2000-ж. облустун ө. ж-нын 60,0%тен көбүрөөк

продукциясын өндүргөн), «Кайынды-Кант» (763,1 млн сом), «Кант цемент-шифер комбинаты» (605,4 млн) акционердик коомдору, «Бакай» биргелешкен ишканасы (406,0 млн), Кара-Балта ш-ндагы «Авторемзавод» (120,0 млн), Москва р-ндагы «Аксүт» (82,8 млн), «Айнек» (76,5 млн), Кемин р-ндагы «Химия-металлургиялык комбинаты» (50,0 млн) акционердик коомдор ж. б.

Облустун экон-нда айыл чарба тармагы маанилүү орунду ээлейт. Айыл чарба өндүрүшү көп түрдүү менчикте. 2002-ж. 1 январында облуста 13 мамл. чарба, агрофирма, 25 акционердик коом, 94 коллективдүү дыйкан чарба бирикмеси, 40 кооператив ж-а 30 миңден ашык дыйкан чарбалары болгон. Айыл чарбасынын адистешкен негизги тармактары: дыйканчылыкта - дан эгиндерин, кант кызылчасын ж-а анын уругун, беде уругун, о. эле жашылча өстүрүү, мал чарбачылыгында - сүт багытындагы уй чарбасы, чочко ж-а канаттууларды асыроо. Облустун бардык формадагы айыл чарба ишканаларында 2001-ж. 143,5 миң адам эмгектенип (респ-нын а. ч-да иштеген калкынын 15,2%и), 14117 млн сомдук (29,5%), азык-түлүк өндүрүлгөн. Облустун жалпы аянтынын 65,6%и же 1324,4 миң *га* жери айыл чарбага пайдаланууга жарактуу жер (2002). Анын 421,1 миң *га*сы айдоо (айыл чарбага жарактуу жердин 31,8%и), 9,4 миң *га* мөмө-жемиш ж. б. дарактар (0,7%), 20,9 миң *га*сы чөп чабынды (1,6%), 872,6 миң *га*сы жайыт (65,9%). 2001-ж. облуста 387,0 миң *га* жерге эгин эгилип (респ-нын 32,1%), анын 221,4 миң гасын дан эгиндери (респ-дагы дан эгиндин 32,6%и), 20,5 миң *га*сын кант кызылчасы (91,1%), 12,3 миң *га*сын картөшкө (16,7%), 20,9 миң *га*сын жашылча (47,8%), 100,8 миң *га*сын тоют

*2-таблица*

**Айыл чарба тармагында өндүрүлгөн негизги продуктулар**

| | Өлчөм бирдиги | 2001-ж. | 2002-ж. | 2002-ж. өндүрүлгөн а. ч. продукциясынын респ-дагы үлүшү (% м-н) |
|---|---|---|---|---|
| Дан ж-а дан буурчак | миң *тонна* | 649,0 | 684,6 | 35,1 |
| Картөшкө | миң *тонна* | 192,6 | 189,3 | 15,2 |
| Жашылча | миң *тонна* | 345,9 | 325,3 | 39,3 |
| Кант кызылча | миң *тонна* | 235,7 | 428,3 | 81,7 |
| Эт (тирүүлөй салмакта) | миң *тонна* | 85,12 | 81,9 | 23,0 |
| Чийки сүт | миң *тонна* | 95,1 | 299,6 | 25,5 |
| Жумуртка | миң даана | 117,3 | 126,0 | 51,9 |
| Жүн | миң *тонна* | 1,0 | 1,0 | 8,6 |

өсүмдүктөрү (37,4%), калган 10,6 миң *га*сын коон, дарбыз, ашкабак ж-а май өсүмдүктөрү ээлеген. Дыйканчылыкта 2001-ж. 642,0 миң дан эгиндери, 255,7 миң *т* кант кызылчасы, 192,5 миң *т* картөшкө, 345,2 миң *т* жашылча, 41,6 миң *т* бакча азыктары, 25,0 миң *т* мөмө жемиш ж-а 5,9 миң *т* жүзүм даярдалган.

2001-ж. облустун бардык чарбаларында 193,2 миң уй (респ-дагы уйдун 20,0%и), 332,4 миң кой ж-а эчки (8,9%), 62,9 миң чочко (72,6%), 39,6 миң жылкы (11,2%), 1363,4 миң (42,0% үй кушу болуп, алардан 53,8 миң *т* союлган салмактагы эт (21,0%), 117,3 миң даана жумуртка (51,5%) өндүрүлгөн. Мал чарба азык-түлүктөрүн өндүрүүнүн негизин жеке менчик формасына тиешелүү болгон дыйкан фермер чарбалары ж-а калктын жеке чарбалары түзөт. Алардын үлүшү 2001-ж. эт өндүрүүдө 95,0%, сүт саап алууда 90,0%, жумуртка алууда 92,0% ж-а жүн кыркууда 98,9%ти түзгөн.

Чүй облусунда 270 *км* т. ж. (Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы) болгонуна карабастан, ички ж-а тышкы экон. байланыш түзүүдө автомобиль транспорту негизги орунда турат. Облус чегинде автомобиль жолунун жалпы уз. 3,4 миң *км* болуп, а. и. 3,0 миң *км*ине асфальт төшөлгөн. 2002-ж. автомбиль транспортунда 7,5 млн *т* жүк, 760,8 млн жүргүнчү

ташылган. Негизги автомобиль жолдору: Бишкек–Ош, Чалдыбар–Кара-Балта–Бишкек–Токмок–Балыкчы, Бишкек–Кара-Балта–Сосновка–Тунук (Суусамыр өрөөнү), Бишкек–Манас (аэропорт) – Камышановка, Бишкек–Алматы ж. б. Жүргүнчүлөрдү ташууда аба транспорту да маанилүү орунда; облустун чегинде жайгашкан «Манас» аэропортунан чет өлкөлөргө ж-а респ-нын ичиндеги 40ка жакын шаар ж-а айылдарга самолёт каттайт. Облустун батыш бөлүгүндөгү шаарларга ж-а калктуу ири айылдарга Мубарек–Бишкек–Алматы газ куурунун тармактары жеткирилген.

Облуста 2001-ж. 56 бала бакча иштеп, аларда 5,0 миңдей бала тарбияланган. Облуста 2001-ж. 20 мед. мекемелер иштеп, калктын 10 миң адамына 47 койка туура келип (Кырг-нда 66), 21 (28) доктор-дарыгер, 49 (71) орто медперсонал тейлеген. 2000/01-окуу жылында жогорку окуу жайында 1,4 миң студент окуп, 62 окутуучу иштеген. Облустун 7 атайын орто окуу жайында 3,7 миң окуучу окуп, 291 мугалим эмгектенген. 23 кесиптик-тех. окуу жайларында 4,9 миң окуучу болгон. 2000/01-окуу жылында облуста 313 жалпы билим берүүчү мектепте 155,9 миң бала окуп, 9,2 миң мугалим иштеген. Алардын ичинен 2 балдар үйү (245 орун), жетим же кароосуз калган балдар үчүн 5 жатак-мектеп (1645 орун) болгон. Алардан башка облуска 4 жеке менчиктеги жалпы тарбия берүүчү мектеп иштеп, анын үчөө орто, бирөө башталгыч мектеп болуп, аларда 671 бала окуган. Окуучулардын 39,9%и кыргыз, 60,0%и орус ж-а 0,1%и өзбек тилдеринде билим алышат. Чүй облусунда Шаршен атн. куудулдар театры, 44,3 миң орундуу 255 клуб ж-а маданият үйлөрү, 3191,75 миң нуска китеби бар 224 китепкана иштеген. Облустук 2 гезит (кыргызча, орусча), бир нече райондук гезиттер чыгат.


1991-ж. Чүй облустук телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу компаниясын ачуу жөнүндө чечим кабыл алынган. «Сары-Өзөн» информациялык-публицистикалык радиоуктуруу программасы биринчи жолу эфирге 1991-ж. 2-декабрда чыккан. Иш күндөрү 30 минутадан, жекшемби күндөрү 1 саат көркөм адабий-муз. берүү болот. Облуста жашаган башка улут өкүлдөрү үчүн жумасына 1 жолу (30 минута) берүү бар. 1993-жылдан облустук телекөрсөтүү программасы «Көз ирмемде Сарыөзөн» деген ат м-н чыккан. Жумасына жалпы респ. үчүн 30 минута (кыргыз тилинде) көрсөтүү болот.

Облустун жеринин табияты кооз, минералдуу ж-а жылуу сууларга бай. Алар дарылануучу ж-а дем алуучу жайларды, туризмди, о. эле эл аралык альпинизмди уюштурууга өтө ыңгайлуу. Алардын ичинен Ысык-Ата жылуу суу дарылануу үчүн, «Ала-Арча» улуттук табият паркы эс алуу ж-а альпинизм үчүн пайдаланууда. Булардан башка Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Аламүдүн, Кегети, Шамшы,Чоң Кемин ж. б. кооз капчыгайлар туристтер үчүн ыңгайлуу. Облустун чегинде эң байыркы археол. эстеликтер - таш доорунун Георгиевка дөбөсү, Аламүдүн тургун жайы, коло доорунун Кайыңды, Жайылма тургун жайлары, Сак-усун мезгилине таандык тургун жайлар (Кара-Балта), орто кылымдын археол. ж-а архит. эстеликтеринен Ашмара, Суйаб, Невакет, Баласагын, Ак-Бешим ж. б. шаар чалдыбарлары, о. эле түрк этносун чагылдырган балбалдар ж. б. сакталган.

*А. Актанова, Н. Бакиров, А. Мырзаев, М. Жакиева*

# РАЙОНДОРУ

**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик. 1940-ж. февралда уюшулуп, 1961-ж. Кант р-нуна кошулган, 1974-ж. 9-январда кайра өзүнчө район болгон. Район Чүй өрөөнүнүн ортоңку бөлүгүнөн, Бишкек ш-нын чет-жакасынан орун алып, түндүгүнөн Казакстан Респ., түштүгүнөн Жайыл (Суусамыр аркылуу), чыгышынан Чүй, батышынан Сокулук р-ндору м-н чектешет. Аянты 1439,3 *км²*. Калкы 148,0 миң (2009). Борбору – Лебединовка кыштагы (калкы 20,7 миң; 2009).




Жеринин көбү түзөң, Чүй, Байтик өрөөндөрүндө жайгашкан. Түштүк тарабында Кыргыз Ала-Тоосу (эң бийик чокусу Аламүдүн 4875 *м*) созулуп жатат. Райондун аймагы деңиз деңг. 700-4500 *м* бийиктикте. Кыргыз Ала-Тоосунун капталынан Ала-Арча ж-а Аламүдүн капчыгайлары орун алган. Район түндүктөн түштүккө карай 79 км, батыштан чыгышка 18 *км*ге созулат. Райондун чегинде минералдуу жылуу суу ж-а курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты континенттик, жайы ысык, июлдун орт. темп-расы 22-25°С, кышы мелүүн, январдыкы – 5.–15°С. Жылдык орт. жаан-чачыны 300-400 мм (анын 40 % жаз мезгилине туура келет). Тоолору мөңгүлүү, ирилери: Голубин, Адыгине, Кургактөр, Салык ж. б. Суулары Чүй д-нын алабына кирет; райондун аймагынан Аламүдүн (ири куймасы Чуңкурчак), Ала-Арча суулары агып өтөт. Мындан башка 33 майда суусу, 12 майда көлү бар. Аламүдүн суусунда бир, Ала-Арча суусунда 2 суу сактагыч курулган. Кыртышы негизинен боз, кара күрөң ж-а кара топурактуу. Райондун түзөң бөлүгү дээрлик айдоо аянтына айландырылган. Тоолуу бөлүгүнө ландшафттын бийиктик алкактуулугу мүнөздүү, тоолуу талаа ж-а тоолуу шалбаа өсүмдүктөрү басымдуу. Ала-Арчанын алабында карагай, арча токою бар. Анда (Бишкектен 30 *км* аралыкта) Ала-Арча улуттук табият паркы уюшулган.

Райондогу 148,0 миң адамдын (2009) 49,9%ин эркек, 50,1%ин аялдар түзөт. Калкынын бардыгы

**Райондун айыл-кыштактары**

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл өкмөтү) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетине чейинки аралык (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Аламүдүн | 1868 | Аламүдүн | 11324 | - | 6 |
| Арашан | 1924 | Арашан | 2800 | 25 | 23 |
| Арчалы | 1907 | Байтик | 1907 | 30 | 20 |
| Ат-Башы | 1910 | Грозды | 186 | 25 | 27 |
| Байгелди | 1930 | Байтик | 474 | 28 | 20 |
| Байтик | 1850 | Байтик | 2197 | 25 | 20 |
| Баш-Кара-Суу | 1930 | Байтик | 767 | 25 | 20 |
| Бирдик | 1931 | Грозды | 1227 | 28 | 30 |
| Беш-Күнгөй | 1898 | Таш-Мойнок | 2241 | 15 | 13 |
| Васильевка | 1903-05 | Васильевка | 2575 | 32 | 40 |
| Виноградный | 1910 | Васильевка | 2170 | 38 | 40 |
| Восток (Мазарсуу) | - | Лебединовка | 2997 | 2 | 7 |
| Грозды | 1933 | Грозды | 1749 | 25 | 27 |
| Горная Маевка | 1898 | Таш-Мойнок | 785 | 30 | 28 |
| Дачный | - | Лебединовка | 1249 | 5 | 10 |
| Заречный | 1938 | Таш-Дөбө | 565 | 20 | - |
| Кайырма | 1931 | Ак-Дөбө | 1169 | 18 | 20 |
| Кара-Жыгач | 1929 | Кара-Жыгач | 4869 | 26 | 25 |
| Кашка-Суу | 1928 | Байтик | 1081 | 25 | 15 |
| Кой-Таш | - | Таш-Мойнок | 1809 | 23 | 22 |
| Константиновка | 1930 | Ленин | 1026 | 21 | - |
| Көк-Жар | - | Көк-Жар | 3129 | 7 | 5 |
| Кызыл-Бирдик | - | Таш-Мойнок | 535 | 27 | - |
| Лебединовка | 1898 | Лебединовка | 15083 | - | - |
| Ленин | 1907 | Ленин | 10087 | 15 | - |
| Лесной | 1942 | Грозды | 93 | 27 | 29 |
| Лубяной | 1930 | Октябрь | 442 | 52 | 57 |
| Маевка | 1930 | Маевка | 7009 | 10 | 8 |
| Малиновка | 1938 | Таш-Дөбө | 320 | - | - |
| Молдовановка | - | Ак-Дөбө | 4718 | - | - |
| Мраморный | - | Ала-Арча | 1660 | 37 | 38 |
| Мыкан | 1921 | Ленин | 1088 | 12 | 14 |
| Озерный | 1956 | Пригородный | 1922 | 23 | 14 |
| Октябрь | 1923 | Октябрь | 4232 | 50 | 45 |
| Подгорный | - | Таш-Мойнок | 1348 | - | 7 |
| Полевой | - | Васильевка | 125 | 40 | 43 |
| Привольный | - | Васильевка | 82 | 40 | 43 |
| Пригородный | 1922 | Пригородный | 5465 | 11 | 7 |
| Подгорный | - | Таш-Мойнок | 1348 | - | - |
| Прохладный | - | Таш-Мойнок | 668 | 24 | 20 |
| Рассвет | - | Ала-Арча | 209 | 27 | 28 |
| Садовый | 1953 | Аламүдүн | 1047 | 9 | 12 |
| Степной | 1956 | Пригородный | 1659 | 16 | 11 |
| Татыр | 1924 | Арашан | 2800 | 32 | 30 |
| Таш-Дөбө | 1892 | Таш-Дөбө | 5494 | 25 | 20 |
| Таш-Мойнок | - | Таш-Мойнок | 362 | 20 | 18 |
| Төмөнкү Ала-Арча | 1940 | Төмөнкү Ала-Арча | 9332 | 8 | 10 |
| Чоң-Таш | 1930 | Таш-Дөбө | 689 | 34 | 19 |
| Чүй | 1930 | Октябрь | 429 | 36 | 40 |

айылда жашайт. Кыргыз (40%), орус (38,3%), уйгур (4,2%), украин (2,5%), казак (2,0%), немис (1,7 %), татар (1,6%), корей (1,1%) ж. б. улуттар. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 87 киши (облуста 38) туура келет. Жалпы калктын 28,9%и эмгек жашына (16 жашка) чейинкилер, 12,7%и эмгек жашынан өткөндөр, калган 58,7%ин эмгек жашындагылар түзөт. Эмгек курагындагы калктын (53,4%, 38,2 миң киши) 10,8 миңи а. ч-да, 4,3 миңи ө. ж-да, 2,5 миңи курулушта, 2,2 миңи транспортто ж-а байланышта, 5,6 миңи соодада, 4,4 саламаттыкты сактоодо ж-а билим берүүдө, 2,8 миңи башкарууда, калган 5,6 миңи калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө кызматтарында иштеген. Райондо 17 айыл өкмөтү, 49 кыштак бар. Райондун айыл-кыштактары жөнүндө к. таблицаны.

Башка райондорго салыштырганда ө. ж. ж-а а. ч. өнүккөн маанилүү райондордун бири. Эл чарбасында а. ч-нын үлүшү жогору. Мында дыйканчылык м-н мал чарбасынын респ-дагы бардык тармактары өнүккөн. Дыйканчылыктын башкы тармактары: дан чарбасы, тех. өсүмдүктөр, жашылча, багбанчылык ж-а жүзүм өстүрүү. Сугатка жараксыз тоо этектери м-н каптал жерлерде мөмө-жемиш бактары ж-а жүзүм өстүрүлүүдө. Айыл чарбага жарактуу 81,4 (2002) миң га жердин 35,2 миң *га*сы айдоо, 2,5 миң *га*сы бак-дарактар, 2,1 миң *га*сы чабынды, 40,9 миң *га*сы жайыт. 2001-ж. 24,5 миң уй (сааны 12,2 миң), 25,1 миң кой, эчки, 6,4 миң чочко, 3,4 миң жылкы, 181,3 миң үй кушу ж. б. болгон. Жылына 9,1 миң *т* эт (2002), 43,6 миң *т* сүт, 22,8 млн даана жумуртка, 77 *т* жүн даярдалып, 56,1 миң *т* дан, 18 миң *т* картөшкө, 53,1 миң *т* жашылча, 36,7 миң *т* кант кызылчасы жыйналган. 2001-ж. райондун чегинде 21 ө. ж. ишканасы (Аламүдүн тери ф-касы), монтаждык жасалгалар з-ду, эксперименттик ремонт-мех. з-ду, "Эдельвейс" акционердик коому, Аламүдүн тажрыйба-ремонт мех. з-ду, "Сууавтоматика" ж. б. бар. Аламүдүн ГЭСинин каскады (жалпы кубаттуулугу 29,8 миң *квт•С*) иштейт. Райондун ө. ж. ишканаларында 2002-ж. 1237,2 млн сомдук продукция чыгарылган. Райондо калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөчү беш комплекстүү кабыл алуу пункту, 10 мастерской ж. б. тейлөөчү ишканалар (тейлөөнүн 244 түрү) бар. Аларда калкка көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн көлөмү 99,6 миң сомду (2002) түзгөн.

Райондун аймагы аркылуу Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору, Ташкен (Өзбекстан) -Алматы (Казакстан) автомобиль жолдору өтөт. Райондо 2002-ж. автомобиль м-н 1,4 млн сомдук жүк (облустун 18,7%), 97,6 млн (12,6%) жүргүнчү ташылган.


Райондо 39 орто, 1 сегиз жылдык, 1 жатак мектеп, 42 бала бакча, 41 китепкана иштейт. Райондун чегинде ден соолукту калыбына келтирүүчү респ. оорукана ж-а санаторийлер (Таш-Дөбө айыл өкмөтүнүн жеринде), Чүй облустук борб. оорукана (Лебединовка кыш-нда), 5 айылдык участкалык оорукана, 7 айылдык бейтапкана, 27 фельдшер-акушердик пункт, Аламүдүн минералдуу жылуу суусунда ден соолукту чыңдоочу эс алуу комплекси, Чоңташ кышкы спорт базасы, туризмди, альпинизмди өнүктүрүүгө ылайыктуу кооз жерлери (Ала-Арча, Аламүдүн, Чуңкурчак капчыгайлары, Көгүчкөн-Сугат шаркыратмасы ж. б.) бар. «Аламүдүн кабарлары» аттуу гезит кыргыз ж-а орус тилдеринде чыгат.

*А. Актанова, А. Мырзаев.*

**ЖАЙЫЛ РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик (1993-ж. чейин Калинин району). 1927-ж. уюшулган. Чыгышынан Москва, батышынан Панфилов, түштүгүнөн Суусамыр өрөөнүндөгү Суусамыр ж-а Кожомкул айыл округдары, Нарын облусу, түш.-батышынан бир аз бөлүгү Талас облусу, түндүгүнөн Казакстан м-н чектешет. Аянты 3,2 миң *км*². Калкы 92,6 миң (2009), Кара-Балта ш-нын калкын кошкондо. Борбору – Кара-Балта шаары (калкы 37,8 миң; 2009).

Райондун аймагын негизинен Чүй өрөөнү (деңиз деңг. 500–1000 *м* бийиктикте) ж-а Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталы (эң бийик жери 4442 *м*) ж-а Суусамыр өрөөнүнүн эл отурукташкан түш. бөлүгү (2000-2400 *м*) ээлейт. Жери тоолуу, түздүктүү болуп бөлүнөт. Кен байлыктары: курулуш материалдар, минералдуу булактар. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы Чүй өрөөнүндө – 7,7°С, июлда 23,5°С, Суусамырда январдыкы –22,3°С, июлдуку 13,50С. Жылдык жаан-чачыны өрөөндө 430 *мм*, тоолордо 600–800 *мм*ге, Суусамыр өрөөнүндө 376 *мм*ге чейин. Ири суулары: Чүй, Кара-Балта, Суусамыр, Батыш Каракол. Капчыгайларындагы суу жээктеринде бөрү карагат, чычырканак, итмурун, тал, байтерек ж. б-дан турган бадалдуу токой, тоо капталдарында арча кездешет. Айдоо аянтына айлана элек айрым жерлеринде бетеге, шыбак өсөт. Өрөөндөрдө боз, тоо капталдарында кара күрөң ж-а кара, Суусамыр өрөнүндө коңур топурактар басымдуу.

Райондо 2009-ж. 92,6 миң адам болгон. Анын 37,8% шаарда (Кара-Балтада), калган 54,8% айылдарда жашайт. Жалпы калктын 47,4%ин эркектер, 56,2%ин аялдар түзөт. Негизинен кыргыз (48,3%), орус (38,9%), о. эле украин (5,6%), казак (2,2%), корей (1,9%), немис (1,9%) ж. б. улуттар жашайт. Калктын орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 30 адам




(облуста 38) туура келет. Жалпы калктын 30,5%и 16 жашка чейинки жаштар, 15,5%и эмгек жашынан өткөндөр, 54,0% (32,9 миң) эмгек курагындагылар. Эмгек курагындагылардын 32,6%и а. ч-да, 20,1%и ө. ж-да, 10,9%и соодада, 4,3%и транспорт ж-а байланышта, 3,9% курулушта, 11,9%и саламаттык сактоодо ж-а билим берүүдө ж. б. тармактарда эмгектенишет. Райондо 13 айыл округу, 36 кыштак бар. Райондун айыл-кыштактары жөнүндө к. төмөнкү таблицаны.

Ж. р. респ-дагы ө. ж. жакшы өнүккөн региондун бири. Уран ж-а алтын концентраттарын тазалоочу, кант, ун, нан, сүт, консерва, электртех. буюмдар, спирт, кийим тигүү ж. б. өнөр жай продукцияларын чыгаруучу ишканалары бар. Өнөр жай ишканалары негизинен Кара-Балта ш-нда («Кыргызалтын» акционердик коомунун «Афинаж» з-ду ж. б.) ж-а Сосновка кыш-нда (фетр буюмдарын жасоочу фабрика) жайгашкан. Райондо 2002-ж. 8,7 млрд сомдук (облустун 63,5%) ө. ж. продукциясы өндүрүлгөн. Айыл чарбага жарактуу 231,9 миң *га* жердин (облустагы а. ч-га жарактуу жердин 64,6%) 80 миң *га*сы айдоо аянты (а. и. сугат жери 38,4 миң *га*, кайрак жери 41,6 миң *га*), көп жылдык бак-дарак аянты 0,9 миң *га*, чабынды 1,2 миң *га*, жайыт 149,8 миң *га* (облустагы жайыттардын 17,2%и). Айдоо жерлерге дан эгиндери, тех. өсүмдүктөрү – кант кызылчасы, шалфей, ажгон, тоют өсүмдүктөрү, картөшкө ж-а бакча өсүмдүктөрү эгилет. 2002-ж. 22,5 миң уй, 54,6 миң кой-эчки, 7,9 миң жылкы, 15,6 миң чочко, 118,6 миң үй кушу болгон. Райондун а. ч-нда 2002-ж. мал чарба тармагында 12,4 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 31,7 миң *т* чийки сүт, 8,3 млн даана жумуртка, 146 *т* жүн өндүрүлүп, дыйканчылыктан 94,4 миң *т* дан эгиндери ж-а дан-буурчак, 17,6 миң *т* картөшкө, 15,7 миң *т* жашылча ж-а 42,2 миң *т* кант кызылчасы жыйналган.

Райондун аймагы аркылуу Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору, о. эле Бишкек–Ош (Төө-Ашуу тешкен тоосу аркылуу) жолдору өтөт. Райондун автомобиль

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборуна чейинки аралык (*км*) | Кара-Балта т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Айдарбек | 19-к. (аягы) | Ак-Башат | 606 | 11 | 11 |
| Алтын | 1920 | Сарыгоо | 952 | 16 | 16 |
| Ак-Башат | 19-к. | Ак-Башат | 838 | 6 | 6 |
| Алексеевка | 1901 | Жайыл | 6305 | 5 | 5 |
| Арал | 19-к. | Ак-Башат | 232 | 9 | 9 |
| Биринчи-Май | 1940 | Суусамыр | 609 | 119 | 119 |
| Бөксө-Жол | 1929 | Талды-Булак | 780 | 16 | 15 |
| Жайыл | 1930 | Жайыл | 1065 | 11 | 15 |
| Жекен | 1927 | Сарыгоо | 450 | 9 | 9 |
| Жоон-Арык | 1927 | Сарыгоо | 624 | 16 | 15 |
| Ийри-Суу | 1920 | Сарыгоо | 638 | 6 | 6 |
| Кайсар | 1950 | Суусамыр | 262 | 106 | 106 |
| Кайырма (Бекитай) | 1929 | Талды-Булак | 419 | 17 | 15 |
| Калдык | 1956 | Красновосточный | 485 | 15 | 15 |
| Калинин | 1927 | Красновосточный | 3583 | 1 | 3 |
| Кара-Дөбө | 1948 | Красновосточный | 667 | 30 | 30 |
| Каракол | 1950 | Кожомкул | 120 | 122 | 122 |
| Кара-Суу | - | Кара-Суу | 556 | 27 | 27 |
| Кожомкул | 1938 | Кожомкул | 932 | 120 | 120 |
| Кызыл-Дыйкан | 1930 | Кызыл-Дыйкан | 1002 | 25 | 25 |
| Кызыл-Ой | 1927 | Кожомкул | 831 | 154 | 154 |
| Малтабар | 1929 | Полтавка | 466 | 15 | 15 |
| Моңолдор | 1931 | Сары-Булак | 431 | 20 | 20 |
| Новониколаевка | 1902 | Ак-Башат | 7759 | 4 | 4 |
| Орто-Суу | 1938 | Полтавка | 984 | 12 | 12 |
| Петропавловка | 1902 | Кызыл-Дыйкан | 2188 | 8 | 8 |
| Полтавка | 1903 | Полтавка | 4194 | 7 | 7 |
| Ставрополовка | 1912 | Кара-Суу | 1154 | 20 | 20 |
| Сары-Булак | 1932 | Сары-Булак | 971 | 20 | 20 |
| Степной | 1937 | Степной | 1868 | 43 | 43 |
| Сосновка | 1912 | Сосновка | 5483 | 18 | 18 |
| Суусамыр | 1953 | Суусамыр | 2414 | 100 | 100 |
| Тунук | 1938 | Суусамыр | 570 | 100 | 100 |
| Федоровка | 1928 | Сарыгоо | 1374 | 5 | 5 |
| Эриктүү | 1922 | Сарыгоо | 635 | 12 | 12 |

транспорту м-н 2002-ж. 1,1 млн *т* жүк, 151,7 миң жүргүнчү ташылган. Райондо калкка көрсөтүүчү тейлөөлөрдүн жалпы көлөмү 261,7 млн сомду түзгөн (облустукунун 26,3%).

Райондо жалпы билим берүүчү 25 мектеп (а. и. 16сы орто, 5өө толук эмес орто, 4өө башталгыч мектеп), 32 китепкана, 25 клуб ж-а маданият үйлөрү иштеген. Саламаттыкты сактоодо 599 койка-орундуу 3 оорукана, 11 айылдык дарыгерлер бөлүмдөрү (участоктор) бар. Аларда 248 дарыгер, 854 кесиптик орто билимдүү мед. кызматкерлер эмгектенет. Райондо 10 миң адамга 24,8 дарыгер, 60 койка-орун туура келет. «Жаңы мезгил» («Новое время») аттуу газета кыргыз ж-а орус тилдеринде чыгат.

Райондун чегинде туризмди өнүктүрүүгө зор мүмкүнчүлүктөр бар. 6–15 к-га таандык тарыхый Шиш-Дөбө шаар чалдыбары, жаратылышы кооз Кара-Балта капчыгайы, Бишкек–Ош жолундагы Суусамыр жайлоосу, кыргыз элине белгилүү балбан – Кожомкул Каба уулунун (1888-1955-ж.) үй музейи ж. б. объектердин рекреациялык мааниси зор.

*Н. Бакиров, А. Актанова.*

**КАНТ РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик. Район 1933-ж. түзүлгөн; 1998-ж. Ысык-Ата р-ну менен биригип, *Ысык-Ата району* деп аталган.

**КЕМИН РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик. 1936-ж. уюшулган. Чоң Кемин, Кичи Кемин өрөөндөрүн, Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүн ээлейт. Түндүгүнөн Казакстан, батышынан Чүй р-ну, түштүгүнөн Нарын, түш.-чыгышынан Ысык-Көл облустары м-н чектешет. Аймагы батыштан чыгышка 170 *кмге*, түндүктөн түштүккө 13 *кмге* созулуп жатат. Аянты 3,5 миң $км^2$. Калкы 44,2 миң (2009). Борбору — Кемин шаарчасы (калкы 8,2 миң; 2009).




Райондун батышы түзөң (деңиз деңг. 1000–1600 *м* бийиктикте), чыгышы тоолуу. Түш.-батышында Окторкой тоосу, Байбиченин соорусу, Көк-Жар тоосу жайгашкан. Түн.-чыгышында Кичи ж-а Чоң Кемин өрөөндөрү, Кемин тоосу (бийикт. 3900 *м* чейин), Күнгөй Ала-Тоо (4770 *м*, Чоктал чокусу), Боом капчыгайы, түндүгүндө Иле Ала-Тоосу (Кемин чегиндеги эң бийик жери 4612 *м*, Аккум чокусу) бар. Райондун чыгышы Кемин – Челек тоо тоомуна барып такалат. Кен байлыктары сейрек кездешүүчү металлдар: коргошун, цинк (Ак-Түз), алтын (Камоотөр, Талды-Булак, Далпран), висмут (Кара-Булак), акиташ теги, мрамор, гранит ж. б. Климаты континенттик, кышы суугураак, жайы салкын. Январдын орт. темп-расы –5°...–10°С, июлдуку 17–18°С. Жылдык жаан-чачыны 300 *ммден* (өрөөндөрдө) 600–700 *ммге* (тоолордо) чейин. Тоолуу бөлүгүндө бийиктеген сайын климаты өзгөрөт. Ири суулары: Чүй, Чоң Кемин, Кичи Кемин, Бейшеке, Кызыл-Суу ж. б. Райондун түндүгүнөн Чоң Чүй каналы башталат. Ири көлдөрү: Чоң Көлтөр (уз. 600–700 *м*, туурасы 400–500 *м*), Жаңы-Көл, Кошкөл, Челек ж. б. Ландшафты бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт: жарым чөлдүү кургак талаа (1200–1900 *м*) токой, шалбаалуу талаа (1900–2100 *м*), токой, субальп (2600–3200 *м*), альп (3100–3900 *м*), гляциалдык-нивалдык (3800 *мден* жогору) алкактары. Дыйканчылык зоналары негизинен ачык күрөң, күрөң, кара күрөң топурактуу. Токой 37,2 миң *га* аянтты ээлейт. Райондо «Чоң Кемин» улуттук табият паркы уюшулган.

Калкынын көбү кыргыздар (райондун жалпы калкынын 70,2%и, 1999-ж.), андан тышкары орус, украин, казак, өзбек, дунган ж. б. 20дан ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 15 (облуста 38) киши туура келет. Калкынын 40,3%и (21,1 миң) шаардыктар, 59,7%и (31,2 миң) элеттиктер. Эмгектенген (35,2% же 18,7 миң адам) калктын 11,9 миңи а. ч-да, 6,6 миңи ө. ж-да иштейт. Райондо 10 айыл округу бар. Райондун айыл-кыштактары жөнүндө к. таблицаны.

Райондун чарбасынын негизги тармагы – айыл чарба. Негизинен мал чарбасына (уяң ж-а чала уяң жүндүү кой, сүт-эт багытында уй ж. б.) адистешкен. Жылкы чарбасы – мал чарбасынын кошумча тармагы. Райондо 10 ирилештирилген а. ч. кооперативи, 34 бирикме дыйкан чарбалары, 1800 майда жеке дыйкан чарбалары бар. 2001-ж. 12,1 миң уй (сааны 6,9 миң), 34,4 миң кой-эчки, 1,9 миң чочко, 6,3 миң жылкы болгон; 5,1 миң *т* эт,

**Райондун айыл-кыштактары**

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы *(км)* | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы *(км)* |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Бекет | 1912 | Кызыл-Октябрь | 863 | 2 | 2 |
| Алмалы | 1929 | Алмалы | 807 | 27 | 27 |
| Алтымыш | - | Кара-Булак | 395 | 15 | 15 |
| Бейшеке | 1885 | Кара-Булак | 875 | 21 | 21 |
| Борду | 1929 | Алмалы | 434 | 25 | 25 |
| Боролдой | 1912 | Боролдой | 2731 | 18 | 18 |
| Дорожный | 1954 | Кызыл-Октябрь | 156 | 12 | 12 |
| Жаңы-Алыш | 1922 | Жаңы-Алыш | 2014 | 7 | 7 |
| Жаңы-Жол | - | Ильич | 220 | 24 | 24 |
| Желарык (Желаргы) | 1942 | Кызыл-Октябрь | 290 | 18 | 18 |
| Ильич | - | Ильич | 1207 | 27 | 27 |
| Кайыңды | 1924 | Көк-Ойрок | 1283 | 60 | 60 |
| Калмак-Ашуу | 1923 | Чоң Кемин | 535 | 36 | 36 |
| Кара-Булак | 1870 | Кара-Булак | 815 | 14 | 14 |
| Кароол-Дөбө | 1924 | Көк-Ойрок | 895 | 50 | 50 |
| Кашкелең | - | Кызыл-Октябрь | 836 | 2 | 2 |
| Кичи Кемин | 1930 | Кичи Кемин | 2503 | 20 | 20 |
| Кызкыя | 1943 | Кызыл-Октябрь | 51 | 30 | 30 |
| Кызыл-Байрак (Төрткүл) | 1930 | Чоң Кемин | 273 | 33 | 33 |
| Кызыл-Октябрь (Атабаев) | 1928 | Кызыл-Октябрь | 1417 | 4 | 4 |
| Кызыл-Суу | 1929 | Алмалы | 1489 | 20 | 20 |
| Новомихайловка | 1890 | Чым-Коргон | 329 | 15 | 15 |
| Самансур | 1900 | Чым-Коргон | 718 | 18 | 18 |
| Сасык-Булак | 1933 | Кызыл-Октябрь | 81 | 6 | 6 |
| Совет (Желбулак) | 1930 | Ильич | 804 | 26 | 26 |
| Тар-Суу | 1929 | Чоң Кемин | 508 | 34 | 34 |
| Тегирменти | 1924 | Көк-Ойрок | 1290 | 63 | 63 |
| Төрткүл | - | Чоң Кемин | 407 | 35 | 35 |
| Ударник | 1939 | Кызыл-Октябрь | 203 | 10 | 10 |
| Чолок | 1940 | Кызыл-Октябрь | 71 | 20 | 3 |
| Чүй | - | Кара-Булак | 344 | 15 | 15 |
| Чым-Коргон | 1890 | Чым-Коргон | 3909 | 15 | 15 |
| Шабдан, Новороссийка, Кашка-Жол | 1912 | Чоң Кемин | 2549 | 37 | 37 |

14,3 миң *т* сүт, 3,1 млн даана жумуртка, 88 *т* жүн алынган. Р-ндун а. ч-га жарактуу жери 205 миң га (2002), анын 28,1 миң *га*сы айдоо жер, 6,2 миң *га*сы табигый чабынды, 173,6 миң *га* жайыт ж. б. Дан эгиндери (12000 *га*), тоют өсүмдүктөрү (12700 *га*), картөшкө (900 *га*) ж. б. эгилет. 2002-ж. эгиндин дүң жыйымы 42,4 миң *т*, картөшкөнүкү 41,5 миң *т*, жашылчаныкы 2,7 миң *т* ж-а кант кызылчасыныкы 71,8 миң *т* болгон. Кемин р-нунда 9 ө. ж. ишканасы бар. Алардын ирилери: Кыргызтоо металлургия комбинаты, Кемин линолеум, акиташ заводдору ж. б. Райондун аймагы аркылуу Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору өтүп, Кемин–Жел-Арык, Кыз-Күйөө т. ж. бекеттери иштейт. Райондо 2002-ж. 63,7 миң сомдук ө. ж. продукциясы өндүрүлүп, автомобиль транспорту м-н 227,0 миң *т* жүк, 9,4 млн жүргүнчү ташылган.

Райондо 30 жалпы билим берүүчү орто мектеп, 33 бала бакча, 2 кесиптик-тех. окуу жайы, райондук борборлоштурулган китепкана, анын 30 филиалы, 22 клубдук мекемелери бар. Алты оорукана ж-а 7 бейтапканада 108 дарыгер, 358 мед. орто билимдүү кызматкер иштейт. Райондун 10 миң калкына 20,3 (облуста 21,3) дарыгер ж-а 69,2 (61,4) койка туура келет. Райондун айылдарында 6 базар (анын бирөө мал базар) бар. «Эмгек жарчысы» аттуу гезит чыгып турат. Райондун Чоң Кемин өрөөнү, анын Көгойрок жайлоосу, Боом ж. б. капчыгайлары кооз; туризм, о. эле альпинизмди өнүктүрүүгө зор мүмкүнчүлүктөр бар.

*А. Актанова, А. Мырзаев.*




**МОСКВА РАЙОНУ** – Чүй облусунун батыш бөлүгүндөгү адм.-айм. бирдик. 1965-ж. уюшулган. 1965-90-ж. респ-га баш ийген. Түндүгүнөн Казакстан Респ., түштүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосунун кыры аркылуу Панфилов р-нунун Суусамыр жак бөлүгү, батышынан Жайыл, чыгышынан Сокулук р-ндору м-н чектешип, ичке тилке түрүндө түндүктөн түштүктү карай созулуп жатат. Аянты 1,5 миң *км*$^2$. Калкы 81,7 миң (2002-ж.). Борбору – Беловодский кыштагы (калкы 21,3 миң; 2009).

Район Чүй өрөөнүнүн Кырг-нга тиешелүү бөлүгүнүн батыш жагында жайгашкан. Түн. бөлүгү Чүй д-нын жээгинен (бийикт. 596 *м*) башталып, түштүктө Кыргыз Ала-Тоосунун (бийикт. 3000 *м*) кырынан бүтөт. Жеринин жарымын Кыргыз Ала-Тоосу ж-а анын адырлары ээлейт. Түн. тарабы түзөң. Кен байлыктарынан курулуш материалдары, минералдуу суу к. *Ак-Суу (Жарташ) минералдуу суулары* бар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –5°...–9°С, июлдуку 20–25°С. Жылдык жаан-чачыны 500 *мм*. Топурак өсүмдүктөрү бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Аймагынан Ак-Суу суусу агып өтөт. Алабында жалпы аянты 4,21 *км*$^2$ге жеткен 77 майда көл бар. Түзөң бөлүгү ж-а тоо этегиндеги адырлары боз топурактуу келип, талаа өсүмдүктөрү (шыбак, эрмен, ыраң ж. б. ) өсөт. Тоо этектериндеги адырлардан баштап, 1500 *м* бийиктикке чейин шалбаа, андан жогору альп ж-а субальп өсүмдүктөрү, тоо чокуларында кар, мөңгү жатат. Тоо капталдарынын тескейинде сейрек арча өсөт.

Райондун аймагында облустун калкынын 10,8%и жашайт. Анын 50,4%и эркектер, 49,6%и аялдар. Калктын дээрлик бардыгы элеттиктер. Кыргыз (жалпы калктын 33,6%ин түзөт) , орус (33,1%), дуңган (16,1%), украин (6,1%), өзбек (2,1%), казак (1,3%) ж. б. улуттар бар. Калктын орт. жыштыгы: 1 *км*$^2$ жерге 54 киши (облуста 38) туура келет. Райондун жалпы калкынын 32,6%и 16 жашка чейинкилер, 12,8%и эмгек жашынан өткөндөр, 54,6%и эмгек жашындагылар. Эмгек жашындагылардын 68,8%и (31,3 миңи) райондун экон-нын реалдык ж-а социалдык секторлорунда а. ч-да (61,7%), ө. ж. ишканаларында (9,3%), соодада (5,4%), билим берүүдө (5,8%), саламаттык сактоодо (3,8%), транспорт ж-а байланышта ж. б. тармактарда (3,2%) иштейт. Райондо 12 айыл округу, 28 кыштак бар. Айыл кыштактар жөнүндө маалыматтар төмөнкү таблицада берилди.

Райондун а. ч. ж-а ө. ж. Чүй облусунун экономикасында маанилүү орунду ээлейт. Айыл чарбасынын негизги тармагы - дыйканчылык. Айыл чарбага жарактуу жери 104,7 миң *га*, анын 59,1 миңи айдоо, 1,2 миңи чабынды, 43,4 миңи жайыт. Айдоо аянтын-

Райондун айыл-кыштактары

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-аймбаш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Башат | - | Ак-Суу | 723 | 22 | 22 |
| Ак-Торпок | - | Ак-Суу | 349 | 10 | 10 |
| Ак-Суу | 1867 | Биринчи-Май | 9197 | 5 | 5 |
| Александровка | 1882 | Александровка | 11707 | 8 | 8 |
| Аң-Арык | 1923 | Предтеченка | 501 | 14 | 17 |
| Ак-Сөөк | 1929 | Чапаев | 315 | 22 | 22 |
| Балаайылча | - | Ак-Суу | 908 | - | - |
| Беловодск | 1967 | Беловодск | 21139 | 40 (Бишкек) | 3 |
| Беш-Өрүк | 1925 | Александровка | 1267 | 16 | 16 |
| Беш-Терек | 1973 | Беш-Терек | 1011 | 40 | 40 |
| Большевик | - | Сретенка | 304 | 10 | 12 |
| Заводской | - | Петровка | 1769 | 3 | 3 |
| Заря (Жуков) | 1959 | Сретенка | 632 | 9 | 11 |
| Кепер-Арык | - | Ак-Суу | 638 | 20 | 17 |
| Кош-Дөбө | - | Беловодск | 1124 | 3 | 6 |
| Крупской | 1950 | Александровка | 1635 | 15 | 15 |
| Кыз-Моло | - | Целинный | 1285 | 35 | 35 |
| Кызыл-Туу | 1902 | Петровка | 353 | 9 | 9 |
| Маловодный | 1929 | Чапаев | 494 | 40 | 40 |
| Мураке | - | Ак-Суу | 597 | 13 | 13 |
| Петровка | 1894 | Петровка | 8853 | 5 | 5 |
| Предтеченка | 1914 | Предтеченка | 1477 | 16 | 16 |
| Садовой | 1908 | Садовой | 8592 | 6 | 6 |
| Спартак | 1984 | Чапаев | 1344 | 25 | 25 |
| Сретенка | 1905 | Сретенка | 3649 | 17 | 17 |
| Төлөк | - | Төлөк | 950 | 40 | 40 |
| Төмөн-Суу | - | Ак-Суу | 1677 | 18 | 18 |
| Чоң-Арык | - | Ак-Суу | 1118 | 8 | 8 |

да дан эгин, кант кызылчасы (урук үчүн дагы), жашылча, тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. 1,0 миң *га* жерди мөмө-жемиш бактары, 2,3 миң *га*ны токой ээлейт. Район б-ча 2,5 миң *га* жер дыйкан чарбаларына, а. ч. кичи ишканаларына, кооперативдерине берилген. 2000-ж. 29,5 миң уй (а. и. сааны 13,5 миң), 45,9 миң кой, 26,8 миң чочко, 5,9 миң жылкы болгон. Райондо 2002-ж. дыйканчылыктан 1000,0 *т* дан эгиндери ж-а дан буурчак 16,3 миң *т* картөшкө, 60 миң *т* жашылча, 35,7 миң *т* кант кызылчасы жыйналган болсо, мал чарбасынан 11,3 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 41,3 миң *т* чийки сүт, 13,1 млн даана жумуртка ж-а 105 *т* жүн өндүрүлгөн. Райондун ө. ж. тармагында кант, минералдуу суу, пиво, нан, май-быштак, крахмал-патока ж. б. продукцияларды чыгарган 19 ишкана болгон. Алардан башка дээрлик бардык айылдарда ун тартуучу чакан тегирмендер ж-а өсүмдүк майын чыгаруучу цехтер иштейт.

Райондун аймагынан Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору өтүп, ал региондун экон-нын өнүгүшүндө, айрыкча транспорт тармагында зор мааниге ээ. Райондо 2002-ж. автомобиль транспортунда 793,1 миң *т* жүк, 55,7 млн жүргүнчү ташылган. Райондун калкын турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү ишканалардын элге көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн көлөмү 80,0 млн сом болгон (2002).

Райондо 2001/02-окуу жылында 25 орто мектеп, 2 атайын балдар мектеби, 4 кесиптик-тех. окуу жайы, 21 китепкана болгон. 29 клуб ж-а маданият үйлөрү, 11 оорукана, 11 медпункт, 4 амбулатория ж-а бир нече дарыканалар бар. Райондун мед. мекемелеринде 160 дарыгер, 544 медсестралар иштешип, 555 койка орун болгон. Райондун 10 миң адамына эсептегенде 19 дарыгер, 65 медсестра ж-а 66 койка орун туура келет. Райондук «Айыл жарчылыгы» ("Сельская Новь") аттуу гезит кыргыз ж-а орус тилдеринде чыгат. Райондо 50дөн ашык (а. и. 9 археол., 18 тарых, 22 искусство ж-а архит.) эстелик бар.

*Н. Бакиров*, *А. Актанова.*




**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм.бирдик. 1977-ж. Жайыл р-нунан бөлүнгөн. 1990-ж. чейин респ-га түз баш ийген. Райондун жери Чүй ж-а Суусамыр тарап болуп экиге бөлүнүп турат. Чүй бөлүгү чыгышынан Жайыл р-ну, түштүгүнүн бир аз жери Талас облусу, түндүгүнөн ж-а батышынан Казакстан, Суусамыр жак бөлүгү түндүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосу аркылуу Жайыл, Москва, Сокулук, Аламүдүн р-ндору, чыгышынан Нарын, түш.-батышынан Жалал-Абад, батышы ж-а түн.-батышынан Талас облустары м-н чектешет. Аянты 5,0 миң *км*². Калкы 39,9 миң (2009). Борбору – Кайынды шаарчасы (7,5 миң; 2009).

Жери 3 бөлүктөн турат. Түндүгүн Чүй өрөөнү (деңиз денг. бийикт. 600–1100 *м*), түштүгүн Суусамыр өрөөнү (2000–3200 *м*, б. а. батышы Алабел ашуусунда 3184 *м*ге, чыгышында Каракол ашуусунда 3452 *м*ге чейин бийиктейт), алардын ортосун Кыргыз Ала-Тоосу (эң бийик жери 4416 *м*) ээлейт. Курулуш материалдарынын кендери, минералдуу суу булактары бар. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы Чүй өрөөнүндө –5…–15°С, июлдуку 22–25°С. Суусамыр өрөөнүндө январда –22°С, июлда 13°С. Жылдык жаан-чачыны Чүй өрөөнүндө 500–600 *мм*, тоолордо 300–350 *мм*. Райондун аймагынан Батыш Каракол, Суусамыр, Ашпара (Аспара), Кайыңды суулары ж-а алардын куймалары агат. Өрөөндөрдө боз, тоо капталдарында кара күрөң ж-а кара топурактар басымдуу. Тоолордо ж-а Суусамырда коңур топуракта тоолуу шалбаа, субальп шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өсөт. Тоо капчыгайларынын суу жээктеринде тал, байтерек, бадалдуу токой, тоонун түн. капталдарында арча кездешет. Калкынын 19,1%и райондун борбору Кайыңды шаарчасында жашайт. Жалпы калктын 49,2%и эркектер ж-а 50,8%и аялдар. Көбү кыргыздар (жалпы калктын 51,3%ин түзөт) ж-а орустар (29,5%), о. эле украин (5,5%), казак (3,6%), немис (2,0%), түрк (1,8%), өзбек (1,8%), тажик (1,4%), татар (1,0%) ж. б. улуттар бар. Орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 9 гана адам (облуста 38) туура келет. Жалпы калктын 33,4%ин жаштар (16 жашка чейинкилер), 13,2%ин эмгек курагынан өткөндөр, 53,4%ин эмгек курагындагылар түзөт. Эмгекке жарамдуу калктын 75,7%и (18,4 миң адам) райондун түрдүү чарбаларында, а. и. а. ч-да 11,9 миң (иштегендердин 64,7%и), 1,6 миңи (8,7%) өнөр жайында, 1,5 миңи (8,2%) саламаттык сактоодо ж-а билим берүү мекемелеринде, о. эле курулушта (235 адам), транспорт ж-а байланышта (417), соодада (606), калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөдө (463) ж. б. тармактарда эмгектенет. Райондо 6 айыл округу, бир шаарча округу, Кайыңды шаарчасы, 20 кыштак бар. Райондун айыл-кыштактары жөнүндө к. таблицаны.

Райондун а. ч-нын башкы тармактары дыйканчылык ж-а мал чарбасы. Айыл чарбага жарактуу жери 324,6 миң *га*, а. и. айдоо жер 50,3 миң *га*, жайыт 273,8 миң *га*. Айдоого дан эгиндери ж-а дан буурчак, жүгөрү, тех. өсүмдүктөр, тоют өсүмдүктөрү, шалфей ж. б. эгилет. 2000-ж. 24,4 миң уй (а. и. сааны 8,01 миң), 29,7 миң кой-эчки, 4,1 миң жылкы, 8,4 миң чочко, 67,8 миң үй кушу болгон. 2002-ж. 62,7 миң т дан эгиндери ж-а дан буурчак, 13,5 миң *т* картөшкө, 12,0 миң *т* жашылча, 70,9 миң *т* кант

Райондун айыл - кыштактары

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан чейинки аралык (км) | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы (км) |
|---|---|---|---|---|---|
| Букара | 1929 | Орто | 1088 | 21 | 21 |
| Вознесеновка | 1875 | Вознесеновка | 3896 | 18 | 11 |
| Жайылма | 1936 | Панфилов | 984 | 6 | 6 |
| Киров | 1910 | Күрпүлдөк | 849 | 8 | 8 |
| Күрпүлдөк | 1910 | Күрпүлдөк | 1424 | 13 | 13 |
| Кум-Арык | 1932 | Орто | 1616 | 19 | 19 |
| Озерный | 1932 | Чалдыбар | 354 | 22 | 22 |
| Ойронду | 1931 | Чалдыбар | 459 | 25 | 25 |
| Октябрь (Комсомол) | 1934 | Чалдыбар | 1546 | 27 | 27 |
| Орто-Арык | - | Панфилов | 871 | 18 | 18 |
| Орто-Кайырма | - | Вознесеновка | 953 | 36 | 36 |
| Панфилов | 1884 | Панфилов | 8266 | 7 | 7 |
| Первомай | 1933 | Чалдыбар | 1546 | 19 | 19 |
| Ровный | 1915 | Күрпүлдөк | 1071 | 19 | 19 |
| Тельман | 1924 | Орто | 1362 | 14 | 14 |
| Чалдыбар | 1872 | Фрунзе | 7907 | 19 | 19 |
| Чолок-Арык | 1865 | Фрунзе | 537 | 28 | 28 |
| Чорголу | 1860 | Фрунзе | 346 | 20 | 20 |
| Эркин-Сай | 1928 | Вознесеновка | 700 | 30 | 25 |
| Эфиронос | - | Панфилов | 746 | 7 | 7 |

кызылчасы жыйналып, мал чарбачылыгында 5,8 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 19,5 миң *т* чийки сүт, 5,6 млн даана жумуртка, 91 *т* жүн өндүрүлгөн. Райондогу 8 ө. ж. ишканасынын ичинен ирилери: «Кайындыкант», «Кыргызкабель» акционердик коомдору, жыгаччылык, аглоприт жасап чыгаруучу, темир-бетон жасалгалар ишканалары, тигүү фабрикасы ж. б. Алардан башка ири айыл-кыштактарда ун тартуучу тегирмендер, өсүмдүк майын тартуучу чакан ишканалар бар. Өнөр жай ишканалары 2002-ж. 387,2 млн сомдук продукция чыгарган. Өндүрүлгөн продукциялардын көбү (айрыкча кумшекер, электр тогун өткөрүүчү зымдар ж. б.) башка облустарга, о. эле чет өлкөлөргө сатылат.

Райондун аймагынан Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомбиль жолдору, Суусамыр аркылуу Бишкек–Ош жолу өтөт. Кайыңды шаарчасынын т. ж. бекети катары мааниси чоң. Райондун автомобиль транспорту м-н 348,4 млн *т* жүк, 17,6 млн жүргүнчү ташылган. Ал эми райондун тейлөө тармактарынын ишканаларынын калкка көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн көлөмү 36,0 млн сомду түзгөн.

Райондо 26 жалпы билим берүүчү мектеп, а. и. 3 жатак мектеп, 2 толук эмес орто мектеп, 27 бала бакча, 8 китепкана, 11 клуб ж-а маданият үйлөрү, 5 оорукана, бейтапкана, 11 фельдшердик-акушердик пункт бар. Мед. мекемелерде 230 койка-орун болуп, 73 дарыгер, 390 кесиптик орто билимдүү мед. кызматкер иштеген. Райондун 10 миң адамына 50,4 койка-орун ж-а 16 дарыгер туура келет. Райондун аймагында тарыхый эстеликтерден Суусамыр (10-12-к.), Чалдыбар шаар урандылары белгилүү. Райондо туризмдин айрым тармактарын (айрыкча жайлоо, аңчылык) өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөр бар.

*А. Актанова, Н. Бакиров.*

**СОКУЛУК РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик. Батышынан Москва, чыгышынан Аламүдүн р-ндору ж-а Бишкек ш., түндүгүнөн Казакстан, түштүгүнөн Кыргыз Ала-Тоосунун кыры аркылуу Панфилов р-нунун Суусамыр өрөөнү жак бөлүгү м-н чектешет. Аянты 2,0 миң *км*². Калкы 159,2 миң. Борбору — Сокулук кыш. (калкы 12 миң; 2009).

Район Чүй өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө жайгашып, түндүктөн түштүктү карай ичке кууш болуп (уз. 100 *км*ге, туурасы 35–40 *км*ге чейин) созулат. Түндүктө Чүй д-нын (деңиз деңг. бийикт. 560 *м*) жээгинен башталып, Кыргыз Ала-Тоосунан бүтөт (к. *Сокулук капчыгайы*). Жеринин көбү түзөң (түн. жагы). Түштүгүн Кыргыз Ала-Тоосу ж-а анын адырлары ээлейт. Деңиз деңг. 1100–3000 *м* бийиктикте жатат. Курулуш материалдары-




нын кендери бар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –6,1…–4–14,5°С, июлдуку 22–25°С. Жылдык жаан-чачыны 450–500 *мм.* Суулары Чүй д-нын алабына кирет; ирилери: Сокулук, Жыламыш ж. б. Кыртышы боз, кара күрөң ж-а кара топурактуу. Райондун түзөң бөлүгү дээрлик айдоого айланган. Тоо капталдарында талаа, тоолуу шалбаа өсүмдүктөрү, бадал, арча, карагай өсөт.

Райондо облустун калкынын 17,7%и жашайт. Анын 48,9%и эркектер, 51,1%и аялдар. Райондун чегинде калк салыштырмалуу жыш отурукташкан. Анын орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 67 киши (облуста 38) туура келет. Калктын көбү (93,4%) элетте, 6,6%и Шопоков ш-нда, о. эле кыргыз (41,3%), орус (34,6%), казак (3,9%), түрк (3,4%), украин (2,7%), немис (2,5%) ж. б. улуттар жашайт. Райондун жалпы калкынын 33,4%ин эмгек курагына жете элек жаштар (16 жашка чейинкилер), 11,0% эмгек жашынан өткөндөр ж-а 55,6%ин эмгек жашындагылар түзөт. Эмгек жашындагылардын 64,3%и же 48,7 миң адам райондун экон-нын түрдүү тармактарында эмгектенет. Алардын 46,8%и а. ч-да, 8,0%и ө. ж-да, 10,5%и соодада, 4,7%и курулушта, 6,8%и транспорт ж-а байланышта, 9,4%и саламаттык сактоо ж-а билим берүүдө, 6,4%и калкты тейлөө тармактарында иштеген. Райондо 19 айыл ж-а 1 шаар округдары, 67 кыштак, 1 шаар (Шопоков) бар. Айыл-кыштактар жөнүндө маалыматтар таблицада берилди.

С. р. облустагы экон. ж-а социалдык жактан өнүккөн райондордун бири. Айыл чарбасы кант кызылчасын, дан эгин, картөшкө, жашылча-жемиш өстүрүүгө; жүн, сүт, эт (айрыкча куш эти) алууга адистешкен. Айыл чарбага жарактуу 144,9 миң *га* жердин 79,5 миң *га*сы айдоо жер (а. и. 49,0 миң *га*сы сугат жер), 60,4 миң *га*сы жайыт, 4,1 миң *га*сы чабынды, айдоого дан эгин, картөшкө, тоют өсүмдүктөрү, кант кызылчасы өстүрүлөт. 2000-ж. 41,0 миң уй (сааны 22,3 миң), 85,1 миң кой-эчки, 5,7 миң жылкы, 14,6 миң чочко, 304 миң үй кушу болгон. Дыйканчылыкта 2002-ж. 154,6 миң *т* дан эгиндери ж-а дан буурчак, 37,2 миң *т* картөшкө, 78,6 миң *т* жашылча, 70,2 миң *т* кант кызылчасы жыйналып, мал чарбачылыгында 17,3 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 69,1 миң *т* чийки сүт, 43,2 млн даана жумуртка, 301 *т* жүн өндүрүлгөн. Райондогу 8 ө. ж. ишканасы соода мекемелери үчүн машиналарды, ашканалар үчүн ар түрдүү буюмдарды, газ плиталарын, металл буюмдарын, кант, нан, ун, сүт, бут кийим, тигилүү кийимдер, курулуш-фарфорлорду ж. б. ө. ж. товарларын чыгарат. Ошондой эле райондун ири айыл-кыштактарында калктын күнүмдүк керектөөлөрүн камсыздоочу ар түрдүү ө. ж. продукцияларын даярдоочу жеке менчик чакан ишканалар иштейт. Район 2002-ж. 897,1 млн сомдук ө. ж. продукциясын чыгарган.

**Райондун айыл-кыштактары**

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы *(км)* | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы *(км)* |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Жол | - | Ат-Башы | 2319 | 30 | 30 |
| Ак-Кашат | 1933 | Жаңы-Пахта | 2344 | 35 | 33 |
| Асылбаш | 1924 | Асылбаш | 1959 | 20 | 12 |
| Арал (жакынкы) | - | Крупская | 975 | 4 | 6 |
| Арал (четки) | - | Крупская | 332 | 7 | 9 |
| Белек | 1936 | Кайназарова | 959 | 6 | 5 |
| Биринчи Май | - | Крупская | 916 | 5 | 4 |
| Бөрүлү | 1912 | Таш-Булак | 217 | 28 | 30 |
| Верхневосточный | 1933 | Жаңы-Жер | 346 | 76 | 74 |
| Военно-Антоновка | 1913 | Военно-Антоновка | 10772 | 15 | 7 |
| Гавриловка | 1812 | Гавриловка | 2559 | 6 | 3 |
| Достук | 1978 | Күн-Туу | 257 | 22 | 19 |
| Жал | 1868 | Орок | 1860 | 35 | 9 |
| Жаңы-Жер | 1932 | Жаңы-Жер | 4774 | 79 | 77 |
| Жаңы-Пахта | 1933 | Жаңы-Пахта | 2344 | 35 | 33 |
| Жогорку Орок | 1960 | Орок | 552 | 36 | 10 |
| Жыламыш | - | Гавриловка | 1297 | - | - |
| Западный | 1933 | Жаңы-Жер | 865 | 82 | 84 |
| Заря | 1935 | Жаңы-Пахта | 668 | 32 | 33 |
| Зеленый | 1933 | Жаңы-Жер | 927 | 85 | 87 |
| Калтар | 1958 | Орок | 94 | 34 | 7 |
| Камышановка | 1912 | Камышановка | 1527 | 50 | 50 |
| Кара-Сакал | 1929 | Кызыл-Туу | 393 | 16 | 14 |
| Кара-Шалта | - | Күн-Туу | 1008 | 15 | 13 |
| Кашка-Баш | 1919 | Орок | 373 | 33 | 7 |
| Киров | 1924 | Асылбаш | 1174 | 22 | 25 |
| Кичи-Шалта | - | Күн-Туу | 187 | 21 | 19 |
| Комсомол | 1936 | Фрунзе | 2565 | 27 | 15 |
| Конуш (Жоогалыш) | 1932 | Саз | 371 | 15 | 15 |
| Күн-Туу | - | Күн-Туу | 3306 | 16 | 14 |
| Кызыл-Туу | 1930 | Кызыл-Туу | 3097 | 17 | 15 |
| Лесной | - | Ат-Башы | 809 | 40 | 40 |
| Май | 1940 | Жаңы-Пахта | 194 | 40 | 42 |
| Маловодный | 1924 | Кызыл-Туу | 2446 | 14 | 12 |
| Манас | 1950 | Ат-Башы | 4542 | 40 | 25 |
| Мирный | 1938 | Жаңы-Пахта | 691 | 38 | 40 |
| Мирный | 1938 | Төмөнкү Чүй | 595 | 38 | 40 |
| Национальный | 1937 | Биринчи Май | 510 | 25 | 22 |
| Нижневосточный | 1933 | Жаңы-Жер | 1376 | 77 | 75 |
| Новопавловка | 1913 | Новопавловка | 15300 | 12 | 3 |
| Новый | 1949 | Кызыл-Туу | 507 | 20 | 18 |
| Озерный | 1956 | Фрунзе | 602 | 22 | 20 |
| Панфилов | 1935 | Биринчи Май | 313 | 22 | 24 |
| Первомай | 1933 | Биринчи Май | 1754 | 7 | 9 |
| Плодовый | 1929 | Орок | 190 | 33 | 6 |
| Романовка | 1812 | Гавриловка | 2434 | 3 | 2 |
| Садовый | 1929 | Төмөнкү Чүй | 1009 | 75 | 75 |
| Саз | 1932 | Саз | 1378 | 15 | 15 |
| Сарбан | 1928 | Орок | 905 | 38 | 12 |
| Северный (Лубзавод) | - | Төмөнкү Чүй | 160 | 70 | 69 |
| Селекционный | 1929 | Орок | 1309 | 34 | 4 (Пишпкек) |
| Сокулук | 1938 | Крупская | 10699 | - | - |
| Сокулук | 1938 | Сокулук | 11862 | - | - |
| Степной | - | Төмөнкү Чүй | 160 | 70 | 69 |
| Студенческий | 1955 | Фрунзе | 1712 | 26 | 28 |
| Талтак | - | Төмөнкү Чүй | 106 | 70 | 68 |
| Токбай (Дөң-Сай) | 1930 | Кызыл-Туу | 348 | 19 | 17 |
| Төмөнкү Орок | 1922 | Орок | 1455 | 38 | 12 |
| Төмөнкү Чүй | 1929 | Төмөнкү Чүй | 1866 | 80 | 75 |
| Төрт-Көл | - | Ат-Башы | 1072 | 20 | 18 |
| Төш-Булак | 1912 | Төш-Булак | 1783 | 25 | 27 |
| Туз | 1937 | Кайназарова | 626 | 19 | 20 |
| Учкун | 1920 | Новопавловка | 632 | 22 | 25 |
| Фрунзе | 1929 | Фрунзе | 3040 | 20 | 18 |
| Чат-Көл | 1930 | Кайназарова | 2742 | 15 | 13 |
| Четинди | 1912 | Төш-Булак | 60 | 27 | 35 |
| Чоң-Жар | - | Күн-Туу | 721 | 21 | 19 |
| Шалта | 1890 | Гавриловка | 1255 | 5 | 2 |


Жеринин түзөңдүгү ж-а өлкөнүн борбору – Бишкек ш-на чектеш жайгашуусу райондо транспорт тармагынын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Райондун аймагынан Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору, о. эле эл аралык Ташкен–Бишкек–Алматы автомобиль жолу өтөт. Райондун чегинде эл аралык маанидеги «Манас» аэропорту жайгашкан. 2002-ж. автомобиль транспорту м-н 1,5 млрд *т* жүк, 122,3 млн жүргүнчү ташылган. Райондун тейлөө мекемелери 2002-ж. 117,9 млн сомдук кызмат көрсөтүшкөн.

Райондун элге билим берүү тармагында 47 жалпы билим берүүчү мектеп, балдар үйү, башталгыч мектеп, спорт мектеби, 2 кесиптик-тех. окуу жайы, маданият тармагында 35 китепкана, 35 клуб ж-а маданият үйлөрү бар. Саламаттык сактоодо 7 ооруkana, бейтапкана, 15 фельдшер-акушердик пункт иштеп, аларга 480 койка-орун, 202 дарыгер, 593 медсестра, ар бир 10 миң адамга 35 койка-орун, 156 дарыгер, 44 медсестра туура келген. Райондук «Элдик трибуна» («Народная трибуна») гезити кыргыз ж-а орус тилдеринде чыгат.

*А. Актанова, Н. Бакиров.*

**ЧҮЙ РАЙОНУ** – Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик. 1927-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Казакстан, түштүгүнөн Кочкор, батышынан Ысык-Ата, чыгышынан Кемин р-ндору м-н чектешет. Аянты 1,6 миң *км*². Калкы 44,8 миң (2009). Борбору – Чүй кыштагы.

Район Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Жеринин көбү түзөң келип, түштүктү карай бийиктейт да Кыргыз Ала-Тоосунун этек тоолоруна ж-а капталдарына өтөт. Аймагынын деңиз деңг. бийиктиги 800–3900 *м*ге чейин. Кен байлыктарынан алтын (Куранжайлоо), курулуш материалдары (Бурана кени ж. б. ) бар. Климаты континент-



тик. Январдын орт. темп-расы –4°...–10°С, июлдуку 17°–24°С. Жылдык жаан-чачыны 500–600 *мм*. Райондун аймагынан Чүй д-на Шамшы, Кегети, Кызыл-Суу, Бурана суулары куят. Жер кыртышы негизинен боз топурактуу; тоолуу бөлүгү кара-күрөң ж-а кара топурактуу; түзөң бөлүгү бүт айдоо жерге айланган. Тоолордун кыр зонасында Шамшы, Жыланач, Көлтөр, Тезектөр ж. б. мөңгүлөр бар.

Райондун калкынын (45,6 миң) дээрлик бардыгы айылдарда жашайт. Көп улуттуу (80%тен ашыгы кыргыздар), андан тышкары орус, немис, дунган, украин, өзбек, казак ж. б. улут өкүлдөрү жашайт. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 28 (облуста 38) адам туура келет. Райондун аймагында облустун борбору – Токмок ш. жайгашкан. Жалпы калктын 37,9%ин жаштар (16 жашка чейинкилер), 9,8% эмгек жашынан өткөндөр, калган 37,9%и эмгек куракстагылар. Эмгек курагындагылардын (70,2%; 16,5 миң) көбү а. ч-нда (10,8 миң), ө. ж. ишканаларында (1,4 миң), саламаттык сактоо ж-а билим берүүдө (1,7 миң), курулушта, транспорт ж-а байланышта, соодада ж. б. тармактарда эмгектенишет. Райондо 10 айыл округу, 38 кыштак бар. Райондун айыл-кыштактары жөнүндө к. төмөнкү таблицаны.

**Райондун айыл-кыштактары**

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Токмок т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Бешим (Чала-Казак) | - | Ак-Бешим | 2099 | 5 | 3,5 |
| Алга | 1932 | Бурана | | 10 | 12 |
| Арал (Мичурин) | - | Чүй | 986 | - | - |
| Арпа-Тектир | - | Кегети | 405 | 30 | 32 |
| Бурана | 1930 | Бурана | 468 | 10 | 12 |
| Виноградный | 1942 | Сайлык | 978 | 5 | 5 |
| Восточный | 1941 | Искра | 131 | 11 | 11 |
| Дөң-Арык | 1929 | Бурана | 2041 | 12 | 3 |
| Жаңы-Жол (Четки-Саяк) | 1929 | Ак-Бешим | 1099 | 2,5 | 6 |
| Жаңы-Турмуш | 1949 | Искра | 327 | 6 | 6 |
| Жаңы-Чек | 1929 | Сайлык | 386 | 7 | 8 |
| Железнодорожный | - | Искра | 91 | 10 | 10 |
| Жаңы-Чек | 1929 | Сайлык | 386 | 7 | 8 |
| Искра | 1931 | Искра | 2683 | 13 | 13 |
| Кайырма | 1930 | Онбир-Жылга | 804 | 18 | 17 |
| Калиновка | 1927 | Ибраимов | 1436 | 18 | 18 |
| Карагул | 1932 | Шамшы | 133 | 25 | 22 |
| Кара-Дөбө | 1929 | Искра | 1126 | 17 | 17 |
| Кара-Ой | 1931 | Ибраимов | 694 | 23 | 23 |
| Кегети | 1816 | Кегети | 1905 | 24 | 24 |
| Кош-Кашат | 1943 | — | 452 | 20 | 17 |
| Кош-Коргон | 1936 | Кош-Коргон | 1526 | 18 | 22 |
| Кызыл-Аскер | 1929 | Ибраимов | 402 | 13 | 13 |
| Ленин (Биринчи Ленин) | 1936 | Ибраимов | 425 | 21 | 21 |
| Ленин-Жол (Алчалы) | 1935 | Ибраимов | 912 | 16 | 16 |
| Маданият | 1930 | Онбир-Жылга | 619 | 23 | 22 |
| Мээнеткеч | 1932 | Бурана | 750 | 6 | 8 |
| Октябрь | 1929 | Ак-Бешим | 653 | 3 | 6 |
| Онбир-Жылга | 1930 | Онбир-Жылга | 1078 | 21 | 20 |
| Плохотников (Кыпчак) | 1928 | Кегети | 150 | 21 | 21 |
| Прогресс | 1950 | Онбир-Жылга | 1978 | 15 | 15 |
| Садовой | 1932 | Чүй | 1428 | 10 | 10 |
| Сайлык | 1929 | Сайлык | 941 | 9 | 8 |
| Совет | 1930 | Кегети | 1034 | 23 | 23 |
| Талды-Булак | 1936 | Ибраимов | 557 | 14 | 14 |
| Чапаев (Бай-Коргон) | 1927 | Кегети | 560 | 21 | 21 |
| Чоң-Жар | 1940 | Шамшы | 429 | 22 | 19 |
| Чүй (Старая Покровка) | 1928 | Чүй | 12216 | - | - |
| Шамшы | 1932 | Шамшы | 742 | 18 | 15 |

Райондун экон-нын негизин а. ч. тармагы түзөт. Айыл чарбанын өнүккөн тармактары - мал чарбасы ж-а ага тоют даярдоо, о. эле дыйканчылык. Айыл чарбага жарактуу жери 105,1 миң *га*, анын 27,3 миң *га*сы айдоо, 1,7 миң *га*сы көп жылдык бак-дарак, 3,3 миң *га*сы чабынды, 72,7 миң *га*сы жайыт. Райондун айдоого жарактуу жерине дан эгиндери ж-а дан буурчак, тех. өсүмдүктөр – кант кызылча, күнкарама, рапс ж. б., картөшкө, жашылча, тоют өсүмдүктөрү ж-а үрөндүк бир жылдык жашылча өсүмдүктөрү ж. б. эгилет. Райондун чарбаларында 2001-ж. 9,3 миң уй (а. и. сааны 3,8 миң), 20,1 миң кой-эчки, 1,0 миң чочко, 3,7 миң жылкы, 120,7 миң үй кушу болгон. Мал чарбачылыкта 2002-ж. 5,1 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 16,6 миң *т* чийки сүт, 5,2 млн даана жумуртка, 66 *т* жүн өндүрүлгөн. Дыйканчылыкта 57,7 миң *т* дан эгиндери ж-а дан буурчак, 8,1 миң *т* картөшкө, 19,0 миң жашылча, 36,9 миң *т* кант кызылча жыйналып алынган. Райондун аймагында жайгашкан Чүй облусунун борбору ж-а Кырг-ндагы ө. ж-луу шаарлардын бири – Токмоктун таасиринен ө. ж. анча өнүккөн эмес. Райондун кыштактарында 4 ө. ж. ишканасы бар. Алардан башка дээрлик ар бир айылда ун ж-а акшак тарткан, өсүмдүк майын чыгарган чакан ишканалар иштейт. 2002-ж. райондо 154,8 млн сомдук ө. ж. продукциясы өндүрүлгөн.

Райондун аймагы аркылуу Чалдыбар–Бишкек–Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору өтөт. 2002-ж. райондо автомобиль транспорту м-н 200,0 миң *т* жүк, 59,8 жүргүнчү ташылган.

Райондо жалпы билим берүүчү 28 орто мектеп, 16 бала бакча, 27 китепкана, 10 клуб ж-а маданият үйлөрү, калктын саламаттыгын сактоочу мекеме, оорукана, санитардык-эпидемиологиялык станция, фельдшер-акушердик пункт, дарыканалар иштеген. Он миң адамга 30,2 медсестра, 87,0 койка 88,0 дарыгер туура келет. Чүй токой чарбасы иштейт. Райондо р-ндук «Баласагын оттору» гезити чыгат. Райондун жериндеги «Бурана» тарыхый комплекси, о. эле Кегети, Шамшы сыяктуу кооз жерлер туризм тармагынын өнүгүүсүнө түрткү берет.


*А. Актанова, А. Мырзаев.*

**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ** Чүй облусундагы адм.-айм. бирдик. 1998-ж. Кант р-ну м-н бириккен; 1933-ж. Кант р-ну, 1977-ж. Ы. р. уюшулган. Район Чүй өрөөнүнүн борб. бөлүгүнөн орун алып, түндүгүнөн Казакстан Респ-касы, түштүгүнөн Нарын облусунун Кочкор р-ну, батышынан Аламүдүн, чыгышынан Чүй р-ндору м-н чектешет. Аянты 1,9 миң *км*². Калкы 132,8 миң (2009). Борбору – Кант шаары (21,6 миң; 2009).

Райондун аймагы түндүктөн түштүккө карай 65 *км*ге, батыштан чыгышка карай 44 *км*ге созулат. Бишкек ш-нан 20 *км* чыгыш тарапта.Жеринин көбү түзөң, адырлуу, деңиз деңг. бийикт. 1000–2000 *м*. Түндүк бөлүгүн Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталы ж-а анын этегиндеги адырлар ээлейт. Тоолуу бөлүгү жайыт катары, адырлары дыйканчылыкта пайдаланылат. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында Ысык-Ата капчыгайы ж. б. өрөөн-капчыгайлар орун алган. Ал түн.-батыштан түн.-чыгышка карай 50 *км* аралыкта созулуп жатат. Капчыгайдын баш жагы деңиз деңг. 4500 *м*, этеги 1000 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун түн. бөлүгүн Чүй өрөөнү ээлейт. Кен байлыктарынан полиметалл, курулуш материалдары (Ивановка, Ысык-Ата, Агалаташ, Дмитриевка кендери), таш туз (Желди-Суу кени) бар. Ысык-Ата капчыгайында минералдуу ысык суу (к. Ысык-Ата минералдуу суусу) чыгат. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –6°…–10°С, июлдуку 18–20°С. Райондун аймагынан Чүй д. ж-а анын куймалары – Ысык-Ата, Кызыл-Суу, Норус суулары ж. б. агып өтөт. Жылдык жаан-чачыны 300–600 *мм*. Райондун түзөң бөлүгү дээрлик айдоого айланган. Тоо капталдарында тоо шалбаа өсүмдүктөрү, бадалдар, арча өсөт.

Калкынын 45,4%и эркек, 62,6%и аялдар. Кыргыз (38%), орус (29%), андан тышкары дунган (4,1%), түрк (2,8%), немец (2,5%), украин (2,3%) ж. б. 36 улуттун өкүлдөрү жашайт. Орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 21 киши. Райондо 18 айыл округу, 1 шаарча кеңеши, 58 кыштак, Кант шаары бар.

Экон-нын негизин мал чарбасы ж-а дыйканчылык түзөт. Райондо 2846 дыйкан ж-а фермердик чарба, 21 бириккен дыйканчылык чарбасы, 1 акционердик коом ж-а 3 мамл. чарба түзүлгөн. Алардын базасында 8 тукумчулук чарбасы ж-а 4 асыл тукум чарбасы иштейт. Айыл чарбага жарактуу жердин жалпы аянты 121,4 миң *га*ны түзөт; а. и. айдоо жер




61,2 миң *га*, көп жылдык өсүмдүктөр 1,3 миң *га*, чабынды 2,7 миң *га*, жайыт 56,2 миң *га*. Райондо 2001-ж. 39,6 миң бодо мал, 37,8 миң кой-эчки, 9,6 миң чочко, 7,5 миң жылкы 230 миң үй кушу болгон. Ө. ж. ишканаларынан Кант цемент-шифер комбинаты, Кант окуу-өндүрүш ишканасы, «Абдыш-Ата» жоопкерчи-лиги чектелген ишканасы, Кант кондитер фабрикасы, Кант нан з-ду, Кант басмаканасы, транспорт ишканалары, тиричилик комбинаты, Ивановка курулуш материалдар комбинаты, Ивановка ремонтмех. заводу, «Семетей» тери-жүн ф-касы АК, «Алтын-Ажыдаар» АК, Ивановка «Силикат», СХПК «МИС» мамл. акционердик коомдору, 37 тегирмен, 8 эт өндүрүүчү кичи ишкана, 4 сүт, 7 май уругун, жашылча, мөмөжемиш иштетүүчү кичи ишканалары иштейт.

Райондо 19 жалпы билим берүүчү мектеп болгон, анын 12си орто мектеп, 1 толук эмес орто мектеп, 6сы башталгыч мектеп. Райондук борборлоштурулган китепканасы ж-а анын 18 филиалы, борб. балдар китепканасы, профсоюздук китепкана (жалпы китеп фондусу 258,5 миң) 20,8 миң окурманды тейлеген; 20 клубдук мекеме, 5 айылдык маданият үйү бар. Археол. эстеликтерден Кызыл-Суу шаар чалдыбары бар. Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Жээк кыш-нда Кычан Жакыповдун эстелиги бар. Райондо 7 оорукана, 4 айылдык врачтык амбулатория, 16 ФАП, төрөт үйү, 24 даарыкана бар. Ы. р-нун медициналык санитариялык мекемелери, Ивановка балдар психиатрия-неврология ооруканасы иштейт. Райондун чегинде Ысык-Ата курорту жайгашкан.

*Н. Бакиров, М. Жакиева*

## Ысык-Ата районунун айыл-кыштактары

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (км) | Жакынкы т. ж. бекетинен алыстыгы (км) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Кудук | | Ак-Кудук | 649 | 9 | 10 (Ивановка) |
| Сын-Таш | | Сынташ | 586 | 49 | 14 -«- |
| Алмалуу | 1931 | Ысык-Ата | 1034 | 35 | 35 -«- |
| Бирдик | | Бирдик | 1801 | 13 | 13 -«- |
| Биринчи Май | | Ак-Кудук | 593 | 10 | 10 (Кант) |
| Биринчи Май | | Нурманбет | 1143 | 8 | 9 (Ивановка) |
| Будёновка Кең-Булуң | 1930 | Октябрь | 3900 | 8 | 8 (Кант) |
| (Рассвет) | 1928 | Жээк | 959 | 19 | 19 -«- |
| Гидростроитель | 1942 | Кең-Булуң | 1032 | 14 | 14 (Ивановка) |
| Горная Серафимовка | 1931 | Ысык-Ата | 342 | 35 | 35 (Кант) |
| Дайырбек | 1929 | Туз | 132 | 15 | 15 -«- |
| Дмитриевка | 1882 | Жээк | 2906 | 5 | 5 -«- |
| Дружба | 1940 | Узун-Кыр | 730 | 18 | 18 -«- |
| Дружба | 1928 | Кең-Булуң | 2201 | 26 | 13 (Ивановка) |
| Жайылма | | Туз | 319 | 11 | 11 (Кант) |
| Жар-Башы | 1928 | Интернациональ | 263 | 22 | 22 -«- |
| Жер-Казар | 1928 | Узун-Кыр | 1325 | 17 | 17 -«- |
| Жетиген | | Сынташ | 656 | | 16 (Ивановка) |
| Жогорку Ичке-Суу | | Ысык-Ата | 207 | 41 | 41 (Кант) |
| Жээк | | Жээк | 959 | 7 | 7 -«- |
| Ивановка | 1882 | Ивановка | 15136 | 35 | 5 (Ивановка) |
| Интернациональ | 1927 | Интернациональ | 2736 | 15 | 15 (Кант) |
| Ичке-Суу | 1931 | Ысык-Ата | 228 | 40 | 40 (Ивановка) |
| Карагай-Булак | 1930 | Ысык-Ата | 509 | 49 | 49 -«- |
| Кең-Булуң | 1921 | Кең-Булуң | 2706 | 45 | 10 (Ивановка) |
| Киршелк | - | Люксембург | 1538 | 5 | 5 (Кант) |
| Кеңеш | 1930 | Октябрь | 2617 | 33 | 10 (Кант) |
| Киров | 1922 | Ак-Кудук | 1738 | 6 | 6 -«- |
| Красная-Речка | 1907 | Красная-Речка | 6206 | 24 | 12 (Кант) |
| Котовский | | Ак-Кудук | 290 | 12 | 12 (Кант) |
| Кызыл-Арык | - | Сынташ | 601 | 51 | 16 (Ивановка) |
| Ленин | | Новопокровка | 255 | 16 | 6 (Кант) |
| Люксембург | 1931 | Люксембург | 4484 | 2 | 2 –«- |
| Милянфан | 1926 | Милянфан | 3964 | 17 | 17 |
| Новопокровка | | Новопокровка | 13706 | 11 | 1 (Кант) |
| Новопокровка | 1907 | Логвиненко | 4382 | 7 | 7 –«- |
| Норус | 1930 | Ысык-Ата | 257 | 40 | 40 –«- |
| Нурманбет (Красный-Восток) | 1927 | Нурманбет | 1833 | 35 | 25 (Ивановка) |
| Ротфронт | | Сынташ | 968 | 50 | 15 –«_ |
| Сарыжон | 1928 | Новопокровка | 580 | 11 | 11 –«- |
| Совет | 1930 | Сынташ | 1019 | 53 | 18 –«- |
| Социалчы | 1930 | Октябрь | 600 | 10 | 8 –«- |
| Сын-Таш | | Сынташ | 727 | 51 | 16 –«- |
| Таш-Башат | 1930 | Ысык-Ата | 458 | 50 | 50 –«_ |
| Тельман | 1925 | Сынташ | 1068 | 49 | 14 –«- |
| Тогуз-Булак | 1930 | Ысык-Ата | 422 | 35 | 35 (Кант) |
| А.Токтоналиев атн. (Эпкин) | 1929 | Нурманбет | 1472 | 69 | 34 (Ивановка) |
| Төмөнкү Норус | 1929 | Узун-Кыр | 700 | 15 | 15 –«- |
| Төмөнкү Серафимовка | 1928 | Туз | 1148 | 18 | 18 –«- |
| Туз | 1928 | Туз | 1882 | 15 | 15 –«- |
| Үч-Эмчек | 1930 | Ысык-Ата | 225 | 45 | 45 -«- |
| Ысык-Ата | 1910 | Юрьевка | 373 | 72 | 38 (Ивановка) |
| Хунчи | 1921 | Ак-Кудук | 460 | 12 | 12 (Кант) |
| Хунчи | - | Бирдик | 176 | 11 | 12 (Кант) |
| Чолпон | 1924 | Кең-Булуң | 1182 | 23 | 12 (Кант) |
| Чоң-Далы | - | Логвиненко | 823 | 19 | 19 (Ивановка) |
| Юрьевка | 1909 | Юрьевка | 3528 | 52 | 17 (Ивановка) |

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

Облус Кырг-ндын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. 1939-ж. 21-ноябрда түзүлгөн. 1959-ж. 27-январда жоюлуп, кайра 1970-ж. 11-декабрда уюшулган. 1988-ж. 5-октябрда Нарын облусу биригип, 1990-ж. 14-декабрда алар кайра бөлүнгөн. Борбору – Каракол шаары (калкы 66,3 миң; 2009). Курамында 5 район (Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң, Түп, Ысык-Көл), 3 шаар, 5 шаарча, 58 айыл округу ж-а 175 айыл бар. Түндүгүнөн ж-а түн.-чыгышынан Казакстан, чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Кытай, батышынан ж-а түш.-батышынан Нарын, түн.-батышынан Чүй облустары м-н чектешет.

Аянты 43,1 миң *км²* (респ-нын аянтынын 21,6%). Калкы 425,1 миң (2009-ж.; респ-нын калкынын 8,5%).

**Табияты.** Облустун аймагы негизинен 2 бөлүктөн турат: Ысык-Көл ойдуңунан ж-а *Ысык-Көл сыртынан* (түндүгүнөн Тескей Ала-Тоо, түштүгүнөн Какшаалтоо м-н чектелген күдүрлүү кенен аймак). Рельефи жалпысынан татаал. Ысык-Көл өрөөнү түндүктөн Күнгөй, түштүктөн Тескей Ала-Тоолору м-н курчалган. Алар өрөөндүн чыгышы м-н батышында бири бирине жакындашып, тоо аралык туюк мейкиндикти пайда кылат. Ысык-Көл батышындагы Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнү м-н туташат. Чоңдугу жагынан Ысык-Көл өрөөнү Орто Азияда Фергана өрөөнүнөн кийинки 2-орунда. Анын борб. бөлүгүн Ысык-Көл ээлейт. Көл түздүктөр м-н курчалган. Ичке жээк тилкелерин кум каптап жатат, майда жумуру таштар, камдашкан кумдук, саздак жерлер да кездешет. Тескей Ала-Тоонун түштүгүндө деңиз деңг. кыйла көтөрүңкү, климаты катаал плато сымал түздүктөр – сырт жайгашкан. Облустун аймагындагы кырка тоолор негизинен кеңдик багытта созулат. Эң чыгыш бөлүгүндө алар бири-бирине жакындашып, Кан-Теңир (Музтоо) тоо тоомун пайда кылат. Мында жалпы Теңир-Тоонун эң бийик жери – Жеңиш чокусу (7439 *м*) жайгашкан. Кен байлыктарынан алтын (Ак-Шыйрак тоосундагы Кум-Төр кени), көмүр (Жыргалаң, Сөгөттү), калай (Сары-Жаз суусунун өрөөнүндө), полиметалл (Жыргалаң полиметалл кендер тобу), вольфрам, жез, висмут кендери, цемент даярдоого жарактуу акиташ теги (Күрмөнтү), айнек куму ж. б. курулуш материалдарынын кендери бар. Дарылык касиети бар көптөгөн минералдуу ысык булактардын базасында Жети-Өгүз, Жыргалаң, Ак-Суу, Чолпон-Ата «Көгүлтүр Ысык-Көл», Тамга, «Кыргыз деңизи» ж. б. бальнеологиялык курорт, санаторийлер иштейт. Облуста дары баткактардын ири кендери Кызыл-Суу, Тамга, Жыргалаң, Күрмөнтү, Кара-Ой, Чолпон-Ата, Чоктал, Улаколдо табылган.

Климаты бийиктик алкактуулукка байланыштуу. Курчап турган кырка тоолор муздак абанын өрөөнгө киришине тоскоолдук кылат. Ошондой эле көлдүн жыл бою тоңбогон суусу өрөөндүн климатын жумшартып, Теңир-Тоодогу башка тоо аралык өрөөндөрдүкүнөн өзгөчөлөнүп турат. Көлдүн жээк зонасында жайы салкын, июлдун орт. темп-расы 18°Cге жакын. Кышы жумшак, түш. ж-а түн. жээктеринде январдын орт.

темп-расы –2°С, батыш бөлүгүндө –4°С, чыгышында –10°Сге чейин. Жылдык орт. темп-расы 6–7°Сдей, максимуму (мүмкүн болгон максималдуу темп-ра) 27–30°С, минимуму –12...–18°С. Өрөөндүн батышынан улан, чыгышынан санташ шамалдары согот. Эң катуу шамал – уландын ылдамдыгы 25–30 *м/сек*га жетет. Улан м-н санташ бир убакта согуп, бири бирине беттешсе, көл үстүндө катуу толкунду пайда кылат. Көл жээктеринде бриз шамалдары басымдуу. Батыштан келген аба агымынын басымдуу болушу өрөөндүн батышы м-н чыгышына жааган жаан-чачындын чоң айырмачылыгын пайда кылат. Өрөөндүн батышында жайгашкан Балыкчы ш-нын айланасында жылына 110 *мм* (Кырг-ндагы эң кургакчыл жер), чыгышында Түп аймагында 569 *мм* жаан-чачын жаайт. Чыгыш бөлүгүндө кар көп түшөт. Өрөөндүн батыш бөлүгүнүн жазы салкын, жайы ысык, күзү узак, кышы суук, кар жаабайт. Жаан-чачын бардык жеринде жайында көп, кышында аз жаайт. Ысык-Көлдүн сырты кескин континенттик кургак, катаал климаты м-н айырмаланат. Жылдык орт. темп-расы 3°Сден –7°Сге чейин. Кышы узак, январдын орт. темп-расы –21°С (–40°Сге чейин аяз болот). Жайы кыска, салкын (абанын орт. темп-расы 7°С). Көп жылдык тоң м-н катар айрым жерлерде топурактын мезгилдүү тоңушу да байкалат. Сырттарда жылдык жаан-чачын 200–300 *мм*, негизинен кар түрүндө (жай мезгилинде да) жаайт. Аязсыз күндөр чанда болот.

Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн жалпы аянты 221 *км*², Тескей Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн аянты 1081 *км*²ди түзөт. Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн көбү Чоң Ак-Суунун өрөөнүндө топтолгон. Тескей Ала-Тоонун көп сууларынын (Ак-Сай, Тоң, Тосор, Барскон, Жууку, Чоң Кызыл-Суу, Жети-Өгүз, Каракол, Ак-Суу, Түргөн-Ак-Суу) башталышында мөңгүлөр бар. Муз каптоонун эң ири очогу ж-а ири мөңгүлөр Кантоо ж-а Жеңиш чокуларынын аймагында. Мында мөңгүлөрдүн жалпы аянты 1517 *км*²ден ашат. Ири мөңгүлөрү: Түштүк Эңилчек (аянты 613,3 *км*²), Кайыңды (107,5 *км*²) ж. б.

Суулары кар-мөңгүдөн куралып, Ысык-Көл, Сырдарыя, Тарим, бир аз бөлүгү Чүй (батышта) ж-а Иле (чыгышта) д-нын алаптарына кирет. Көлгө 118 агын суу ж-а мезгили м-н аккан өзөндөр куюп, андан бир да суу агып чыкпайт. Батыш бөлүгүнүн суулары чакан, чыгышындагы суулардын чыгымы 6–8 *м*³/*сек*дан 10–20 *м*³/*сек*га чейин көбөйөт (Түп, Жыргалаң). Ири суулары: Жыргалаң (уз. 250 *км*), Түп (120 *км*), Каракол, Түргөн-Ак-Суу, Чоң Ак-Суу, Жети-Өгүз, Жууку, Чоң Кызыл-Суу, Барскон ж. б. сугатка пайдаланылат. Өрөөндүн түн.-батыш бөлүгүнөн Чүй д., чыгышынан Каркыра суусу (Иле суусунун алабы) агып өтөт. Ысык-Көлдүн сыртынан Нарын ж-а Сары-Жаз суулары башталат. Облустун аймагында дүйнөдөгү тоо көлдөрүнүн ирилеринин бири – Ысык-Көл жайгашкан.

Өрөөндүн түздүгүндө батыштан чыгышка карай таштуу бозомук күрөң, агыш күрөң, күңүрт кара коңур, кара топурактар таралган. Сырттарда бийик тоолуу, чөлдүү талаа ж-а талаа, чала чым көңдүү, такырлуу, тундра ж-а начар өөрчүгөн таштуу топурактар басымдуу.

Өсүмдүктөрдүн таралышы бийиктик алкактуулук закон ченемине байланыштуу. Алкактар сериясы облустун батышында жээк түздүктөрдөгү чөлдүү алкактан башталып, жогору жагында жарым чөл ж-а шалбаалуу талаага өтөт, чыгышында төмөнтөн жогору карай токой-шалбаалуу талаа алкагы жайгашкан. Андан жогору бардык жерде субальп, альп ж-а гляциалдык-нивалдык алкактар жатат. Батышындагы чөлдүү алкакта (1700–2200 *м*) учтуу күүдүрөк, Теңир-Тоо шыбагы, чекенде, көп жалбырактуу төө куйрук формациясы басымдуу. Жарым чөл алкагы 2500 *м* бийиктикке чейин жетет. Мында негизинен кавказ аккылканы ж-а Теңир-Тоо шыбагы өсөт. Бадалдардан төө куйрук басымдуу. Түздүктүн чыгыш бөлүгүн талаа алкагы ээлейт. Мында дан өсүмдүк-бетегелүү талаа, чыгышында түркүн чөп-дан өсүмдүктүү талаа м-н алмашат. Шалбаалуу талаа алкагы өрөөндүн батышында тоонун бийик этектери м-н орто бийиктиктеги тоолордун көлөкөлүү капталдарында, чыгышында түздүктөрдө жайгашкан. Бул алкакта чымдуу талаанын дан өсүмдүктөрү – бетеге, кыргыз аккылканы же чөл сулуусу, түркүн чөптөр ж-а мезофилл тибиндеги дан өсүмдүктөрү м-н аралаш өсөт. Андан жогорку токой-шалбаа-талаа алкагы жайгашкан. Токой өсүмдүктөрү карагай м-н бадалдардан турат. Алардын арасында түркүн чөптүү дан өсүмдүктөрү өсөт. Тескей Ала-Тоонун токойлору парк тибине кирет: карагайлар жалгыздап же топ-топ болуп өсөт. Субальп

алкагынын төмөнкү чеги өрөөндүн батышы м-н чыгышында болжол м-н бирдей бийиктикте (3000–3200 *м*) жатат. Мында бийик тоолуу түркүн чөп-бетеге-шалбаалуу талаа, ыраң-доңуз сырты ж-а дан өсүмдүктүү, түркүн чөптүү шалбаа өнүккөн. Альп алкагында (3400 *м*ден жогору) кыска чөптүү альп шалбаасы басымдуу, бадал өсүмдүктөрү өспөйт. Нивалдык алкакта аскалуу кырлар, корум, морена, кар-мөңгү жатат. Ысык-Көлдүн жээгин бойлой суулардын жайылмаларында камыш, агростис, ыраң ж-а жапайы арпалуу шалбаа, каксоо жерлерде чычырканак, бөрү карагат, итмурун, чий өсөт. Облустун Сыртында шыбак-бетегелүү тоолуу талаа, ыраң-доңуз сырттуу шалбаа басымдуу; мамык чөп, эңилчек кездешет. Суунун жайылмаларында табылгы, чычырканак, кайың өсөт. Өсүмдүктөрү туташ тилкени түзбөйт.

**Калкы.** Облустун калкы (2009-ж. башында 425,1 миң) респ-нын калкынын 8,5%ин түзөт; анын 123,8 миңи шаарларда (жалпы калктын 29,5%), 295,9 миңи (70,5%) айылдарда турушат. Көп улуттуу, көбү кыргыздар (79,4%), калгандары орус (13,2%), украин (0,6%), казак (1,7%), өзбек (0,8%), татар (0,7%), уйгур (0,1%), дунган (0,7%) ж. б. Бир *км*² жерге 10 адам (респ-да 25) туура келет, ал эми Ысык-Көл өрөөнүндө, айрыкча анын чыгыш бөлүгүндө бул көрсөткүч 45–60 адамга жетет. Шаарлары: Каракол (2009-ж. 66,3 миң адам жашаган), Балыкчы (41,3 миң), Чолпон-Ата (8,8 миң); шаарчалары Кажысай (4,2 миң), Пристань-Пржевальск (3,3 миң), Жыргалаң (1,5 миң), Ак-Булак (1,1 миң), Ортотокой (0,6 миң). Калк көп жашаган ири айылдары: Кызыл-Суу (13,1 миң адам), Түп (11,3 миң), Бөкөнбаев (10,9 миң), Теплоключенка (10,6 миң), Ананьев (7,8 миң), Бостери (6,8 миң), Саруу (6,2 миң), Барскон (6,1 миң), Григорьевка (5,2 миң), Даркан (5,0 миң адам).

Жалпы калктын 38,8%ин (162,9 миң адам) эмгек курагына жете элек жаштар, 51,8%ин (217,2 миң) эмгек жашындагылар, калган 9,4%ин (39,6 миң) эмгек жашынан өткөндөр түзөт. Калктын миграциясы 2002-ж. облуска келгендердин саны 1147 адам, кеткендер 4913 адам болуп, облустун калкы 3766 адамга азайган. Азайгандардын ичинен 1746 адам респ-нын башка региондоруна, айрыкча Бишкек ш-на же Чүй облусуна, 1993 адам КМШ өлкөлөрүнө, 50дөй адам алыскы чет өлкөлөргө кеткен.

**Экономикасы.** Ысык-Көл облусу респ-да экон. жактан орто деңгээлде өнүккөн, табигый шарты ж-а байлыктары м-н өзгөчөлөнүп турган аймак. Региондун башкы байлыгы – тоңбогон Ысык-Көл, анын деңиз суусуна каныккан жагымдуу абасы, көл жээгиндеги куму, көптөгөн жылуу ж-а минералдуу суулары, о. эле дартка даба болуучу ылайлары, көл жээгинде курулган санаторийлер, келечектүү курорттук ж-а рекреациялык ресурстары. Азыр облуста «Көгүлтүр Ысык-Көл», «Чолпон-Ата», «Ысык-Көл», «Жыргалаң», «Жети-Өгүз», «Тамга», «Ак-Суу» ж. б. санаторий-курорттор (бардыгы 28) м-н катар көптөгөн эс алуу үйлөрү (226), пансионаттар, балдардын эс алуу лагерлери, туристтик ж-а альпинисттик базалар иштеп (2002-ж. бардыгы 254), аларда жылына 612,0 миңден ашык киши эс алып, дарыланат.

Облуста рекреация чарбасы (эс алуу ж-а дарылануунун уюштуруу), а. и. туризм келечекте экон-нын негизги, адистешкен тармагына айланып, көл кылаасы дүйнөлүк деңгээлдеги курорттук аймак болууга мүмкүнчүлүгү бар. Ал үчүн бул жерде жаратылыштын кооздугу ж-а байлыгы жетиштүү. Өнөр жай, айыл чарба, курулуш, транспорт ж. б. экон. тармактар келечекте облустун рекреациялык комплексин тейлөөгө ылайыкташып өнүктүрүлмөкчү.

Чет өлкөлүк инвестицияларды таап, өндүрүшкө жаңы технологияны киргизип, региондун экономикалык ж-а социалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн облустун борборунда 1994-ж. «Каракол» эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) уюшулган. «Каракол» ЭЭАсында субъект катары 135 ишкана катталган, 95и иштөөдө (2000). Ушул ишканаларда 780 адам эмгектенет. Алардын ичинде 4 чет өлкө м-н бирге уюшулган «Универсал» (кыргыз-орус фирмасы), «Улар» (кыргыз-казак ишканасы), «Саки» (кыргыз-америкалык ортоктош ишкана) ж. б. Алардын ичинен «Саки» ортоктош ишканасы инвестициясынын көлөмү жагынан маанилүү. «Каракол» ЭЭАна кирген ишканалар эл керектөөчү товарларды чыгарууда ж-а аларды сатууда, айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүдө ж-а туристтик жүрүштөрдү уюштурууда белгилүү бир деңгээлде аткарышканына карабастан бул ЭЭА облустун экон-нын өсүшүнө кошкон салымы али төмөн. 2001-ж. ЭЭАда

40,1 млн сомдук ө. ж. продукциясы өндүрүлүп, Каракол ш-нын өнөр жайынын 12%ин, Ы. о-нун 0,4%ин гана түзгөн.

Базар экон-на өтүү процессинде чарба жүргүзүүдө менчиктин көп түрлөрү пайда болду. 2002-ж. облуста статистикалык бирдиктин жалпы мамл. регистрине киргизилген ээлик кылуучу субъекттердин (юридикалык жактардын) саны 3237 (а. и. иштеп жатканы 1532) ишканага жеткен. Анын ичинен мамл. менчиктеги 488 (343), коммуналык 275 (218), жеке менчик 2470 (971) ишкана болгон. Ишканалардын түрлөрү б-ча 3207ин ичинен чакан ишканалар –2042 (1085), орточолору – 446 (302) ж-а ирилери –205 (145) болгон. Жогорудагы юридикалык жактардын ишканаларынан башка облуста жеке ишкердикте катталган ж-а иштеп жатышкан мекеме, ишканалардын саны арбын. 2000-ж. бир эле айыл чарба тармагында жеке ишкердиктегилердин, б. а. дыйкандардын (фермерлердин) саны 5 миңден ашкан.

*1-таблица*

Ө н ө р ж а й ө н д ү р ү ш ү (Кум-Төр алтын кенин казган ишкананы кошпогондо; 2001-ж. м-н)

| | Өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн сом | Жалпы көлөмдөгү региондордун, шаарлардын үлүшү % |
|---|---|---|
| Ысык-Көл облусу, анын ичинен:. . . . | 1201,1 | 100,0 |
| Ак-Суу р-ну . . . . . . . | 308,8 | 25,7 |
| Жети-Өгүз р-ну . . . | 260,9 | 21,7 |
| Ысык-Көл р-ну . . . . | 34,54 | 2,9 |
| Тоң р-ну . . . . . . . . . . | 22,1 | 1,8 |
| Түп р-ну . . . . . . . . . . | 116,6 | 9,7 |
| Балыкчы ш. . . . . . . . | 209,6 | 17,5 |
| Каракол ш. . . . . . . . . | 242,6 | 20,2 |
| Чолпон-Ата ш. . . . . . | 6,0 | 0,5 |

Облустагы 195 ө. ж. ишканасында (анын 56 ири ишкана) 9 миңден ашык жумушчу (респ-нын 6,9%) иштеп, 1201,1 млн сомдук продукция өндүргөн (2002). Бул жерде Кум-Төр алтын кен казган ишканалардын иши эсепке алынган жок. Ал эми Кум-Төр алтын кенин казып алууну кошо эсептегенде облуста 10988,0 млн сомдук (респ-нын 22,5%) продукция өндүргөн. Өнөр жайдын алтын казуудан башка негизги тармактарына тамак-аш (жалпы ө. ж-дын 23,2% продукциясын өндүргөн), ун тартуу ж-а жем чыгаруу (49,0%), машина куруу (8,7%), курулуш материалдарын чыгаруу 5,8% ж-а отун өнөр жайы (2,5%) кирет. 2001-ж. алар чыгарган негизги продукциялар: көмүр 29,3 миң *т* (респ-да казып алынган көмүрдүн 6,2%), электр плиталары 9,0 миң даана (71,7%), электр жылыткычтар 200 даана (17,4%), цемент 2,4 миң (0,5%), ун 56,8 миң *т* (12,5%), мал майы 13,6 *т* (11,7%), быштак ж-а сүзмө 796,3 *т* (47,0%), арак ж-а спирт 1174,0 миң литр (6,5%) ж.б. Өнөр жайдын ири ишканалары: Балыкчыдагы «Ысык-Көл дан азык» акционердик коому, «Бакайкөл» биргелешкен ишкана, «Акжалга», «Алтындан», «Ысык-Көл электр», «Улан», «Каракол – Дан-Азык», «Күрмөнтү цемент» акционердик коомдору.

Облуста тоо-кен ө. ж-нын келечеги кең, Сары-Жаз дарыясынын алабында алтын, калай, жез, коргошун, полиметалл, вольфрам, тантал, ниобит, молибден ж. б. металлдардын кендери табылган. Сары-Жаз калай кенинин базасында «Тяньшань калай» кен ылгоо комбинаты иштейт. Ал жылына 50 млн *т* кен казып, андан концентрат алып, аны Орусиянын Новосибирск ш-на жөнөтүп турат. Алтын кенин казып алуучу Кум-Төр комбинаты 1996-жылдын аягынан ишке киришти. Кум-Төр алтын кени облустун Жети-Өгүз р-нун сыртында деңиз деңг. 3500–4150 *м* бийиктикте жайгашкан. Кенди «Камеко» корпорациясынын (Канада) «Кум-Төр Оперейтинг компани» биргелешкен ишканасы казат ж-а ылгайт.

Облустун айыл чарба тармагында 2002-жылдын башында 58 дыйкан чарба коллективи, 12 а. ч. кооперативи, 1 акционердик коом ж-а 5155 жеке дыйкан (фермер) чарба иштеген. Айыл чарба өндүрүшү дыйканчылыкта дан, картөшкө, мөмө-жемиш өстүрүүгө, мал чарбасында кой, уй, ж-а жылкы багууга адистешкен. 2001-ж. жалпы айыл чарба тармагында 79,0 миңдей адам эмгектенип, 6406,4 млн сомдук айыл чарба азык-түлүгү өндүрүлгөн (респ-нын 13,4%). Айыл чарбага жарактуу жери 1591,2 миң *га* (облустун жалпы аянтынын 36,9%и), анын 11,6%и айдоо жер (184,8 миң *га*), 0,3% көп жылдык мөмө-жемиш ж. б. дарактар (4,6 миң *га*), 0,8% чабынды (12,0 миң *га*), 87,2%и жайыт (1388,1 миң *га*).

Облуста эгин эгилген жердин жалпы аянты 2001-ж. 188,9 миң *га*ны (респ-дагы эгиндин 15,4%и) түзгөн, анын 115,8 миң *га*сы же 61,3%ине дан, 24,1 миң *га*сына же 12,8%не

*2-таблица*

**Дыйканчылыктан алынган түшүмдүн көлөмү б-ча райондордун облустагы үлүшү, % м-н**

| Райондор | Дан эгиндери | Картөшкө | Жашылча |
|---|---|---|---|
| Жалпы облус б-ча, анын ичинен: | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Ак-Суу р-ну | 26,6 | 30,4 | 16,6 |
| Жети-Өгүз р-н | 16,0 | 32,6 | 21,1 |
| Ысык-Көл р-ну | 13,4 | 13,8 | 27,0 |
| Тоң р-ну | 9,0 | 8,3 | 11,3 |
| Түп р-ну | 35,0 | 14,9 | 24,0 |

картөшкө, 5,0 миң *га*сына же 2,6%ине тех. өсүмдүктөрү, 3,2 миң *га*сына же 1,5% жашылча, 40,5 миң *га*сына же 23,1%ине тоют өсүмдүктөрү эгилген. Мөмө-жемиш бактары 7,5 миң *га* жерди (респ-нын 15,4%) ээлейт. 2001-ж. 306,0 миң *т* дан (респ-дагы дандын 16,7%), 420,0 миң *т* картөшкө (35,9%), 51,3 миң *т* жашылча (6,3%) ж-а 32,3 миң *т* мөмө-жемиш (20,7%) алынган.

Облустун түрдүү менчиктеги бардык чарбаларында 2002-жылдын 1-январына 126,9 миң уй (респ-дагы уйдун 13,1%), 590,6 миң кой-эчки (15,8%), чочко 16,4 миң (18,9%), 61,0 миң жылкы (17,2%), 337,8 миң үй куштары (10,4%) болгон. Алардан 2001-ж. тирүү салмакта эсептегенде 43,4 миң *т* (респ-нын 12,7%), 144,0 миң *т* чийки сүт (12,7%), физ. салмактагы 2,1 миң *т* жүн (17,9%), 9,1 млн даана жумуртка (4,9%) өндүрүлгөн.

*3-таблица*

**Мал чарба продуктуларын өндүрүү б-ча райондордун облустагы үлүшү, % м-н**

| Райондор | Дан өндүрүү | Сүт саап алуу | Жүн кыркып алуу | Жумуртка |
|---|---|---|---|---|
| Жалпы облус б-ча, анын ичинен: | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Ак-Суу р-ну | 22,4 | 21,0 | 19,1 | 28,9 |
| Жети-Өгүз р-ну | 22,1 | 22,5 | 23,6 | 12,6 |
| Ысык-Көл р-ну | 21,0 | 17,2 | 19,0 | 11,7 |
| Тоң р-ну | 15,7 | 12,3 | 19,0 | 6,3 |
| Түп р-ну | 18,8 | 27,0 | 19,0 | 40,5 |

Облуста автомобиль, темир, аба ж-а суу жолдору бар. Автомобиль жолунун жалпы уз. 6796 *км* (2000), анын 1645 *км*и эл аралык, 2514 *км*и респ. мааниде, облустук ж-а жергиликтүү маанидеги жолунун уз. 2637 *км*. Жолдун 80%нен көбү асфальт төшөлгөн. Негизги автомобиль жолу Ысык-Көлдүн жээгин айланта курулган Балыкчы–Чолпон-Ата–Түп–Каракол–Кызыл-Суу–Бөкөнбаев–Балыкчы (жалпы уз. 450 *км*) автомагистралы түзөт. Бул жол аркылуу облустун дээрлик бардык калктуу пункттары байланышып, негизги жүктөрү ж-а жүргүнчүлөрү ташылат. Облустун батышында Балыкчы ш. аркылуу Бишкек–Токмок–Балыкчы–Нарын–Торугарт жолу, чыгышында Түп–Талды-Суу–Кеген (Казакстан) жолу кетет. Көлдүн жээгин сырт м-н байланыштырып турган Барс-

*4-таблица*

**Облустун автомобиль транспорту б-ча маалымат (2001-ж.)**

| Райондор ж-а шаарлар | Жүк ташуу, миң *тонна* | Райондордун ж-а шаарлардын үлүшү, % м-н | Жүктөрдү ташуу, млн жүргүнчү | Райондордун ж-а шаарлардын үлүшү, % м-н |
|---|---|---|---|---|
| Жалпы облус б-ча, анын ичинен: | 2988,7 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Ак-Суу р-ну | 214,2 | 7,2 | 19,5 | 5,2 |
| Жети-Өгүз р-ну | 207,3 | 6.9 | 31,5 | 8,4 |
| Ысык-Көл р-ну | 189,2 | 6,3 | 20,0 | 5,4 |
| Тоң р-ну | 226,4 | 7,6 | 39,9 | 10,6 |
| Түп р-ну | 523,0 | 17,5 | 10,7 | 2,8 |
| Балыкчы ш. | 722,0 | 24,2 | 66,2 | 17,6 |
| Каракол ш. | 47,91 | 16,0 | 144,2 | 38,4 |
| Чолпон-Ата ш. | 427,5 | 14,3 | 43,5 | 11,6 |

кон–Кара-Сай–Ак-Шыйрак–Эңилчек–Каракол автомобиль жолунун алтын, түстүү металл, курулуш материалдар ж. б. кен байлыктарын өздөштүрүүдө, о. эле жайкы жайыттарды пайдаланууда мааниси чоң. Облуста жүк ж-а жүргүнчүлөрдү ташууда автомобиль транспортунун мааниси зор. 2001-ж. автомобилдер м-н 3,0 млн *т* жүк ташылып (респ-нын 11,3%и), жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү 375,5 млн жүргүнчү *км* (7,9%) болгон.

Балыкчы ш-на чейин темир жол жетет. Бул жолдун башка региондор ж-а мамлекеттер м-н экон. байланыш түзүүдө орчундуу мааниси бар. Респ-нын башка региондорунан айырмаланып, облуста суу жол транспорту бар. Негизинен эл чарба жүктөрү ташылат. Суу жол транспортунун келечеги кең. Транспорттун бул түрү б-ча 2001-ж. 36,2 миң *т* жүк ташылган (1998-ж. – 30,6 миң *т* болгон). Ал эми жүк ташуунун жүгүртүлүшү 7,2 млн *т кмге* (1996-ж. 6,1 млн *км*) жеткен.

Аба жол транспорту жүргүнчүлөрдү ж-а почта жүктөрүн ташууда маанилүү. Каракол ж-а Тамчы ш-нда аэропорттор бар. Аба жолу Бишкек, Жалал-Абад, Ош, Баткен ж-а коңшу Өзбекстандын борбору Ташкен ж-а Казакстандын мурунку борбору Алматы м-н байланыштырат.

**Маданий турмушу.** Облуста 2001/02-окуу жылында 2 жогорку окуу жайында бардыгы болуп 9,3 миң студент окуп, 577 окутуучу иштеген. Алардын ичинен экөө илимдин доктору, 50дөн ашыгы илимдин кандидаттары .

Облустун 6 атайын орто окуу жайында 1791 студент окуп, 211 окутуучу иштешсе, 9 кесиптик окуу жайларында (ПТУ) 2035 окуучу билим алган. Региондун жалпы билим берүүчү 190 мектебинде 98,3 миңдей окуучу окуп, 7471 мугалим иштеген. Облуста 2 жатак-мектеп, сабактарды тереңдетип окуткан 8 мектеп, 2 гимназия, 4 лицей болгон. Жалпы мектептердин көбүндө информатика кабинеттери иштейт. Мектептерде окуулар кыргыз ж-а орус тилдеринде жүргүзүлөт.

Облуста 155 китепкана (1559 миң нуска китеп), драма театр (Каракол), бир нече театр, райондук, айылдык маданият үйлөрү, мамл. музейлер Каракол тарыхый-жерге таануу музейи, Ысык-Көл мамл. тарыхый-маданият корук музейи, Чолпон-Атадагы Казак элинин белгилүү уулу Мухтар Ауэзовдун үй-музейи ж. б. болгон. Облустук, райондук ж-а шаардык бир нече гезиттер чыгып турат.

1981-жылдан «Ысык-Көл» радиостанциясы (кыргыз, орус тилинде) иштейт. 1992-ж. алгачкы телекөрсөтүү эфирге чыккан.

Облуста облустук оорукана, 5 борб. райондук оорукана, үй-бүлөлүк мед. борбору, 105 фельдшердик-акушердик пункт, 7 санитариялык-эпидемиологиялык станция, 18 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу бар (2002). «Мээрим» фондусу тарабынан Чолпон-Ата ш-нда «SOS» Кыргызстан балдар айылы, «Алтын балалык» реаблитация борбору уюшулган.

Облуста байыркы археологиялык эстеликтерден палеолит дооруна (б. з. ч. 6–4-миң жылдык) таандык байыркы көчмөндөрдүн аска бетине тарткан сүрөттөрү (Сары-Жаз сыртында), алгачкы темир доорундагы (б.з.ч. 7 – 5-к.) сак-усун көчмөндөрүнүн эстеликтери (Балыкчыдан Чолпон-Атага чейин, Алабаш тоосу ж. б.), байыркы буюм-тайым чогундулары (Таштак, Кырчын, Челпек коло буюмдары), байыркы түрк эстеликтеринен 6–10-к-га таандык балбалдар (Ысык-Көл чөлкөмүнүн бардык аймактарында), шаар чалдыбарлары (Барскон, Даркан, Тоң, Бар-Булак, Бостери ж.б.) ж. б. сакталган. Археол. эстеликтер цивилизациянын өнүгүшүнөн, жергиликтүү уруулардын басып өткөн тарыхый жолунан, көл боюнун Чыгыш, Батыш (Улуу Жибек жолу аркылуу) м-н болгон соода-экономикалык маданий байланыштарынан кабар берет.


*А. Мырзаев, К. Кулназарова*

# РАЙОНДОРУ

**АК-СУУ РАЙОНУ** – Ысык-Көл облусундагы админ. район. 1973-ж. 12-апрелде Түп р-нан бөлүнгөн. Түндүгүнөн Түп р-ну, түн.-чыгышынан Казакстан, батышынан Жети-Өгүз р-ну, түн.-чыгышынан Кытай м-н чектешет. Аянты 10,1 миң *км²*. Калкы 63,7 миң (2009). Райондо 13 айыл округу, 41 кыштак бар. Райондун борбору – Теплоключенка (калкы 10,8 миң; 2009).

Жеринин бети тоолуу; Кан-Теңир тоо тоомунун (Жеңиш чокусу, бийиктиги 7439 *м*) батыш бөлүгүн, Сары-Жаз суусунун алабын, Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүн, Тасма дөңсөөсүнүн чыгыш капталын (бийикт. 1800–2400 *м*) ж-а Жыргалаң өрөөнүн ээлейт. Кен байлыктарынан көмүр, коргошун, калай, кайнатма туз, курулуш материалдары бар. Минералдуу ысык сууларга (Алтынарашан, Ак-Суу, Жыргалаң) бай. Климаты мелүүн континенттик (Ак-Суу сырттарында кескин континенттик). Июлдун орт. темп-расы 14–17°С, январдыкы –5°Сден –7°Сге чейин (сырттарында июлдуку 10,8°С, январдыкы –19,6°Сге чейин). Жылдык жаан-чачыны 450–700 *мм*, сырттарында 250 *мм*. Кан-Теңир тоо тоому мөңгүлүү, ирилери: Түн. ж-а Түш. Эңилчек, Кайыңды ж. б. Ири суулары: Сары-Жаз, Жыргалаң, ТүргөнАк-Суу, Каракол ж. б. Тоолорунда көл (Мерцбахер ж. б.) көп. Кыртышы 2400 *м* бийиктикке чейин ачык ж-а кара коңур топурактуу, андан жогору тоонун талаа кара топурагы таралган. Тоо этектери күрөң топурактуу. Сугат ж-а кайрак жер дыйканчылыгы өнүккөн. 2000–3000 *м* бийиктикте карагай токою ж-а бадал өсөт; субальп шалбаасы чабынды ж-а жайыт катары пайдаланылат. Деңиз деңг. 2500–3000 *м* жогору альп шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. 3500–4000 *м* бийиктикте түбөлүк кар ж-а мөңгү алкактары жатат. Тоолору жайыт, өрөөнү кыштоо катары пайдаланылат. Жаныбарлары: тоо эчки, бугу, аюу, доңуз, илбирс, карышкыр, суур, түлкү, кашкулак, коён; куштардан – кыргоол, маңкаказ, кекилик, бүркүт ж. б. кездешет. Райондун аймагында Ак-Суу мамл. аңчылык заказниги уюштурулган (аянты 32,4 миң *га*).

Калкы көп улуттуу; негизинен кыргыз ( 45117; 1999-ж.), о. эле орус, калмак, украин, өзбек, уйгур, казак, дуңган ж. б. жашайт. Калк райондун түн. түзөң бөлүгүндө жышыраак отурукташкан. Калктын жыштыгы: 1 *км²* жерге орт. эсеп м-н 6 киши туура келет. Табигый өсүшү 2002-ж. маалымат б-ча 16,6 кишини түзөт. Көбү айыл-кыштактарда жашайт. Аймагында Каракол ш., Жыргалаң ж-а Пристань-Пржевальск шаарчалары жайгашкан.



**Аксуу районунун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Теплоключенкадан алыстыгы (*км* м-н) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Булак | 1924 | Ак-Булуң | 1660 | 34 | 257 |
| Ак-Булуң | 1922 | Ак-Булуң | 1620 | 35 | 258 |
| Ак-Чий | | Ак-Чий | 1300 | – | – |
| Боз-Булуң | | Кара-Жал | 830 | 18 | 214 |
| Боз-Учук (Нововознесеновка) | | Боз-Учук | 3100 | 21 | 253 |
| Бурма-Суу | | Челпек | 1600 | 14 | 220 |
| Бөрү-Баш | | Бөрү-Баш | 1750 | 15 | 221 |
| Жаңы-Арык | | Кара-Жал | 1720 | 14 | 215 |
| Жергез (Новоконстантиновка) | | Кереге-Таш | 830 | 11 | 243 |
| Жолколот | | Октябрь | 2200 | 18 | 225 |
| Жылдыз | | Тепке | 820 | 28 | 210 |
| Жыргалаң | | Кара-Жал | 100 | – | – |
| Зындан (Токтогул) | | Ак-Булуң | 920 | 35 | 262 |
| Ичке-Жергез | | Боз-Учук | 1620 | 20 | 245 |
| Кайырма-Арык | | Кереге-Таш | 1120 | 12 | 249 |
| Кара-Жал | | Кара-Жал | 160 | 12 | 215 |
| Каракол | | Каракол | 1650 | 18 | 220 |
| Каракыз (Пионер) | | Кереге-Таш | 2320 | 15 | 244 |
| Качыбек (Раздольный) | | Ак-Чий | 800 | 25 | 238 |
| Кереге-Таш | | Кереге-Таш | 2320 | 3 | 235 |
| Курбу (Моңолдор) | | Тепке | 750 | 25 | 212 |
| Кызыл-Кыя (Совет) | | Ак-Чий | 800 | 30 | 248 |
| Маман (Октябрь) | | Октябрь | 1650 | 6 | 225 |
| Орлинный (Чолок) | 1911 | Отрадный | 1000 | 19 | 222 |
| Отрадный | 1911 | Отрадный | 1700 | 24 | 232 |
| Отуз-Уул | | Октябрь | 1000 | 7 | 228 |
| Сары-Камыш | | Кереге-Таш | 1600 | 7 | 228 |
| Таш-Кыя | | Челпек | 1670 | 13 | 227 |
| Тегизчил | | Кара-Жал | 1200 | 11 | 213 |
| Тепке | 1910 | Тепке | 840 | 28 | 211 |
| Теплоключенка | | Теплоключенка | 10600 | 8 | 229 |
| Үч-Кайнар | 1870 | Октябрь | 800 | 7 | 203 |
| Челпек | | Челпек | 2400 | 15 | 219 |
| Черик | | Бөрү-Баш | 270 | 20 | 224 |
| Чолпон | | Каракол | 1300 | 21 | – |
| Шапак | | Отрадный | 820 | 26 | 235 |
| Энчилеш | | Боз-Учук | 940 | 30 | 260 |
| Эңилчек | 1900 | Эңилчек | 110 | 165 | 390 |

Чарбасынын негизин а. ч. түзөт. Райондо а. ч-га жарактуу 46,6 миң *га,* жердин 35,2 миң *га*сын айдоо (анын 41 миң *га*сы сугат жер, 5,6 миң *га*сы кайрак жер), 13 миң *га* мөмө-жемиш бактары, 302,6 миң *га*сын жайыт, 2,3 миң *га*сын чабынды ээлейт. Негизги айдоо аянттары көлдүн жээгинде ж-а Тескей Ала-Тоонун этектеринде, ал эми жайкы жайыттары Тескей Ала-Тоонун өрөөн капчыгайларында ж-а Какшаал бийик тоолуу аймагында жайгашкан. Негизинен картөшкө ж-а буудай өстүрүлөт. Малдын санынын азайышына байланыштуу көп жылдык өсүмдүктөр ээлеген айдоо жерлердин аянттары кыскартылып, алардын ордуна башка а. ч. эгиндери өстүрүлүүдө. Өнөр жай анча өнүккөн эмес. Райондун аймагында жергиликтүү маанидеги Жыргалаң шахтасы, Каракол механикалаштырылган токой чарбасы ж-а турмуш тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар бар. Сары-Жаз д-нын алабында калай, вольфрам, коргошун түстүү металл кендери чыгат. Райондо чакан менчик ишканалары өнүгүүдө. «Кум-Төр Оперейтинг компани» м-н Эңилчек кичи менчик өндүрүштүк ишканасы биргелешип алтын м-н вольфрам концентратын өндүрүүдө. Биргелешкен ишкананын дүң жыйымы 22,5%ти түзөт. Райондо кайра иштеп чыгуучу ж-а тамак аш ө. ж. тармактары өнүгүп, ал негизинен ички рынокко

багытталган. Райондо тери иштетүүчү эки ишкана, май чыгаруучу кичи тегирмен, нан заводдору бар. Заводдордун ичинен эң ириси Челпек арак-шарап заводу. Картөшкөнү кайра иштетүүчү минизавод куруулууда (күнүнө 10 *т* картөшкө иштетет). Анда крахмал ж-а кургак картөшкөнү чыгаруу, а. ч. өсүмдүктөрүн, мөмө жемиштерди кайра иштетүүнү өнүктүрүү каралууда. Мурда малдын саны көбөйүп, мал чарбасы экстенсивдүү түрдө жүргүзүлгөндүктөн жайыттардын экологиялык абалы кыйла начарлап кеткен. Азыркы учурда малдын (айрыкча койдун) санынын азайып кеткендигине байланыштуу бийик тоолуу жайыттар дээрлик пайдаланылбай калды. 2002-ж. райондо 25,9 миң карамал (анын 13,9 миңи саан уй), 102,8 миң кой-эчки, 6 миңдей чочко, 10,2 миң жылкы, 82,1 миң үй кушу болгон. Район 2002-ж. 9,8 миң *т* эт, 29,6 *т* чийки сүт, 3,0 млн даана жумуртка, 362 *т* жүн даярдаган. 2001-ж. 745 дыйкан чарбасы иштеген. Тескей Ала-Тоодон Каракол ш-нын түштүгүнө чейин 100 миң *га* жерди токой массиви ээлейт. Токойдун негизин арча, карагай, акчечек, о. эле талаа, шалбаа өсүмдүктөрү, бадалдар түзөт. Райондо альпинизм, аңчылык ж. б. туризмдин түрлөрүнүн өнүгүүсү үчүн зор мүмкүнчүлүктөр бар. Альпинизмдин чордонун Кантоо, Жеңиш чокулары түзөт. Туристтерди райондун ажайып кооз тоо токойлуу жерлери да өзүнө тартат. Ал жерлерге облустун борбору – Каракол ш-нан түрдүү транспорт м-н оңой жетип алууга болот.


Райондо автомобиль транспорту өнүккөн, автомобиль жолдорунун басымдуу бөлүгүнө асфальт төшөлгөн. Каракол ш-нан аба ж-а суу жолдору да кетет. Шаардын четинде аэропорт бар. Райондун аймагы аркылуу өткөн Түп – Кеген (Казакстан) автомобиль жолу реконструкцияланууда (2003).

2001/02-окуу жылында 34 жалпы билим берүүчү мектепте 13911 окуучу окуган, а.и. 2 толук эмес орто, 2 башталгыч мектеп болгон. 27 мектепте окуу кыргыз, 7 мектепте кыргыз ж-а орус тилдеринде жүргүзүлөт; 2 мектепке чейинки мекемеде 201 бала тарбияланган, кесиптик-тех. окуу жайы бар. Ак-Суу борборлошкон китепкана, маданият үйү, о. эле райондук «Мезгил жарчысы» газетасы ж-а кыргыз орус тилдеринде чыгат. Райондун аймагында райондук оорукана, үй-бүлөлүк медицина борбору, стамотологиялык поликлиника, 26 фельдшер-акушердик пункт, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, балдардын неврологиялык санаторийи (105 орундуу) ж. б. мед.-санаториялык мекемелер, Ак-Суу курорту бар.

*К. Кулназарова*

**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ** – Ысык-Көл облусундагы адм.-аймактык бирдик. 1930-ж. уюшулган (1963-ж. Тоң р-нуна кошулуп, 1965-ж. кайра бөлүнгөн). Чыгышынан Ак-Суу, батышынан Тоң р-ндору, түш.- батышынан Нарын облусу, түш.-чыгышынан Кытай м-н чектешип, түндүгүнөн Ысык-Көл чулгайт. Аянты 14,1 миң *км²*. Калкы 82,1 миң (2009). Борбору – Кызыл-Суу кыштагы (калкы 12,3 миң; 2009).

Райондун аймагы негизинен тоолуу; рельефине жараша 2 зонага бөлүнөт: түздүктүү түндүк (Ысык-Көлдүн жээк түздүгү ж-а Тескей Ала-Тоонун түн. этеги, анын өрөөн,капчыгайлары) ж-а Тескей Ала-Тоо м-н Какшаал тоо тизмегинин аралыгында жаткан *Ысык-Көл сырты*. Негизги тоо тармактары: Тескей Ала-Тоо (райондун аймагындагы эң бийик жери Иттиш чокусу, 4808 *м*), Ак-Шыйрак тоо тоому (5125 *м*), Борколдой кырка тоосу (5170 *м*), Жетимбел кырка тоосу (4627 *м*), Какшаал тоо тизмеги (5200 *м*). Негизги өрөөндөрү: *Ысык-Көл өрөөнү*, *Жогорку Нарын* өрөөнү (Кара-Сай, Тарагай), *Үчкөл – Сарычат өрөөнү* ж. б. Алар деңиз деңг.1608 *м*ден (Ысык-Көл өрөөнү) 3200 *м* бийиктикке чейин (Арабел өрөөнү) жайгашкан. Тескей Ала-Тоо м-н Какшаал тоо тизмегинин аралыгында деңиз деңг. 2500 *м*ден жогору жайгашкан күдүрлүү кенен аймак – сырт жатат (к. *Сырт*, *Ысык-Көл сырты* макалаларын). Кен байлыктары:калий, алтын (Кум-Төр), вольфрам, коргошун, графит, темир, о. эле минералдуу жылуу булактар (к. *Жети-Өгүз минералдуу суусу* макалаларын), курулуш материалдары ж. б. Райондун Ысык-Көл жак бөлүгүндө деңиздик-тоо, Сыртка кескин континенттик климат мүнөздүү. Ысык-Көл өрөөнүнүн жайы салкын (июлдун орт. темп-расы 17,5°С), кышы жумшак (январдыкы – 2,9°С). Сырттын кышы узак ж-а суук (январдыкы –22°С), жайы кыска ж-а салкын (июлдуку 5°С). Жылдык жаан-чачыны Ысык-Көл өрөөнүндө 350–500 *мм*, Сыртта 200–300 *мм*. Тоолору мөңгүлүү, алардын Нарын, Сары-Жаз, Үзөңгү-Kууш, Жети-Өгүз, Жууку,




Барскон ж. б. суулар башталат. Майда көлдөрү бар. Топурак м-н өсүмдүктөрү бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Негизинен жарым чөлдүү кургак талаа, талаа–шалбаа, токой (негизинен карагай), субальп, альп, бийик тоолуу тундра, гляциалдык–ниваллдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Аймагынын бир бөлүгү *Ысык-Көл биосфералык резерватына* кирет; *Жети-Өгүз аңчылык заказниги* уюшулган.

Калкы облустун калкынын 18,9%ин түзөт; көп улуттуу. Негизинен кыргыз (87,3%), орус (7,4%), дунган (2,4%), украин (0,5%) ж. б. улуттар жашайт. Орто жыштыгы 1 *км²* жерге 5,5 киши. Көбү көл кылаасында отурукташкан. Райондо 13 айыл округу, 43 кыштак бар (к. төмөнкү таблицаны).

Чарбасынын негизги тармагы – айыл чарбасы; 1149 дыйкан чарбасы, Оргочор асыл тукум мамл. заводу, Жети-Өгүз мал бордоо чарбасы, мөмө-жемиш питомниги иштейт (2001). Кийинки жылдары малдын санынын кыйла кыскарып кеткендигине карабастан Ж. р. малынын саны б-ча облуста 1-орунда. 2001-ж, 32,6 миң уй (сааны 16,5 миң), 157,1 миң кой, эчки, 17,1 миң жылкы, 2,2 миң чочко, 750,1 миң үй кушу, 0,6 миң коён, 0,2 миң нутрия болгон. 2001-ж. 10,0 миң *т* эт, 32,4 миң *т* сүт, 1,4 млн даана жумуртка, 546 *т* жүн (ар бир койдон 3,4 *кг* жүн) даярдалган. Сырттын жайыты кенен болгондугуна карабастан анын алыс жайгашкандыгына байланыштуу чарбада чектелүү гана пайдаланууда. Райондун чыгыш бөлүгүнүн табияты чарбачылыкка ыңгайлуу болгондуктан, анда айыл чарбасы өнүккөн. Айыл чарбасынын негизги продукциясын дан эгиндери, о. эле картөшкө

| Кыштактын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (км) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (км) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Дөбө | - | Ак-Дөбө | 1210 | 21 | 208 |
| Ак-Кочор | - | Жети-Өгүз | 1360 | 27 | 211 |
| Ак-Терек | - | Жаргылчак | 2770 | 25 | 158 |
| Ак-Шыйрак | 1928 | Ак-Шыйрак | 180 | 248 | 446 |
| Аң-Өстөн | - | Ак-Дөбө | 1142 | 18 | 205 |
| Барскон | 1911 | Барскон | 6100 | 45 | 147 |
| Богатыровка | 1911 | Липенка | 670 | 25 | 215 |
| Боз-Бешик | 1932 | Оргочор | 1050 | 15 | 200 |
| Балтабай (Алкым) | - | Ырдык | 810 | 26 | 212 |
| Даркан | 1911 | Даркан | 5030 | 10 | 172 |
| Жалгыз-Өрүк | - | Кызыл-Суу | 1200 | 2 | 182 |
| Желе-Дөбө | - | Жети-Өгүз | 870 | 17 | 204 |
| Жеңиш (Чычкан) | - | Жаргылчак | 1950 | 24 | 161 |
| Жети-Өгүз | - | Жети-Өгүз | 3120 | 24 | 211 |
| Жети-Өгүз | - | Курорт | 400 | 24 | 206 |
| Жан-Булак | - | Ырдык | 1600 | 26 | 213 |
| Зеленый-Гай (Кой-Сары) | - | Липенка | 270 | 25 | 215 |
| Ичке-Булуң | - | Липенка | 1200 | 32 | 223 |
| Кабак | 1929 | Жети-Өгүз | 1030 | 25 | 210 |
| Кайнар (кыш заводу) | 1957 | Кызыл-Суу | 500 | 15 | 199 |
| Каракол | 18-к | Барскон | 80 | 160 | 307 |
| Кара-Сай | - | Барскон | 15 | 157 | 307 |
| Кичи Жаргылчак | - | Жаргылчак | 2200 | 31 | 160 |
| Конкин | - | Ырдык | 500 | 27 | 212 |
| Кызыл-Суу пристаны | - | Кызыл-Суу | 110 | 9 | 191 |
| Кызыл-Суу (Сливкин, Покровка) | 1867 | Кызыл-Суу | 13200 | - | 182 |
| Кытай (Комсомол) | - | Ырдык | 550 | 24 | 211 |
| Липенка | 1911 | Липенка | 1350 | 21 | 214 |
| Мундуз | - | Ак-Дөбө | 530 | 16 | 203 |
| Оргочор | 1932 | Оргочор | 1900 | 2 | 189 |
| Подгорный | - | Оргочор | 920 | 6 | 193 |
| Саруу | 1890 | Саруу | 6200 | 5 | 176 |
| Светлая Поляна (Сүттүбулак) | 1911 | Светлая Поляна | 2100 | 4 | 186 |
| Талды-Булак | - | Жети-Өгүз | 60 | 24 | 211 |
| Тамга | - | Тамга | 3200 | 39 | 148 |
| Тилекмат | - | Ак-Дөбө | 2000 | 13 | 200 |
| Тоосор | 1928 | Тамга | 1650 | 55 | 127 |
| Чоң Жаргылчак | 1928 | Жаргылчак | 670 | 37 | 151 |
| Чоң Кызыл-Суу | 1920 | Светлая Поляна | 500 | 4 | 191 |
| Чырак | 1912 | Жети-Өгүз | 1550 | 22 | 206 |
| Ырдык | - | Ырдык | 2600 | 28 | 214 |

түзөт. Айдоо жеринин дээрлик жарымын дан эгиндери ээлейт. Райондун бардык жер аянты 1,5 млн *га,* а. и. а. ч-га жарактуу жери 483,4 миң *га*, айдоо жери 39,5 миң *га*, чабындысы 863 *га*, жайыты 438,8 миң *га*. 2001-ж. 13,1 миң *га* дан эгиндери (51,0 миң *т* түшүм жыйналган), 14,5 миң *га* көп жылдык чөп, 2,6 миң *га* бир жылдык чөп, 3,6 миң *га* силос үчүн жүгөрү, 0,8 миң *га* картөшкө (1234 миң *т*), 0,1 миң *га* жашылча айдалган.

Негизги ө. ж. ишканалары: Кум-Төр алтын комбинаты, Кызыл-Суудагы сүт, кыш, нан заводдору, «Шербет» заводу (спирт ичимдектерин чыгарат), о. эле тегирмен, май чыгаруучу ж. б.

Ж. р. туризм сектору б-ча облуста Ысык-Көл районунан кийинки 2–орунда турат. Мында көл жээгиндеги күнөстүү пляждардан сырткары табигый ажайып кооз жерлер (Жети-Өгүз өрөөнүндөгү Көкжайык, Жарылган жүрөк аскалар, Жууку, Кызыл-Суу сыяктуу өрөөндөр ж. б.), Жети-Өгүз курорту, Ысык-Көл, Тамга санаторийлери туристтерди ж-а эс алуучуларды кышын-жайын кабыл алат. Тарыхый эстеликтерден 7–15-к-га

таандык Барскоон шаар чалдыбары бар. Райондун аймагы аркылуу Бишкек–Балыкчы–Каракол (көлдүн тескейи м-н), Барскон–Ак-Шыйрак, Барскон–Кум-Төр автожолдору өтөт. Кызыл-Сууда пристань, Тамга айылында аэропорт бар.

Райондо 2000/01-окуу жылында 28 орто, 8 негизги (1 жатак мектеп), 2 башталгыч билим берүүчү мектепте 18,3 миң окуучу окуган. Ырдык, Богатыровка, Липенка, Оргочор, Светлая Поляна, Тамга ж. б. кыштактарда окуу орус-кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. 2001-ж. 8 мектепке чейинки балдар мекемелеринде 155 бала тарбияланган. Эки кесиптик-тех. окуу жайы (Кызыл-Суу, Барскон айылдары), райондук борб. китепкана ж-а анын бөлүмдөрү, ж. б. маданият мекемелери бар. Кыргыз ж-а орус тилдеринде «Жети-Өгүз жаңылыгы», «Жети-Огузская новь» гезиттери чыгат. 2002-ж. райондук оорукана (275 орундуу), бейтапкана, балдар бейтапканасы, 145 орундуу участкалык оорукана (Кара-Сай, Караколка, Тамга, Жети-Өгүз, Ак-Шыйрак кыштында), 22 фельдшер-акушердик пункт, 4 үйбүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. иштейт. Район б-ча 113 врач, 511 мед. орто билимдүү адис, а. и. санитариялык–эпидемиологиялык станцияда 14 врач, 49 мед. орто билимдүү кызматкерлер эмгектенет.

*К. Кулназарова*

**ТОҢ РАЙОНУ** – Ыссык-Көл облусунун батыш бөлүгүндөгү адм.-айм. бирдик. 1936-ж. уюшулган (1963-ж. Жети-Өгүз районуна кошулуп, 1965-ж. кайра бөлүнгөн). Батышынан Кемин, түш.-батышынан Кочкор, түштүгүнөн Нарын, чыгышынан, түш.-чыгышынан Жети-Өгүз р-ндору м-н чектешип, түндүгүнөн Ысык-Көл чулгайт. Аянты 6 миң $км^2$. Калкы 49,1 миң (2009). Борбору – Бөкөнбаев кыштагы (калкы 10,6 миң; 2009).

Райондун аймагы негизинен 3 зонага бөлүнөт: түндүгүндө көл жээгиндеги түздүк ж-а аны улай жаткан суу өрөөндөрү; тоо аралык ойдундар ж-а Тескей, Ала-Тоонун түн. тармактары – Кызыл-Тоо, Кара-Сай, Боз-Чап, Чуңкурчак, Тастарата, Тегерек, Дувана тоолору ж-а Коңур-Өлөң–Ала-Баш, Жерүй, Бар-Булак, Кажысай өрөөндөрү; Тескей Ала-Тоо ж-а анын түн. тармактары ж-а Тескей, Ала-Тоодон түштүктү карай жаткан *Сырттын* Кичи Нарын суусунун алабын ээлеген бөлүгү. Көл жак тарабына чаптуу рельеф да мүнөздүү. Райондун аймагына о. эле Чүй өрөөнүнүн эң чыгыш бөлүгү да кирип жатат. Кен байлыктары: көмүр (*Сөгөттү көмүр кени*), курулуш материалдары, арашан булактары (Тоң минералдуу суусу), дары баткактар ж. б. Климаты



мелүүн континенттик, январдын орт. темп-расы –5°...–10°С, июлдуку 15–18°С. Сыртта январдыкы –15...–20°С, июлдуку 5°С. Түн. бөлүгү жаан-чачынга жарды көбүнчө 200 *мм*ден ашпайт, жылдык орт. өлчөмү 200–300 *мм*. Сыртка кескин континенттик суук климат мүнөздүү; жылдык жаан-чачындын өлчөмү 500 *мм*ге чейин. Суулары: Тоң, Ак-Сай, Ак-Терек, Туура-Суу, Сыртта–Балгарт (куймалары: Жылуусуу, Буркан, Кызыл-Суу, Айкөл, Арчалы ж. б.). Топурагы м-н өсүмдүгү бийиктик б-ча өзгөрөт. Деңиз деңг. 1609–1705 *м* бийиктикке көл кылаасындагы жарым чөлдүү талаа, андан жогору талаа (1700–1800 *м)*, тоо этектериндеги адырлуу талаа (1800–2000 *м*), токой (2100–2900 *м*); райондун чыгыш бөлүгүндө Тескей Ала-Тоонун түн. капталына субальп, альп (2900–3800 *м*) ж-а гляциалдык-нивалдык (3600–4000 *м*) ландшафт алкактары мүнөздүү. Райондун аймагы Ысык-Көл биосфералык резерватынын бир бөлүгү.

Калкы көп улутуу; негизинен кыргыз (88,4%, 1999-жылкы улуттук эл катоо б-ча), орус, өзбек, дуңган ж. б. улуттар жашайт. Калктын көбү көл жакалай отурукташып, жыштыгы орто эсеп м-н 1 *км²* жерге 7,5 киши туура келет. Бийик тоолуу аймактарында, сырт зонасында калк өтө сейрек. Райондо 7 айыл округу, 1 шаарча кеңеши, 30 айыл, Кажысай шаарчасы бар.

Чарбасынын тармактары – уяң, чала уяң, жүндүү кой чарбасы ж-а дыйканчылык. 2001-ж. 19,6 миң бодо (анын ичинде 450 топоз, 10,7 миң саан уй), 121,9 миң кой – эчки, 0,2 миң үй кушу болгон. Ошол эле жылы 7,0 миң *т* эт, 17,7 миң *т* сүт, 0,7 млн даана жумуртка, 410 *т* жүн даярдалган. Райондун а. ч-га жарактуу жери 395,2 миң *га*, а. и. 21,6 миң *га*сы айдоо (анын 17,8и сугат жер), 14,7 миң *га*сы тоют өсүмдүктөрү, 3,4 миң *га*сы чабынды, 368,5 миң *га*сы жайыт. 8,6 миң *га* жерге дан эгиндери (26,7 миң *т*), 275 *га*

**Тоң районунун айыл-кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Өлөң | - | Көк-Мойнок | 1460 | 90 | 21 |
| Ак-Сай | - | Тоң | 150 | 11 | 100 |
| Ак-Сай | - | Күн-Батыш | 1630 | 14 | 74 |
| Ала-Баш | - | Күн-Батыш | 1270 | 60 | 64 |
| Арчалы | - | Ак-Терек | 300 | 270 | 253 |
| Бар-Булак | - | Күн-Батыш | 600 | 41 | 50 |
| Бөкөнбаев | 1912 | Райондун борбору, Күнчыгыш | 10900 | - | 88 |
| Бүркүт (Большевик) | - | Күн-Батыш | 1980 | 8 | 86 |
| Дөн-Талаа | - | Ак-Терек | 550 | 44 | 60 |
| Жер-Үй | - | Күн-Батыш | 400 | 21 | 89 |
| Кажысаз | - | Төрткүл | 450 | - | - |
| Калкагар (Комсомол) | 1930 | Ак-Терек | 540 | 48 | 64 |
| Карагоо | - | Ак-Терек | 2800 | 33 | 57 |
| Кара-Талаа | - | Улакол | 1800 | 63 | 23 |
| Кара-Шаар | - | Улакол | 750 | 66 | 27 |
| Коңур-Өлөң | 1924 | Көлтөр | 1450 | 35 | 87 |
| Көк-Мойнок №1 | 1871 | Көк-Мойнок | 760 | 134 | 15 |
| Көк-Мойнок №2 (Байдамтал) | - | Көк-Мойнок | 520 | 115 | 25 |
| Көк-Сай | - | Күн-Батыш | 660 | 19 | 87 |
| Көлтөр | 1932 | Көлтөр | 900 | 30 | 82 |
| Кызыл-Омпол | - | Көк-Мойнок | 230 | 93 | 21 |
| Кызыл-Туу (Ак-Терек) | - | Ак-Терек | 1270 | 28 | 60 |
| Оттук | - | Улакол | 1550 | 70 | 22 |
| Темир-Канат | 1936 | Төрткүл | 1000 | 27 | 112 |
| Тогуз-Булак | 1930 | Көлтөр | 1680 | 35 | 78 |
| Тоң | 1930 | Тоң | 1650 | 7 | 110 |
| Төрткүл | - | Төрткүл | 2950 | 3 | 88 |
| Туура-Суу | 1932 | Төрткүл | 730 | 8 | 88 |
| Туура-Суу | 1932 | Улакол | 500 | 25 | 60 |
| Шор-Булак | - | Улакол | 1020 | 50 | 45 |

картөшкө (37,5 миң *т*), жашылча (6,4 миң *т*) айдалган. Райондо 1658 дыйкан чарбасы бар (2001).

Мурда райондун чарбасында ө. ж. ишканаларынан Борбордук шахтасы, Кажысай нан заводу, Кажысай электр-тех., Ак-Сай тоң май чыгаруучу, бетон даярдоочу, Тоң балык өстүрүү заводдору, райондук автотранспорт ишканаларынын мааниси зор болгон. Кийин алар дээрлик иштебей калган. Азыр (2003-ж.) Кажысай электр-тех. заводунун айрым цехтери, дары-дармек даярдоочу «Биосит» жоопкерчилиги чектелген коому, элге керектелүүчү товарларды чыгаруучу «РиЖ» фирмасы, о. эле тегирмен, май, нан ж. б. чыгаруучу чакан ишканалар гана иштейт. Табигый кооз жерлеринин ж-а жээк зонасынын кеңири болгондугуна карабай туризм анча өнүккөн эмес. Анткени, ал жерлердин басымдуу бөлүгүн корук ээлейт; анын үстүнө жолунун абалы да начар.

Негизги жол тармактарынын жалпы уз. 259 *км*, анын 210 *км*ине таш төшөлгөн. Транспорттун негизги түрү – автомобиль. Райондун аймагы аркылуу Бишкек–Каракол (Ысыккөлдүн түш. жээги м-н), Бишкек–Балыкчы–Нарын автомобиль жолдору, түн.-батыш бөлүгү аркылуу Бишкек–Балыкчы (50 *км*), т. ж. өтөт. Тоң өрөөнүнүн түн. бөлүгү Кочкор ж-а Каракужур өрөөндөрү аркылуу Сырт м-н байланышат. Тоң кыштагында пристань бар.

2001/02-окуу жылында 34 жалпы билим берүүчү, 30 орто мектеп, 2 толук эмес орто, 2 башталгыч, жардамчы жатак мектеп (Кажысайда), 4 мектептен тышкары мекеме (2 өспүрүм ж-а балдар борбору, 2 балдардын спорттук мектеби) болгон. Жалпы билим берүүчү мектептерде 13911 окуучу окуган, 2 мектепке чейинки балдар мекемелеринде 201 бала тарбияланган. Ошондой эле кесиптик-тех. окуу жайы, 2 муз. мектеп бар. 2001-ж. райондук борб. китепкананын бөлүмдөрү, 27 клуб, райондук маданият үйү, 5 айылдык маданият үйү болгон. Райондук оорукана, шаарча ооруканасы, райондук санитариялык-эпидемиологиялык станциясы, минералдуу суусунун базасында дарылоо мекемелери иштейт. Райондук «Эмгекчил» гезити чыгат.

*К. Кулназарова*

**ТҮП РАЙОНУ** – Ысык-Көл облусунун түн. чыгыш бөлүгүндөгү адм.-айм. бирдик. 1934-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Түп, батышынан Ысык-Көл, түштүгүнөн ж-а түн.-чыгышынан Ак-Суу р-ндору, чыгышынан Казакстан м-н чектешет. Батышынан Ысык-Көл чулгайт. Аянты 8,1 миң *км²*. Калкы 58,8 миң (2009). Борбору – Түп кыштагы (калкы 9,8 миң; 2009).

Район негизинен *Түп өрөөнүн* ж-а Күнгөй Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүнүн түш. капталын ээлейт. Түштүгүндө Сарыдөбө дөңсөөсү Тасма жарым аралына өтөт. Климаты континенттик, кышы анча суук эмес, жайы салкын, райондун климатына «Санташ» шамалынын (өзгөчө кыш айларында) таасири зор. Июлдун орт. темп-расы 17–20°С, январдыкы – 5...– 8°С. Түп өрөөнү Түн. Кырг-ндагы жаанчыл жер, жылдык жаан-чачындын өлчөмү 500–700 *мм*. Негизги суулары: Түп (жогорку агымы Ак-Суу р-нун аймагында) ж-а анын куймалары Шаты, Талды-Суу, Кен-Суу, Чоңбет, Табылгыты, Капа-Булак ж. б. Чыгышынан Каркыра суусу башталып, агып өтөт. Топурагы ж-а өсүмдүгү бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Өрөөн бөлүгүндө (2001 *м* бийиктикте) күрөң ж-а коңур, андан жогору кара топурактуу. Түздүктөрдө талаа ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү басымдуу, тоо капталдарында карагай, арча ж-а бадал өсөт. Андан жогору 3200–3300 *м* бийиктикте субальп ж-а альп шалбаасы, ал эми 3500–3600 *м*ден жогору кардуу тилке жатат.



Түп булуңунан балык кармалат. Табигый кен байлыктарынан курулушта пайдаланып жаткан акиташ, чопо ж-а башкалар (Күрмөнтү, Ак-Булактагы ишканалар), о. эле коргошун, цинк, туз, гипс кендери бар.

Негизинен кыргыз, о. эле орус, казак, украин ж. б. улуттар жашайт. Көбү Түп өрөөнүндө отурукташкан. Орт. жыштыгы 1 *км*$^2$ жерге 27,5 киши туура келет. Райондо 12 айыл округу, Ак-Булак шаарчасы, 35 кыштак бар (айыл-кыштактар ж-дө к. төмөнкү таблицаны).

Чарбанын негизин а. ч. түзөт. Райондон 860тай дыйкан чарбасы, акционердик коомдор иштейт. Айыл чарбага жарактуу жери 157,4 миң *га*, а. и. айдоо 49,8 миң *га*, жайыт 104 миң *га*, көп жылдык өсүмдүктөр 0,8 миң *га*, чабынды 3,7 миң *га* (2002). Айдоо аянтынын 19,6 миң *га*сы сугарылат. Түп ж-а Ак-Суу р-нун жерлерин сугаруу үчүн маанилүү болгон Комсомол каналы реконструкцияланууда (ал Жыргалаң суусунан башталат). Дан эгиндери (26,9 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү 20,8 миң *га*), картөшкө (1,2 миң *га*), жашылча (0,17 миң *га*) айдалат. 2001-ж. райондун чарбаларында 104,7 миң *т* буудай, 69,5 миң *т* картөшкө, 13,3 миң *т* жашылча, 4,3 миң *т* жемиш жыйналган. Мөмө дарактары, карагай ж. б. отургузулган. Райондо 2002-ж. 94,1 миң кой, эчки, 26,6 миң уй (инеги 14,5 миң), 3,8 миң чочко, 10,8 миң жылкы (анын 5,8 миңи бээ), 86,2 миң үй кушу

Түп районунун айыл-кыштактары

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-аймактык бирдиги (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ак-Булуң | - | Ак-Булуң | 570 | 15 | 183 |
| Арал | 1922 | Арал | 1380 | 18 | 212 |
| Балбай (Сары-Булак) | 1890 | Сары-Булак | 1830 | 4 | 185 |
| Беловодский | - | Ак-Булуң | 240 | 12 | 180 |
| Бирлик | 1920 | Түп | 1020 | 7 | 198 |
| Долон | - | Арал | 760 | 10 | 204 |
| Жылуу-Булак | - | Чоң-Таш | 1210 | 26 | 217 |
| Ичке-Суу | - | Талды-Булак | 1020 | 8 | 199 |
| Кара-Чуңкур | - | Санташ | 1450 | 29 | 220 |
| Каркыра | - | Санташ | 120 | 55 | 256 |
| Кең-Суу | - | Санташ | 1510 | 51 | 222 |
| Кичи-Өрүктү | - | Кутургу | 1160 | 30 | 161 |
| Корумду | - | Талды-Суу | 1510 | 15 | 210 |
| Кош-Дөбө (Мынакелди) | - | Арал | 360 | 86 | 386 |
| Көөчү | - | Талды-Суу | 1570 | 17 | 214 |
| Кутургу | 1911 | Кутургу | 1770 | 15 | 176 |
| Күрмөнтү | - | Сары-Булак | 2300 | 8 | 182 |
| Миң-Булак | 1922 | Арал | 1380 | 16 | 213 |
| Михайловка (Сарыкол) | 1907 | Михайловка | 3650 | 12 | 208 |
| Ой-Булак | - | Кутургу | 340 | 30 | 159 |
| Ой-Тал | - | Кутургу | 340 | 30 | 199 |
| Сары-Булуң | 1890 | Тогуз-Булак | 550 | 4 | 185 |
| Сан-Таш | - | Санташ | 180 | 48 | 239 |
| Сары-Дөбө | 1922 | Арал | 1390 | 15 | 212 |
| Сары-Тологой | - | Санташ | 1110 | 37 | 228 |
| Талды-Суу | 1921 | Талды-Суу | 3560 | 13 | 210 |
| Тасма | 1928 | Карасаев | 1410 | 23 | 220 |
| Тогуз-Булак | - | Тогуз-Булак | 1180 | 10 | - |
| Токтоян | 1916 | Карасаев | 1240 | 41 | 238 |
| Түп | 1866 | Райондун борбору | 11310 | - | - |
| Фрунзе | 1930 | Ак-Булуң | 820 | 13 | 177 |
| Чоң Тогузай | - | Карасаев | 820 | 30 | 227 |
| Чоң-Таш | 1918 | Чоңташ | 980 | 23 | 220 |
| Шаты | - | Түп | 1100 | 8 | 193 |
| Ынтымак | - | Ысык-Көл | 540 | 35 | 228 |
| Ысык-Көл | 1929 | Ысык-Көл | 1680 | 35 | 228 |

болгон. 2001-ж. 8,5 миң *т* эт (тирүүлөй салмак), 39,0 миң *т* сүт, 365 *т* жүн, 4,5 млн даана жумуртка даярдалган. Туризм облустун башка райондоруна салыштырмалуу анча өнүккөн эмес. Тасма жарым аралынын басымдуу бөлүгү корукка ж-а аңчылык чарбасына айландырылган. Өнөр жай ишканаларынан Көрмөнтү цемент, сүт заводдору, Түп нан заводу, турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаты иштейт.

Транспорттун негизги түрү – автомобиль. Райондун аймагы аркылуу Бишкек–Каракол автомобиль жолу өтөт. Ысык-Көл облусун Казакстан м-н байланыштыруучу Түп–Кеген жолунун мааниси зор. Ысык-Көлдүн жээгинде Түп пристаны бар.

2001/02-окуу жылында 35 жалпы билим берүү мектепте 13,9 миң окуучу окуп, 1150 мугалим иштеген. Анын 28 орто, 7 негизги мектеп. Айыл чарба техникуму, борб. китепкана ж-а анын бөлүмдөрү, клубдар иштейт. Райондук борбордук оорукана, 5 участкалык оорукана, стоматологиялык бейтапкана, 21 фельдшер-акушердик пункт, санитариялык-эпидемиологиялык станция, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт. Райондун аймагында Жыргалаң курорту жайгашкан. Райондук «Элдин үнү» гезити чыгат.

*К. Кулназарова*

**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ** – Ысык-Көл облусундагы адм.-аймактык бирдик. 1930-ж. уюшулган. Батышынан Тоң, чыгышынан Түп, түндүгүнөн Чүй облусунун Кемин р-ндору ж-а Казакстан м-н чектешип, түштүгүнөн Ысык-Көл чулгайт. Аянты 4,8 миң *км*$^2$. Калкы 75,5 миң (2009, Балыкчы шаарын кошкондо). Борбору – Чолпон-Ата шаары (калкы 10,3 миң; 2009).

Район Ысык-Көл өрөөнүнүн түн. бөлүгүн, Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталын ээлейт. Түзөң бөлүгү көл жээгиндеги түздүктөргө, тоо этегиндеги адырлар тилкесине туура келет. Басымдуу түзөң бөлүгү Ысык-Көлдүн түн жээгинде, ал батышта Балыкчы ш-нан чыгышта Ананьев кыштагына чейин созулуп жатат. Эң бийик жери 4770 *м* (Чоктал чокусу). Кен байлыктары: молибден, вольфрам, жез, курулуш материалдары, минералдуу суулар, дары баткактар ж. б. Климаты мелүүн континенттик. Жайы салкын, июлдун орт. темп-расы 17–18°С. Кышы жумшак, январдыкы –5°...–10°С. Жылдык жаанчачыны батышында 118,9 *мм*, чыгышында 231,1 *мм*. Район аркылуу Кичи Ак-Суу, Долоноту, Карагай-Булак, Чоктал, Чоң Ак-Суу, Чолпон-Ата, Чоң Өрүктү, Тор-Айгыр ж. б. суулар агат. Бозомук күрөң, кара коңур, шалбаалуу талаа, токой шалбаа топурактары басымдуу. Табигый шарттары бийиктик боюнча өзгөрөт. Адырларында (1800–2300 *м* бийиктикте) баялыш, шыбак аккылкандуу өсүмдүктөр, көл, суу жээктеринде чычырканак, итмурун, бөрүкарагат, терескен таралган. 2100–3200 *м* бийиктикте токой шалбаа тилкеси жатат. Күнгөй Ала-Toонун тескей беттеринде (2000 *м* бийиктиктен) жогору Теңир-Тоо карагайы, арча, четин, итмурун, 3000 *м*ге чейин бетеге, дан өсүмдүктөрү өсөт. Бул тилкеде Чоң Ак-Суу м-н Кичи Ак-Суунун өндүрлөрү өтө кооз, жогору субальп ж-а




альп, аска – таштуу алкактар жатат. Күзүндө Казакстандан, Сибирден көп суучул келгин куштар (аккуу, каз, өрдөк) Ысык-Көлдө кыштайт. Көлдүн жээк бөлүгүн *Ысык-Көл мамлекеттик коругу* ээлейт. Райондун аймагында көлдүн, анын

**Ысыккөл районунун айыл–кыштактары**

| Айыл-кыштактардын аты | Негизделген жылы | Адм.-айм. баш ийүүсү (айыл округу) | Калкынын саны (2002) | Райондун борборунан алыстыгы (*км*) | Балыкчы т. ж. бекетинен алыстыгы (*км*) |
|---|---|---|---|---|---|
| Ананьев (Байсоорун, Сазановка) | 1869 | Ананьев | 7780 | 50 | 130 |
| Баетов | 1929 | Чоң Сары-Ой | 830 | 10 | 63 |
| Бактуу-Долоноту | - | Бостери | 3420 | 3 | 78 |
| Бостери (Долонту) | 1931 | Бостери | 6810 | 7 | 88 |
| Булан-Сөгөттү (Комсомол) | - | Кум-Бел | 1200 | 18 | 93 |
| Григорьев | 1900 | Григорьев | 5250 | 26 | 111 |
| Григорьев пристаны | - | Григорьев | 410 | 39 | 140 |
| Жаркынбаев (Таштак, Каменка) | 1834 | Абдрахманов | 1840 | 65 | 70 |
| Кара-Ой (Долинка) | 1911 | Кара-Ой | 3000 | 3 | 7 |
| Кароол-Дөбө | - | Абдрахманов | 640 | 67 | 142 |
| Кашат | - | Темир | 3200 | 30 | 108 |
| Кожояр | - | Семенов | 1990 | 40 | 120 |
| Корумду | 1904 | Кум-Бел | 2200 | 25 | 100 |
| Кош-Көл | - | Тамчы | 320 | 45 | 35 |
| Көк-Дөбө | - | Ананьев | 720 | 55 | 135 |
| Кызыл-Өрүк | - | Торайгыр | 200 | 65 | 15 |
| Орто-Өрүктү | - | Өрүктү | 1200 | 70 | 145 |
| Өрнөк (Четкойсуу) | 1930 | Чоң Сарой | 1030 | 20 | 68 |
| Өрүктү-Хутор | - | Өрүктү | 660 | 74 | 147 |
| Сары-Камыш | - | Торайгыр | - | 73 | 7 |
| Сары-Ой (Кичи-Сарой, Курск) | 1912 | Чоң Сары-Ой | 840 | 12 | 68 |
| Семенов (Онжети-Карагай) | 1911 | Семенов | 2900 | 41 | 120 |
| Тамчы (Кара-Чекенди) | 1929 | Тамчы | 1400 | 40 | 40 |
| Темир | - | Темир 0 | 3350 | 21 | 104 |
| Тор-Айгыр | 1871 | Торайгыр | 1870 | 60 | 20 |
| Четбай-Соорун | - | Ананьев | 250 | 58 | 138 |
| Чоктал | 1910 | Чоң Сарой | 1300 | 35 | 35 |
| Чоң Өрүктү | 1924 | Өрүктү | 1750 | 68 | 144 |
| Чоң Сары-Ой | 1931 | Чоң Сары-Ой | 1960 | 15 | 70 |
| Чырпыкты | - | Тамчы | 1620 | 45 | 38 |

жээгинде пляждардын, минералдуу суу булактарынын, дары баткактарынын арбын болушу, рельефинин өзгөчөлүгү, климатынын жагымдуулугу Ысык-Көлдүн жээгинде эс алуу зонасын өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Негизинен кыргыз, о. эле орус, казак, украин, өзбек, татар, уйгур ж. б. улуттар жашайт. Калкынын көбү Ысык-Көлдү бойлой отурукташкан, орточо жыштыгы: 1 *км*²ге 21 киши туура келет. Шаар калкы 10%ти түзөт. Райондо 2 шаар (Чолпон-Ата, Балыкчы), 12 айыл округу, 31 кыштак бар.

Райондун экон-нын негизин курорт чарбасы ж-а а. ч. түзөт. Өнөр жайы анча өнүккөн эмес. Балык комбинаты (Григорьев кыштагы), механикалаштырылган токой чарбасы ж-а калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөчү кичи ишканалар ж-а кооперативдер бар, жылына 17–20 *т* балык кармалат. 743 дыйкан чарбасы ж-а ассоциация бар (2001). Айыл чарбага жарактуу жери 202,4 миң *га* (бүт жер аянтынын 60,5%), а. и. айдоо жер 26,8 миң *га*, жайыт 171,2 миң *га*, көп жылдык өсүмдүктөр 2,2 миң *га*, чабынды 1,9 миң *га* (2002). Айдоо аянтынын 95%тен ашыгы сугарылат. Дан эгиндери (10,4 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (15,6 миң *га*), картөшкө (1,2 миң *га*дай, жашылча (0,2 миң *га*) айдалат. 2001-ж. 37,8 миң *т* дан эгин, 64,6 миң *т* картөшкө, 10,3 миң *т* жашылча, 9,1 миң *т* мөмө жемиш жыйналган. 2001-ж. райондо 110,3 миң кой, эчки, 21,4 миң бодо мал (а. и. инеги – 10,5 миң, топоз 2633), 10,7 миң жылкы (а. и. бээ 4,9 миң), 4,1 миң чочко, 42,2 миң үй куштары болгон. Ошондой эле район 9,5 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 24,8 миң *т* сүт, 410 *т* жүн, 1,3 млн даана жумуртка даярдаган. №54 жылкы заводунда асыл тукум таза кандуу жылкы багылат. Ысык-Көл өрөөнү б-ча бардык курорт – дарылоо мекемелери-

нин 82% ушул райондун аймагында жайгашкан. Жылына 200 миңден ашык киши дарыланып эс алат. «Мээрим» фондусу Чолпон-Ата ш-нда «SOS» Кыргызстан балдары айылын, «Алтын балалык» реабилитация борборун уюштурган.

Эс алуучулардын көбү Орусиядан, Казакстандан, Өзбекстандан, о. эле Кырг-н-дын башка региондорунан келет. Автомобиль жолу өнүккөн. Бишкек–Каракол автомобиль жолу райондун аймагы аркылуу өтөт. Жай мезгилинде Ташкен–Чолпон-Ата–Ананьев, Алматы–Чолпон-Ата–Ананьев, Бишкек–Чолпон-Ата маршруттары каттайт. Кеме катнашы жайкысын гана болуп негизинен эс алуучуларды тейлейт (экскурсия). Чолпон-Ата ш-ндагы аэропорт Бишкек, Алматы, жай мезгилинде Ош, Каракол, Талас, Ташкен ж. б. шаарлар м-н байланышат. 2003-ж. Тамчы кыш-на жакын эл аралык аэропорт ачылган.

2001/02- окуу жылында 30 орто мектепте 16,7 миң окуучу окуп, 1,1 миң мугалим эмгектенген. Борб. китепкана ж-а анын бөлүмдөрү, маданият үйү, клубдар бар. Райондук оорукана, бейтапкана, участкалык оорукана, «Чолпон-Ата» респ-лык учукка каршы балдар санаторийи, 15 фельдшер-акушердик пункт, санитардык- эпидемиологиялык станция, 5 үй бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт. Райондук «Ысык-Көл оттору», «Огни Иссыккуля» гезиттери чыгат.

*К. Кулназарова*

## КЫРГЫЗСТАН ЖӨНҮНДӨ ЭҢ НЕГИЗГИ МААЛЫМАТТАР

Кара-Кыргыз автономия облусу 1924-ж. 14-октябрда түзүлгөн.
Кыргыз АССРи —1926-жылдын февралынан.
Кыргыз ССРи —1936-жылдын 5-декабрынан.
Эгемендүү Кыргыз Республикасы —1991-жылдын 31-августунан.
Борбору — Бишкек шаары (1991-жылдан; 1926-ж. чейин Пишпек;
1926—1991-жылдары Фрунзе шаары).

### Географиялык абалы

Республиканын аянты 199,9 миң *км*². Кыргызстандын Казакстан Республикасы м-н чегарасы 113 *км*ге, Өзбекстан м-н 1374 *км*ге, Тажикстан м-н 972 *км*ге, Кытай Эл Республикасы м-н 1049 *км*ге созулат.

### Эң четки жерлери:

түндүк чети 43°16′ түндүк кеңдик;
түндүк чети 39°11′ түндүк кеңдик;
батыш чети 69°15′ чыгыш узундук
чыгыш чети 80°18′ чыгыш узундук

Республиканын аймагы батыштан чыгышка 925 *км*ге, түндүктөн түштүккө 453,9 *км*ге созулат. Чегарасынын жалпы узундугу 4508 км.

### Калкы

Кыргызстандын калкы 5107 миң (2010-жыл м-н); а.и
шаар калкы 1802,9 миң
элет калкы 3304,8 миң
Калктын орточо жыштыгы: 1 *км*² жерге 26 адам туура келет. (2007).

### Калктын улуттук курамы
(2009-жылкы эл каттоо боюнча; %менен.)

| | | | |
|---|---|---|---|
| кыргыз | 70,9 | татар | 0,6 |
| өзбек | 14,3 | казак | 0,6 |
| орус | 7,8 | украин | 0,4 |
| дунган | 1,1 | азербайжан | 0,3 |
| тажик | 0,9 | корей | 0,3 |
| уйгур | 0,9 | немец | 0,2 |
| түрк | 0,8 | | |

## Ири шаарларынын калкынын саны
## (2009-ж., миң м-н)

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бишкек | 865,1 | Өзгөн | 49,4 |
| Ош | 243,2 | Кара-Балта | 43,6 |
| Жалал-Абад | 86,0 | Нарын | 41,4 |
| Токмок | 56,6 | Талас | 32,9 |
| Каракол | 66,3 | | |

## Административдик бирдиктери

| | |
|---|---|
| облустар | 7 |
| райондор (шаар райондорунан сырткары) | 40 |
| шаарлар | 25 |
| шаарчалар | 28 |
| айыл округдары | 440 |
| айыл-кыштактар | 1834 |

## Административдик-аймактык бөлүнүш

| Катар № | Райондун аты | Райондун борбору | Айыл округунун саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| | Баткен облусу<br>Борбору — Баткен шаары | | |
| 1. | Баткен | Баткен ш. | 19 |
| 2. | Кадамжай | Пүлгөн кыш. | 11 |
| 3. | Лейлек | Исрана ш. | 8 |
| | Жалал-Абад облусу<br>Борбору Жалал-Абад шаары | | |
| 1. | Аксы | Кербен кыш. | 12 |
| 2. | Ала-Бука | Ала-Бука кыш. | 8 |
| 3. | Базар-Коргон | Базар-Коргон кыш. | 9 |
| 4. | Ноокен | Масы кыш. | 8 |
| 5. | Сузак | Сузак кыш. | 13 |
| 6. | Тогуз-Торо | Казарман кыш. | 4 |
| 7. | Токтогул | Токтогул шаарчасы | 11 |
| 8. | Чаткал | Каныш-Кыя кыш. | 4 (анын 2 шаарча округу) |
| | Нарын облусу<br>Борбору — Нарын шаары | | |
| 1. | Ак-Талаа | Баетов кыш. | 11 |
| 2. | Ат-Башы | Ат-Башы кыш. | 11 |
| 3. | Жумгал | Чаек кыш. | 10 |
| 4. | Кочкор | Кочкор кыш. | 11 |
| 5. | Нарын | Нарын ш. | 14 |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| | Ош облусу<br>Борбору — Ош шаары | | |
| 1. | Алай | Гүлчө кыш. | 12 |
| 2. | Араван | Араван кыш. | 6 |
| 3. | Кара-Кулжа | Кара-Кулжа кыш. | 11 |
| 4. | Кара-Суу | Кара-Суу ш. | 15 |
| 5. | Ноокат | Ноокат ш. | 15 |
| 6. | Өзгөн | Өзгөн ш. | 17 |
| 7. | Чоң Алай | Дароот-Коргон кыш. | 5 |
| | Талас облусу<br>Борбору — Талас шаары | | |
| 1. | Бакай-Ата | Бакай-Ата кыш. | 9 |
| 2. | Кара-Буура | Кызыл-Адыр кыш. | 8 |
| 3. | Манас | Покровка кыш. | 5 |
| 4. | Талас | Манас кыш. | 13 |
| | Чүй облусу<br>Борбору — Бишкек шаары | | |
| 1. | Аламүдүн | Лебединовка кыш. | 17 |
| 2. | Жайыл | Кара-Балта ш. | 13 |
| 3. | Кемин | Кемин шаарчасы | 10 |
| 4. | Москва | Беловодский кыш. | 12 |
| 5. | Панфилов | Кайыңды шаарчасы | 6 |
| 6. | Сокулук | Сокулук кыш. | 19 айыл, 1 шаар |
| 7. | Чүй | Чүй кыш. | 10 |
| 8. | Ысык-Ата | Кант ш. | 18 |
| | Ысык-Көл облусу<br>Борбору — Каракол шаары | | |
| 1. | Ак-Суу | Теплоключенка кыш. | 13 |
| 2. | Жети-Өгүз | Кызыл-Суу кыш. | 13 |
| 3. | Тоң | Боконбаев кыш. | 7 |
| 4. | Түп | Түп кыш. | 12 |
| 5. | Ысык-Көл | Чолпон-Ата ш. | 12 |

## Транспорту

Республикада ички ж-а сырткы катнаш автомобиль, авиация, темир жол ж-а суу жолдору аркылуу жүрөт; ошондой эле куур транспорту да бар.

Транспорттук жолдордун узундугу

(2007-жылкы маалымат м-н)

| | |
|---|---|
| автомобиль жолу | 40 000 *км* |
| суу жолу | 200 *км* |
| темир жолу | 470 *км* |

Куур транспорту — республиканын аймагынан Мурабек — Ташкен — Бишкек — Алматы магистралдык газ кууру өтөт.

Кыргызстандын алгачкы т р о л л е й б у с  ж о л у 1951-ж. Бишкекте курулган. Кыргызстандын алгачкы т е л е г р а ф  б а й л а н ы ш ы 1873-ж. Токмокто иштей баштаган.

### Башка шаарлардан автомобиль жолдору боюнча аралыктары (*км* менен)

Кыргызстандын чегинде

| | |
|---|---|
| Бишкек — Баткен | 908 |
| Бишкек — Ош (Ала-Бел ашуусу, Жалал-Абад шаары аркылуу) | 672 |
| Бишкек — Жалал-Абад | 572 |
| Бишкек — Нарын (Балыкчы шаары аркылуу) | 310 |
| Бишкек — Каракол (Ысык-Көлдүн түндүк жээги м-н) | 400 |
| Бишкек — Талас (Тараз шаары аркылуу | 302 |
| Бишкек — Кара-Балта | 62 |
| Бишкек — Чолпон-Ата | 254 |

КМШ өлкөлөрүнүн аймагында

| | |
|---|---|
| Бишкек — Москва | 3793 |
| Бишкек — Алмата | 244 |
| Бишкек — Астана (Алматы ш. аркылуу) | 1500 |
| Бишкек — Ашгабат | 1865 |
| Бишкек — Баку (Красноводск ш. аркылу) | 2749 |
| Бишкек — Чита | 5018 |
| Бишкек — Дүйшөмбү | 1041 |
| Бишкек — Иркутск | 3864 |
| Бишкек — Санк-Петербург | 4472 |
| Бишкек — Новосибирск | 2014 |
| Бишкек — Омск (Павлодар аркылуу) | 2059 |
| Бишкек — Рига | 4711 |
| Бишкек — Ташкен | 584 |
| Бишкек — Тбилиси (Красноводск ш. аркылуу) | 3333 |

### Республиканын чегинен дүйнөлүк океанга чейинки аралыктар

| Республиканын чеги | Океан | Аралыгы (*км* менен) |
|---|---|---|
| Чыгыш чеги | Тынч океан | 3830 |
| Батыш чеги | Атлантика океаны | 6530 |
| Тундук чеги | Тундук Муз океан | 3380 |
| Туштук чеги | Инди океаны | 1670 |

### Т а б и я т ы н ы н  ө з г ө ч ө л ү к т ө р ү

Кыргыз ССРи — тоолуу өлкө. Анын аймагынын 94,2%тен ашыгы деңиз деңгээлинен 1000 *м*ден жогору, ал эми 40,8% 3000 *м*ден жогору жатат.

Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2750 *м*.

Эң бийик жери 7439 *м* (Жеңиш чокусу).

Эң чуңкур жери 401,0 *м* (Лейлек районунун аймагында).

Орографиялык ири объектилери (узундугу *км* менен)

Кырка тоолору

| | |
|---|---|
| Какшаал-Тоо | 582 |
| Кыргыз Ала-Тоосу | 454 |
| Тескей Ала-Тоо | 354 |
| Алай | 350 |
| Түркстан | 300 |
| Күнгөй Ала-Тоо | 285 |
| Талас Ала-Тоосу | 260 |
| Чоң Алай | 250 |
| Чаткал | 225 |
| Фергана | 206 |

Ойдундары

| | |
|---|---|
| Фергана | 340 |
| Ысык-Көл | 250 |
| Чүй | 220 |
| Чаткал | 200 |

## Эң бийик чокулуу кырка тоолору

| Кырка тоо | Чокусу | Деңиз деңгээлинен бийиктиги (*км* менен) |
|---|---|---|
| Какшаал-Тоо | Жеңиш чокусу | 7439 |
| Чоң-Алай | Ленин атн. чоку | 7134 |
| Кан-Теңир | Кан-Тоо | 6995 |
| Меридиан | Достук чокусу | 6800 |

Кыргызстандын аймагынын бийиктик деңгээлдери

| *м* менен | % менен |
|---|---|
| 1000 *мге* чейин | 5,8 |
| 1000—1500 | 7,5 |
| 1500—2000 | 15,1 |
| 2000—2500 | 14,1 |
| 2500—3000 | 16,1 |
| 3000—3500 | 17,8 |
| 3500—4000 | 16,2 |
| 4000 *мден* жогору | 6,8 |

## Климаты. Мөңгүсү. Суулары.

Климаты континенттүү, бийиктик алкактуулукка жараша өтө өзгөрүлмөлүү. Эң жогорку температурасы 44°С (Чүй метеостанциясы), эң төмөнкүсү —54°С (Ак-Сай метеостанциясы). Жаан-чачын мол жааган жери — Фергана тоо тизмегинин батыш капталы (Ак-Терек-Каба метеостанциясы) — 1090 *мм*, эң аз жааган жери Ысык-Көл ойдуңунун батыш чети (Балыкчы) —144 *мм*. Мөңгүнүн жалпы саны 8208, алардын жалпы аянты 8100 $км^2$.

## Ири мөңгүлөрү

| Мөңгүнүн аты | Географиялык абалы | Аянты ($км^2$) | Узундугу (км) |
|---|---|---|---|
| Түштүк Эңилчек | Жеңиш ж-а Кан-Тоо чокулары ченде | 632,3 | 60,5 |
| Түндүк Эңилчек | — | 215,2 | 32,8 |
| Кайыңды | — | 97,2 | 29,0 |
| Корженевский | Чоң Алай кырка тоосунда | 89,4 | 21,5 |
| Петров | Ак-Шыйрак кырка тоосунда | 73,9 | 11,3 |
| Мушкетов | Сары-Жаз кырка тоосунда | 71,3 | 20,5 |
| Семенов | Сары-Жаз кырка тоосунда | 64,5 | 20,2 |

## Мөңгүлөрдүн Кыргызстандын аймагы боюнча жайгашуусу

| Географиялык абалы | Мөңгүнүн саны | Аянты ($км^2$) |
|---|---|---|
| Сары-Жаздын алабы | 1161 | 2653,7 |
| Нарындын алабы | 2075 | 1362,5 |
| Фергана ойдунун курчаган тоолор | 1414 | 954,9 |
| Кызыл-Суунун (батыш) алабы | 298 | 648,9 |
| Ысык-Көлдүн алабы | 835 | 650,4 |
| Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталы | 483 | 471,2 |

Республикада узундугу 10 *км*ден ашкан 30000 суу, 1923 көл бар; көлдөрдүн 100дөн көбүнүн аянты 20 гектардан кем эмес.

## Ири дарыялар

| Дарыянын аты | Узундугу (км) |
|---|---|
| Нарын | 535 |
| Чүй | 260 |
| Көкөкмерен | 199 |
| Сары-Жаз (Кырг-ндын аймагындагы бөлүгү) | 198 |
| Чаткал | 189 |
| Тар | 172 |
| Талас | 91 |

## Ири көлдөр

| Көлдүн аты | Аянты (км) | Тереңдиги (м) |
|---|---|---|
| Ысык-Көл | 6236,0 | 668,0 |
| Соңкөл | 270,0 | 13,2 |
| Чатыр-Көл | 153,5 | 16,5 |
| Сары-Челек | 4,9 | 234,0 |
| Кара-Суу (сол) | 4,2 | 150,0 |
| Кулун | 3,3 | 91,0 |
| Мерцбахер | 4,5 | — |

## Ири суу сактагычтар

| Суу сактагычтын аты | Алабы | Көлөмү (млн $м^3$) |
|---|---|---|
| Токтогул | Нарын | 19500 |
| Капка (Киров) | Талас | 550 |
| Орто-Токой | Чүй | 470 |
| Төрткүл | Исфара | 90 |
| Найман | Абшыр-Сай | 40 |

**Айрым дарыя алаптарынын потенциалдык кубаттуулугу (1 $км^2$ге КВт)**

| | |
|---|---|
| Чаткал | 1170 |
| Нарын | 1160 |
| Сары-Жаз | 770 |
| Чүй | 660 |
| Талас | 500 |
| Ысык-Көл | 500 |
| Кызыл-Суу | 390 |
| Ак-Суу | 300 |

**Өсүмдүгү, жаныбарлар дүйнөсү жана табиятты коргоо**

Кыргызстандын флорасы түтүкчөлүү өсүмдүктүн 3670 түрүнөн турат; анын 343 түрү жыгач-бадал, 200 түрү дары өсүмдүктөр.

Республиканын аймагынын 3%ин токой ээлейт.

Кыргызстандын фаунасы омурткасыздардын 20—30 миң, омурткалуулардын 536 түрүнөн турат.

Омурткалуулардын жерде-сууда жашоочулардын 3, сүт эмүүчүлөрдүн 82, сойлоочулардын 26, куштардын 360, балыктын 65 түрү бар.

Республикасындагы коргоого алынган аймактын жалпы аянты 2%.

Республикада 67 корукка алынган табигый комплекс бар; анын 6 корук, 6 улуттук табият паркы, 54 мамлекеттик корукча (заказник).

Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине өсүмдүктүн 65, курт-кумурсканын 18, омурткалуулардын 51 түрү (а. и. балыктын 2, сойлоочулардын 26, сүт эмүүчүлөрдүн 13, куштардын 33 түрү) кирген.



960339